

А. О. Осмонов, Т. М. Чодураев

# ДҮЙНӨНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

10





Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик Герби




Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик Туусу



27 Сакхат к. Л

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору: Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.

Музыкасынын авторлору: Н. Давлесов, К. Молдобасанов.

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

А. О. Осмонов, Т. М. Чодураев

# ДҮЙНӨНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

Орто мектептин 10-классы
үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим
жана илим министрлиги бекиткен*

ГИМНАЗИЯ МЕКТЕБИ № 68
ШКОЛА-ГИМНАЗИЯ № 68
БИБЛИОТЕКА
КИТЕПКАНА
город Бишкек шаары

Бишкек
«Инсанат» – 2011

ББК 74. 264.3
УДК 373.167.1
О-13

**Рецензенттери:** *Эргешов Абжапар Абдыразакович,* география илимдеринин доктору, профессор БГУ К. Карасаев

*Сагынбекова Нургул Мыктыбекова,* Г. Гмайнер атындагы мектептин география мугалими

**Осмонов А., Чодураев Т.**
О–13 Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы:/ орто мектептин 10-кл. үчүн окуу китеби – Б.: «Инсанат», 2011.– 288 б.: ил.

ISBN 9967-415-18-5

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:**

| | |
|---|---|
| ‖ | Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар) |
| 📖 | Билим жана билгичтикке ээ болуу (тапшырмалар) |
| 🗐 | Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу |
| ☐ | Тапшырмаларды практика жүзүндө аткаруу |
| ? | Силер билесиңерби? |
| ✍ | Дептериңерге жазгыла |

ISBN 9967-415-18-5

© Осмонов А., Чодураев Т., 2011.
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2011.
© «Инсанат» басмасы, 2011.

# МАЗМУНУ

СӨЗ БАШЫ ........................................ 4

*I Бөлүм.*
ДҮЙНӨГӨ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

Дүйнөнүн учурдагы саясий картасы ........ 5

§ 1. Азыркы кездеги дүйнөдөгү өлкөлөрдүн көп түрдүүлүгү .............. 5
§ 2. Эл аралык мамилелердин дүйнөнүн саясий картасына тийгизген таасири..9
§ 3. Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрү ..............................11
§ 4. Саясий география жөнүндө түшүнүк 13

Дүйнөнүн жаратылыш ресурстарынын географиясы .................................... 17

§ 5. Айлана чөйрөнүн булганышы жана аны коргоо ..................................17
§ 6. Географиялык ресурс таануу жана геоэкология ............................20

**Дүйнө калкынын географиясы ............. 28**

§ 7. Дүйнөдөгү калктын саны жана өсүшү 28
§ 8. Калктын курамы (түзүлүшү) ...........34
§ 9. Калктын жайгашуусу, жыштыгы жана миграциясы ..........................38
§ 10. Шаар жана элет (айыл-кыштак) калкы ..........................40

Илимий-техникалык революция жана дүйнөлүк чарба ................................ 51

§ 11. Илимий-техникалык революция ... 51
§ 12. Дүйнөлүк чарба ................................55
§ 13. Дүйнөлүк чарбанын тармактык жана аймактык түзүлүшү .............58
§ 14. Чарба тармактарынын жайгашуу факторлору ..........................................63

Дүйнөлүк чарбанын тармактарынын географиясы .................................... 72

§ 15. Өнөр жай географиясы .......................72
§ 16. Айыл чарбасынын жана балык уулоонун географиясы .......................88
§ 17. Транспорт географиясы ......................99
§ 18. Эл аралык экономикалык мамилелер ........................................ 104

*II Бөлүм.*
ДҮЙНӨНҮН РЕГИОНДОР БОЮНЧА МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Чет өлкөлүк Европа (КМШдан тышкары)..117
§ 19. Чет өлкөлүк Европанын жалпы мүнөздөмөсү .............................. 117
§ 20. Чет өлкөлүк Европанын калкынын жана чарбасынын жайгашуусунун географиясы ...................................... 129
§ 21. Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору ...................................... 135
§ 22. Германия Федеративдик Республикасы .................................. 135

Чет өлкөлүк Азия (КМШдан тышкары)...150
§ 23. Чет өлкөлүк Азиянын жалпы мүнөздөмөсү ................................... 150
§ 24. Кытай Эл Республикасы ............... 156
§ 25. Япония ........................................... 162
§ 26. Индия ............................................. 169

КМШ өлкөлөрү .................................... 186
§ 27. Россия Федерациясы (РФ) ............ 186
§ 28. Казакстан Республикасы ................ 197
§ 29. Украина ........................................... 199

Африка .................................................. 208
§ 30. Африканын жалпы мүнөздөмөсү . 208
§ 31. Африканын субрегиондору жана ири өлкөлөрү ......................... 215

Түндүк Америка ..................................... 225
§ 32. Америка Кошмо Штаттары (АКШ) ............. 225
§ 33. Канада............................................. 240

Латын Америкасы жана Австралия ............................... 250
§ 34. Латын Америкасынын жалпы мүнөздөмөсү ................................. 250
§ 35. Бразилия ......................................... 256

Австралия ............................................. 258
Терминдердин жана кыскартуулардын сөздүгү .......................... 267

Тиркеме ................................................. 270

# СӨЗ БАШЫ

*Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы – география илиминин коомдук илимдерге кирген бөлүгү. Ал дүйнөнүн, региондордун жана өлкөлөрдүн калкынын жайгашуусун жана чарбасынын өсүп-өнүгүү абалын изилдейт, ошондой эле эл аралык мамилени, коом менен жаратылыштын карым-катнаштарын жана дүйнөнүн азыркы учурдагы өнүгүшүн баяндайт.*

*Бул окуу китеби эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө дүйнөгө жалпы мүнөздөмө, экинчи бөлүмүндө дүйнөгө региондук экономикалык-географиялык жана социалдык-географиялык мүнөздөмөлөр берилген.*

*Окуу материалдары чоң темаларга бөлүнгөн. Темалардан кийин анын илимий мазмунун ачкан негизги текст берилип, алар өзүнчө параграфтарга ажыратылган. Текст карталар, графиктер жана статистикалык таблицалар менен коштолгон. Адатта, алар текстти кайталабай, толуктайт.*

*Ар бир материктеги өлкөлөрдүн «визит» баракчасы катары теманын башында таблица катары берилген. Ал таблицалар текст менен кошо пайдалана турган кошумча билимдин булагы боло алат.*

*Негизги тексттен кийин кошумча текст берилип, анда ошол темага тиешелүү кызыктуу маалыматтар тандалып, анда «хрестоматиянын» милдетин аткарган материалдар топтолгон.*

*Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу китептин негизги текстиндеги карталар, таблицалар, графиктер жана кошумча адабияттар менен иштеп толуктоо үчүн берилет.*

*Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу да бир кыйла конкреттүү суроолорду камтыйт. Аларга жооп издөө үчүн аракеттенүү окуучуларга керектүү көп маалыматтарды алууга жардам берет.*

*Теманын усулдук ачкычында маанилүү сунуштар, ошол теманы түшүнүү үчүн географиянын өткөн сабактарынан окуучулар эмнелерди эстөө керектигин, кандай практикалык билгичтикке жетишери ж. б. маселелер айтылат.*

*Окуу китебинин аягына тиркелген материалдар акыркы чыккан маалымат булактарынан алынды.*

*Бул окуу китебин жазууда мурда жазылган окуу китептер, географиялык илимий эмгектер, түрдүү карталар ж. б. маалыматтар пайдаланылды. Коомдогу саясий-экономикалык көрсөткүчтөр тез өзгөрүлүп турганына байланыштуу мүмкүнчүлүк болушунча жаңы маалыматтар менен жабдууга аракет жасалды. Бул маалыматтар окуучулардын билим деңгээлин бекемдеп, алардын дүйнөгө болгон көз-караштарына оң таасирин тийгизет деген ойдобуз.*

I бөлүм

# ДҮЙНӨГӨ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

## ДҮЙНӨНҮН УЧУРДАГЫ САЯСИЙ КАРТАСЫ

*Дүйнөнүн саясий картасы менен окуучулар 7-класстын географиясынан эле тааныш болгон. Анын калыптанышы – адам коомунун өсүп-өнүгүү жолдорун чагылдырган узакка созулган тарыхый процесс. Ал кылымдар бою мамлекеттердин пайда болуусуна жана кайра жоголуусуна, алардын чек араларынын өзгөрүүсүнө, жаңы жерлерди ачып, аларды бөлүштүрүп, колонияларга айландыруусуна, метрополиялар түзүлүп, аймактарды кайра бөлүштүрүүсүнө күбө болот. Учурдагы дүйнөнүн саясий картасы – биринчи кезекте экономикалык жана социалдык географиянын бир тармагы болгон саясий географиянын иликтөөчү предмети.*

### § 1. Азыркы кездеги дүйнөдөгү өлкөлөрдүн көп түрдүүлүгү

**1. Өлкөлөрдүн топтору жана саны.** Өлкө (мамлекет) – дүйнөнүн саясий картасынын негизин түзөт. *Биринчиден*, экинчи дүйнөлүк согуштун натыйжасында империализмдин колониялык системасынын кыйрашынан 1945–1993-жылдары 102 өлкө саясий көз карандылыктан бошоду. *Экинчиден*, 1990-жылдардын башында Советтер Союзунун, Югославиянын, Чехословакиянын тарашынын натыйжасында ондогон мамлекеттер пайда болуп, өлкөлөрдүн жалпы саны өстү. Ошондуктан, XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында дүйнөнүн саясий картасында өлкөлөрдүн жана аймактардын саны 231ге жетти, анын ичинен эгемендүү мамлекеттердин саны 194 (2008-ж.).

Бул сандын өсүшүнөн дүйнөдө маанилүү сапаттык жылыштар да болду. Эгерде 1900-жылы дүйнөдө 57 гана *эгемендүү* мамлекет болсо, экинчи дүйнөлүк согуштун алдында 71ге, ал эми 2000-жылы 231ге жетти. Калган аймактар – Улуу Британиянын, Франциянын, Нидерландиянын, АКШнын өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ боло элек мурдагы колонияларынын калдыктары.

Мамлекеттер көп болгондугуна байланыштуу, аларды сандык критерийлердин негизинде топтоштурууга туура келди. Топтоштуруунун эң негизги

критерийи катары – өлкөлөрдүн аймагынын чоңдугу жана калкынын саны алынды.

Дүйнөдө аянты 3 млн *км*²ден ашкан 7 өлкө бар. Алар: Россия, Канада, Кытай, АКШ, Бразилия, Австралия, Индия.

Дүйнөдө калкынын саны 100 млндон ашкан 11 мамлекет бар. Алар: Кытай, Индия, АКШ, Индонезия, Бразилия, Пакистан, Россия, Нигерия, Бангладеш, Япония, Мексика. Алардын калкынын жалпы саны биригип дүйнөнүн калкынын $^3/_5$ бөлүгүн түзөт.

Дүйнөнүн саясий картасында орто чондуктагы жана чакан мамлекеттер басымдуулук кылат. Аянты жана калкынын саны боюнча эң чакан микромамлекеттер да бар. Аларга Европада – Андорра, Лихтенштейн, Монако, Сан-Марино, Ватикан, Африкада – Маврикий, Америкада – Барбадос, Гренада, Сент-Люсия ж.б. Океанияда – Тонго, Науру кирет.

Кээде өлкөлөр географиялык өзгөчөлүктөрү боюнча да топтоштурулат. Ага байланыштуу деңиз жээгиндеги, жарым аралдагы, аралдардагы өлкөлөр болуп айырмаланат. Өзгөчө топторду деңиз менен чулганбаган материк ичиндеги өлкөлөр түзөт. Мындай өлкөлөрдүн бир тобу тропиктик Африкада, КМШда кездешет.

**2. Өлкөлөрдү типтештирүү.** Өлкөлөрдү топтоштуруу сандык көрсөткүчтөргө гана таянса, типтештирүү башка сапаттык жагына, тигил же бул өлкөнүн дүйнөнүн саясий жана экономикалык картадагы ордун аныктай турган көрсөткүчтөргө таянат.

Өз кезегинде, өлкөлөр социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли, саясий багыты, бийликтин демократиялуулугунун даражасы, дүйнөлүк экономикага катышуусу боюнча ар түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн.

1990-жылдардын башталышына чейин, дүйнө өлкөлөрүн негизги үч топко бөлүү кабыл алынган: 1) социалисттик; 2) капиталисттик; 3) өнүгүп келе жаткан өлкөлөр.

Дүйнөлүк социалисттик система тарагандан кийин ал типтештирүүнүн ордуна жаңы типтештирүү пайда болду. Бул типтештирүүгө ылайык дүйнөнүн өлкөлөрү үч бөлүккө – экономикалык жактан өнүккөн; өнүгүп келе жаткан жана экономикасы өтмө жолундагы, б.а. пландуу борборлоштурулган экономикадан рынок (базар) экономикасына өтүп жаткан өлкөлөр (булар көбүнчө Чыгыш Европа жана КМШ өлкөлөрү, ошондой эле Азиядагы мурунку социалисттик түзүлүштөгү мамлекеттер) болуп бөлүнгөн.

Мындай типтештирүү менен катар эки бөлүктүү типтештирүү да колдонулат. Ага ылайык дүйнө өлкөлөрү өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан деп, экиге бөлүнөт. Бул типтештирүүнүн негизги критерийи – тигил же бул өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли, т. а. киши башына туура келген – **ички дүң продукциясы (ИДП).**

*Кийинки кездерде Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) жана башка эл аралык уюмдар дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин*

*жаңы синтездик көрсөткүчтөрү, **адам өнүгүүсүнүн индекси (АӨИ)** боюнча баалай баштады. АӨИ жалаң эле киши башына туура келген кирешени эмес, анын жашоосунун узактыгын жана алардын билим деңгээлин эсепке алат. АӨИнин көрсөткүчү боюнча жогорку деңгээлде өнүккөн өлкөлөргө Канада, АКШ, Япония, эң төмөнкүсүнө – Африканын Сомали, Сьерра-Леоне жана Нигер өлкөлөрү кирет. Кыргызстан АӨИ боюнча төмөнкү деңгээлдин биринчи бөлүгүндө.*

**3. Экономикасы өнүккөн өлкөлөр.** БУУ азыркы кезде экономикасы өнүккөн өлкөлөргө Европанын, Азиянын, Африканын, Түндүк Американын, Австралиянын жана Океаниянын 60ка жакын өлкөлөрүн киргизет. Ал өлкөлөрдүн бардыгы экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээли жогору жана ички дүң продукциясынын киши башына тийген үлүшү боюнча дагы алдыда. Бирок, бул типтеги өлкөлөрдүн ичинде да айырмачылыктар болот. Алар өз ичинен төрткө бөлүнөт. Биринчи топту «Батыштын чоң жети өлкөсү» – АКШ, Япония, Германия, Франция, Улуу Британия, Италия жана Канада түзөт. Бул өлкөлөр экономика жана саясат жаатында дүйнөлүк өлкөлөрдүн лидерлери. Аталган «жетөөнүн» чыгарган продукциясы дүйнөлүк өнөр жайдын дүң продукциясынын 50%ын, айыл чарбасынын дүң продукциясынын 25%ын ал эми ИДПнын ар бир кишиге туура келген үлүшү 20 минден 30 миң АКШ долларына чейин түзөт.

**Экинчи топту Батыш Европанын чакан өлкөлөрү** түзөт. Саясий жана экономикалык жагынан анча күчтүү болбогону менен, дүйнөлүк масштабда алар чоң роль ойнойт. Өзгөчө кийинки мезгилде бул топтун көп өлкөсүндө ар бир кишиге туура келген ИДПдагы үлүшү алдыңкы «жетөөнөн» артта калбайт.

**Үчүнчү топту Европалык эмес өлкөлөр** – Израиль жана Австралия, Жаңы Зеландия, жана Түштүк Африка Республикасы (ТАР) түзөт. Кийинки үчөө – Улуу Британиянын феодализм доорун өтпөгөн мурдагы колониялары. Азыркы кезде саясий жана экономикалык өнүгүүсүндө бир далай өзгөчөлүктөрү бар.

**Төртүнчү топтун өлкөлөрү** жаңы гана калыптанып келе жатат. Алар 1997-жылдан кийин экономикалык өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирген Азиядагы Корей Республикасы, Сингапур, Тайвань. Бул өлкөлөр ИДПнын ар бир кишиге туура келген үлүшү боюнча өнүккөн өлкөлөргө жакындады. Алар экономикасынын түзүлүшүнүн ар тараптуулугу жана кеңдиги, өзгөчө тейлөө секторунун тез өскөндүгү жана дүйнөлүк соодага аралашкандыгы менен айырмаланат.

**4. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр.** Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө 150дөй өлкө жана аймактар кирип, кургактыктын теңинен көбүн ээлеп жана дүйнөнүн калкынын $^{3}/_{5}$ бөлүгүн камтыйт. Алар көбүнчө дүйнөнүн саясий картасында Азия, Африка, Латын Америкасында жана Океаниянын экваторго жакын аймактарында жайгашкан. Алардын бир далайы экинчи дүйнөлүк согушка

критерийи катары – өлкөлөрдүн аймагынын чоңдугу жана калкынын саны алынды.

Дүйнөдө аянты 3 млн $км^2$ден ашкан 7 өлкө бар. Алар: Россия, Канада, Кытай, АКШ, Бразилия, Австралия, Индия.

Дүйнөдө калкынын саны 100 млндон ашкан 11 мамлекет бар. Алар: Кытай, Индия, АКШ, Индонезия, Бразилия, Пакистан, Россия, Нигерия, Бангладеш, Япония, Мексика. Алардын калкынын жалпы саны биригип дүйнөнүн калкынын $^3/_5$ бөлүгүн түзөт.

Дүйнөнүн саясий картасында орто чоңдуктагы жана чакан мамлекеттер басымдуулук кылат. Аянты жана калкынын саны боюнча эң чакан микромамлекеттер да бар. Аларга Европада – Андорра, Лихтенштейн, Монако, Сан-Марино, Ватикан, Африкада – Маврикий, Америкада – Барбадос, Гренада, Сент-Люсия ж.б. Океанияда – Тонго, Науру кирет.

Кээде өлкөлөр географиялык өзгөчөлүктөрү боюнча да топтоштурулат. Ага байланыштуу деңиз жээгиндеги, жарым аралдагы, аралдардагы өлкөлөр болуп айырмаланат. Өзгөчө топторду деңиз менен чулганбаган материк ичиндеги өлкөлөр түзөт. Мындай өлкөлөрдүн бир тобу тропиктик Африкада, КМШда кездешет.

**2. Өлкөлөрдү типтештирүү.** Өлкөлөрдү топтоштуруу сандык көрсөткүчтөргө гана таянса, типтештирүү башка сапаттык жагына, тигил же бул өлкөнүн дүйнөнүн саясий жана экономикалык картадагы ордун аныктай турган көрсөткүчтөргө таянат.

Өз кезегинде, өлкөлөр социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли, саясий багыты, бийликтин демократиялуулугунун даражасы, дүйнөлүк экономикага катышуусу боюнча ар түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн.

1990-жылдардын башталышына чейин, дүйнө өлкөлөрүн негизги үч топко бөлүү кабыл алынган: 1) социалисттик; 2) капиталисттик; 3) өнүгүп келе жаткан өлкөлөр.

Дүйнөлүк социалисттик система тарагандан кийин ал типтештирүүнүн ордуна жаңы типтештирүү пайда болду. Бул типтештирүүгө ылайык дүйнөнүн өлкөлөрү үч бөлүккө – экономикалык жактан өнүккөн; өнүгүп келе жаткан жана экономикасы өтмө жолундагы, б.а. пландуу борборлоштурулган экономикадан рынок (базар) экономикасына өтүп жаткан өлкөлөр (булар көбүнчө Чыгыш Европа жана КМШ өлкөлөрү, ошондой эле Азиядагы мурунку социалисттик түзүлүштөгү мамлекеттер) болуп бөлүнгөн.

Мындай типтештирүү менен катар эки бөлүктүү типтештирүү да колдонулат. Ага ылайык дүйнө өлкөлөрү өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан деп, экиге бөлүнөт. Бул типтештирүүнүн негизги критерийи – тигил же бул өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли, т. а. киши башына туура келген – **ички дүң продукциясы (ИДП).**

*Кийинки кездерде Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) жана башка эл аралык уюмдар дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин*

*жаңы синтездик көрсөткүчтөрү,* ***адам өнүгүүсүнүн индекси*** *(АӨИ) боюнча баалай баштады. АӨИ жалаң эле киши башына туура келген кирешени эмес, анын жашоосунун узактыгын жана алардын билим деңгээлин эсепке алат. АӨИнин көрсөткүчү боюнча жогорку деңгээлде өнүккөн өлкөлөргө Канада, АКШ, Япония, эң төмөнкүсүнө – Африканын Сомали, Сьерра-Леоне жана Нигер өлкөлөрү кирет. Кыргызстан АӨИ боюнча төмөнкү деңгээлдин биринчи бөлүгүндө.*

**3. Экономикасы өнүккөн өлкөлөр.** БУУ азыркы кезде экономикасы өнүккөн өлкөлөргө Европанын, Азиянын, Африканын, Түндүк Американын, Австралиянын жана Океаниянын 60ка жакын өлкөлөрүн киргизет. Ал өлкөлөрдүн бардыгы экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээли жогору жана ички дүң продукциясынын киши башына тийген үлүшү боюнча дагы алдыда. Бирок, бул типтеги өлкөлөрдүн ичинде да айырмачылыктар болот. Алар өз ичинен төрткө бөлүнөт. Биринчи топту «Батыштын чоң жети өлкөсү» – АКШ, Япония, Германия, Франция, Улуу Британия, Италия жана Канада түзөт. Бул өлкөлөр экономика жана саясат жаатында дүйнөлүк өлкөлөрдүн лидерлери. Аталган «жетөөнүн» чыгарган продукциясы дүйнөлүк өнөр жайдын дүң продукциясынын 50%ын, айыл чарбасынын дүң продукциясынын 25%ын ал эми ИДПнын ар бир кишиге туура келген үлүшү 20 минден 30 миң АКШ долларына чейин түзөт.

**Экинчи топту Батыш Европанын чакан өлкөлөрү** түзөт. Саясий жана экономикалык жагынан анча күчтүү болбогону менен, дүйнөлүк масштабда алар чоң роль ойнойт. Өзгөчө кийинки мезгилде бул топтун көп өлкөсүндө ар бир кишиге туура келген ИДПдагы үлүшү алдыңкы «жетөөнөн» артта калбайт.

**Үчүнчү топту Европалык эмес өлкөлөр** – Израиль жана Австралия, Жаңы Зеландия, жана Түштүк Африка Республикасы (ТАР) түзөт. Кийинки үчөө – Улуу Британиянын феодализм доорун өтпөгөн мурдагы колониялары. Азыркы кезде саясий жана экономикалык өнүгүүсүндө бир далай өзгөчөлүктөрү бар.

**Төртүнчү топтун өлкөлөрү** жаңы гана калыптанып келе жатат. Алар 1997-жылдан кийин экономикалык өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирген Азиядагы Корей Республикасы, Сингапур, Тайвань. Бул өлкөлөр ИДПнын ар бир кишиге туура келген үлүшү боюнча өнүккөн өлкөлөргө жакындады. Алар экономикасынын түзүлүшүнүн ар тараптуулугу жана кеңдиги, өзгөчө тейлөө секторунун тез өскөндүгү жана дүйнөлүк соодага аралашкандыгы менен айырмаланат.

**4. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр.** Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө 150дөй өлкө жана аймактар кирип, кургактыктын теңинен көбүн ээлеп жана дүйнөнүн калкынын $^3/_5$ бөлүгүн камтыйт. Алар көбүнчө дүйнөнүн саясий картасында Азия, Африка, Латын Америкасында жана Океаниянын экваторго жакын аймактарында жайгашкан. Алардын бир далайы экинчи дүйнөлүк согушка

чейин (Иран, Тайланд, Эфиопия, Египет, Латын Америкасынын өлкөлөрү ж. б.) боштондукка чыккан. Көп өлкөлөр экинчи дүйнөлүк согуштан кийин боштондукка чыкты. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн чоң тобу өтө ар түрдүү жана өнүгүү деңгээли бирдей эмес. Ошондуктан, ал өлкөлөрдү типтештирүү кыйынга турат. Көптөгөн окумуштуулар типтештирүүнүн түрдүү жолдорун сунуш кылган. Бирок алардын бири да жалпы типтештирүү катары кабыл алынган эмес. Ошондой болсо да өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү жакындаштырып, алты топко бөлүүгө болот.

**Алардын биринчилери маанилүү өлкөлөр** – эң зор жаратылыш байлыгы бар Индия, Бразилия, Мексика. Калкынын саны, экономикалык потенциалы боюнча өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн лидерлери болуп саналат. Бул үч өлкө өнөр жай продукциясын өндүрүү боюнча калган 147 өлкө чыгарганга барабар продукция өндүрөт. Бирок, ИДПнын киши башына бөлүнгөн үлүшү, экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдөн эң эле төмөн. Мисалы, Индияда ал көрсөткүч 350 АКШ долларын түзөт.

**Экинчи топко социалдык-экономикалык өнүгүүсү салыштырмалуу жогорку деңгээлдеги жана ИДПнын кишиге бөлүнгөн үлүшү 1 миң доллардан туура келген,** өнүгүп келе жаткан өлкөлөр кирет. Мындай өлкөлөрдүн көбү Латын Америкасында (Аргентина, Уругвай, Чили, Венесуэла ж. б.). Аларга ошондой эле Азиянын жана Түндүк Африканын кээ бир өлкөлөрү да кирет.

**Үчүнчү топко жаңы индустриялык өлкөлөрдү** киргизсе болот. Өткөн кылымдын 80- жана 90-жылдарында алар өтө тез өнүгүп, «Азиянын жолборстору» деген наам алган. Мындай өлкөлөргө Малайзия, Тайланд, Индонезия ж. б. кошулат.

**Төртүнчү топко нефтини экспорттоочу өлкөлөр кирет.** «Нефть-доллардарынан» түшкөн кирешеси боюнча ИДПнын ар бир кишиге туура келген үлүшү 10 миңден, кээде 20 миң АКШ долларына чейин жетет. Алар – негизинен Перс булунунун тегерегиндеги өлкөлөр (Сауд Арабиясы, Кувейт, Катар, Бириккен Араб Эмирликтери, Бахрейн), ошондой эле Ливия, Бруней ж. б. айрым өлкөлөр.

**Бешинчи «классикалык»** топко өнүгүп келе жаткан көп өлкө кирет. Бул өлкөлөр өзүлөрүнүн өнүгүүсү боюнча артта калган, ИДПнын киши башына туура келген үлүшү жылына 1 миң АКШ долларынан аз. Аларга эң артта калган, феодалдык калдыктар өкүм сүргөн көп укладдуу экономика мүнөздүү. Буларга Африкада, Азияда жана Латын Америкасында жайгашкан өлкөлөр кирет.

**Алтынчы топту** болжол менен 40 өлкө (жалпы калкынын саны 600 миллиондон ашкан) түзөт. БУУнун классификациясы боюнча бул топко экономикасы эң начар өнүккөн өлкөлөр кирет (кээде алар «төртүнчү дүйнө» делет). Аларда өзү гана керектөөчү айыл чарба продукциясы өндүрүлөт, кайра иштетүүчү өнөр жайлары таптакыр жок, калкынын $^2/_3$ бөлүгү сабатсыз,

ИДПнын киши башына туура келген үлүшү жылына 100–300 АКШ долларынан ашпайт. Бул өлкөлөргө Азияда Бангладеш, Непал, Афганистан, Йемен, Африкада – Мали, Сомали, Нигер, Чад, Эфиопия, Мозамбик, Латын Америкасында – Гаити ж. б. кирет. Ушул өлкөлөрдүн арасынан да эң акыркы орунда Мозамбик, мында ИДПнын киши башына туура келген үлүшү жылына 80 АКШ долларынан ашпайт.

**5. Экономикасы өтмө жолундагы өлкөлөр.** Бул типтеги өлкөлөргө мурдагы социалисттик жол менен өнүгүп келген өлкөлөр кирет. Социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча Чыгыш Европанын (Польша, Чехия, Венгрия ж. б.), ошондой эле Балтия өлкөлөрү да экономикасы өнүккөн өлкөлөргө кирет. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөр да бар (Россия Батыштын өнүккөн «жети» өлкөсү менен биригип «чоң сегизге» кошулат, Украина ж. б.). Ошондой эле экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөр менен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосунда турган өлкөлөр да бар. Буга типтештирүү боюнча ушундай эле карама-каршылыктуу абалды саясий түзүлүшү жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө өзгөчөлүктөрү бар (социалисттик түзүлүштөгү) Кытай ж. б. өлкөлөр кирет. Кийинки мезгилдерде Кытай эң жогорку арым менен өнүгүп, дүйнөлүк саясатта гана эмес, дүйнөлүк чарбада да улуу өлкөгө айланды. Бирок, ИДПнын киши башына туура келген үлүшү калкынын санынын көптүгүнө байланыштуу 500 АКШ долларын гана түзөт.

## § 2. Эл аралык мамилелердин дүйнөнүн саясий картасына тийгизген таасири

**1. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнөнүн саясий картасы.**

Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин дүйнөнүн саясий картасында бир канча социалисттик өлкөлөрдүн түзүлүшү, колониялык системанын кыйрашы жана өз алдынчалыктын өсүшү сыяктуу маанилүү окуялар болуп өттү. Согуштан кийинки окуялардын негизин социалисттик система менен капиталисттик системанын, Чыгыш менен Батыштын глобалдык карама-каршылыктары жана алардын ортосундагы «кансыз согуш» түздү. Жер шарынын ар кайсы бөлүгүндө согуштук базалар курулуп, чакан согуштар болуп жатты. Дүйнөнүн саясий картасынын бетинде көптөгөн эл аралык чыңалуулардын очоктору пайда болуп, региондук чыр-чатактар чыкты. Мисалы, согуштан кийинки жылдардын бардыгында эле эң башкы «чыр-чатактуу аймак» Жакынкы Чыгыш, Перс булуңунун тегерегинде. Бул көп түрдүү маданият менен диндин тарыхый кайчылашкан эл аралык сезимге тийген түйүндүү жери. Бул жерде жалаң эле арабдар менен еврейлердин гана эмес, ошондой эле көп мамлекеттердин кызыкчылыктары кайчылашкан.

**2. Дүйнөнүн саясий картасы жана азыркы кездеги эл аралык мамиле.** Өткөн кылымдын 80-жылдарынын орто ченинен баштап, эл аралык мамиле – тирешүүдөн бири-бирин түшүнүүгө жана кызматташууга өтүүдө. Мурдагы ишенбөөчүлүк, шектүүлүк жана душмандык мамиле жакшы коңшулукка алмашылды. Азыр мындай мамиле Россияда, КМШ менен АКШнын ортосунда, Европалык өлкөлөр менен Азия – Тынч океандык жана башка өлкөлөр менен түзүлдү. Дүйнөнүн саясий картасында Германиянын биригиши, КМШнын түзүлүшү, Варшава келишиминин тарашы чагылдырылды. Көпчүлүк региондук чатактарды саясий каражаттар менен чечүүгө мүмкүн болду. Сүйлөшүүлөр аркылуу Борбордук Америкадагы (Никарагуа, Сальвадор), Африканын түштүгүндөгү (Намибия), Түштүк-Чыгыш Азиядагы (Камбоджа) чыр-чатактар басылды. Жакынкы Чыгыштагы араб-израиль чатактары да бир аз басыла баштады.

Натыйжада эл аралык кыйынчылыктар азайды. Дүйнөдө жашоо коопсуз жана тынч болууда. Кыйынчылыктарды жоюуда штаб-квартирасы Нью-Йоркто орун алган Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) мааниси зор. 1999-жылы ага мүчө болуп, 185 өлкө кирсе, 2008-жылы 194кө жеткен.

Бул жетишкендиктерге карабай дүйнөнүн саясий картасында дагы эле чечилбеген маселелер арбын.

**Биринчи кезекте, региондук жана жергиликтүү чыр-чатактар** жана алардын негизинде кээде кан төгүлүүгө чейин барган чек ара чатактары же диний-этностук карама-каршылыктар пайда болууда. Мисалы, мурунку Югославиянын аймагында босниялык-мусулмандар менен сербдердин ортосунда кадимкидей согуш чыкты. Кийин 1990-жылдардын аягында Сербиядагы албандар жашаган Косоводогу согуштан жергиликтүү эл жабыркады. Ушундай эле чыр-чатактар Ирак, Афганистан, Сомали, Судан мамлекеттеринин аймактарында байкалууда.

Экинчиден, ядролук куралды жайылтпоо күрөшү 1970-жылы БУУда кабыл алынган Келишимге ылайык, ядролук куралдуу өлкөлөрдүн «клубуна» кирүүгө беш гана өлкө – АКШ, СССР, Улуу Британия, Франция жана Кытай укук алган. Бирок, ядролук куралды чыгаруу үчүн жашыруун иштерди Индия, Пакистан, Иран, Ирак, Израиль, Түндүк Корея ж. б. айрым кээ бир өлкөлөр уланта берген. Эл аралык каршылыкка карабастан Индия менен Пакистан өзүлөрүнүн жер астындагы полигондорунда ядролук куралды жардырышкан. Дүйнөдө ядролук куралдардын жалпы саны көп бойдон калууда.

Үчүнчүдөн, **ТАСБ (НАТО) блогунун кеңейиши** 1949-жылы уюшулган Согуштук-саясий блок ТАСБ жакынкы эле мезгилге чейин Түндүк Америка менен Батыш Европанын 16 мамлекетин камтыган. 1990-жылдардын аягында ТАСБ чыгышты карай кеңейип, 1999-жылы ал блокко Польша, Чехия, Венгрия киришти жана Чыгыш Европанын бир нече мамлекеттери ага кирүүгө камынып жатышат. Алардын ичинде мурдагы СССРдин курамындагы, Рос-

сиянын батышында жайгашкан өлкөлөр да бар. ТАСБ жалаң гана саясий эмес, согуштук да блок болгондуктан, Россия бул пландарга каршы, ал дүйнөлүк коопсуздукту камсыз кыла турган блоктон башка жамааттык уюм түзүүнү сунуш кылууда.

## § 3. Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрү

**1. Башкаруунун республикалык жана монархиялык эки негизги формалары.**

Бардык өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшү башкаруу формалары менен өзгөчөлөнөт.

**Республикалык башкаруу формасы** өзгөчө кеңири тараган. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн $^3/_4$ бөлүгү – Республика. Республика мыйзам чыгаруучу жогорку бийлик шайланган өкүлдөргө – парламентке, ал эми аткаруу бийлиги – өкмөткө тиешелүү башкаруунун мамлекеттик формасы. Саясий көз карандылыкты жеңип алгандан кийин бошонгон өлкөлөрдүн көпчүлүгү башкаруунун республикалык формасын тандап алышкан. Миндеген жылдар бою монархиялык башкаруу алдында келген Египет, Эфиопия, Иран сыяктуу өлкөлөр да кийин республикалык жолго өткөн.

Өз кезегинде республика президенттик жана парламенттик болуп экиге бөлүнөт. Президенттик республикада (АКШ, Аргентина, Бразилия ж. б.) президент эң чоң ыйгарым укукка ээ болуп, Өкмөттү өзү башкарат. Парламенттик республикада (Германия, Италия, Израиль, Индия, Кыргызстан ж. б.) негизги фигура президент эмес, өкмөт башчысы. Иш жүзүндө өкмөт башчысына чоң укук берилгендиктен, президенттик республикадан айырмасы жокко эсе. Мисалы, булар Президенттик Франция, Египет, Россия, КМШнын көп өлкөлөрү.

**Башкаруунун монархиялык формасы** дүйнөдө азыраак (болгону – 30) тараган. *Монархия* – башкаруу формасы боюнча башында император, король, герцог, князь, султан ж.б. турган өлкө. Жогорку бийлик кийинки мураскорго калтырылат, бирок, Малайзия менен Бириккен Араб Эмирликтеринде (БАЭ) монарх беш жылга шайланат. Алардын ичинде ***конституциялык монархия*** үстөмдүк кылат. Чыныгы мыйзам чыгаруучу бийлик парламентке, ал эми аткаруу бийлиги өкмөткө таандык. Монарх болсо «падышачылык» кылат, бирок башкарбайт. Монархиялык түзүлүш миң жылдардан бери калган бир кездеги «таажынын» улуулугун көрсөткөн көнүмүш катары сакталып калган. Мисалы, Улуу Британия дүйнөдөгү эң байыркы конституциялык монархия. Король (азыр королева) өкмөттүн жана сот системасынын башчысы, куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы, англиялык чиркөөнүн өкмөттүк башчысы, ошондой эле мурдагы Британия империясына кирген 50 өлкөнү бириктирген

Улуу Британия Ынтымакташтыгынын башында турат. Король парламент кабыл алган мыйзамдарга кол коёт. Нормандардын басып алганынан баштап ал жерде королдун буйругу салт болуп калган формада «король ушуну каалайт» – деп берилет.

**Японияда** – конституциялык монархия. Мыйзам чыгаруучу бийлик парламенттин колунда, ал эми аткаруу бийлиги министрлер кабинетинде болсо да, император салт боюнча мамлекеттин жана улут биримдигинин символу катары кызмат кылат.

**Абсолюттук монархияда** монархтын бийлиги чексиз. Бирок мындай өлкөлөр дүйнөнүн саясий картасында аз эле калды. Негизинен алар Персия булунунун тегерегинде. Сауд Арабиясында – абсолюттук монархия. Мамлекет башчысы (король) мыйзам чыгаруучу жана аткаруу бийлигин алып барат. Ошону менен бирге ал премьер-министр, куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы, жогорку соттун жана диний башкаруучунун милдетин аткарат. Өкмөт негизинен королдун үй-бүлөсүнөн куралат.

Абсолюттук монархиянын башка бир түрү ***теократиялык монархия.*** Римдеги Ватикан мамлекетин диндик Рим Папасы башкарат.

*Дүйнөдө монархиялардын саны салыштырмалуу туруктуу. Мурда монархиялык өлкө болуп жүргөн мамлекеттер республикага өтүшүүдө . Кийинки чейрек кылымдар ичинде эки монархиялык режимге өткөн окуя болду. 1975-жылы генерал Франко өлгөндөн кийин, Бурбондордун династиясынан чыккан Хуан Карлос монархиянын башына келип, Испания королдук мамлекетке айланды. 1993-жылы 23 жыл бою республика болуп турган Камбоджада монархиялык формадагы түзүлүш калыбына келтирилди.*

**2. Администрациялык-аймактык түзүлүштөрдүн негизги формалары –** ***унитардык*** жана ***федерациялык.*** Кайсы гана өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшү болбосун алар администрациялык-аймактык бөлүнүштөрү менен мүнөздөлөт. Ушуга байланыштуу бардык өлкөлөр ***унитардык*** жана ***федерациялык*** болуп экиге бөлүнөт. Дүйнөдө унитардык түзүлүштөгү мамлекеттер басымдуу. Федерациялык түзүлүштө болгону 22 өлкө бар (Россия, Швейцария, Канада, Бельгия, Индия, Нигерия ж. б.); булардын түзүлүшү улуттук-этностук принциптерге, башкалары (Германия, Австрия, АКШ ж. б.) тарыхий-географиялык өзгөчөлүктөрүнө байланышкан. Азыркы мезгилде администрациялык-аймактык бөлүнүш дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө маанилүү саясий мүнөздөгү маселеге айланууда. Биринчи кезекте алар Россия, Индия, ТАР, Канада сыяктуу федерациялык өлкөлөргө тийиштүү. Мисалы, жакынкы эле жылдарга чейин Бельгия унитардык мамлекет болгон. Өлкөдөгү жашаган валлондор менен фламанддардын улуттук карама-каршылыктарынан кийин парламент 1993-жылы атайын мыйзам менен өлкөгө федерациялык администрациялык-аймактык түзүлүштү киргизди.

## § 4. Саясий география жөнүндө түшүнүк

**1. Саясий география – өзүнчө илимий тармак.** Саясий география – саясат таануу менен экономикалык жана социалдык географиянын чегиндеги илимдин бир тармагы. Өз алдынча илимдин тармагы катары ал XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында калыптанган. Азыр ал ***саясий кубулуштардын жана процесстердин аймактык*** *бөлүнүштөрү жөнүндөгү* илим катары бааланат. Саясий география региондордун жана дүйнөнүн саясий картасын, мамлекеттик чек аралардын өзгөрүшүн, мамлекеттик түзүлүштөрдүн өзгөчөлүктөрүн, саясий партияларды, топторду жана блокторду, жалпы шайлоо компаниясынын аймактык өзгөчөлүгүн иликтей турган илим. Мунун бардыгы ар кыл глобалдык, региондук, өлкө чегинде, локалдык деңгээлде каралышы мүмкүн.

Өлкөнүн жана райондун саясий-географиялык (геосаясаттык) абалы, б. а. саясий союздар менен каршылаштар, саясий чатактардын очоктору да кызыктырат. Саясий-географиялык абал мезгил өткөн сайын өзгөрөт. Демек, ал – тарыхый категория. Мисалы, 1991-жылы СССР ыдырагандан кийинки Россиянын абалынын, өзгөчө батыш чек арасынын начарлап, көп аймактарынан ажырашы.

**2. Саясий география жана геосаясат.** Саясий географиянын бир бөлүгү **геосаясат,** тактап айтканда чек араларга, өзгөчө коншу өлкөлөргө карата болгон мамлекеттик саясат.

Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштардын мезгилинде, кийин «кансыз согуштун» учурунда геосаясаттык концепция баскынчылык саясатты, согуштук базаларды куруу иштерин, башка өлкөлөрдүн ички иштерине саясий жана куралдуу кийлигишүү аракеттерди сактоого умтулган. Азыркы мезгилде да ошол саясатты сактоого аракеттер бар, бирок эл аралык кооперациянын суздукту сактоо жагына көңүл бурууга акырындап ооп келе жатат.

**Негизги тыянак.** *Дүйнөнүн саясий картасы – мезгилдин өзгөчө бир күзгүсү. Ал үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүүдө. Бирок, эч качан адамзаттын тарыхында XX кылымдагыдай өзгөргөн эмес.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялар жана жарым-жартылай колониялардын аймактары кургактыктын 72%ын ээлеп, анда жашаган калктын саны дүйнөнүн калкынын 70%ын түзгөн. Улуу Британиянын бардык дүйнө бөлүктөрүндө 70тен ашык колониясы болгон. Аймагы боюнча алар Улуу Британияга караганда 170 эсе, калкынын саны боюнча 9 эсе көп болгон. БУУнун маалыматтары боюнча XX кылымдын 90-жылдарынын аягында өзүн-өзү башкарбаган аймактар аянты жана калкы боюнча болжол менен 0,2%ды гана түзгөн.

2) Дүйнөдөгү аянты чоң мамлекеттердин бири – Канада. Анын түштүк чек арасы Римдин кеңдигинде, ал эми түндүктөгү аралдардын Түндүк уюлга чейинки аралыгы 700 *км*. Канаданын гербиндеги лентада «деңизден деңизге чейин» деген жазуу бар. Желегиндеги эки кызыл тасма сызык да аны белгилеп турат.

3) «Нефти-доллардын» натыйжасы менен Брунейдин султаны Муда Хассанал Болкиях Моузаддин Ваддаунах дүйнөдөгү эң бай адамдардын катарына кирет. Анын байлыгы 25 млрд АКШ доллары суммасында бааланат. Султандын ак сарайында 1778 бөлмө бар.

4) Эл аралык булактардан алынган маалыматтарга караганда 1997-жылы АКШда 3264, Россияда 2772, Францияда – 340, Кытайда 275, Улуу Британияда 60 ядролук курал катталган.

5) Улуу Британия Ынтымакташтыгына кирген 15 өлкө ушул күнгө чейин королеванын өзүлөрүнүн формалдуу түрдө мамлекет башчысы деп таанышат, ал эми королеванын өкүлү жеринде генерал-губернатор. Мындай абал мурдагы Улуу Британиянын доминиондору Канада, Австралия, Жаңы Зеландия сыяктуу өлкөлөрдө. Мурда «Англия эненин» атрибуттары кеңири колдонулуп, ошону менен бирге «кудай королеваны сактай көр» – деп ырдап келишсе, азыр Канада менен Австралияда өзүнүн гимни ырдалат.

6) 1947-жылга чейин Япония абсолюттук монархия болгон жана императордун бийлигин чектеген, аны кудайга теңеген мыйзам кийин кабыл алынган. 1947-жылдан баштап жыл саноо (генго) кезектеги императордун башкаруусунан башталат. 1989-жылдан тартып император Акихито такка олтургандан тартып «хейсей» жыл саноосу башталды. Анын котормосу «жерде жана асманда дүйнөлүк тынчтык орноду» дегенди билдирет.

7) Сауд Арабиясынын биринчи королу Абдель Азиз Ибн-Сауд болгон жана ал 1932-жылдан 1953-жылга чейин башкарган. Ибн-Сауддун 17 аялы болгон. Алардын ичинен бешөө «биринчи аял» деген титулду алып жүргөн. Азыр королдун эркек тукуму 5 минден ашуун, мамлекеттик кызмат орундардын баары алардын колунда.

## Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Дүйнөнүн саясий картасынын негизинде китептеги өлкөнүн «визиттик картасын» пайдаланып, дептериңерге төмөндөгүлөрдү жазып алгыла: а) аймагы боюнча эң чоң жети өлкөнү; б) калкы 100 млндон ашкан өлкөлөрдү; в) аралда, жарым аралда жана архипелагда жайгашкан өлкөлөрдү; г) континенттер ичиндеги өлкөлөрдү; бул маалыматтар окуу китебиндеги кандай маалыматтарды тактап турат?
2. Окуу китебиндеги текстти пайдаланып, дүйнөнүн картасынан өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ар кайсы тобунан бир нечесин дептериңерге жазгыла. Кийин бири-бириңерден карап текшерип алгыла.
3. Окуу китебинин текстин пайдаланып, жалпыга маалымат каражаттарынын материалдарынын, радио жана телекөрсөтүүлөрдүн негизинде: а) эл аралык

мамиледе эсте кала турган оң окуяларды белгилегиле; б) мамилелердин курчушуна алып келген чыр-чатактык кырдаалдарды белгилегиле.

4. Окуу китебиндеги «визиттик картаны» пайдаланып, «Дүйнөнүн өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрү» деген таблицаны түзгүлө.

<table>
<tr><th colspan="3">Башкаруу формасы</th><th colspan="2">Административдик-аймактык түзүлүштөгү формасы</th></tr>
<tr><td rowspan="2">Республика</td><td colspan="2">Монархия</td><td rowspan="2">Унитардык мамлекет</td><td rowspan="2">Федерациялык мамлекет</td></tr>
<tr><td>Конституциялык</td><td>Абсолюттук</td></tr>
</table>

5. Ар кайсы булактардын маалыматтарын пайдаланып XXI кылымдын башында дүйнөлүк коомчулуктун алдында турган маанилүү геосаясаттык маселелер жөнүндө мисалдарды келтиргиле.

6. 1-теманын текстинен, алардын параграфтарынын кээ бирөөлөрүнүн маанилерин карап көргүлө. Бул текстте эмне үчүн кээ бир сөздөр, сүйлөмдөр кара менен же курсив менен берилген?

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

**Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле.**

1. Учурдагы дүйнөнүн ар түрдүүлүгү эмнеде? 2. Дүйнө өлкөлөрү башкаруу формасы жана административдик-аймактык түзүлүшү боюнча эмнелери менен айырмаланат? 3. АКШ, ГФР, Франция, Улуу Британия, Япония өлкөлөрүнүн окшоштугу эмнеде? 4. Кийинки саналган өлкөлөрдүн кайсынысы мисал боло алат: а) башкаруусу республикалык формадагы өлкөлөр: Болгария, Польша, Улуу Британия, Франция, Япония, Сауд Арабиясы; б) федерациялык административдик-аймактык түзүлүштөгү өлкөлөр: Улуу Британия, Куба, АКШ, ГФР, Франция, Индия, Египет, Бразилия.

### Төмөнкү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла

1. Карталарда жана китептеги текстте кезиккен төмөнкү өлкөлөрдү көрбөй туруп контурдук картага түшүрө аласыңарбы? – Россия, Франция, Кытай, Япония, Сауд Арабиясы, Нигерия, АКШ, Канада, Бразилия, Австралия.
2. Жаңы индустриялуу өлкөлөрдү санап бергиле.
3. «Эгемендүү мамлекет», «республика», «федерациялык мамлекет», «саясий география» деген терминдердин аныктамасын бергиле.

### 1-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калуу керек?

1. Учурдагы дүйнөнүн саясий картасынын калыптанышын (7–8-класстын тарыхы).

2. Евразиянын, Африканын, Түндүк жана Түштүк Американын негизги өлкөлөрүн (7-класстын географиясы).
3. Россия Федерациясынын учурдагы геосаясатын.

**Эмнени өздөштүрүү керек?**

**1-теманын негизги идеяларын**

1. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эң кубаттуу эки өлкөнүн күрөшү менен мүнөздөлгөн, дүйнөлүк тартиптин өзгөрүшү, эл аралык климаттын оңолушу азыркы учурдун эң маанилүү белгиси экенин.
2. Эл аралык аренага Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын жүздөн ашык мамлекеттеринин чыгышы – азыркы дүйнөнүн улуу жетишкендиктеринин бири болгонун.

**1-теманын негизги түшүнүктөрүн**

1. Дүйнө өлкөлөрүнүн ар түркүн типтүүлүгүн аныктоо.
2. Эл аралык мамиленин жаңы этабы жана анын дүйнөнүн саясий картасында чагылдырылышы.
3. Дүйнө өлкөлөрүнүн негизги башкаруу формалары менен административдик-аймактык түзүлүшүн талдоо.
4. Саясий география жана геосаясат.
5. Темалардын ачкычы: көз карандысыз эгемендүү мамлекет; экономикасы өнүккөн өлкө; өнүгүп келе жаткан өлкө; региондук чыр-чатак; республика; монархия; унитардык мамлекет; федерация мамлекети; саясий география; саясий-географиялык абал; геосаясат.

# ДҮЙНӨНҮН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫНЫН ГЕОГРАФИЯСЫ

*Жаратылыш ресурстары жөнүндө түшүнүктөр мурдагы география сабактарында берилген, ошондой эле 11-класста окула турган «Геоэкологиянын негиздери» деген окуу китеби боюнча сабак өткөнүңөрдө мындан да толугураак түшүнүк аласыңар. Жаратылыш ресурстарын окуп-үйрөнүү географиянын учурдагы эң маанилүү талабы. Дүйнө мамлекеттери өзүнүн аймагындагы жана андан тышкары жайгашкан жаратылыш ресурстарын пайдаланып экономикасын өнүктүрөт, алардын ресурстарына жараша улуттук экономиканын деңгээли, дүйнөлүк чарбада алган орду аныкталат. Кийинки жылдарда география илиминде жаратылыш ресурстарынын географиясы, геоэкология, рекреациялык география ж.б. жаңы тармактар өсүп чыкты.*

## § 5. Айлана-чөйрөнүн булганышы жана аны коргоо

**1. Айлана-чөйрөнүн антропогендик булганышы:** *себеби жана натыйжасы.* Айлана-чөйрөнүн булганышы жөнүндө географиянын мурдагы курстарынан билесиңер. ***Айлана-чөйрөнүн булганышы – ар түрдүү заттардын жана бирикмелердин антропогендик жол менен чөйрөгө келгенинин натыйжасында чөйрө касиеттеринин тескери багытта өзгөрүшү.*** Ал келечекте литосферага, гидросферага, атмосферага, өсүмдүктөр менен жаныбарларга, ошондой эле адамдын өзүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ал жаратылыштын өз касиеттерин өз алдынча кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүнө тоскоол болот.

Булгануунун негизги булагы – өндүрүштөн жана адам коомунун керектөөлөрүнөн чыгып, кайра жаратылышка келген зор өлчөмдөгү таштандылар. Алар 1970-жылдары 40 млрд тоннаны түзсө, 2000-жылы 100 млрд тоннага жеткен.

Булгануу **сандык** жана **сапаттык** жактары боюнча бааланат.

***Айлана-чөйрөнүн сандык булганышы*** – таштанды заттардын жана химиялык бирикмелердин кошулуп чөйрөгө сандык жактан жагымсыз шартты түзүүсү.

***Айлана-чөйрөнүн сапаттык булганышы*** – түрдүү таштанды заттар менен химиялык бирикмелердин кошулушу менен чөйрөдө башка сапаттагы шарттын түзүлүшү.

***Литосферанын булганышы*** – өнөр жайдын, курулуштун жана айыл чарбанын иш аракетинин натыйжасында болот. Негизги булгоочу заттар металлдар жана алардын бирикмелери, жер семирткичтер, уу химикаттар, радиоактивдүү заттар, алардын бирикмесинин көбөйүшү топурактын химиялык курамын өзгөртөт. Турмуш-тиричиликтен чыккан таштандылардын көбөйүшү кийинки кездерде чоң маселеге айланып бара жатат. Батышта



КИТЕПКАНА
город Бишкек шаары

кээде «таштанды цивилизациясы» – деген терминди жөндөн-жөн колдонуп жаткан жок.

Мындан башка кендерди ачык түрдө казып алуу процессинде көптөгөн топурак кыртышы жок болуп кетет. Мисалы, Россия Федерациясында ачык түрдө иштетилген карьерлердин тереңдиги 500 *м*ге жетет.

***Гидросферанын булганышы*** дарыяларга, көлдөргө, деңиздерге, океандарга өнөр жайдан, айыл чарбасынан, турмуш-тиричиликте пайдаланылгандан кийинки саркынды суулардын куюлушунан болот. 2000-жылда дүйнөдөгү саркынды суулардын жалпы көлөмү жылына 5 миң $км^3$ге жеткен, б.а. «суу паёгунун» 25%тин түздү. Эгерде бул көлөмдөгү сууну кайрадан пайдалануу үчүн аны андан 10–12 эсе көп таза суу менен аралаштырыш керек болсо, Жер шарындагы таза суу жетпей кала тургандыгы ачык байкалат. ***Ошондуктан таза суу көйгөйүнүн курчушу жалаң эле сууну алып пайдаланууда эмес, кеп таза суунун булганышында экенин түшүнсө болот.***

Эң булганыч дарыялардын катарына – Рейн, Дунай, Сена, Темза, Миссисипи, Огайо, Волга, Днепр, Дон, Днестр, Нил, Ганг ж. б. кирет. Дүйнөлүк океандын абалына да ага куйган дарыялар жана атмосферанын булганышы таасир берет. Жылына Океанга зор көлөмдөгү таштандылар кошулат. Көп булганган ички жана жээк деңиздери: Жер Ортолук, Түндүк, Ирландия, Балтика, Кара, Азов, Япон, Ява, Кариб деңиздеринин жана Перс, Бискайя, Мексика, Гвинея булундарынын суулары.

*Жер Ортолук деңиз – жер шарындагы эң чоң ички деңиз, бир нече байыркы цивилизациянын бешиги. Анын жээгинде 18 өлкө, 130 млндон ашык калк, 260 порт жайгашкан. Бул деңиз кеме жүрүүнүн дүйнөлүк борбору, анда бир эле учурда алыска сүзүүчү 2,5 миң кеме, 5 миңден ашык жергиликтүү кайыктар сүзүп жүрөт. Анын кеме жолдору аркылуу жылына 300–350 млн тонна нефть ташылат. Натыйжада, өткөн кылымдын аягында ал Европанын «акыр-чикир ташталуучу чуңкуру»– деп аталып калган.*

Булганууга жалаң эле ички жана жээк деңиздер дуушар болбостон, ошондой эле океандын орто жерлери да булганып жатат. Терең океан кобулдарына да булгануу коркунучу бар. Ал жерлерге уулуу жана радиоактивдүү заттарды таштаган учурлар кездешет.

Нефть менен булгануу океанга өзгөчө коркунучту туудурат. Нефтини өндүрүп алуу, ташуу жана иштетүү учурунда океандын суусуна кошулган нефтинин жана нефть продуктуларынын жылдык көлөмү (ар кайсы булактар боюнча) 3 млндон 10 млн тоннага чейин жетет. Космостон тартылган сүрөттөргө караганда Дүйнөлүк океандын бетинин $^1/_3$ бөлүгү майланышып турганы байкалат. Ал суудагы жандуу организмдердин өнүгүүсүн жана Океан менен атмосферанын табигый өз ара аракеттерин бузат. Океан агымдары булганууну көп аймактарга таратат.

***Атмосферанын булганышы*** – өнөр жайдын, транспорттун жана ар кандай ишканалардагы от жагуунун натыйжасы. Эң негизги булгагыч – күйүүдөн

чыккан көмүртек кычкылы, күкүрттүү газ, ошондой эле күкүрттүн оксиди, азот, фосфор, коргошун, сымап, алюминий ж. б. металлдар.

Күкүрттүү газ **«кислота жаанын»** пайда кылуучу газ. Ал Европада жана Түндүк Америкада көп байкалат. Ал жаандын кесепетинен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү азаят, тиричиликке керектүү таза сууларга зыян келтирет, имараттарды бузуп, адамдын ден соолугуна да зыян келтирет.

Атмосферадагы циркуляция процесси глобалдык масштабда булганууга алып келди.

**2. Жаратылышты коргоонун үч көйгөйүн чечүүнүн жолдору.**

Адам баласы жалаң эле өзү турган жайды булгай бербей, аны тазалоонун да жолдорун издөөдө.

*Биринчи жол* – ар кандай тазалоочу курулуштарды, жабдууларды куруу, күкүртү аз минералдык отундарды пайдалануу, акыр-чикирди жок кылуу жана кайра иштетүү, түтүн түтүктөрүн (200–300 *м*) бийик куруу, жерлерди калыбына келтирүү иштерин жасоо. Бирок, бул иштердин баары жаратылышты толук тазарта албайт.

*Экинчи жол* – жаратылышты коргоонун принципиалдуу жаңы жолдорун (таза жолдорун) колдонуп, өндүрүштүн технологиясын өзгөртүү, таштандысы аз же таштандысыз өндүрүшкө өтүү. Сууну түз пайдалануудан (агын суу – ишкана – агын суу) кайтарып пайдалануучу же такыр кургак технологияга өтүү, булганган сууну табигый таза сууга такыр кошпой турган жол.

*Бул жол – эң негизги жол. Анткени ал – айлана-чөйрөнү булгоону азайта турган гана эмес, аны такыр булгабай турган жол.* Бирок, бул каражатты көп талап кылгандыктан, бардык эле өлкөлөрдүн пайдаланууга мүмкүнчүлүгү жок.

*Үчүнчү жол* – айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизген «булганыч» өндүрүштү терең ойлонуп, сарамжалдуу жайгаштыруу зарыл. «Булганыч» өндүрүшкө биринчи кезекте химия, нефть-химия, металлургия, целлюлоза-кагаз өнөр жайлары, жылуулук энергиясын өндүрүү, курулуш материалдарын чыгаруу кирет.

**3. Жаратылышты коргоо иштери жана экологиялык саясат.**

Жаратылыш ресурстарын талап жок кылуу жана айлана-чөйрөнүн булганышы өндүрүштүн андан ары өнүгүшүнө тоскоол болот. Кээ бир учурда адам баласынын өзүнө коркунуч туудурат. Ошондуктан экономикалык жактан жакшы өнүккөн өлкөлөр жаратылышты коргоо боюнча көп аракеттенип, экологиялык саясатты жүргүзө баштады. Алар жаратылышты коргоо боюнча талабы катуу мыйзамдарды чыгарып, айлана-чөйрөнү жакшыртуучу көп жылдык программаларды кабыл алып, жазалардын системасын («булгаган киши төлөйт» деген принцип боюнча) киргизип, атайын министрликтерди, мамлекеттик уюмдарды түзүп, ал бир катар аракеттерди жумшоодо. Бир катар өлкөлөрдө «жашылдар» партиясы түзүлүп, көп ийгиликтерге жетишти. Мисалы, «Гринпис» «Табият», «Алейне» сыяктуу коомдук уюмдар азыр ийгиликтүү иштеп жатат.

Натыйжада, 1980–2005-жылдарда экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө акырындап булгануу азая баштады, ал эми өнүгүп келе жаткан жана өткөөл экономикадагы өлкөлөрдө, анын ичинде Россия Федерациясында да абал коркунучтуу бойдон калууда.

Азыркы кезде жаратылышты коргоо иштеринде бир өлкөнүн кылган аракети менен ийгиликке жетүү мүмкүн эмес. Ал үчүн БУУнун жетекчилиги алдында дүйнөлүк коомчулуктун аракети керек. 1972-жылы Стокгольмдо айлана-чөйрө боюнча биринчи Конференция өткөрүлгөн, ал ачылган (5-июнь) күн Бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрөнү коргоо күнү деп белгиленип калды. Ал Конференцияда «Жаратылышты коргоонун бүткүл дүйнөлүк стратегиясы» – деген эң маанилүү документ кабыл алынган. Дагы бир ошондой конференция – 1992-жылы Рио-де-Жанейродо өткөрүлгөн. Анда «XXI кылымдын күн тартиби» – деген жана башка маанилүү документтер кабыл алынган. БУУнун системасында Айлана-чөйрө боюнча БУУнун Программасы (ЮНЕП) иштеп, ал эл аралык иштерди координациялайт жана дүйнөлүк тажрыйбаны жыйынтыктап, башка өлкөлөргө жайылтат. Жаратылышты коргоо ишине Эл аралык жаратылышты коргоо уюму (МСОП), Эл аралык географиялык уюм (МГС), Бүткүл дүйнөлүк жапайы жаратылышты коргоо фонду да активдүү катышат. Мисалы, 2000-жылдардын башында дүйнөдө 10 миңге жакын корголуучу жайлар (ОПТ ) түзүлгөн. Корголуучу жайлардын көбү АКШ, Австралия, Канада, Кытай, Индия мамлекеттеринин аймактарында. Улуттук парктардын саны 2 миңге жакын, биосфералык коруктар – 350.

XXI кылымдын ар бир адамы «Рио–92» конференциясында белгиленген «Жер планетасы мурда болуп көрбөгөндөй коркунучта» деген тыянакты эске тутуусу керек.

## § 6. Географиялык ресурс таануу жана геоэкология

**Дүйнөнүн жаратылыш ресурстарын баалоо**

***Ресурс менен камсыз болуу жөнүндө түшүнүк.*** Географиялык кабык ар түрдүү жаратылыш ресурстарына бай. Бирок, алардын запасы, түрлөрү ар башка жана Жер шары боюнча бирдей таралган эмес. Натыйжада айрым аймактардын, өлкөлөрдүн, региондордун, атүгүл материктердин ресурс менен камсыз болуусу бирдей эмес.

***Ресурс менен камсыз болуу, бул жаратылыш ресурстарынын жалпы көлөмүнүн жылыга иштетилип алынган ресурсуна катышы. Ал канчага жете турганы жылдар менен, же адамдын киши башына туура келгени анын запасы менен туюнтулат.***

Ресурс менен камсыз болуунун көрсөткүчү биринчи кезекте аймактын ресурстарга бай же кедей экендигин көрсөтөт. Ресурс менен камсыз болуу,

аларды өндүрүп пайдалануунун масштабына жараша болгондуктан, ал табигый эмес, социалдык-экономикалык түшүнүк болуп саналат. Мисалы, окумуштуулардын маалыматтарына таянсак, күйүүчү минералдык отундун дүйнөдөгү геологиялык жалпы запасы 12,5 трлн шарттуу тоннаны түзөт. Демек, учурдагы казып алуунун арымы сакталса, анын запасы 1000деген жылдарга жетет. Бирок, казып алуу мүмкүнчүлүгүнүн, жайгашуусунун жана жылдан-жылга казып алуу арымынын өсүшү эске алынса, ал мөөнөт бир нече эсе кыскарат.

Келечекте жаратылыш ресурстары менен камсыз болуунун деңгээли ал ресурс кайсы класска, кайсы түргө туура келет, түгөнүп калуучубу же түгөнгүс (кайра калыбына келүүчүбү же калыбына келбөөчүбү) байлыкпы, ошого байланыштуу.

Минералдык ресурстар жетиштүүбү? Бул ресурстардын бир канчасын илгери эле адам баласы пайдаланууну үйрөнүп алган, ошондуктан адамзаттын цивилизациясынын өнүгүү мезгилдерин «таш доору», «коло доору», «темир доору» – деп атап келишкен. Бүгүнкү күндөрдө адам баласы 200дөн ашык минералдык ресурстардын түрлөрүн пайдаланат. Академик А. Е. Ферсмандын (1883–1945) пикири боюнча Менделеевдин системасындагы химиялык элементтердин бардыгы адамдын алдына тартылган. Ошондой болсо да жер кыртышын адамдын каалоосу боюнча көп өлчөмдө анын байлыгын ала бере турган жайыл-дасторкон катары карабоо керек.


*Биринчиден, минералдык ресурстардын дээрлик бардыгы калыбына кайра келбей турган ресурстардын категориясына кирет.*

*Экинчиден, алардын дүйнөлүк запасы жана түрлөрү бирдей эмес.*

*Үчүнчүдөн, адамзаттын «аппетити» барган сайын өсүп, казылып алынган минералдык чийки заттардын көлөмү көбөйүүдө* (1-сүрөт). Жер кыртышындагы пайдалуу кендердин таралышы геологиялык мыйзам ченемдүүлүккө баш ийет.

**Отун-энергетикалык кен байлыктар.** Жер шарында 3,6 миң көмүр бассейни жана көмүр чыккан жайлар бар, баары биригип кургактыктын 15% аянтын ээлейт. Көмүр ресурстарынын көбү Түндүк жарым шарда – Азиядагы, Түндүк Америкадагы жана Европадагы негизги он көмүр бассейнинде топтолгон.

Дүйнөдө нефть-газ бассейндеринин 600ү табылган, анын ичинен 450сү казылып алынат. Нефть чыккан жерлердин жалпы саны 50 минден ашык. Негизги запастары Жер шарынын Түндүк жарым шарында, мезозой замануында пайда болгон чөкмөлөрдүн арасында жайгашкан. Нефть-газ байлыктарынын запасынын көбү бир нече чоң бассейндерде топтолгон. Нефть чыгуучу ири-бассейндердин бири – Перс булуңунун тегереги, ошондой эле Батыш Сибирь, Волга бою, Мексика булуңу ж. б. жерлерде да нефтинин мол запасы бар.




**1-сүрөт.** Жер алдынан казылып алынган минералдык чийки заттардын көлөмү (млрд *т*)

Атом энергетикасында керектелчү уран жер кыртышында кеңири таралган. Бирок, иштетүү үчүн 1 *кг* уранды алууга кеткен каражат 80 америкалык доллардан ашпаса гана пайдалуу. Дүйнөдө урандын табылып бааланганы 1,4 млн. тонна. Алардын ирилери Австралия, Канада, АКШ, ТАР, Нигер, Бразилия, Намибия, ошондой эле Россия Федерациясында жайгашкан.

### Айрым кен байлыктардын дүйнөлүк запасы


| Кен байлыктардын түрлөрү | Өлчөм бирдиги | Геологиялык жалпы запасы | Анын ичинен чалгындалганы |
|---|---|---|---|
| Көмүр | млрд тонна | 5500 | 1750 |
| Нефть | млрд тонна | 500 | 140 |
| Жаратылыш газы | трлн $м^3$ | 400 | 150 |
| Темир рудасы | млрд тонна | 600 | 200 |

**Кенташ байлыктары** байыркы платформалардын калкандарында жана геологиялык бүктөлүштөрдө жайгашкан. Мындай аймактарда алар пайда болушу боюнча жердин терең жаракаларына туура келген эң чоң кенташ тилкелерин түзөт. Мындай тилкелүү аймак (Альп – Гималай, Тынч океан кырчоолору) тоо-кен өндүрүүнүн жана металлургиялык өнөр жайдын сырьё (чийки зат) базасы болуп, кээ бир райондун, кээде бүткүл өлкөнүн чарбалык адистешүүсүн аныктайт.

**Руда эмес кен байлыктар** платформаларда жана геологиялык бүктөлүш аймактарында кездешет.

*Литосферанын ресурстарына Жердин түпкүрүнүн энергиясы же геотермикалык энергия да кирет. Ал энергиянын ресурсу 50 өлкөдө табылган. Ал жер титирөө жана жанар тоо активдүү болгон жерлерде жайгашкан. Өзгөчө келечектүү «геотермдүү аймактарга» АКШ (Калифорния), Жаңы Зеландия, Япония, Исландия, Камчатка, Италия, Мексика ж. б. кирет.*

**Жер ресурстары.** Жер ресурстары эң негизги ресурстардын бири, алар элдин жашоосу жана чарбанын бардык түрлөрү үчүн өтө маанилүү. Жер ресурстары, суу ресурстары, биологиялык ресурстар, дүйнөлүк океандын ресурстары, климаттык ресурстар жана рекреациялык ресурстар жөнүндө кеңири маалыматтарды 11-класстын «Геоэкологиянын негиздери» – деген окуу китебинен аласыңар. Дүйнөлүк жер фондусунун курамы жана өлчөмү 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.




**2-сүрөт.** Дүйнөлүк жер фондусунун курамы жана өлчөмү (млн *га*)

Кийинки мезгилде география илиминде «Ресурс таануу» жана «Геоэкология» – деген жаңы тармактар пайда болду.

**Географиялык ресурс таануу** – *жаратылыш ресурстарынын, алардын түрлөрүнүн жайгашуусуна экономикалык баа берүү жана аларды комплекстүү жана сарамжалдуу пайдалануу, кайрадан калыбына келтирүү маселелерин иликтей турган илим.*

Илимдин бул багытын тейлеген окмуштуулар жаратылыш ресурстарынын ар түрдүү классификацияларын, ***жаратылыш-ресурстук потенциал, ресурстук цикл*** – деген түшүнүктөрүн сунуш кылган. Алар жаратылыш ресурстарынын кадастрларын түзүүгө жана экономикалык жактан баа берүүгө жардамдашат.

**Геоэкология** – айлана чөйрөдөгү антропогендик аракеттердин натыйжасында жаратылышта байкалган тескери процесстерди жана кубулуштарды географиялык көз караштa иликтей турган илим. Геоэкологиялык концепцияга, мисалы, айлана чөйрөнүн мониторинг концепсиясы, экологиялык-географиялык экспертиза кирет.

**Негизги тыянак.** *Антропогендик өзгөрүүлөр планетанын географиялык кабыгына кеңири таасир берип, анын өнүгүшүнө гана эмес айлана-чөйрөнүн булганышына, жаратылыш ресурстарынын түгөнүшүнө, экологиялык маселелердин курчушуна алып келди. Ошондуктан жаратылышты пайдаланууну жакшыртуу илимий жактан негизделген экологиялык саясатты жүргүзүү – адам баласынын алдында турган эң маанилүү маселелердин бири.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Жакында америкалык географтар космостук сүрөттөрдү изилдеп жатып, жердин бетинде адамдын буту тийбеген 48 млн $км^2$ жер бар (ал кургактыктын $^1/_3$ бөлүгү) экендигин аныкташкан. Түндүк Америкада адам аракетинин изи көрүнбөгөн аймактар 38%, КМШнын аймагында – 34%, Чет өлкөлүк Азияда – 14%, Чет өлкөлүк Европада – 3%, Антарктика дээрлик бүт.

2) Орто кылымда жер кыртышынан 18 гана химиялык элемент жана алардын бирикмелери, XVII кылымда – 25, XVIII кылымда – 29, XIX кылымда – 47, XX кылымдын экинчи жарымында – 80ден ашык элемент казылып алынган.

3) Окумуштуулардын эсептөөлөрү боюнча адамзаттын тарыхында Жерден казылып алынган көмүр 200 млрд *т*дан ашык, нефть 100 млрд *т*дан ашык, темир рудасы 50 млрд тдан ашык, бокситтики 2 млрд *т*, жез рудасыныкы 500 млн *т*, алтындын салмагы – 100 миң *т*ны түзөт. Кийинки 30–40 жылга 50дөн 90%ке чейинки казылып алынган заттар туура келет.

4) АКШ таза сууну Канададан, ГФРден, Швециядан, Нидерландия – Норвегиядан (баасы Рейндин виносу менен барабар), Сауд Арабиясы – Малайзиядан сатып алат. Антарктика менен Гренландиядан таза сууну куур менен Европага, Амазонканын чатынан Африкага жеткирүү деген фантастикалык долбоорлор бар.

5) 1980-жылдарда жылына тропик токойлордун 11 млн *га*сы кыркылып жана аянты 4,5 млн *га* болгон токойлорду башка аймактан тандап кыркуу иши жүргүзүлүп турган (баардыгы 15,5 млн *га*, Швейцариянын аймагынан 4 эсе чоң), же болбосо ар бир мүнөттө 14–15 *га* токой жок болуп турган. 1990-жылдардын башында түштүк токой алкагында 65 млн *га* токой кыркылып кеткен.

6) 1970-жылы Африкада 5 млн пил болсо, 1980-жылы анын 1,3 млну калган, кийин бул сан дагы кыскарган. Азияда болгон пилдердин 15 миңи гана сакталып калган. Катастрофалык кыскаруунун негизги себеби – аңчылык жана браконьерлик (пилдин сөөгү үчүн) жана алардын жашаган жерин чарбачылыкка өздөштүрүү.

7) Ар бир $км^3$ көлөмүндөгү деңиз суусунда 37 млн *т* эриген заттар кездешет; анын ичинде 20 млн *т* хлордуу натрий, 9,5 млн *т* магний, 6 млн *т* күкүрт, дагы йод, бром, уран, алюминий, жез, торий, калий, алтын, күмүш бар. Дүйнөлүк океанда эриген минералдык заттардын өлчөмү $48 \times 10^{16}$ *т*. Нукура алтын эриген түрүндө 8–10 млн *т* же ар бир адамга 1,5 *кг*дан туура келет.

8) Дүйнөлүк океанда китке аңчылык кылуу 1868-жылы башталган. Ошондон бери 2 млндон ашык киттин бардык түрү кармалган. Кит уулоодо «рекорд» 1962-жылы коюлган, бул жылы анын саны 66 миңге жеткен. Китке мындай аңчылык кылуу алардын үйүрлөрүн кыскарткан. Азыр китке аңчылык кылуу чектелип, 1992-жылдан баштап кээ бир түрлөрүнө аңчылыкка тыюу салынган.

9) Америкалык окумуштуулар 1980-жылдардын аягында Тынч океандын түндүгүндө гана 35 млн пластик жана 70 млн айнек бөтөлкөлөр, ар түрлүү пластмасса буюмдары жана 5 млн эски ботинка калкып жүргөндүгүн аныкташкан.

10) Афинынын Акрополу кийинки он чакты жылдын ичинде, мурдагы мин жылдан берки бузулганынан да ашып кетти. Египеттин падышасы Клеопатранын Лондонго алынып келинген обелиски (мамысы) да ошол абалда. Кёльн собору кийинки 50 жылда курулуп башталганынан бери кескин эскире баштады.

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Географиянын мурдагы курстарына жана ушул окуу китебиндеги 1-темадагы материалдарга таянып, жаратылыш ресурстарына жарды, бирок, экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдөн мисал келтиргиле. Адам коомунда ресурс менен камсыз болуу кандай мааниге ээ боло турганын баалагыла.
2. Окуу китебиндеги тексти, минералдык ресурстардын картасын жана тиркемедеги таблицаларды пайдаланып отун-энергетикалык ресурстардын жайгашуусун талдап көргүлө. Көмүрдүн, нефтинин эң мол запасы бар өлкөлөрдү санагыла, эң чоң бассейндерди атагыла.
3. Атластын карталарынан дүйнөлүк океандын минералдык ресурстарын анализдеп көргүлө. Минералдык ресурстарга бай дүйнөлүк океандын шельфтерин жана терендигин изилдеп көргүлө. Ушул талдоонун негизинде келечекте деңиздик тоо кен өнөр жайы өнүгө турган жерлерди байкоого болобу?
4. Кыргыз Республикасынын физикалык, социалдык-экономикалык жана рекреациялык карталарына таянып, төмөнкү маселелер боюнча мисалдарды

келтиргиле: 1) рекреациялык-спорттук; 2) рекреациялык- туристтик; 3) оору кишилерди эс алдыруучу (курорттор); 4) малга жайлуу жерлерди (жайлоолорду) жана өзүңөргө жаккан кооз жайларды.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

1. «Жаратылыш» жана «географиялык кабык» деген терминдердин окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде?
2. Эмне үчүн ресурс менен камсыз болууну анын запасы боюнча баалоого болбойт?
3. Адам баласынын сууга болгон муктаждыгынын курчушунун себеби эмнеде?
4. Эмне үчүн экологиялык маселелерди чечүүдө эл аралык кызматташтык керек?
5. Калыбына келбөөчү жана калыбына келүүчү жаратылыш ресурстарын үнөмдүү пайдалануу деген эмне?
6. Улуу немец окумуштуусу Александр Гумбольдттун «Адам коомунун алдында токой, аны менен кошо чөл коштоп жүрөт» деген сөзүн кандай деп түшүнсө болот?
7. Жаратылышты пайдалануу жана экологиянын маселелерин чечүүдө география илими кандай роль ойнойт?

### ? Силер билесиңерби?

1. Дүйнөдөгү эң чоң бассейндердин кайсы түрү Россиянын борбордук районунда, Австралияда, Бразилияда жайгашкан: а) көмүрбү, б) нефтиби, в) темир рудасыбы?
2. Төмөндөгү өлкөлөрдүн кайсынысы айдоо жерлери менен жетиштүү, кайсынысы жетишсиз камсыз болгон: а) Австралия; б) Япония; в) ГФР; г) КЭР; д) Аргентина.
3. Төмөндөгү өлкөлөрдүн кайсынысы суу ресурстарына бай жана кайсынысы жарды: а) Канада; б) Бразилия; в) Конго; г) Сауд Арабиясы; д) Египет.

### Төмөндөгү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла

1. Картаны карабай туруп контурдук картага төмөнкү өлкөлөрдү түшүрө аласыңарбы? Улуу Британияны, Нидерландияны, Израилди, Швецияны, Индияны. Египетти, Конгону, ТАРды, Мексиканы, Аргентинаны.
2. Контурдук картага картаны карабай туруп нефть чыккан негизги өлкөлөрдү түшүргүлө.
3. Кийинки айтылгандар туурабы, туура эмес болсо туура жообун бергиле:

а) Дүйнөдө көмүрдүн геологиялык жалпы запасы нефтиникинен алда канча көп;
б) Жер фондусунун түзүлүшүндө айдоо жерлердин үлүшү көптүк кылат;
в) Жердеги таза суунун запасы жер шаарынын бардык суу запасынын 10% ын гана түзөт;
г) Экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги жолу өндүрүштү жаңы технологияга өткөрүү.

4. Жаратылыш ресурстарынын жайгашуусуна кыскача мүнөздөмө берип, негизги өлкөлөрдү жана райондорду белгилөө.
5. Дүйнөнүн жана кээ бир региондордун минералдык ресурстар менен камсыз болуусуна салыштырмалуу баа берүү.
6. Айлана-чөйрөнүн булганышына, ресурстарды натыйжалуу жана натыйжасыз пайдаланууга мисал келтирүү.
7. Мурда өткөн география сабактары менен азыркы сабактардын материалдарын салыштырып, ички байланыштарды табуу.

### 2-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калуу керек?

1. Жердин географиялык кабыгынын түзүлүшүн жана касиеттерин (6–7-класстардын географиясы).
2. Адам баласынын жаратылышка, материктерге жана океандарга тийгизген таасирин (7-класстын географиясы).
3. Кен байлыктардын Жер кыртышындагы жайгашуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн (6–7-класстардын географиясы).

### Эмнени өздөштүрүү керек?

### 2-теманын негизги идеяларын

*Адам коомунун цивилизациясы жаратылышты коргоонун дүйнөлүк стратегиясына, улуттук жана эл аралык экологиялык жактан ойлонулган саясат жүргүзүүгө көз каранды.*

### 2-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Адам коому менен жаратылыштын өз ара аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн.
2. Географиялык чөйрө жөнүндө түшүнүк.
3. Ресурс менен камсыз болуу жөнүндө түшүнүк.
4. Айлана-чөйрөнүн булгануу өлчөмү жана мүнөзү, жаратылышты коргоо көйгөлөрүн чечүүнүн негизги жолдорун.

### Теманын ачкыч сөздөрү

Географиялык чөйрө, жаратылыш ресурстары, ресурс менен камсыз болуу, айлана чөйрөнүн булганышы (сандык жана сапаттык жактан), экологиялык саясат, геоэкология.

## Өз алдынча даярдануунун ыкмаларын үйрөнүү

Дүйнөнүн жана кээ бир региондордун минералдык ресурстар менен камсыз болуусун кантип баалоо керек. Аракеттердин тизмеги:


– бүткүл дүйнө же кээ бир регион үчүн таблица же карта боюнча кен байлыктардын запасынын өлчөмүн аныктагыла;
– ошол ресурстун жылына казылып алынган өлчөмүн аныктагыла;
– ресурстун жалпы запасынын өлчөмүн жылына казылып алынган өлчөмгө бөлгүлө;
– бөлүүнүн натыйжасы, ал ресурстун канча жылга жете тургандыгын көрсөтөт.

# ДҮЙНӨ КАЛКЫНЫН ГЕОГРАФИЯСЫ

*Калк географиясы менен силер географиянын мурдагы курстарынан эле тааныш болчусуңар. Бирок, бул тема дагы улантылат. Калктын географиясы азыркы экономикалык жана социалдык географиянын эң маанилүү бөлүгү. Калк географиясы менен этнологиянын (этнография) чегинде географиянын бир тармагы – этногеография өсүп келе жатат. Андан башка дагы калктын географиясы демография менен тыгыз байланышта. Ал аркылуу тарых, экономика, экология, культурология ж. б. илимдер менен жакындашат.*

## § 7. Дүйнөдөгү калктын саны жана өсүшү

**1. Калктын саны жана өсүү арымы.** Географтар жана демографтар эл каттоонун материалдарын өз иштеринде кеңири колдонот. XIX кылымдын башынан тартып ушул күнгө чейин дүйнөдө 2 минден ашык эл каттоо жүргүзүлгөн. Азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдүн көбү 10 жылда бир жолу эл каттоо жүргүзүп турат. Демограф-статисттердин эсептөөлөрү боюнча адамзаттын бүткүл тарыхында Жер бетинде 80 млрд адам төрөлгөн. Бирок, ошол тарыхтын башынан аягына чейин калктын өсүшү эң эле жай болгон. Акыркы миң жылдын ичинде биринчи жолу калктын санынын эки эсе көбөйүүсү үчүн 600 жыл мөөнөт керек болгон, экинчи жолу – 230, үчүнчүсүндө – 100 жылга жакын, ал эми төртүнчү жолкусуна – 40 эле жыл талап кылынган. Демек, дүйнө калкы XX кылымдын аягындагыдай өскөн эмес. Эгерде 1950-жылы калктын саны 2,5 млрдга жетсе, 1987-жылы – 5 млрд, ал эми 1999-жылдын 12-октябрында 6 млрдга жеткен. Кыйыр эсептөөлөр боюнча кийинки 6 жылдын ичинде дүйнөнүн калкы дагы 400 млнго көбөйдү (3-сүрөт).




**3-сүрөт.** Дүйнөнүн калкынын замандын башынан азыркы күнгө чейинки өсүш динамикасы

Мисалы, XX кылымдын башында жер шарындагы калк жылына 10–15 млн. кишиге өсүп турган, кылымдын ортосунда 40–50 млнго, ал эми кылымдын аягында жылдык өсүү 80–85 млнго жеткен. Бирок, калктын санынын өсүшү ар кайсы региондо ар башка, бирөөндө жай, экинчисинде – орточо, үчүнчүсүндө – эң тез болгон. Андай абал калктын өсүү мүнөзүнүн ар башкалыгына байланыштуу.

**2. Калктын өсүшү жөнүндө түшүнүк.** Калкты изилдөөчү илимдин теориясы боюнча калктын ишке жарамдуу бөлүгүн *коомдун негизги өндүргүч күчү*, бүткүл коомдук өндүрүштүн негизи катары каралат. Адам баласы жаратылыш менен үзгүлтүксүз байланышта болгон үчүн аны өзгөртүүдө активдүү рол ойнойт. Ошону менен бирге адам баласы бардык жаратылыштагы түзүлгөн материалдык байлыктын *негизги керектөөчүсү*. Мына ошондуктан кайсы гана өлкө болбосун, жалпы эле адам коому үчүн өсүп-өнүгүү жолунда калктын саны чоң мааниге ээ.

Калктын кайра өнүгүп толукталышы болсо өсүп-өнүгүүнүн мүнөзүнө жараша болот.

**Калктын кайра өнүгүп толукталышы (табигый кыймыл) – деген, калктын үзгүлтүксүз жаңырып туруусун, алардын муун алмашуусун камсыз кылган төрөлүү, өлүм-житим жана табигый өсүш процесстеринин чогулган түшүндүрмөсү.**

Калктын табигый өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү – төрөлүү жана өлүм-житим, алардын айырмасы, б.а. төрөлгөндөрдүн санынан өлгөндөрдүн санын алып таштаса, калктын табигый өсүшү келип чыгат.

Төрөлүү, өлүм-житим, калктын табигый өсүшү – негизинен биологиялык процесс. Бирок, аларга чечүүчү таасирди элдин социалдык-экономикалык жашоо шарты, ошондой эле коомдогу жана үй-бүлөдөгү өз ара мамилелер таасирин тийгизет. Өлүм-житимдин деңгээли, биринчи кезекте калктын жашоосунун материалдык шартына – алардын тамактануусуна, санитария-гигиеналык шартына, жумуштун оордугуна, үй-жай шартына, медициналык тейлөө деңгээлине жараша болот. Төрөлүү деңгээли да коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшүнө жана адамдардын жашоо деңгээлине жараша болот. Калктын жашоо жана маданий деңгээлдери жогорулаган сайын, аялдарды массалык түрдө өндүрүшкө тартуу, улгайган адамдардын өндүрүштө көбөйүшү, тескерисинче жаштардын үлүшүнүн азайышы, айыл тургундарынын шаарларга көчүшү, жалпы төрөлүүнүн азайышына алып келет. Кээде кирешелердин өсүшү төрөлүүлөрдүн жогорулашына алып келиши мүмкүн.

Калктын өсүп-өнүгүүсүнө согуш, айрыкча согуштун жүрүшүндө элдин кырылганынан башка, ачкачылык, оору, үй-бүлөлөрдү ажыратуу эң чоң зыян келтирет.

*Эң жөнөкөй жалпылаштырылган түрдө калктын өсүп-өнүгүп калыбына келишин эки чоң типке бөлүүгө болот.*

**Калктын өсүп-өнүгүп кайра толукталышынын биринчи тиби – *демографиялык кризис*.** Бул типтеги табигый өсүшкө – салыштырмалуу төрөлүү, өлүм-

житим жана табигый өсүштүн анчалык жогору болбогону мүнөздүү. Мындай абал биринчи кезекте экономикалык жактан жакшы өнүккөн өлкөлөрдө жайылган, аларда улгайган адамдардын үлүшү көбөйүп, жаштардын үлүшүнүн азайып турушу төрөлүүнүн көрсөткүчүн азайтып, өлүм-житимдин көрсөткүчүн көбөйтөт.

Бирок, демографиялык фактордон башка оорулардан көп өлүм-житимге алып келген социалдык-экономикалык себептер, турмуштагы кыйынчылыктар, согуш чатактары, кылмыштуулуктун өсүшү, өндүрүштүк жаракаттардын көбөйүшү ж. б. түрдүү жаратылыштык жана техногендик катастрофалар, табигый кырсыктар, айлана-чөйрөнүн сапатынын начарлашы чоң ролду ойнойт.

Биринчи типтеги өлкөлөрдү калктын өсүшү боюнча айырмасы бар үч топко бөлүүгө болот:


*Биринчиси, калкынын жылдык орточо өсүшү* 0,5–1% (же ар бир 1000 кишиге 5–12 киши). Бул өлкөлөргө мисал, АКШ, Канада, Австралия. Аларда үй-бүлөлөрдүн теңи эки, же үч балалуу болот. Эки балалуулар өзүлөрүнүн ордун толуктайт, үч балалуулардын үчүнчүсү ооруга, күтүлбөгөн кырсыкка учурагандардын жана баласыз үй-бүлөлөрдүн ордун толуктайт (4-сүрөт).

*Экинчиси, табигый өсүүсү «нөлгө» барабар же ошого жакын өлкөлөр.* Мындай өсүш (мисалы, Италия, Улуу Британия, Польша) калктын өсүшүн камсыз кыла албайт, эреже катары аны бир деңгээлде кармап турат.

*Үчүнчүсү, табигый өсүүсү тескери тенденциядагы өлкөлөр,* б. а. өлүм-житим төрөлүүдөн көп болот. Натыйжада калктын саны кыскара баштайт. Демографтар муну **депопуляция** дешет (же **демографиялык кризис**). Мындай көрүнүш Европага мүнөздүү (Россия, Беларуссия, Украина, Венгрия, Болгария, ГФР ж. б.). Мурдагы Россияга мүнөздүү болгон көп балалуу үй-бүлө аз балалуу үй-бүлөгө Советтер Союзунун убагында өттү. 1990-жылдардан баштап Россияда терең социалдык-экономикалык кризис башталганынын негизинде калктын саны кескин кыскаруу менен төрөлүү кескин азайды. Мурдагы Советтер Союзунун курамындагы өлкөлөрдөн келген мигранттардын эсебинен калктын өсүшүнүн $^{2}/_{3}$си толукталды. Ошого карабастан Россиянын калкы 4 млнго (147 млндон 143 млнго чейин) кыскарды. Төрөлүү көрсөткүчү Россияда азыркыга чейин эң төмөн (ар бир 1000 кишиге болгону 9).

Жыйынтыктап айтканда, экономикалык жактан салыштырмалуу жакшы өнүккөн өлкөлөрдө калктын өсүү деңгээли (ар бир 1000 кишиге 4 киши) «рационалдуу» биринчи типтеги өсүп-өнүгүүнү толуктап, калктын жашоо деңгээлинин жогору экендигин айгинелейт. Бирок, Европанын кээ бир өлкөлөрү азыр да демографиялык кризисти башынан өткөрүүдө.

**Калктын өсүп-өнүгүп, толукталышынын экинчи тиби – *демографиялык жарылуу*.** Экинчи типтеги калктын өсүп-өнүгүүсүнө төрөлүү жана табигый өсүүнүн жогорку жана эң жогорку, ал эми өлүм-житимдин салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтөрү мүнөздүү. Мындай абал өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө мүнөздүү.




**4-сүрөт.** Дүйнөнүн калкынын өсүп толукталышынын типтери

Ал өлкөлөр боштондукка чыккандан кийин, азыркы учурдагы медицинанын жетишкендиктерин пайдаланып, биринчи кезекте эпидемия оорулары менен күрөшүүгө жетишти. Натыйжада өлүм-житим кескин азайып, ал эми төрөлүү деңгээли мурдагы бойдон калууда.

XXI кылымдын башында өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү табигый өсүүсү 1,6%га жетип, өнүккөн өлкөлөрдөгүгө караганда 16 эсе көп болгон. Ушул өлкөлөрдүн арасында калкынын жалпы саны 650 млндон ашкан, экономикасы начар өнүккөн өлкөлөрдө табигый өсүү (2,4%) эң жогору, дүйнөнүн «рекордсмендери» ошолордун арасынан кездешкен. Алар тропиктик Африкада, Түштүк-Чыгыш Азияда жайгашкан.

Мындай экинчи типтеги өлкөлөрдө калктын эң тез өсүшүнүн феномени XX кылымдагы илимий адабияттарда **демографиялык жарылуу** деп аталып калды. Бул күндөрдө ал өлкөлөр (Кытай менен бирдикте) планетанын кал-

кынын өсүшүнүн 90%ын же калктын 4/5 бөлүгүн түзөт. Азыркы кезде Азиянын калкы жылына 45 млнго, Африканын калкы 30 млнго, Латын Америксынын калкы 7 млнго көбөйүп турат.

Эгерде 1930-жылы калкы эң көп 15 өлкөнүн жетөө Европада, бешөө Азияда, үчөө Америкада болсо, XXI кылымдын башында европалык өлкөлөрдөн бирөө гана калып, калган калкы көп өлкөлөрдүн тогузу – Азияда, үчөө – Америкада, бирөө – Африкада (Нигерия); ага ошондой эле Россия кирет (тиркемени кара). Бул *өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн дүйнөлүк калктын санына жана анын табигый өсүүсүнө орчундуу* ***таасирин*** *тийгизип жатканын жана тийгизерин айгинелеп,* ***биринчи*** *кезекте бүткүл дүйнөлүк демографиялык кырдаалды аныктап турмак.*

**XX кылымдагы калктын өсүшү (млн. киши)**

| Бүткүл дүйнө жана региондор, мамлекеттер | Жылдар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1900 | 1920 | 1950 | 1960 | 1980 | 1990 | 2000 | 2025 |
| Россия, КМШ | 130 | 158 | 180 | 214 | 266 | 288 | 283 | 290 |
| Чет өлкөлүк Европа | 295 | 329 | 392 | 425 | 484 | 498 | 519 | 505 |
| Чет өлкөлүк Азия | 950 | 966 | 1392 | 1715 | 2569 | 3113 | 3619 | 4630 |
| Африка | 130 | 141 | 220 | 275 | 475 | 648 | 800 | 1300 |
| Түндүк Америка | 81 | 117 | 166 | 199 | 249 | 276 | 316 | 365 |
| Латын Америкасы | 64 | 91 | 164 | 216 | 354 | 448 | 523 | 695 |
| Австралия жана Океания | 6 | 9 | 13 | 16 | 23 | 26 | 31 | 40 |
| Бүткүл дүйнө | 1656 | 1811 | 2527 | 3060 | 4420 | 5297 | 6091 | 7825 |

**3. Калктын өсүүсүн жөнгө салуу – демографиялык саясат.** Азыркы күндө көп өлкөлөр калктын өсүүсүн жөнгө салуу үчүн **демографиялык саясат** жүргүзүүнүн аракетинде. ***Демографиялык саясат*** *– мамлекет өзү каалаган жакка багыттаган калктын өсүшүнө таасир тийгизүү максатында жүргүзүлгөн административдик, экономикалык, үгүт-насааттык ж. б. иш-аракеттин системасы.* Каалаган багыт ошол өлкөдөгү демографиялык кырдаалга жараша боло тургандыгы белгилүү.

Табигый өсүштүн биринчи тибине кирген өлкөлөрдүн демографиялык саясаты – төрөлүүнүн көбөйүшүн жана калктын өсүүсүн көздөйт. Ал үчүн экономикалык стимулдарды колдонот. Мындай өлкөлөргө Франция же Япония мисал боло алат.

Табигый өсүштүн экинчи тибиндеги өлкөлөрдө кийинки он чакты жыл ичинде төрөлүү жана табигый өсүштү кыскарта турган демографиялык са-

сат жүргүзүлүп жатат. Бул саясатты ишке ашыруу үчүн КЭР менен Индия көп аракет жасоодо. КЭРдин Конституциясы боюнча балалуу болуш үчүн төрөлүүнү пландоо комитетинен уруксат алуу талап кылынат. Үйлөнүү курагы узартылган, жогорку окуу жайда окуп жүргөн мезгилде үйлөнүүгө уруксат берилбейт. КЭРде «бир үй бүлө – бир бала» деген ураан бар. Бул саясатты жүргүзүү өзүнүн натыйжасын берип жатат.

Индияда да ошондой демографиялык саясат жүргүзүлүп, үй-бүлөнү пландоо боюнча улуттук программа кабыл алынып, ал мамлекеттик саясатка айландырылган. Ар кимди өз каалоосу боюнча «стерилизация» жүргүзүлүп, «биз экөөбүз – бизге экөө» деген ураандын алдында жашоодо. Натыйжада төрөлүү бир кыйла кыскарды, табийгый өсүш да төмөндөдү. Ошондой болсо да дүйнөдө төрөлгөн балдардын $^1/_5$ Индияга таандык.

Демографиялык саясатты жүргүзүүдө, жалаң эле финансы – экономикалык эмес, моралдык-этикалык да кыйынчылыктар болот. Ага 1990-жылдарда аялдарга боюнан алдырууга эркиндик берүүгө католиктик чиркөөнүн катуу каршылыгы мисал боло алат. Көпчүлүк Араб, өзгөчө Түштүк-Батыш Азиянын өлкөлөрүндө диний моралдын негизинде үй бүлөнү пландаштырууга каршы экендигин белгилөөгө болот. Тропиктик Африка өлкөлөрүндө эч кандай демографиялык саясат жүргүзүлбөйт.

**4. Демографиялык өтмөктөрдүн теориясы.** Туура демографиялык саясат жүргүзүштүн илимий негизи демографиялык процесстердин алмашуу иретин жакшы билүүдө. Ал процесстер төрт тепкичтен турат.

*Биринчи тепкичи* адамзаттын бүткүл тарыхын камтыган, төрөлүү менен өлүм-житим экөө тең жогору болгон, бирок табигый өсүшү төмөн бойдон калган, анткени, төрөлгөндөр көп болгону менен өлүм-житим да жогору болуп, табигый өсүш анча жогорулаган эмес.

*Экинчи тепкичи* медицинанын жетишкендигине байланыштуу өлүм-житим кескин кыскарып, төрөлүү традиция боюнча ордунда калган. Бул демографиялык жарылуунун башкы себеби болуп калды.

*Үчүнчү тепкичи* өлүм-житим кыскарышы менен катар төрөлүү да кыскарат, бирок төрөлүү өлүм-житимден көбүрөөк, ошондуктан калктын өсүшү бар.

*Төртүнчү тепкичке* өткөндө төрөлүү менен өлүм-житим теңелет. Бул калктын санынын калыптануусуна алып келет.

**5. Калктын сапаты жаңы комплекстүү түшүнүк.** Кийинки жылдарда илимде жана практикалык турмушта демографиялык саясатты жүргүзүүдө калктын саны гана эмес сапаты да чоң мааниге ээ боло баштады. Бул калктын жашоо шартындагы **экономикалык, социалдык, маданияттык, экологиялык** ж.б. жактарын камтыган татаал жана комплекстүү түшүнүк.

Эң башкы көрсөткүчтөрдүн бири – калктын ден-соолугунун көрсөткүчү болгон **адам жашынын орточо узактыгы. XXI** кылымдын башында дүйнөдөгү калктын жашынын орточо узактыгы 66 жыл (эркектердики 63, аялдарды-

кы 68 жаш) болгон. Экономикалык жактан жакшы өнүккөн өлкөлөрдө адам жашынын орточо узактыгы 71 (эркек) жана 78 (аял), өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 62 жана 65, начар өнүккөн өлкөлөрдө – 51 жана 53 жылды түзөт.

Дүйнөдөгү адам жашынын орточо узактыгынын эң жогорку көрсөткүчү Японияда – 80 жаш (эркектер – 77, аялдар – 83). Ушундай эле көрсөткүчтөр Австралия, Швеция, Канадага да тийиштүү. Төмөнкү көрсөткүч Сьерра-Леонеде (эркектер 36, аялдар 39 жаш). Ошондой эле төмөнкү көрсөткүч Гвинея, Гамбия, Мали, Малави, Замбия ж. б. Тропиктик Африканын өлкөлөрүнө мүнөздүү. Россияда бул көрсөткүчтөр 58 жана 72 жыл. Эркектер менен аялдардын ортосундагы мындай чоң айырмачылык Россияга гана мүнөздүү.

Калктын сапатынын дагы бир маанилүү көрсөткүчү – калктын сабаттуулугунун деңгээли. Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө сабатсыздык толук жоюлган. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө кийинки ийгиликтерине карабастан сабаттуулуктун деңгээли өзгөчө айыл жергесинде төмөн. Мисалы, Нигерде жана Буркина-Фасодо элинин 80%ы сабатсыз, Сомали менен Непалда 70%и, Мали, Сенегал, Либерия, Эфиопия, Пакистанда 60%дан ашыгы сабатсыз.

БУУнун маалыматтары боюнча 1990-жылы дүйнөдө 960 млн адам сабатсыз болгон. Андан бери демографиялык жарылуунун шартында дүйнөнүн калкы эң тез өсүп, сабатсыздардын саны да көбөйүүдө, сабатсыздардын саны өзгөчө Чыгыш жана Түштүк Азияда, Африка Сахарасынын түштүгүндөгү мамлекеттерде көбөйдү.

## § 8. Калктын курамы (түзүлүшү)

**1. Жыныстык түзүлүшү: эркектер менен аялдардын катышы.** Дүйнөдө төрөлгөн ар бир 100 кызга 114–117 эркек бала туура келет, алар 15 жашка жеткен кезде экөөнүн саны теңелет. Бирок, кийинки жаш курагында экөөнүн айырмасы ар өлкөдө ар башкача болот. Болжол менен өлкөлөрдүн теңинде саны жагынан аялдар басымдуулук кылат. Мындай абал КМШ өлкөлөрүндө, **Чет өлкөлүк Европада**, Түндүк Америкада байкалат. Бул абал биринчи кезекте эркектерге караганда аялдардын бир нече жылга көп жашаганы менен түшүндүрүлөт.

Бир канча өлкөлөрдө аялдардын көптүгү экинчи дүйнөлүк согуш убагындагы эркектердин азайышына байланыштуу. Кийинки муундардын кошулушу менен ал айырмачылык акырындап жоюлуп бара жатат. 1997-жылы Россияда аялдар 9 млнго көп болгон, 2000-жылы эркектерден аялдардын саны 10–11 млнго артты. Бул эркектердин өлүмүнүн көптүгүнө байланыштуу.

Ал эми Чет өлкөлүк Азияда эркектер басымдуулук кылат. Мындай абал көп жылдар бою коомдогу жана үй-бүлөдөгү аялдарды басынткан абал менен

байланыштуу (эрте күйөөгө чыгуу, жакырчылык, ачкачылык, оору-сыркоо үстөмдүк кылган абалда эрте бала төрөө). Акыркы жылдарда Азия өлкөлөрүнүн кээ биринде миграциянын эсебинен да эркектер көбөйүп жатат. Мисалы, Перс булуңунун тегерегиндеги нефть өндүрүүчү өлкөлөрдө сырттан жумуш издеп келгендердин эсебинен эркектердин үлүшү 55–65%га жетет. Ошондой эле калкы көп өлкөлөрдө Кытай менен Индияда эркектер басымдуулук кылгандыктан дүйнө боюнча 100 аялга 101 эркек туура келет (5-сүрөт).





**5-сүрөт.** Калктын өсүп толукталышынын биринчи жана экинчи типтериндеги өлкөлөрдүн калкынын жыныстык жана курактык пирамидасы

**2. Калктын курактык түзүлүшүнүн эмгек ресурстарына тийгизген таасирлери.** Калктын курактык түзүмү эмгек ресурстарын аныктай турган эң башкы критерий болуп саналат. Калкты өндүрүшкө тартуу даражасы калктын экономикалык активдүүлүгү менен аныкталат. Калк курагы боюнча үч категорияга бөлүнөт: 15 жашка чейинки балдар (жаш муундар); 15–49 жаштагылар; 50 жаштан өтүп, улгайгандар. Булардын ичинен эмгекке жарамдуу бөлүгү 16 жаштан 55–60 жашка чейинкилери калктын экономикалык активдүү бөлүгү болуп саналат (6-сүрөт).

Дүйнө боюнча калктын экономикалык активдүү бөлүгүнүн үлүшү 45%ы же 2,8 млрд адамды түзөт. Россия, Чет өлкөлүк Европа жана Түндүк Америка үчүн бул көрсөткүч 50–60%, Азия, Африка жана Латын Америкасында 40–45%. Мындай абал кийинки мезгилде жаш муундардын үлүшүнүн көптүгүнүн натыйжасы (43 %).

**3. Этностук-лингвистикалык** курамы боюнча дүйнө калкы ар түрдүү.

Азыркы учурда дүйнөдө 3–4 миң уруу жана ***этнос*** бар, алардын көпчүлүгү улутка айланган. Азчылыгы уруу боюнча кала берген. Мындай көп улуттарды жана урууларды классификациялоо зарылчылыгы келип чыгат. Калк географиясы аларды элдин саны жана тили боюнча классификациялайт.



Африкалыктар

Калктын саны боюнча классификациялоо алардын ар түрдүүлүгүн көрсөтөт: 1,3 млрд болгон кытайлардан тартып, саны миңге жетпеген Шри-Ланкадагы веддер менен Россиядагы юкагирлерге чейин. Азыркы учурда дүйнөдө 310 улуттун калкынын саны 1 млндон ашык, б. а. дүйнөнүн калкынын 95,7%ын түзөт. Калкынын саны 100 млндон ашкан 7 улут, 50–100 млнго чейин 12 улут, 25–50 млнго чейин 16 улут бар. Бирок ар бир улут жана ар кандай майда уруулар дүйнөлүк маданиятка өз үлүшүн кошот.

Тили боюнча дүйнө калкын классификациялоо тилдердин жакындыгына байланыштуу болот. Түштүк Европадагы роман тилдеринин негизи болуп Байыркы Римде жана алар басып алган өлкөлөрдө үстөмдүк кылган латын тили болгон. Байыркы орус тили чыгыш славяндардын тилинин башаты.

Тилдер тил түркүмдөрүнө, алар топторго бөлүнөт. Бизге белгилүү болгон ***инди-европалык*** *түркүмдө дүйнө* элдеринин 45%ы сүйлөйт. Бул тил түркүмүндө жалпы саны 2,5 млрд келген 11 тил тобун камтыган 150 улут жана уруу кирет. Чет өлкөлүк Европа менен Америкада калктын 95%ы ушул түркүмдөгү тилде сүйлөйт.

1,3 млрддан ашык калк ***кытай-тибет*** түркүмүндөгү тилдерде сүйлөйт. Бул түркүмдөгү тилдердин көбү кытай тили. 250 млндон ашык калктын тилдери ***африка-азиялык*** түркүмгө кирет. Башка түркүмдөгү тилдерде сүйлөгөн калктын саны анча көп эмес. Улуттук чек аралар саясий чек аралар менен дал келген учурларда ***бир тилдеги мамлекеттер*** пайда болгон. Мындай мамлекеттер Европада, Латын Америкасында, Австралияда, Океанияда жана Жакынкы Чыгышта. ***Эки тилдүү мамлекеттер*** да бар. Мисалы: Бельгия


менен Канада. ***Көп улуттуу мамлекеттерде*** ондогон, кээде жүздөгөн улуттар болушу мүмкүн.

Көп улуттуу мамлекеттерде улуттар аралык татаал карым-катнаштар болот. Мисалы, Канадада негизинен эки улут – англичан-канадалыктар жана француз-канадалыктар жашайт. Француз-канадалыктар негизинен Квебек провинциясында. Англичан-канадалыктар башкаруу орундарында, экономиканын маанилүү жактарын ээлеп тургандыктан, эки улуттун ортосунда ар дайым пикир келишпестиктер болуп турат. Ошондуктан француз-канадалыктар Квебек провинциясына эгемендүү мамлекет болууга чейинки талаптарды коюшууда.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында Россияда, Чыгыш Европада, өзгөчө мурдагы Югославия өлкөлөрүндө улуттар аралык мамилелер эң татаал боло баштады.

**4. Калктын региондук курамы: дүйнөлүк жана улуттук диндер.** Диндин таралышы жана анын ролу боюнча ***дүйнөлүк*** жана ***улуттук*** болуп экиге бөлүнөт.

Дүйнөлүк диндердин ичинен эң кеңири таралганы – христиан дини. Ал католик, протестант жана православие диндерине бөлүнөт. Жалпысынан ал динди кармагандардын саны дүйнө боюнча 1,9 млрд адамды түзүп, алардын көбү Европа, Америка жана Австралияда. Экинчи орунда ислам динин туткандар (1 млрддан ашык). Ислам динин мамлекеттик дин катары кармаган мамлекеттер негизинен Азия менен Африкада жайгашкан. Үчүнчү орунда




**6-сүрөт.** Дүйнө калкынын жаш боюнча курамы

дүйнөлүк диндердин арасында буддизм турат. Ал динди туткандардын саны 350 млндон ашык, алар Борбордук, Түштүк-Чыгыш жана Чыгыш Азияда таралган.

Кийинки мезгилде дүйнөнүн өсүп-өнүгүүсүндө исламдын ролу улам күчөп бара жатат. Азыр мусулман дүйнөсү 50 мамлекетти камтыйт. Мусулман динин туткандар 120 өлкөдө бар. Калкынын саны боюнча ири мусулман өлкөлөрү – Индонезия, Пакистан, Нигерия, Бангладеш. Алардын ар биринде 100 млндон ашык калк жашайт. Алардан кийин Иран, Египет, Түркия (50дөн 100 млнго чейин); Россияда 20 млнго жакын мусулмандар бар.

Улуттук диндердин катарында Индиядагы *индуизм* (750 млн киши), Кытайдагы *конфуцийчилик, Япониядагы синтоизм* ж. б. диндер бар. Кеңири тараган диндердин бири – *иудаизм* байыркы диндерден, анын көп жактары христиан жана ислам диндерине кирип калган.

## § 9. Калктын жайгашуусу, жыштыгы жана миграциясы

**1. Калктын жайгашуусу жана жыштыгы.** Калк дүйнө боюнча бирдей таралган эмес, анын 70%ы кургактыктын 7% аянтын ээлейт. Ошону менен бирге калк отурукташкан кургактыктын жарымындагы калктын жыштыгы ар бир *км*$^2$ аймакка 5 гана кишиден туура келет. Кургактыктын 15% аймагы такыр өздөштүрүлгөн эмес. Адам баласы иридe өзүнө ылайыктуу, жаратылыш ресурстарына бай аймактарды өздөштүрүп, ал жерлерге антропогендик типтеги ландшафттарды түзүшкөн. Ар бир 100 кишинин 80и деңиз деңгээлинен 500 *м*ге чейинки бийиктиктеги ойдуңдарда жашашат. Тоолордо калк азыраак отурукташкан. Байыртан бери калктын жайгашуусу алардын айыл чарба иштерине байланыштуу болгон. Эмгекти эң көп талап кылган шалы айдалуучу сугат жерлер Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азиядагы калктын жыш отурукташуу түйүндөрүн түзүүгө алып келген. Азыркы кезде айыл жерлеринде калктын жыштыгы 1 *км*$^2$ге 200 кишиден туура келет, кээ бир аймактарда алар 1500–2000 кишиге жетет.

Өнөр жайдын өнүгүшү менен Европада жана АКШда калктын ири борборлору пайда боло баштады. Ал жерлерде да калктын жыштыгы 1 *км*$^2$ аянтта 1500–2000 кишиге жете баштады. Коомдун өнүгүү тарыхында калктын жайгашуусу суу жээктеринин жана соода жолдорунун бойлоруна ыктап келген. Мисалы, жазылыгы 200 *км* болгон деңиз жээк тилкесинде дүйнө калкынын жарымынан көбү жайгашкан.

Жер шарындагы калктын 1 *км*$^2$ жерге туура келген орточо жыштыгы 45 киши. Бирок бул орточо өлчөмдө чоң айырмачылыктар жатат. Мисалы, Канаданын калкынын $^2/_3$ бөлүгү АКШнын чек арасын бойлогон 150 *км* түштүк тилкесинде жайгашкан. Түндүк жагында 20–25 *км*$^2$ аймакка бирден киши туура келет. Австралия материгинде да ушундай абал байкалат.

Калктын белгилүү саны жана жыштыгы – ар бир өлкөнүн өнүгүүсүн аныктоочу шарттардын бири. Бирок калктын жыштыгы менен кээ бир окумуштуулардын өлкөнүн социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүүсүн байланыштыруусу таптакыр туура эмес.

**2. Калктын миграциясы, алардын түрлөрү жана географиясы.** Бүткүл дүйнөнүн жана ар бир өлкөнүн калкынын санына жана жайгашуусуна ***миграция*** деп аталган калктын кыймылы (көчүп конуусу) чоң таасирин тийгизет. «Адамдар келгин куштар эмес, алардын кыймылы биологиялык эмес коомдук мыйзамдарга баш иет» – деп жазган Н. Н. Баранский. Миграциянын негизги себеби – экономикалык, бирок андан башка саясий, улуттук, диндик, экологиялык себептер болушу мүмкүн.

**Эл аралык (тышкы) миграция** байыртан бери байкалып келген процесс, ортоңку кылымдарда уланган жана Улуу географиялык ачылыштардын учурунда күчөп, капитализм доорунда эң жогорку көрсөткүчкө жеткен.

Эмиграциянын күчөгөн мезгили XIX кылымга туура келет. Эмиграциянын негизги очогу Европа болгон, ал жерде капитализмдин өсүшү менен ар-тык баш адамдарды «сүрүп» чыгаруу процесси башталган жана алар чарбанын тез өсүшүнө байланыштуу кол күчүнө муктаж болгон кенен жерлерге барышкан. Эмиграциянын башталышынан экинчи дүйнөлүк согушка чейин Европадан 60 млн адам ал жерден көчүп кеткен. Экинчи очок Азияда байкалган. Бул жерден кытайлык жана индиялык жумушчу күчтөрү плантацияларда жана рудниктерде иштеш үчүн башка аймактарга көчүп кетишкен. Иммиграциянын негизги очоктору АКШ, Канада, Бразилия, Аргентина, Австралия, Жаңы Зеландия жана Түштүк Африка болгон.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки миграция XX кылымдын аягына карата өсө баштап, жаңы «миграциялык жарылууга» жакындады. Мурдагыдай эле миграциянын негизги себеби – экономикалык абал жана адамдардын бир жактан экинчи жакка иш, жакшы турмуш издеп көчүп жүрүшү болду. Мындай миграцияны – «эмгек миграциясы» деп аталууда. Натыйжада XX кылымдын аягында 35–40 млн киши башка өлкөлөрдө убактылуу иш иштеп жүрөт, ал эми мыйзамсыз мигранттардын саны мындан 4–5 эсеге көп болушу мүмкүн. Эмгек мигранттарынын негизги агымы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн экономикасы жакшы өнүккөн өкөлөрдү карай багытталган.

**Азыркы кезде эмгек ресурстарын өзүнө тарткан үч борбор бар.**

*Алардын биринчиси – Батыш Европа* (өзгөчө ГФР, Франция, Улуу Британия, Швейцария). Бул өлкөлөрдө Түштүк Европадан, Батыш Азиядан, Түндүк Африкадан, өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап Чыгыш Европадан жана КМШ өлкөлөрүнөн келген «иммигрант – жумушчу» деген калктын жаңы катмары пайда болду.

*Экинчиси – АКШ*, мыйзамдуу мигранттардын саны жылына 1 млнго жетет (негизинен Латын Америкасынан, Азиядан жана Европадан), ал эми мыйзамсыз мигранттардын саны андан да көп.

*Үчүнчүсү – Перс булуңундагы нефть өндүрүп алуучу өлкөлөр.* Булардын өзүлөрүнүн калкына караганда эмгек мигранттарынын саны (негизинен Египеттен, Индиядан жана Пакистандан келгендер) көптүк кылат.

Азыркы кезде да иммиграция өлкөлөрүнө Канада менен Австралия кирет; андан да көбүрөөк иммиграция Израилде байкалат, анын калкынын $^{2}/_{3}$ бөлүгү иммиграциянын (өзгөчө Россиянын) эсебинен көбөйгөн. XX кылымдын экинчи жарымында, мурдагы «булчуң агымы» кийин «акыл агымы» менен алмашты. Ал процесстин уңгусу окумуштууларды, инженерлерди, врачтарды ж. б. адистерди чет мамлекеттерден чакырып кетишинде. «Акыл агымы» 1980- жана 1990-жылдарда Россияга, Украинага жана КМШга кирген өлкөлөргө мүнөздүү.

Эмгек миграциясы менен катар азыркы кезде саясий, диндик, улутчулдук, экологиялык себептер менен жүрүп жаткан миграциялар да кездешет. Биринчи кезекте курч мүнөздөгү эл аралык чыр-чатактар же жергиликтүү согуш болуп жаткан жерлерде качкындар агымы пайда болду. Алардын саны 20 млндон ашат. Мисалы, көп жылдары согуш болгон Афганистандан оогон качкындар 6 млнго жеткен. 2 млн киши Руанданын, 1,5 млн киши Ирандын, 1,2 млн киши Босния менен Герцоговинанын жана КМШ өлкөлөрүнүн качкындары.

**Калктын ички миграциялары** бир нече түргө бөлүнөт. Эң башкы түрү – айыл жериндеги калктын шаарларга карай умтулушу. Мындай миграция азыркы учурда «Калктын XX кылымдагы улуу кыймылы» – деп аталат. Калктын мындай оошуулары шаарлар арасында да жүрүп жатат. Мындай жер которулуштар биринчи кезекте аймагы чоң, калктын жайгашуусу жана жыштыгы бирдей эмес мамлекеттерде байкалат (Россия, Казакстан, Канада, Бразилия, Австралия, Кытай). Кыргызстанда да мындай абал кийинки кездерде байкалып жатат, өзгөчө борбор шаарыбыз Бишкекке калктын ирээтсиз көчүп келүүсү көп экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарды туудурууда.

Кийинки кездерде калктын кыймылы согуш саясатын жүргүзгөн «кайнаган жерлерден» гана эмес экологиялык кырдаалы начарлаган аймактардан качкандардын эсебинен да көбөйүүдө.

## § 10. Шаар жана элет (айыл-кыштак) калкы

**1. Шаар калкынын маданиятынын өсүшү.** Шаарлар административдик бийликтин, сооданын, кол өнөрчүлүктүн борборлору жана согуштук чеп катары эзелтен эле Нилдин куйган жеринде жана Евфрат менен Тигрдин бойлорунда пайда болгон. Капитализмдин, ири машина индустриясынын, транспорттун жана дүйнөлүк рыноктун өнүгүшү менен шаарларда өнөр жай ишканалары топтолуп, алардын көбү транспорттун түйүнүнө жана соода борборлоруна айланып, административдик жана маданий борбор катары алардын мааниси жогорулай баштады. XX кылымдын аягында негизинен өндүрүшкө

байланышпаган тармактардын өсүшүнүн натыйжасында шаарлардын мааниси андан ары өркүндөп өстү. Эреже катары, шаарлар бир нече функцияларды аткарат. Бирок, бир гана тоо-кен өндүрүшү, курорттук же илимий жана борбордук функцияны аткарган шаарлар да бар. Кээ бир шаарлар атайын мамлекет борбору катары курулат (мисалы, Вашингтон, Бразилия, Канберра ж. б.).

Азыркы кездеги калктын жайгашуусу шаарлардын географиясы менен аныкталат. Шаарлар тегерегиндеги айыл-кыштактардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн абалдарына да чоң таасирин тийгизет.

**2. Урбанизация жөнүндө түшүнүк.** Эң маанилүү социалдык-экономикалык процесстердин бири – ***урбанизация***.

**Урбанизация** (латынча urbo – *шаар*) – өлкөдө, региондо, дүйнөдө шаар калкынын үлүшүнүн салыштырмалуу өсүшү, шаарлардын татаал тармагынын жана системасынын өнүгүшү. Демек, урбанизация коомдук турмушта шаарлардын ролунун жогорулашын көрсөткөн эмгектин, турмуш-тиричиликтин жана маданияттын, өзгөчө өндүрүштүн шаардык мүнөзгө өткөнүн көрсөткөн тарыхый процесс. *Урбанизация – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн эң бир маанилүү курамдык бөлүгү.*

Азыркы кездеги урбанизациянын бүткүл дүйнөлүк процесс катары бардык өлкөлөргө тийиштүү болгон үч жалпы белгиси бар.

*Биринчи белгиси* – шаар калкынын тез арымы менен өсүшү, өзгөчө начар өнүккөн өлкөлөрдө. Мисалы, 1900-жылы дүйнө калкынын 14% шаарларда жашаса, 1950-жылы ал өлчөм 29%, ал эми 1995-жылы 45%ке өсүп 2005-жылы болжол менен 50%тен ашкан.

*Экинчи белгиси* – калктын жана чарбанын көбү негизинен чоң шаарларда топтолгон. Мындай абал өндүрүштүн мүнөзү, илим жана билимдин байланыш-

**Шаар калкынын санынын 1950–2005-жылдардагы өсүшү (млн киши)**

| Бүткүл дүйнө жана материктер | Жылдар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1950 | 1960 | 1970 | 1980 | 1990 | 2000 | 2005 |
| СССР, КМШ | 70 | 104 | 137 | 166 | 193 | 189 | 220 |
| Чет өлкөлүк Европа | 217 | 256 | 302 | 341 | 363 | 387 | 383 |
| Чет өлкөлүк Азия | 229 | 362 | 517 | 733 | 949 | 1319 | 1510 |
| Африка | 33 | 51 | 108 | 136 | 220 | 299 | 355 |
| Түндүк Америка | 106 | 139 | 167 | 191 | 210 | 239 | 250 |
| Латын Америкасы | 67 | 106 | 163 | 238 | 323 | 391 | 441 |
| Австралия жана Океания | 8 | 11 | 14 | | 18 | 23 | 26 |
| Бүткүл дүйнө | 730 | 1027 | 1381 | 1822 | 2276 | 2845 | 3185 |




Америка Кошмо Штаты (Нью-Йорк шаары)

тары менен туюнтулат. Андан башка да, чоң шаарлар калктын керектөөлөрүн, рухий таламдарын толук камсыз кылып, ар кандай товарлар жана тейлөөлөр көбөйүп, маалыматтар чогулган борборлорго жакын жайгашат. Мисалы, XX кылымдын башында дүйнөдө калкы 100 минден ашкан 360 шаарда бүткүл дүйнөнүн калкынын 5%ы гана жашаган. 1980-жылдардын аягында андай шаарлар 2,5 минге жеткен жана аларда калктын $^1/_3$ жашаган. XXI кылымдын башында мындай шаарлар 4 минден ашкан.

Калкы 1 млндон ашкан шаарлар XX кылымдын башында 10 болгон, ал эми 1995-жылы алар 325ке жеткен.

*Үчүнчү белгиси* – анын ээлеп турган ордунун улам кеңейе берүүсү. Азыркы кездеги шаарлар бир жерде чогуу болуудан шаар агломерацияларына же айыл-кыштактарды кошо камтыган шаарлардын тизмегине айланат. Агломерациянын өзөгүн борбор шаарлар же өнөр жай борборлору жана порттор түзөт. Мисалы, 1970-жылы үч гана шаар агломерациясы болсо (Нью-Йорк, Токио, Шанхай), 2000-жылы алардын саны 20га жеткен (7-сүрөт). Эң чоң агломерация – Токио. Агломерациялар дагы чоң урбанизцияланган зоналарга жана райондорго айланат.

**3. Урбанизациянын деңгээли жана арымы, аларды жөнгө салуу.** Урбанизация дүйнөлүк процесс катары жалпы белгилерине карабастан ар бир өлкөдө жана региондо деңгээли жана өсүү арымы боюнча айырмаланат.




**7-сүрөт.** Дүйнөнүн чоң шаарлары (шаардык агломерациялары)

**Урбанизациянын деңгээли** боюнча дүйнөнүн бардык өлкөлөрүн үч чоң топко бөлүүгө болот. Негизги чек өнүккөн өлкөлөр менен начар өнүккөн өлкөлөрдүн ортосунан өтөт. 1990-жылдардын аягында урбанизациянын деңгээли өнүккөн өлкөлөрдө 75%, ал эми начар өнүккөн өлкөлөрдө 41% болгон (8-сүрөт).

**Урбанизациянын арымы** анын деңгээлине жараша болот. Урбанизациянын деңгээли жогору болгон, экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдүн борборлорунда жана чоң шаарларында калктын саны эреже катары кыскарууда. Көпчүлүк эл шаарлардын борборлорунда эмес, четинде же айыл жерлеринде жашоого аракет кылууда. Бул инженердик жабдыктардын кымбатташы, инфраструктуралардын эскириши, транспорттук көйгөйлөрдө татаалданышы, айлана-чөйрөнө булганышы менен түшүндүрүлөт. Ошого карабастан урбанизация өнүгүп жатат.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө урбанизация мейкиндик боюнча кеңейип улам жаңы аянттарды ээлеп, шаар калкы тез өсүп жатат. Мисалы, шаар калкынын саны боюнча өнүгүп келе жаткан өлкөлөр өнүккөн өлкөлөрдүн

чүдөн, шаарлардын торлорун жана системаларын, шаар куруунун долбоорлорунун негизин изилдейт.

Калктын географиясы менен жаңы калыптанып келе жаткан илимий тармактар-рекреациялык география, медициналык география, маданият географиясы, дин географиясы ж. б. байланыштуу.

**Негизги тыянак.** *Азыркы кездеги калктын өсүшү, курамы жана жайгашуусу көп татаал маселелерди пайда кылат. Алардын кээ бирлери дүйнөлүк, кээ бирлери ошол өлкөгө гана тиешелүү; эң маанилүүлөрү – дүйнө калкынын тез өсүп жатышы, улуттар аралык мамиле, урбанизация.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Азыркы кезде эл каттоо болбогон өлкөлөр жокко эсе. 1975–1984-жылдарда 191 өлкө жок дегенде бир жолу өзүнүн аймагында эл каттоо жүргүзүп жана ал процесске дүйнөнүн калкынын 95%ы камтылган.

2) Дүйнө калкы 1820-жылы 1 млрдга, 1927-жылы 2 млрдга, 1960-жылы 3 млрдга, 1975-жылы 4 млрдга, 1987-жылы 5 млрдга, 1999-жылдын аягында 6 млрдга жеткен.

3) Жылына дүйнөдө 140 млн адам төрөлөт. Демек, секундасына үч адам, мүнөтүнө 175, саатына 10,4 миң, суткасына 250 миң адам туулат экен. Ал Братск, Ош, Анжиян сыяктуу шаарлардын калкына барабар. Ар бир жумада Жер бетине Харьков же Гамбург шаарларындагы, ар бир айда Австриянын же Тунистин элиндей калк жаралып турат.

4) Россияда көп балалуу болуу илгери салт болгон. Мисалы, атактуу врач А. И. Пироговдун 13, көрүнүктүү химик Д. И. Менделеевдин 17, ал эми Лев Толстойдун 13 баласы болгон.

5) Демографиялык маалымат боюнча 1980-жылдарда дүйнөдөгү эң көп балалуу Чилинин тургуну 55 баланын энеси болуп, такыр жалкы төрөгөн эмес, бардыгы эгиз же үчем болгон.

6) Балдардын үлүшү эң аз өлкөлөргө ГФР жана Италия (16%), көп өлкөгө Йемен (52%) кирет. Улгайгандар баарынан Швецияда (25%) көп, ал эми БАЭ менен Кувейтте (2%) аз санда. Абсолюттук көрсөткүч боюнча балдар Кытай менен Индияда (ар биринде 350 млндон) көп. Эң улгайган француз аял 1997-жылы 122 жашында каза тапкан – Жанна Кальман болгон.

7) Индиевропалык тилдин түркүмүнөн барынан көп англис тилинде (500 млн киши) сүйлөшөт. Андан кийин хинди менен урду тили (470 млн), испан тили (420 млн), орус тили (290 млн), бенгал тили (210 млн), португал тили (190 млн), немец жана француз тилдери (150 млн). Эл аралык сүйлөшүүнүн тили (байыркы заманда латын тили) англис тили. Ал тилде планетанын ар бир жетинчи кишиси сүйлөй алат.

8) Дүйнөдө бир нече өлкөнүн калкы деңиз деңгээлинен 1000 *м* бийиктиктеги жерлерде жашайт (Боливия, Мексика, Перу, Эфиопия, Афганстанда). Боливияда, Перуда жана Кытайда калктын жашоо чеги деңиз деңгээлинен 5000 *м* бийиктикке чейин жетет.

9) Японияда калкынын $^{9}/_{10}$ бөлүгү деңиз жээгинен 50 *км* аралыкка чейинки жерлерде жашайт. Улуу Британияда $^{3}/_{4}$ бөлүгү, Норвегия, Дания, Ирландия, Португалия, Чили, Жаңы Зеландия, Кубада калктын дээрлик бардыгы деңиз жээгинен 200 *км*ге чейинки аралыкта отурукташкан.

10) Эмиграциянын классикалык өлкөсү XIX кылымда Ирландия болгон. XIX кылымдын 40-жылдарындагы ачкачылыктан кийин Ирландияда калкынын теңи гана калган. Эмиграциянын үлүшү боюнча дүйнө элинин арасында алар биринчи орунду ээлейт. АКШда Ирландиядан чыккандар 70 млндон ашат, б.а Ирландиянын калкынан 14 эсе көп.

11) Бир убактарда Австралия Улуу Британиядан сүргүнгө айдалган адамдардын жери катары пайдаланылган. Биринчи 11 кеме сегиз айлык деңизде сүзүүдөн кийин 1788-жылы материктиң түштүк – чыгышына келип токтогон. Бул жерде, ошол убактагы колония министри Сиднейдин ысмынан коюлган кыштак негизделет. 1988-жылы Австралиянын 200 жылдыгын майрамдаган кезде ошол убактагы «биринчи флоттун» так өзүн туурады. Азыркы кездеги Австралия иммиграциянын өлкөсү бойдон калууда, ал жерге жылына 100–150 миң киши келип турат.

12) «Шаар» деген түшүнүк бардык элде бирдей мааниде эмес. Мисалы, Дания, Швеция, Финляндияда калкы 200 кишиден ашса эле шаар деп атай берет. Канада менен Австралияда 1 миңден, АКШ менен Мексикада – 2,5 миңден, Японияда 30 миңден, Түштүк Кореяда – 40 миңден ашса гана шаар деп атайт.

13) 1931-жылдан тартып дүйнөдө эң бийик имарат Нью-Йорктогу – Эмпайр Стейт Билдинг (102 кабат, 381 *м*) 1972-жылы ал Дүйнөлүк Соода борборунун имаратынан кийинки орунда калган. Ал борбор 2001-жылы террористтер тарабынан жардырылып жок болду (110 кабат. 417 *м*), 1974-жылы Чикагодо Сирс Тауэр курулуп (110 кабат. 442 *м*) бүтүп, 1996-жылы Малайзиянын борбору Куала-Лумпурга нефти компаниясы «Петронас» эки окшош 88 кабаттуу, бийиктиги 450 *м* келген имараттарды курганга чейин биринчиликти кармап турган. Демек, ал имараттар Москвадагы Останкино мунарасынан бир аз гана жапыз.

14) Австралиялык фермерлер биринен бири өтө алыс жашашат. Кошуналар, деги эле сырт менен көбүнчө телефон же радио аркылуу байланышат. Радио аркылуу врач консультация берет, керек болсо оорулуу келет. Фермерлердин 15 жашка чейинки балдары үйлөрүндө радио аркылуу сабак алат. Ар бир окуучу өзүнүн радиостанциясы аркылуу окуткан мугалимине же классташтарына кайрыла алат.

15) Дүйнөнүн шаарлары жылына айлана чөйрөгө 3 млрд тонна өнөр жай жана турмуш-тиричиликтин кургак таштандыларын, 500 *км*$^3$ден ашык булганыч сууну жана 1 млрд тоннадан ашык ар кандай аэрозольдорду чыгарат. Салыштырсак, дүйнөдөгү 578 аракеттеги жанар тоолор жылына 2,5 млрд тоннага барабар лава, күл, суу бууларын бүркүп чыгарат.

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Карта боюнча төрөлүү, өлүм-житим жана табийгый өсүштү аныктап көргүлө. Кайсы өлкөдө кайсы көрсөткүч жогору, кайсы көрсөткүч төмөн экендигин айтып бергиле.

2. Таблицанын маалыматтарын пайдаланып, Жер шарынын кайсы регионунда калктын өсүү динамикасы кандай экендиги салыштыргыла жана Жер бетиндеги калктын санынан кайсы региондун калкы канча үлүштү түзө тургандыгын аныктагыла. Бул таблицадагы маалыматтарды пайдаланып, мүмкүн болушунча кантип пайдалануу керектигин тактагыла.
3. Калктын жыныстык курамын атластан талдап көргүлө. Аларды колдонуп текстти конкреттештирүүгө жана иллюстрацияга пайдаланып көргүлө.
4. Географиялык атластагы дүйнөнүн калкынын улуттук курамы деген картадан Жер шарындагы тилдердин түркүмдөрүнүн таралуу ареалдарын аныктагыла. Чет өлкөлүк Европада, Чет өлкөлүк Азияда, Африкада, Түндүк жана Түштүк Америкада, Австралия жана Океанияда кайсы тил түркүмүнө кирген эл жашайт?
5. Жер шарынын ар кайсы жеринде жашаган элдер кээде бир тилде сүйлөшөт. Мисалы, тарыхтан жана географиядан өткөн сабактарды эске салып төмөнкүлөрдү түшүндүргүлө:
   1. Эмне үчүн Канада, Австралия, Жаңы Зеландия, ТАР, Индия, Пакистан, Бангладеш өлкөлөрүнүн тургундары да бир тилде сүйлөшөт?
   2. Эмне үчүн испан тили XVI кылымда жалаң гана Испанияда үстөмдүк кылса, азыркы кезде Латын Америкасынын көп элдеринин эне тили жана мамлекеттик тили катары – испан тили колдонулат?
   3. Эмне үчүн араб тилинде VII кылымда Араб жарым аралындагы гана элдер сүйлөсө, азыркы кезде бүткүл Түндүк Африкага тараган?
6. Атластагы диндин таралуу картасынан диндердин таралуу ареалын аныктагыла. Жердин кайсы ири региондорунда кайсыл дин үстөмдүк кылат?
7. Окуу китебиндеги текстти пайдаланып, контурдук картага эмгек иммиграциясынын негизги райондорун түшүргүлө. Кайсы жактан кайсыл жакка жумушчу күчү келип жатканын жебе менен көрсөткүлө.
8. «Миллионер шаарлар» – деген темада кроссворд түзгүлө.
9. Таблицаны карап 1950–2000-жылдарда дүйнөдө шаар калкы канча эсе өскөндүгүн аныктагыла. Ар бир региондун шаар калкынын дүйнөдөгү үлүшүн эсептеп чыгаргыла. Жумушчу дептеринерге таблица түзгүлө.

### 10. Дептеринерге жазгыла

1. Алган билиминердин негизинде төмөнкү кубулуштардын себебин аныктагыла: а) эмнеге өлүм-житим кийинки он чакты жыл ичинде начар өнүккөн өлкөлөрдө төмөндөп, ал эми төрөлүү болсо жогору бойдон калган? б) эмнеге Кытай менен Индия кийинки жылдарда активдүү демографиялык саясат жүргүзүп жатат? в) эмнеге дүйнөнүн калкы бирдей жайгашкан эмес? г) эмнеге шаар калкы биринчи кезекте чоң шаарларда топтолот?
2. 3-теманы окуп үйрөнгөндө кезиккен жаңы терминдердин сөздүгүн түзгүлө.
3. «Демографиялык жарылуу» жана анын натыйжасын же «Азыркы дүйнөдөгү урбанизация» – деген темалар боюнча оозеки билдирүү жасагыла.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

**Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле**

1. Биринчи жана экинчи типтеги калктын өсүп толукталышында кандай негизги белгилер жана көрсөткүчтөр бар?
2. Калктын жыныстык курамында кандай географиялык айырмачылыктар бар?
3. Дүйнө калкынын жайгашуусуна жана жыштыгына кандай себептер таасир этет?
4. Калктын тышкы миграциясынын мүнөзүндө жана анын географиясында экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кандай өзгөрүүлөр болгон?
5. Глобалдык процесстер менен урбанизациянын кандай башкы жалпы белгилери бар?
6. Белгилүү орус окумуштуусу А. И. Воейковдун «Калктын таралышындагы чечүүчү фактор адамды курчап турган чөйрө эмес, адамдын өзү» – деп жазганы эмнени билдирет? Эмне үчүн Жер шарындагы калктын жыштыгы улам жогорулоодо?
7. Эмне үчүн БУУнун бир отчету «Биздин демографиялык бөлүнгөн дүйнө» – деп аталган?
8. Демографтардын XXI кылым – улгайгандардын кылымы болот – деп айтканы туурабы?
9. Төмөнкү көрсөткүчтөрдүн кайсынысы калктын өсүп-өнүгүү тибинин экинчисине кирет: 16–9; 7–26; 11–9.
10. Төмөнкү өлкөлөр эмнеси менен окшош: а) Кения, Кувейт, Индонезия, Вьетнам, Алжир, Никарагуа. б) Франция, Канада, Болгария, Австралия, Куба, Япония.
11. Индиевропалык тил түркүмүнө төмөнкү элдердин кайсылары кирет: кытайлар, хиндилер, орустар, япондор, бразилиялыктар, немецтер, англичандар, египеттиктер.

**Төмөнкү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла:**

1. Картаны карабай туруп төмөнкү өлкөлөрдү контурдук картага түшүргүлө: Чехия, Словакия, ГФР, Бельгия, Индонезия, Пакистан, Шри-Ланка, Эфиопия Кения, Куба.
2. «Калктын өсүп толукталышы» жана «урбанизация» сөздөрүнө аныктама бергиле.
3. Картаны карабай туруп дүйнөнүн контур картасына он чоң шаарды ордуна койгула.
4. Төмөнкү өлкөлөрдү алардын урбанизацияланган деңгээли боюнча катарга тизгиле (жогортон төмөн карай): Австралия, Кытай, АКШ, Улуу Британия, Эфиопия, Аргентина, ГФР.
5. Кайсы сүйлөм туура экенин баалагыла, туура эмес болсо ондогула: а) Ар бир 1000 кишиге туура келген төрөлүү боюнча «дүйнөнүн рекордсмени» Кытай болуп эсептелет; б) көпчүлүк өнүгүп келе жаткан өлкөлөр төрөлүүнү жана табигый өсүштү төмөндөтүү саясатын жүргүзүп жатат.

### 3-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эске тутуу керек?

1. Отурукташуу тарыхы жана жаратылыш шарты боюнча, калктын материктер боюнча жайгашуусун (7-класстын географиясы).
2. Кыргызстандын калкынын улуттук курамын (9-класстын географиясы).
3. Терминдер жана түшүнүктөрдү: калктын жыштыгы, улут, эмгек ресурстары, калктын миграциясы, шаар калкы, элет калкы, шаар агломерациясы (6–7–9-класстардын географиясы).

### Эмнени өздөштүрүү керек?

### 3-теманын негизги идеяларын

1. Калк коомдун материалдык турмушунун негизи, Жер шарынын активдүү элементи.
2. Калктын материалдык өндүрүшкө жана руханий турмушка бирдей катышууга жөндөмдөрү бар. Бардык расалар, улуттар, уруулар.

### 3-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Калктын өсүп толукталышы жөнүндө түшүнүк.
2. Дүйнө калкынын табигый кыймылынын географиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизи.
3. Дүйнө калкын тил түркүмү боюнча классификациялоо жана таралуу белгилери.
4. Калктын кургактыктын аймагы боюнча таралуу белгилери жана бирдей жайгашпагандыгы.
5. Миграциянын түрлөрү жана тышкы миграциянын негизги райондору.
6. Урбанизация жөнүндө түшүнүк. Бүткүл дүйнөлүк ар башка өлкөдөгү урбанизациянын арымы жана деңгээли.
7. Экономикалык жана социалдык географиянын бир тармагы – калк географиясы жөнүндө түшүнүк.
8. Теманын маанилүү сөздөрү: а) калктын өсүп толукталышы; б) калктын өсүп-өнүгүүсүнүн биринчи тиби; в) калктын өсүп-өнүгүүсүнүн экинчи тиби; г) демографиялык кризис; д) демографиялык жарылуу; е) демографиялык саясат; з) калктын сапаты; ж) экономикалык-жактан активдүү калк; з) калктын эмгек миграциясы; и) геоурбанистика (урбанизация).

### Эмнелерди билүү керек:

1. Дүйнөнү, регионду жана өлкөнү мүнөздөө үчүн өсүп-өнүгүү көрсөткүчтөрүн, калктын курамын, урбанизациянын арымын жана деңгээлин колдоно билүүнү.
2. Карталарды, графиктерди, жана таблицаларды колдонуп, окуу китебинин текстин, негизги мазмунун тактап далилдөөнү, керек болсо эсептеп салыштырууну.
3. Жыныстык – курактык пирамиданы окуп талдоону.
4. Окуу китептин тексти боюнча тапшырма түзүүнү.
5. Окулган тема боюнча оозеки билдирүү жасоону.
6. Окулган текстке аннотация жазууну.

# ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК ЧАРБА

*Илимий-техникалык революция (ИТР) жөнүндө ар бир окуучунун түшүнүгү болушу керек. Ал биздин турмуштун бардык жагына оң таасирин тийгизет. Бул темада ИТР жөнүндө дагы тереңирээк маалыматтарды аласыңар. Силер үчүн бул темада жаңылык – дүйнөлүк чарба. ИТР жана дүйнөлүк чарбаны башка – коомдук, табигый жана так илимдердин тармактары да окуйт.*

## § 11. Илимий-техникалык революция

**1. Илимий-техникалык революция жөнүндө түшүнүк.** Адам цивилизациясынын өсүп-өнүгүү тарыхы илимий-техникалык прогресс менен тыгыз байланыштуу. Бирок, ушул прогресстин фонунда өндүргүч күчтөрдүн кескин өсүп кетиши байкалат. Мындай өнөр жайдагы төңкөрүштөр XVIII–XIX кылымдарда кээ бир өлкөлөрдө кол эмгеги машинанын күчү менен алмаштырылган кезде болуп өткөн. Азыркы кездеги ИТР XX кылымдын экинчи жарымында башталган.

**Илимий-техникалык революция – илимдин түздөн-түз коомдун өндүргүч күчүнө айланышы менен өндүргүч күчүнүн сапаттык жагынан кескин өзгөрүшү.**

Илимий-техникалык революция акырындап өнүгүп отуруп, адамдын материалдык жана руханий мүмкүнчүлүгүнүн эбегейсиз зор өсүшүнө алып келди. Азыр биз ИТРдин андан ары терендөө мезгилинде жашап жатабыз.

**2. ИТРдин курамдык бөлүгү жана негизги белгилери.** Учурдагы ИТРдин төрт башкы белгиси бар.

*Биринчиден,* коомдун бардык жагын камтыган универсалдуулугу. Ал турмуштун бардык тармактарын – эмгектин мүнөзүн, жашоону, маданиятты, адамдын психологиясын өзгөрттү. Эгерде мурдагы өнөр жайдын символу буу машинеси болсо, азыркы күндөгү компьютердик технология, космостук корабль, атом электр-станциясы, реактивдик самолёт, телевизор боло алат. ИТРдин бардык жагын камтыгандыгын географиялык аспектте да караса болот, анткени ал бардык өлкөлөрдү, Жер кабыгын толук жана космостук мейкиндикти камтыды.

*Экинчиден,* илимий-техникалык революция өзгөрүштүн эң тез болуучу фактору. Бул илимий ачылыш менен аны өндүрүшкө киргизүү убагы тездеп, мурдагы жабдуулар эскире электе, дайым жаңыланып туруусу.

*Үчүнчүдөн,* ИТР эмгек ресурстарынын квалификациялык деңгээлине койгон талапты күчөттү. Бул адам аракетиндеги бардык иште акыл ишинин

үлүшү арта баштады, тактап айтканда, эмгектин интеллектуалдашуусу арбыды.

*Төртүнчүдөн*, ИТРдин маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде 1945-жылы Хиросима шаарына атом бомбасы ташталганда **согуштук-техникалык революция** катары пайда болушу. Кийинки «кансыз согуштун» мезгилинде ИТР андан да жогору согуш ишине багытталып, жаңы жетишкендиктердин бардыгы, илимий-техникалык ойлор согуштук максатта пайдаланылды.

Экономисттер, философтор жана социологдордун айтуусу боюнча азыркы кездеги ИТР – төрт бөлүктөн турган, бири-бири менен тыгыз байланыштагы, бирдиктүү татаал система: 1) илим, 2) техника жана технология, 3) өндүрүш, 4) башкаруу.

**3. Илим. Илимдин маанисинин өсүшү.** ИТРдин мезгилинде илим – билимдин эң татаал комплексине айланды. Ошону менен катар ал адам аракеттеринин кеңири чөйрөсү. Азыркы кезде илимий кызматкерлердин саны 5–6 млн, тактап айтканда илгертен бери Жер жүзүндө жашаган илимий кызматкерлердин $^{9}/_{10}$у биздин замандаштар. Кийинки мезгилдерде өндүрүш менен илимдин байланышы күчөдү, ал улам илимди көп талап кыла баштады. Бирок, экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөр менен начар өнүккөн өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылык зор. Мисалы, илимий кызматкерлер жана инженерлердин абсолюттук саны боюнча биринчи орунда АКШ, анан Япония жана Батыш Европанын өлкөлөрү; аларда ИДПнын 2–3% илимге жумшалат, ал эми экономикасы начар өнүккөн өлкөлөрдө ал 0,5%ын гана түзөт. Кийинки учурда лидерлердин тобуна Россия да кошулду.

**4. Техника жана технология: өнүгүүнүн эки жолу.** Техника жана технология илимий билимди жана ачылыштарды өзүнө сиңирип алат. Техника жана технологияны колдонуунун негизги максаты – өндүрүштүн натыйжалуулугун арттыруу жана эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу. Кийинки жылдарда техника жана технология башкы – *эмгекти коргоо* функциясынан *башка, ресурсту үнөмдөө* жана *жаратылышты коргоо* ролдорун күчөтүп жатат.

Мисалы, Улуу Британияда болоттун $^{2}/_{3}$ бөлүгү темир калдыктарынан, Улуу Британия менен Япония кагаздын $^{1}/_{2}$ бөлүгүн макулатурадан, АКШ алюминийдин көбүн алюминийдин таштандыларынан алат.

ИТРдин шартында техника жана технология эки жол менен өнүгөт.

*Эволюциялык жол* – мурдагы техниканы жакшыртуу, машинанын кубаттуулугун арттыруу, жабдуулардын өндүрүмдүүлүгүн, транспорттун жүк көтөрүмдүүлүгүн жогорулатуу.

Мисалы, 1950-жылдарда нефть ташуучу танкердин сыйымдуулугу 50 миң тонна болсо, 1970-жылдары сыйымдуулугу 100, 200, 300 миң тонналык, ал эми кийинки жылдарда 500, 700 миң тоннага жете баштады. Бирок, мындай гигантомания экономикалык жактан өзүн дайыма эле актай бербе-

гендиги белгилүү болуп, кичине менен чоңду айкалыштыруу максатка ылайык экендиги далилденди.

*Революциялык жол* болсо техника жана технологиянын жаңы жолдоруна өтүү болуп эсептелет. Бул жолдун эң таасын жагы электрондук техника өндүрүшү. Мурда «текстилдин кылымы», «болоттун кылымы», «автомобилдин кылымы» – деп айтылса азыр «микроэлектрониканын кылымы» – деп айтылат. 1970-жылдардан кийинки ИТРдин «экинчи толкунун» микроэлектрондук революция – деп атайт. Аны дагы микропроцессорлук революция же микропроцессорду ойлоп чыгаруу, адамзаттын дөңгөлөктү, басма станогун, буу машинесин, электр жарыгын ойлоп табуусу менен тендеш. Азыркы турмушта электроникасыз өндүрүштү, аскер жабдууларын, тиричиликти ж. б. элестетүү кыйын.

Жаңы технологиянын да мааниси эң зор. Машина курууда металлды эски механикалык жол менен эмес – электр-химиялык, плазмалык, лазердик, радиациялык, ультраүндүк, вакуумдук ж.б. механикалык эмес жолдор менен иштетүү ыкмаларына өтүү чоң ийгиликтерге алып келди. Булар металлургияда чоюн, болот жана прокатты алуу, айыл чарбасында – жерди конторбой айдоо, байланыш коммуникациясында – айнек булаларын колдонуу, телеком, телефакс, электрондук почта, уюлдук байланыш ж. б. жаңы ыкмаларда көрүнүп жатат.

*Революциялык жол – ИТРдин мезгилиндеги техника жана технологиянын өсүшүнүн негизги багыты.*

**5. Өндүрүштөгү негизги багыттар.** ИТРдин убагында өндүрүш алты багыт боюнча өнүгөт.

*Биринчи багыт – электрондоштуруу,* тактап айтканда, адам аракетинин бардык тарабын электрондук-эсептөөчү машиналар менен камсыз кылуу.

Электрондук өнөр жай чыны менен ИТРдин туундусу. Эгерде мурда электрондук өнөр жай электротехниканын ичине кирсе, кийин анын чыгарган продукциясынын баасы боюнча нефть өнөр жайынын продукциясына теңелди, ал эми 1990-жылдарда автомобиль, андан кийин химия өнөр жайынын продукциясынын баасынан ашып кетти. Азыркы кезде анын продукциясынын баасы 1 трлн доллардан ашык.

Электрондук өнөр жай көбүнчө ИТРдин өнүгүү деңгээлин аныктайт. Бул тармак АКШда, Японияда, ГФРде жана башка индустриялык өлкөлөрдө жакшы өнүккөн.

*Экинчи багыт – комплекстүү автоматташтыруу.* Бул багыт 1950-жылдарда ЭЭМдер пайда болгондон баштап өнүгө баштады. Комплекстүү автоматташтыруу 1970-жылдарда микро ЭЭМ жана микропроцессорлор пайда болгондон баштап өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөргө кеңири жайылды. Микропроцессорлордун кириши менен өнөр жайда жаңы заман башталып, ар түрдүү манипуляторлор пайда болду. Роботтордун пайда болушу менен

ийкемдүү өндүрүштүк системаларды, автомат-заводдорду түзүүгө мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Роботторду жасоо дагы өнөр жайдын маанилүү жактарына айланды. 1999-жылы роботтордун саны 1 млнго жетти. Роботтордун паркынын эң көбү Японияда, АКШда, ГФРде, Италия жана Францияда.

*Үчүнчү багыт – энергияны үнөмдөөгө негизделген отун-энергетикалык баланстын түзүлүшүн жакшыртуу, энергиянын жаңы булактарын пайдаланып, энергетикалык чарбаны кайра куруу.* 1990-жылдардын аягында дүйнөдө 450 атомдук энергоблок иштеп турган. Бул тармак жакшы өнүккөн өлкөлөр – АКШ, Франция, Япония, ГФР, Россия жана Украина. Бирок, экологиялык кырдаалга тийгизген таасирине карап, көп өлкөлөр АЭСтерди куруу программаларын кыскартып жатат.

*Төртүнчү багыт – жаңы материалдарды чыгаруу.* Азыркы кездеги өндүрүш эски конструкциялык материалдарга жогорулатылган талаптарды коюп жатат. Кийинки кездерде синтетикалык полимердин үлүшү арта баштады. Булар турмушка принципиалдуу жаңы композициялык материалдарды, жарым өткөргүчтөрдү, керамикалык материалдарды, оптикалык булаларды, ошондой эле XX кылымдын «металлдары» – бериллий, литий, титан (аэрокосмостук өнөр жайдын металлы) ж.б. алып келди.

*Бешинчи багыт – биотехнологиянын тез өнүгүшү.* Бул багыт 1990-жылдарда чыгып, азыркы кезде эң керектүү багыттардын бири болуп калды. Биотехнология жана биоиндустрия ИТРдин илимди көп талап кылган тармактары. Бул тармак АКШда, ошондой эле Япония, ГФР жана Францияда жакшы өнүгүп жатат.

*Алтынчы багыт – космостук.* Космонавтиканын өнүгүшү дагы бир илимди көп талап кылган тармакты – аэрокосмостук өнөр жайдын өнүгүшүнө алып келди. Аны менен көптөгөн жаңы приборлор, металл кошулмалары пайда болуп, алардын космостон башка да тармактарда колдонулушуна алып келди. Космостук изилдөөлөрдүн натыйжасы негизги илим тармактарынын өнүгүшүнө зор таасирин тийгизди.

Ошону менен бирге ИТР мезгилиндеги жаңы багыттар өнөр жайдын механикаланышында, электрлешүүсүндө жана химияланышында мааниси кеңейүүдө.

**6. Жогорку маалыматтык маданияттын жолунда башкаруу.** ИТРдин азыркы учуру башкарууга да жаңы талаптарды коюп жатат. Мурдагыдай башкаруу азыр мүмкүн эмес. Информатика курсунда көрсөтүлгөндөй иш жүзүндө башкаруу жөнүндөгү жаңы илим – *кибернетика* пайда болду.

Биз «маалыматтык жарылуунун» мезгилинде, илимдин көлөмү жана булактары көбөйүп тез өсүп жатканда жашап жатабыз. Маалыматты мурдагыдай кагазга эмес, машинага түшүрөбүз. Ошондуктан программисттер менен операторлор керек. Маалымат системалык көз караштты, экономикалык-математикалык моделдештирүүнү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал өндүрүштүн жайгашуусуна да чоң таасирин тийгизет. Илимди көп талап

кылган өнөр жай тармактары маалыматты чогултуп, иштете турган жерлерге, шаарларга топтойт.

Советтик географ И. А. Витвердин айтуусу боюнча, 1854-жылдагы Крым согушу жөнүндөгү маалымат Австралияга 114 күндөн кийин жеткен экен. Ал эми азыр болсо андай маалымат ошол замат дүйнөнүн бардык булуң бурчуна тарайт.

Бул күндө дүйнөлүк *маалымат мейкиндиги* бар. Бүткүл дүйнөлүк телекоммуникация системасы – *Интернет* да аны түзүүдө чоң роль ойноду. Ал биринчи кезекте АКШда 1969-жылы түзүлүп, андан кийин бүткүл дүйнөгө таралып, азыр миллиондогондор колдонууда.

Интернет билим берүү жагында да колдонулуп келе жатат. Бүт дүйнөлүк информация системасы география илимине да өз таасирин тийгизип, географиянын жаңы тармагы – *геомаалымат* деген илим өсүп чыкты.

Өз кезегинде геомаалыматтын өсүп-өнүгүшү *геомаалыматтык* системанын (ГИС) пайда болушуна себеп болду. Ал болсо географиянын бардык тармактарына, өзгөчө картографияга кирди. Анын негизинде АКШ, Канада, Япония, Швеция, Кытай улуттук атластарын даярдап алышты.

**Геомаалымат** – география илимин бүгүнкү күндүн жетишкендиктери менен байланыштырган негизги багыт.

## § 12. Дүйнөлүк чарба

**1. Дүйнөлүк чарба жөнүндө түшүнүк.** Дүйнөлүк чарбанын калыптануусу адамзаттын тарыхынын башынан аягына чейин камтыйт. Географиялык улуу ачылыштар Европа менен Азиядан башка өлкөлөрдү да соода ишине тартты. Товар алмашуу акырындап дүйнөлүк *рыноктун* түзүлүшүнө көмөк болду.

Рыноктун андан ары өнүгүшү транспорттун өсүшүнө алып келди. Деңиз транспорту бардык материктерди байланыштырды. XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап темир жол транспорту өнүгө баштады.

Дүйнөлүк рыноктун калыптанышына жана өркүндөшүнө XVIII, XIX кылымдардагы Батыш Европадагы жана АКШдагы жабдууларды жаңыртууга мүмкүндүк берген *ири машина индустриясынын* өнүгүшү чоң себеп болду.

Демек, дүйнөлүк чарба XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында ири машина индустриясынын, транспорттун жана дүйнөлүк рыноктун өнүгүшүнүн негизинде пайда болгон.

*Дүйнөлүк чарба – дүйнөдөгү өлкөлөрдүн улуттук чарбаларынын, экономикалык жагынан тыгыз байланыштагы тарыхый калыптанган тобу.*

Дүйнөлүк чарбанын географиясы болсо экономикалык жана социалдык географиянын бир бөлүгү катары төмөнкүлөрдү камтыйт: 1) дүйнөлүк чарба-

нын жалпы маселелерин камтыган жалпы дүйнөлүк чарбанын географиясын; 2) дүйнөнүн өнөр жайын, айыл чарбасын жана транспортун иликтей турган дүйнөлүк чарбанын тармактык географиясын; 3) азыркы дүйнөнүн кээ бир ири регионунун географиясын иликтей турган региондук географияны.

**2. Эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн географиясы жөнүндө түшүнүк.** Н. Н. Баранский бул маселени терең жана ар тараптан изилдеп чыгып, эмгектин географиялык бөлүнүшү жөнүндөгү түшүнүк экономикалык географиянын негизги түшүнүгү деп эсептеген. Эмгектин географиялык (аймактык) бөлүнүшү – сөзсүз боло турган нерсе. Анткени, аймактардын арасында ар дайым айырмачылыктар болот, биринчиден, географиялык абалы, экинчиден, жаратылыш шарты жана ресурстары, үчүнчүдөн, социалдык-экономикалык шарты, өнүгүү деңгээли, чарбасынын түзүлүшү, эмгек ресурстары, тарыхый үрп-адаттары ж. б. боюнча. Мындай айырмачылыктар аймактарга тигил же бул өнөр жай же айыл чарба өндүрүшүнүн топтолушуна алып келет.

Бул кээ бир экономикалык райондорго же бир өлкөгө тиешелүү.

Алар бири-бири менен эмгектин географиялык бөлүнүшү аркылуу байланышкан.

«Эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшү» – деген бир өлкөнүн белгилүү продукциянын түрүн чыгарууга жана тейлөө көрсөтүүгө адистешиши жана аларды башка өлкөлөр менен алмашуусу.

Эл аралык эмгектин географиялык бөлүштүрүлүшү убакыт өткөн сайын өзгөрүп турат.

**3. Экономикалык тармактардын эл аралык адистешүүсү** эмгектин географиялык бөлүштүрүлүшүнүн натыйжасы. Кээ бир өлкөлөрдүн тигил же бул товарлардын түрлөрүн чыгарууга жана тейлөө кызматына адистешүүсү ошол товарларды өз керектөөлөрүнөн артык чыгарууга жана тейлөө кызматынын саны менен сапатын жогорулатууга багытталган. Ал, эл аралык адистешүү тармагынын калыптанышынан көрүнөт, тактап айтканда, четке чыгарууга багытталган өндүрүштүн тармагынын продукциясы эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүшүндө ошол өлкөнүн «жүзүн» көрсөтөт. Мисалы, Япония автомобиль чыгаруу боюнча дүйнөдө биринчи – экинчи орунду ээлейт. Болжол менен алардын жарымын тышка чыгарат. Канада эгин жыйноо боюнча дүйнөдө жетинчи, ал эми эгинди тышка сатуу боюнча экинчи орунда турат. Эгин чарбасы Канаданын эл аралык адистешүү тармагы.

Эл аралык адистешүү – эл аралык товар алмашуу жана тейлөө кызматын көрсөтүү керектигин туудурат. Ошондуктан эл аралык экономикалык байланыштар түзүлүп, жүк ташуу мүмкүнчүлүктөрү артат. Өндүрүштүн орду менен керектөөчүлөрдүн ордунун арасында алыс же жакын аймактык айырмачылыктар пайда болушу мүмкүн.

**4. Эл аралык экономикалык интеграция:** тармактык жана региондук топтор. Дүйнөлүк чарба жана эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүшү

кийинки жылдарда жалаң эле мейкиндик боюнча эмес, мазмуну боюнча да өсүп жатат. Ал улам татаалданып, жаңы форманы алууда. Адистешүүнүн терендеши жана товар алмашуусу бир далай өлкөлөрдүн чарбаларынын биригип өсүшүнө алып келди. Мына ошентип, эмгектин географиялык бөлүнүшүнүн эң жогорку баскычы – *эл аралык экономикалык интеграция келип чыкты. Ал кээ бир өлкөлөрдүн топторунун макулдашылган саясат жүргүзүүсүнүн натыйжасындагы өзгөчө терең жана туруктуу байланыштарынын өсүшүн көрсөткөн коомдук процесс.*

XX кылымдын экинчи жарымында дүйнөлүк чарбанын өнүгүү тенденциясы интеграцияланган экономикалык топтордон турган региондук экономикалык интеграцияга айланды.

Европада 1957-жылы «Жалпы рынок» – деген ат менен уюшулган интеграциялык биримдик улам өсүп олтуруп, Европалык 21 мамлекеттин дээрлик бардыгын камтыган 500 млндон ашык калкы бар чоң уюмга айланды. XXI кылымдын башында Европалык Союз (ЕС) бүткүл дүйнөлүк ИДПнин $^1/_4$ин, сооданын $^1/_3$ин камсыз кылып турат.

Европанын дагы бир нече мамлекети, анын ичинде мурдагы СССРдин курамындагы мамлекеттер да ЕСке кирişти.

Европалык Союз бир эле учурда экономикалык да, саясий да, согуштук да уюм болуп, бир канча жалпы улуттарга тиешелүү мыйзамдар менен башкарылат. ЕСтин мыйзам чыгаруу органы – бардык ЕСтин мүчөлөрү түз шайлаган Европалык парламент (Европарламент), Франциянын Страсбург шаарында жайгашкан. ЕСтин өзүнүн туусу, гимни, паспорту жана акча бирдиги бар.

Азияда Тынч океандык региондо 10 мамлекетти бириктирген 400 млндон ашык калкы бар *Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин Ассоциациясы* (АСЕАН) уюшулган. Мындан башка 21 мамлекетти бириктирген (анын ичинде Россия да бар) *Азия-Тынч океандык экономикалык кызматташтык* уюму иштөөдө.

Түндүк Америкада *эркин сооданын Түндүк америкалык ассоциациясы* (НАФТА) деген уюмга АКШ, Канада, Мексика 400 млнго жакын калкы менен дүйнөлүк ИДПнын $^1/_3$ бөлүгүн берген өлкөлөр кирет. ЕСтен айырмасы ал жерге улуттардын үстүнөн караган уюм жок, ЕСтин гана мыйзамдарын колдонот.

Латын Америкасында *Латынамерикалык интеграциянын ассоциациясы (ЛАИ)* 11 өлкөнү бириктирип, мүчө-өлкөлөрдүн соода маселелерин чечет.

Аталган уюмдардан башка тармактык экономикалык топтор бар. Алардын эң маанилүүсү – нефть экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму (ОПЕК) 11 өлкөнү бириктирет.

**5. Чарбалык турмушту интернационалдаштыруу: улуттар аралык корпорациялардын (ТНК) ролу.** Дүйнөлүк чарбанын өнүгүшү, эмгектин географиялык бөлүнүшүнүн терендеши, экономикалык интеграция чарбалык иштин ин-

тернационалдаштырууга алып келет. Бул процессте чечүүчү *ролду улуттар аралык корпорациялар* (ТНК) ойнойт. 1990-жылдарда алардын саны 40 миңден ашкан, филиалдары менен 250 миңге жеткен. ТНКнын үлүшүнө дүйнөлүк өнөр жай продукциясынын жана сооданын $^{1}/_{3}$ бөлүгү, жаңы техника жана технологияга алган патенттин $^{4}/_{5}$ бөлүгү тиешелүү болгон. ТНК экспансиясынын негизги багыты, капиталды сыртка чыгарууга арналган финансы иштери. Жакында эле ТНК кээ бир гана региондорго өзүнүн таасирин тийгизип турса, азыр бүткүл дүйнөнү камтыган. Мисалы, «Дженерал моторс» эң ири өнөр жай корпорациясынын жылдык кирешеси 130 млрд долларга, б.а. Украинанын же Чехиянын ИДПсына барабар. Анын Америкадагы жана Европадагы 250 заводдорунда 750 миң киши иштейт.

## § 13. Дүйнөлүк чарбанын тармактык жана аймактык түзүлүшү

**1. Индустрияга чейинки коомдон индустриялуу коомго чейин: түзүлүшүнүн үч тиби.** Адам коому өзүнүн тарыхында индустрияга чейинки, индустриалуу жана индустриядан кийинки болуп үч стадиядан өтөт. Анын ар бирине өзүнчө чарбанын түрлөрү туура келет.

Индустрияга чейинки коомдун экономикасында *агрардык* түзүлүш үстөмдүк кылган. XVIII кылымдын аягындагы XIX кылымдын башындагы өнөр жайдагы жабдуулар жаңыртылганга ылайык АКШда жана Европа өлкөлөрүнүн чарбасында өнөр жай басымдуулук кылган *индустриялуу* түзүлүш калыптана баштады. XX кылымдын экинчи жарымында ИТРдин таасири менен чарбанын жаңы түзүлүшү – *индустриядан кийинки (маалыматтык)* түзүлүшү калыптана баштады. *Анын эң белгилүү мүнөзү – өндүрүштөн өндүрүштүк эмес чөйрөнүн басымдуулук кылышы.*

Үч түзүлүштүн бардыгы азыркы дүйнөлүк чарбада кезигет. Экономиканын *агрардык* түзүлүшү начар өнүккөн өлкөлөрдө кездешет. Экономикасы *индустриялуу түзүлүштөгүлөргө* XX кылымдын ортосуна чейинки жакшы өнүккөн мамлекеттердин бардыгы кирген. Кийин аларда өнөр жайдын продукциясы ИДПнын 50%нан кемий баштайт.

Экономикасы индустриялуу түзүлүштөгү өлкөлөргө КМШ, Чыгыш Европа жана Балтия өлкөлөрү, тактап айтканда өткөөл экономикадагы өлкөлөр, анын ичине Кытай дагы кирет.Ушундай эле түзүлүштө нефти өндүрүп алуучу өлкөлөр дагы бар. Кийинки кездерде булардын баарынын ИДПсында өнөр жайдын үлүшү азайып, өндүрүштүк эмес жактын үлүшү көбөйүп жатат.

Чарбанын *индустриядан кийинки* түзүлүшү ИТРдин мезгилине өткөндөн кийин башталды. Ал төмөнкүдөй башкы белгилери менен айырмаланат: 1) экономикада товар өндүрүүдөн тейлөө жагына өтүү; 2) иштеген адамдардын ичинен да акыл эмгегинин кызматкерлеринин басымдуу болушу; 3) илимде – фундаменталдык илим менен колдонмо илимди айкалыштыруу



Кытай Эл Республикасы (Шанхай шаары)

Бул борборлордун катнашы экономикасынын өсүү темпине жараша өзгөрүп турат. Мисалы, 1990-жылдарда Кытайдын өсүш арымы тездегенине жараша анын үлүшү да жогорулап, ал эми КМШнын темпи эң төмөн болгонуна жараша анын үлүшү төмөндөгөн. 2000-жылы он борбор өсүү арымы боюнча төмөнкү иретте жайгашкан: чет өлкөлүк Европа, Түндүк Америка, Кытай, Япония, Жаңы индустриялуу өлкөлөр (НИС Азия), Индия, Бразилия, КМШ, Перс булуңунун өлкөлөрү, Мексика. Кийинки 20–30 жыл ичинде Азия-Тынч океан регионунун мааниси өсүп бара жатат. Азыр 3 млрд калкы бар АТРдин үлүшүнө дүйнөлүк ИДПнын 60%ы, сооданын 40%ы туура келет. XXI кылымды «тынч океандыктардын кылымы» деп жөн жеринен айтылбаса керек.

**4. Дүйнөлүк чарбанын аймактык түзүлүшү: эки топ өлкөлөрдүн айырмачылыктары.** Экономикалык жана социалдык географияда эң маанилүү түшүнүк – чарбанын аймактык түзүлүшү. *Чарбанын аймактык түзүлүшү – бири-бири менен татаал байланыштагы элементтердин белгилүү бир ирээтте аймактык өз ара жайгашуусу.* Мындай аймактык элементтерге, биринчи кезекте калктын жайгашуусунун жана чарбалык аракетинин гео-

транспорту өзүнүн ийкемдүүлүгүнө жараша шаарлардагы жүргүнчүлөрдү, ички жүк ташууларды, эшиктин алдына чейин жеткизүү мүмкүнчүлүгүн кароодо, ошондой эле, ал эл аралык жүк ташууда да колдонулат. Деңиз транспорту эл аралык жүктөрдү (суюк жана сапырылма оор) жана туристтерди ташууга адистешкен. Жүргүнчүлөрдү алыс жакка жеткирүүдө аба жол транспортунун мааниси артууда.

**3. Дүйнөлүк чарбанын негизги моделдери.** Дүйнөлүк чарбанын бирдиктүүлүгүнө карабай, кээ бир бөлүктөрү эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүшүнө жараша тышкы байланышсыз тура албайт. Ал бөлүктөрдүн салмагына жараша моделдер – *эки мүчөлүү, үч мүчөлүү жана көп мүчөлүү* болушу мүмкүн.

Дүйнөлүк чарбанын *эки мүчөлүү модели* дүйнө өлкөлөрүнүн эки типте болушуна байланыштуу. Алар экономикасы жакшы өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөр. Географиялык абалына жараша аларды Түндүк жана Түштүк деп шарттуу түрдө экиге бөлөт. Түштүк жактагы өлкөлөрдө кийинки жылдарда экономикалык өсүү арымы жогору болгону менен Түндүктө жайгашкан өлкөлөрдөн социалдык-экономикалык деңгээли боюнча артта калган. Эң эле начар абал – экономикасы начар өнүккүн өлкөлөрдө. Н. Н. Моисеевдин айтканы боюнча «алар түбөлүк артта калган».

Дүйнөлүк чарбада *үч мүчөлүү модели* экономикасы жакшы өнүккөн Батыш жана экономикасы өтмө абалдагы өлкөлөргө мүнөздүү. Кийинки мезгилде жогорудагылардан айырмасы бар дүйнөлүк чарбанын үч мүчөлүү модели – Борбордук, Чет-жакалык жана Жарым-жартылай болуп өнүгүүдө. Борборду 800 млн калкы бар Түндүктүн 25 өлкөсү түзөт. Алардын негизин «чоң жетинин» мүчөлөрү, же Европалык Союз, АКШ жана Япония түзөт. Чет жактагы өлкөлөргө 100гө жакын Түштүктүн өнүгүп келе жаткан, азык-түлүк гана даярдоочу агрардык экономикасы мүнөздүү, ИТРдин таасири аз өлкөлөр кирет. Алардын ортосунда жарым-жартылай чет-жакалык же Азиянын жаңы индустриялуу өлкөлөрү, нефть өндүрүүчү өлкөлөр (ОПЕК), Латын Америкасынын, Африканын алдыңкы өлкөлөрү, ошондой эле өтмө экономикадагы кээ бир өлкөлөр кирет.

Географиялык адабияттарда дүйнөлүк чарбада он мүчөлүү модель да колдонулат. Анда акырындап калыптанган он чарбалык борбор белгиленет. XIX кылымдын аягына чейин бир гана борбор – Европа болгон. Кийин акырындап экинчи борбор пайда боло баштады, мисалы, АКШ. Дүйнөлүк экинчи согуштун ортосунда үчүнчү, төртүнчү борборлор – СССР жана Япония калыптана баштады. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Кытай менен Индия борборлору түзүлө баштады, андан кийин Түштүк-Батыш Азиянын нефть өндүрүп алуучу өлкөлөрү, Канада, Мексика, Бразилия чыкты. Кийинки эки он жылдыктын ичинде «азиянын жолборстору» баштаган (Корея Республикасы, Тайвань, Гонконг, Сингапур) борборлор өсүп чыкты.

графиясын көрсөткөн шаар агломерациялары, өнөр жай райондору, рекреациялык зоналар, негизги транспорт магистралдары ж.б. кирет.

*Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө* көп убакыттан бери чарбасынын түзүлүшү калыптанган жана аларга «жетилгендиктин» жогорку деңгээли мүнөздүү болуп, алардын аймагы өнөр жай райондоруна жана борборлоруна, шаардык агломерацияларга, транспорттук түйүндөргө жана магистралдарга, айыл чарбасы өнүккөн райондорго, рекреация жана туризм тармагына толгон, бардык аймактык түзүлүштүн *таяныч түркүгү* болгон технологиялык парктар иштеп турат. Бул өлкөлөрдө экономикалык райондордун системасынын төрт негизги тиби калыптанган.

*Биринчиси, динамикалык өнүгүүсү менен айырмаланган өтө өнүккөн райондор.* Алар илимди көп талап кылган өнөр жай тармактарын, илимди жана өндүрүштүк эмес чөйрөнү илимий жактан тейлөөгө ыңгайлуу шарттарды түзөт. Бул райондордо эң ири фирмалардын штаб-квартиралары жайгашып, «чечим кабыл алуучу» гана иштер болот. Мисалы, АКШнын Калифорния штаты калкынын саны жана экономикалык кубаты боюнча эң алдыңкы орунда. ИДПнын көлөмү боюнча кээ бир мамлекеттерден да алдыда турат. Калифорнияда илимди көп талап кылган өнөр жай тармактары жайгашкан.

*Экинчиси, мурда өнөр жайдын кайра курулусун башынан өткөргөн эски өнөр жайлуу райондор.* Аларда көмүр казып алуучу, темир казып алып иштетүүчү, кеме куруучу, текстиль өнөр жайы сыяктуу эски тармактар өнүккөн, башкача айтканда, илимди аз талап кылган тармактар басымдуулук кылат.

*Үчүнчүсү, индустриясы начар өнүккөн агрардык райондор.*

*Төртүнчүсү, татаал жаратылыш шартында, эл аз отурукташып жаңы өздөштүрүлүп жаткан райондор.* Алар ресурстарга бай, ИТРдин таасири менен ал жерлерди өздөштүрүүгө мүмкүндүк түзүлдү. Мисалы, Аляска жана Канаданын түндүгү, борбордук, батыш жана Түндүк Австралия, Россиянын Сибирь жана Ыраакы Чыгыш бөлүктөрү ж.б.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө чарбанын жайгашуу көрүнүшү башкачараак. Азия, Африка жана Латын Америкасында чарбанын аймактык түзүлүгүндө мурдагы колония, жарым-жартылай колония мезгилинде калыптанган белгилери сакталып калган. Алар үчүн «жетилгендиктин» деңгээлинин төмөндүгү, өнөр жайдын, айыл чарбасынын жана транспорттук магистралдардын сейректиги мүнөздүү. Ошол эле убакта ал өлкөлөрдө өндүрүштүн жана калктын аймактык топтолушу өнүккөн өлкөлөргө караганда бир кыйла жогору. Географтардын изилдөөлөрү көрсөткөндөй мындай өлкөлөрдө аймактык жайгашуунун негизги борборлорун ордо шаарлар түзүп, кээде аларда өнөр жай менен калк эң көп топтолуп, башка шаарлардын өсүшүнө жолтоо болот. Мисалы, Аргентинанын калкынын $^1/_3$, өнөр жайдын $^1/_2$ бөлүгү Буэнос-Айресте жайгашкан. Калкынын саны боюнча ал башка шаарлардан 18 эсе чоң, өлкөнүн негизги порту. Кээ бир өлкөлөрдө экономикалык бор-

бор менен административдик борбор туура келбейт. Мисалы, Индияда – Мумбайи (Бомбей) менен Калькутта, Бразилияда – Сан-Паулу менен Рио-де-Жанейро, Мароккодо – Касабланка ж.б.

Кошумча аймактык борборлордун экспорттогу ролун адистешкен райондор аткарат. Алар тоо-кен өнөр жайы, же айыл чарба плантациялары жайгашкан райондор болуп, курчаган чөйрө менен байланышы болбойт.

**5. Региондук саясат: айырмачылыктарды жоюу.** Экономикасы жакшы өнүккөн Батыш өлкөлөрүндө калыптанып калган чарбалык түзүлүштү жакшыртуу максатында мамлекеттик деңгээлде *региондук саясат жүргүзүлөт. Региондук саясат – өндүргүч күчтөр менен калктын турмушун жакшыртуу үчүн жүргүзүлгөн мыйзамдык, административдик, экономикалык жана жаратылышты коргоо иш-чараларынын комплекси.*

Бул саясат өлкөнүн жакшы өнүккөн аймактары менен начар өнүккөн аймактарынын ортосундагы айырмачылыктарды жоюуга багытталган.

Региондук саясат да өткөн кылымдын 60–70-жылдарында өтө өөрчүп-өнүгүп кеткен борбордук шаарлардын экологиялык маселелерин чечүүгө арналган. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбү да эски колониялык аймактык түзүлүштү жоюу максатында региондук саясат жүргүзөт.

Ички аймактарды өздөштүрүү үчүн борбор шаарларды которуу да өндүрүштүн тегиз бөлүштүрүлүшүнө көмөк көрсөтөт. Мындай кадамдар Бразилияда, Нигерияда, Казакстанда ж.б. өлкөлөрдө болду.

## § 14. Чарба тармактарынын жайгашуу факторлору

**1. Жайгашуунун эски жана жаңы факторлору.** Ар бир чарбанын тармактарын иликтөөдөн мурун ал тармактардын жайгашуу факторлору менен таанышуу керек.

Жайгашуунун бардык факторлорун шарттуу түрдө эски жана жаңы деп экиге бөлүү ыңгайлуу. Эскиси мурда, жаңысы болсо ИТР мезгилинде пайда болгон. Мурда пайда болуп, бирок кийин ИТР убагында жаңы мазмунга ээ болгондор да бар.

**2. Жайгашуунун эски факторлору.** Буларга ичине аймактык, экономикалык-географиялык абал, жаратылыш ресурсу, транспорт, эмгек ресурстары жана аймактык топтолуу факторлору кирет.

*1. Аймактык факторлор.* Аймак – коомдун географиялык чөйрөсүнүн эң маанилүү элементи. Эреже катары, аймактын өлчөмү канчалык чоң болсо, ошончолук жаратылыш ресурстарына бай келет. Демек, калктын жана өндүрүштүн жайгашуусунун ар түрдүү варианттары бар. Биринчи кезекте бул Россияга, Канадага, Бразилияга, Австралияга, АКШга, Кытайга, Индияга, Казакстанга тиешелүү.

Чакан өлкөлөрдө жүктү алыска ташууга мүмкүндүгү жок болгондуктан, алардын «жетилүү» мөөнөтү көпкө созулбайт, экономикалык интеграцияга ыңгайлуу шарт түзүлөт. Ал өлкөлөрдө кээде аймактын жетишсиздиги байкалат.

*2. Экономикалык-географиялык абал (ЭГА) фактору.* ЭГА Н. Н. Баранский тарабынан жакшы негизделген. Ал, өлкөгө, районго, шаарга тиешелүү ЭГАнын төрт негизги түрүн белгилеп кеткен: 1) борбордук абал, 2) алыскы (географиялык) абал, 3) чектеш абал, 4) деңиз боюндагы абал. Борбордук жана деңиз боюндагы абал ыңгайлуу ЭГАны түзөт. Алыскы абал, тескерисинче, экономикалык өсүштү жайлатат, ал эми кошуна турган абал чектеш мамлекеттин мамилесине жараша болот.

Деңиз жээгиндеги абал ар дайым ыңгайлуу ЭГА болгон. ИТР мезгилинде мындай абалдын ыңгайлуулугу дагы өстү. Мисалы, дүйнөнүн 1,5 млн калкы бар чоң шаарларынын $^{2}/_{3}$си деңизди жээктей жайгашкан. Эң чоң 20 шаарлардын экөө гана деңизден алыс жайгашып, порт боло албайт.

*3. Жаратылыш ресурстук фактор.* Мурда, индустриялаштыруунун баштапкы этабында өндүрүш ишканалары кен байлыктарга, өзгөчө көмүр казып алынуучу жерлерге жакын жайгашкан. ИТР мезгилинде андай көрүнүш азайды. Биринчи кезекте булар илимди көп талап кылган тармактарга тиешелүү.

Бирок, өнөр жайдын казып алуучу тармактарында ушул убакка чейин жаратылыш ресурстук фактор башкы боюнча калууда. Эски кен бассейндеринин ресурстары түгөнө баштаганына байланыштуу казып алуучу тармакта жаңы жерлерге көчүү, жаратылыш шарттары татаал аймактарды өздөштүрүү мүнөздүү. Мисалы, Россиянын түндүгү 11 млн *км*$^2$. ИТР ал жерлерди өздөштүрүүгө, анын жаратылыш байлыктарын пайдаланууга жана калктын отурукташып жашоосуна мүмкүндүк берди. Анда континенттик шельф 31 млн *км*$^2$ аянтты ээлейт. Ошол жерлерди өздөштүрүү дүйнө боюнча нефтинин $^{1}/_{4}$ бөлүгүн, газдын $^{1}/_{5}$ бөлүгүн алууга мүмкүндүк берди. Шельфтен нефть казып алуунун негизги райондору – Түндүк, Каспий жана Кариб деңиздери, Мексика жана Перс булуңдары. Түндүктө деңиздин акваториясын өздөштүрүүдө атайын жаңы техниканы колдонуу керек. Өздөштүрүүгө көп каражат жумшап айлана-чөйрөнүн булганышын да эске алуу зарыл.

*4. Транспорттук фактор* өнөр жайдын жайгашуусунда ИТРге чейин чечүүчү ролду ойноп келген. Байланыш жолдорду жана транспорт каражаттарын жакшыртуу *чыгымды* кыскартууга мүмкүндүк берди. «Транспорттук революция» ири адистешкен ишканалардын продукцияларын миңдеген километрге арзан ташып барууга жол ачты. Мисалы, Россияда БАМдын курулушу жаратылыш ресурстарынын жаңы булактарын пайдаланууга арналды. Канадада транспорттук курулуш программасынын бирөө «Ресурстарга карата жол» – деп аталат. Демек, ИТР убагында да транспорттук фактор өнөр жайдын жайгашуусуна өз таасирин тийгизүүдө, өзгөчө аймагы чоң өлкөлөрдө анын мааниси зор.



Франциядагы Гренобль шаарынын жалпы көрүнүшү

*5. Эмгек ресурстук фактор.* Бул фактор чарбанын аймактык түзүлүшүнө жана өндүрүштүн жайгашуусуна таасирин тийгизип келген жана тийгизип жатат. Бош жумушчу кол ар дайым өнөр жайдын жайгашуусун өзүнө тартып, ал эми анын жоктугу өнөр жайдын өнүгүшүнө тоскоолдук кылып келген. ИТР мезгилинде эмгек ресурстарынын ролу эки жактуу. Бир жагы өнөр жайга, өндүрүштүк эмес жактарга башка өлкөлөрдөн жумушчу күчү тартылат. Экинчи жагы өндүрүш арзан эмгек ресурстары бар жакка көчүрүлөт. Мисалы, Батыш Европанын ири өнөр жайлуу шаарлары жана агломерациялары кошумча эмгек ресурстарын Европанын башка өлкөлөрүнөн жана чет өлкөлөрдөн эмгек ресурстарды өзүнө тарткан борборлорго айланды. Чыгыш, өзгөчө Түштүк-Чыгыш Азия зор эмгек ресурстарына ээ болгондуктан, Япониянын, Батыш Европанын жана АКШнын эмгекти көп талап кылган өнөр жай тармактарын кол күчү менен камсыз кылууда. ИТР мезгилинде арзан кол күчүнө, өзгөчө аялдардын күчүнө муктаждык артып жатат. Бирок, андан да чоң мааниге жогорку квалификациялуу жумушчу күчү ээ болууда.

*6. Аймактык топтоштуруу фактору.* Өндүрүштүн бир жерге топтолушу ишкананын кеңейишине алып келип, бир кыйла экономикалык на-

тыйжа берет. Аны менен ири өнөр жай борборлорунда, түйүндөрүндө жана райондордо, шаар агломерацияларында чарбанын жана калктын топтолушу байкалат. Борбордун тегерегиндеги жана көмүр бассейндеринин айланасындагы эски өнөр жайлуу региондор өзгөчө мааниге ээ.

Бирок, эски өнөр жайлуу региондордо калктын жана чарбанын көп топтолушунун, өзгөчө айлана-чөйрөнүн сапатына тийгизген терс таасири да бар. *Ошондуктан, ИТР мезгилине чакан ишканаларды, заводдорду жана ГЭСтерди куруу, өндүрүштү жайылтуу процесси мүнөздүү.* «Кичине эң жакшы» – деген ураандын тууралыгы өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасынан жакшы көрүнөт.

**3. Жайгашуунун жаңы факторлору.** Жаңы факторлорго илимди көп талап кылган тармак жана экологиялык фактор кирет. ИТР мезгилинде илимий-техникалык база өндүрүштү жайгаштыруу ишинде эң маанилүү факторлордун бири болуп калды. Биринчи кезекте, бул илимди көп талап кылган тармактарга тиешелүү, алар ири илимий борборлорго, чоң шаарларга, шаар агломерацияларына, адистешкен «илимдин шаарларына» тартылат. Кээ бир өлкөлөрдө илим изилдөөлөр аймактык топтолуштарга, кээ биринде чаржайыт жайгашкан. Мисалы, Россияда илимий борборлор Москва, Санкт-Петербург жана Новосибирск шаарларында, Францияда илимий кызматкерлердин жарымы Парижде, Японияда – Токиодо, АКШда болсо илим изилдөө университеттерде жүргүзүлөт. ИТР мезгилинде илимдин аймактык уюштурулушунун жаңы формасы түзүлгөн. Бул мүнөзү жагынан окшош, бардык фундаменталдык изилдөөдөн баштап даяр продукция алганга чейинки процесстердин тизмегин камтыган *технопарктар* жана *технополистер.* «Парктык Бум» АКШда башталып, Батыш Европаны камтып, кийин Азия жана башка өлкөлөргө тарады. Технополистин идеясы биринчи жолу 1980-жылдарда Японияда пайда болуп, кийин дүйнөгө таралган. Технопарктар менен технополистердин ИТР убагындагы тез өсүп кетиши, электрондоштуруунун, автоматташтыруунун жаңы материалдардын жана технологиянын ж.б. көп себептердин негизинде болгон.

Чындыгында Россиянын илимий-өндүрүштүк шаарларынын баары технополис болуп эсептелет. Булар Москва алдындагы Дубна, Пущино, Обнинск, Черноголовка, Звенигород, Жуковский, Королёв, Сибирдеги Новосибирск шаарынын алдындагы Академшаарчасы.Технополистердин катарына Атом энергиясы министрлигине караган Волга боюндагы (Арзамас жана Пенза), Уралдагы (Екатеринбург, Челябинск, Златоуст), Сибирдеги (Томск, Красноярск) сыяктуу жабык шаарлар тийиштүү.

***Экологиялык фактор.*** Бул фактор мурда эле болгон, бирок ИТР убагында мааниси өтө жогорулаган. Эң жогорку индустриялашкан жана урбанизацияланган райондордогу аймактын улам тарып баратышы, өнөр жай калдыктарын тазалоонун улам кымбатка түшүүсү, айлана чөйрөнүн абалы-

нын начарлашы, өндүрүштүн жана калктын ал жерге топтолушуна чек коюу муктаждыгына алып келүүдө. Кээ бир учурларда «булганыч» өндүрүштү башка жакка которуу же биротоло жок кылуу аракеттери көрүлүүдө. Мисалы, Германиянын өнөр жайынын «жүрөгү» делген Рур бассейни экинчи дүйнөлүк согушка чейин да, андан кийин да Европанын эң «булганыч» жайы болгон. Көптөгөн жаратылышты коргоо иш чараларынан кийин, ал жердеги экологиялык кырдаал бир кыйла оңолду. Жаратылышты коргоо боюнча бир далай программалардан кийин, өзгөчө «Рурдун үстүндө таза асман» – деген ураандын алдында бир канча булганыч ишканалар жабылып, бир канчасы көчүрүлдү.

**Негизги тыянак.** *ИТР учурдагы өндүрүштүн бардык жагына, бүткүл коомдук системанын түзүлүшүнө, адамдын өзүнө жана анын чөйрөсүнө таасирин тийгизет. Дүйнөлүк чарба бир бүтүн организм, андан тышкары кандай деңгээлдеги өлкө болбосун, кандай гана коомдук системага кирбесин, ал өз алдынча жашай албайт.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Биринчи жолу олимпиадалык оюн Мельбурндан 1956-жылы теледен көрсөтүлгөн. Ал кезде оюнду австралиялыктар гана көргөн. 1960-жылкы Римдеги олимпиаданы Италия жана анын кошуна мамлекеттери гана көргөн. 1980-жылкы Москвадагы, 1984-жылкы Лос-Анжелестеги, 1988-жылкы Сеулдагы олимпиадаларды – 2 млрддан ашык, 1992-жылдагы Барселонадагы олимпиададан баштап кийинкилерди дүйнө жүзүнүн 3 млрддан 4 млрдга чейин көрө алган.

2) 550 миң *т* жүк баткан танкердин узундугу 400 *м*, туурасы 63 *м*, жүгү менен сууга батуусу 30 *м*. Айдоочу калактарынын өлчөмү үч кабат тамдын бийиктигиндей, палубасынын аянты 2,5 *га*.

3) «Дип Блю» деген 256 микропроцессору бар, секундасына 10 млрд операция жүргүзө алуучу суперкомпьютер 1996-жылы дүйнөнүн шахмат боюнча чемпиону Гарри Каспаров менен шахмат ойноп 2 : 4 эсебинде утулуп калган. Кийинки 1997-жылы андан да кубаттуу, секундасына 100–200 млрд операция жүргүзө алчу компьютер менен ойногондо Г. Каспаров утулуп калган.

4) Көп өлкөлөрдө ЭЭМ «электрондук» жуучунун ролун аткарат. Үйлөнүүгө ниеттенген киши атайын анкетага өзү жөнүндө жана келечек жубайы кандай болуу керек деген кулактандыруу берет. ЭЭМдеги маалымат боюнча болочок жубайын тандап алат.

5) АКШнын эң чоң компьютердик корпорациясы IBMге дүйнөдөгү компьютер чыгаруунун $^1/_2$ таандык. Компьютер чыгаруучу «Майкрософт» корпорациясынын Президенти Билл Гейтс дүйнөдөгү эң бай адамдардын бири деп эсептелет. 2008-жылкы эсеп боюнча анын байлыгы 52 млрд долларга жетет деп бааланган.

6) Японияда океандын 6000 *м* терендигинде иштей ала турган геолог-робот, музыкалык ноталарды окуп, электр-гитарада ойной турган робот-

музыкант, Австралияда кой кырка турган робот, АКШда дениз түбүндөгү иштерди аткара турган роботтор түзүлгөн. ГФРде полицейдин милдетин аткарган роботтор бар. Азыр робот-мугалим, робот-официанттар, робот-идиш жуугучтар, робот-малайлар ж.б. бар. Медицинада робот-хирургдун пайда болушу чоң сенсация болду.

7) Биринчи жолу буу машинеси Англияда 1825-жылы колдонулган. 1830-жылы АКШда, 1832-жылы Францияда, 1835-жылы Германия менен Бельгияда, 1837-жылы Австрияда темир жолдор курулган. Россияда болсо 1837-жылы Петербург менен Царское Селосунун ортосундагы темир жол пайдаланууга берилген.

8) 1990-жылдардан тартып Москвада өнөр жайдын, транспорттун, илим жана маданияттын, билим берүүнүн кызматтары кыскарып, каражат, тейлөө, башкаруу, соода кызматтары көбөйө баштады. Азыр Москвада Россиянын ишкердик жана тейлөө чөйрөсүнүн $^1/_4$ бөлүгүнө чейини топтолгон.

9) Монакодо, Багамада, Бермудада, Мальвинде ж.б. Кичи Антил аралдарынын көбүндө тейлөө кызматынын ИДП түзүлүшүндөгү үлүшү 80%дан ашат.

10) Дүйнөдөгү алгачкы метрополитен Лондондо 1863-жылы, андан кийин, 1868-жылы Нью-Йоркто курулган. Азыркы учурда чоң шаарларда 70ке жакын метрополитен иштейт. Жолунун узундугу боюнча алдыңкы орундарда Лондон, Нью-Йорк, Париж, Москва, жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча Москванын метрополитени (жылына 3 млрдга жакын киши ташылат).

11) Россия Федерациясынын кээ бир субъекттери аймагынын өлчөмү жагынан Батыш Европанын мамлекеттеринин аймагындай же андан чоң. Мисалы, Архангельск облусунун аймагы – Франциянын аймагындай, Томск облусу – Польшадай, Москва облусу – Даниядай, ал эми Краснодар крайы – Австриядай.

12) 1990-жылдардын башында 100гө жакын өлкө нефть жана жаратылыш газын континенттик шельфтен издеген, анын ичинен азыркы күндө 50 өлкө ал кендерди өндүрүп алууда. 2 минден ашык нефть жана газ кендери ачылды, дениз үстүндө 40 минден ашык бургулоо болуп, минден ашык деңиздик болот жана бетон платформалары иштеп жатат. Алынган нефть менен газдын $^9/_{10}$ бөлүгү 100 *м*ге чейинки терендиктен өндүрүлүп алынат.

13) Деңиздик платформалар азыркы эң бийик үйлөрдүн (небоскреб) бийиктигиндей келип, болоттон жасалган «буттарында» турат. Эң чоң платформанын салмагы 500–800 мин тонна, иштеген кишилердин саны 200–300, вертолёт конуучу жайы бар. 1990-жылдардын аягында Канадада курулган платформанын салмагы 1,2 млн *т*, андай салмак 1 млн *т* айсбергге туруштук бере алат.

14) Япония, АКШ, Батыш Европанын фирмалары телевизор, магнитофон жана башка турмуштук электрондук техниканы Түштүк Кореяда, Гонконгдо, Сингапурда, Малайзияда, Филиппинде, Тайванда ж.б. өлкөлөрдө чыгарууну уюштурушту. Белгилүү швейцариялык саат чыгаруучу фирма «Омега» өзүнүн капиталынын бир бөлүгүн Гонконг менен Сингапурга которгон. Голландиялык «Филипс» фирмасы Тайванда эң чоң киноскоп чыгаруучу завод курган (жылына 4 млн даана).

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Окуу китептин текстин пайдаланып, «ИТР мезгилиндеги өндүрүштүн өнүгүшүнүн башкы багыттары» – деген таблицаны түзгүлө.
2. Мурдагы география сабактарынан алган билиминерге таянып, райондордун жана өлкөлөрдүн адистешүүсүндө, район аралык жана эл аралык эмгектин географиялык бөлүнүшүндө кайсы тармак жаратылыш шартына жана ресурстарга көз каранды экендигин аныктагыла. 1) тоо-кен өнөр жайында, 2) айыл чарбасында.
3. Контурдук картага окуу китебинин текстинде көрсөтүлгөн региондук экономикалык топторду жана ОПЕКке кирген өлкөлөрдү түшүргүлө. Бул картаны эл аралык экономикалык интеграцияны конкреттүү мүнөздөөгө пайдалангыла.
4. «Тиркемедеги» таблицаны пайдаланып, агрардык, индустриялык жана индустриялашкандан кийинки өлкөлөрдү таблицага түшүргүлө.
5. Жогоруда айтылган таблицаны пайдаланып, дүйнөнүн контур картасына дүйнөлүк чарбанын он эң негизги борборлорун түшүргүлө. Алардын келип чыгышы жана келечеги жөнүндө кыскача маалымат бергиле.
6. Дүйнөнүн контур картасына өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн – а) борбор шаары же экономикалык борбору ири шаар болуп, ошону менен бирге чоң деңиз порт болгонун; б) борбор шаары жана экономикалык борбору деңиз жээгинде болбой, дениз портунун милдетин башка шаар аткарган өлкөлөрдү түшүргүлө. Ушул карта-схеманы пайдаланып, ошол боюнча аңгеме түзгүлө.
7. Окуу китебиндеги текстин негизинде экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдөгү региондук саясаттын төрт багытын аныктап, аларга мүнөздөмө бергиле.
8. Алган билиминерге таянып өндүрүштүн жайгашуусуна кайсы факторлор таасирин тийгизээрин (таблица катары) аныктагыла.
9. «Илимий-техникалык революция жана өндүрүштүн жайгашуусу» – деген темада проблемалык билдирүү жасагыла.
10. Ушул главадагы темаларга ылайык башка китептен алып конспект түзгүлө.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу (тапшырмалар)

Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле:

Эмне үчүн ИТР мезгилинде өндүрүштүн революциялык өнүгүү жолу башкы болуп эсептелет? Индустриядан кийинки экономиканын түзүлүшүнүн индустриялыктан эмне айырмасы бар? Азыркы дүйнөлүк чарбанын географиялык модели, биринчи кезекте эмнеси менен айырмаланат? ИТР мезгилинде өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес тармактардын катнашы кандай өзгөрдү? Чарбанын аймактык түзүлүшүнүн колониялык тиби кандай мүнөзү менен айырмаланат? Эмне үчүн ИТРдин учурунда электр-энергетика, машина куруу жана химия өнөр жайлары «авангарддык үч орунду» ээледи? Эмне үчүн 1 млн тонналык супертанкерди куруунун долбоору ишке ашпай калды? Эмне үчүн казып алуу өнөр жайы пионердик тармак делет? Эмне үчүн илимди көп талап кылуучу тармак жаңы тармак делет?

? **Силер билесиңерби?**

1. Төмөнкү саналгандардын кайсынысы жаңы өздөштүрүлгөн райондорго кирет: Канаданын түндүгү, Лондон, Рур, Россиянын түндүгү, Австралиянын батышы.
2. Төмөнкү саналган деңиз акваторияларынын кайсынысынан нефть жана газ өндүрүп алынат – Түндүк деңизи, Балтика деңизи, Жер Ортолук деңиз, Перс булуңу, Араб деңизи, Мексика булуңу.

**Төмөндөгү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла**

1. Окуу китебиндеги текст боюнча төмөнкү өлкөлөрдү контур картага түшүргүлө – Норвегия, Швейцария, Италия, Бангладеш, Непал, БАЭ, Марокко, Чад, Танзания, Венесуэла.
2. Төмөнкү түшүнүктөргө аныктама бергиле: «илимий-техникалык революция», «дүйнөлүк чарба», «эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшү», «чарбанын аймактык түзүлүшү», «региондук саясат».
3. Кийинки сүйлөмдөрдүн тууралыгын аныктагыла, туура эмес болсо оң жообун жазгыла:
   а) роботтехника ИТРдин жаңы илимди көп талап кылган тармактарынын бири;
   б) дүйнөлүк чарба XVIII жана XIX кылымдын чегинде калыптанды;
   в) Япониянын эл аралык адистешкен тармагы көмүр казып алуу өнөр жайы болуп эсептелет;
   г) казып алуучу өнөр жайдын тармагына жаратылыш-ресурстук фактор чоң таасирин тийгизет.
4. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү калтырылган сөздөрдү ордуна койгула:
   а) ИТР дин мезгилинде .... менен техниканын байланышы
   б) Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аймагында башкы борбордун ролун ......аткарат.

**4-теманын суроолорунун ачкычы**
**Эмнени эстеп калуу зарыл?**

1. Географиялык улуу ачылыштардын маанисин жана натыйжаларын (География, 6–7-класстар, Тарых, 7-класс).
2. Өнөр жайдын, айыл чарбанын жана транспорттун жаңы тарых мезгилинде өсүшүн (Тарых сабагынан). 3. Азыркы учурдагы коомдо компьютердик технологиянын ролун (Информатиканын негиздери, 9–10-класстар).
3. Өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөдөгү элдик чарбанын тармактары, тармактар аралык комплекстер, эмгектин географиялык бөлүнүшү, аймактык пландаштыруу, улуттук киреше, топтоштуруу (концентрация) деген түшүнүктөр менен терминдерди.

**4-теманын негизги идеяларын**

1. Учурдагы илимий-техникалык революция адам коомун, өндүрүштү, адам коому менен айлана-чөйрөнүн өз ара мамилесин түп тамырынан берки өзгөрүү-

лөргө алып келди. 2. Чарбалык турмушту интернационалдаштыруу базар экономикасынын бирдиктүү глобалдык системасын түзүүгө алып келди.

### 4-теманын негизги түшүнүктөрү

1. ИТР жөнүндө түшүнүк.
2. ИТРдин учурундагы өндүрүштүн өнүгүүсүнүн негизги багыттары.
3. Дүйнөлүк чарба жөнүндө түшүнүк.
4. Эл аралык эмгектин географиялык бөлүштүрүлүшү жөнүндө түшүнүк.
5. Эл аралык экономикалык интеграция.
6. Дүйнөлүк чарбанын тармактык түзүлүшүнүн үч тиби.
7. Дүйнөлүк чарбанын мейкиндиктеги модели.
8. Дүйнөлүк чарбанын аймактык түзүлүшү.
9. Региондук саясат.
10. Жайгашуу факторлору.

**Темадагы маанилүү сөздөр:** 1) илимий-техникалык революция; 2) дүйнөлүк чарба; 3) дүйнөлүк чарбанын географиясы; 4) эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшү; 5) эл аралык адистешүүнүн тармактары; 6) эл аралык экономикалык интеграция; 7) экономиканын агрардык түзүлүшү; 8) экономиканын индустриялык структурасы; 9) экономиканын индустриядан кийинки түзүлүшү; 10) дүйнөлүк чарбанын борбору, чет жагы жана экөөнүн ортосу; 11) чарбанын аймактык түзүлүшү; 12) өтө өнүккөн район; 13) эски өнөр жайлуу район; 14) жаңы өздөштүрүлгөн район; 15) региондук саясат; 16) жайгашуу факторлору; 17) технопарктар, технополистер.

### Эмнени билүү керек?

1. Илимий-техникалык революцияга жана дүйнөлүк чарбага, жалпы түшүнүктөрдүн так аныктамасы менен мүнөздөмө берүүнү.
2. Тексттик, картографиялык жана графиктик материалдарды, кээ бир абалдарды жана жалпылоолорду далилдөө үчүн колдоно билүүнү.
3. Окулган текст боюнча конспект түзө билүүнү.
4. Берилген тема боюнча билдирүү жасоону.

# ДҮЙНӨЛҮК ЧАРБАНЫН ТАРМАКТАРЫНЫН ГЕОГРАФИЯСЫ

## § 15. Өнөр жай географиясы

**1. Өнөр жай – материалдык өндүрүштүн жетектөөчү тармагы.**

Дүйнөлүк өнөр жайда болжол менен 500 млнго жакын адам иштейт. Кийинки жылдарда өнөр жай өндүрүшү 50 эсе өстү, анын $^3/_4$ XX кылымга туура келет. Өнөр жай тармактары пайда болуусуна жараша үч топко бөлүнөт.

*Биринчи топко* өнөр жайлык төңкөрүштөр мезгилине туш келген эски тармактар – таш көмүр, темир кенташын өндүрүү, металлургия, темир жол унааларын, кеме куруу, текстиль токуу. Азыркы кезде алардын өнүгүү темпи басаңдап калды, бирок, дүйнөлүк чарбанын географиясына болгон таасири дагы эле жогору.


*Экинчи топко* XX кылымдын биринчи жарымындагы илимий-техникалык прогресстин мезгилине туура келген жаңы өнөр жай тармактары – автомобиль куруу, алюминий эритүү, пластмассаларды өндүрүү, химиялык булаларды чыгаруу. Эреже катары алар тез ылдамдыкта өнүгүп жатат, көбүнчө экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө топтолгону менен катар, кийин өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө да жайылып, дүйнөлүк өнөр жайдын географиясына чоң таасирин тийгизүүдө.

*Үчүнчү топко* ИТР убагында өнүккөн, илимди көп талап кылган тармактар же «жогорку технологиялык» – деп аталган эң жаңы тармактар кирет. Бул электр-техникаларды, эсептегич машиналарды, роботторду жасоо, атомдук жана аэрокосмостук техника, информатика индустриясы, органикалык синтездин химиясы, микробиологиялык өнөр жайлары – ИТРдин чыныгы «катализатору». Азыркы учурда алар эң жогорку жана туруктуу темп менен өсүп жатат. Илимди көп талап кылган жана жогорку технологиялык тармактардын үлүшү боюнча, ошондой эле кайра иштетүүчү өнөр жайдын дүң продукциясы жагынан ГФР жана Япония алдыда турат. Алардын өнөр жайынын географиясы өнүккөн өлкөлөрдүн жана жаңы индустриялуу өлкөлөрдүн кээ бир тоскоолдуктарына карабай күндөн-күнгө өсүүдө.

ИТР учурунда өнөр жайдын тармактык түзүлүшүндө эски өнөр жайдын үлүшү азайып, жаңы жана эң жаңы тармактардын үлүшү көбөйүп жатат. Анын аймактык көрүнүшү да өзгөрдү. Кийинки убакта өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн индустриялуу талаалары кеңейип, XXI кылымдын башында алардын үлүшү 35–40% га жетти (Кытай менен). Азыр Түштүктүн кээ бир өлкөлөрү алдыңкы он өлкөлөргө жакындап, жыйырманын ичине кирип калды.

Бирок, жогорку технологиядагы өнөр жай продукциясын өндүрүү боюнча мурдагыдай эле Түндүктүн өлкөлөрү алдыда.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн чарбасынын аймактык курамынын модели 9-сүрөттө көрсөтүлгөн.




**9-сүрөт.** Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн чарбасынын аймактык курамынын модели

Дүйнөлүк өнөр жайдын аймактык түзүлүшүн биринчи кезекте ири өнөр жай райондорунун жайгашуусу аныктайт. Дүйнө боюнча алардын саны жүздөн ашык. Мындай райондордун саны боюнча Чет өлкөлүк Европа, КМШ, Чыгыш Азия, Түндүк Америка белгилүү, бирок, андай райондор Түштүк, Түштүк-Батыш жана Түштүк-Чыгыш Азияда, Латын Америкасында,Австралияда, Африкада бар.


**2. Отун-энергетика өнөр жайы: отун өндүрүүнүн жана керектөөнүн өсүшүндөгү үч этап.** Адамзаттын өсүп-өнүгүү тарыхында ар кандай отундун, энергиянын булагын табууну аны өздөштүрүү коштоп келген. ИТР убагында да энергетика өндүрүштүн өнүгүүсүнө жана жайгашуусуна зор таасирин тийгизет. «Энергетика дүйнөнү башкарат» – деген элдеги кеп жөнү жок айтылган эмес.

Дүйнөдө энергоресурстарды өндүрүү жана керектөө күндөн күнгө өсүп, 1900-жылы 1 млрд *т* шарттуу отун пайдаланылса, 2000-жылы ал 14 млрд *т* шарттуу отунга жеткен. Өсүү темпи өзгөчө өткөн кылымдын 70-жылдарындагы **энергетикалык кризистин** мезгилинде күчөдү. Андан кийин бир аз төмөндөдү.

Бул бүткүл дүйнөлүк тенденциянын артында географиялык айырмачылыктар жатат. Биринчиден Түштүк менен Түндүктүн, экинчиден өнүккөн райондор менен артта калган райондордун (Түндүк Америка – Африка), үчүнчүдөн ар бир өзүнчө өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктар.


Энергия ресурстарынын көбү өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө өндүрүлүп алынып, АКШга, Батыш Европага, Японияга ташылып кетет. Алардын нефтини импорттоодон көз карандылыгы артууда. Натыйжада, континенттер жана өлкөлөр арасында «энергетикалык көпүрөлөр» пайда болду. Кийинки эки жүз жыл ичинде дүйнөлүк отун-энергетикалык өнөр жайы өзүнүн өнүгүүсүндөгү эки негизги этапты өттү. XIX кылымда жана XX кылымдын биринчи жарымында отун-энергетиканын түзүлүшүнүн балансында көмүр жагуу үстөмдүк кылган, кийинки экинчи этабында, нефть менен газ, катуу отунга караганда, энергия алып жүрүүсү бир кыйла артыкчылыктуу экендигин көрсөткөн.

1970-жылдардагы энергетикалык кризистен кийинки үчүнчү этабында, дүйнөлүк отун-энергетикалык өнөр жайда минералдык отундардын энергетикасынан ядролук энергетикага, кайра калыбына келүүчү жана традициялык эмес энергиянын булактарын пайдаланууга өтүү башталды. Бирок, нефтинин арзандашына байланыштуу (1980-жылдарда нефтинин 1 тоннасы 100 АКШ долларынан төмөн түшкөн) кайра нефть энергиясын алуу басымдуулук кыла баштады (10-сүрөт).




**10-сүрөт.** XX кылымдагы энергоресурстардын дүйнөлүк керектөөдөгү өзгөчөлүктөрү

**3. Дүйнөлүк экономиканын негизи – нефть, газ жана көмүр өнөр жайлары.** ***Нефть өнөр жайы*** өзгөчө мааниге ээ. Азыркы мезгилде нефть 90дон ашык өлкөдө өндүрүлүп алынат. Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөр менен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү нефть өндүрүп алуунун болжолдуу катышы 40:60 (жылына 3,6 млрд *т*). Болжол менен 40% нефть ОПЕКтин мүчөлөрүнө таандык, өзгөчө белгилүү район – Азиядагы Перс булуну. Перс булуңунун жээгине дүйнөдө табылган нефтинин $^2/_3$ бөлүгү, казылып алынган нефтинин $^1/_3$ бөлүгү туура келет. Бул аймак дүйнөдөгү нефть өндүрүүчү негизги регион (11-сүрөт).





**11-сүрөт.** Дүйнөдө нефть өндүрүүчү негизги аймактар

Калган региондордо нефть өндүрүп алуу ирети төмөндөгүдөй: Латын жана Түндүк Америка, КМШ, Африка, Чет өлкөлүк Европа, Австралия жана Океания. Эгерде ар бир өлкө өзүнчө алынса, 2003-жылы Россия, Сауд Арабиясы жана АКШ алдыңкы орунду ээлеген. 2000-жылга салыштырганда көп өзгөрүүлөр болгондугу байкалат. Эл аралык соодага өндүрүлгөн нефтинин 40–45%ы жумшалат.

**Отун энергиясынын дүйнөдөгү өндүрүлүшү (2003-ж.)**

| Өндүрүш | Бүткүл дүйнөдө | анын ичинде | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | КМШ | Чет өлкөлүк Европа | Чет өлкөлүк Азия | Африка | Түндүк Америка | Латын Америка | Австралия жана Океания |
| Нефть, млн. *т* | 3590 | 395 | 330 | 1455 | 375 | 480 | 520 | 35 |
| Газ млрд. $м^3$ | 2420 | 690 | 285 | 450 | 130 | 715 | 100 | 50 |
| Көмүр, млн. *т* | 4950 | 520 | 900 | 1870 | 230 | 1100 | 50 | 280 |
| Эл.энергия млрд. *кВт·с* | 15580 | 1245 | 3850 | 4375 | 550 | 4550 | 750 | 260 |

Дүйнөлүк чарбада нефть өндүрүлүп алынган аймактар менен аны керектеген райондордун ортосунда чоң айырмачылыктар жаралат. Аларды жоюу үчүн Океандын үстү менен жүк ташуулар – чыныгы нефть «көпүрөлөрү» пайда болду (12-сүрөт).





**12-сүрөт.** Нефть менен эл аралык соода кылуу

Дүйнөлүк ***газ өнөр жайы*** да бир кыйла өнүктү. Анын өнүгүшүнүн үч негизги себеби бар: жаратылыш газынын табылган запасынын көптүгү, аны ташуунун салыштырмалуу арзандыгы, экологиялык жактан нефть менен көмүргө караганда тазалыгы. Мына ошондуктан дүйнөдө газды өндүрүү XX кылымдын экинчи жарымында 14 эсеге өсүп, 2,4 трлн $м^3$ көлөмгө жеткен.

Жакында эле дүйнөнүн дээрлик бардык жаратылыш газы Түндүк өлкөлөрүндө – биринчи кезекте АКШда, Канадада, Чет өлкөлүк Европада жана КМШда өндүрүлгөн.

Бирок, кийинки кездерде нефть өндүрүүчү ири региондорго Түштүк өлкөлөрү, негизинен Түштүк-Чыгыш жана Түштүк-Батыш Азиянын, Түндүк Африканын жана Латын Америкасынын өлкөлөрү да катыша баштады (13-сүрөт).





(35) Жаратылыш газын өндүрүү млрд $м^3$ менен — Жаратылыш газы ташылган эл аралык **негизги** жолдор

**13-сүрөт.** Дүйнөдөгү жаратылыш газын өндүрүүчү негизги аймактар

Дүйнөлүк соодага жаратылыш газынын 25%ы туура келет. Анын негизги бөлүгү газ түтүктөрү аркылуу Россиядан, Түркмөнстандан, Нидерландиядан, Канададан, Алжирден жана башка өлкөлөрдөн экспорттолот. Калган газ суюлтулуп атайын танкерлер менен ташылат.

Алгачкы суюлтулган газ өткөн кылымдын 70-жылдарында Батыш Европага Алжирден ташыла баштаган. Кийин БАЭден Японияга ташылды. 1990-жылдарда газ менен Японияны Индонезия, Малайзия жабдый баштады. Келечекте жаратылыш газын өндүрүп алуу жана керектөө өсө бермекчи.

***Көмүр өнөр жайы*** нефть жана газ өнөр жайлары менен конкуренцияда уттурса да өзүнүн маанисин жогото элек, ал жылына 5 млрд *т* га жакын казылып алынат. Өзүнчө региондордун арасынан Чет өлкөлүк Азия, Түндүк Америка, Чет өлкөлүк Европа, КМШ, ал эми өлкөлөрдүн ичинен Кытай, АКШ, Индия, Австралия, Россия алдыда турат. Көмүр негизинен казылган жеринде пайдаланылып, 10%ы гана дүйнөлүк соодага чыгат. Энергетикалык жана кокстолуучу таш көмүрдү экспорттоого Австралия, АКШ, ТАР, Канада адистешкен. Натыйжада бул тармактын продукциясын ташуучу туруктуу деңиз жолдору калыптанып калган. Россия да таш көмүрдү экспорттоочулардын арасына кирет, бирок анын көлөмү анча чоң эмес (14-сүрөт).




**14-сүрөт.** Дүйнөдөгү көмүр казып алуучу аймактар

**4. Электр-энергетика** – «авангарддагы үч» тармактын бири. ИТРдин убагында, өзгөчө электрондоштуруунун, комплекстүү автоматташтыруунун, информациялаштыруунун өнүгүшү менен дүйнөлүк электр энергиясын өндүрүү жогорку жана туруктуу темп менен өсүп, 2000-жылы 15,5 трлн *кВт·саат*ка жеткен. Ошондой эле *дүйнөлүк отун-энергетикалык балансга электрлешүү* да өсүп жатат. Иштелип чыккан электр-энергиянын $^4/_5$ бөлүгү Түндүк өлкөлөрүнө, ал эми Түштүк өлкөлөрүнө $^1/_5$ бөлүгү туура келет. Бул көрсөткүч боюнча алдыңкы он өлкөнүн жетөө Түндүктө, үчөө Түштүктө. Бирок, киши башына туура келген электр энергиянын үлүшү боюнча, эреже катары, Түндүк бир топ алдыда. Мисалы, дүйнө боюнча ар бир кишиге 2,5 миң *кВт·саат* энергия иштелип чыкса, өнүккөн өлкөлөрдө 5 минден 10 миң *кВт* чейин, Азия менен Африка өлкөлөрүндө 1 миң *кВт* гана, ал эми Индияга 560 *кВт* туура келет.

Электр энергиясын өндүрүүдө дүйнөдө, ошондой эле ар бир өлкөдө көмүр, мазут жана жаратылыш газын пайдалануучу жылуулук электр станциялары (ЖЭС) үстөмдүк кылат. Дүйнөдөгү электр энергиянын 64%и ЖЭСтерде өндүрүлөт. ЖЭСтерде электр-энергиясын иштеп чыгаруу боюнча лидерлерге АКШ, Кытай, Россия, Япония жана ГФР кирет. Бирок, электр-энергиясын ЖЭСтерде иштеп чыгаруунун үлүшү боюнча алдыда турган башка өлкөлөр да бар. Мисалы, жалаң ЖЭСтер басымдуулук кылган өлкөлөр Польша, ТАР, ошондой эле нефтилүү өлкөлөр – Сауд Арабиясы, Кувейт, БАЭ, Алжир.

Дүйнөлүк электр-энергиянын 18%дан ашыгын гидроэлектростанциялар өндүрөт. ГЭСтерде электр-энергия иштеп чыгаруу боюнча Канада, АКШ, Бразилия, Россия, Кытай алдыда. Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдөн ГЭСтерде электр энергияны көп өндүргөн өлкө – Норвегия. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн ГЭСти пайдалануунун эң жакшы мисалы – Бразилияда, электр энергиянын 93%ын өндүрөт. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен ГЭСти пайдалануунун үлгүлөрү – Кыргызстан менен Тажикистан.

Түндүктүн көп өлкөлөрүндө гидропотенциал жогорку даражада же толук пайдаланылган. Ошондуктан, дүйнөлүк гидроэнергиянын келечектеги өнүгүүсү Түштүк өлкөлөр менен, биринчи кезекте Бразилия жана Кытай менен байланышкан.

Электр энергиясын иштеп чыгарууда үчүнчү орунда *атомдук электростанциялар* (АЭС), дүйнөлүк электр энергиянын 18%ын өндүрөт жана алар 31 өлкөдө иштеп жатат. АЭСтерде электр энергия иштеп чыгаруунун өлчөмү боюнча АКШ, Франция, Япония, ГФР, Россия, Улуу Британия, ал эми АЭСтин энергиясынын үлүшү боюнча алдыңкы орунда Литва, Франция, Бельгия. Атом энергетикасына керектүү чийки зат – уран концентраттарын чыгарган өлкөлөр Канада, Австралия, Нигер, Намибия, АКШ, Россия. 1986-жылкы Чернобыль АЭСнин авариясынан кийин Советтер Союзунда жана дүйнөдө алардын өнүгүү темпи бир аз басаңдады. Бир канча өлкөлөр АЭСти курууга

мораторий жарыялады, кээ бири курулган станцияларды бузушту. Ошол эле убакта коопсуз реакторлорду куруу жолу изделип жатат.


Альтернативалык энергия булактары, азырынча дүйнөлүк электр-энергиясынын 1%ын гана иштеп чыгууда. Сөз «геотерм электр-станциялар» жөнүндө болуп жатат (ГеоЖЭС). Алар Борбордук Америкада, Филиппинде, Испанияда. Исландия бул энергия менен башка үйлөрдү жылытыш үчүн колдонгон өлкөнүн үлгүсү. Ташкын электр-станциялары Францияда, Улуу Британияда, Канадада, Россияда, Индияда жана Кытайда бар. Күн электростанциялары (КЭС) 30 өлкөдө иштейт. Кийинки жылдарда шамалдын энергиясын бир топ өлкөлөрдө пайдалана башташты. Мындай курулуштар Батыш Европада (Дания, Улуу Британия, ГФР, Нидерланд), АКШда (Калифорния), Индияда, Кытайда бар. Альтернативалык энергияны пайдалануунун келечеги алардын экологиялык жагынан тазалыгы менен байланышкан.

Электр энергиясын өткөрүүчү линиялар аркылуу ташуу Батыш Европага, АКШ жана Канадага мүнөздүү, кийинки кезде аларга Россия да кошулууда.

**5. Тоо-кен өнөр жайы.** Кийинки кездерде тоо-кен өнөр жайынын дүйнөлүк чарбадагы мааниси төмөндөп бара жатса да таасирин жогото элек жана эл аралык эмгектин географиялык бөлүштүрүлүшүндө, өнөр жайдын географиясында азырынча мааниси зор. Тоо-кен өнөр жайы биринчи кезекте кен чыккан жер менен кен керектелүүчү жайдын айырмачылыктарын жоюу, континенттер аралык жүк ташуу жана жаңы жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү маселелери менен байланышкан.

КМШнын аймагын эсепке албаганда дүйнөдө 10 миңге жакын отун энергетикалык, руда жана руда эмес кен байлыктар иштетилет. Кен байлыктардын ассортименти эң эле көп, алардын көлөмү да ар түрдүү. Жалаң эле көмүр менен нефть жылына 10 млрд тоннага жакын өндүрүлүп алынат. Темир кенташын казып алуу да ошол деңгээлге жакындап калды. Миллиондогон тонна боксит, фосфорит, марганец, күкүрт, жез, миңдеген тонна калай, никель, уран, кобальт, алтын ж.б. казылып алынат (15-сүрөт).

Өткөн кылымдын 70-жылдарынын ортосуна чейин минералдык чийки заттарды өнүккөн өлкөлөргө чыгарып турган өнүгүп келе жаткан өлкөлөр болгон. Бирок, 1970-жылдардан кийин чийки заттардын кризисинен тартып, Батыштын минералдык чийки заттар чарбасы олуттуу кайра карообо дуушар болду. Алар чийки заттарды үнөмдөө, өз ресурстарына таянуу жолуна түштү. Натыйжада Канада, Австралия жана ТАРда чийки заттардын мааниси өсө баштады. Бүгүнкү күндө Батыш Европа, АКШ жана Япония өзүлөрүнүн минералдык чийки заттарга болгон керектөөлөрүнүн $^1/_3$ бөлүгүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн алат, калган бөлүгүн өз аймагынан казылып алынган чийки заттар менен жана Канада, Австралия, ТАРдан алып келип, канааттандырат.




**15-сүрөт**. Темир кенташын казып алуучу негизги аймактар

Жылына дүйнөлүк рынокко 450 млн *т* темир кенташы түшөт. Эң ири экспорттоочулар Бразилия, Индия, Венесуэла, экинчи жагы Канада, Австралия жана ТАР. Деңизде темир кенташы «көпүрөсүнүн» калыптанышы алар менен байланыштуу.

Эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүшүндө дүйнөлүк чарбада кен байлыгы боюнча сегиз «улуу өлкө» калыптанган. Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдөн буларга АКШ, Канада, Австралия, ТАР, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн – Бразилия, Индия, ал эми өткөөл экономикалуу өлкөлөрдөн – Кытай менен Россия кирет. Бул өлкөлөргө Украина, Казакстан, Мексика жакындайт. Үчүнчү «эшелонду» кен байлыктын бир түрү менен белгилүү өлкөлөр түзөт. Мисалы, Чили, Перу жана Замбия үчүн жез өндүрүп алуу өнөр жайы, Малайзия үчүн – калай, Гвинея менен Ямайка үчүн – боксит, Марокко үчүн – фосфорит казып чыгаруу. ИТР кендин запасына, анын концентрациясына, экономикалык – географиялык абалына, ачык казып алуу мүмкүнчүлүгүнө катуу талаптарды койду. Бирок, ачык казып алуунун айлана чөйрөгө тийгизген тескери таасирлерин да эске алуу керек.

**6. Металлургия өнөр жайы: багыттарынын тиби.** Көп жылдар бою металл эритүүнүн деңгээли өлкөнүн кубаттуулугунун көрсөткүчү болуп келген. Өткөн кылымдын 70-жылдарындагы энергетикалык жана чийки заттардын

кризисинен кийин металлургиянын өнүгүшү кескин төмөндөй баштаган. Биринчи кезекте бул кара металлургияга тийиштүү. 70-жылдардын ортосуна чейин бул тармак тез темп менен өнүгүп жаткан, кийин акырындап темпи төмөндөй баштады.


Ошондой болсо да XX кылымдын аягында XXI кылымдын башында болот эритүү 800 млн *т* жетти. Мындай төмөндөөнүн себеби биринчи кезекте металлды үнөмдөөнүн негизинде, экинчи айлана чөйрөнү коргоо иштери менен байланышкан.

Ошол эле убакта Түштүк менен Түндүк өлкөлөрүнүн арасындагы пропорция да өзгөрдү. Азыр дүйнөлүк эритилген болоттун $^{2}/_{5}$си Түштүктүн өлкөлөрүнө (Кытай кошо) туура келет. Мындай кара металлургиянын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү карай «миграциясы» бир жагынан алардын индустриалиялашуусун, экинчиден «булганыч» өндүрүштүн Япониядан, Батыш Европадан жана АКШдан алыстатылышын мүнөздөйт. Дүйнөндө болот эритүү боюнча Чет өлкөлүк Азия (Кытай, Япония, Индия, Корей Республикасы) алдыңкы орунда. Мисалы, өзгөчө тез арымы менен кара металлургия Кытайда өнүгүп жатат. КЭР болуп, 1949-жылы жарыяланган мезгилде кара металлургия өлкөдө такыр жок болучу. 1970-жылы болот эритүү 15 млн *т*, 1980-жылы 37 млн *т*, ал эми 1996-жылы болсо 100 млн тоннага жетти. Азыр бул көрсөткүч боюнча Кытай дүйнөдө биринчи орунга чыкты.

Болот эритүү боюнча алдыңкы орундарда – Чет өлкөлүк Европа (ГФР, Италия, Франция, Улуу Британия), Түндүк Америка (АКШ, Канада), КМШ өлкөлөрү (Россия, Украина). (16-сүрөт).

Кара металлургия, адатта таш көмүр бассейндеринин базасында калыптанган, мисалы, АКШ, Чет өлкөлүк Европа, Украина, Россия, Кытайда. Экинчи кезекте алар темир кенташы бассейндеринин базасында калыптанган. Бирок, ИТР убагында тармактын маанисинин жалпы төмөндөшү байкалды. Алгач коксталуучу таш көмүр жана темир кенташын ташууга багытталуу күчөдү. Натыйжада, Япониянын, Батыш Европанын жана АКШнын кара металлургиясы деңиз портторуна жакын жайгашты. Кийинки жылдарда керектөөчү райондорго багытталып, чоң комбинаттардын ордуна чакан заводдор курула баштады. Дүйнөлүк рынокко жылына 200 млн тоннага жакын кара металлдардын прокаты түшөт. Аларды экспорттоочу негизги өлкөлөр: ЕСке мүчө өлкөлөрү, Япония КМШ өлкөлөрү, импорттоочулар – АКШ, Кытай.

***Түстүү металлургия*** өзүнүн өлчөмү боюнча кара металлургиядан 20 эсе аз. Түстүү металл, легирделген жана баалуу металлдар эреже катары, кенташ аз санда болгондуктан анын борборлорун кен чыккан жерлерге жакын жайгаштыруу ыңгайлуу. Ошондуктан, Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүндө түстүү металлургия колониялык убактан бери калыптанып кал-




**16-сүрөт.** Дүйнөдө болот эритип чыгарган негизги аймактар

ган. Мисалы, Борбордук Африкада жез өнөр жайынын зор тармагы өнүккөн. «Жез алкагы» деп аталган кен байлыктын чордону Конго Демократиялык Республикасынын аймагынан Замбияга чейин 500 *км*ге созулуп жатат (17-сүрөт). Ошол жерде казылып алынып, эритилип, тазартылбаган жез ташылып кетет. Оор металлдарга караганда жеңил металлдардын (алюминий) рудадагы үлүшү көп болгондуктан ташууга ыңгайлуу. Дүйнөдө казылып алынган бокситтин $^1/_3$ бөлүгү экспорттолот. Деңиз аркылуу ташуунун орточо алыстыгы 7 миң *км*. Бокситтин эң зор запасы Австралиянын түндүгүндөгү Йорк жарым аралында. Боксит бул жерде ачык түрдө казылып алынып, башка өлкөлөргө ташылып кетет. Кийинки жыйырма-отуз жылдын ичинде Батыш Европа, АКШ, Японияда түстүү металлургиянын өнүгүү арымы басаңдай баштады. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө тескерисинче, тез арымы менен өнүгүүдө.




**17-сүрөт.**
Африкадагы «Жез алкагы»

Аны менен Азия, Африка, Латын Америкасынын постиндустриялуу өлкөлөрүндө жаңы өздөштүрүлгөн райондор пайда болду. Бирок, жаратылышты коргоо иштери «булганыч» өндүрүштү экономикалык жактан жакшы өнүккөн өлкөлөрдөн алыстатуу, экологиялык кырдаалды ондоо аракеттерине байланыштуу.

**7. Машина куруу: аймактык жана тармактык түзүлүштөгү жылыштар.** Машина куруу өнөр жай тармагы 200 жыл мурда англиядагы өнөр жай революциясынан кийин калыптанган. Дүйнөлүк өнөр жайда, азыркы күндө иштеген адамдардын саны (80 млн) жана продукциясынын наркы боюнча бул тармак биринчи орунда турат. Машина курууга өнөр жайда өндүрүлгөн продукциянын наркынын $^{1}/_{3}$и туура келет.

Машина куруунун тармактык түзүлүшүндө жаңы жана эң жаңы тармактардын издери таасын байкалат. Ошону менен катар алардын өнүгүү темпи да ар башка. Эски тармактардын абалы туруктуу же төмөндөй баштаган. Мисалы, кеме куруудагы дүркүрөп өсүү өткөн кылымдын 60-жылдарынын аягына, 70-жылдардын башына туура келген. Энергетикалык кризистен кийин, нефтини ташуу азайгандан баштап, ал тармак узакка созулган дымыгууга туш келди.

Жаңы тармактарда өндүрүштүн өсүшү байкалат. Буга автомобиль өнөр жайы мисал боло алат. Ал эми эң жаңы тармактарда электрондук өнөр жайы ИТРдин «катализатору» катары эң тез жана туруктуу өсүүдө. Мисалы, дүйнөлүк электрондук өнөр жай өткөн кылымдын 50-жылдарында 10 млн, XXI кылымдын башында 1,3 трлн АКШ долларына тете продукция чыгарууга жетишти. Бул анын 130 эсеге өскөндүгүн көрсөтөт.

Машина куруунун дүйнөдөгү аймактык түзүлүшү да бир кыйла өзгөрүүгө дуушар болду. Жакынкы убакка чейин продукциянын $^{9}/_{10}$ бөлүгүн «чоң жетинин» мүчөлөрү, АКШ, ГФР, Япония сыяктуу өлкөлөр берип келсе, кийин Кытай, Бразилия, Индия, Мексика, Аргентина сыяктуу Түштүктүн инду-

стриалдык өлкөлөрүнүн үлүшү арта баштады. Азыркы катыш $^1/_4$ болуп калды.

Дүйнөнүн экономикалык картасынан машина куруунун төрт борборлорун бөлүүгө болот.

*Биринчи борбор* – Түндүк Америка. Бул жакта машина куруунун бардык түрлөрү өнүккөн.

*Экинчи борбор* – Чет өлкөлүк Европа. Мында негизинен машина куруунун массалык продукциясын чыгарууга адистешкен жана кээ бир эң жаңы өнөр жай тармактарынын өнүгүшү боюнча алдыңкы орундарды сактап келет.

*Үчүнчү борбор* – Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия. Мында, машина куруунун массалык түрүн, жогорку технологиялык продукция чыгаруу менен айкалыштырган Япония лидерлик кылат. Бул регионго турмуштук электроникага адистешкен «азиянын жолборстору» жана Кытай кирет. Мисалы, өткөн кылымдын 1990-жылдарында аталган өлкөлөр дүйнөлүк электрондук өнөр жай продукциясынын 15%ын берген. Корей Республикасы менен Тайвань персоналдык ЭВМ чыгаруу боюнча дүйнөлүк лидерлердин арасына кирген. Корей Республикасы видеомагнитофондорду чыгаруу боюнча Япониядан кийинки дүйнөдө экинчи, Кытай телевизор жана радиоприемниктерди чыгаруу боюнча биринчи орунга чыкты.

*Төртүнчү борбор* – КМШ өлкөлөрү. Шериктештикке кирген өлкөлөрдүн көбүндө машина куруу эл аралык адистешүүнүн башкы тармагы.

АКШ менен ГФРде машина куруу-экспорттун $^1/_2$, ал эми Япония $^2/_3$син камсыз кылат. Азиянын жаңы индустриялык өлкөлөрүндө өндүрүлгөн тиричиликке керектүү электроника товарларынын дээрлик бардыгы экспортко кетет.

**Дүйнөдө кара металлургияны өндүрүү**

| | Бүткүл дүйнө | КМШ | Чет өлкөлүк Европа | Чет өлкөлүк Азия | Африка | Түндүк Америка | Латын Америкасы | Австралия жана Океания |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Темир рудасы, млн *т* | 1060 | 180 | 20 | 310 | 50 | 95 | 235 | 170 |
| Болот, млн *т* | 850 | 100 | 195 | 360 | 12 | 120 | 55 | 8 |

**Машина куруунун кээ бир продукцияларын өндүрүү**

| Бүткүл дүйнө жана алдыңкы он өлкө | Автомобиль, млн. даана | Бүткүл дүйнө жана алдыңкы он өлкө | Телевизор, млн. даана алдыңкы он өлкө | Бүткүл дүйнө жана алдыңкы он өлкө | Радиоприемник, млн. даана |
|---|---|---|---|---|---|
| Бүткүл дүйнө | 58,3 | Бүткүл дүйнө | 150,0 | Бүткүл дүйнө | 135,0 |
| АКШ | 12,8 | Кытай | 36,0 | Кытай | 82,0 |
| Япония | 10,1 | Корей Респ. | 21,7 | Малайзия | 36,0 |
| | | АКШ | 11,4 | | |
| ГФР | 5,5 | Бразилия | 7,9 | Сингапур | 20,0 |
| Корей Респ. | 3,1 | Малайзия | 7,9 | Бразилия | 4,1 |
| Испания | 3,0 | Япония | 7,6 | Индия | 4,0 |
| Канада | 3,0 | Испания | 6,0 | Япония | 4,0 |
| Кытай | 2,1 | Сингапур | 5,0 | Тайвань | 3,8 |
| Мексика | 1,9 | Түркия | 4,7 | ГФР | 3,2 |
| Улуу Британия | 1,8 | Улуу Британия | 3,1 | Франция | 2,8 |
| | | | | АКШ | 2,7 |

**8. Химия өнөр жайы.** XX кылым химия өнөр жайынын дүркүрөп өскөн мезгили болду. Машина куруу менен катар бул тармак азыркы индустриянын тез өсүп жаткан бөлүгү. Дүйнөлүк химия өнөр жайын, машина куруу тармагы сыяктуу эле, төрт негизги борборго бөлүүгө болот: АКШ, Чет өлкөлүк Европа, КМШ жана Япония. Булардын ар биринде тоо кен-химия өнөр жайы, минералдык жер семирткичтерди өндүрүү, негизги химиялык продукцияны өндүрүү, өзгөчө органикалык синтез жана полимердик материалдарды чыгаруу өнүккөн. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр негизинен химия өнөр жайынын чийки заттарын казып алуу менен чектелген. Бирок, энергетикалык кризистен кийин химия өнөр жайы нефть жана газга бай Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын өлкөлөрүндө да тез темп менен өнүгө баштады. Ири нефть химиялык комплекстер Перс булуңундагы өлкөлөрдө, Түндүк Африкада, Мексикада жана Венесуэлада иштей баштады. Эмгектин мындай бөлүштүрүлүшүндө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө органикалык синтездөө жана полимердик материалдарды өндүрүү топтолуп, ал эми татаал илимди көп талап кылган тармактар – АКШда, Чет өлкөлүк Европада жана Японияда сакталып калды.

**9. Токой жана жыгач иштетүү өнөр жайы.** Дүйнөнүн токой жана жыгаччылык өнөр жайы токой ресурстарынын жайгашуусуна байланыштуу. Түндүк зонада негизинен ийне жалбырактуу дарактар кыркылып, алардан араалант ган карагайлар, пресстелген плиталар, целлюлоза, кагаз жана картон алынат. Россия, Канада, Швеция, Финляндия үчүн токой жана жыгаччылык өнөр жайлары эл аралык адистешүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Түштүк токой зонасында негизинен жазы жалбырактуу дарактар кыркылат. Бул жакта токой жана жыгач иштетүүнүн үч негизги ареалы калып-

танган: Бразилиялык, Тропиктик Африкалык жана Түштүк-Чыгыш Азиялык. Даярдалган жыгачтар Японияга, Батыш Европага ташылып кетип, калганы жергиликтүү элдин отуну катары пайдаланылат.

Кагаз өндүрүүдө Түштүк өлкөлөрүндө жыгачтан башка бамбук (Индия), багассо (Перу), сизаль (Бразилия, Танзания), жут (Бангладеш) колдонулат. Өндүрүлгөн кагазды киши башына бөлүштүргөндө бул өлкөлөр эң арткы орунда.

**10. Жеңил өнөр жайы.** Жеңил өнөр жайдын географиясында орчундуу жылыштар текстиль тармагында байкалды. 1990-жылдардын аягында дүйнөдө табигый жана жасалма булалардан 130 млрд $м^2$ кездеме чыгарылган. Эгерде аларды колдо өндүрүү жагын эске алсак, ал бардык өлкөлөрдө өнүккөн.

Дүйнөлүк текстиль өнөр жайында беш негизги регион белгилүү: Чыгыш Азия, Түштүк Азия, КМШ, Чет өлкөлүк Европа жана АКШ. Булардын ар биринде кебезден жана химиялык жасалма булалардан кездеме токуу жакшы өнүккөн, ал эми башка тармактар (жүндөн, зыгырдын буласынан, жибектен кездеме токуу) экинчи катарда. 1950-жылдардан баштап кездеме токууда жана кийим тигүүдө экономикалык жагынан жакшы өнүккөн өлкөлөрдүн үлүшү төмөндөй баштады. Улуу Британия мурда кездеме чыгаруу боюнча биринчи орунда болсо, азыр жыйырманчы орунга түштү. Ал өлкө эң ири экспортёрдон импортёрго айланды.

Түндүк өлкөлөрүнө караганда, арзан жумушчу күчүнө таянган Түштүк өлкөлөрүндө текстиль өнөр жайы дүркүрөп өсүүдө. Кебез кездемелерин токуу боюнча Кытай эң алдыңкы орунда, экинчи орунда – Индия. Бул өлкөлөрдө өндүрүлгөн кездеме негизинен Батыш Европага экспорттолот. Даяр кийимдер да ошол жакка чыгарылат. АКШнын, Батыш Европанын, Япониянын дүкөндөрүндө Кытайдан, Индиядан, Бангладештен, Мексикадан, Түркиядан жана башка өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн келген арзан баадагы кийимдер сатылат.

**11. Өнөр жай жана айлана чөйрө.** Адам баласынын өнөр жайга байланышкан аракети айлана чөйрөгө таасирин тийгизет. Жаратылыш ресурстарынын көбү өнөр жайда пайдаланылат. Өнөр жай антропогендик ландшафттардын – тоо кен өнөр жайынын, шаар ландшафттарынын пайда болушуна себеп болгон. Ошону менен катар өнөр жайдын өнүгүшү жаратылыш ресурстарын пайдалануунун көп көйгөйлөрүн курчутат. Өзгөчө бул «булганыч» өндүрүшкө тиешелүү.

Жылуулук электр-энергетика көп сандаган зыяндуу заттарды абага чыгарып, абанын газдык курамын өзгөртөт, пайдаланылган суунун температурасын жогорулатат. Атом энергетикасынын пайда болушу радиоактивдүү таштандыларды жерге көмүү көйгөлөрүн пайда кылды. Андан да өткөн коркунуч Чернобыль (Украина) сыяктуу АЭСтердин авариясына байланышкан. Ал тынчтык үчүн пайдаланган атомго да аярлап мамиле кылууну көрсөттү.

Гидроэнергетика салыштырмалуу «тазалыгы» менен айырмаланат, бирок, курулган плотиналар, суу сактагычтар экологиялык тең салмактуулукту бузат. Тоо кен өнөр жайынын өнүгүшү жер үстүндөгү ландшафты бузуп, аларды калыбына келтириш үчүн көп каражат жумшоону талап кылат. Деңизден кен байлыктарды алуу Дүйнөлүк океандын булганышына, токойду кыркуу да топурактын, суунун бузулушуна алып келет. Металлургиялык өнөр жайдын өнүгүшү атмосферанын булганышына, айлана чөйрөдө темирдин, коргошундун, калайдын, жездин, сымаптын, мышьяктын жана башка металлдардын көбөйүшүнө алып келип, адамдын ден соолугуна коркунуч туудурушу мүмкүн. Химия жана нефть химия өнөр жайынын өнүгүшү абаны, сууну, топуракты булгайт, өзгөчө алардын аварияга учурашы эң коркунучтуу. Ошондой эле коркунучтар целлюлоза-кагаз өнөр жайында да бар.

Бирок, инженерлер жана окумуштуулар жогоруда аталган экологиялык көйгөйлөргө көңүл буруп, жалаң эле жаратылышты коргоо иштери эмес, аларды жайгаштыруу жана айтылган процесстерди болтурбоонун үстүндө иштеп жатышканын эстен чыгарбоо керек. Биринчи кезекте бул «булганыч» өндүрүштү жайгаштырууга тиешелүү.

## § 16. Айыл чарбасынын жана балык уулоонун географиясы

**1. Айыл чарбасы** – материалдык өндүрүштүн экинчи жетектөөчү тармагы. Айыл чарбасы байыркы гана тармак эмес, материалдык өндүрүштүн маанилүү тармактарынын бири. Чындыгында дүйнөдө айыл жана токой чарбаларында, балык уулоо, аңчылык кылбаган бир да өлкө жок. Дүйнөлүк айыл чарбада 1,3 млрд адам иштейт.

Айыл чарбасын окумуштуулар 50 түргө бөлөт. Бирок, аларды эки гана топко бөлүп коюуга болот. Биринчиден, *товардык айыл чарба.* Бул ургаалдуу дыйканчылык, жерди котормуштуруп айдоо менен, ургаалдуу мал чарбачылыгы, тоют даярдоо жана багбанчылык, жашылча өстүрүү, ошондой эле экстенсивдүү дыйканчылык тондурма айдоо менен, жайыт мал чарбачылыгы. Экинчиден, *өз керектөөлөрүн камсыздаган* айыл чарбасы. Мында дыйканчылык артта калган, көчмөн мал чарбачылыгы өкүм сүргөн талаадан табигый азыктарды чогулткан, балык уулоо менен оокат кылган чарба.

Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө – жогорку товардык айыл чарба өнүккөн. ИТР мезгилинде аларда механикалаштыруу жана химиялаштыруу мүмкүн болгон жогорку деңгээлге жеткен, азыр болсо микроэлектрониканы жана автоматташтырууну киргизип, селекциянын, генетиканын жана биотехнологиянын эң жаңы жетишкендиктерин колдонуп жатат. Өлкөлөрдүн бул тобунда агроөнөр жай комплекстери *агробизнес* формасын алып, айыл чарба продукциясын өндүрүү менен катар аны сактоо, кайра иштеп чыгуу, бир жакка ташуу жана сатуу, ошону менен бирге жер семирткичтерди, ке-

ректүү техниканы чыгаруу иштерин колго алган. Ошентип, айыл чарбасына индустриялык мүнөз берилген.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө айыл чарбасынын эки тобу тең өнүккөн: товардык жана өз керектөөсү үчүн.

Товардык чарба – жакшы уюштурулган, асыл жерлерди ээлеген, жалданма жумушчу күчүн, машиналарды, жер семирткичтерди, сугат ишин кеңири пайдаланган плантациялар жана фермалар. Алардын өндүрүшү ички жана тышкы рынокко багытталган, мамлекет ичиндеги өзүнчө мамлекетке окшогон уюмдар. Бирок, мындай плантациялар өзүнчө очок катары тигил же бул өсүмдүктөрдүн өсүшүнө ыңгайлуу жерлерде жайгашкан.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө өз керектөөлөрү үчүн талаачылыкта эмгектенип, АКШ менен Европадагыдай мал чарбасы менен айкалыштырылбай, өзүнчө өнүккөн. Аз товардык сектор миллиондогон чакан жана эң чакан чарбаларда өндүрүлүп, чыгарган продукциялары үй-бүлөнү багууга жетип-жетпей турат. Бул сектордо токойду өрттөө жолу менен жерди тазалоо, жыгач соко жана кетмен менен жерди иштетүү сакталып калган. Ошондуктан, айыл чарбасынын ургаалдуулук деңгээли боюнча Түштүктүн эң эле артта калганы таң каларлык эмес.

Дүйнөлүк трактор паркы 26–27 млн, алардын 4 млну Түштүк өлкөлөрүнө туура келет. Бир гана АКШдагы тракторлордун саны бардык өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгүдөн көптүк кылат. Өнүккөн өлкөлөрдүн көбү 1 *га* айдоо жерге 60–80 *кг* жер семирткич чачса, Африканын Сахарадан түштүктөгү өлкөлөрүндө 10 *кг* гана чачат. Ал жактагы дан өсүмдүктөрүнүн түшүмү 15–20 *ц/га* болсо, өнүккөн өлкөлөрдө 35–50 *ц/га*. Эмгектин өндүрүмдүүлүгү өнүккөн өлкөлөргө караганда 20–25 эсе аз.

**2. «Жашыл революция» жөнүндө түшүнүк.** Бул термин өткөн кылымдын 60-жылдарында «жашыл революция» өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө башталгандан тартып кеңири таралган.

***«Жашыл революция»*** **– азыркы кездеги агротехниканын негизинде айыл чарбасындагы өзгөрүштөр.** Ал ИТРдин таасиринин бир формасы. «Жашыл революция» – үч негизги компонентти камтыйт. Бул – дан өсүмдүктөрүнүн жаңы бат жетилген сортун таап, түшүмдү жогорулатуу мүмкүнчүлүгү үчүн экинчи, үчүнчү, төртүнчү жолу себүүгө пайдалануу. Бул – ирригацияны кеңейтүү, эмне үчүн дегенде жаңы сорттор өзүнүн мыкты сапаттарын жасалма сугарууда көрсөтөт. Бул, азыркы техниканы, жер семирткичтерди жана башка химикаттарды кеңири колдонуу.

«Жашыл революция» эң маанилүү кубулуш. Анын аркасында өнүгүп келе жаткан өлкөлөр данга болгон керектөөлөрүн өзүлөрү камсыз кылып калышты. Дан өсүмдүктөрүнүн түшүмү эки-үч эсеге өстү. Машинага жана жер семирткичке болгон муктаждык артты. Ошондой болсо да «жашыл революция» ага болгон үмүттү толук актай алган жок.



Айыл чарбанын өнүгүшү


*Биринчиден,* ал бардык жерде эмес, Мексикада, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азияда гана тараган.

*Экинчиден,* ал ири жер ээлерине жана чет элдик компанияларга тийиштүү болуп, майда керектөөчү секторго дээрлик таасирин тийгизген жок. Башкача айтканда, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн айыл чарбасынын артта калуусу, жаратылыш шартына гана эмес, социалдык-экономикалык себептерге байланыштуу экендиги көрүнүп турат.

**3. Дан өсүмдүктөрү – дүйнөлүк айыл чарбасынын негизи.** Иштетилген жерлердин дээрлик $^1/_2$ин дан өсүмдүктөрү ээлейт. Алар айдалган жерлер адамдардын жайгашкан жерлери менен дал келет. Дан жыйноонун дүйнөлүк деңгээли акырындап жогорулап олтуруп, 1990-жылдардын аягында 2 млрд тоннага жеткен. Дан чарбасы негизинен өсүмдүктөрдүн үч түрүнө – буудай, күрүч, жүгөрүгө таянып, жалпы түшүмдүн $^4/_5$үн жана калктын азыгынын $^1/_2$ин камсыз кылат.

***Буудай*** – дүйнөнүн калкынын жарымынын негизги азыгы. Академик Н. И. Вавилов тактагандай буудайдын мекени Алдыңкы Азия жана Жер Ортолук дениздин жээги. Бул жактан ал акырындап бүткүл дүйнөгө тараган. Азыр буудай талаалары калк жашаган бардык континенттерде кезигет. Жыл ичинде Жер шарынын тигил же бул жагында буудай жыйналбаган бир да


ай жок. Буудай дүйнөнүн 70 өлкөсүндө эгилет, бирок, жалпы түшүмдүн негизги бөлүгү аз гана өлкөлөрдө жыйналат. Буудай чарбасына адистешкен райондор – АКШда, Канадада, Австралияда, Францияда, Кытайда жана КМШ өлкөлөрүндө (Россия, Украина, Казакстан). Мисалы, буудайдын негизги талаалары Канада менен чектеш жаткан АКШнын Борбордук түздүктөрүндө жайгашкан. Бул учу-кыйры көрүнбөгөн талааларды XX кылымдын башында эле «буудай дүрбөлөңү» мезгилинде айдоолорго айландырылган. Мында буудайдын нан бышыруу сапаты жогору болгон катуу сорттору эгилет. Виннипег шаары Канададагы «буудай борбору» – деп аталат (18-сүрөт).




**18-сүрөт.** Дүйнөдө буудай жыйнаган негизги аймактар

***Күрүч*** – дүйнөнүн калкынын жарымынын нанды алмаштырган негизги азыгы. Бул биздин заманга чейин эле Кытайда эгилчү маданий өсүмдүк. Буудай сыяктуу эле күрүч дагы кийин бардык континентке тарап кеткен. Шалы эгүү жүздөн ашык өлкөлөрдө тараса дагы анын жалпы түшүмүнүн $^{9}/_{10}$

бөлүгү Азиянын шалылуу өлкөлөрүнө тийиштүү. Дүйнөдөгү сугат жерлердин $^2/_3$син шалы талаалары ээлейт. Мисалы, Индонезия менен Японияда иштетилген жерлердин $^2/_3$ бөлүгүнө, Филиппинде $^9/_{10}$ бөлүгүнө шалы айдалат (19-сүрөт).





**19-сүрөт.** Дүйнөдө күрүч жыйнаган негизги аймактар

## Дүйнөнүн дан чарбасы (2005)

| Бүткүл дүйнөлүк дан эгиндери млн *т* | | Алардын ичинде | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | КМШ өлкөлөрү | Чет өлкөлүк Европа | Чет өлкөлүк Азия | Африка | Түндүк Америка | Латын Америкасы | Австралия жана Океания |
| Буудай | 585 | 80 | 120 | 230 | 15 | 95 | 25 | 20 |
| Күрүч | 600 | 3 | 10 | 540 | 15 | 10 | 20 | 2 |
| Жүгөрү | 600 | 20 | 70 | 150 | 25 | 260 | 75 | жок |

*Жүгөрү* – мекени Мексика, Америка ачылгандан кийин, дүйнөгө тараган. Негизинен буудай ээлеген аймактарда өстүрүлөт. Жүгөрү дан үчүн гана эмес, жашыл массасы үчүн да өстүрүлөт. Бул анын ареалынын кеңейишине алып келди. Бирок, негизги жүгөрү өндүргүчтөр АКШ, Кытай, Бразилия болуп кала берди .

Жүгөрү эгилүүчү башкы район АКШнын жүгөрү алкагы, ал Улуу көлдөрдүн түштүгүндө жайгашкан. Бул жер жүгөрү өстүрүүгө эң ыңгайлуу аймак (Айова штаты). Дан өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы курамы 20-сүрөттө көрсөтүлгөн.




**20-сүрөт**. Дан өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымынын курамы (%)

Дүйнөлүк рынокко буудай менен жүгөрүнүн дүң жыйымынын 10–15% и түшөт. Негизги экспорттоочулар дан чарбасы боюнча адистешкен өлкөлөр – АКШ, Канада, Франция, Австралия, Аргентина. Канада, Австралия, Аргентина буудайдын, Бразилия жүгөрүнүн экспортунун 80% ын берет.

Тоют болчу дан Батыш Европага, Японияга, азык болчу дан өзүлөрүнүн даны жетишпеген өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө сатылат. Россия мол түшүм алган жылдары данды экспорттойт.

Жакынкы жылдарга чейин Россия менен КМШ өлкөлөрү тоют жана азык болчу данды импорттоп келген, акыркы жылдарда импорт азайды.

**4. Өсүмдүк өстүрүүчүлүк.** Башка азык-түлүк өсүмдүктөрү. Дан өсүмдүктөрүнөн башка калкты азык-түлүк менен камсыз кылуу үчүн май берүүчү өсүмдүктөр, картошка, кант кызылча, жашылча жана мөмө-жемиш өстүрүлөт. Дан өсүмдүктөрүнө караганда алар эмгекти көп талап кылат.

Май чыгаруучу өсүмдүктөрдү эгүү дан өсүмдүктөрүнөн кийинки маанилүү орунду ээлейт. Дүйнөдө колдонулган майдын $^2/_3$ бөлүгү өсүмдүк майлары, алардын үлүшү, өзгөчө Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын өлкөлөрүндө жогору. Буурчак жыйноо боюнча биринчи орунда АКШ (дүйнөдөгүнүн $^1/_2$ бөлүгү), жер жаңгак боюнча – Индия, зайтун боюнча – Италия.

Дүйнөдө кеңири тараган маданий өсүмдүктөрдүн бири – картошка. Анын мекени Түштүк Аме́рика. Азыркы мезгилде Түндүк жарым шардын мээлүүн алкагынын негизги маданий өсүмдүгү. Картошка жыйноо боюнча алдыңкы орундарды Кытай, Россия, Индия, АКШ жана Польша ээлейт.


Калктын азыктануусунда кант берүүчү өсүмдүктөрдүн мааниси зор. Дүйнөдө жылына 120–125 млн *т* кант өндүрүлөт, анын $^2/_3$си бал камыштан, $^1/_3$ кант кызылчадан алынат. Бул эки өсүмдүктү өстүрүп жыйноо татаал, көп эмгекти талап кылат, экөө тең кант берет, таралуу ареалдары ар башка. Бал камыштын «экинчи мекени» – Америка, ал тропиктик жана субтропиктик климатта өстүрүлөт. Кант кызылча мээлүүн алкактын өсүмдүгү. Алар негизинен – Россия, Украина, Чет өлкөлүк Европада жана Түндүк Америкада өстүрүлөт (21-сүрөт).

Жыттуу өсүмдүктөргө *чай, кофе* жана *какао* кирет. Булардын бардыгы тропиктик климатта (чай субтропикте) өстүрүлөт.

Чайдын мекени – Кытай. Европага XVII кылымда алынып келинип, эң популярдуу болуп, өзгөчө тез жүрүүчү үч мачталуу кемелер, чай клиперлер менен ташылгандан баштап кеңири тараган. Дүйнөдө чайдын $^4/_5$ бөлүгүн Азия өлкөлөрү, өзгөчө Индия, Кытай жана Шри-Ланка берет. Кофе менен какао биринчи мекенин которушту. Кофенин мекени Африка болсо дүйнөлүк кофе жыйноонун $^2/_3$ бөлүгүн Латын Америкасы, өзгөчө Бразилия жана Колумбия берет. Какаонун мекени Латын Америкасы, бирок дүйнөдө какао жыйноо боюнча Африканын Гвинея булуңунун жээгиндеги өлкөлөр алдыда.

Калктын турмушу жакшырган сайын алардын азыгында жашылча менен мөмө-жемиш көбөйө баштайт. Алар адамдын организмине керектүү микроэлементтерге жана витаминдерге бай. Майлуу, канттуу, мөмө-жемиш жана жыттуу азыктардын көпчүлүгү дүйнөлүк рынокко түшөт. Экспорттоочулар өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, ал эми импорттоочулар өнүккөн өлкөлөр.

**5. Азык эмес маданий өсүмдүктөр.** Булалуу өсүмдүктөрдүн эң маанилүүсү – пахта. Анын дүйнөлүк жыйымы 20 млн тоннага жетет. Пахта эгүү жана анын түшүмү боюнча Азия өлкөлөрү алдыда, экинчи орунда – Америка, үчүнчү орунда – Африка.





**21-сүрөт**. Дүйнөдө кант алынуучу өсүмдүктөрдү өстүргөн негизги аймактар

Башка булалуу өсүмдүктөрдүн ареалы (зыгыр, сизель жана жут) чектелүү. Зыгыр өстүрүүнүн $^3/_4$ бөлүгүн Россия менен Беларуссия берет, жут боюнча Бангладеш. Өзгөчө чектелүү аймакка топтолгон табигый каучук (22-сүрөт). Ал Индонезияда, Таиландда жана Малайзияда өстүрүлөт. Пахта, жут, табигый каучук дүйнөлүк рынокто маанилүү орунду ээлейт. Кийинки кездерде банги заттарды сатуу күч алды, бирок аларга каршы күрөш да жүргүзүлүп жатат.

**6. Мал чарбачылыгы жана анын үч жетектөөчү тармагы.** Мал чарбачылыгы бардык жерлерде өнүккөн. Шалбаа жана жайыт айдоо жерлерге караганда үч эсе көп. Мал чарба продукцияларынын көбүн мээлүүн алкактагы өлкөлөр берет. Жыйналган дандын жарымы тоютка кетет.

Дүйнөлүк мал чарбасынын географиясы малдын аймактык жайгашуусуна байланышкан жана алардын жалпы саны 4,5 млрд баш. Мал чарбасы үч негизги тармакка бөлүнөт: бодо мал, чочко, кой чарбасы.





**22-сүрөт**. Дүйнөдө табийгый каучукту жана өсүмдүктөрдү өстүрүүчү негизги аймактар

***Бодо малдан*** (1,4 млрд баш) дүйнөдөгү сүттүн дээрлик баары жана эттин $^{1}/_{3}$и алынат. Ургалдуу өнүккөн сүт жана сүт-эт багытындагы мал чарбачылыгы токой жана токойлуу-талаа зоналарында жакшы өнүккөн. Бул жакта малды колго багуу жана жайыт менен айкалыштырып багуу жайылтылган. Эт багытындагы мал мээлүүн жана субтропиктик алкактардын кургакчыл жерлеринде, жайыттарда багылат. АКШнын, Канаданын, Аргентинанын, Австралиянын кээ бир жерлеринде бодо мал багуучу чарбалар (ранчо), чыныгы «эт фабрикасы» уюштурулган. Бодо малдын $^{1}/_{3}$и Индияда, бирок, алар эт-сүт багытында эмес, ыйык жаныбарлар катары каралат (23-сүрөт).

***Чочкочулук*** (1,1 млрд баш) дүйнөдө өндүрүлгөн эттин $^{2}/_{5}$ бөлүгүн берчү тармак. Ал калк жыш жайгашкан, ири өнөр жайлуу райондорго, картошка көп айдалган, ургаалдуу мал чарбачылыгы өнүккөн жерлерде жайгашкан. Дүйнөдөгү чочконун жарымы Кытайда асыралат.

***Кой чарбасында*** (1 млрдга жакын) дүйнөдө ным жетиштүү жерлерде эт-жүн багытындагы, кургакчыл жерлерде уяң жана чала уяң жүндүү койлор асыралат.




**23-сүрөт.** Дүйнөдө бодо малдын өлкөлөр боюнча таралышы

Жылына дүйнөдө 220 млн *т* эт даярдалат, анын көбү чочко эти, андан кийин уйдун, үй куштарынын жана койдун эти. Бул көрсөткүчтөр боюнча алдыңкылар Кытай, АКШ, Бразилия, Франция, ГФР, Россия. Киши башына туура келген эт боюнча өлкөлөрдүн айырмачылыгы эң эле ар түрдүү. Мисалы, экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө киши башына жылына 80–100 *кг* эт туура келет, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 15–20 *кг*. Этти керектөөнүн «рекордсмени» Жаңы Зеландияда – жылына ар бир кишиге 400 *кг* дан эт туура келет.

Дүйнөдө жылына 500 млн *т* сүт өндүрүлөт (алдыңкылар – АКШ, Индия, Россия, ГФР, Франция), 700 млрд даана жумуртка (Кытай, АКШ, Япония), 2,5 млн *т* жүн (Австралия, Кытай, Жаңы Зеландия) даярдалат.

**7. Айыл чарбасы жана айлана-чөйрө.** Калктын айыл чарбасындагы иш-аракеттери айлана чөйрөгө өз таасирин миндеген жылдар бою тийгизип келген жана анын натыйжасында ар кандай антропогендик ландшафттар калыптанган.

Айыл чарбасын ургаалдуу жол менен жүргүзүп келген учурда талааларды айдоо, токойлорду кыйып айдоо, жерлерди кеңейтүү иштери менен гана айлана чөйрөгө таасир берилген. Азиянын жана Латын Америкасынын көп өлкөлөрүндө азыр да ушундай таасир сакталган.

Алдыңкы чарба жүргүзгөн өлкөлөрдө XX кылымдын ортосунан тартып мал чарбасынын калдыктары менен айлана-чөйрө булгана баштады. Эң зор булганууну айыл чарбасынын химикатташтыруу иштери пайда кылды.

Айыл чарбасын химикатташтыруунун экономикалык жагынан артыкчылыгы эң чоң. Бирок, химиялык жер семирткичтерди көп колдонуунун натыйжасында, алардын бир бөлүгү агын сууларга, көлдөргө, жер астындагы сууларга өтүп, өсүмдүктөрдүн өсүшүнө, топуракка таасирин тийгизип, микро балырлардын өөрчүп кетишинен деңиздерде «кызыл», «жашыл» толкундарды пайда кылды.

Бул таасирлердин эң коркунучтуусу ДДТга таандык. Көп өлкөлөрдө аны колдонууга тыюу салынган. Окумуштуулар зыянкечтер менен күрөшүүнүн башка жолдорун, анын ичинде биотехнологиялык жолдорду издөөдө. Ошондой болсо да дүйнөдө жылына 500 минден 2 млнго жакын киши пестициддер менен ууланып, алардын ичинен 10 минден 40 миңге жакыны каза болууда. Алардын көбү өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө таандык.

**8. Балык уулоо.** Балык уулоо эң байыркы кесиптердин бири. Азыркы мезгилде 100 млндой калкты азык-түлүк менен камсыздаган дүйнөлүк чарбанын маанилүү тармагы. Өндүрүлгөн дүйнөлүк деңиз продукциялары жылына 130 млн тоннага жетти.

Суудан кармалган продукциялардын болжол менен $^4/_5$ бөлүгүн деңиз жана океан, калган $^1/_5$ин кургактыктагы суулар берет. Балыктар, калкты жаныбарлардын белогу менен камсыз кылууда мааниси өтө зор, анткени аларда малдын этиндеги белоктон кем эмес белоктор бар жана адам баласынын керектөөлөрүнүн $^1/_4$ бөлүгүн камсыз кылат.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө күрүчкө кошулган кичине балык белоктун бирден-бир булагы болуп эсептелет.

XX кылымда балык уулоонун географиясында олуттуу өзгөрүүлөр болду. Эгерде, экинчи дүйнөлүк согуштун алдында жана андан кийин, балык уулоонун негизги аймагы – Түндүк Атлантика болуп, балык уулоочу өлкөлөр Норвегия, Дания, Улуу Британия, Германия, АКШ болсо, балык уулоонун «эпицентри» Тынч океандын түндүгүнө жана чыгышына, Түштүк Американын жээгине карай ооду. Азыр ошол аймактарда жайгашкан өлкөлөр балык уулоо боюнча алдыңкы орунду ээледи.

Бардык балык уулоонун 30 млн тоннасы жасалма жол менен балык өстүрүүгө же аквакультурага туура келет. Алардын көбү деңиздин өзүндө балык жана башка деңиз организмдерин өстүрүүгө арналган (морекультура). Аквакультура мындан 4 миң жыл мурда Кытайда чыккан. Ушул убакка чейин бул өлкө биринчиликти бербей келе жатат. Аквакультуранын жалпы продукциясынын $^9/_{10}$ бөлүгүн Азия өлкөлөрү берет.

## § 17. Транспорт географиясы

**1. Транспорт** – материалдык өндүрүштүн жетектөөчү үчүнчү тармагы. Транспорт – эмгекти географиялык бөлүштүрүүнүн негизи. Транспорттук ташуулардын көлөмү жана түзүлүшү, эреже катары, экономиканын деңгээлин, транспорттук торлор жана ташуулардын географиясы-өндүргүч күчтөрдүн жайгашуусун көрсөтөт. Транспорт ишканалардын адистешүүсүнө жана кооперативдешүүсүнө таасирин тийгизет. Ансыз материалдык байлыкты өндүргөн жер менен керектелчү жердин аралыгындагы маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгү болбой калат, ошондой эле адамдардын бири-бири менен катташуусу кыйындайт. Бардык жолдор, транспорттук ишканалар жана каражаттар *дүйнөлүк транспорттук системаны* түзөт. Анын масштабы зор. Мисалы, дүйнөлүк транспортто 100 млндон ашык киши иштейт. Транспорттук жолдордун узундугу (деңизден башка) 42 млн *км*. Жылына транспорт менен 100 млрд тоннадан ашык жүк, триллиондой жүргүнчү ташылат. Бул ташууларда миллиондогон транспорт каражаттары катышат.

ИТРдин таасири транспортко да тийип, транспорттун түрлөрүндө «эмгекти бөлүштүрүүнү» жүргүзгөн. Натыйжада, жолдордун өткөрүү мүмкүнчүлүгү жогорулап, транспорттун жаңы каражаттары пайда болуп, алардын сыйымдуулугу артып, ылдамдыгы тездеди. Темир жолдорду электрлештирүү уланып жатат. Эң тез магниттик аба жаздыгынын үстү менен жүргөн поезддер пайда болду.

Автомобиль транспортунда электр, дизель, газ менен иштеген кыймылдаткычтарга көңүл бурула баштады.

Суу транспортунда атом кыймылдаткычтуу, суу астында канат коюлган, аба жаздыктын үстү менен жүргөн кемелерди жана автомобилдерди ташуучу кемелерди иштетүү башталды.

Сыйымдуулугу 300–500 кишилик аэробустар уча баштады. Кийинки кездерде үндөн ылдам учуучу учактарда жүргүнчүлөрдү ташууга көңүл бурула баштады. Жүктү контейнерлөө ташуунун мүмкүнчүлүгүн 7–10 эсеге арттырды.

**2. Дүйнөлүк транспорттук системадагы географиялык айырмачылыктар: өлкөлөрдүн жана региондордун эки тобу.** Жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуунун географиясы бирдей эмес. Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдүн транспорту, эреже катары, техникалык деңгээли жогору жана транспорт тармактарынын жакшы иштегени менен айырмаланат. Бул өлкөлөргө жүк жана жүргүнчү ташуунун 70–80%ы туура келет. Транспорттук торлор менен камсыз болуу, анын жыштыгы жана калктын кыймылдуулугу боюнча да ал өлкөлөр алдыда.

Кийинки жылдарда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө да көп өзгөрүүлөр болду. Ошондой болсо да ал өлкөлөрдүн транспорту артта калууда. Бул өлкөлөрдөгү транспорттук системалардын жакшы өнүкпөгөндүгү алардын

өнүгүп кетишине, жаратылыш байлыктарын өздөштүрүүгө, экономикалык райондордун калыптанышына тоскоолдук кылууда. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө транспорттун бир түрүнүн өнүгүшү мүнөздүү. Мисалы, Индияда, Пакистанда, Бразилияда темир жол, Жакынкы жана Ортонку Чыгышта куур транспорту, Тропиктик Африкада дарыя транспорту өнүккөн, ушул убакка чейин поездди паровоз менен сүйрөтүү кала элек. Калктын кыймылы өнүккөн өлкөлөргө караганда бир нече эсе аз. Ушул убакка чейин жүк ташууга мал жана киши пайдаланылат.

Дүйнөлүк транспорттук системаны экиге бөлгөндөн башка, региондук транспорттук система жөнүндө сөз кылууга болот. Алар КМШнын, Түндүк жана Латын Америкасынын, Чет өлкөлүк Европа менен Азиянын транспорт системалары.

Транспорттун бардыгы мааниси жана өнүгүүсү боюнча эле топтоштурулбастан, колдонуунун географиялык чөйрөсү боюнча да биригип, *кургактык, суу жана аба транспорту* болуп бөлүнөт.

**3. Кургактык транспорт жана анын негизги үч түрү**

***Автомобиль транспортун*** чыныгы XX кылымдын транспорту десе болот. Ал өткөн кылымдын башында түзүлүп, азыркы кезде цивилизациянын ажырагыс элементи болуп калды. Автомобиль жолдорунун узундугу 28 млн *км*ге жетти жана дагы узарууда. Ал жолдордун жарымы беш өлкөнүн – АКШ, Индия, Бразилия, Кытай жана Япония аймагына тиешелүү. Алардан кийин Россия, Канада жана Франция турат. Автомобиль транспортуна, менчик автомобилдерди кошкондо жүргүнчүлөрдү ташуунун $^4/_5$ бөлүгү туура келет. Бирок, автомобилдештирүүнүн деңгээли боюнча өлкөлөр бири-биринен кескин айырмаланат. Мисалы, Германия менен Италияда ар 1000 кишиге 500 жеңил машина, АКШ, Франция, Швеция, Канада, Японияда – 400дөн 500гө чейин, Россияда – 140, Африкада (ТАРды кошпогондо) – 10, ал эми Кытайда – 5 машина туура келет.

Бул абал автомобиль транспортунун өнүгүүгө дагы көп мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтөт жана XXI кылымда ал өсө берет.

***Темир жол транспорту*** жүк ташууда өзүнүн мүмкүнчүлүгүнүн 10%га азайганына карабай, дагы эле кургактыктагы эң маанилүү транспорттун тармагы катары бааланат. Дүйнөлүк темир жол тармагы XX кылымдын башында эле калыптанып калган. Темир жол 140 өлкөдө болсо дагы, алардын $^1/_2$и он өлкөгө – АКШ, Россия, Канада, Индия, Кытай, ГФР, Аргентина, Австралия, Франция жана Мексикага таандык. Ошону менен катар айрым зор аймактарда темир жол сейрек же такыр эле жок. Бирок, XXI кылымдын башында трансконтиненттик темир жол магистралдары долбоорлонуп жатат. Мисалга, Стамбул, Ташкент аркылуу Пекинге чейин Улуу Жибек жолун кайталаган узундугу 10 миң *км* келген темир жол магистралы салына баштады. Азия, Тынчокеандык магистралы Сингапур – Бангкок – Пекин –

Якутск – Беринг кысыгынын астынан туннель казылып – Ванкувер – Сан-Франциско багыты боюнча долбоорлонуп жатат.

***Куур транспорту*** нефть жана газ өнөр жайынын тез өсүшүнүн натыйжасында жана аларды өндүрүп алган жерлер менен керектөөчү калктуу пункттардын аймактык айырмачылыгынан пайда болгон. Нефть газ куурларынын дүйнөдөгү узундугу 2 млн *км*. Эң узун куур магистралынын узундугу 4–5 миң *км* келип, КМШ, АКШ, Канада, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө курулган.

**4. Суу транспорту. Деңиз транспортунун өзгөчө ролу.** Суу транспорту деңиз жана дарыя транспортторунан турат. Деңиз транспорту дүйнөлүк транспорттук системанын эң маанилүү бөлүгү. Деңиз транспортунун өнүгүшү менен Дүйнөлүк океан континенттерди, өлкөлөрдү бөлүп гана турбастан ошондой эле, жакындаштырат. Ал эл аралык сооданын $^4/_5$ бөлүгүн тейлейт.

Деңиз жолдорунун узундугу миллиондогон *км* менен өлчөнөт. Деңиз кемелери негизинен суюк (нефть, нефть продуктуларын), сапырылма кургак (көмүр, кенташтар) жүктөрдү 10 миңдеген *км* аралыкка ташыйт. «Контейнердик революция» деңиз транспорту менен башка жүктөрдү – даяр буюмдарды, чала бүткөн буюмдарды ташууга мүмкүндүк берди. Болжол менен мындай жүктөрдүн $^1/_2$и контейнерлер менен ташылат.

Контейнердик ташуулардын Жер шарын курчаган жолдору же болбосо дайыма иштөөчү «көпүрөлөр» бар. Мындай «көпүрөлөр» Япония менен Батыш Европаны, Япония менен АКШны байланыштырып турат.


Деңиз ташууларын деңиз соода транспорту камсыз кылат. Анын жалпы жүк сыйымдуулугу 550 млн *т*. 1970-жылдарга чейин сыйымдуулуктун жарымы танкерлерге тийиштүү болучу. Азыр алардын үлүшү азайды. Деңиз кемелери 160 өлкөнүн желеги менен сүзүп жүрөт. Мында башкы ролду «биринчи он өлкө» ойнойт. Башында Панама менен Либерия турат. Анткени Панама, Либериянын желектери менен АКШнын, Япониянын, Грециянын, Норвегиянын, ГФРдин, Улуу Британиянын, Италиянын, Швециянын кемелери сүзүп жүрөт. Мындай абал кеме ээлеринин салыктан жана моряктардын айлыктарынан акчаны үнөмдөө үчүн жасаган аракетинин натыйжасы. Демек, чыныгы флот ээлери өнүккөн өлкөлөр, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөдөрдө салыктын аздыгынан, кемелер ошол өлкөлөрдө катталган.

Дүйнөдө ири жана орто деңиз портторунун саны 2,2 миңге жакын. Эң чоң, жылына 50 млн *т* дан ашык жүк жөнөткөн порттор 40ка жетет. Өнүккөн өлкөлөргө ар түрдүү жүктү жөнөтүп жана кабыл алып турган универсалдык порттор мүнөздүү. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө, ошондой эле Канадага, Австралияга, ТАРга көбүнчө экспортко адистешкен порттор мүнөздүү. Географиялык улуу ачылыштардын мезгилинен бери дүйнөлүк кеме жүрүү боюнча Атлантика океаны алдыда. Азыркы күндө, анын жээгинде 70ке жакын өлкө, 1,5 млрд калк жайгашып, бардык деңизде жүк ташуулардын $^1/_2$ин камтыйт.

Анын ичинде деңиз портторунун $^2/_3$си, дүйнөдө жүк ташуу боюнча экинчи орундагы (Сингапурдан кийинки) – Роттердам бар (24-сүрөт).

Жүргүнчүлөрдү ташууда, самолёттордун көбөйүшүнөн, Атлантика океанынын мааниси кескин төмөндөй баштады. XX кылымдын башында Европа менен Түндүк Американын ортосунда эле 2–3 млн жүргүнчүлөр ташылуучу. Эң комфортабелдүү жана тез жүргөн лайнерлер, суу үстүндөгү ак сарайлар – «Нормандия» жана «Франс» (Франция), «Куин Мэри» жана «Куин Элизабет» (Улуу Британия) «Юнайтед Стейтс» (АКШ), «Микеланджело» (Италия). XIX кылымда Атлантиканы тез кесип өткөн кемеге бериле турган байге уюштурулган. Ал байгени «Юнайтед Стейтс» Атлантиканы 3 сутка 10 саат 40 мүнөттө сүзүп өтүп, жеңип алган. Азыркы күндө кемелердин трансатлантикалык жарышы өткөрүлбөйт, кеме лайнерлеринин көбү талкаланып жок болгон.

Деңиз аркылуу жүк ташуу боюнча экинчи орундагы Тынч океандын мааниси күндөн күнгө артууда, үчүнчү орунда Инди океаны. Эң ири жүк ташуулар АКШнын, Япониянын жана Австралиянын жээктеринде жүргүзүлүүдө. Инди океанындагы жүк ташуунун көбү Перс булуңуна топтолгон. Тынч океандын Россия үчүн да мааниси өсүүдө.




**24-сүрөт.** Дүйнөнүн деңиз порттору

Деңизде ташуулардын географиясында эл аралык суу каналдардын мааниси зор, анткени алар дүйнөлүк деңиз жолдорунун кесилишинде жайгашкан. Биринчи кезекте бул Европа менен Азиянын аралыгын 2–3 эсе кыскарткан Суэц жана Панама каналдарына тиешелүү. Ошондой эле Ла-Манш, Гибралтар, Ормуз, Малакка кысыктарынын да мааниси зор. Алардын кээ бирлери тайыз болгондуктан, көптөгөн чоң кемелердин өтүшү үчүн тар болуп калат.

***Ички суу жолдору*** байыркы транспорттун түрү. Бирок, бүгүнкү күндө ал жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча дүйнөлүк транспорттук системада артта калган тармак. Ички суу жолдордун өнүгүүсү жана жайгашуусу региондун жаратылышына, тактап айтканда кеме жүрүүгө ыңгайлуу дарыялардын жана көлдөрдүн болушуна жараша болот. Амазонка, Парана, Миссисипи, Обь, Енисей, Янцзы, Конго дарыялары жүк өткөрүмдүүлүгү боюнча эң кубаттуу темир жол системасынан жогору турат. Бирок, ал мүмкүнчүлүктү пайдалануу өлкөнүн экономикалык абалына байланыштуу. Мына ошондуктан, дүйнөдөгү ички суу жолун пайдаланууда АКШ, Кытай, Россия, Канада, Нидерландия, Франция, Бельгия алдыда турат. Азиянын, Африканын, Латын Америкасынын эң ири дарыяларына дүйнөлүк жүк ташуунун 5% гана туура келет.

Пайдаланып жаткан ички суу жолдорунун $^{1}/_{10}$ бөлүгү жасалма (шлюздалган дарыялар, каналдар) жолдорго туура келет. Алардын эң маанилүүлөрү АКШ, Россия, Кытай, Чет өлкөлүк Европада.

Көлдөрдөгү кеме жүрүүнүн эң башкысы – АКШ менен Канадада, Ыйык Лаврентий дарыясы аркылуу Улуу Көлдөр Атлантика океаны менен туташат. Бул жол менен деңиз кемелери материктин ичине 4 миң *км*ге чейин кире алат.

**5. Аба жолдор транспорту** – эң жаш жана тез өсүп келе жаткан транспорттун түрү. 1950-жылы 30 млн жүргүнчү аба жолдору менен ташылса, 1990-жылы алардын саны 2,3 млрдга жеткен. Башкача айтканда, дүйнөдөгү ар бир үч кишинин бири жылына бир жолу аба жолдору менен саякатта болгон. Аба жолдорунун торлору 10,5 млн *км*ди түзөт. Аба жолдору менен жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча алдыңкы орунду АКШ, андан кийин Япония, Улуу Британия, Кытай, Франция ээлейт.

Аба транспортунун географиясы аэропорттордун санына жараша болот. Аэропорттордун жалпы саны он миңдеп саналат, эл аралык аэропорттордун саны миңге жакын. Алардын эң чоңдору жылына он миллиондой авиажүргүнчүнү тейлейт. Континенттер аралык жүргүнчүлөрдү ташууда, аба транспорту деңиз транспортун артка таштап, биринчи орунга чыккан. Авиажолдордун көбү Атлантика океанын кесип, анын үстүнөн бир убакта жүздөн ашык авиалайнерлер учат.

**6. Транспорт жана айлана чөйрө.** Транспорттун табигый шартка байланыштыгы ар түрдүү жана өтө жогору. ИТРдин өнүгүшү менен ал жаңы формага өттү. Кургактыктагы транспорт үчүн тоолор, суулар, чөлдөр, тропик токойлору жана деңиз кысыктары тоскоол болбой калды. Жаратылыштын «жаңылыштыгын» оңдоп, жасалма суу жолдорун куруу суу транспортунун өнүгүүсүнө түрткү болду.

Ошону менен бирге транспорттун айлана чөйрөгө болгон терс таасири да артууда. Башкы «булгагыч» – автомобиль транспорту, ал чоң шаарларда абага булганыч заттардын $^2/_3$син бөлүп чыгарат. Аба транспорту атмосфераны булгайт, темир жол транспорту, өзгөчө тепловоздорду пайдаланганда түтүн, чаң чыгарат. Транспорттун бардыгы дүрүлдөп үн чыгарып, чөйрөнү жагымсыз абалга алып келет. Суу транспорту гидросфераны булгоонун булагы. Эң көп булгоолор нефть ташыган жолдордо байкалат.

Көп өлкөдө айлана чөйрөнү транспорттук булгануудан коргоо чаралары иштөөдө. Автомобиль бензининде коргошундун үлүшүн азайтуу, электромобилдерди көбөйтүү, суутекти жана газды пайдалануу чаралары көрүлүп жатат.

## § 18. Эл аралык экономикалык мамилелер

**1. Жалпы мүнөздөмө.** Дүйнөлүк чарбанын түзүлүшү, эл аралык эмгектин географиялык бөлүнүшү *бүткүл дүйнөлүк экономикалык мамилелердин* калыптанышына алып келди (БДЭМ). Аларды дүйнөлүк чарбанын «кан тамырлары» десе болот. БДЭМдин өсүү темпи, материалдык өндүрүштүн өсүү темпинен артык, ал чарбалык иштин эл аралык байланышынын көрсөткүчү. Алардын географиясы, биринчи кезекте дүйнөлүк чарбанын эки мүчөлүү экендигин далилдейт. БДЭМде «жетектөөчү» ролду Түндүк ойнойт, анда мындай мамиленин бардык формалары өнүккөн, ал эми «жетелетүүчү» ролду Түштүк аткарат. Түштүктүн көп өлкөлөрү саясий эркиндикке жетишкенден кийин алардын БДЭМге карата абалы оңоло баштады (ОПЭКти алып көрөлү), бирок ал процесс дагы эле жай жүрүп жатат. Ошондуктан Түштүктүн өлкөлөрү, БУУ 1970-жылдардын ортосунда жарыялаган *Дүйнөлүк экономикалык жаңы мамилелер* үчүн күрөшүп жатат.

Түндүк-Түштүк мамилелеринен башка, Түндүк-Түндүк жана Түштүк-Түштүк мамилелеринин чоң мааниси бар. Өтмө экономикалуу өлкөлөр өзгөчө орунду ээлейт.

Бүткүл дүйнөлүк экономикалык мамилелерге көз каранды өлкөлөрдү, ачык экономикалуу өлкөлөр деп эсептешет. Өз кезегинде ачыктыктын даражасы анын экспорттук квотасына – ИДПдагы экспорттун үлүшүнө байланыштуу. Бул квота Европанын жана Азиянын кээ бир жакшы өнүккөн чакан НИС өлкөлөрүндө эң жогору, ал эми өнүккөн, ички рыногу кенен өлкөлөрдө төмөн.

Мисалы, Сингапурда экспорттук квота 80%, Бельгия менен Нидерландияда 55–65%, ГФР менен Францияда 20–25%, АКШда – 9%. Россия да кийинки кездерде 30% га чыкты. Ачык экономиканын белгилүү үлгүлөрүнүн бири эркин экономикалык зоналарды түзүү. Эркин экономикалык зона (ЭЭЗ) бул экономикалык-географиялык абалы ыңгайлуу аймак же шаар. Ал жерде салык жана бажы үчүн жеңилдик берилип, материалдарды, финансыны, жаңы технологияны жана эмгек ресурстарын тартыш үчүн түзүлөт. ЭЭЗ биринчи кезекте чет элдик капиталды, жаңы технологияны тартып, валюталык кирешени көбөйтүп, ички рынокту товарга толтуруу, товарлардын конкуренттик мүмкүнчүлүгүн жогорулатып, тейлөөнү жакшыртыш үчүн уюштурулат. XXI кылымдын башында дүйнөдө 3 миңден ашык ЭЭЗ түзүлүп, анда 3 млнго жакын адам иштеген. ЭЭЗдин дүйнөлүк товар айлануудагы үлүшү $^1/_3$ ге жетти. ЭЭЗдин үлгүсү катары Кытайда, Түштүк-Чыгыш Азияда иштеп жаткан аймактар эсептелет. Бүгүнкү күндө, БДМнын беш формасы жөнүндө сөз кылууга болот.

**2. Дүйнөлүк соода: товар айлануусу, түзүлүшү, географиялык бөлүнүшү.** Дүйнөлүк соода чарбанын эң байыркы түрү, ал ИТРдин убагында кайра жаңырды. Сырткы сооданын жана ички өндүрүштүн өсүү арымдарынын алдыда болгону эл аралык географиялык эмгекти бөлүштүрүүнүн терендеп бара жатканын айгинелеп турат. 1950–2000-жылдарда дүйнөлүк соода айлануу 125 млрддан 13 трлн АКШ долларына чейин жеткен, б.а. 100 эседен ашык өскөн.

Дүйнөлүк сооданын түзүлүшүндө да олуттуу өзгөрүүлөр болду. Ал товар жана тейлөө менен соода кылуу болуп экиге бөлүндү. Товардык түзүлүштө даяр буюмдардын үлүшү көбөйүп, чийки заттардын үлүшү азайды. Даяр товарлардын ичинен электрониканын, электр-техниканын жана автомобилдин, чийки заттардын арасынан – нефтинин жана нефть продуктуларынын үлүшү көбөйдү.

Тейлөө иштери менен соода кылуу, товар менен соода кылууга караганда тез темп менен өсүп, анын дүйнөлүк соодадагы үлүшү $^1/_3$ге жетти.

Эл аралык тейлөө кызматы жаңы кубулуш эмес. Чет өлкөлүк кемелерди жалдап жүк ташуу мурдатан колдонулуп калган. Бир өлкө экинчи өлкөгө кемелерин жүк ташууга берүү – «деңиз киречилери» деп аталат. Киречилерге Грекия, Улуу Британия, ГФР, АКШ, Франция, Нидерландия, Швеция, Дания кирет.

Азыркы күндө учактарды да киреге беришет (чартердик рейстер). Курулушту тейлөөчүлөр да көбөйдү. Андан да кеңири камсыздандыруу, жарнама, кинопрокат тейлөө, илим жана өндүрүштүк жабдууларды ижарага алуу, инженердик долбоорлорду, илимий маалыматтарды, космостук байланыштарды колдонуу тарады.

Дүйнөлүк соода «жашыруун базардын» ишинен запкы тартат, анткени ал жерде мыйзам тыюу салган товарлар менен соода кылынат. Эң коркунучтуусу,

анда банги заттардан тартып куралга чейин сатылат. Бул жердеги тез өткөн товарды уурдалган автомобилдер түзөт.

Дүйнөлүк сооданын түзүлүшү өзгөргөнү менен, аймактык түзүлүшү мурдагыдай эле калууда. Соодада алдынкы орунду Батыштын өнүккөн өлкөлөрү ээлеп келген жана азыр да бардык соода айлануусунун 70%ын камсыз кылат. Биринчи он өлкөнүн ичине Батыштын «чоң жети» өлкөлөрү, Нидерландия, Бельгия жана Корей Республикасы кирет. Мында АКШ лидерлик кылат, бирок анын соода балансы тескери мааниде. Бул өлкөлөрдүн ортосунда зор товар айлануулар жүрөт (АКШ – Канада, АКШ – Япония, ГФР – Франция). Дүйнөлүк соодада экинчи орунду Түштүк өлкөлөрү ээлейт. Мындай абал Азиянын НИӨтери жана нефть экспорттоочу ОПЕКтин мүчөлөрүнүн аркасында түзүлгөн. Үчүнчү орунда өткөөл экономикалуу өлкөлөр, алардын ичинде Россия да бар. Бирок, 1990-жылдардан кийин Россиянын үлүшү азайып, 1,5%ке чейин түшкөн (АКШныкы 14–16%).

Бирок, дүйнөлүк рынокто атаандаштык ар дайым болуп, кээде «соода согуштары» чыгып турат. Мисалы, Япониянын ишенимдүү, үнөмдүү, ыңгайлуу жана «таза» (абага зыяндуу заттарды аз чыгарган) автомобилдери АКШнын рыногунда кеңири сатылууда; өткөн кылымдын 80-жылдарында эле АКШдагы беш машинанын бири япон маркасындагы автомобиль болгон. Япондук «Хонда» жана «Ниссан» фирмалары АКШда автомобиль заводдорун курган. Бул абал эки өлкөнүн ортосунда көпкө созулган «автомобиль согушунун» чыгышына себеп. Дүйнөлүк сооданы жөнгө салуу үчүн дүйнөлүк соода уюму (ВТО) түзүлгөн. Ал уюмга 140 өлкө мүчө болуп кирген, анын ичинде Кыргыз Республикасы да бар. Ага дүйнөлүк товар айлануунун $^{9}/_{10}$ бөлүгү таандык.

**3. Эл аралык финансы-кредиттик мамиле.** Эл аралык финансы-кредиттик мамиле БДЭМдин жаңы формасы, бирок, азыркы кезде биринчи даражадагы мааниде. Биринчи кезекте ТНКнын аракети менен мындай мамилелер бүткүл дүйнөгө тарады. Алар кредиттер, ижаралар жана капиталды экспорттоо, өзгөчө түз инвестициялоо жолу менен өндүрүштөрдү жана тейлөө чөйрөлөрүн түзүүдө көрүнөт. XXI кылымдын башында мындай инвестициялардын көлөмү 3,5 трлн АКШ долларына жетти.

Финансы агымынын (же капиталдын миграциясынын) географиясында чоң өзгөрүүлөр болуп жатат. Эгерде экинчи дүйнөлүк согушка чейин капитал метрополия-өлкөлөрдөн тоо-кен өнөр жайы жана плантациялык чарба өнүккөн колонияларды карай агылса, ИТР убагында илимди көп талап кылган тармакка жана тейлөө чөйрөсүнө капиталды салуу пайдалуу болгонуна байланыштуу капиталдын «башкы көчөсү» Батыш Европаны, АКШ жана Японияны байланыштырып салды. Булардын ичинен финансылык операциялардын масштабы жагынан биринчи орунда Батыш Европа (өзгөчө Улуу Британия, ГФР, Франция, Нидерландия), экинчи орунда

АКШ, үчүнчү – Япония. Түштүк өлкөлөрүнүн абалы оор, алардын Түндүктүн өлкөлөрүнө карызы 2 трлн АКШ долларынан ашык. Бирок, кийинки он жылдыктын ичинде Түштүктө да капитал чыгаруучу эки ири борбор пайда болду. Биринчи кезекте бул Перс булунунун нефть экспорттоочу өлкөлөрү. Ал жактан нефть-доллар Батыш Европанын, Азиянын жана Африканын көп өлкөлөрүн карай агыла баштады. Экинчи борборду «азиянын жолборстору» – Сингапур, Малайзия жана Тайвань түздү. Өтмө экономикадагы өлкөлөрдөн финансылык рынокто Кытай менен Россия негизги ролду ойнойт. Кытай жалаң эле ири инвестицияларды албастан, өзүнөн капиталды да чыгарат. Россия финансылык каражатка өтө муктаж, ошондуктан аны Батыш өлкөлөрүнөн алууга умтулууда.

Капиталдын эл аралык кыймылын *Бүткүл дүйнөлүк банктын тобу жана Эл аралык валюта фонду* жөнгө салып турат. Бирок, 1997-жылкы АСЕАН өлкөлөрүн, кийин Корея Республикасын, Японияны жана көп өлкөлөрдү камтыган, финансылык кризистен кийин, уюштуруучу катары өз милдетин аткаруу кыйын боло баштады. Азыр дүйнөлүк финансы системасын реформалоо жөнүндө иш жүрүүдө.

**4. Эл аралык экономикалык мамилелердин башка жактары.** Буга бир нече формада аткарылган эл аралык өндүрүштүк кызматташуу кирет. Биринчиден, бул эл аралык адистешүү жана кооперативдешүү, өзгөчө автомобиль өндүрүү өнөр жайында кеңири тараган.

Экинчиден, көп жактуу биргелешкен өндүрүш продукциясын чыгаруу. Мисалы, Франция, Улуу Британия, ГФР, Испания, Нидерландия жана Бельгия биргелешип А-300 аэробусун жана анын модификацияларын чыгаруусу. Ар бир өлкө тиешелүү тетиктерди чыгарып, Франциянын Тулуза шаарында чогултат.

Үчүнчүдөн, чоң чарбалык курулуштарга көмөк көрсөтүү. Мындай көмөктөрдү мурдагы СССР социалисттик өлкөлөрдүн көбүнө көрсөткөн. Азыр Россия атом энергетикасы боюнча жардамын Кытайга, Индияга, Иранга, Кубага берип жатат.

Эл аралык өндүрүштүк кызматташуу көбүнчө биргелешкен ишканаларды курууга алып келет (БИ). Ал ишканага өз капиталы менен бирге чет элдик өнөктөрдүн да каражаттары кошулат.

Илимий-техникалык кызматташтык эл аралык экономикалык мамиленин ИТР менен байланышкан жана мамлекет аралык адистешүүнүн өндүрүшүндө гана эмес, илимдин жетишкендиктерин алмашуу боюнча (патент жана лицензия) болгон. Бул ошондой эле биргелешкен илим изилдөө долбоорду аткаруунун (Эл аралык космостук станция – МКС) дагы бир маанилүү формасы.

**5. Эл аралык туризм: туристтердин кескин өсө башташы.** Эл аралык туризм тейлөөнүн кеңири тараган формасы. Кийинки он чакты жыл ичинде

дүйнөдө чыныгы туристтик бум байкалууда. Саякатка чыгуу бир жагынан өндүргүч күчтөрдүн өсүшү менен жана транспорттук каражаттардын жакшырышынан болсо, экинчи жагынан урбанизацияга, калктын турмушунун жакшырышына, элдин маданий деңгээлинин жогорулашына, башка өлкөлөрдү, башка элди көрүүгө ынтызарлыгынын артышына байланыштуу.

Максаты боюнча эл аралык туризм – ден-соолукту чыңдоочу (рекреациялык), көрүүгө кызыгуучу (экскурсиялык), ишкердик, илимий болуп бөлүнөт. Кийинки кездерде башка да жаңы түрлөр пайда болууда, мисалы, экологиялык туризм, экстремалдык туризм – деңизде сүзүү, Арктикага же Антарктикага саякат сыяктуулар. Космостук туризм да башталды.

Жүрүү ыкмасы боюнча – автомобиль, темир жол, авиация, деңиз дарыя туризми болуп бөлүнөт. Эл аралык туризмде автомобиль жана авиация туризми үстөмдүк кылат. Кийинки кездерде комфорттуу кемелер курулуп, деңизде круиз туризми күч алууда. Ошону менен бирге туризм индустриясы өнүгүп, мейманканалар, отелдер, кемпингдер курулуп, туристтик, информациялык жана жарнама фирмалары уюштурулуп, сувенирлерди чыгаруучу ишканалар иштей баштады. Эл аралык туризм киреше алып келчү тармакка айланып, дүйнө боюнча кирешенин көлөмү жылына 500 млрд долларга жетти. Мындай кирешенин абсолюттук көлөмү боюнча АКШ алдыда. Бирок, ИДПнын үлүшү боюнча туристтик тейлөөнүн эсебинен жашаган «курорттук» чакан мамлекеттер биринчи орунда.

Чет өлкөлүк туристтерди өзүнө тарткан башкы өлкөлөр – Франция, Испания жана Италия. Азияда Кытай, Малайзия, Түндүк Америкада – АКШ, Латын Америкасында – Мексика туристтерди көп кабыл алат.

*Башкы тыянак.* Дүйнөлүк чарба тармактарынын географиясы түрдүү факторлордун таасири астында жана узак убакыттар бою калыптанат. Алар азыр да ИТРдин жана эл аралык саясий-экономикалык климаттын жакшырышынын таасири астында өзгөрүүдө.

**Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)**

1) 1980-жылдардын башында узундугу 2,5 миң *км* келген Алжир – Италия газ кууру Жер Ортолук деңизди кесип, анын түбү менен 500–600 *м* терендикте өткөрүлгөн. Трассаны тандоо суу астында сүзүүчү кеме менен изилденип, түтүктү атайын курулган куур-салуучу кеме орноткон. XXI кылымдын башында дагы эки газ кууру Гибралтар кысыгынын түбү аркылуу Алжирден Испанияга, Кара деңиздин түбү менен Россиядан Түркияга кеткен багытта курулган.

2) Жылына киши башына электр энергиясын иштеп чыгаруу боюнча рекордсмен Норвегия, ал 31800 *кВт* энергия өндүргөн: киши башына эң аз электр энергиясын өндүргөн өлкө – Чад (14 *кВт*), Норвегияга караганда 2271 эсе аз.

3) Норвегия өзүнүн электр энергиясына болгон муктаждыгынын 99,5%ын ГЭСтен алат, 200гө жакын ГЭС иштейт.

4) Кытайдагы Янцзы дарыясынын баш жагында кубаттуулугу 18 млн *кВт* келген ГЭС курулуп жатат. Анын плотинасынын бийиктиги 180 *м*, узундугу 2,5 *км*, плотинага 26 турбина орнотулат. Суу сактагычтын узундугу 700 *км* болот.

5) XXI кылымдын башталышында электр энергиясынын жарымын АЭСтерде иштетип чыгарган үч гана өлкө бар алар; Литва, (80%), Франция (78%), Бельгия (57%). АКШда анын үлүшү 25%, Россияда 15%.

6) Исландия үйлөрдү жылытуучу табигый ысык суулар менен камсыз кылуучу бирден бир өлкө. Бул максатта өлкөнүн борбор шаары – Рейкьявикте өткөн кылымдын 30-жылдарынан баштап көлмөлөр курулуп, атайын түтүктөр менен керектөөчүлөргө ысык суу жиберилген. Исландия геотермдик суу менен жылытылган жайларда өстүрүлгөн алма, помидор жана башка жашылчалар, жада калса банан менен да өзүн-өзү камсыз кыла алат.

7) Данияда 4 миңге жакын жел курулмалары иштеп, алар жалпы электр энергиясынын 4–5%ын берет. 2030-жылга чейин ал энергияны иштетип чыгаруу 25–30%га жетиши мүмкүн. Ошол эле убакта атмосферага көмүртектин чыгышын эки эсеге чейин кыскартууга болот. Кийинки кездерде бул көрсөткүч боюнча Данияны Германия басып өтүшү мүмкүн, анткени анда дүйнөдөгү эң чоң «жел энергетикалык паркы» курулду.

8) Адам коомунун тарыхында 130 миң *т* алтын казылып алынган. Азыр эң көп алтынды казып алган өлкөлөр: ТАР (450 *т*), АКШ (350 *т*), Австралия (300 *т*), Канада (170 *т*), Кытай (160 *т*), Россия (130 *т*). 1990-жылдарда алтын казып алуу тез темп менен Австралияда жана Кытайда өсө баштаган, ал эми ТАР менен Россияда азая баштаган.

9) Дүйнөдө болот эритүүдө 100 млн *т*дан 200 млн *т га* жетиш үчүн 24 жыл талап кылынган (1927–1950), 200 млн *т*дан 300 млн *т га* жетүү үчүн 8 гана жыл керек болгон (1950–1958); Болот эритүү 1964-жылы – 400 млн *т*, 1968-жылы – 500 млн *т*, 1970-жылы – 600 млн *т*, 1973-жылы – 700 млн *т*, 2009-жылы 1000 млн *т*дан ашкан.

10) 1950-жылы дүйнөдө 10 млн автомобиль чыгарылса, 1970-жылы – 30 млн, 1990-жылы – 48 млн, 2000-жылы 58 млн, 2009-жылы 73 млндон ашкан.

Жылына 73 млн автомашина чыгарылса, анда күнүгө автомобиль заводдорунун конвейеринен 200 миң машина чыгат экен. Бирок, жылына 30 млн автомашина таштандыларга түшөөрүн эске алуу керек.

11) Индияда киши башына жылына 3 *кг* кагаз чыгарылса, дүйнө боюнча орто эсеп менен 45 *кг*, Европа өлкөлөрүндө 200 *кг*, ал эми Финляндияда – 2300 *кг* кагаз чыгарылат.

12) 1984-жылы Индиянын Бхопал шаарында америкалык компанияга тиешелүү химия заводунда авария болгон. Натыйжада 5,3 миң киши каза тапты, ондогон миң киши жабыркады. Бул окуя Гинесстин китебине абанын эң чоң катастрофалык булганышы катары кирип калды.

13) Айыл чарбасы Батыш Европада жана Японияда өтө механикалашкан жана химиялашкан. 1990-жылдарда Японияда 1000 *га* айдоо жерге 450, ГФРде – 200, Италияда – 150 трактор туура келген. Минералдык жер

семирткичтер 1 *га* жерге бардыгынан көп Нидерландияда (550 *кг*), Бельгия менен Японияда (400 *кг*), ГФР де (390 *кг*) чачылат.

14) Буудай апрель – июнь айларында АКШнын түштүгүндө, Жер Ортолук деңиздин жээгинде, Кытайда жана Индияда, июль – августта АКШнын калган аймактарында жана Европада, Канадада, декабрь – мартта Аргентинада, Австралияда жана Жаңы Зеландияда орулат.

15) Кофе өстүрүп жана аны сатуу менен 25 млн калк оокат кылат. Кофени 50 өлкө экспорттойт. Наркы жана аны сатуу боюнча азык-түлүк товарларынын ичинен буудайдан кийинки экинчи орунда кофе турат. Латын Америкасында даамы менен айырмаланган кофенин «арабика» деген сорту өстүрүлөт. Африка менен Азияда болсо бат эрий турган кофенин сорту «робуста» өстүрүлөт.

16) Дүйнөдө жылына 425 млн *т* мөмө-жемиш чогултулат; анын 65 млн тоннасы апельсин (бардыгынан көп Бразилия менен АКШда), 60 млн тоннасы банан, 57 млн тоннасы жүзүм, 55 млн тоннасы алма, 46 млн тоннасы дарбыз жана кокос, 22 млн тоннасы манго, 16 млн тоннасы мандарин, 13 млн тоннасы алмурут, 10 млн тоннасы лимон.

17) Дүйнөлүк жүк ташууга 200 миңден ашык локомотив, бир нече миллион вагон, 700 млнго жакын автомобиль, 80 миң кеме, 15 миңге жакын рейстик самолёт катышат. Бардык транспорттук каражаттардын жүк ташуу көлөмү 1,5 млрд тоннага жетет.

18) Тез жүрүүчү темир жол магистралдарын куруу боюнча зор ийгиликтерге Франция менен Япония жеткен. 1990-жылы Францияда пассажирдик поездин ылдамдыгы боюнча (саатына 515 *км*) рекорд коюлган. Японияда 1999-жылы магнит жаздыктын үстү менен жүргөн поезддин ылдамдыгы саатына 552 *км*ге жеткен. Кадимки тез жүрүүчү поездики 200дөн 250 *км*ге, кээде 300 *км*ге чейин жетет.

19) Үндөн тез учуучу самолёттор (англия-француздук «Конкорд» жана советтик Ту-144) өткөн кылымдын 60-жылдарында эле курулган, бирок, ар кандай себептер менен пайдалануудан алынып ташталган. Бирок, 1990-жылдарда эксперименттик учуулар кайра башталган. 1995-жылы «Конкорд» реклама үчүн дүйнөнү айланган учууну баштап, 6 жерге конуп, Жерди айланып учуп, Нью-Йорктон Нью-Йоркко чейинки маршрут боюнча 40217 *км* аралыкты басып өткөн. Бул аралык 31 саат 27 мүнөт 40 секунда убакытты талап кылган. Лондон менен Нью-Йорктун арасын «Конкорд» 3 саат 40 мүнөттө басып өткөн. 2003-жылдын аягында «Конкорддун» учуусу дагы токтоду, анткени аларды пайдалануу кымбатка түшөрү аныкталды. Россияда Ту-144 самолётун сыноолор улантылып, анын негизинде крейсерлик ылдамдыгы саатына 2300–2500 *км* боло турган Ту-244 самолётун куруу иштелип жатат.

20) Автомобилдешүүнүн деңгээли бир жеңил машинага канча киши туура келе тургандыгы менен мүнөздөлөт. Бул көрсөткүч 1950-жылы 46, 1970-жылы 18, 2000-жылы 9 киши болгон. АКШда бир машинага 2ге жетпеген киши, ГФР, Франция, Улуу Британияда 2ден 3кө чейин, ал эми Кытайда – 300 киши туура келет.

21) Батыш Европадан Японияга кеткен транзит жүктөрү КМШнын аймагы аркылуу Транссибирь «көпүрөсү» – Транссибирь темир жолу аркылуу эң узун (9322 *км*) жолду басып, Находка жана Восточный портторуна келип, андан ары деңиз жолу менен Иокогамага барат. Бул жолдун узундугу 13 миң *км*, эгерде Батыш Еропадан Суец каналы аркылуу жүрсө – 20 миң *км*, ал эми Африканы айланып барса – 26 миң *км* жол басмак.

22) Ла-Манш кысыгы аркылуу суткасына – 800, Эресун аркылуу – 175, Гибралтар аркылуу – 200, Ормуз аркылуу – 100, Малакка аркылуу 80, Босфор аркылуу – 40 кеме өтөт. Ла-Манш кысыгынын терендиги 24–30 *м*, Каттегат – 26 *м*, Босфор – 27 *м*, Малакка – 25 *м*. Эң чоң танкерлер Перс булуңунан Батыш Европаны карай барганда Франция менен Улуу Британиянын батыш жээктерине, Японияга Малакка кысыгы аркылуу эмес, тереңирээк Зонд жана Макасар кысыктары аркылуу өтөт.

23) Дүйнөдөгү эң чоң аэропорттордун алтоосу АКШда, алардын ичинде Атланта шаарынын (жылына 80 млн жүргүнчүнү тейлейт), Чикаго шаарынын (жылына 73 млн), Европада Лондондун «Хитроу» (жылына 65 млн жүргүнчү), Франкфурт-на-Майнедеги «Рейн-Майн» (жылына 50 млн), Париждеги «Шарль-де-Голль» (жылына 48 млн) аэропорттору белгилүү. Токиодогу «Ханеда» аэропорту жылына 56 млн жүргүнчү кабыл алат. Москванын «Шереметьево» аэропорту жылына 11–12 млн жүргүнчү тейлейт.

24) Норвегиянын деңиз флотунун көбү чет элдик порттордун ортосунда кире тартып жүрүшөт. Ал өлкөнүн миңдеген кемелери өз өлкөсүнүн портторуна бир да жолу кирген эмес.

25) Батыш Европадан жылына 1 млндон ашык автомобиль уурдалып, башка жака сатылат же запастык бөлүктөргө бөлүп алышат. Россияда жылына 100 миң автомобиль уурдалат.

26) Гинесс Китебине 2001-жылы рекордсмен катары узундугу 311 *м*, туурасы 48 *м*, жүк көтөрүмдүүлүгү 142 миң *т* болгон Кытайдын «Мореплаватель» кемеси кирген, ал өзүнүн бортуна 3114 жүргүнчүнү жана 1181 кишиден турган командасын кабыл алган. Бирок, кийинчерээк Франциянын Сен-Назер шаарындагы верфде дүйнөдөгү эң чоң лайнер курулган. Анын бийиктиги 23 кабаттуу үйдөй, узундугу 345 *м*. Анын 15 катар палубасында эс алуучу аянттар, ресторандар, бий залдары, сууда сүзүүчү бассейндер жайгашкан.

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. 23-сүрөттү талдап көргүлө. XX кылымдын ичинде ар түрлүү энергия-ресурстарды пайдаланууда кандай өзгөрүүлөр болду жана алардын чектерин аныктагыла. Тиркемедеги таблицага таянып ар кайсы өлкөлөрдөгү негизги энергия-ресурстардын киши башына керектөө деңгээлин аныктагыла. Ушул көрсөткүчтөрү боюнча чоң айырмачылыктары бар өлкөлөрдөн мисал келтиргиле.
2. Окуу китебиндеги материалдарды, сүрөттөрдү жана таблицаларды пайдаланып, нефть өнөр жайына кеңири мүнөздөмө бергиле. Нефть өндүрүп алуучу алдыңкы он өлкөнү атагыла, нефть «көпүрөлөрдү» аныктагыла.

3. Окуу китебиндеги материалдарды, сүрөттөрдү жана таблицаларды, атласты пайдаланып, газ өнөр жайына кеңири мүнөздөмө бергиле. Дүйнөдөгү газ чыгаруучу алдыңкы он өлкөнү атагыла. Дүйнөлүк чарбаны мүнөздөөнүн типтүү планын пайдалангыла.
4. Окуу китебиндеги материалдарды, сүрөттөрдү, таблицаларды жана атластагы энергетика карталарын пайдаланып, көмүр өнөр жайына кеңири мүнөздөмө бергиле. Көмүр казып алуучу алдыңкы он өлкөнү, «көмүр көпүрөлөрүн» атагыла; муну менен байланышкан кандай элестер пайда болду? Дүйнөлүк чарбаны мүнөздөөнүн типтүү планын пайдалангыла.
5. Окуу китебиндеги тексттин, тиркемедеги таблицаларды, атластагы дүйнөлүк энергетика карталарын пайдаланып, дүйнөлүк электр-энергетиканы мүнөздөп бергиле. Түндүк өлкөлөрү менен Түштүк өлкөлөрдүн ЖЭС, ГЭС, АЭСтериндеги электр-энергиясын өндүрүүнү салыштыргыла.
6. Дүйнөдө кайсы жер менен тоокен өнөр жайынын продукциясын ташый турган «темир жол көпүрөлөрү» пайда болгонун талдагыла.
7. Окуу китебиндеги тексттин, сүрөттөрдү, тиркемедеги таблицаларды пайдаланып, дүйнөдөгү кара металлургияны мүнөздөгүлө. Дүйнөлүк чарбаны мүнөздөөнүн типтүү планын пайдалангыла.
8. Түстүү металлдын атластагы картасын карап туруп, дүйнөдө кайсы өлкөөр, түстүү металлды эритүү боюнча алдыда экенин аныктагыла. Ошол эле картадан алюминий өнөр жайынын – 1) өзүнүн ички чийки заттарына же 2) ташылып келген чийки заттарга көз карандылыгын аныктагыла. Тиркемедеги таблицаларды да пайдалангыла.
9. Атластагы машина куруунун карталарын, тиркемедеги таблицаларды жана окуу китебиндеги материалдарды пайдаланып, дүйнөдөгү машина куруунун географиясына мүнөздөмө бергиле. Дүйнөлүк чарбада бул тармактын бирдей жайгашпагандыгына мисал келтиргиле. Ошол эле картадан машина куруу-ну системалаштырган «Машина куруунун дүйнөдөгү деңгээли боюнча өлкөлөрдүн топтору» – деген темада дептеринерге таблица түзгүлө. Өлкөлөрдүн төрт тобун аныктагыла.
10. Химия өнөр жайынын атластагы карталары боюнча бул тармактын негизги белгилерин аныктап, окуу китебинин материалдарын конкреттештиргиле. Тиркемедеги таблицаны да пайдалангыла.
11. Атластагы дүйнөнүн текстиль өнөр жайынын картасынан бул тармактын жайгашуусунун негизги белгилерин аныктап, окуу китебиндеги материалдарды конкреттештиргиле. Тиркемедеги таблицаны да колдонгула.
12. Окуу китебиндеги материалдарды, сүрөттөрдү, тиркемедеги таблицаларды жана атластагы айыл чарбасынын карталарын пайдаланып, дан өсүмдүктөрүнүн дүйнө боюнча таралышын мүнөздөгүлө. Буудай жана күрүч боюнча алдыңкы он өлкөнү атагыла.
13. Окуу китебиндеги материалдарды, сүрөттөрдү, тиркемедеги таблицаларды жана атластардагы айыл чарбасынын картасын пайдаланып, дептеринерге системалаштырылган мал чарбасы жөнүндө төмөндөгүдөй таблица түзгүлө.

| Мал чарбасынын тармактары | Мал баккан өлкөлөр |
|---|---|
| а) Бодо мал<br>б) Чочко<br>в) Кой | |

**Мал чарбасынын мындай жайгашуусун силер кандай түшүндүрөсүңөр?**

**14.** Атластагы дүйнөлүк транспорттун картасын пайдаланып, Европанын, Азиянын, Африканын, Американын, Австралиянын жана Океаниянын транспорт менен камсыз болуусун салыштырып көрсөткүлө. Темир жол транспорту такыр жок өлкөлөрдүн мисалын келтиргиле.

**15.** Тиркемедеги таблицаны колдонуп, дүйнөдөгү соода флотунун тоннажы боюнча алдыңкы он өлкөнү атагыла. Кеме жүрүүчү негизги багыттарды аныктагыла. Дүйнөлүк ири портторду аныктап, алардын географиясын түшүндүргүлө.

**16.** Тиркемедеги таблицаны, сүрөттөрдү пайдаланып, окуу китебиндеги материалдардан туристтик бум жөнүндөгү маалыматтарды тактагыла. Дүйнөдөгү туристтер көп барган регионлорду атагыла.

**17.** 1. (Дептер менен иштөө) Окуу китептеги текстти, тиркемедеги таблицаларды, сүрөттөрдү пайдаланып «Өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын чыгаруу боюнча биринчи, экинчи, үчүнчү орундагы өлкөлөр» – деген диаграмма түзгүлө. Бул диаграмманы талдап жатып, кандай суроолорду берсе болот? 2. Бул теманы окуганда окуу китебинин жана атластын карталарын пайдалангансыңар. Ал карталарда картографиялык ыкмалардын кайсынысы колдонулган жана алардан кандай маалымат алууга болот? 3. (Дептер жана контур карта менен иштөө.) Окуу китебинин текстине, сүрөттөргө жана атластагы карталарга таянып, «Өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын экспортко чыгарган башкы өлкөлөр» – деген таблицаны түзгүлө. Силердин оюңарча, аталган экспорттук товарлар өлкөнүн эл аралык адистешүүсүнүн натыйжасы деп айтууга болобу? Ал өлкөлөрдү контурдук картага түшүргүлө. 4. (Дептер менен иштөө.) Бул курстан алган билимдин негизинде жана мурдагы география курстарынын маалыматтарына таянып, «Өнөр жайдын, айыл чарбасынын жана транспорттун айлана чөйрөгө тийгизген таасири» – деген системалаштырылган таблица түзгүлө.

| 1-топтогу тармактар | 2-топтогу тармактар | 3-топтогу тармактар | 4-топтогу тармактар |
|---|---|---|---|
| Айлана чөйрөнүн бардык же көп компоненттерине таасирин тийгизет | Көп учурда абаны булгайт | Көп учурда сууну булгайт | Көп учурда топурак кыртышын бузат |

Окуу китебиндеги текстке таянып, географиялык мисалдар менен системалаштырылган таблица түзгүлө.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

**Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле**

1. XX кылымда дүйнөлүк отун энергетикалык балансттын түзүлүшүндө кандай жана эмне үчүн өзгөрүүлөр болду?
2. Эмне үчүн нефтини казып алуучу район менен керектөөчү райондун ортосунда аймактык чоң айырмачылыктар пайда болду?
3. Эмне үчүн машина куруу жана химия өнөр жайы боюнча өнүгүп келе жаткан өлкөлөр туташ «ак так» болуп калган?
4. Дан өсүмдүктөрүнүн жайгашуусунун негизги белгилери кандай?

**Силер кандай ойлойсуңар?**

1. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасынын түзүлүшүндөгү кен казып алуучу өнөр жайынын тармактарынын үлүшү менен өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасындагы ал тармактын үлүшүнүн төмөндөшүнүн кандай байланышы бар? Булар эмнени күбөлөндүрүп турат?
2. Ири деңиз портун өлкөнүн дүйнөлүк чарбадагы экономикасынын абалын көрсөткөн өзүнчө бир барометр деп айтууга болобу?
3. Ф. Энгельстин айтуусу боюнча эмне үчүн Атлантика океаны «дүйнөлүк сооданын улуу жолу болуп калды»?

**Силер билесиңерби?**

1. Төмөнкү саналган өлкөлөрдөн кайсылары көмүр казып алуу боюнча дүйнөдө биринчи эки орунду ээлейт: Канада, Кытай, Улуу Британия, Россия, Польша, АКШ.
2. Төмөнкү саналган өлкөлөрдүн кайсынысы металлды көп эритет: а) кара металлды, б) түстүү металлды, в) кара жана түстүү металлдарды – Россия, Украина, Канада, Замбия, Чили, Малайзия, Япония, АКШ.
3. Төмөнкү саналган өлкөлөрдүн кайсы бешөө буудай экспорттоочу өлкөлөргө кирет: Аргентина, Улуу Британия, АКШ, Индия, Франция, Канада, Австралия, Бразилия, Индонезия, Египет.
4. Төмөнкү өлкөлөр малдын кайсы түрү боюнча биринчи орунда турат: Кытай, Индия, Австралия.
5. Төмөнкү саналган өлкөлөрдүн кайсы үчөө дүйнөдө эң ири деңиз флотко ээлик кылат: Улуу Британия, АКШ, Греция, Франция, Япония, Либерия, Панама, Норвегия.

**Төмөндөгү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла**

1. Контур картага төмөнкү өлкөлөрдү картаны карабай туруп түшүрө аласыңарбы? Польша, Румыния, Грекия, Филиппин, Малайзия, Корей Республикасы, Либерия, Замбия, Чили, Панама.
2. Кийинки терминдерге түшүндүрмө бергиле: эң жаңы тармак, традициялык эмес (альтернативалык) энергиянын булагы, контейнерлештирүү, эркин экономикалык зона (ЭЭЗ).

3. Негизги беш нефти казып алуучу өлкөлөрдү катарга тизгиле (чоңдон төмөнгө карай): 1) Мексика, 2) АКШ, 3) Иран, 4) Россия, 5) Сауд Арабиясы.
4. Негизги беш электр-энергияны көп өндүргөн өлкөлөрдүн тизмегин тизгиле (төмөндөн жогору карай): 1) Россия, 2) Япония, 3) АКШ, 4) Кытай, 5) Канада.
5. Машина куруу тармагы жакшы өнүккөн жана начар өнүккөн өлкөлөрдөн экиден мисал келтиргиле.
6. Картадан дүйнөдөгү эң чоң портту көргөзгүлө жана Европанын, Азиянын, Түндүк Американын экиден чоң портторун атагыла.
7. Кийинки сүйлөмдөрдүн тууралыгын аныктагыла, туура эмесин туура кылып оңдогула: өндүрүп алынган нефтинин көпчүлүгүн ал өлкөлөр өзүлөрү керектейт; Япония экономикалык жагынан жакшы өнүккөн Батыштын өлкөлөрүнүн ичинен болотту көп эриткен өлкөлөргө кирет; Дүйнө боюнча күрүчтү жыйноонун $^{9}/_{10}$ бөлүгү Азия өлкөлөрүнө туура келет; дүйнөлүк темир жолдун жалпы узундугу эң эле тез өсүп жатат; Австралиянын экспортунда машина жана ар кандай жабдуулар үстөмдүк кылат.
8. Кийинки сүйлөмдөрдөгү калтырылып кеткен сөздөрдү ордуна койгула. Дүйнөдө машина куруу өнөр жайынын ………… сыяктуу негизги региондору калыптанды. Дан өсүмдүктөрү бардык иштетилген аянттардын …………………бөлүгүн ээлейт жана алардын ичинен өзгөчө …………… белгилесе болот.

### 5-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калыш керек?

1. Кыргызстандын эл чарбасынын түзүлүшү жана тармактар аралык өндүрүш комплекстеринин географиясы (9-класстын географиясы) 2. Материктердеги жаратылыш зоналарынын жайгашуусу (7-класстын географиясы). 3. Океандагы чарбалык иштердин түрлөрү жана анын байлыктары (7-класстын географиясы). 4. Маданий өсүмдүктөрдүн пайда болушу (7-класстын биологиясы). 5. Нефтинин, жаратылыштагы темирдин, алюминийдин жана жер семирткичтердин курамы жана касиеттери (9–10-класстардын химиясы). 6. Дүйнөлүк жаратылыш ресурстарынын географиясы жана аларды пайдалануудагы экологиялык көйгөйлөрү (10-класстын географиясы, 11-класстагы геоэклогиянын негиздери). 7. Аймактык жаратылыш комплекстеринин (АЖК), аймактык өндүрүш комплекстеринин (АӨК), иштетүүчү жана казып алуучу өнөр жайынын, материал жана энергия керектөө мүмкүнчүлүгүнүн, өнүгүүнүн интенсивдүү жана экстенсивдүү жолдорунун, отун-энергетикалык баланстын, конструкциялык материалдардын, экспорт, импорт жана жүк айлануунун түшүнүктөрүн жана терминдерин.

### Эмнени өздөштүрүү керек?

### 5-теманын негизги идеяларын

1. ИТРдин убагында өндүргүч күчтөрдүн географиясына илимий-техникалык прогресс улам күчөгөн таасирин тийгизет.

2. Бир дагы өлкө, канчалык чоң болсо да бүткүл дүйнөлүк экономикалык мамилесиз өнүгө албайт.

### 5-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Дүйнөлүк отун-энергетикалык, металлургиялык, машина куруу, химия, текстиль өнөр жайларынын курамы жана негизги белгилери.
2. «Жашыл революция» жөнүндө түшүнүк.
3. Дүйнөлүк дыйканчылыктын жана мал чарбачылыктын курамы жана негизги белгилери.
4. Кургактыктагы, суудагы жана абадагы транспорттун дүйнөлүк курамы жана негизги белгилери.
5. Дүйнөлүк экономикалык мамилелердин курамы жана негизги белгилери.
6. Теманын негизги сөздөрү: эски тармак, жаңы тармак, эң жаңы тармак, дүйнөлүк энергетикалык кризис, альтернативалык энергиянын булагы, дүйнөлүк чийки заттын кризиси, «тоо кендин улуу өлкөсү», товардык айыл чарба, керектөөчү айыл чарба, агробизнес, дүйнөлүк транспорттук система, дүйнөлүк порт, ачык экономика, эркин экономикалык зона, түз инвестиция.

### Эмнени билүү керек?

1. Типтүү планды колдонуп дүйнөлүк чарбага мүнөздөмө берүүнү.
2. Дүйнөлүк чарбаны жайгаштыруу үчүн, жайгашуунун факторлору менен эл аралык адистешүүнү эске алууну.
3. Ар кандай катышта окуу китебинин текстин, статистикалык материалды, картаны, графиктерди, дүйнөлүк чарбанын тармактарын мүнөздөө үчүн пайдаланып, дүйнөлүк чарбаны системага салып салыштырууну жана жыйынтыктоону.
4. Ар кандай булактардын негизинде ар түрдүү таблицаларды түзүүнү.
5. Окулган китептин (главанын) негизинде кыскача реферат жазууну.

### Өз алдынча даярдануунун ыкмаларын үйрөнүү үчүн кеңештер
### Дүйнөлүк чарбанын тармактарын мүнөздөөнүн планы

1. Дүйнөлүк чарбада тармактын ролу жана анын курамы, анын өнүгүүсүндө ИТРдин мааниси.
2. Тармактын отун жана чийки заттар ресурстары, алардын жайгашуусу.
3. Өндүрүш продукциясынын өлчөмү жана анын географиялык региондор боюнча бөлүнүшү.
4. Башкы өндүргүч өлкөлөр.
5. Өндүрүштүн башкы райондору жана борборлору; ошол райондо алардын жайгашып калышынын факторлору.
6. Тармактын өнүгүүсүнө байланышкан экологиялык проблемалар.

II бөлүм

# ДҮЙНӨНҮН РЕГИОНДОР БОЮНЧА МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЕВРОПА (КМШдан тышкары)

*Чет өлкөлүк Европа 5,4 млн км² аянтты ээлеп, анда 520 млндон ашык калк жашайт жана 40 эгемендүү мамлекет орун алган. Чет өлкөлүк Европа эли, жалпы тарыхы, саясий, экономикалык, маданий бирдиктүү мамилелери менен айырмаланган дүйнөлүк цивилизациянын очогунун бири. Географиялык улуу ачылыштардын, өнөр жайлык төңкөрүштөрдүн, шаар агломерацияларынын, эл аралык экономикалык интеграциялардын мекени. Азыркы кезде «европацентризм» өткөн чакка кетсе да, бул регион дүйнөлүк саясатта жана экономикада бир кыйла маанилүү ролду ойнойт.*

*Каралып жаткан аймак түндүктөн түштүккө карай (Шпицберген аралынан Крит аралына чейин) 5 миң кмге, батыштан чыгышка карай 3 миң кмге созулат. Мында аянты өтө чакан өлкөлөр да бар. Мисалы, Монако 2 км² гана аянтты, ал эми Сан-Марино 61 км² аянтты ээлейт.*

### § 19. Чет өлкөлүк Европанын жалпы мүнөздөмөсү

**1. Чет өлкөлүк Европанын аймагы, чек аралары, географиялык абалы.**

Чет өлкөлүк Европанын экономикалык-географиялык абалы (ЭГА) эки негизги белгиси менен айырмаланат. *Биринчиси*, бул өлкөлөрдүн бири-бирине жакын жайгашуусу, аймагынын салыштырмалуу чакандыгы, транспорттук жакшы байланышы жана кошуна өлкөлөрдүн арасындагы чек араларда табийгый тоскоолдуктардын жоктугу.

*Экинчиден*, көп өлкөлөрдүн деңизге жакын жайгашышы жана деңиз жолдорунун жакындыгы. Улуу Британиянын, Нидерландиянын, Даниянын, Норвегиянын, Исландиянын, Португалиянын, Испаниянын, Италиянын, Грециянын байыртан берки турмуштары деңиз менен байланышкандыгында.

Региондун *саясий картасы* үч жолу кескин өзгөрүүгө туш болгон. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жана андан кийинки окуялардын натыйжасында (Германиянын биригиши, Балтия өлкөлөрүнүн өз алдынча



Ватикан

болушу, Югославиянын тарашы, Чехословакиянын бөлүнүшү, Чыгыш Европанын өлкөлөрүнүн саясий түзүлүштөрүнүн өзгөрүшү) саясий карта бир канча өзгөрүүгө учурады. 1990-жылдардын аягында көп өлкөлөрдө консервативдик партиялардын ордуна социал-демократиялык партиялар бийликке келген. Региондун саясий биригишине 55 өлкө мүчө болгон *Европадагы коопсуздуктун жана кызматташтыктын уюмунун (ОБСЕ) аракети түрткү болду. Европалык союздун* (ЕС) мааниси жогорулоодо. Аны менен катар НАТОнун ролу сакталып жана күчөп жатат. Чет өлкөлүк Европа өлкөлөрүндө республикалык жана монархиялык бийлик, унитардык жана федерациялык мамлекеттер бар.

**2. Жаратылыш шарты жана ресурстары.** Чет өлкөлүк Европанын өнөр жайынын жайгашуусуна кен байлыктарынын орун алган жерлери түрткү болгон. Бирок, алардын түндүктө же түштүктө жайгашуусу чоң айырмачылыктарды туудурат. Түндүк жагында Балтика калканына байланышкан рудалуу кен байлыктар менен отундук кендер бар, Мисалы, ГФРдеги Рур жана Польшадагы Жогорку Силезия көмүр бассейндери, Франциядагы Лотарингия жана Швециядагы Коруна темир, Түндүк деңиздеги нефть кендери.

Региондун түштүк жагында магма жана чөкмө кен таштары басымдуулук кылат. Отун ресурстарынын запасы бул жакта азыраак. Ар бир өлкөдөгү кен байлыктардын «комплекстүү эместиги» анын тектоникалык түзүлүшүнө байланыштуу. Чет өлкөлүк Европа гидроэнергетикалык ресурстарга бай, бирок алар Альп, Скандинавия жана Динара тоолорунда топтолгон. Ал ресурстар азыркы мезгилде дээрлик толугу менен пайдаланылып жатат.

Региондун жаратылыш шарты айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн бир кыйла ыңгайлуу. Айдоо жерлерди кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк жок. Ошондуктан, жерге болгон муктаждык өсүүдө. Нидерландияда деңиз жээгин кургатып пайдалануу иштери көптөн бери улантылууда.

Мисалы, Нидерландияда дамбалар жана плотиналардын жардамы менен жүздөгөн жылдардан бери деңиздин жээгин кургатуунун натыйжасында өлкөнүн аймагы $^1/_3$ге кеңейген. «Кудай жерди жаратса, голландиялыктар – Голландияны жараткан» – деп жөн жерден айтылган эмес. Мурда деңиздин булуну болгон Эйселмер көлүн азыр кургатып бүтүрүштү. Жээкти толук коргой турган «Дельтаплан» курулушун аякташты.

Чет өлкөлүк Европанын агроклиматтык ресурстары, анын жеринин түндүгү мээлүүн, түштүгү субтропиктик алкактарда жайгашкандыгы менен аныкталат. Жер Ортолук деңизинин жээгиндеги айдоо жерлер сугатты талап кылат. Сугат жерлердин көбү Испания менен Италияда.

Токой чарбасын өнүктүрүүгө Швеция менен Финляндиянын аймактары ыңгайлуу. Алардын аймагындагы түздүктөр, дөңсөөлөр жана тоо кыркалары токой менен капталган. Токой айыл-кыштактарга чейин жетет.

Чет өлкөлүк Европа башка жаратылыш ресурстарына да бай. Анын ичинде ар түрдүү рекреациялык аймактар да көп.

**3. Калкы: өсүшү, миграциясы, улуттук курамы, урбанизациясы.**

Кийинки жылдарда Батыш Европанын калкы эң эле жай өсүп жатат. Анын себеби, региондун калкынын өсүп толукталышынын татаал демографиялык кырдаалга туш келиши. 15 өлкөдө калктын саны, демографиялык саясаттын көргөн чараларына карабастан депопуляцияга кабылдап кыскарууда. Мындай депопуляция жаштык-жыныстык пирамиданын турпатына да өз таасирин тийгизип, анын төмөн жагы ичкерип калды. Ошону менен бирге калктын жаш курагы өзгөрүп, улгайгандардын үлүшү көбөйүп жатат.

ООНдун болжолу боюнча XXI кылымдын орто ченинде көп өлкөлөрдүн калкы азайышы ыктымал.

Мындай абал тышкы миграцияда Батыш Европанын үлүшүн кескин азайтты. Географиялык улуу ачылыштардын мезгилиндеги миграциянын очогу болгон Чет өлкөлүк Европа азыр эмгек иммиграциясынын очогуна айланды. Бул учурда ал жерде 20 млнго жакын чет элдик жумушчулар, үй-бүлөсү менен жарандык укукка ээ болбой (немецче «гастарбайтерлер») жашап жүрөт. Алардын көбү Германияда (7 млндон ашык).

Эмгек мигранттарын кабыл алган өлкөлөр кошумча арзан эмгек ресурстарынын булагына ээ болду. Мигранттардын келиши ал өлкөлөрдөгү калктын өсүп толукталышына жана жаш курактарына оң таасирин тийгизет. Ошону менен катар, алар өлкөнүн калкынын сапатын начарлатып, көптөгөн социалдык проблемаларды туудурат. Кийинки мезгилдерде жергиликтүү калк менен мигранттардын ортосунда кагылышуулар да байкалууда.

Улуттук курамы жагынан Батыш Европанын калкы салыштырмалуу бир кылка. 62 улуттун көпчүлүгү индиевропа тил түркүмүнө кирген тилдерде сүйлөйт. Славян, роман, герман тил топторунда окшош сөздөр көп. Ошол эле сапаттар урал түркүмүнө кирген тилдерде да байкалат. Ошону менен бирге, миндеген жылдар бою калыптанган тил топторунда бир улуттуу өлкөлөр менен катар көп улуттуу мамлекеттер да бар, аларда улуттар аралык мамилелердин курчушу байкалат. Мисалы, Улуу Британияда ошондой «ысык точка» Түндүк Ирландия (Ольстер), Испанияда Баскстардын өлкөсү, Бельгияда фламандыктар менен валлондордун пикир келишпестиктери, Сербияда сербдер менен албандардын чатагы, Балтия өлкөлөрүндөгү «титулдук» улуттар менен орустардын пикир келишпестиктери.

Көп улуттуу өлкөлөрдөгү чатаксыз жашоонун үлгүсү – Швейцария Конфедерациясы.

Чет өлкөлүк Европада басымдуу болгон *дини* – христиан дини. Түштүк Европада христиан дининин католик агымы, Түндүк Европада – протестант агымы басымдуулук кылат. Римдин борборунда дүйнөлүк католицизмдин ордосу – Ватикан орун алган. Кийинки мезгилде мусулман өлкөлөрүнөн келген мигранттар Чет өлкөлүк Европада «исламдык фактордун» күчөшүнө алып келүүдө.

Батыш Европа калк жыш жайгашкан региондордун бири. Мында 1 *км*$^2$ аянтка 100 кишиден туура келет. Калктын жайгашуусу алгач шаар географиясы менен аныкталат. Урбанизациянын деңгээли бул жерде өтө жогору. Шаар тургундарынын үлүшү орто эсеп менен 74%, ал эми кээ бир өлкөлөрдө 80% ке чейин жетет. Акырындап миң жылдар бою **батыш европалык типтеги** шаарлар калыптанган. Алардын тамыры байыркы Рим империясына жана орто кылымга жатат.

Мындай шаарлардын борборунда башкы аянт – ратуша жана собор менен, ал жерден туш тарапка турак жайлар, дүкөндөр, тар көчөлөр курулган. Эски шаарларда тарыхый архитектуралык эстеликтер сакталып калган. Кал-




Франция (Гренобль шаары)

ган жактарында жаңы курулуштар курулган. Чет өлкөлүк Европанын эски шаарларынын көбү дүйнөгө кеңири белгилүү.

Көп жылдар бою Чет өлкөлүк Европанын урбанизациясынын, өзгөчө белгилери калктын чоң шаарларда жана шаар агломерацияларында топтолушу болгон. Алардын эң чоңдору – Лондон, Париж, Төмөнкү Рейн менен Рур агломерациялары. Өткөн кылымдын 70-жылдарындагы агломерациялардын кескин өсүшүнөн кийин, калк чоң шаарлардын чет жакаларына, андан кийин алыскы чакан шаарларга көчө баштаган. Натыйжада Лондондун, Париждин, Гамбургдун, Венанын, Миландын жана башка шаарлардын борбордук бөлүгүнүн калкы турукташкан же акырындап азая баштаган. Бул процесс – *субурбанизация* деп аталат.

Субурбанизациянын бир нече себептери бар. Алар: турак жай фондунун иштен чыгышы, шаарлардын борборлорунда элдин эң көп топтолушу, айлана чөйрөнүн абалынын начарлашы, ишканаларды реконструкциялашка орундун жоктугу, көпчүлүк жумушчу орундардын шаардын четине которулушу, жеңил автомобилдердин көбөйүшү жана көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн өз үйүндө жашагысы келгендиги. Бирок, бул урбанизациянын токтолушу дегендик эмес, тескерисинче ал элетке карай умтулуп, улам айыл жерлерин камтып жатат. Азыр элет калкынын $^2/_5$ бөлүгү гана айыл чарбасында эмгектенет.



Ирландия (Дублин шаары)

Ошол эле убакта калктын отурукташуусу жайылып, кеңири урбанизацияланган райондорду жана зоналардын пайда болушуна шарт түзүлөт.

**4. Чарбасы: дүйнөдөгү орду, өлкөлөрдөгү айырмачылыктар.** Батыш Европа бирдиктүү регион катары дүйнөлүк чарбада өнөр жай өндүрүшүнүн өлчөмү, товар жана тейлөө иштерин сыртка чыгаруу, алтын жана валютанын запасы, эл аралык туризмдин өнүгүү деңгээли боюнча биринчи орунда турат. Экономикалык кубаттуулугу жагынан Батыштын «чоң жетисине» ГФР, Франция, Улуу Британия жана Италия кирет. Ушул өлкөлөрдө өндүрүштүн кеңири тармактарын камтыган түрдүү комплекстер жайгашкан. Бул өлкөлөрдөгү өндүргүч күчтөр кийинки мезгилдерде ГФРге оой баштады. ГФРдин экономикасындагы реиндустриялашуу тезирээк өнүгүп, анын лидерлиги күч алууда. Улуу Британия болсо мурдагы «дүйнөлүк усталык» абалын жогото баштады.

Батыш Европанын башка өлкөлөрүнөн орчундуу орунду Испания, Нидерландия, Швейцария, Бельгия жана Швеция ээлешет. Алдынкы төртөөнө караганда бул өлкөлөрдүн экономикасы кээ бир тармактар боюнча адистешип, дүйнөлүк рынокто же Европада кеңири таанылган.

Чет өлкөлүк Европанын чакан жана орто чондуктагы өлкөлөрү дүйнөлүк экономикалык мамилелерге кеңири тартылган. Экономикасынын ачыктыгы жагынан жогорку деңгээлге Бельгия менен Нидерландия жеткен. Региондун экономикалык картасында өзгөчө орунду Чыгыш Европа өлкөлөрү ээлейт. Алар 1980-жылдардын аягында эски коомдук менчиктерди борборлоштуруп долбоорлоо системасынан рыноктук принципке багытталган системасына өткөн. Булар постсоциалисттик, мурда Советтер Союзуна багыт алса, азыр Чыгыш Европаны эмес, Батыш Европаны караган өлкөлөр. Мындай багыттын өзгөрүшү чарбанын тармактык жана аймактык түзүлүшүнө, тышкы экономикалык байланыштарына чоң таасирин тийгизди.

**5. Өнөр жайы: негизги тармактары.** Чет өлкөлүк Европадагы эл аралык географиялык эмгекти бөлүштүрүү анын 200 жылдан берки жана азыркы күндөгү өнөр жайынын өнүгүшү менен аныкталган. Мисалы, регион металл иштетүүчү станокторду, өнөр жай роботторун, так оптикалык приборлорду, автомобилдерди, тракторлорду, нефтпродуктуларын, пластмассаларды, химиялык булаларды чыгаруу жагынан АКШдан алдыда турат.

***Машина куруу*** – Европанын жетектөөчү тармагы жана анын мекени болуп эсептелет. Бул тармакка өнөр жайдын $^1/_3$, экспорттун $^2/_3$ бөлүгү туура келет.

Чет өлкөлүк Европада өзгөчө – автомобиль куруу жакшы өнүккөн. «Рено» (Франция), «Фольксваген», «Мерседес» (ГФР), ФИАТ (Италия) «Вольво» (Швеция) маркалардагы автомобилдер дүйнөгө таанымал. Улуу Британияда, Бельгияда, Испанияда ж.б. өлкөлөрдө «Форд-мотор» компаниясынын заводдору иштеп жатат. Европадагы автомобиль чогултуучу «Тойота», «Хонда», «Ниссан» заводдорун Япония курган. Машина куруу эмгек ресурстарына, илимий базага таянып, чоң шаарларга, агломерацияларга, анын ичинде борбор шаарларга ыктайт. Бирок, машина куруунун көп тармактары, өзүлөрүнүн өзгөчө багыттары менен айырмаланат.

Мисалы, Улуу Британияда электротехниканын, электрониканын, прибор жасоонун, авиа-ракета-космос өнөр жайынын продукциясын өндүрүү боюнча Лондон району, станок жана автомобиль куруу боюнча Бирмингем району, текстиль өнөр жайынын жабдуулары боюнча Манчестер району, кеме куруу боюнча – Глазго району адистешкен. ГФРдин, Бельгиянын, Нидерландиянын, Улуу Британиянын, Чехиянын дээрлик бардык шаарларында машина куруу ишканалары жайгашкан. Батыш Европада машина куруудан кийинки экинчи орунда химия *өнөр жайы* турат. Өзгөчө бул тармак ГФРде жакшы өнүккөн. Экинчи дүйнөлүк согушка чейин бул тармак негизинен таш жана күрөң көмүргө, калий жана аш тузуна, пиритке багыт жасап, кен байлыктардын чыккан жерлеринде жайгашкан, адистештирүүнүн көмүр, суутектерге карай өзгөрүшүнүн натыйжасында, ал тармак нефтиге багыт алды.

Ири нефть-химия борборлору региондун батыш жагында, Темза, Сена, Рейн, Эльба, Рома дарыяларынын чаттарында өнүктү.

Чыгышы нефтиге багыт алып, анда нефть иштетүүчү ири заводдору, нефть-химия комбинаттары, нефть жана газ куурлары курулду. Чехиянын, Словакиянын, Польшанын, Венгриянын нефть ылгоочу заводдору, нефть-техникалык комбинаттары Советтер Союзунан барган «Достук» нефть куурун бойлой курулган. Болгарияда ал ишканалар Кара деңиздин жээгине салынган. Батыш Европанын отун-энергетикалык комплексинде Түндүк деңиздин нефть жана газы менен Россиядан импорттолгон нефть менен газдын мааниси зор. Түндүк деңиздин нефтиси жана газы бутактаган куурлар аркылуу көп өлкөлөргө жөнөтүлөт. Суюлтулган газ Алжирден танкерлер менен ташылып келинет. Бирок, кийинки мезгилде Россиядан келген газ Чет өлкөлүк Европанын 20 өлкөсүнө жеткирилет. Россиянын нефтиси куур аркылуу Норвегияга, Швейцарияга, ГФРге, Австрияга берилет. Кийинки мезгилдерде алюминий заводдорунун жайгашуусу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн деңиз жолу менен алынып келген чийки заттарга ыкташкан. Жез эритүү өнөр жайы ГФРде, Францияда, Улуу Британияда, Италияда, Бельгияда, Польшада жана Сербияда жакшы өнүккөн.

***Токой-жыгач өнөр жайы*** биринчи кезекте чийки заттардын булагына жакын жайгашкан. Ошондуктан, Швеция менен Финляндия региондун «жыгач устаканасы» деген атка конгон.

***Жеңил өнөр жайы*** аркылуу Чет өлкөлүк Европанын индустриялашуусу башталган, бирок, азыркы мезгилде ал өзүнүн мурдагы маанисин жоготуп койду. Албетте, эски, өнөр жай революциясынын убагында калыптанган (Улуу Британиядагы Ланкашир, Йоркшир, Бельгиядагы Фландрия, Франциядагы Лион, Италиядагы Милан) жана XIX кылымда пайда болгон Польшадагы (Лодзи) жеңил өнөр жай ишканалары азыр да иштөөдө. Кийинки мезгилдерде жеңил өнөр жайы арзан жумушчу күчүнүн резерви сакталып калган Түштүк Европага көчө баштады. Португалия Батыш Европанын «тигүү фабрикасына» айланды, Италия бут кийим тигүү жагынан Кытайдан кийинки экинчи орунда турат. Кээ бир өлкөлөрдө эмерек жасоонун, музыка аспаптарын, айнек жана металл буюмдарын, оюнчуктарды жасоонун байыркы салты сакталып калган.

**6. Айыл чарбасы.** Батыш Европа негизги айыл чарба продукциялар менен өз муктаждыгын камсыз кылып кээ бир продукцияларды тышка да чыгарууга ынтызар. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин агрардык түзүлүшүндө жерге ээлик кылууда жана жерди пайдаланууда олуттуу өзгөрүүлөр болуп, майда дыйкан чарбаларынын ордуна ири адистешкен, жогорку кирешелүү, агробизнес системасы келди. Айыл чарба ишканаларынын негизги тибин жакшы механикалаштырылган фермалар түздү. Түштүк Европада помещиктик чарба сакталып, жерди пайдалануу майда дыйкан-

арендатордун мойнунда калды. Чет өлкөлүк Европанын айыл чарбасынын негизги тармактары – талаачылык менен мал чарбачылык, дыйкандар экөөнү айкалыштырып иштейт. Жаратылыш жана тарыхый шарттардын таасиринен, региондо айыл чарбасынын үч тиби калыптанган: 1) *түндүк европалык,* 2) *ортоңку европалык,* 3) *түштүк европалык.*

***Түндүк европа тибиндеги*** чарбага негизинен сүт багытындагы мал чарбачылыгы жана аларды багуу үчүн тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү мүнөздүү. Мындай чарбачылык Скандинавияда, Финляндияда жана Улуу Британияда өнүккөн.

***Ортоңку европалык тибиндеги*** чарбада сүт жана сүт-эт багытындагы мал чарбачылык, ошону менен бирге чочкочулук жана канаттууларды өстүрүү өнүккөн. Мал чарбачылыктын эң жогорку деңгээли Данияга мүнөздүү, ал адистешүүнүн эл аралык тармагына айланды. Бул өлкө сүт, май, сыр, чочко эти жана жумуртка экспорттоо боюнча дүйнөлүк аренага чыкты. Ал өлкө «Европанын сүт товар фермасы».

Талаачылык калктын дыйканчылык продукциясына болгон керектөөлөрүн гана канааттандырбастан, ошондой эле мал чарбачылыгы менен да алектенет. Айдоо жерлеринин көбүн тоют өсүмдүктөрү ээлейт.

***Түштүк европалык тибиндеги*** айыл чарбасында талаачылык үстөмдүк кылып, мал чарбачылыгы экинчи мааниге өтөт. Талаачылыкта дан өсүмдүктөрү басымдуулук кылганы менен Түштүк Европа эл аралык эмгекти бөлүштүрүүдө жемиш, жүзүм, зойтун, жаңгак, тамеки, цитрус жана эфир майын чыгуучу өсүмдүктөрү менен таанылат. Жер Ортолук деңиздин жээги «Европанын башкы бакчасы» – деген атка конгон. Мисалы, Испаниянын түштүгү, өзгөчө Валенсиянын тегереги испанча «уэрта» – «бакча» деп аталат. Бул жерде жемиш бактары, жашылча айдалып, апельсин өстүрүлөт. Апельсинди экспорттоо боюнча Испания дүйнөдө биринчи орунду ээлейт.

Грецияда болсо 90 млн зойтун дарагы бар. Зойтун багы гректердин символу болуп, Эллада мезгилинен бери зойтун дарагынын бутагы тынччылыктын белгиси катары белгилүү.

Көп өлкөлөрдө айыл чарбасы бир тараптуу адистешкен. Мисалы, Дания, Швейцария сыр чыгарууга, Нидерланддыктар гүл, Германия менен Чехия пивого керектелүүчү арпа өстүрүүгө, Франция, Испания, Италия, Португалия жүзүм шарабын чыгарууга адистешишкен. Шарап, шампан, коньяктын эң мыкты маркалары ошол региондогу жерлердин аттары менен байланышкан. Балык уулоо боюнча Норвегия, Дания, өзгөчө Исландия белгилүү.

**7. Транспорту: негизги магистралдары жана жол түйүндөрү.** Региондун транспорттук системасы *батыш европалык* типке кирет. Ташуулардын алыстыгы боюнча бул система АКШнын жана Россиянын транспорттук системаларынан айырмаланат. Бирок, жүргүнчүлөрдү ташууну камсыз кылуу жагынан дүйнөдө биринчи орунда турат. Транспорттун жүрүшү-

нүн жүйүрлүгү жана эл аралык ташуулар боюнча да алдыңкы орунда. Салыштырмалуу жакынкы аралыктарга автомобиль менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу ыңгайлуу. Темир жолдор кээ бир өлкөлөрдө кыскарып, жаңылары Чыгыш Европанын кээ бир өлкөлөрүндө курулууда (Польша, мурдагы Югославияга кирген мамлекеттер, Албания). Жолдорунун конфигурациялары эң татаал. Бирок, негизги магистралдары кеңдик жана узундук боюнча кетип, эл аралык маанилерге ээ. Мисалга, узундук жана кендик боюнча кеткен трансевропа магистралдары. 1) Брест – Париж, Берлин – Варшава, Минск – Москва, 2) Лондон – Париж, Вена – Будапешт, Белград – София – Стамбул.

1980–1990-жылдардан баштап ЕСтин интеграциялык байланыштарынын күч алгандыгына байланыштуу транспорттук инфраструктурага көңүл бурула баштады. Автострадаларды кеңейтүү, жогорку ылдамдыкта жүрүүчү темир жолдорду куруу иштери бүткүл Чет өлкөлүк Европаны камтууда.

Тез жүрүүгө ылайыкташкан темир жолду биринчилерден болуп Франция, кийинчерээк Германия, Улуу Британия, Италия, Испанияда курган. Андан соң эл аралык маанидеги тез жүрүүчү темир жолдор курулду. Дарыя жолдору да кендик боюнча (Дунай) жана узундук боюнча (Рейн) жайгашкан. Анда өзгөчө Рейндин мааниси өтө чоң, ал аркылуу жылына 200 млн *т* жүк ташылат. Рейн, Майн, Дунай суу жолдору 1992-жылы пайдаланууга берилгенден кийин, алардын мааниси ого бетер жогорулады. Суу жолу менен кургактыктагы жолдор кесилишкен жерлерде транспорттук түйүндөр пайда болду. Чындыгында мындай түйүндөргө эл аралык жүк ташууларды камсыз кылган деңиз порттору да кирди. Көптөгөн деңиз порттору (Лондон, Гамбург, Антверпен, Роттердам, Гавр) өлкөлөрдүн ички аймактары менен байланыштырган дарыя чаттарынан орун алып, бирдиктүү порттук өнөр жай комплексине айланууусуна шарт түзгөн. Булар үчүн сырттан алынып келинген чийки заттарга багыт алган порттук өнөр жайдын өнүгүшү мүнөздүү. Бардыгынан чоң порт шаар – Роттердам (25-сүрөт).

Роттердам аркылуу жылына 300 млн *т* жүк өтөт. Ал Рейндин бир айрыгында, деңиз жээгинен 30 *км* аралыкта орун алып, европалык транспорттук системага кирет. Ички райондор менен Рейн, Мозель суу жолдору жана темир жол нефть куурлары аркылуу байланышат.

Чет өлкөлүк Европа табигый тоскоолдуктарды жеңүүнүн үлгүсү боло алат. Учурда Альпы тоолору аркылуу бир нече темир жана автомобиль жолдору, нефть, газ куурлары өтөт. Паром жолдору Балтика, Түндүк жана Жер Ортолук деңиздерин байланыштырат. Автомобиль жүрүүчү узун көпүрө Түркияда, Босфор кысыгына салынган. Автомобиль жана темир жолдор Данияда Чоң Бельт жана Эресунн кысыктарында курулган. Эң чоң маанилүү курулуш, «кылымдын долбоору» – деп аталган туннель Ла-Манш кысыгынын таманы менен өткөрүлүп, Франция менен Улуу Британияны байланыштырууда.




**25-сүрөт**. Роттердамдын план-картасы

Европанын бирдиктүү жол системасын куруу 1990-жылдардын экинчи жарымында башталган. Ал долбоор 2010-жылга чейин созулуп турган, узундугу 17 миң *км* келген транспорттук тогуз коридорлуу Чыгыш Европа менен Батыш Европаны байланыштырган зор өлчөмдөгү жол системасы болмокчу. Ар бир коридор полимагистраль, б. а. темир жол, автомобиль жолдорунун жарыш салынган системасы. Дунай коридоруна дарыя жолу да кошулат. Эки коридор Москва аркылуу өтөт: Берлин – Варшава – Минск – Москва жана Хельсинки – Санкт-Петебург – Москва – Киев – Кишенев – Бухарест. Транспорт торлору кээ бир өлкөдө борбордон радиалдык багытта кетет. Мисалы, Францияда бир борбордон (Париждеги) бардык жакка тарайт, ал эми ГФРде көп борборлуу система.

**8. Илим жана финансы: технопарктар, технополистер жана банк системасы.** АКШдагы «Силикондук өрөөндөй» Чет өлкөлүк Европада да көптөгөн илим-изилдөөчү парктар, технополистер пайда болуп, бир канча өлкөлөрдүн илимий борборлорунун географиясын аныктоодо. Алардын эң ирилери – Кембриджиндин (Улуу Британия), Мюнхендин (ГФР), Ниццанын (Франция) тегереги.

Дүйнөдөгү 200 ири банктын ичинен 60ы Чет өлкөлүк Европада. Банкирлердин эталон өлкөсү Швейцария эсептелип, дүйнөдөгү баалуу кагаздардын жарымы ал өлкөнүн сейфтеринде сакталып турат. Өзгөчө өлкөнүн «экономикалык борбору» болгон Цюрих белгилүү. Кийинки убакта банкир өлкө катары – Люксембург көрүнө баштады. Бирок, эң чоң финансы борбору – Лондон.

**9. Эс алуу жана туризм: эл аралык туризмдин негизги региондору.** Чет өлкөлүк Европа ар дайым эл аралык туризмдин негизги региону болуп келген. 2000-жылы четтен келген туристтердин саны 400 млнго жеткен. Бул

жакта туризмдин бардык түрлөрү жакшы өнүккөн, айрыкча «туристтик индустрия» эң жогорку деңгээлде. Эл аралык туризмдин лидерлери болуп Франция, Испания, Италия эсептелет. Туристтерди кызыктырган өлкөлөргө – Улуу Британия, ГФР, Австрия, Швейцария, Грекия, Португалия, Чехия, Венгрия да кирет. Ал эми Андорра, Сан-Марино, Монако сыяктуу чакан мамлекеттерде туристтерди тейлөө негизги киреше алып келе турган тармак болуп калган. Бул мамлекеттерде ар бир жергиликтүү тургунга жүз туристтен туура келет. Чет өлкөлүк Европада эки типтеги – деңиз жээктериндеги жана тоолордогу туристтик-рекреациялык райондор бар. Мисалы, деңиз жээгиндеги туризмдин борбору – Жер Ортолук деңизде жылына 220 млн киши эс алат. Өзгөчө популярдуу райондорго түндүгүнөн Альпы тоолору менен тосулган Лазурдай жээк (Ривьера) борбору – Ницца менен, Хорватиядагы Адрия деңизинин жана Испаниянын жээги жана Балеар аралдары кирет.

Тоо туризминин негизги борбору – Альпы тоолору. Жылына ал жерге 100 млндон ашык турист келет. Тоо этектери деҥ соолукту чыңдоо, жөө жүрүштөр, орто бийиктиктеги жерлер лыжа тебүүгө, ал эми бийик алкагы альпинизм тоо туризми үчүн пайдаланылат.

Өзүнүн климатын «саткан» өлкөлөр менен катар чет өлкөлүк Европада шаардын эски таштарын көрүүгө келгендер дагы көп. Өзүнчө «туристтик Мекке» сыяктуу адамдын көңүлүн өзүнө тарткан шаарлар Париж, Рим, Мадрид. Бул шаарларда жергиликтүү калктан турист болуп келгендер көптүк кылат. Ошондой эле Лондон, Амстердам, Вена, Дрезден, Прага, Краков, Будапешт, Венеция, Неаполь, Афины шаарларына да туристтер көп келет. Дүйнөлүк маданияттын эстеликтеринин саны боюнча Чет өлкөлүк Европага теҥ келе турган дүйнөдө бир дагы регион жок. Алардын көбү орто кылымдарга таандык. Келкелдин мезгилинин эстеликтери, Жаңы мезгилдин маданий объекттери да кеңири таралган.

**10. Айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык проблемалар.** Калктын жыш жайгашуусуна, илгертен бери жеринин айыл чарбасында пайдаланылышына жана өнөр жайдын өнүгүшүнө байланыштуу чет өлкөлүк Европанын жаратылышына адам коомунун таасири зор. Бул жерде антропогендик ландшафттардын бардык түрү кезигет. Ошондуктан, бул аймакта жаратылышты коргоо жана экологиялык проблемалар эң курч абалда. Ал проблемалардын бир канчасы – күлү көп күрөң көмүрдү ачык казып алуу, күйгүзүү, химиялык жол менен иштетүү аракеттерине байланыштуу. Дагы башка проблемалар – металлургиялык, нефть-газ иштетүүчү жана нефть – химиялык заводдордун чоң шаарларга жана агломерацияларга жакын жайгашуусу, АЭСтердин Рейн, Эльба, Дунай, Висла дарыяларынын жана деңиздердин жээктеринде курулгандыгына, үчүнчүсү – кислота жаанчачындардын түшүүсүнө, төртүнчүсү – автомобиль паркынын жыштыгына ($1 км^2$ жерге 250–300 даана), бешинчиси – туризмдин баш-аламан

өнүгүшүнүн кесепетинен Альпынын Жер Ортолук деңизи тарабындагы жээктеринин жаратылышынын деградациясына, алтынчысы – танкерлердин кырсыкка учуроосуна байланыштуу.

Чет өлкөлүк Европанын бардык өлкөлөрү айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык проблемаларды чечүү боюнча көптөгөн курч чараларды көрүүдө. Жаратылышты коргоо боюнча мыйзамдар кабыл алынды, көптөгөн коомдук уюмдар жана партиялар түзүлдү, улуттук парктар ж.б. корголуучу жайлар курулууда. Активдүү экологиялык саясатты Европа Союзу, Европа Совети жана башка эл аралык уюмдар жүргүзүп жатышат. Бул иштер көптөгөн оң натыйжаларды берди. Бирок ошого карабастан, кээ бир өлкөлөрдө экологиялык кырдаал татаал бойдон калууда. Биринчи кезекте, мындай абал Улуу Британияга, ГФРге, Бельгияга, Польшага, Чехияга тиешелүү. Мисалы, 1980-жылдарда Польшада өлкөнүн 35% калкы жашаган экологиялык жагынан опурталдуу 27 жер белгиленген. Польшадагы эң чоң металлургия комбинаты орношкон эски шаар – Краков экологиялык кырсыктагы шаар деп табылган. Экологиялык кырдаал Европанын батыш бөлүгүнө караганда чыгышында начарыраак.

## § 20. Чет өлкөлүк Европанын калкынын жана чарбасынын жайгашуусунун географиясы

**1. «Борбордук октун» өнүгүүсү – региондун аймактык түзүлүшүнүн башкы элементи.** Чет өлкөлүк Европанын калкынын жайгашуусунун жана чарбасынын географиясы XIX кылымда эле калыптанып, ошол убакта жайгашуунун эң башкы фактору – жаратылыш ресурсу болуп Улуу Британиянын, Франциянын, Германиянын, Бельгиянын, Польшанын, Чехиянын ж.б. өлкөлөрдүн көмүр-металлургиялык райондору түзүлгөн. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бул түзүлүштөргө эмгек ресурстары жана ЭГАнын ыңгайлуулугу таасир этти, ал эми кийинки жылдарда алардын өнүгүшүндө илимди талап кылган өндүрүштөр жана экологиялык факторлор чоң роль ойной баштады. Региондо бардыгы 400гө жакын шаар агломерациялары, жүзгө жакын өнөр жайлуу райондор жайгашкан. Алардын эң маанилүүлөрү сегиз өлкөнү камтыган өнүгүүнүн «борбордук огунан» орун алган. Анын негизин «Европанын башкы көчөсү» – деп аталган – Рейн-Рона жолу түзөт. Ушул «окту» бойлоп 120 млн калк жашайт, калктын жыштыгы бир км² жерге 300 кишиден туура келет, анда өнөр жай потенциалынын ²/₃син топтолгон жана региондун эң башкы өндүрүштүк ишканалары жайгашкан.


**2. Эң жакшы өнүккөн райондор: Лондон менен Париждин үлгүсү.** Эң жакшы өнүккөн райондорго Чоң Лондондун жана Чоң Париждин борбордук




Улуу Британия (Лондон шаары)

райондору кирет. Бул жерлерде өнөр жайдын эң жаңы тармактары өнүгүп, илим, маданият, тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары жайгашкан. «Борбордук регион» – деген түшүнүктүн өзү көп тепкичтүү түзүлүшү менен мүнөздөлөт. Чындыгында Лондондун борбору 2,5 млн калкы менен анчалык чоң аймакты ээлебейт. Чоң Лондондун калкы 7,5 млн, аймагы беш эсе чоң. Чоң Лондон четки шаарлардын чекесиндеги ички алкагы менен Лондон районун түзүп, калкы 9,8 млнго жетет. Ал эми четиндеги шаарларды кошуп, сырткы алкак боюнча эсептегенде калкы  11,2 млнду түзүп, Лондон агломерациясын пайда кылат (26-сүрөт). Мына ушундай эле көп тепкичтүү түзүлүш Парижде да байкалат. Анын борбордук бөлүгүндө 2,2 млн калк жашайт, сырткы алкагын кошкондо 11,3 млнго жетет. Ал эми Париж агломерациясында 15 млндон ашык калк жашайт.

Лондон да, Париж да өз өлкөлөрүнүн административдик жана саясий борборлору катары VII кылымдан бери өсүп келе жатат (Париждин гербинде күмүш кеме тартылып, «Ал термелет, бирок чөкпөйт» – деген сөз жазыл-




**26-сүрөт.** Лондон жана анын аймагы

ган). Эки борбордо тең жогорку технологиялык, илимди көп талап кылган өнөр жай тармактары бар, ал эми Париж «париждин буюмдары» (тигилүү кийимдер, зергердик буюмдар) менен дүйнөлүк моданын башында көп кылымдар бою кармалып келе жатат. Ошондой эле анда дүйнөлүк эң ири банктар, биржалар, ири монополиялардын штаб-квартиралары, жетектөөчү илимий мекемелер жана көптөгөн эл аралык уюмдардын резиденциялары жайгашкан. Региондук программаларга ылайык борбордук региондорду бошотуу иши жүрүп жатат. Лондонго жакын сегиз, Парижге жакын беш жандоочу шаарлар курулган.



Италия (Милан шаары)

Чет өлкөлүк Европанын башка өнөр жайы өнүккөн райондорун ГФРдин түштүгүндөгү Штудгарт менен Мюнхен, Италиядагы «өнөр жайлуу үч бурчтук» Милан – Турин – Генуя, Нидерландиядагы өнөр жайлуу Рандстад («тегерек шаар») агломерациясы түзөт. Алардын бардыгы борбордук «окто» жайгашкан.

**3. Эски өнөр жайлуу райондор: Рурдун мисалында.** Чет өлкөлүк Европадагыдай негизги эски базалык тармактар өнүккөн дүйнөдө бир да регион жок. Алардын эң ирилери таш көмүр бассейндеринин базасында калыптанган. Ал райондордун ичинен эң белгилүүсү Рур. Бул район ондогон жылдар бою Германиянын индустриялык «жүрөгү» болуп келген. Рур бассейнинин тегерегинде Төмөнкү-Рейн-Рур агломерациясы түзүлгөн. Бул жерде 9 миң $км^2$ аянтта 11 млн киши жашап, жүзгө жакын шаар жайгашкан, анын ичинен 20сы чоң шаар. Мындай чоң шаарлардын топтолушу дүйнөдө эч бир жерде кездешпейт. Агломерациянын кээ бир бөлүктөрүндө калктын жыштыгы боюнча 1 $км^2$ жерге 5 миңден киши туура келет. Бул жердин Рурдук бөлүгү, туташ жаткан татаал шаар массиви – «Руршдадт» – деп аталат, б.а. Рур шаары. Чынында эле ал бирдиктүү шаар, анын батыш жак дарбазасы –

Дуйсбург шаары, чыгышы –Дортмунд, «борбору» – Эссен, башкы «сейфи» – Дюссельдорф. Кийинки жылдарда миңдеген ишканалар реконструкцияланды. 1950–1960-жылдарда Рур классикалык депрессия району болгон. Азыр андай деп айтууга болбойт. Рур облусундагы чоң экологиялык программа ишке ашырылып, Рейн суусу мурда Европанын акыр-чикири аккан суудан, балыктуу дарыяга айланды.


Улуу Британиядагы Ланкашир, Иоркшир, Батыш Мидленд, Түштүк Уэльс, Францияда Түндүк району, Эльзас жана Лотарингия, ГФРдагы Саар, Польшадагы Жогорку-Силезия, Чехиядагы Острава эски өнөр жайлуу райондорго кирет. Булардын көбү депрессиялык категориядагы райондор.

**4. Артта калган агрардык райондор. Италиянын түштүгү.**

Чет өлкөлүк Европада өнүгүүсү артта калган агрардык региондор көп. Мындай райондорго мисал – Италиянын түштүгү. Ага өлкөнүн аймагынын 40%ы, калкынын 35%ы туура келет, ал эми калкынын өнөр жайда иштеген үлүшү 18%ды түзөт. Ар бир кишиге туура келген киреше Түндүккө караганда эки эсе аз. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Түштүктөн 5 млнго жакын адам Түндүккө көчүп кеткен. Мамлекет Түштүктүн деңгээлин көтөрүүгө багытталган региондук саясат жүргүзүп жатат, ал жакка ири металлургиялык жана нефть-химиялык комбинаттарды курду. Түштүк таза айыл чарба району болбой калды. Бирок, комбинаттар алынып келген чийки заттар менен иштеп, продукциялары өлкөнүн башка райондоруна же башка өлкөлөргө алынып кетип, айланасындагы аймактар менен байланышы жок. Италиялыктардын өзүлөрү айткандай алар «чөлдөгү соборлор».

Чет өлкөлүк Европанын агрардык райондорунун мисалдары: Батыш Франция, Испаниянын борбордук жана түштүк-батыш жагы, Португалиянын жана Грециянын ички райондору. Алардын бардыгы «борбордук октон» алыс жайгашкан. Артта калган райондордун деңгээлин көтөрүү Чыгыш Европада эң актуалдуу маселе.

**5. Жаңы өздөштүрүлгөн райондор: Түндүк деңиздин мисалында.** Чет өлкөлүк Европага жаңы райондорду өздөштүрүү мүнөздүү эмес. Эреже катары ал жерлерге Скандинавиянын түндүгү гана кирет. 1960-жылдардын аягындагы Түндүк деңизде зор нефть-газ кенинин чыгышы кырдаалды биротоло өзгөрттү. 1990-жылдардын орто ченинде бул жерде 450дөн ашык нефти жана жаратылыш газы чыккан кендер ачылды, алардын эң чоңдору Статфьорд, Экофиск жана Тролль. Мындан башка Нидерландиянын жээгинен Слохтерен деген эң зор газдын кени табылды. Жылына Түндүк деңизден 300 млн *т* нефть, 170 млрд $м^3$ газ өндүрүлөт. Ал Чет өлкөлүк Европанын нефтиге болгон муктаждыгынын $^1/_3$ бөлүгүн, газды керектөөсүнүн $^2/_5$ бөлүгүн канааттандырат. Азыр деңиздин бети платформаларга толгон, деңиздин түбү менен көптөгөн куурлар салынган. Буга байланыштуу балык уулоону айтпаганда, көптөгөн экологиялык көйгөйлөр пайда болууда (27-сүрөт).




**27-сүрөт.** Түндүк деңизинин нефть-газдуу аймагы

**6. Эл аралык экономикалык интеграцияга чарбанын аймактык түзүлүшүнө тийгизген таасири.** Эл аралык экономикалык интеграциянын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген факторлор: аймактын бири-бирине жакындыгы жана жакшы өздөштүрүлгөндүгү, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жогорулугу, транспорт менен тейлөөнүн жакшы жолго коюлгандыгы, көптөн берки экономикалык байланыштары. ЕСтин убагында булар ар бир өлкөнүн чарбасынын аймактык бирдиктүүлүгүнүн андан ары өөрчүшүнө алып келди, өзгөчө өнүгүүнүн «борбордук огуна» жакын өлкөлөрдө. Франция менен ГФРдин, Франция менен Бельгиянын, Франция менен Италиянын чек араларында интеграциалык райондор калыптанууда.

## § 21. Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору

Чет өлкөлүк Европанын аймагы анча чоң болбогону менен анын ичи өтө ар түрдүү. Ошондуктан, Чет өлкөлүк Европаны эки же төрт субрегионго бөлөт. Экиге бөлгөндө: Батыш, Борбордук жана Чыгыш Европа. Батыш Европага 24 мамлекет (чакан мамлекеттер менен кошо) кирип, аянты 3,7 млн $км^2$, калкы 380 млнду түзөт. Бул мамлекеттер капиталисттик деп аталып, мурдатан бери базар экономикасындагы өлкөлөр. Борбордук жана Чыгыш Европанын курамына 1,7 млн $км^2$ аянтты ээлеген, 130 млн калкы бар 16 мамлекет кирет. Булар 1980-жылдардын аягына чейин социализмдин системасына кирген постсоциалисттик өлкөлөр.

Ошону менен катар Чет өлкөлүк Европанын географиялык адабияттарында бул субрегионду төрткө бөлгөн маалыматтар да бар: Түндүк, Түштүк, Батыш жана Чыгыш Европа. Мында Түндүк Европага – Скандинавия өлкөлөрү, Дания, Финляндия жана Балтия өлкөлөрү, Батышка – ГФР, Франция, Улуу Британия, Бенилюкс өлкөлөрү, Австрия, Швейцария, Түштүккө – Жер Ортолук деңиздин жээгиндеги өлкөлөр, ал эми Чыгыш Европага – Польша, Чехия, Словакия, Венгрия, Румыния жана Болгария кирет.

## § 22. Германия Федеративдик Республикасы

Германия Федерация Республикасы (ГФР) Чет өлкөлүк Европанын экономикалык жагынан эң кубаттуу мамлекети. Бул мамлекет Батыштын «чоң жети» мамлекеттеринин бири. Ал европалык гана эмес, дүйнөлүк экономикада жана саясатта маанилүү ролду ойнойт.

Германия Федерация Республикасы 1949-жылдын сентябрында, Экинчи дүйнөлөк согуштан Германия жеңилгенден кийин, америкалыктар, англиялыктар жана француздар оккупация кылып турган зоналарды бириктирүүдөн түзүлгөн. 1949-жылдын октябрында советтик армия оккупация кы-

лып турган чыгыш жагында Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) түзүлгөн. Азыркы чеги 1990-жылдын аягында, эки германиялык мамлекет бириккенден баштап калыптанган. Берлинде дагы эки мамлекеттин чек арасы болгон, Берлин дубалы бузулгандан кийин бирикти. 1991-жылдан баштап Берлин шаары өлкөнүн борбору деп жарыяланды.

ГФРдин экономикалык-географиялык абалынын маанилүү өзгөчөлүгү – анын борбордук абалы, кендик жана узундук боюнча кеткен трансевропалык соода-транспорттук жолунун боюнда жайгашышы, Балтика жана Түндүк деңиздерге чыгуунун кеңири мүмкүнчүлүгү, Рейн жана Дунай дарыяларын пайдалануусу жана Батыш, Чыгыш, Түндүк Европанын тогуз өлкөсү менен чектештиги. Өлкөнүн биригиши жалаң эле ГФРдин экономикалык-географиялык абалын жакшыртпастан, геосаясаттык абалды да бир топ оңоду.

Башкаруу формасы жагынан ГФР эки палаталуу (бундестаг жана бундесрат) парламенти бар парламенттик республика, өкмөттү канцлер башкарат. Президент расмий мамлекет башчысы, бирок, өкүлчүлүк гана милдетти аткарат. ГФР аймактык-административдик уюштуруу формасы боюнча 16 тарыхый Жерден турган федерациялык мамлекет. Ар бир «Жердин» өкмөтү жана шайлана турган мыйзам чыгаруучу бийлиги бар.

ГФРдин *калкына* бир нече маанилүү өзгөчөлүк белгилер мүнөздүү. Биринчи кезекте, ал Чет өлкөлүк Европада калкынын саны боюнча эң чоң мамлекет. Ошону менен бирге демографиялык кырдаалы татаал өлкө. 1970-жылдардан баштап өлүм-житим төрөлгөндөрдөн көп болуп, калкта депопуляция процессинин жүрүшү эмгек иммиграциясынын эсебинен токтоп жатат. Мисалы, иммиграноттардын саны боюнча ГФР Европада биринчи орунда, алар калкынын $^1/_{10}$ бөлүгүн түзөт. Иммиграноттардын көпчүлүгү чоң шаарларда; бул жагынан, өзгөчө орунду Франкфурт-на-Майне ээлейт.

Ал ГФРдин эң ири ишкердик, финансы жана өнөр жай борбору. Калктын *жайгашуусу* боюнча ГФР өтө жыштыгы менен мүнөздөлөт (1 *км*² жерге 230 киши). Айрым райондордо калктын жыштыгы 1 *км*² жерге 1000–2000 кишиден туура келет. Ошону менен бирге ГФР дүйнөдө эң жогорку *урбанизацияланган* жана агломерациялардын саны боюнча алдыда турган өлкө.

Германия – эски шаар маданиятынын өлкөсү. Көптөгөн шаарлары өзүлөрүнүн чыгарган белгилүү буюмдары менен таанымал. Мисалы, Зелинген металлдан, Йена оптика-механикалык, Гот-картографиялык буюмдарды жасоонун борборлору. Гейдельберг менен Гёттинген университеттери, Ваймер, Гёте, Шиллердин аттарына байланышкан музейлери менен белгилүү. Ганновер, Кёльн, Франкфурт-на-Майне, Лейпциг сыяктуу чоң шаарлар, орто кылымдардан бери келе жаткан эл аралык ярмаркалары менен таанымал. Лейпцигде андай ярмаркалар 800 жылдан бери өткөрүлүп келе жатат. Дүйнөдө ар бир онунчу китеп немец тилинде жазылып чыгат.

ГФРдин *чарбасы* өнүгүүнүн эң жогорку деңгээлине жеткен. ГФР ИДПнын көлөмү боюнча АКШ, Кытай жана Япониядан кийин, төртүнчү орунда турат, ал эми ИДПнын киши башына туура келген үлүшү боюнча алдыңкы өнүккөн өлкөлөрдүн онунун бири. ГФРдин экономикасынын түзүлүшү аны өнүгүүнүн постиндустриалык стадиясында тургандыгын айгинелейт. ГФР Европалык Союздун мүчөсү катары батыш европалык интеграцияга активдүү катышат. Экономикасында негизги ролду ТНК ээлейт.

Дүйнөдөгү 50 ири өнөр жай компаниясынын ичинен жетөө Германияга таандык. Дүйнөлүк чарбанын 5 тармагында германиялык компаниялар биринчи ондун ичинде. Химия өнөр жайында БАСФ, «Хёхст», «Байер», электр-техникада «Сименс» жана «Роберт Бош», автомобиль куруудa «Даймлер-Бенц» (1999-жылдан тартып «Даймлер-Крайслер»), «Фольксваген», кара металлургияда – «Тиссен», «Маннесман», жеңил өнөр жайында «Адидас» ж.б. белгилөөгө болот.

ГФРдин өнөр жайы ИДПнын төмөндөгөнүнө карабай, мурдагыдай эле дүйнөлүк чарбада, эл аралык эмгектин географиялык бөлүштүрүүсүндө өлкөнүн жүзүн көрсөтүп турат. Өндүрүштүн өлчөмү боюнча ГФР дүйнөдө АКШ, Кытай, Япониядан кийин төртүнчү орунда. Германиянын чарбасынын түзүлүшүндө көп жылдардан бери көмүр казып алуу, металлургия, металлды көп талап кылган машина куруу, курал чыгаруу, электр-техника, химия өнөр жайы негизги ролду ойноп келген. Кийин кен казып алуу, анын ичинде көмүр казып алуу, кара металлургия бир аз кыскарып, эл аралык адистешүүнүн негизги тармагы болуп машина куруу жана химия өнөр жайлары чыга баштады.

ГФРде машина куруу илимди көп талап кылган тармактардын продукцияларын – станок (дүйнөдө Япониядан кийинки экинчи орунда), автомобиль, электр-техникалык буюмдарын, ар кандай жабдууларды, ошондой эле жогорку тактыктагы аспаптарды чыгаруу өнүккөн. XIX кылымдын орто ченинде Иена шаарындагы «Карл Цейс» ишканасы оптикалык приборлорду өндүрүүчү ишкана катары дүйнөгө белгилүү.

Дүйнөдө жетектөөчү орунду ээлеген көп профилдүү химия өнөр жайы он миңдеген түрдүү продукцияларды чыгарат.

ГФРдин отун-энергетикалык чарбасы көмүр казып алууга жана импорттук нефть менен газга багытталган. Электр-энергиясынын негизин ТЭС түзөт, ошондой эле АЭСтин да мааниси зор. Мисалы, ГФРде 14 АЭС иштеп, электр-энергиянын 32%ын өндүрөт. АЭСтердин көбү калк жыш жайгашкан агломерацияларда, Рейн жана Эльбанын бойлорунда жайгашкан.

ГФРдин *айыл чарбасы* эң жогорку деңгээлде механикалаштырылган жана химиялаштырылган, ошого жараша талаачылыктын жана жашылча-жемиштин түшүмдүүлүгү, мал чарбасынын продуктуулугу менен айырмаланат. Бул

тармакта товардык продукциянын $^2/_3$син берген мал чарбачылыгы үстөмдүк кылат. Негизинен сүт багытындагы бодо мал жана чочко асыралат. Маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү жалаң эле тоют өндүрүү эмес, калктын тамак-ашка болгон керектөөсүн да толук канааттандырат. Азык-түлүк өсүмдүктөрүнөн буудай, арпа, картошка, кант кызылчасы өстүрүлөт. Айыл чарба ишканаларынан үй-бүлөлүк фермалар кеңири тараган.

ГФРдин *транспорту* жыштыгы менен айырмаланат, бир да калктуу пункт жолдон алыс жайгашкан эмес. Жүк, өзгөчө жүргүнчүлөрдү ташууда автомобиль транспортунун мааниси өтө зор. ГФРдин автотрассалары (автобандар) Европа боюнча эң мыкты, анда саатына 100 *км* менен жүрүүгө уруксат берилген. Бирок, темир жана ички суу жолдору да өзүнүн маанисин жогото элек. Эл аралык соода байланыштары үчүн деңиз порттору кеңири пайдаланылат. ГФРдин аймагы аркылуу нефть, газ куурлары жана авиация трассаларынын жыш тармагы өтөт. Постиндустрия өлкөсү катары ГФРдин аймагында *өндүрүштүк* эмес *сферанын* түрлөрү да өнүккөн. Экономикалык активдүү калктын көпчүлүгү мамлекеттик кызматта, билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо, соодада, туризмде, мейманканалык тейлөөдө, илимде жана маданиятта иштейт. Эң маанилүүсү – финансы, банктык тейлөө иштери. Дүйнөдөгү эң ири 50 банктын сегизи Германияга таандык (алардын эң чоңу «Дойчебанк»). Ишкердик жана турмуш-тиричиликтик тейлөөлөрдүн мааниси да арта баштады.

ГФРдин *тышкы экономикалык байланыштары* ачык экономикалуу өлкө үчүн эң маанилүү. ГФР тышкы соодадагы жалпы товар айлануусу боюнча АКШдан кийинки экинчи орунда турат. Капиталды экспорттоо боюнча да дүйнөдө көрүнүктүү орундарда. Тышкы экономикалык байланыштары жагынан Европалык союздун мүчөлөрү АКШ, Япония, Канада менен тыгыз мамиледе.

ГФРдин *чарбасынын аймактык түзүлүшү* көп борборлуу мүнөздөрү айлана чөйрөнүн эң жогорку «маданиятташтырылгандыгы», ТХСнын аймактык түйүндөрү жана бир багытта кеткен жыштыгы менен айырмаланат. ГФРдин чарбасынын географиясы өнөр жайлуу шаардык агломерацияларда жайгашышы менен мүнөздөлөт. Алар бири-бири менен автомагистралдар аркылуу байланышкан. Булардын эң чоңу – Төмөнкү Рейн – Рур агломерациясы – Түндүк Рейн, Вествалия жерлеринин административдик өзөгү. Өлкөнүн аймагынын $^1/_{10}$ бөлүгүн ээлеген бул жер, калктын $^1/_5$ин түзүп, ИДПнин 30%ын берет. Мына ушул жерде кара металлургия өндүрүшүнүн негизги тармагы (Дуйсбург, Дортмунд), машина куруу, энергетика жана Рейндин ортонку агымында химия өнөр жайынын көп борборлору (Людвигсхафен, Франкфурт-на-Майне) жайгашкан.



Германия Федерация Республикасы (Гамбург шаары)

Азыркы кезде Рейн-Рур агломерациясы башка агломерациялардан мурдагыдай кескин айырмаланбайт. Илимди көп талап кылган тармактардын өнүгүшү боюнча өлкөнүн түштүк-батышындагы Штудгарт жана түштүгүндөгү Мюнхен агломерациялары озуп кетти. Штудгартта атактуу «Мерседес», ал эми Мюнхенде «БМВ» маркасындагы автомобилдер чыгарылат. ГФРдин түндүгүндөгү маанилүү өнөр-жай борборлору болуп порт шаарлар, алардын ичинен эң чоңу – Гамбург, ошондой эле «Фольксваген» машинасы чыккан шаар Вольфсбург эсептелет. Чыгыш жагындагы ТСХнын өзөгү болгон шаарлар – Берлин, Лейпциг, Дрезден.

ГФРдин географиясына Түндүк-Германия түздүгү, Дунайдын оң жээги, Бавария сыяктуу ири айыл чарба райондору да чоң таасирин тийгизет. Ошондой эле рекреация жана туризм өнүккөн жайларга – Балтика деңизинин бою, Альп тоолору жана Эльбанын боюндагы Саксония Швейцариясы кирет.

Мурда ГФРде эски өнөр жайлуу депрессияга учурап жаткан райндорго, агломерациялардын абалын жеңилдетүүгө, кээ бир райондордун социалдык-экономикалык деңгээлин тендештирүүгө көңүл бурган саясат жүргүзүлүп келсе, 1990-жылдардан кийин, мурдагы ГДРдин аймагынын чарбалык түзүлүшүн кайра курууга жана анын жалпы деңгээлин көтөрүүгө багытталды. ГДРдин



Германия Федерация Республикасы (Рур району)

аймагы өлкөнүн аймагынын 30% ын, ал эми калкынын 19% ын түзөт. Ошондуктан, ГДРдин чарбасынын деңгээлин көтөрүү кыйын маселе болуп, көп капитал жумшоону талап кылды (ГДРди немецтик экономиканын «кара тешиги» деп жөн жерден айтылган эмес). Чынында эле ГДРдин чарбасы кошулаардын алдында өндүрүш кескин кыскарып, олуттуу демографиялык жана социалдык-экономикалык кризистик абалда турган. ГФРдин чарбасына дагы жаңы алты Жерлердин кошулушуна байланыштуу жана аларды жалпы деңгээлге жеткизүү үчүн дагы көп убакыт талап кылынат.

*Негизги тыянак.* Чет өлкөлүк Европа аймагы боюнча дүйнөдө анча чоң эмес аянтты ээлегени менен дүйнөлүк чарбада анын мааниси өтө чоң. Кийинки кездерде региондун саясий жана экономикалык картасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат.

**Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)**

1) Өлкөлөрдүн өлчөмүн аймагынын аянты же чек арасынын узундугу боюнча билүүгө болот. Эң узун өлкө – Норвегия, түндүктөн түштүккө карай 1750 *км*ге созулат. Франция менен Улуу Британиянын узундугу

1000 *км*ге жакын, ГФРдики 875 *км*, Венгрия менен Болгарияныкы 500 *км*, Бельгияныкы 230 *км*.

2) Чакан мамлекеттердин ичинен аймагы «чоң» мамлекет Франция менен Испаниянын ортосундагы – Андорра. Анын аянты 467 $км^2$ (Москванын аянтынан эки эсе кичине). Лихтенштейн княздыгы – Швейцария менен Австриянын ортосунда, Рейнди бойлоп узундугу 25 *км*, туурасы 10 *км* келип, 160 $км^2$ аянтты ээлейт. Сан-Марино республикасынын мамлекеттүүлүгү 1263-жылдан бери келип, бардык жагынан Италиянын аймагы менен курчалып, 61 $км^2$ аянтты ээлейт. Монако княздыгы Франциянын Жер Ортолук деңиз жагын ээлеп, аянты 1,9 $км^2$ жана узундугу 2,7 *км*. Рим папасынын резиденциясы Ватикан 0,44 $км^2$ аянтты ээлейт.

3) Чехияда мамлекттик чек арадан 105 *км*ден, Болгарияда 120 *км*ден, Румынияда 170 *км*ден, Польшада 230 *км*ден ашык алыстыкта жайгашкан бир да калктуу пункт жок.

4) «Дельта-план» 1953-жылкы катуу суу каптоодо дамбаларды, шлюздарды бузуп, элдин дамбалардагы жырылган жерлерди тынымсыз бүтөгөн аракеттерине, кемелердин капитандары өз кемелерин бөгөт кылып чөгөргөн иштерине карабай, Рейн Маас жана Шельда дарыяларынын дельталарына жетип, 50 миң үйдү талкалап кеткенден кийин кабыл алынган. Ал план боюнча дамба менен шлюздар дарыя чаттарын жана каналдарды жаап эки гана жерин ачык коюшкан. Дамбаларды курууга таштарды Финляндия жана Швециядан ташып келишкен. «Дельта-план» 1958–1968-жылдары иштелип бүткөн.

5) 2050-жылга чейин Италиянын калкы 41,2 млнго, Испанияныкы 31,2 млнго, Германияныкы 73,3 млнго, Румынияныкы 6 млнго чейин төмөндөп, Болгария жана Венгрияныкы – 2,6 млнго, Улуу Британияныкы – 2 млнго азайышы мүмкүн.

6) 2000-жылы ГФРдин калкынын ичинде түрктөр – 2 млн, югославдар – 660 миң, италиялыктар – 620 миң, гректер – 365 миң, поляктар – 360 миң, хорваттар – 315 миң, австриялыктар – 185 миң, босниялыктар – 155 миң, португалдар – 135 миң, испандар – 130 миң, орустар – 115 миң, англичандар – 115 миң, американыктар – 113 миң, голландыктар – 110 миң, ирандыктар – 105 миң болгон. Алардан башка 50дөн 100 миңге чейинки санда румындар, украиндар, вьетнамдар, марокколуктар, афгандар, венгерлер, македондуктар, ливандыктар, кытайлар жашайт.

7) Түштүк славян элдери (болгарлар, сербдер, македондуктар, черногорлуктар) славян графикасын пайдаланышат, ошол эле тилдерде орус, украин, белорус элдери да сүйлөйт. Мисалы, болгардын «лен» деген сөзү орусча «лень», «утро» – деген сөзү орусча «утро». Башка славян элдери: чехтер, поляктар, словактар, хорваттар, словендер – латын графикасын пайдаланышат.

8) Ватикан мамлекетинин жергиликтүү калкы 1 миңдей болсо да өзүнүн өкмөтү, банкы, гвардиясы, мыйзамдары, валютасы, почта маркалары, эң башкысы – өзүнүн монархы Рим Папасы бар. Ватикандын негизги функциясы – диндик иш аракет. Бүткүл дүйнөдө, динди кармаган-католиктердин

саны 1 млрддан ашык, 400 минден ашыгы чиркөөнүн аппаратында иштегендер, 1 млнго жакын монахтар бар.

9) Глазгодо Британия флотунун эң чоң жүргүнчүлөрдү ташуучу 80 миң тонналык «Куин-Мэри» жана «Куин-Элизабет» – деген кемелери курулуп, 4 млндон ашык жүргүнчү ташыган. 1944-жылы «Куин-Элизабет» бортуна 15200 аскер кызматындагыларды алып, өзүнчө бир рекорд койгон. Бирок, ал Гонконгдук миллионер сатып алгандан кийин 1972-жылы өрттөнүп кеткен.

10) Люксембург чоюн жана болот эритүү боюнча экинчи он мамлекеттин ичинде болсо дагы, киши башына туура келген үлүшү боюнча (10 *т*) биринчи орунда турат.

11) 1950-жылдардын аягында польшалык геологдор нефть издеп жүрүп, Европада эң чоң жездин рудасын табышкан. Терең жатканына жана татаал геологиялык шартына карабасан, ал өздөштүрүлүп, Төмөнкү-Силезия жез-рудалык бассейнине айландырылган.

12) Бельгия мерген мылтыгын жасоо, алмазды иштетүү боюнча (Антверпен бриллиант менен соода кылуу борбору), Австрия too лыжасы, Чехия бижутерия, карандаш чыгаруу менен белгилүү. «Нор» фабрикасы жылына 64 түстүү, катуулугу 21 даражалуу 1 млндон ашык карандаш чыгарат. Лихтенштейнде дүйнөдө эң чоң жасалма тиш чыгара турган ишкана иштеп, анын продукциясы жүздөн ашык өлкөлөргө жиберилет.

13) Францияда 400дөн ашык сырдын сорту белгилүү. Өзгөчө белгилүү болгон «рокфор» сыры миң жылдардан бери Рокфор деген жерде жасалат. Койдун сүтүнөн жасалган сыр өзүнүн, өзгөчө сапатын жана жытын жер алдындагы кеңири үңкүрдө көп убакыт бою сакталгандан алат. Швейцарияда сүттүн дээрлик бардыгы сырга жана майга айландырылат. Нидерландиялыктар сырсыз тамак ичпейт.

14) Нидерланд – гүл өстүргөн өлкө. Амстердамга жакын жайгашкан Алсмере шаарында дүйнөдөгү эң чоң гүл саткан аукцион жайгашкан, анын имаратынын алган орду 30 футбол талаасына барабар, ал жерде жылына 1 млрддан ашык роза гүлдөрү сатылат. Гүлдү 140 өлкө сатып кетет.

15) Пиво кайнатуу байыркы германдардан бери белгилүү болгон, ал азыр ГФР менен Чехияда улуттук суусундук катары эсептелинет. Хмель жыйноо боюнда ГФР биринчи орунда, ал эми жылына киши башына туура келген пиво боюнча да ГФР биринчи орунда (жылына 100 *л*).

16) Исландиянын балык уулоочу флоту 1 миң кемеден туруп, жылына 1,5 млн *т* балык кармалат, б.а. киши башына 6 *т* балык туура келет. Мурда чоң балыктарды – исландия сельдин жана тресканы кармоочу, азыр балыктан жасалган унга кеткен мойваны кармайт. Балык уулоодо калкынын экономикалык активдүү бөлүгүнүн 40%ы иштейт; балык өлкөнүн экспортунун $^3/_4$ бөлүгүн түзөт.

17) 1981-жылы Париж – Лион тез жүрүүчү темир жолу курулган. Кийин ал Марселге чейин узартылган (878 *км*). Андан кийин Париж – Бордо (480 *км*), Париж – Страсбург (460 *км*) жолдору курулган. Ал жолдордо поезд саатына 250–300 *км* ылдамдык менен жүрө алат.

18) Стамбулдагы Босфор кысыгы аркылуу салынган автожол көпүрөсү 1973-жылы ишке киргизилген. Бул Европадагы эң узун көпүрө, дүйнөдө төртүнчү орунда. Узундугу 1 *км*, машиналардын каттоо жөндөмдүүлүгү суткасына 20 миң. 1988-жылы экинчи ошондой эле көпүрө ишке киргизилген.

19) Копенгаген менен Швециянын Мальме шаарынын ортосундагы Эресунн кысыгынан өткөн транспорттук система 16 *км*ге созулган, ал туннельден жана эки ярустук көпүрөдөн турат. Ал боюнча төрт тилкелүү шоссе жолу жана эки колеялуу тез жүрүүчү темир жол өтөт.

20) Ла-Манш кысыгы аркылуу туннелдин биринчи долбоору XIX кылымда эле сунуш кылынган. Бирок, Франция менен Улуу Британиянын өкмөттөрү аны 1987–1994-жылдарда гана ишке ашыра алышты. Чындыгында кысыктын алдынан үч туннель казылган, экөө эки жакка поезддер катташ үчүн, бири ошол поездерди тейлөө үчүн багытталган. Туннелдердин жалпы узундугу 50 *км*, анын 37 *км* суунун алды менен өтөт. Евротуннельдин аркасы менен Парижден Лондонго чейин поезд 3 саатта жетет. Биринчи алты жылдын ичинде туннель аркылуу 20 млн жүргүнчү өткөн.

21) Монаконун башкы кызыктуу жайы 1861-жылы курулган кумар ойноочу үйү. Бул жерде дагы дүйнөгө белгилүү океанография музейи бар. Деңиз жээгинде аквалангисттер үчүн корголгон жай жайгашкан. Көп кирешени почта маркаларын чыгаруу алып келет.

22) Француздук Ривьера XIX кылымда эле атактуу француз жазуучулары Бальзак, Флобер, Мопассандардын сүйгөн эс алуучу жайы болгон. Бул жерде орустун жазуучулары жана артисттери Н. В. Гоголь, Ф. И. Тютчев, А. И. Куприн, А. П. Чехов, И. А. Бунин, В. В. Маяковский, Ф. И. Шаляпин, С. П. Дягилев жашап, иштешкен. Ривьера жөнүндө эң сонун ойлорун америкалык жазуучулар Эрнест Хемингуэй, Скотт, Фицжеральд калтырышкан.

23) Альпы курортторунун ичинен популярдуулары Франциядагы Шамони, Щвейцариядагы Давос, Италиядагы Боромио, Германиядагы Гамиш – Партенкирхен. Ал курорттордун сыйымдуулугу 3 млн туристке жетет. Аларды тейлөө үчүн 12 миң тоого көтөргүч жана 40 миң лыжа жолу бар.

24) 1976-жылдын мартында америкалык супертанкер «Амоко Кадис» Перс булунунан Роттердамга келе жатып, Франциянын жээгинен рифке урунуп алат. Андан төгүлгөн 230 миң *т* нефть 200 *км* жээкти пляждарды, устрица кармалган аянтты жана балыкчылардын курган жерин каптап, зыянга учуратты.

25) Чет элдик Европанын аймагында 2200 жаратылыштын өзгөчө корголуучу жайлары бар. Алардын жалпы аянты 580 миң $км^2$, б.а. бул Франциянын аймагынан чоңдук кылат. Корголуучу жайлардын саны боюнча көрүнүктүүлөрү – Германия (472), Швеция (189), Австрия (187), Испания (161), Италия (143), Улуу Британия (131) жана Швейцария (112).

26) Франциянын борборунда 700дөн ашык эл аралык саясий, экономикалык жана коомдук уюмдар жайгашкан. Алардын ичинде ЮНЕСКО, Экономикалык өнүгүү жана кызматташуу уюму (ОЭСР), Биргелешкен (туугандашкан) шаарлардын бүткүл дүйнөлүк уюму, Университеттердин эл ара-

лык ассоциациясы, Эл аралык соода палатасы, Эл аралык энергетикалык агенттик, Интерпол ж.б., Брюсселде мындай уюмдардын 1400ү иштейт.

27) Тролль кенин иштетүү үчүн курулган зор бургулоочу платформага 245 миң $м^3$ бетон, 100 миң *т* (б.а. Эйфель мунарасына жумшалган темирден 15 эсе көп) болот арматурасы кеткен. Анын жалпы салмагы 656 миң *т*, бийиктиги 472 *м*.

28) Бонн байыркы шаарлардын бири, ал 1989-жылы өзүнүн 2000 жылдыгын белгиледи. Ал Рейндин жээгиндеги чеп катары римдиктер тарабынан негизделген. Көп кылымдар бою Бонн провинция шаары болуп келген, анын атагы Бетховен туулган, Карл Маркс жана Генрих Гейне университетинде окуган – деген фактылар менен белгилүү болгон. 1949-жылы ГФР түзүлгөндөн баштап ал мамлекеттин борбору катары белгилүү болду.

29) Тюрингендик эски шаар Ваймер (1975-жылы өзүнүн 1000 жылдыгын белгилеген) XVI–XIX кылымдарда герцогдун резиденциясы, Иоганн Вольфганг Гётенин, Фридрих Шиллердин, Ференц Листин, Иоганн Готфрид Гердердин ысымдары менен байланышкан маданий борбор катары белгилүү. Шаардын борборунда Гёте 1782-жылдан өмүрүнүн акырына 1832-жылга чейин жашаган үй сакталып, XIX кылымдын аягында музейге айландырылган. «Вильгелм Телль» – деген драмасын жазган Шиллердин үйү да музейге айландырылган.

30) Рейндин боюндагы Дуйсбург шаарын Рурдун батыш дарбазасы – деп аташат. Татаал кеме причалдары, аларга баруучу жолдор, кампалар чындыгыда эле ошондой дарбаза экендигин билгизип турат. Дуйсбургда ГФРдеги эң ири металлургиялык комбинаттар орун алган. Алар Рейн аркылуу чийки заттарды жана отунду алат. Ошондуктан ал дарыя жүк ташуу боюнча (жылына 55 млн *т*) дүйнөдө биринчи орунда.

31) Корголуучу жайлардын саны боюнча ГФР Чет элдик Европада биринчи орунду ээлейт. Алардын жалпы саны 472, аянты 88 миң $км^2$ б. а. аймагынын $^1/_4$ин түзөт. Алардын ичинен басымдуу көпчүлүгү анча чоң эмес корголуучу жаратылыш аймактары, жаратылыш парктары. Жаратылыш парктары көбүнчө тоолуу-токой зонасында (Бавария, Франкенн, Тевтобург токою ж.б.).

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Атластын картасын пайдаланып, Чет элдик Европанын бир мамлекетинин экономикалык-географиялык абалына мүнөздөмө бергиле. ЭГПны мүнөздөөнүн типтүү планын пайдалангыла. Атластын саясий картасынан кайсы өлкөнүн чектеш кошуна өлкөлөрү көп, анын кандай мааниси бар экенин талдагыла.
2. Таблицаларды пайдаланып, Европанын кайсы өлкөсүндө кандай башкаруу формасы үстөмдүк кылаарын аныктагыла. Эмне үчүн Европада башка региондорго караганда конституциалык монархия көбүрөөк сакталып калганын түшүндүргүлө. Контурдук картага республикалык жана монархиялык башкаруудагы өлкөлөрдү түшүргүлө.

3. Атластагы пайдалуу кендердин картасына карап, Европанын кайсы өлкөсү отун, рудалык, рудалык эмес кендерге бай экендигин аныктагыла. Өлкөнүн жаратылыш байлыгын мүнөздөө боюнча типтүү планды пайдаланып көргүлө. Атластын карталарынан Улуу Британия, ГФР, Франция, Италия кайсы кендикте жайгашкандыгын аныктагыла. Аларды КМШ өлкөлөрү менен салыштыргыла.
4. Китептеги картаны пайдаланып, кайсы өлкөгө иммиграция көп экенин аныктагыла. Иммиграция жана эмиграция көп байкалган өлкөлөрдү бөлүп көрсөткүлө.
5. Атластагы калктын таралыш карталарын карап, индиевропалык жана урал тил түркүмүнө кирген калкты бөлүп көрсөткүлө. Бир эки жана көп улуттуу мамлекеттерди аныктагыла.
6. Дептериңерге Чет өлкөлүк Европадагы «миллионер-шаарлардын» жадыбалын түзгүлө. Ар кайсы өлкөлөрдөгү ушундай шаарлардын санын аныктагыла. Силер кандай ойлойсуңар, Чет өлкөлүк Европада урбанизация процессинин үч башкы жана жалпы белгисинин баардыгы байкалып жатабы?
7. Китептеги сүрөттөрдү жана Чет өлкөлүк Европанын физикалык картасын пайдаланып, миллионер-шаарлардын ЭГАсы боюнча классификациясын жүргүзгүлө. Шаарлар жайгашуусу боюнча: 1) деңиздин жээгинде, 2) дарыянын чатында, 3) деңизден алыс, бирок, кеме жүрүүчү дарыя жээгинде, 4) деңизден алыс. Классификациянын натыйжасын жадыбалга түшүргүлө. Кайсы өлкөнүн борбору, аймагынын ортосунда. Карталарды пайдаланып, Европанын өнөр жайынын бир тармагын мүнөздөгүлө. Алардын негизги райондорун, борборлорун, башкы бассейндерин көрсөткүлө. Өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшүн аныктагыла. Кайсы жактан Чет элдик Европага нефть, жаратылыш газы, көмүр, темир рудасы, болот келээрин аныктагыла.
Атластагы Чет элдик Европанын карталарын пайдаланып, кара металлургиянын райондорунун жана борборлорунун эмнеге карата жайгашуусун аныктагыла: 1) таш көмүр бассейндерине, 2) темир руда бассейндерине 3) көмүр жана темир рудасын ташыган жолдорго (анын ичинде деңиз жолдоруна).
8. Окуу китебиндеги текстти пайдаланын, ортоңку жана түштүк европалык айыл чарба тибине кирген райондордогу айыл чарба өсүмдүктөрүн аныктагыла. Алардын окшоштуктарын жана айырмасын көрсөткүлө. Абалды түшүндүрүш үчүн атластагы агроклиматтык карталарды пайдалангыла.
9. Окуу китебиндеги текстти жана атластагы транспорттун картасын пайдаланып, контурдук картага негизги темир жол магистралдарын, кеме жүрүүчү дарыяларды жана деңиз портторун түшүргүлө. Бир борборлуу жана көп борборлуу транспортук мүнөздөгү өлкөлөрдү аныктагыла. Алардын калыптанышынын себеби жөнүндө ойлонгула.
10. Атластагы Рур өнөр жайлуу райондун картасын талдап көргүлө. Башкы өнөр жай тармактарын аныктап, кайсынысы эски, кайсынысы жаңы тармакка киререрин ажыраткыла.

10-559

**11.** Атластагы карталарды пайдаланып, контурдук картага Чет өлкөлүк Европанын бир өлкөсүнүн өнөр жай тармактарын, айыл чарба райондорун, негизги транспорт магистралдарын түшүргүлө. Алынган карта-схеманы талдап көрүп, баяндама түзүүгө аракет кылгыла.

**12.** Окуу китебинин 1-бөлүмүндөгү материалдарды жана 2-бөлүмүндөгү ГФР жөнүндөгү сандык маалыматтарды пайдаланып, бул өлкөнү толук мүнөздөөгө аракет кылгыла.

**13.** Кийинки көрсөткүчтөр боюнча Чет өлкөлүк Европанын өлкөлөрүн топтоштургула: 1) аймагынын чоңдугу; 2) калкынын саны; 3) урбанизациясы. Тыянак чыгаргыла. 2. Окуу китебиндеги материалдарды карап, кайсы Чет өлкөлүк Европанын өлкөлөрү өнөр жай, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча «биринчи өлкөнүн» ичине киреrин аныктагыла.

## Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

### Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле

1. Чет өлкөлүк Европанын төмөнкү өлкөлөрүнүн ичинен кайсынысы конституциялык монархия башкаруусунда: Норвегия, Улуу Британия, Швеция, Финляндия, Испания, Греция, ГФР.
2. Чет өлкөлүк Европанын төмөнкү өлкөлөрүнүн ичинен кайсынысы деңизге чыгуу үчүн Дунайдагы суу жолун пайдаланат: Сербия, Хорватия, Словения, Албания, Румыния, Польша, Венгрия, ГФР.
3. Кийинки саналган Чет өлкөлүк Европанын портторунун ичинен кайсынысы деңиздик болуп эсептелет: Осло, Глазго, Лондон, Гамбург, Роттердам, Марсель, Барселона, Афины, Гданьск, Констанца.
4. Кийинки саналган райондордун кайсынысы жакшы өнүккөн райондорго кирет: Мидленд, Түштүк Уэльс, Лондон, Париж, Лотарингия, Түштүк Германия.

### Окуу китебинен төмөнкү суроолорго жооп тапкыла

1. Чет өлкөлүк Европанын шаарларынын мүнөздүү белгилери эмнеде?
2. Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн отун-энергетикалык чарбасынын өзгөчө белгилери эмнеде?
3. Чет өлкөлүк Европанын түштүк жана түндүк бөлүктөрүнүн негизги айырмачылыктары эмнеде?
4. Чет өлкөлүк Европанын транспорттук системаларынын мүнөздүү белгилери эмнеде?

### Бул суроолорго жооп бериш үчүн картаны пайдалангыла

1. Чет өлкөлүк Европанын кайсы өлкөсүндө борбор шаардын милдетин ошол өлкөнүн эң чоң шаары эмес, башка шаар аткарат?
2. Региондун кайсы өлкөсүндө калктын жыштыгы жогору?
3. Түндүк жана Балтика деңиздерине кайсы суу жолу менен Ютландия жарым аралын айланбай барууга болот?

4. Кайсы өнөр жай тармактары, кайсы райондордо калыптанышы мүнөздүү: 1) борбор шаарларда, 2) порт шаарларда, 3) көмүр бассейндеринде.
5. Кайсы металлургиялык комбинаттар ташылып келинген отун жана чийки заттар менен иштейт?

### Түшүндүргүлө

1. Качан жана эмне үчүн Чет өлкөлүк Европа иммиграциянын очогу боло баштаган?
2. Эмне үчүн Францияда жана Улуу Британияда борборлору басымдуулук кылат, ГФР жана Италияга тескерисинче ал мүнөздүү эмес?
3. Эмне үчүн суу керектөөнүн түзүлүшүндө Улуу Британияда, ГФР де, Бельгияда, Швецияда 60–80 % өнөр жайга, ал эми Испанияда, Португалияда, Грекияда, Италияда айыл чарбасына туура келет?
4. Эмне үчүн Жакынкы жана Ортонку Чыгыштагы нефтиден өздүк наркы жогору болсо да Түндүк деңизден нефти казып алуу улантылып жатат?
5. Эмне үчүн Норвегия айыл чарбасына караганда балык уулоодон пайданы көп табат?
6. Эмне үчүн Рейн жүк ташууда дүйнөдөгү башка дарыялардан алдыда турат?
7. Эмне үчүн Европа эл аралык туризмдин негизги району болгон жана азыр да болуп турат?
8. Эмне үчүн эски өнөр жайлуу депрессиялык райондордо айлана чөйрөнүн абалы коркунучтуу?

### Көрсөткүлө

1. Кийинки саналган өлкөлөрдүн кайсылары индиевропа тил түркүмүнүн герман тобунда сүйлөшөт: Италия, Австрия, Греция, ГФР, Финляндия, Улуу Британия.
2. Кийинки саналган өлкөлөрдүн кайсынысына иммиграныттардын көп келүүсү мүнөздүү: Италия, Испания, ГФР, Улуу Британия, Франция, Швейцария.

### Силер төмөндөгүлөрдү аткара аласыңарбы

1. Картаны карабай туруп, контурдук картага төмөнкү өлкөлөрдү түшүрө аласыңарбы: Исландия, Дания, Финляндия, Ирландия, Люксембург, Австрия, Венгрия, Болгария, Албания.
2. Чек арасы жалаң бир өлкө менен чектешкен өлкөнү эстеп, айтып бере аласыңарбы: 1) ГФР менен,2) Испания менен, 3) ГФР, Швейцария, Италия, Словения, Венгрия, Чехия, Словакия менен?
3. Картадан Глазго, Роттердам, Марсель, Брюссель, Мюнхен, Неаполь, Краков, Загреб шаарларын көрсөтө аласыңарбы?
4. Иш жүзүндө айыл чарбасы жок Чет элдик Европанын өлкөлөрүн атай аласыңарбы?
5. Кийинки саналган өлкөлөрдүн ичинен а) бир улуттуу өлкөлөрдү таба аласыңарбы: Бельгия, Испания, Норвегия, Португалия, ГФР, Улуу Британия; б) борбо-

рунда өнөр жай топтолгон өлкөлөрдү бөлө аласыңарбы: Чехия, Словакия, Венгрия, Австрия, Италия, Франция, Дания.

### Төмөндөгү жооптордон туурасын тандагыла

1. Франция чектешет а) үч өлкө менен; б) беш өлкө менен; в) алты өлкө менен.
2. Чет өлкөлүк Европанын эң чоң агломерациясы: Лондондук, Париждик, Рейн-Рурдук, Голландык.
3. Региондун борбор шаарлары деңиз жээгинде жайгашкан: Мадрид, Париж, Рим, Вена, Стокгольм, Копенгаген, Прага, София, Афины.
4. Чет өлкөлүк Европада кайсы өлкөдө нефть көп өндүрүлүп алынат: Испанияда, Австрияда, Норвегияда, Улуу Британияда, Румынияда, Албанияда.

### 6-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калуу керек:

1. Чет өлкөлүк Европанын саясий картасын, жашаган элдерин (7-класстын географиясы).
2. Чет элдик Европанын физико-географиялык абалын, рельефин, климатын, сууларын, топурагын жана өсүмдүктөрүн, ошондой эле жаратылыш зоналарын (7-класстын географиясы).
3. XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы Чет өлкөлүк Европанын өлкөлөрүнүн өнүгүү тарыхын (8-класстын тарыхы).
4. Окуу китебинин 1-бөлүмүндөгү материалдарды.
5. Экономикалык-географиялык абалынын, чарбасынын аймактык түзүлүшүнүн, өндүрүштүн адистешүүсүнүн жана кооперативдешүүсүнүн, инфратүзүлүшүнүн, региондун, субрегиондун терминдерин жана түшүнүктөрүн.

### Эмнени өздөштүрүү керек?

### 6-теманын негизги идеяларын

1. Чет өлкөлүк Европа дүйнөлүк саясаттын жана дүйнөлүк экономиканын башкы борбору болуп кала берет.
2. «Европанын эски таштары» европалык гана эмес, дүйнөлүк цивилизациянын улуу мүлкү.
3. Өлкөгө экономикалык-географиялык мүнөздөмө берүү.
4. Өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүшүнө жаратылыш ресурсунун маанисин мүнөздөп берүү.
5. Ар кандай географиялык маалыматтарды бир кубулушту далилдешке, салыштырууга, графиктерди түзүүгө, талдоого пайдалана алуу.
6. Жеке билимди терендетиш үчүн окуу китептин текстин, графиктерди, картографиялык материалдарды колдоно билүү.
7. Окулган китепке сын пикир жаза алуу.

### 6-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Чет өлкөлүк Европанын ЭГАсынын мүнөздүү белгилери, жаратылыш ресурстары жана калкы.

2. Чет өлкөлүк Европанын чарбасынын жана калкынын жайгашуусунун аймактык түзүлүшүнүн негизги белгилери.
3. Чет өлкөлүк Европанын өнөр жайынын негизги тармактарынын жайгашуу түзүлүшүнүн негизги белгилери.
4. Чет өлкөлүк Европанын айыл чарбасынын негизги белгилери жана алардын типтери.
5. Чет өлкөлүк Европанын региондук транспорттук системасынын өзгөчөлүктөрү.
6. Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору.
7. ГФР Чет элдик Европанын эң кубаттуу өлкөсү.
8. Теманын негизги сөздөрү: шаардын батыш европалык тиби, субурбанизация; транспорттук системанын батыш европалык тиби, порттук өнөр жай комплекси; «өнүгүүнүн огу»; борбордук регион.

### Өз алдынча даярдануунун ыкмаларын үйрөнүү

1. Өлкөнүн (региондун) ЭГАсын мүнөздөө үчүн план. Өлкөнүн кошуна өлкөлөргө карата абалы.
2. Негизги кургак жана деңиз жолдоруна карата өлкөнүн абалы.
3. Негизги отун-чийки заттарга, өнөр жай жана айыл чарба райондоруна карата абалы.
4. Продукцияны сатуу борборлоруна карата абалы.
5. Убакыт ичинде өлкөнүн ЭГАсынын өзгөрүшү.
6. Өлкөнүн чарбасынын өнүгүшүнө жана жайгашуусуна ЭГАсынын тийгизген таасири.
7. Өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүүсүнө жаратылыш байлыктарынын тийгизген таасирин мүнөздөө планы:

   – пайдалуу кендердин запасынын өлчөмү, жайгашышы жана алардын аймактык катнашы.

   – суу жана токой ресурстары, аларды пайдалануу;

   – жаратылыш-ресурстук потенциалына жалпы мүнөздөмө жана өнөр жайынын ресурстар менен камсыз болушу;

   – өнөр жайынын өнүгүүсүндө жаратылыш ресурстарынын натыйжалуу жана натыйжасыз пайдаланылышы;

   – жалпы тыянак. Ресурстардын жана аларды пайдалануунун келечеги.

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК АЗИЯ (КМШдан тышкары)

*Чет өлкөлүк Азия деп КМШге кирген мамлекеттерден башка Азияда жайгашкан өлкөлөрдү айтабыз. Алардын аянты 27 млн км², калкы 3,5 млрддан ашык. Калкынын саны боюнча башка региондордон бир кыйла алдыда турат. Азиянын саясий картасында 40тан ашык өлкө бар. Алардын бир канчасы эң байыркы жана ири мамлекеттер. Чет өлкөлүк Азия – цивилизациянын башаты, дыйканчылыктын жана сугат иштеринин мекени, шаарлардын жана көптөгөн маданий байлыктардын куралган жери. Көпчүлүк мамлекеттери өнүгүп келе жаткан өлкөлөр. Эреже катары, аларды төрт топко бөлүшөт: Борбордук жана Чыгыш Азия, Түштүк Чыгыш Азия, Түштүк-Батыш Азия жана Түштүк Азия.*

## § 23. Чет өлкөлүк Азиянын жалпы мүнөздөмөсү

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары.** Чет элдик Азиянын аймагы түндүктөн түштүктү карай 7 миң *км*ге, батыштан чыгышка карай 10 миң *км*ге созулат. Кытай менен Индия гигант мамлекеттерге кирет, бир нече чоң өлкөлөр менен бирге, кичине майда мамлекеттер дагы кездешет. Чек аралары көпчүлүк учурда табигый чектер менен өтөт. Мисалы, Гималай кырка тоосу экономикалык байланыштар үчүн чоң эле тоскоол.

Региондогу өлкөлөрдүн ЭГА мүнөздөрү боюнча үч негизги белгисин байкоого болот.

*Биринчиден,* алардын кошуна абалы Азиянын төрт субрегионундагы өлкөлөрдү бириктирип турат.

*Экинчиден,* көпчүлүк өлкөлөрдүн деңиз жээгиндеги абалы, Тынч, Инди жана Атлантика океандарындагы деңиз соода жолдоруна чыгууга мүмкүндүк берет. Мисалы, Вьетнамдын жээкти бойлогон чек арасы 1700 *км*, ошондуктан, географтар аны Индикытайдын Тынч океанга чыгуучу «балкону» – деп аташат. Вьетнамдын башка өлкөлөр менен байланышы, негизинен деңиз жолдору аркылуу жүргүзүлөт.

*Үчүнчүдөн,* кээ бир өлкөлөрдүн ички региондордо жайгашышы, экономикалык-географиялык абалынын ыңгайсыздыгы. Мисалы, деңиздерге алыс жайгашкан Монголия тышкы байланышты Россия менен Кытай аркылуу жүргүзөт.

Чет өлкөлүк Азиянын *саясий картасы* кийинки мезгилде чоң өзгөрүүлөргө учурады. Экинчи дүйнөлүк согушка чейин элинин 90%га жакыны колониялык жана жарым колониялык абалда жашаган. Азыр болсо дээрлик бардык элдер саясий көз карандысыз өлкөлөрдө жашап жатышат. Ошон-

дой болсо да Чет элдик Азия көп аймактык талаш-тартыштардын аренасы болуп, региондук жана локалдык чыр-чатактар чыгып, кээде кандуу согушка чейин өсүүдө.

Мындай аймактык талаштар Иран менен Ирактын, Ирак менен Кувейттин, Индия менен Пакистандын, Индия менен Кытайдын, Кытай менен Тайвандын, Россия менен Япониянын (Курил аралдары үчүн), Түркия менен Грециянын (Кипр үчүн), Корей Элдик Демократиялык Республикасы менен Корея Республикасынын, Палестина менен Израилдин чыр-чатактары азыркыга чейин улануудa.

Чет өлкөлүк Азияда Европадагыдай эле республикалык башкаруу үстөмдүк кылат, бирок, эски монархиялык бийлик да көп өлкөдө сакталып калган.

### Чет өлкөлүк Азиянын мамлекеттери

| № | Өлкөлөр | Аймагынын аянты,миң *км*² менен | Калкы, млн киши | Борбор шаары | Башкаруу формасы | Аймактык уюштуруу формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | Афганистан | 652,2 | 28,0 | Кабул | Р | У |
| 2 | Бангладеш | 148,4 | 140,0 | Дакка | Р | У |
| 3 | Бахрейн | 703,6 | 0,700 | Манама | КМ | У |
| 4 | Бруней | 5,8 | 0,340 | Бандар-Сери-Бегаван | АМ | У |
| 5 | Бутан | 46,5 | 2,185 | Тхимпху | АМ | У |
| 6 | Вьетнам | 330,0 | 82,0 | Ханой | Р | У |
| 7 | Израиль | 14,1 | 6,85 | Тель-Авив | Р | У |
| 8 | Индия | 3287,5 | 1060,0 | Дели | Р | Ф |
| 9 | Индонезия | 1900,0 | 220,0 | Джакарта | Р | У |
| 10 | Иордания | 96,2 | 5,7 | Амман | Км | У |
| 11 | Ирак | 437,0 | 22,6 | Багдад | р | У |
| 12 | Иран | 1648,0 | 68,0 | Тегеран | р | У |
| 13 | Йемен | 550,0 | 19,7 | Сана | р | У |
| 14 | Камбоджа | 181,0 | 13,0 | Пномпень | Км | У |
| 15 | Катар | 11,4 | 0,744 | Доха | АМ | У |
| 16 | Кипр | 9,251 | 0,9 | Никосия | Р | У |
| 17 | Кытай | 9572,0 | 1292,0 | Пекин | Р | У |
| 18 | КЭДР | 12,8 | 23,3 | Пхеньян | Р | У |
| 19 | Корей Республикасы | 99,35 | 48,0 | Сеул | Р | У |

| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 20 | Кувейт | 17,8 | 2,6 | Эль-Кувейт | км | у |
| 21 | Лаос | 236,8 | 5,8 | Вьентьян | р | у |
| 22 | Ливан | 10.45 | 3,9 | Бейрут | р | у |
| 23 | Малайзия | 336,3 | 25,7 | Куала-Лумпур | р | у |
| 24 | Филиппин | 300,8 | 84,0 | Манила | р | у |
| 25 | Монголия | 1566,5 | 2,5 | Улан-Батор | р | у |
| 26 | Мьянма | 678,0 | 54,0 | Янгон | р | ф |
| 27 | Непал | 147,2 | 24,0 | Катманду | км | у |
| 28 | БАЭ | 83,6 | 4,0 | Абу-Даби | АМ | ф |
| 29 | Оман | 312,0 | 2,4 | Маскат | АМ | у |
| 30 | Пакистан | 803,9 | 150,0 | Исламабад | Р | у |
| 31 | Сауд Арабиясы | 2240,0 | 22,7 | Эр-Риад | АМ | у |
| 32 | Сингапур | 0,697 | 4,18 | Сингапур | Р | у |
| 33 | Сирия | 185,18 | 17,8 | Дамаск | Р | у |
| 34 | Таиланд | 513,1 | 63,5 | Бангкок | км | у |
| 35 | Түркия | 779,45 | 72,0 | Анкара | р | у |
| 36 | Мальдив | 0,298 | 0,3 | Мале | р | у |
| 37 | Шри-Ланка | 65,3 | 19,5 | Коломбо | р | у |
| 38 | Япония | 372,2 | 127,7 | Токио | р | у |

**2. Жаратылыш шарттары жана ресурстары.** Оор өнөр жайы өнүгүш үчүн керектелүүчү региондун минералдык ресурстары ар түрдүү. Кытай жана Индикытай платформаларында таш көмүрдүн, темирдин, марганецтин кендери топтолгон. Альпы-Гималай жана Тынч океандык кенташтуу алкактарда түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдардын кендери басымдуулук кылат. Бирок, географиялык эмгекти бөлүштүрүүдө чоң роль ойногон региондун негизги байлыгы – нефть.

Нефтинин негизги кендери Сауд Арабиясында, Кувейтте, Иракта, Иранда, БАЭде. Нефтинин көп өндүрүлүп алынуусу менен катар, аны ташуучу деңиз жолдору да ыңгайлуу.

Нефть жана газ издөө боюнча, азырынча жакшы изилдене элек Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азиянын жээктериндеги шельфтерде чалгындоо иштери жүрүп жатат.

Айыл чарбасынын өнүгүүсүнө таасир берүүчү жаратылыш ресурстары да ар түрдүү. Ошондой болсо да көпчүлүк өлкөлөрдө эки чоң проблема бар.

Биринчиден, бул жер ресурстарынын жетишсиздиги. Зор тоо системаларынын, кеңири чөлдөрдүн жана жарым чөлдөрдүн болушу жер фондусунун

түзүлүшүнө чоң таасирин тийгизет. Айыл чарбасынын, өзгөчө айдоо жерлердин чектелишине алып келет. Натыйжада ар бир киши башына 0,1–0,2 *га* гана пайдаланчу жер туура келет, ал жерлер дагы калктын саны өскөн сайын кыскарат.

Экинчиден, агроклиматтык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу проблемасы. Региондун аймагындагы жылуулук запасы айыл чарбалык иште өсүмдүктөрдүн вегетациясына жетиштүү, ал гана эмес эки жолу түшүм алууга да жетет, ал эми ным болсо бардык жеринде бирдей эмес. Эгерде муссондук климатта сугат иши кыш мезгилине гана туура келсе, тропиктик жана субтропиктик зоналарда жыл бою сугатты талап кылат. Региондогу сууну пайдалануу толугу менен сугат ишине кетет. Бул жерлерде дүйнөдөгү сугат жерлердин $^1/_3$ бөлүгү топтолгон. Сугат жерлердин аянты боюнча Кытай биринчи, Индия экинчи орунда.

Чет элдик Азияда сугат иштери 4 миң жылдан бери белгилүү. Иранда 2 миң жыл илгери салынган сугат системасы сакталып калган. Сирияда, Түркияда, Иракта ири сугат системасынын түйүндөрү сугат жерлердин аянттарын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берген. Персия булуңунун тегерегиндеги өлкөлөр деңиздин туздуу суусун тазалап, бактарды, гүлдөрдү жана башка маданий өсүмдүктөрдү сугарышат.

Көп жерлер чөл жана жарым чөл болгондуктан, дыйканчылык кылууга ылайыксыз.

**3. Калкы: саны, өсүшү, этностук жана диний түзүлүшү, жайгашуусу жана урбанизацияланышы.** Калкынын саны боюнча Чет өлкөлүк Азияда дүйнөлүк калктын 60%ы жашайт. Бул жердеги өлкөлөрдүн көбү демографиялык өтмөктүн экинчи этабын, т.а. демографиялык «жарылуу» этабын басып бара жатат. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан кийин андай абал акырындап басаңдай баштады. Мындай демографиялык кырдаал экономикалык, социалдык жана экологиялык көйгөйлөрдү татаалдатат.

Чыгыш Азияда жүргүзүлгөн демографиялык саясат төрөлүүнүн бир кыйла азайышына жана калктын өсүшүнүн кыскарышына алып келди. Түштүк-Чыгыш Азияда да калктын өсүү арымы басаңдады. Түштүк Азияда калктын өсүү темпи жай жүрүп жатат. Түштүк-Батыш Азия азыркы учурда демографиялык жарылуунун эпицентринде, кээ бир өлкөлөр «рекордсмендердин» арасында. Бул кырдаал араб өлкөлөрүндө кескин өсүүдө. Ал кырдаал эч кандай демографиялык саясат жүргүзбөгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Чет өлкөлүк Азиянын калкынын этностук түзүлүшү эң татаал. Географ окумуштуулардын айтуусу боюнча бул жерде ар түрдүү тил түркүмүнө жана топторго кирген 1 минден ашык улут жана уруулар бар. Алардын арасында эң көп жана эң аз санда тоолордо жашаган элдер да бар. Бир канча өлкөлөр көп улуттуу. Мисалы, Индия менен Индонезиянын ар биринде 150дөн ашык

улут, Филиппинде – 100гө жакын, Кытай менен Вьетнамда – 50дөн ашык, Иран, Афганистан, Мьянма, Таиландда – 30дан ашуун улут жашайт.

Чет элдик Азия бардык дүйнөлүк диндердин мекени жана алар миңдеген жылдардан бери саясатка, экономикага, руханий маданиятка, калктын өсүп өнүгүүсүнө, үрп-адатка зор таасирин тийгизип келген. Мусулмандардын мечити, индустардын храмы, буддисттердин пагодасы, христиандардын чиркөө жана монастырлары материалдык маданиятты түзүүгө чоң салымдарын кошкон. Азыркы күндө да күндөлүк турмушта алардын таасири бир кыйла чоң.

Мусулман өлкөлөрүндө дин аял менен эркектин коомдогу жана үй-бүлөдөгү укуктарын жана милдеттерин чектейт (мектепте жана университеттерде бөлүнүп окуу, жумушта, коомдук жайларда, өз үйлөрүндө бөлүнүп иштөө жана жашоо), үйлөнүү ишине киришет (көп балалуулукту колдоо, көп аял алууга жол берүү, үйлөнүү тойдогу адаттар) ж.б. ар бир адамга тийиштүү үрп-адаттар. Иранда, Афганистанда, Пакистанда жана башка өлкөлөрдө ислам дини мамлекеттик деп жарыяланган.

Диний жана этностук түзүлүштүн татаалдыгы көп учурда этностор аралык жана диндик чатактарга алып келет. Индияда, Пакистанда, Шри-Ланкада, Афганистанда, Филиппинде алар өзгөчө курч мүнөздө. Көпчүлүк чыр-чатактардын тамыры эски колониялык мезгилге кетип, алар сепаратистик мүнөздө болот. Мисалы, күрддөр 20 млнго жакын калк. Бирок тарых аларды Түркияга, Иракка, Иранга, Сирияга бөлүп таштаган. Мына ошондуктан көптөгөн жылдардан бери күрддөрдүн улуттук кыймылы боштондук алып, өзүнчө эркин Күрдстан мамлекетин түзүү үчүн күрөшүп келе жатат.

Калктын жайгашышы бирдей эместиги менен айырмаланат. Бул жерде деңиз жээгиндеги түздүктөр, дарыя чаттары бир уюл болсо, экинчи уюл чөлдөр, жарым чөлдөр, тоолор жана тропиктик токойлор. Мисалы, Бангладеш аянты боюнча дүйнөдө 87-орунда турса, калкынын саны жагынан 8-орунда. Калкынын жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 1000 адам, айрым жеринде 1 *км*$^2$ге 2000 адам туура келет. Калкы эң сейрек жайгашкан Монголияда 2 *км*$^2$ жерге 3 адам туура келет.

Калктын региондо жайгашуусуна белгилүү таасирди эл аралык миграциялар тийгизет. Нефть өндүрүп алуучу Перс булунунда жайгашкан өлкөлөр, эмгек ресурстарын өзүнө тартуучу дүйнөлүк борборго айланды. Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиядан, ошондой эле Түндүк Африкадан ал жерге келгендердин саны 8 млнго жакын. Алардын жарымы Сауд Арабиядан жумуш табышкан, 1 млнго жакыны Кувейтте иштейт. Эмгек мигранттарынын негизги иши нефть өнөр жайында, калгандары курулушта, транспортто, тейлөө кызматтарында иштешет. Сауд Арабиясында иштегендердин 60%ын, Кувейтте – 80%ын, БАЭде болсо 90%ын мигранттар түзөт.

Калктын жайгашуусуна, негизги таасирди «шаардык жарылуу» мүнөзүнө ээ болгон ***урбанизация*** процесси берет. Жалпы региондун шаар калкынын

үлүшү орточо урбанизацияланган категорияга киргени менен калктын абсолюттук саны боюнча эң жогорку деңгээлде. Мисалы, дүйнөдөгү 2,85 млрд шаар калкынын 1,3 млрды бул региондун шаарларында жашайт. Кытай менен Индия шаар калкынын саны боюнча биринчи жана экинчи орунду ээлешет. Дүйнөдөгү 23 эң чоң шаарлардын 12си Чет өлкөлүк Азияда.

Азиянын шаарлары эң байыркы шаарларга кирип, алар ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Шаарлардын Түштүк-Батыш Азияга, Индияга, Кытайга, Японияга тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө карабай бардыгын чыгыштын шаарлары деп коюшат. Эреже катары, ал шаарлар эски жана жаңы деп экиге бөлүнөт. Эски жагында эң кыймылдуу бөлүгү – базар, анын тегерегинде кол өнөрчүлөр, ошол эле жерде соода-сатык менен алектенип, ачык эле жерде чач тарачтар, катчылар ж. б. кызматын сунушташат. Жаңы шаарга азыркы учурдагы көп кабаттуу үйлөр мүнөздүү.

Элет жеринде жайгашуу айыл-кыштак формасында. Монголдордо, афгандыктарда, араб-бедуиндерде көчмөндүк турмуш сакталып, алар боз үй же чатырларда жашашат. Чет өлкөлүк Азиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн келечегинде урбанизация же шаарлардын өсүшү күтүлөт.

**4. Дүйнөлүк чарбада региондун ролунун** өсүшү. Эгерде дүйнөлүк чарбаны он мүчөлүү түзүлүштө деп эсептесек, анын беш мүчөсү Чет өлкөлүк Азияда. Алардын ичинен үчөө өзүнчө өлкө – Кытай, Индия, Япония жана экөө – өлкөлөрдүн топтору – жаңы индустриялык жана нефть өндүрүп алуучу өлкөлөр. Чет өлкөлүк Азиянын өнөр жайы жөнүндө толугураак маалыматты кээ бир өлкөлөрдү мүнөздөгөн учурда аласыңар.

**5. Чет өлкөлүк Азиянын айыл чарбасы.** Чет өлкөлүк Азиянын калкынын экономикалык активдүү бөлүгүнүн көбү айыл чарбасында иштейт. Региондун бул чарбасынын тармагына өзүнчө бир белгилер мүнөздүү. Аларга, чарбадагы керектелүүчү бөлүктүн сатыкка чыкчу жагы жана помещиктердин чарбасы менен дыйкандардын чарбасын айкалыштыруу жана азык-түлүк өсүмдүктөрүнүн басымдуулугу мүнөздүү. Жалпысынан азык-түлүк көйгөйү чечилген эмес, өзгөчө Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азияда миңдеген кишилер ачкачылыктан жапа чегишет.

Дыйканчылыктын эң маанилүү тармагы шалы эгүү, Чыгыш, Түштүк - Чыгыш жана Түштүк Азияда тараган. Шалы талаалары жылына ташкындаган агындылар менен жаңырып туруучу Янцзы, Сицзян, Хонгха (Хуанхе), Меконг, Иравади, Ганг жана Брахмапутра дарыяларынын өрөөндөрү менен жайылмаларында, ошондой эле Ява аралынын түздүктөрүндө жайгашкан.

Япониянын жаратылышы «күрүч ландшафтын» элестетет. Миңдеген жылдардан бери жыл бою түгөнбөгөн эң оор, жазгыдан күзгү, күзгүдөн кышкы күрүч эгүү менен алек болуп, анда жүз миллиондогон адамдар эмгектенишет. Күрүч жалаң эле суу каптаган жайылмаларда эмес, дыйкандардын алаканында да өсөт деп бекеринен айтылбайт. Ал эми дарыялардын чаттарын

«күрүчтүн чөйчөгү» же «корзинасы» – деп коюшат. Мисалы, Вьетнамдын күрүч корзинасы – Меконгдун чаты, ал жерден вьетнамдыктар эки жолу түшүм алат.

Кытайдагы, Япониядагы, Индиядагы, Шри-Ланкадагы бийигирээк жерлерди «чай ландшафты» ээлейт. Мьянма, Лаос жана Таиланддын чегиндеги «алтын үч бурчтук» деп аталган жайда, дүйнөдөгү апийим айдоонун негизги району жайгашкан. Жайыттын тардыгынан дыйкандар мал кармабайт, малды күч унаа катарында пайдаланышат.


Субтропиктик өсүмдүктөрдү өстүрүү негизинен Жер Ортолук деңиздин жээгин ээлейт. Региондун калган аймактарында буудай, таруу жана жүгөрү эгилет, чөлдүү аймактарда, бодо мал, кой, эчки, чочко багылат. Мал чарбасынан эт, тери, сүт жана жумуртка алынат. Мал чарбасы боюнча негизинен Монголия көрүнүктүү орунду ээлейт.

**6. Айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн башталышы.** Адам баласынын айлана чөйрөгө болгон тескери таасири Чет өлкөлүк Азияда кеңири таралган кубулуш болуп калган. Көп өлкөдө атмосферанын булганышы, суу ресурстарынын жетишсиздиги, топурактын эрозияга учурашы жана иштен чыгышы көнүмүш процесс. Мунун себептери: булганыч өндүрүш, кен байлыктарды ачык түрдө иштетүү, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын экстенсивдүүлүгү жана шаарларда учурдагы коммуналдык чарбанын жоктугу; улам кайталанган кыйраткыч суу каптоолордун, өзгөчө Бангладеште, Кытайдын деңиз жээктеринде болуп туруусу; токойлордун жок болуп бара жатышы, Индиядагы токойлорду илдет басканы, Непалда ал такыр эле жоголо баштаганы ж. б. Жаратылышты коргоо маселелерине кийинки кезде Японияда, Кытайда Сингапурда, Перс булуңундагы өлкөлөрдө жана Израилде көңүл бурула баштады. Экологиялык көйгөйлөрдүн көбү кечиктирилгис чараларды көрүүнү талап кылат.

## § 24. Кытай Эл Республикасы

**1. Географиялык абалы, аймагы жана чек аралары.** Кытай Эл Республикасы (КЭР) – дүйнөдөгү аянты боюнча үчүнчү орунда турган мамлекет. Өлкө батыштан чыгышка 5,7 миң *км*ге, түндүктөн түштүккө карай 3,7 миң *км*ге созулуп жатат. Кургактык боюнча чек ара сызыгы 21,5 миң *км*ге, деңиз жээгиндеги чек арасы 15 миң *км*ге созулат. Кургактыктагы чек аралары татаал тоолуу жерлер менен өткөндүктөн, тышкы байланыштар Сары, Чыгыш-Кытай жана Түштүк-Кытай деңиздери аркылуу жүргүзүлөт.

Кытай аймактык-администрациялык жактан 23 провинцияга (Тайвань менен кошо), 5 автономиялуу районго, 4 борборго баш ийген шаарга (Шанхай, Пекин, Тяньцзинь, Чунцин) бөлүнөт.



Кытай Улуу сепили

1949-жылы Кытай Эл Республикасы болуп жарыялангандан кийин Гоминдан режиминин калдыгы Тайвань аралына барып, аны «Кытай Республикасы» – деп жарыялаган. Бирок, Кытай аны өзүнүн бир провинциясы катары эсептеп, тынчтык жолу менен КЭРге кошулуусун көздөйт.

КЭР 1997-жылы Улуу Британия 99 жылга ижарага алган, Азиядагы акыркы чакан бирок, саясий, соода-экономикалык жана финансы жагынан эң маанилүү колониясын Гонконгду Кытайга кайтарган. Гонконг 50 жылга өзүнүн, өзгөчө статусун сактаган КЭРдин администрациялык району деп жарыяланган.

1999-жылы Кытайга, анын түштүгүндө жайгашкан, мурдагы португал империясынын колониясы болгон – Аомынь да өткөн.

**2. Калкы: саны, өсүп толукталышы, этностук түзүлүшү, жайгашышы.** 2 миң жылдан бери Кытай эли саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда. 1949-жылы КЭР жарыялангандан тартып 1994-жылкы эл каттоого чейин Кытайдын калкы эки эсеге өстү (1млрд 134 млн). Көрүлгөн катуу чараларга карабастан 2000-жылы анын калкынын саны 1 млрд 292 млнго жетти (Тайваньдын, Гонконг менен Аомындын калкын кошпогондо). Бул кытай коомуна бардык

жагына өз таасирин тийгизип жатат. Кытайда 700 млндон ашык эмгекке жарамдуу адамдар бар, анын ичинен $^{2}/_{5}$си жаштар.

Калкынын этностук түзүлүшү боюнча, басымдуу көпчүлүгү (91%) кытайлыктар («хань»), 9%ы башка улуттар, анын ичинде чжуандар, уйгурлар, монголдор, тибеттиктер, хуэйлер, корейлер, мяолор, кыргыздар, казактар ж.б. Кытайдагы башка улуттардын жалпы саны 55ке жетет. Алардын калкынын жалпы саны 100 млндон ашык жана алар өлкөнүн аймагынын жарымын ээлейт.

Региондун башка өлкөлөрүндөй эле Кытайда дагы калктын жайгашуусу бирдей эмес, калктын 90%и өлкөнүн аймагынын $^{1}/_{3}$ аянтында жайгашкан. «Шаардык жарылуу» Кытайга да келген. Азыр чоң шаарлардын саны 500гө, ал эми «миллионер шаарлардын» саны 59га жетти. Шаардык калктын саны 400 млнго жетип, дүйнө боюнча биринчи орунга чыкты.

Кытай байыркы маданияттын ээси. Байыркы маданияттын эстеликтери-парк-бакчага оронгон будда храмдары жана пагодалары, 4 миң *км*ге созулган Улуу Кытай чеби ж.б. Биздин заманга чейин сакталган кытайлык, өзгөчө театрлар, сүрөттөр, музыка, тамак-аш, ушу гимнастикасы, ай календары ж.б.у.с. Мектептерде окуучулардын билимин 100 баллдык система менен баалайт. Эң байыркы мезгилден бери кытайлык философия, медицина, география, астрономия сакталган.

**3. Чарбасы: жетишкендиги жана проблемалары.** Азыркы кездеги Кытай дүйнөлүк чарбада маанилүү абалдагы индустриалдык-агрардык кубаттуу мамлекет. Элдик Республика болуп жарыялангандан кийин анын чарбасында өйдө-ылдыйлар көп эле болду. Бирок, өткөн кылымдын 70-жылдарынан тартып ириде элет жердеги айылдарда, кийин шаарларда радикалдуу реформалар жүргүзүлө баштады. Алар экономиканын ушунчалык тез көтөрүлүшүнө алып келип, ИДП боюнча Кытай дүйнөдө АКШ менен Япониядан кийинки үчүнчү орунга чыкты. Бирок, Кытай азырынча индустриалдык баскычта болгондуктан, экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча Түндүктүн гана эмес Түштүктүн кээ бир өлкөлөрүнөн артта, анын себебинин бири Азия-Тынч океандык райондун жалпы тез өнүгүүсүндө.

Кытай таш көмүр жана темир кенташын казып алуу, болот эритүү, кебезден кездеме токуу, телевизор жана радиоприёмниктерди чыгаруу, өсүмдүктөрдүн түшүмүн жыйноо жагынан дүйнөдө биринчи орунда, электр энергиясын, химиялык жер семирткичтерди, синтетикалык материалдарды иштеп чыгаруу боюнча экинчи орунда. Илимди көп талап кылган электроника, аэрокосмостук жана башка тармактар да жакшы өнүгүп жатат. Бирок, ишканалардын жабдуулары эскиргендигин, айыл кыштактардын жарымы электр жарыгы жок олтургандыгын, айыл чарба жумушунун көбү кол менен иштеле тургандыгын эске алуу керек.

Кытай өз ресурстарына таянган ***оор өнөр жайы*** менен көрүнүктүү. Анын ичинен отун-энергетикалык комплексинин негизин көмүр казып алуу өнөр жайы түзөт. Эң чоң көмүр бассейни түндүгүндөгү Датунь кени. Башка дагы көп жерден көмүр казылып алынат. Нефть чыккан жерлер да чаржайыт жайгашкан. Эң чоң нефть кени – Дацундан нефтинин $^1/_3$ бөлүгү алынат. Негизги электр энергиясы ТЭСтерде өндүрүлөт. Гидроэнергетика боюнча да Кытайда кеңири программалар кабыл алынып, Янцзы менен Хуанхэнин жогорку агымында ГЭСтерди куруу башталууда. Биринчи АЭС курулган, мындан башка деңиз ташкынын, геотерм, шамал, күн энергиясын пайдалануу башталды.

Металлургиялык комплекстердин негизин таш көмүр менен темир кендерине таянган толук циклдеги комбинаттар түзөт. Өлкөнүн түндүк-чыгышындагы эң чоң металлургия комбинаты – Альшань жылына 7–8 млн *т* болот эритет жана андагы жумушчулардын саны 150 миңге жетет. Машина куруу өнөр жайы чоң жана порт шаарларга, ошондой эле металлургиялык базаларга жакын жайгашкан. Кийинки кездерде электр-техника жана электроника өндүрүштөрү өнүккөнгө байланыштуу, кичине шаарларга да машина куруу жайгаша баштады. Жакында эле Кытайдын айыл жеринде эмес, шаарларында дагы телевизор менен кир жуугуч машинелер сейрек кездешсе, азыр аларды чыгаруу боюнча Кытай дүйнөдө биринчи орунга чыкты. Химия өнөр жайы кокс-химия жана нефть-химиянын продукциясына таянат жана минералдык жер семирткичтерди жана тиричиликке керектелүүчү химиялык менен фармацевттик заттарды чыгарууга адистешкен. Кебезден кездеме токуу боюнча Кытай дүйнөдө биринчи орунда жана алар негизинен ички керектөөлөргө жумшалат. Эзелтен эле Кытайда жибектен кездеме токуу жакшы өнүккөн.

Кытайдын экономикасында чоң ролду айыл чарбасы ойнойт. Анда эмгектенгендердин саны 450 млнго жетет.

Өткөн кылымдын 80-жылдарынан тартып, «элдик коммунадан» жеке чарбага өткөндөн баштап, бул тармак кирешелүү боло баштады, негизги өсүмдүктөрдүн түшүмү артты. 90-жылдардын экинчи жарымынан тартып дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү туруктуу жогорулай баштады (450 млн *т*).

Кытайдын негизги талаачылык району чыгыш бөлүгүндөгү «сары Кытай», буудай, гаолян, жүгөрү эгилет жана «жашыл Кытай» шалы айдалуучу район. Ушул эле аймактарда чай өстүрүлөт. Янцзы жана Синцзян дарыяларынын өрөөндөрүндө калктын негизги азыгы – шалы эгилет. Шалынын даны баалуу күрүчү азык, бакалы малга тоют, кагаз, баш кийим, баштык, аркан жасоого жумшалат. Күрүчтүн миңден ашкан түрлөрү (сорттору) бар. Шалы балык өстүрүлөт. Деңизге жакын дөбөлүү түздүктө байыркыдан берки маданий өсүмдүк – чай өстүрүлөт. Кытай чайдын мекени жана XIX кылымдын аягына чейин дүйнөгө чайды Кытай гана чыгарып турган. Азыр ал

дүйнөгө көк чайды сатуу боюнча монополист. Кытайлык дыйкандар чайдын ондогон сортторун чыгарышкан.

Түндүк-батыш «кургакчыл Кытайда» негизинен көчмөн жана жатакчы-көчмөн мал чарбачылыгы менен башка улуттар (монголдор, уйгурлар, кыргыздар, казактар ж.б.) кесипчилик кылат. Ал эми түштүк-батыш «суук Кытайда» (Тибет) айыл чарбасы жакшы өнүккөн эмес.

Айыл кыштактарда чакан кооперация өнөр жайлары жакшы өнүгүп, 110 млнго жакын жумушчу колду камтыйт. Аквакультура да кеңири тараган. Кытай деңиз продуктулары балык, моллюска, азык-түлүк балырларын өстүрүү жагынан да дүйнөдө биринчи орунда. Кытайлыктардын турмушу башынан эле деңиз менен байланышкан, миллиондогон калк «деңиздин эмгекчилери» болуп эсептелет.

Кытайда окшогон өлкөдө *транспорттун* мааниси бир кыйла зор. Өлкөдө сууда жана кургакта жүрүүчү транспорттордун түрлөрү бар. Темир жолдордо паровоз көп пайдаланылат, автомобиль менен жүргөндөргө караганда велосипед менен жүргөндөр көп. Чыгыш жагы транспорт менен толугураак камсыз болгон, батыш жана борбордук бөлүктөрү чыгыштан артта калган. Ошондуктан Кытай үчүн азыркы учурдун транспорттук түзүлүшүн түзүү көйгөйү бүгүн чечүүнү талап кылган маселелерден болуп эсептелет.

Реформанын мезгилинде Кытайдын тышкы байланыштары бир кыйла өстү. Өлкөнүн экономикасында ачыктык көбөйдү. Кытай даяр кийимдерди, текстиль өнөр жайынын продукциясын, турмуштук техниканы, электрондук товарларды жана отунду, чийки заттарды (сырьё) экспорттойт. Импорттук товарлардан машиналар жана жабдуулар басымдуулук кылат. Кытайдын негизги соода шериктештери – Япония жана АКШ. Ошол өлкөлөрдөн негизги инвестициялар келет, биргелешкен ишканалар курулуп, чет элдик капиталдын иши улам жогорулоодо.


**4. Ички айырмачылыктары жана шаарлары.** Аймактык пландаштырууну жакшыртуу үчүн Кытай, өткөн кылымдын 80-жылдарында, үч экономикалык зонага – Чыгыш, Борбор жана Батыш болуп бөлүнгөн (28-сүрөт).

*Чыгыш зонасы* экономикалык жагынан жакшы өнүккөн. Бул зонада негизги өнөр жай борборлору жана түйүндөрү, айыл чарба райондорунун басымдуу бөлүгү, транспорт магистралдары жана деңиз порттору жайгашкан. Бул жакта ири шаарлар да орун алган. Кытайдын эң чоң шаары – **Шанхай.** Ал Янцзынын куймасы – Хуанпунун жээгинен 50 *км* аралыкта жайгашкан. **Шанхай** эң ири порт жана өлкөнүн, миңдеген ишканалары орун алган маанилүү өнөр жай борбору. Бул шаарда азыркы талапка жооп берген эң чоң металлургия комбинаты жана биринчи АЭС курулуп, эркин экономикалык зона түзүлгөн. Мурда Шанхай эң ыңгайсыз, эл көп отурукташкан шаар болсо, азыр шаар реконструкцияланып, жандооч шаарлар пайда болуп, инфраструктуралык түзүлүшү оңолгон.

Кытайда калкынын саны боюнча экинчи орундагы шаар – **Пекин.** Ал өлкөнүн калкы жыш жайгашкан Улуу Кытай түздүгүндө, деңизден 170 *км* аралыкта орун алган. Ар башка ат менен орто кылымдан тартып Кытай мамлекетинин борбору болуп келген. XV кылымдан баштап азыркы аты менен белгилүү (туура аты Бейцзин – түндүктөгү борбор дегенди билдирет). Кыргыздар аны эзелтен Бээжин деп атаган.

Борбордук бөлүгүндө эски түз көчөлөрү сакталып, ар кандай маданий жана тарыхый эстеликтер орун алган.

Пекиндин борбордук бөлүгүндө императордун Эң Жогорку гармония палатасы, Толук гармония палатасы, Сакталган гармония палатасы деген ак сарайлар ж. б. көптөгөн имараттар орун алган. Азыр алардын бир канчасы музейлерге айланган. Негизги чоң көчө Чананьцзенин (көпкө со-




**28-сүрөт.** Кытай Эл Республикасынын ички айырмачылыктары

зулган тынчылык көчөсү) жана Тяньаньмынь (асмандын тынччылык дарбазасы) аянтынын түштүгүндө сырткы шаар жайгашкан. Тяньаньмынь дүйнөдөгү аянты боюнча эң чоң шаар аянты. Ал аянтка 2 млндон ашык адам батат.

1984-жылы Кытай өкмөтү деңиз боюндагы 14 шаарга сырт менен байланышка эркин укук берген. Дагы 5 эркин экономикалык зона түзгөн. Ал эркин зоналардын эң чоң шаары – Шеньчжень, Гонконг шаарынын жанында. Борбордук зона – күйүүчү май жана энергия, химия заттарын, чийки зат жана жарым-жартылай даярдалган продукцияларды өндүрөт. Батыш зонасы негизинен, мал чарбачылык жана минералдык чийки заттарды иштетүү менен алектенет.

## § 25. Япония

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары.** Күнөстүү өлкө. Аймагы боюнча Япония Батыш Европанын өлкөлөрүндөй эле, бирок, түзүлүшү жана конфигурациясы боюнча алардан айырмаланат. Япон – архипелагында 4 чоң жана 4 миңге жакын майда аралдар жайгашкан. Жаратылыш ресурстарына салыштырмалуу жарды, бирок деңиз жээгине бай өлкө. Жээгинин узундугу (30 миң *км*) Африка менен теңтайлашат. Япониянын ЭГАсы биринчи кезекте жаа сымал 1,5 миң *км*ге созулган аралдар жана Евразия материги менен Тынч океандын аралыгында, Азия-Тынч океандык регионунун борборунда жайгашкан. Бул абалы эл аралык эмгектин географиялык бөлүнүшүнө катышууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

**2. Калкы: табигый кыймылынын өзгөчөлүктөрү, улуттук курамы, жайгашуусу.** Элинин саны боюнча дүйнөдө онунчу орунду ээлейт. Бирок, кийинки мезгилдерде калктын табигый кыймылы кескин өзгөрдү. Япония калктын өсүп өнүгүшү менен, экинчи типтен биринчи типке өттү. Бул «демографиялык революция» кыска мөөнөттүн ичинде эле болду. Ал япон коомундагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн, билим берүүдөгү жана ден соолукту сактоодогу жетишкендиктердин натыйжасы. Япония ден соолугу чың балдардын өлүм-житими аз, жаштын орточо узактыгы дүйнөдө эң жогору болгон өлкө. Буга мамлекеттин жүргүзгөн демографиялык саясаты да чоң таасир тийгизди. Жогорку класстагы балдардын арасындагы кеч үйлөнүү жөнүндөгү үгүт иштери өзүнүн натыйжасын берип жатат. Японияда калктын улуттук курамы бирдей. Бул бир улуттуу өлкө, калкынын 99% ы япондор. Япон тили өзгөчө, бир дагы тил түркүмүнө кирбеген тил. Азыркы япондун жазма тили да эң татаал, анда иероглиф менен катар муундуу сөз-тамгалар да колдонулат.

Өлкөдө феодалдык кезден баштап кирген эки дин-синтоизм жана буддизм үстөмдүк кылат. Динге ишенгендер эки динди тең кармашып, эки дин бири-бирине жолтоо болбой өз ишин аткарат. Япония – жалпы сабаттуу жана маданияттуу өлкө, ал балдардын кичине чагынан баштап билим алуусуна жакшы шарт түзгөн. Японияда Батыш Европага караганда университеттер көп. Бул өлкө илгертен берки маданий, турмуштук салттары менен япондук турмуш деген түшүнүк боюнча жашайт.

Япондуктардын турмуштук салттарынын бири икебана-гүлдөн, ар кандай бутактардан вазага букет жасоо, бансай-карлик бактарды өстүрүү, каллиграфия-кыл калем жана тушь менен сулуу жазуу, музыка, кагазга же жибек кездемесине сүрөт тартуу, оригиналдуу храмдардагы, парк-гүлзарлардагы архитектурасы, көлөкө театры, чай шаан-шөкөтү, аял кийими кимоно, оор салмактагы адамдардын күрөшү-сумо, дзюдо, каратэ, тамак ичүүчү таякчалар, ашкана өзгөчөлүктөрү, тамак-ашты үстөлгө коюу ж.б. Эң маанилүү салттарынын бири – улууну сыйлоо, ата-энелердин сүйлөшүүсү менен үйлөнүү, ар түрдүү белги жоруктарга ишенүү, медитация адаты, ар кандай календарлык системаларды колдонуу, мамлекеттик расмий майрамдардын жана фестивалдардын көптүгү.

Япондуктарда балдарды кичинекейинен баштап, жаратылышка, бак-даракка, гүлдөргө, жаныбарларга аяр мамиле кылууга тарбиялоо улуттук салт. Ошондуктан, Японияда жазгы жаратылышка, жапайы алчанын (сакура) гүлдөгөн учурунда сейилдеп чыгуу, ал гүлдөргө суктана кароо эң популярдуу. Ошондой эле күзгү ак, саргыч кызыл жалбырактарга суктануу менен карап сейилге чыгышат.

Калкынын жалпы саны 127,7 млн, орточо жыштыгы боюнча (1 $км^2$ жерге 340 киши) Япония дүйнөдө биринчи орунда. Чынында жыштык андан да көп, эмне үчүн дегенде, калктын көпчүлүгү деңизди бойлогон түздүктөрдө жана дарыя өрөөндөрүндө жайгашкан.

Кийинки он чакты жылдын ичинде Япония *урбанизациянын* деңгээли жагынан да дүйнөдө алдынкы орундарга чыкты. Анын аймагында 200гө жакын чоң шаарлар бар. Японияның шаарларына да бир кыйла өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Алардын көпчүлүгү орто кылымда феодалдык сарайлардын, монастырлардын, почта жолдорунун тегерегинде өсүп чыккан. Шаарлар өзүнүн эски пландарын, бир же эки кабат имараттарын сактап калган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин чоң шаарлар «америкалаштырылып» бийик банктар жана монополиялардын штаб-квартиралары орношкон асман тиреген имараттар пайда боло баштады. Бирок, Японияның шаарларында бирдиктүү иш борборлору жок. Чоң шаарларда жана шаардык агломерацияларда калктын көпчүлүгү топтолгон. Эң чоң шаарлар Хонсю аралынын түштүк жээгинде биринен бири уланып жайгашкан. Алардын ичинде «үч чоң» агломера-

ция – Токио, Осака жана Нагоя белгилүү (29-сүрөт). Япония Токиодон башталат деп бекеринен айтылбайт.


**Токио** – дүйнөдөгү эң чоң шаарлардын бири, япон аралдарындагы эң чоң Канто түздүгүн ээлеп турат. Ал 1869-жылдан баштап борбор шаар болуп, азыркы, «чыгыш борбору» – деген атка ээ болгон. Токио – калкы эң эле көп, имараттары ирээтсиз, баш-аламан салынган шаар. Анда көп кабаттуу (жер титирөөгө чыдамдуу пайдубалга салынган 50–60 кабаттуу үйлөр), аз кабаттуу үйлөр көп салынууда (жер алдындагы соода борборлору).

Осако жана Нагоя агломерациялары менен кошо Токионун агломерациясы дагы чоң урбанизацияланган мегаполисти түзөт. Токиодо *мегаполиси* жээкти бойлоп 600–700 *км*ге созулат. Калктын жыштыгы: 1 $км^2$ жерге 800–1000 адам туура келет, элинин жалпы саны 55 млнго же бүткүл Италиянын калкына барабар.

**3. Чарбасы.** Япония экинчи дүйнөлүк согуштан жеңилип, талкаланган экономикасы менен чыккан. Ал экономикасын калыбына гана келтирбестен, түп тамырынан бери кайра түзүп, дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн ичинен 2-орунду ээлеп, Азиядан бир гана өзү «чоң жетинин» мүчөсү боло алды. Көптөгөн экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча дүйнөлүк чарбада лидерлик абалга жетишти. Бирок, япондук «экономикалык сыйкыр» акырындап басандап, өлкөдөгү социалдык-экономикалык өсүш төмөндөдү. Ошондой болсо да аз убакыт ичинде Япония илимде, техникада, билим берүүдө, өнөр жайда жана соодада чоң жетишкендиктерге ээ болду. Япония дүйнөлүк негизги кредиторго айланды. Өлкөдө экономиканы сапаттуу кайра куруу иши аяктап, коомдо индустриядан кийинки этап башталды.

***Өнөр жайы.*** Япониянын өнөр жайы башында эволюциялык жол менен өнүккөн. Ал чийки заттарды импорттоонун негизинде энергетика, металлургия, автомобиль жана кеме куруу, химия жана нефть-химия, курулуш сыяктуу негизги базалык өнөр жайларды өнүктүргөн. Мунун бардыгы эң жаңы техника жана технологиянын жетишкендиктерин колдонуп калыптанган. Патент жана лицензиялар чет жактан, негизинен АКШ менен ГФРден сатылып алынып, жергиликтүү шартка ылайыкталып колдонулган. Эгерде мурда Япониянын символу Фудзияма тоосу, сакура, гейшалар, самурайлар болсо, азыр эң чоң АЭС, эң чоң металлургиялык комбинат, супертанкерлер, көпүрөлөр, туннелдер, эң тез жүргөн поезд, эң жаңы «Тойота», «Хонда», «Ниссан» автомобилдери.

Өткөн кылымдын 70-жылдарынын ортосунда башталган энергетикалык жана чийки заттык кризистен кийин, өнөр жайы өнүгүүнүн революциялык жолуна түштү. Өлкө энергияны жана металлды көп талап кылган тармактарды чектеп, жаңы илимди көп талап кылган тармактарга көбүрөөк көңүл бура баштады. Ал электр-техника, робот-техника, биотехнология облусу боюнча лидер болуп чыгып, энергиянын жаңы булактарын пайдаланууга киришти. Илимге кеткен




**29-сүрөт.** Япониянын эң чоң шаарлары жана шаар агломерациялары

каражат боюнча Япония биринчи орунга чыкты жана илимий кызматкерлердин саны боюнча Улуу Британиянын, ГФРдин, Франциянын илимий кызматтагыларын кошкондо да, алардан көп.

Япондук жумушчунун билим деңгээли, адистик квалификациясы жогору, эмгекчил, тартиптүү, ар дайым ишти алга жылдырууга умтулуусу, алардын жумушчулук сапаты эң жогору экендигин айгинелеп турат. Япондук жумушчу, эреже катары, америкалык жумушчуга караганда кесиптик квалификациясы жогору. Анын эмгек акысы чыгарган продукциясынын санына эмес, сапатына жараша болот. Андан тышкары япондук жумушчу, бир форманы кийсе, ал өмүр бою ошол форманы кийип жүрөт. Бир жумушта такай иштейт. Бул анын өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнө кызыгуусун туудурат, анткени анын маянасынын өлчөмү, эмгек өргүүсүнүн мөөнөтү жана пенсиясы өзүнүн фирмасындагы эмгек стажына жараша болот.

***Айыл чарбасы*** да экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түп тамырынан бери кайра курууга туш келди. «Дыйканчылык Япония, өзүнүн интенсивдүүлүгү менен таң калтырат. Борбордук жана Түштүк Японияда алакандай жерди калтырбай пайдаланышат» – деп жазган Н. И. Вавилов. Азыр да эмгектин ургаалдуулугу сакталган. Өткөн кылымдын 40-жылдарында жүргүзүлгөн реформадан кийин, помещиктик чарба жоюлуп, жер дыйкандарга тийгенден тартып, негизги продукция өндүргүчтөр фермерлер болуп калды.

Айыл чарбасынын түзүлүшү дагы өзгөрдү. Япония эзелтен бери таза дыйканчылыктын өлкөсү болгон. Анын негизги дан өсүмдүгү – күрүч сакталып, айдоо жерлеринин жарымынан көбүн ээлегени менен, азыркы күндө Япония бак-дарак өсүмдүктөрүн, жашылча-жемишти өстүрүү менен бодо мал, чочкочулук жана үй-куштарын багууга өткөн. Натыйжада, япондуктардын тамак-ашы европалыктарга же америкалыктарга жакындады.

Япониянын айыл чарбасында 4 млн адам иштейт, аймагынын 14%ын айдоо жерлер ээлейт, бирок, азык-түлүк менен Япония өзүн-өзү өзгөчө күрүч жана жашылча менен камсыз кыла алат.

Япон чарбасынын дагы бир тармагы – балык кармоо. Балык кармоо боюнча Япония дүйнөдө алдыңкы орундарда. Өлкөдө 3 минден ашык балык уулоочу порттор бар. Тегерегиндеги деңиздерде ар түрдүү деңиз жаныбарлары көп болгондуктан жалаң балык кармоо менен эле чектелбестен, жасалма жол менен деңиз жаныбарларын өстүрүү иши да жакшы жолго коюлган. Балык жана деңиз продукциясы япондуктардын тамак-ашында негизги ролду ойнойт. Бермет өстүрүү да жакшы өнүккөн.

Японияда *транспорттун* куур жана дарыя транспортунан башка да түрлөрү жакшы өнүккөн. Транспорту боюнча Япония Батыш Европанын өлкөлөрүн элестетет, бирок жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча ал өлкөлөрдүн кайсынысынан болсо да алдыда. Темир жолунун жыштыгы боюнча жана жүргүнчүлөрдү те-

мир жол менен ташуу боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлейт. Япониянын соода-деңиз флоту дүйнөдө биринчи орунда. Анын кемелеринин $^{3}/_{5}$ бөлүгү башка өлкөлөрдүн желегин пайдаланып, сүзүп жүрөт.

Япониянын чарбасынын өзгөчөлүгү – анын эл аралык экономикалык байланышынын күчтүүлүгү. Өзүнүн ички отун жана чийки зат жагынан камсыз болуусу төмөн болгондуктан алардын $^{9}/_{10}$ бөлүгүн импорт менен камсыз кылат (30-сүрөт). Экинчи жагынан, өлкөнүн экономикасы даяр продукцияны тышка чыгаруудан көп көз каранды. Япония оң соода балансына ээ. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө японддук фотоаппараттарды, видеомагнитофондорду, компьютерлерди, ж.б. электрондук жабдууларды, сааттарды, автомобилдерди, мотоциклдерди сатып алууга болот.


Япония – Азия-Тынч океандык өлкөлөрдүн бардыгынын соода өнөгү. «Соода кыл же өл» – дейт японддук бизнесмендер. Кийинки учурларда Япония товарларды экспорттоодон капиталды экспорттоого өттү. Япония азыр негизги инвестицияны Түндүк Америкага, Европага ж.б. өлкөлөргө багыттап жатат.




**30-сүрөт.** Япониянын тышкы соода байланышы

**4. Чарбасынын аймактык курамы.** Японияга чарбанын бири-бирине окшобогон эки жагы мүнөздүү: алдыңкы «бет жагы» жана арткы «тыл жагы» (31-сүрөт).

«Бет жагы» анча кенен эмес (15–65 *км*) Тынч океан жагындагы деңиз жээгиндеги тилке (негизинен Хонсю аралы). Бул тилке өлкөнүн экономикасынын өзөгү. Бул жердин негизги өнөр жай райондорунда (Токио, Осаки, Нагои, Китакюсю) ЖЭСтер, АЭСтер, металлургиялык, нефти иштетүүчү жана химия комбинаттары, сырттан алынып келинген отун менен чийки заттарга




**31-сүрөт.** Япониянын чарбасынын аймактык курамы

жана продкуциясын тышка чыгарууга багытталган машина куруучу заводдор орун алган. Курулуш курууга жер тар болгондуктан, деңиздин жээгин кургатып алып курган ишканалар жээкти бойлоп созулат.

Япониянын Тынч океандык жээгин өнөр жайдын өзөгү деп коюшат, бирок ал жак негизги айыл чарба жана транспорттук магистралдардын, ошондой эле ири порттордун району. Япониянын негизги транспорттук огун – Тынч океанды бойлогон тез жүрүүчү «Синкансен» темир жолу түзөт.

Өткөн кылымдын 50–70-жылдарында элдин жыштыгынан жана булганыч өндүрүштүн көптүгүнөн Тынч океандык алкактагы өнөр жай борборлорунда жана агломерацияларда экологиялык кырдаал курчуй баштады. «Когай» – Японияда айлана чөйрөнүн булганышын ушундай деп аташат-коркунучтуу деңгээлге жетти. Мамлекеттик жана коомдук органдардын иш-аракеттеринин натыйжасында 1980-жылдарда экологиялык кырдаал оңоло баштады, бирок, али чечиле элек маселелер көп.

Япониянын «тыл жагына» чет жагында жайгашкан, биринчи кезекте Хонсю аралынын тоолуу-токой зонасындагы жыгач даярдоо, мал чарбасы өнүккөн, пайдалуу кендер казылган, гидроэнергетика өнүккөн райондору мүнөздүү.

Японияда калктын кыймылы эң жогорку мааниде, «орун которуу» негизинен эр жеткендер гана эмес, мектептеги балдардын туристтик жүрүштөрүнө байланышкан. Көп калктуу Токионун элине, Хонсю аралынын тоолорундагы улуттук парктар эң чоң кызыгууларды туудурат. Япондуктар ыйык тоо – Фудзиямага сыйыныш үчүн Никко паркына барышат. «Никкого барбагандар, сулуулук жөнүндө сүйлөбөй эле койсо болот» – деген япондуктарда макал бар. Кийинки убакта мамлекеттин региондук саясаты экологиялык жагынан таза чет жактагы региондорду өздөштүрүүгө катуу көңүл буруп жатат. Тынч океандык алкакты жеңилдетиш үчүн, жаңы технополисттерди, илимди көп талап кылган өндүрүштү, Хонсю аралынын чет жактарына жайгаштырып жатышат. Мурда Япониянын артта калган району болгон Хоккайдо аралын өздөштүрүүдө эң узун темир жол «Сейкан» туннелинин (54 *км*) курулушу чоң түрткү болду. Бирок, аймактык диспропорция дагы эле сакталып калууда.

## § 26. Индия

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары. Индия субконтиненти. Мамлекеттик түзүлүшү.** Индиянын алып турган орду түндүк жагы Гималай тоолоруна такалган үч бурчтукка окшоп кетет. Аймагы түндүктөн түштүккө карай 3,2 миң *км*ге, батыштан чыгышка карай 2,9 миң *км*ге созулат. Индиянын экономикалык географиялык абалы чарбанын өнүгүшүнө ыңгайлуу.

Биринчи кезекте анын ыңгайлуулугу, Жер Ортолук деңизден Инди океанына жана Жакынкы Чыгыш менен Алыскы Чыгыштын ортосунда жайгашуусуна байланыштуу. Кургактыктагы чек арасы деңиздик чек арасынан 2,5 эсе узун жана ал кыйла татаал тоолор аркылуу өтөт.

Индия – эң байыркы мамлекеттердин бири. Ал эки кылымдан ашык Англиянын колониясы болуп келген, 1947-жылы боштондук алып, 1950-жылы республика деп жарыяланган. Мамлекеттик түзүлүшү боюнча Индия 25 штаттан турган, ар бири мыйзам чыгаруучу жыйыны жана өкмөтү бар, бирок күчтүү борбордук бийликтүү федерация республикасы. Индия Улуу Британия шериктештигинин мүчөсү.

**2. Калкы өсүп толукталуусунун өзгөчөлүктөрү, этностук курамы, жайгашуусу.** Индия калкынын саны боюнча дүйнөдө, Кытайдан кийинки, экинчи өлкө. Эл каттоо 1891-жылдан бери ар бир 10 жылда жүргүзүлөт. Эл каттоонун маалыматтарынан Индияда калктын саны тез өсүп жаткандыгын байкоого болот. 1901-жылы Индиянын калкы 239 млн киши болгон, 1951-жылы – 361 млн, 1981-жылы 683 млн, 1991-жылы – 844 млн, 2001-жылы – 1025 млн, ал эми 2003-жылы 1,06 млрд, кишиге жеткен. Индия үй-бүлөнү пландоо ишине биринчи болуп киришкен, бирок, эски эрте үйлөнүү салтына байланыштуу ал өз максатына жеткен эмес. Этностук курамы боюнча Индиянын эли эң эле ар түрдүү. Индия дүйнөдө эң көп улуттуу өлкө. «Индус» – деген түшүнүк ар башка тилде сүйлөгөн, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн ар кайсы тепкичиндеги жүздөгөн улуттардын жана уруулардын топторун билгизет. Мисалы, Индияда негизинен 15 тил бар, бирок, андан башка 100 млн. адам башка тилдерде сүйлөшөт. Бардык тилдерди, диалекттер менен кошуп эсептегенде, окумуштуулардын оюу боюнча 1,6 минге жетет. Мамлекеттик тили, индустандыктар сүйлөгөн – хинди тили. Улуттар арасында, өзгөчө шаарларда англис тили колдонулат. Андан башка, ар бир штат өзүндө басымдуу болгон тилде сүйлөшөт. Эки тилде сүйлөө кеңири тараган.

Индиянын татаал этностук курамы анын материалдык маданиятына да таасирин тийгизген. Индияны ачык асман астындагы музей – деп койсо да болот, себеби өлкөдө миңдеген кооз храмдар, ак сарайлар, мавзолейлер, мечиттер, форттор бар. Ошондой эле Индияга өзгөчө сүрөт тартуу формасы, театр маданияты, классикалык бий искусствосу ж.б. мүнөздүү. Индия – шахматтын мекени, бул жерде ондук эсептөө системасы табылган, йогдун окуусу чыккан. Аялдардын кийими сари, кобра жылаанынын культу жалаң гана Индияга мүнөздүү.

Индиянын коомдук жана үй-бүлөдөгү турмушунда диндин мааниси зор, калкынын $^{4}/_{5}$ индуизм, $^{1}/_{10}$ мусулман диндерин кармашат.

Индуизмдин догмаларынын бири – элди касталарга бөлүү. Мамлекет тарабынан ал бөлүүлөр жокко чыгарылганы менен элет жерлерде азыркыга чейин бөлүштүрүү бар. Адам белгилүү бир кастага тиешелүү болсо, ал каста кишинин туулгандан өлгөнгө чейинки турмуш жолун аныктайт.

Ошону менен катар этностук жана диндик айырмачылыктар кээде улут-р, касталар аралык чатактарды жаратып, сепаративдик кыймылдардын гышына себеп болот. Мисалы, Жамму жана Кашмир Индиянын мусул-ндар басымдуулук кылган бир гана штаты, анда Индиядан бөлүнүп Пакис-нга кошулуу жөнүндөгү чатак көп жылдар бою басылбай келе жатат. үнүштү болтурбоо үчүн Индиянын өкмөтү ал жерге аскер кармоого маж-р болууда.

Пенджабдын негизги калкы, индуизмдин бир сектасын жактаган сикхи-р. Алар 1980-жылдардын башынан тартып өзүнчө Халистан өлкөсүн түзүү үн күрөшүп келе жатат. Кээде ал куралдуу күч колдонгон чатакка чейин түүдө.

***Калкынын жайгашуусу.*** Индияда, калк эзелтен эле түздүктөрдө, дарыя өөндөрүндө жана деңиз жээктеринде отурукташкан. Ички аймактары кийин өштүрүлө баштаган. Азыркы күндө да калк отурукташпаган ээн жерлер р. Урбанизациянын деңгээли Индияда анча эмес. Бирок, анын масштабы н каларлык. Индияда 4,5 миң шаар бар, алардын ичинен «миллионер» арлар да арбын. Мисалы, чоң шаарлардын саны боюнча Индия Кытайдан йинки 2-орунда, «миллионер шаарлардын саны боюнча Кытай менен АКШ-н кийинки 3-орунда. Ошондой болсо да Индиянын калкынын көпчүлүгү, ет жеринде, чоң-чоң айыл-кыштактарда жашашат. Айыл-кыштактардагы лөр ар түрдүү: бышкан кирпичтен, чийки кыштардан, жыгачтан курулган лөр, пальманын жалбырагы менен жабылган алачыктар жана сууда ркүктөргө тургузулган үйлөр кездешет.

**3. Чарбасы.** Индия экономикасы боюнча өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн инен, алдынкы орунда. Өткөн кылымдын 90-жылдарындагы экономика-к реформадан кийин анын чарбасынын өнүгүшү тездей баштаган. Азыр-Индиянын өнөр жай продукциясынын көлөмү АКШ, Кытай, Япония, Рден кийинки бешинчи орунда.

Көз карандысыздыкка чыккандан бери Индия көп жетишкендиктерге болду. Ал чарбаны индустриалдаштырып, агрардык өзгөрүштөрдү жүргүзүп, смостук программага кирүүдө. Чарбаны беш жылдык план боюнча өнүктүрүп атат.

Индиянын товарлары дүйнөлүк стандарттан кем эмес. Анын себеби, ринчи кезекте жумушчулардын адистүүлүгүндө. Индияда балдарды жа-ынан эмгекке үйрөтөт, анын себеби кедейликтен эмес, эмгекчил киши-н аброю, эмгекти терең сыйлагандык.

Ошого карабастан Индия азырынча эң чоң контрасттын өлкөсү. Өнөр ай продукциясынын көлөмү боюнча Индия дүйнөдө бешинчи орунда, би-к, улуттук кирешенин киши башына бөлүштүрүү деңгээли боюнча 102-унда. Калкынын $^1/_4$ бөлүгү кедейликтин расмий деңгээлинен төмөн кире-е алат. Өнөр жайдын эң алдынкы жабдуулары бар ишканалары менен

катар майда жана өтө майда ишканалары бар. Айыл чарбасында ири мамлекеттик жана ири жеке фермалар, плантациялар менен катар миллиондогон майда уюмдар иштешет. Самолёттон караганда Индиянын жери куракталган кездемеге окшоп, майда бөлүктөргө бөлүнгөн. Агротехниканын деңгээли дүйнөдөгү эң төмөнкү абалда. Көпчүлүк айылдарда электр жарыгы жок.

Индия бодо малдын саны боюнча дүйнөдө 1-орунда, алар этти жешет. Темир жолдун узундугу боюнча Азияда биринчи орунда, бирок, алардын көбү кууш колеялуу. Илимий-техникалык адистердин саны боюнча Индия АКШ менен Россиядан кийинки орунда турат. Индия илим жана техниканын бардык багыттары боюнча «акылдын качуусуна» дуушар болууда (жогорку квалификациялуу адистердин башка жакка кетүүсүнөн). Дүйнөдө бир дагы өлкө кинофильм чыгарууда Индияга теңдеше албайт (жылына 750), бирок, калкынын жарымы сабатсыз. Мумбай (Бомбей) жана Калькутта шаарларында учурдун талабына жооп берген кооз кварталдарга жанаша шаарлардын чет-жакаларында жумушсуз жакырлар жашаган тар көчөлүү майда үйлөр жайгашкан.

**4. Өнөр жайы:** тармактык түзүлүшүнүн жана географиясынын негизги белгилери. Индиянын экономикалык активдүү калкынын $^1/_5$ бөлүгү өнөр жайында эмгектенет. Ал жеңил жана тамак-аш өнөр жайлуу өлкөдөн, өнүккөн оор өнөр жайлуу өлкөгө айланды. Азыркы кезде Индия станокторду, тепловоздорду, автомобилдерди, тракторлорду, телевизорлорду гана чыгарбастан, эң жаңы электрондук техникаларды, АЭСтин жана космосту изилдөөнүн жабдууларын чыгарат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ичинен атом өнөр жайы боюнча 1-орунда турат.

Индия индустриалдаштыруу жолуна түшкөндөн тартып, анын отун жана чийки заттарынын мааниси кескин көтөрүлдү. Өнөр жайда пайдаланууда, кен байлыктардын жайгашуусунун мааниси зор. Кен байлыктардын көбү Декан тайпак тоосунда жайгашкан. Ошондуктан, ал жерде өнөр жайдын негизги түйүндөрү, оор өнөр жайдын маанилүү жаңы ишканалары орун алган. Индиянын биринчи примьер-министри Ж. Неру айткандай, «жаңы Индиянын храмдары» ошол жерде жайгашкан. Мисалы, болот эритүүнүн «уюгу» болгон ири металлургиялык комбинаттар Бхилаи менен Бокаро. Биринчиси мурда артта калган Декан тайпак тоосунун борбордук бөлүгүнүн экономикасын көтөрүүгө мүмкүндүк берсе, экинчиси Индиянын көмүр-металлургиялык базасын чыңдоого мүмкүнчүлүк берди. Ал комбинат Декан тайпак тоосунун чыгыш жагында, Дамодар дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан.

Индиянын жеңил өнөр жайынын негизги тармактары пахтадан жана жуттан кездеме токуу, алардан кийим жана башка керектүү нерселерди тигип, көбүн сыртка чыгарууга адистешкен.

**5. Айыл чарбасы: дыйканчылык зонасынын жаратылыш шарттары.** Айыл чарбасында Индиянын экономикалык активдүү калкынын $^3/_5$ бөлүгү иштейт.

Мамлекеттин жардамы менен жана «жашыл революциянын» жетишкендиктерин пайдаланып, дан өсүмдүктөрүнүн түшүмүн көбөйтүүгө жетишти. Азыр Индия өзүнүн данга, эгинге керектөөлөрүн аз да болсо (киши башына 250 *кг*) камсыздай алат. Индиянын аймагынын басымдуу бөлүгүнүн жаратылыш шарты айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ылайыктуу. Өлкө бир кыйла жер фондуна ээ. Айдоо жерлердин аянты боюнча Индия АКШдан кийинки экинчи орунда, аймагынын $^1/_4$и айдоо жерлер.

Индияда айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн эки сезону бар: анын бири майдын аягынан сентябрь – октябрь айларына чейинки жай сезон (хариф), экинчиси октябрдан мартка чейинки кышкы сезон (раби). Кышкы сезондо суу жетишсиз, жер сугарууну талап кылат. Жайкы сезон муссондук жаандын учуруна туура келет. Оруп-жыйноо иши муссон бүтөөрдө башталат.

Ушул сезондорго байланыштуу Индияда Инд-Ганг ойдунунда эки негизги дыйканчылык зонасы жайгашкан. Ошол ойдундун түштүк-чыгыш жагында Индиянын негизги шалы эгүүчү зонасы калыптанган. Ал жерде эки сезондо тең күрүч эгилип, жылына эки, кээде үч жолу түшүм алынат.

Ошол ойдундун түндүк-батыш жагында – Пенджабда негизги буудай эгилүүчү зона калыптанган. Буудай раби сезонунда, негизинен сугат жерлерге айдалат. Ушул максатта ири гидротехникалык курулуштар курулган, алардын эң чоңу – Бхакра-Нангая. Мында негизинен ири капиталисттик чарба басымдуулук кылат, «жашыл революция» биринчи ушул жерден башталган, бул регион Индиядагы товардык дыйканчылыктын мекени.



Индия. Күрүч өстүрүү



Индиядагы чай плантациясы

Ошону менен катар, Индияда бир кыйла жерге булалуу, май, кант жана ачуу даам чыгаруучу өсүмдүктөр өстүрүлөт.

**6. Индиянын чарбасынын жана элинин жайгашуусунун географиясы.** Индияда чарбанын аймактык түзүлүшү башка өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн айырмаланат. Анда бирдиктүү экономикалык борбор жок, батышында, чыгышында, түштүгүндө жана түндүгүндө өзүнчө «экономикалык борборлор» түзүлгөн.

***Мумбаи (Бомбей)** – Индиянын* батышындагы эң чоң өнөр жайлуу, соода-финансы борбору. Бул жерде машина куруу, нефть-техника, пахтадан кездеме токуу ишканалары, атом энергиясын тынчтыкта пайдалануу борбору, өлкөдөгү эң чоң киностудия жайгашкан. Мумбаи (Бомбей) порту – Индиянын негизги дениз дарбазасы. Тегерегиндеги кошуна шаарлар менен кошо Мумбаи (Бомбей) өлкөдөгү эң чоң өнөр жай борборун түзөт.

***Калькутта*** – Индиянын чыгыштагы өнөр жайлуу эң чоң шаары. XVII кылымда англиялык Ост-Индия компаниясынын факториясынын ордунда пайда болуп, бир жарым кылым бою Британиялык Индиянын администрациялык борбору болуп келген. Бул Мумбаиден кийинки, экинчи орундагы өнөр жай борбору жана өлкөнүн порт шаары. Өзгөчө жут буласын экспорттоо иши менен таанымал.

***Калькутта*** – ошондой эле Индиянын маданий борбору. Ал Гангдын бир айрыгынын жээгинде жайгашып, бир нече шаарларды бириктирген агломе-

рация. Калькуттага кескин социалдык контрасттар мүнөздүү, он миңдеген үйү жоктор шаардын көчө калкын түзөт.

***Дели*** – индус-мусулман эстеликтерине бай, байыркы шаарлардын бири. 1911-жылдан баштап Индиянын борбор шаары. Ал өлкөнүн өз алдынча болгон мезгилинен бери тез өсүп келе жатат. Дели өлкөдөгү транспорттун, өнөр жайдын жана маданияттын ири борборуна айланды, өлкөнүн саясий жана администрациялык функцияларын аткарат.

Дели шаары бири-бирине окшобогон эки бөлүктөн турат: түндүк жагы тар көчөлүү, кустарлык мастерлердин, кол өнөрчүлөрдүн шаары, калк өтө жыш. Түштүк жагы европалык стилде салынган Жаңы Дели, Индиянын расмий борбору.

***Мадрас*** – Индиянын өнөр жайлуу борборлорунун бири жана порт шаары, Түштүктүн «экономикалык борбору».


Мумбаи, Калькутта, Дели, Мадрас – Индиянын төрт өнөр жай борборлору, Батышка, Чыгышка, Түндүккө, Түштүккө, андан ары өлкөнүн бардык аймагына өзүлөрүнүн таасирин тийгизип турат. Алар төрт бурчтуктун чокуларын түзүп, бири бири менен «өнүгүү огун» түзгөн транспорттук магистралдар менен байланышкан.

**7. Азиянын жаңы индустриялуу (НИС) жана нефтини экспорттоочу өлкөлөрү.** Азиянын жаңы индустриялуу өлкөлөрү эки «эшелондон» турат. Биринчи эшелонго Корей Республикасы, Сингапур, Тайвань кирет. Алар бат өнүгүп, экономикалык секирик жасашына карай, «азиянын жолборстору» деп аталып калган. Кийин аларды туурап, НИСтин экинчи эшелону – АСЕАНга мүчө үч өлкө – Малайзия, Таиланд жана Индонезия тез өнүгүүдө.

Өткөн кылымдын 70–80-жылдарында бул өлкөлөр өзүлөрүнүн экономикасына япондук моделди алып, аны кайра куруп чыкты. Аларда ири автомобиль, нефтини кайра иштетүүчү, нефть-техника, кеме куруу, өзгөчө электр-техника, электроника сыяктуу ири өнөр жай тармактары өсүп чыкты. Бул өлкөлөрдө жылына ондогон миллион радиоприёмник, телевизор, магнитофон, видеомагнитофондор чыгат. Элге кеңири керектелүүчү буюм, кийим, бут кийим, кездеме көп өндүрүлө баштады. Бул өлкөлөрдүн «экономикалык шумдугу» жергиликтүү бизнесмендердин активдүүлүгүнүн, ошону менен бирге ТНК өзүнүн капиталдарын ушул регионго жумшоону тандаганынын натыйжасы. ТНКнын тандаганынын себеби ал өлкөлөрдүн ыңгайлуу ЭГАсы жана эң чыдамдуу, тартиптүү, ошону менен бирге арзан жумушчу күчү болгонунда. Өндүрүлгөн бардык товарлар Батыштын базарына чыгарууга даярдалат. Мисалы, Корей Республикасы 30–40 жыл мурун, артта калган агрардык өлкө болсо, 1990-жылдардын ортосунда АЭСтен электр энергия өндүрүү боюнча дүйнөдө 10-орунга, болот эритүү боюнча 6-орунга, деңиз кемелерин куруу боюнча 2-орунга чыкты. Электрондук продукцияны чыгаруу боюнча ал дүйнөдө 10-орунду ээлейт.

Шаар-мамлекет – Сингапур (санскриттен котормосу «арстандын шаары») эң чоң деңиз порту катары ээлеген белгилүү жана ал Чыгыштын батыш дарбазасы, Батыштын чыгыш дарбазасы болуп кызмат кылган. Кийинки жылдарда ал соода борборунан индустриялуу борборго (кеме куруу, нефтини кайра иштетүү, электроника жана электротехника өнөр жайлары), ошондой эле дүйнөдөгү эң чоң финансы борборуна жана туризмдин объектисине айланды.

*Нефтини экспорттоочу өлкөлөргө* Перс булуңунун тегерегинде жайгашкан мамлекеттер кирет (32-сүрөт). Алар дүйнөлүк экономикада маанилүү орунду ээлейт. Эбегейсиз зор өлчөмдө нефть жана газ сатуудан түшкөн кирешеге таянып, ал өлкөлөр кыска мөөнөттүн ичинде кылымга тете секирик жасады.




**32-сүрөт.** Перс булуңунун нефть бассейндери

Анын негизинде Перс булуңунун зонасы ири нефть жана жаратылыш газын өндүрүп алуунун, нефтехимиянын, металлургиянын ж. б. тармактардын маанилүү өнөр жай районуна айланды. Мурдагы чийки кыш менен салынган эски шаарлардын ордуна, жаңы өнөр жай борборлору салынды. Талааларында тамчылатып сугаруу ЭЭМ менен башкарылып, өсүмдүк өстүрүлөт. Балдар кичинесинен баштап компьютерде иштөөнү өздөштүрөт. Мисалы, Сауд Арабиясындагы калк илгертен бери төө багып, курма пальмасын өстүрүп, Меккеге барган адамдарды тейлөө менен оокат өткөргөн. Азыр анын экономикасынын негизи – нефть өндүрүү. Өлкөнүн экспортунун 98% кирешеси нефтиден түшөт. Арабия чөлүндө эң мыкты автомобиль жолдору, аэропорттор, ири өнөр жай комплекстери, Эль-Джубейль жана Янбу аттуу азыркы учурдун талабына ылайык келген шаарлар салынган.

Чет өлкөлүк Азиянын артта калган өлкөлөрүнөн экономикасынын деңгээли боюнча Түркия, Иран, Пакистан, Израиль, КЭДР өзгөчөлөнүп турат. Бул региондо начар өнүккөн өлкөлөр да бар. Алардын ичинен Түштүк-Батыш Азияда Йемен менен Афганистан, Түштүк Азияда – Бангладеш, Мальдив, Непал жана Бутан, Түштүк-Чыгыш Азияда – Мьянма, Лаос жана Камбоджа.

**Негизги тыянактар.** *Чет өлкөлүк Азия – эң көп калктуу регион, анын экономикалык, социалдык жана экологиялык көйгөйлөрү демографиялык көйгөйлөр менен тыгыз байланышкан. Чет өлкөлүк Азиянын аймагынын эбегейсиз зор болушу-экономикалык-географиялык абалынын, жаратылыш шартынын, ресурстарынын, калкынын жана чарбасынын чоң айырмачылыктарын аныктайт.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Индонезиянын аймагы батыштан чыгышка карай 5 миң *км*ге, Монголияныкы – 2,4 миң *км*ге, Түркияныкы – 1,8 миң *км*ге созулат. Япониянын аймагы түндүктүн түштүккө карай 2,5 миң *км*ге, Филиппиндики – 1,8 миң *км*ге, Таиланддыкы – 1,7 миң *км*ге созулат. Монголиянын аймагы Чет өлкөлүк Европанын $^1/_3$не барабар.

2) Шаар-мамлекет Сингапурдун аянты 620 $км^2$, же Москванын аймагынын $^2/_3$ бөлүгүндөй, ал эми калкы 4,18 млн. Жеринин узун-туурасы $^{23}/_{42}$ *км.* Аймагынын басымдуу бөлүгүн, деңизден суусун кургатып алган жерлер түзөт.

3) Дүйнөнүн бардык бөлүгүндө монархтын бийлиги мураскоруна өтөт, Малайзияда гана 9 штаттын башында турган султандардын арасынан 5 жылда бирөө тандалып шайланат. Азыркы монархтын толук наамы төмөнкүдөй аталат: Дулм Янг Маха Мулиа Шри Падука Багинда Янг Ди Пертуан Агунг. Малай тилинен которгондо «Улуу урматтуу эң жогорку башкаруучу» деген маанини билдирет.

4) Дүйнө боюнча нефтиге бай 30 кендин 15и Перс булуңунун алабында жайгашкан. Алардын ичинен Сауд Арабиясындагы Гавар нефть кенинин

запасы 12 млрд тоннаны жана Кувейттеги Эль-Буркан кенинин запасы – 8–9 млрд *т*ны түзөт. Персия булуңундагы бир скважинадан фонтан болуп атылып чыккан нефтинин суткалык дебити – 1–2 миң *т*. Скважиналардын жалпы саны – 5 миң. Салыштыруу үчүн алсак, АКШда скважиналардын жалпы саны – 61,5 миң, ал эми бир скважинанын суткалык дебити –1–2 *т*.

5) 1921-жылкы Монголияда революцияга чейин 1800 храм жана 750 лама (ламаизм – буддизмдин бир тармагы) монастырлары болгон. Бул монастырларга 6–8 жаштагы балдардын жарымын эркине карабай берген. Натыйжада өлкөнүн калкынын 40%ы лама монастырларында диний кызматкер, бул калктын өсүшүнө зор таасирин тийгизет. Демографтардын эсептөөлөрү боюнча, ламаизм болбосо Монголиянын калкы азыркыдай 2,6 млн эмес, 10 млн болмок экен.

6) Жылына 3–4 млн адам Меккеге (ажыга) барат. Мекке – бүткүл дүйнөлүк мусулмандардын ыйык сыйына турган жайы, Сыйынуунун эң башкы объектиси – Кааба ташы Чоң мечиттин короосунда. Медина – ислам дининин баштоочусу Мухаммед пайгамбардын сөөгү коюлган жер, мусулмандардын экинчи сыйына турган жайы. Башка диндеги адамдарга ал шаарларга кирүүгө тыюу салынган. Мусулмандардын үчүнчү сыйына турган жайы Иерусалимдеги «Аскадагы купол» мечити же Омордун мечити.

7) 1990-жылдардын башында Кувейтте 300 миң иордандыктар, 170 миң египеттиктер, 160 миң индустар, 90 миң шриланкалыктар, 70 миң бангладештиктер, 45 миң ирандыктар, 35 миң филиппиндиктер, 35 миң сириялыктар, 25 миң ливандыктар, 20 миң судандыктар, 30 миң башка өлкөлөрдөн келгендер иштеген.

8) БАЭнин ар бир жергиликтүү тургуну 4 чет элдик жумушчуну жалдоого акысы бар. Бир москвалык журналист өлкөнүн борбору Абу-Даби жөнүндө мындай деп жазат: «Омандыктардын ар түстөгү чалмалары, сикхтердин тюрбандары көзгө урунат. Бул жерде пакистандыктарды, корейлерди, малазиялыктарда, таиланддыктарды, араб өлкөлөрүнөн чыккандарды кезиктирүүгө болот. Дем алыш күндөрдө жээкте чыгыш элдеринин парады өткөндөй көрүнөт». Жергиликтүү калк өлкөнүн калкынын $^1/_6$ин гана түзөт.

9) 1997-жылы Эл аралык валюта фонду (ЭВФ) менен Корей Республикасы 57 млрд доллар суммадагы кредиттик пакетке кол коюшкан. Бул Эл аралык валюта фондунун (ЭВФтин) мынча суммага кредит бергени биринчи жолу болду. Ошол эле убакта Индонезия – 23 млрд, Таиланд – 17 млрд доллар кредит алган. Сауд Арабиясынын борбору – Эр-Рияд тез өнүгүп келе жаткан шаарлардын бири. 1960-жылы анда 160 миң адам жашаса, 1990-жылы 2 млн болгон, ал эми 2004-жылы 4 млндон ашкан. Министрликтердин, банктардын, мейманканалардын имараттары эреже катары 7–8 кабат болгону менен, алар архитектурасынын оригиналдуулугу менен өзгөчөлөнгөн. Өнөр жай ишканалары шаардын сыртында жана жашыл бактарга бөлөнгөн. Негизги транспорттук түйүндөрү эки же үч деңгээлде өтөт.

10) Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш өлкөлөрүндө жылына киши башына 100–300 *кг* күрүч туура келет. Тамак-ашындагы күрүчтүн каллориялык үлүшү 1/3ди түзөт. Демек, эртең менен, түштө жана кечинде күрүчтөн жасалган тамак басымдуу болуп, калган азыктардын үлүштөрү күрүчкө кошумча гана болот экен.

11) Шри-Ланка дүйнө боюнча ичилген чайдын 1/10 бөлүгүн, же жылына 180–200 *т* өндүрөт. Эгерде ал көлөмдөгү чайды 50 граммдык пачкага бөлүштүргөндө, алардын саны 3,8 млрд. даанага жетет, б. а. жер бетиндеги адамдардын ар бирине 1,5 пачкадан чай туура келет.

12) Жаратылышты коргоо саясатын активдүү жүргүзүлгөндүгүнүн, тазалоочу курулуштарды куруунун, тазалыкты сактоонун өтө катуу чараларынын натыйжасында (сигареттин калдыгын бет алды таштагандыгы үчүн сингапурлуктар 500 доллар айып тартышат) Сингапур Чет өлкөлүк Азиядагы мамлекеттердин ичинен экологиялык жактан эң таза мамлекетке айланды. Анда экватордук жана тропиктик алкактарда сууну кайнатпай эле суу түтүктөрүнөн иче берсе боло турган жер.

13) Кытайдын Хенань, Шаньдун, Сычуань провинцияларынын ар биринин калкынын саны 92, 87, 84 млндон ашат. Демек, эң көп калктуу Европа өлкөсү – Германиянын калкынан Кытайдын бул провинцияларынын калкы көптүк кылат. Ал эми Хебей, Цзянсу, Аньхой, Хубей, Хунань, Гуандун провинцияларынын ар биринин калкы Франция, Улуу Британия же Италиянын калкынан көп.

14) Кытайдын иероглиф жазмалары 50 миң белгиден турат, анын ичинен 7 миңи дайыма колдонуучу белгилер. Башталгыч классты бүткөндөр 3,5 миң иероглифти билиши керек, бир иероглифтин ичинде 30га жакын чийме болушу мүмкүн. Ар бир иероглиф өзүнчө бир музыкалык тон менен айтылышы керек. Айтылган тонго жараша бир эле иероглиф ар башка сөздү билдириши ыктымал. Мисалга, «Ма» деген сөздүн мууну биринчи тон менен айтканда «апа» дегенди, экинчи тон менен – «конопля» (кара куурай), үчүнчү тон менен «ат», төртүнчү тон менен – «тилдөө» дегенди билдирет экен.

15) Дүйнөдө, өткөн кылымдын 80-жылдарынын аягында 800 млн велосипед болуптур, анын 300 млну Кытайда, 100 млну АКШ да, 60 млну Японияда экен. Велосипед чыгаруу боюнча (жылына 40 млн) Кытай дүйнөдө биринчи орунда турат.

16) Япондуктар өз өлкөсүн байыртан бери «Ниппон» (же Нихон) деп атайт. Бул ат эки иероглиф белгисинен турат, биринчиси «күн», экинчиси «негиз» – дегенди билдирет. Мына ушундан «күн чыккан жактын өлкөсү» – деген ат келип чыккан. Күндөй кызыл тегерек-япондуктардын желегинде, ал эми тегерек хризантема гүлү (япондуктардын улуттук гүлү) алардын мамлекеттик гербинде күндү элестетип турат.

17) Синтоизм («синто» – кудайдын жолунда) негизги диндик-турмуштук жөрөлгөлөрдү камсыздайт, биринчи кезекте, ар дайым синтоизм храмдарында өтүүчү үйлөнүү шаан-шөкөтүн өткөзүүдө. Буддизм, тескерисинче, өлгөндөрдү жайына коюу жагын тейлейт.

18) Японияда 40ка жакын фестивалдар өткөрүлөт. Алардын бири – «ак арал» Хоккайдодо февралдын башында өткөрүлүүчү белгилүү кар фестивалы. Фестиваль убагында Саппоронун башкы көчөсүндө 300гө жакын кардан жасалган курулуштар пайда болот. Алар жомоктордун каармандары, адабий каармандар, белгилүү эстеликтердин жана архитектуралык имараттардын көчүрмөлөрү.

19) Токионун көчөлөрүнүн жалпы узундугу 22 миң *км*ди түзөт, үйлөрдүн жалпы саны 4 млн. Көп көчөлөрүнүн аты жок. Цифра менен көрсөтүлгөн таблицада райондун, үйдүн жана квартиралардын катар номерлери көрсөтүлгөн. Токиодо адрести жөнөкөй келген мейман эмес, полиция жана такси айдоочулар араң табышат. Шаардын бөлүктөрү тоскоолу жок эстакадалар менен кошулган, бирок, алар 5 млн автомашиналардын жүрүшүн камсыз кыла албайт.

20) Дүйнөдөгү эң чоң, Фукусимо АЭСи 1998-жылы жетинчи блогун ишке киргизгенден кийин, кубаттуулугу 8,2 млн *кВт*ка жеткен. Ал эми Япон деңизинин жээгиндеги, түбүнөн эң ири Фукуяме металлургия комбинаты жылына 16 млн *т* болот эритип чыгарат.

21) Деңиз суу берметти алып чыгууга, илгертен бери Түштүк Япониянын ама деген уруусу адистешкен, ал эми суучулдар негизинен аялдар. Суучулдар 30 *м* терендикке чейин чумкушуп, суу алдында 1 мүнөттөн ашык чыдашат. Кийинки жылдарда ал промыселдин ордуна берметти жасалма жол менен өстүрүүчү ири ишканалар пайда болду. Бул иш үчүн чоң салдар колдонулуп, анын алдына жипке берметтин раковиналарын корзинага салып илип коюшат.

22) «Синкансен» (Жаңы жол) магистралынын узундугу 1100 *км*. Бул жолдо поезд 200 *км* жана андан ашык ылдамдык менен жүрөт. Поезд өзгөчө жогорку ылдамдыкта ал жолдун 515 *км*лик Токио-Осако бөлүгүндө жүрөт, суткасына ал жерден 120 поезд өтүп, жылына 120 млн, б. а. өлкөнүн бүткүл калкына барабар жүргүнчүлөрдү ташыйт. Ушул эки шаардын ортосун «Хикари» (Жарык) экспресси 2 саат 15 мүнөттө басып өтөт. Жолунда ал экспресс 66 туннелден, 3 миң көпүрөдөн өтөт.

23) «Сейкан» туннели 1970-жылы курула баштап, 1988-жылы бүткөн. Ал Цугару кысыгынын түбүнөн 100 *м* терендикте өтүп, Хонсю жана Хоккайдо аралдарын байланыштырат. Туннелдин узундугу 54 *км*, анын ичинен 23 *км*и суу алды менен өтөт. Туннель Токио – Саппоро жолун бир топ кыскартты.

24) Индиялык демограф-статисттердин эсептөөлөрү боюнча, Индиянын калкы саатына 1,9 миң кишиге, суткасына – 46 минге, жылына эң жок дегенде 17 млнго көбөйүп турат. Эгерде, өткөн кылымдын 80-жылдарындагы өсүш темпи сакталса, XXI кылымдын ортосунда Индиянын калкынын 3 млрдга жетиши божомолдонот. Азыркы учурда кургактыктын 2,4% аянтында, дүйнө калкынын 16,4%и жашайт.

25) Индияда үйлөнүүнүн $^{9}/_{10}$ бөлүгүн ата-энелер «уюштурат». Бул иште, жекшемби сайын газеталарга жарыяланган атайын кулактандыруулар кол-

донулат. Атасы же энеси кулактандыруулар боюнча татыктуу талапкерлерди тандап, алардын ичинен бирөөнү жактырат. Бул иштер үйлөнүүчү жаштардын катышуусуз өтөт. Кээде кыз менен күйөө бири-бирин үйлөнүү тойдо гана көрөт.

26) Индиянын тарыхы, индустар үчүн ыйык дарыя – Ганг менен тыгыз байланыштуу. Миллиондогон сыйынуучулар жылына тазаланыш (ритуалдык суугa жуунуш) үчүн Гангдын жээгине келишет. Индуизм динин туткан ар бир зыярат кылуучу, «Гангдын жээгинде турмуш жолум бүтсө, өрттөлгөн күлүм Гангдын суусуна чачылса» – деп тилек кылат. Сыйынуучулардын чогулган белгилүү жери Варанаси (Бенарес) шаары, Индияда «түбөлүк» шаар деген атка конгон.

27) Индиянын тургуну орто эсеп менен жылына 1,5–2 *кг* эт жейт. Анын себеби мал чарбасынын жоктугунан эмес, индуизм дининин көз карашы боюнча вегетариандык тамак-ашты колдогондугу менен, уйдун этин жебей, аны сойгонго болбой тургандыгында (байыркы Индияда алар тукумдуулуктун жана жыргалчылыктын символу болгон). Индуизмдин канондоруна ылайык уйду карыганда сойбостон, короодон чыгарып айдап жиберишет. Натыйжада, миллиондогон ачка «ыйык» уйлар жолдордо, талааларда, шаарлардын көчөлөрүндө, машиналардын жүрүшүнө тоскоол болуп, басып жүрүшөт.

## Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Китептеги таблицаны колдонуп, Чет өлкөлүк Азиянын өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрүн тактагыла. Тарыхтан алган билимиңерге таянып, эмне үчүн Чет өлкөлүк Азияда башка жерлерге караганда абсолюттук монархия көп сакталып калганын талдагыла. Контурдук картага Чет өлкөлүк Азиянын республикалык жана монархиялык мамлекеттерин түшүргүлө. Алардын ичинен федерациялык мамлекеттерди бөлүп көрсөткүлө.
   **Кошумча:** Чет өлкөлүк Азиядагы өлкөлөрдүн ичинен кайсынысы экинчи дүйнөлүк согуштан кийин боштондукка чыккан. Алардын көз карандылыктан бошогон мезгилин тактап, (4 субрегионду) салыштыргыла.
2. Атлас картасын пайдаланып, Чет элдик Азиянын өлкөлөрүндө кайсы кен байлыктар бар экендигин аныктагыла. Аларды негизги өлкөлөр боюнча бөлүштүрүп, кайсы өлкө кандай минералдык ресурстарга бай экендигин айткыла.
3. Окуу китебиндеги текстке, физикалык картага, дүйнөнүн жер, суу, агроклиматтык ресурстарынын карталарына таянып, Чет райондорду тандагыла. Жаратылыш шарттарын мүнөздөгүлө. 7-класстын география сабагынан алган билимиңерди да пайдалангыла.
4. Дүйнө калкынын картасын жана атласты пайдаланып, Чыгыш, Түштүк-Чыгыш, Түштүк жана Түштүк-Батыш Азиянын калкынын тили кайсы тил түркүмүнө кире турганын аныктагыла. Кайсы эл кандай тил түркүмүнө кирээрин айткыла.

5. Түштүк-Батыш Азиянын экономикалык картасын карап, нефть чыгуучу жайларды таап, аларга мүнөздөмө бергиле. Негизги нефть чыгуучу кендерди, нефтини иштетүүчү жайларды, нефти куурларын, нефть ташып чыгара турган деңиз портторун атагыла.
6. Кытайдын картасынан, анын кайсы өлкөлөр менен кургактык боюнча чек аралары өтө тургандыгын тапкыла. Аны Россия менен салыштырып көргүлө.
7. Окуу китебиндеги текстти, тиркемедеги таблицаны жана атластын карталарын пайдаланып, Кытайдын калкына мүнөздөмө бергиле. Өлкөнүн калкын мүнөздөөчү типтүү планды пайдалангыла.
8. Атластан Кытайдын оор өнөр жайы жайгашкан негизги борборлорун тапкыла. Аларды контурдук картага түшүргүлө. Эмне үчүн ошол жерге жайгашып калгандыгы жөнүндө ойлонгула.
9. Дүйнө агроклиматтык картасын Чыгыш жана Борбордук Азиянын атластагы экономикалык картасын пайдаланып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле: 1) Кытайдын аймагы кайсы агроклиматтык зонада жайгашкан? 2) Кандай айыл чарба өсүмдүктөрү ал үчүн мүнөздүү? 3) Ал өсүмдүктөр өлкөнүн кайсы тарабында өстүрүлөт? Мындай адистешүүнүн себебин атап көргүлө. Контурдук картага Кытайдын шалы, буудай жана чай эккен жерлерин түшүргүлө.
10. Окуу китебиндеги тексттин, Кытайдын картасын жана атластагы карталарды пайдаланып, үч экономикалык районго жалпы мүнөздөмө бергиле. Силерге Пекиндин борбору боюнча экскурсия өткөзгүлө деген тапшырма берилди деп элестеткиле. Окуу китептеги текстти, Пекиндин планын, атластагы карталарды жана кошумча маалымат булактарын пайдаланып, башкаларга айтып бергиле.
11. Окуу китептеги текстти, дүйнөнүн саясий картасын жана Япониянын экономикалык-географиялык картасын пайдаланып, анын ЭГАсын аныктагыла. Япониянын экономикалык-географиялык абалын Улуу Британиянын экономикалык-географиялык абалы менен салыштыргыла. Окшоштугун жана айырмасын аныктагыла.
12. Окуу китептеги текстти, берилген таблицаларды пайдаланып, Япониянын экспорт жана импортун аныктагыла. Ошол жүк ташуулардын багытын контурдук картага түшүргүлө.
13. Эреже катары, Япония боюнча туристтик маршрут Токиону, Осаканы, Киото менен Хиросиманы камтыйт. Бирок, ал маршрут Япония жөнүндө толук маалымат бербейт. Окуу китептеги текстти жана берилген таблицаларды колдонуп, Япония жөнүндө толук маалымат бере турган маршрут түзгүлө.
14. Окуу китептеги текстти жана атластагы Индиянын калкынын географиясы деген картаны пайдаланып, Индиянын калкы жөнүндө маалымат бергиле. Миллионер-шаарларын атагыла. Орточо жыштыгын эсептегиле жана 1951, 1981, 1991 жана 2001-жылдардагы калкынын санын айткыла. Алынган сандарды карап, алар эмнени мүнөздөп тургандыгын талдагыла.

15. Окуу китептеги текстти, Азиянын физикалык картасын, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиянын экономикалык-географиялык карталарын пайдаланып, Индиянын айыл чарбасын мүнөздөп бергиле. Контурдук картага шалынын, буудайдын, жүгөрүнүн, пахтанын, жуттун, бал камыштын жана чайдын эгилүүчү ареалдарын түшүргүлө. Индияда Чет элдик Азиянын айыл чарбасынын кайсы тиби басымдуулук кылганын аныктагыла.
16. 7-темадагы параграфтардын бири боюнча конспект түзгүлө. Контурдук картага «Чет элдик Азия экспорттогон негизги продукциялар» деген схеманы түзгүлө. Өзүнөр барууну каалаган Чет элдик Азиянын өлкөлөрүнүн бир өлкөсүн тандагыла. Ошол өлкө боюнча кызыктуу материалдарды тапкыла. Өзүнөр көргөнүнөрдөй кылып сүрөттөп жазып көргүлө.

**Өзүн-өзү, бири-бирин текшерүү блогу (тапшырмалар)**

**Жооп бергиле**

1. Эмне үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн ичинен Япония деңизде сүзүү боюнча алдыга чыгып кетти? Эмне үчүн Япония супертанкерлерди, көмүр жүктөөчү, руда жүктөөчү, автомобиль ташуучу кемелерди куруу боюнча алдыңкы орундарды ээлеп турат?
2. Эмне үчүн Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азияда калктын жыштыгы дарыя өрөөндөрүндө жана алардын чаттарында өтө эле жогору?
3. Эмне үчүн Монголияда чарбачылыктын негизи – мал багуу болуп калган?
4. Эмне үчүн Меконг дарыясын «Азиянын Дунайы» деп коюшат?
5. Эмне үчүн Япониянын өнөр жайынын түзүлүшүндө казып алуучу өнөр жайы 0,3%ы гана ээлейт?
6. Эмне үчүн «Индияны билиш үчүн анын элетинде жашоо керек» деп айтылат?

Бул айтылгандардын туурасын текшергиле, туура эмес болсо туура жообун тапкыла

– жер бетиндеги ар бир беш адамдын бири кытайлык;
– Япониянын башка Азия өлкөлөрүнөн айырмасы ага калктын өнүгүшүнүн биринчи тиби мүнөздүү;
– Түштүк Азия-көп улуттуу жана көп тилдүү регион;
– Япония жалаң гана эмгек ресурстарынын жардамы менен алдыңкы индустриалдуу өлкөгө айланган;
– дыйкандар муссондук климаттуу жерлерге буудай менен арпа өстүрөт.

**Туура жоопту тандагыла**

1. Түштүк-Батыш Азиянын жери нефтиге, жаратылыш газына, темир рудасына, уранга, түстүү металлдарга бай.
2. Түштүк Азиянын айыл чарба продукцияларынын ичинен күрүчтү, бананды, курманы, буудайды, чайды, пахтаны, жүндү бөлүүгө болот.
3. Япониянын төрт аралынын ичинен экономикалык жагынан жакшы өнүккөнү:1) Хоккайдо, 2) Хонсю, 3) Кюсю, 4) Сикоку.

### Туура эмес жоопторду чийгиле

Япония экспорттойт: кара металлды, автомобилдерди, деңиз кемелерин, электроника буюмдарын, көмүр, нефть, темир рудасын, жыгач материалдарын, мал чарба продукциясын.

### Төмөндөгү тапшырмаларды аткаргыла

1. Картаны карабай туруп, Монголияны, КЭДРди, Таиландды, Сингапурду, Афганистанды, Иранды, Иракты, Сирияны, Түркияны, Израилди контурдук картага түшүргүлө.
2. Текстте айтылган шаарларды көрсөткүлө: Шанхай, Осака, Джакарта, Бангкок, Мумбаи, Кабул, Эр-Рияд, Стамбул.
3. Төмөнкү өлкөлөрдүн кайсынысы жаңы индустриялуу өлкөлөргө (НИС) кирет: КЭДР, Камбоджа, Корей Республикасы, Сингапур, Иран.
4. Төмөнкү борбор шаарлардын кайсынысы деңиз жээгиндеги порт шаарлар: Улан-Батор, Пекин, Токио, Сеул, Ханой, Дели, Багдад, Анкара, Бейрут. **Кийинки айтылгандар кайсы өлкөлөргө тиешелүү:** 1.Нефть өндүрүү боюнча өлкө дүйнөдө биринчи орунду ээлейт. 2. Сугат жерлеринин аянты боюнча дүйнөдө биринчи орунда. 3. Калкынын жыштыгы боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда.

### 7-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калуу

1. Чет өлкөлүк Азиянын саясий картасын жана калкынын географиясын (7-класстын географиясы).
2. Чет өлкөлүк Азиянын физикалык-географиялык абалын, рельефин, кен байлыктарын, климатын, сууларын, топурагын жана өсүмдүктөрүн, анын аймагындагы жаратылыш зоналарын (7-класстын географиясы).
3. Байыркы жана орто кылымдагы Азиянын өлкөлөрүн (5–6-класстагы тарых).
4. Кытай, Индия, Япониянын XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы тарыхынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн (Жаңы тарых).
5. «Климаттык алкак», «муссондор», «топуратктын эрозиясы», «мелиорация», «кайрак жерлер», «резервация» – деген терминдерди жана түшүнүктөрдү.

### Эмнени билүү керек?

### 7-теманын негизги идеяларын

1. Кийинки ондогон жылдарда Чет өлкөлүк Азиянын өлкөлөрүнүн жана Азия-Тынч океандык региондун дүйнөлүк саясаттагы жана экономикадагы мааниси улам өсүп жатат.
2. Чет өлкөлүк Азиянын аймагында ири маданий региондор илгертеден калыптанган.

### 7-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Экономикалык-географиялык абалынын, жаратылыш шарттарынын жана ресурстарынын, калкынын, өнөр жайынын, айыл чарбасынын географиясы-

нын мүнөздүү белгилерин. Чет элдик Азиянын жана анын 4 субрегионунун жаратылышын жана аны коргоо проблемаларын.
2. Кытайдын экономикалык жана социалдык географиясынын мүнөздөмөсүн.
3. Япониянын экономикалык жана социалдык географиясынын мүнөздөмөсүн.
4. Индиянын экономикалык жана социалдык географиясынын мүнөздөмөсүн.
5. Теманын маанилүү сөздөрүн: этностор аралык жана диний чатактар; сепаратизм; чыгыш тибиндеги шаар; мегаполис; өсүүнүн уюгу.

### Төмөндөгү тапшырмаларды аткара аласыңарбы?

1. Өлкөнүн айыл чарбасынын өнүгүшүнө ылайыктуу жаратылышын мүнөздөө.
2. Өлкөнүн (региондун) айыл чарбасын мүнөздөө.
3. Өлкөнүн калкына мүнөздөмө берүү.
4. Окуу китептеги текстке ылайык конспект түзө билүү.
5. Карта-схемаларды түзүү.

### Өз алдынча даярдануу үчүн кеңештер

**Өлкөнүн айыл чарбасын мүнөздөө үчүн жаратылыш шарттарына мүнөздөмө берүүнүн планы**

1. Айыл чарбасын жайгаштыруу үчүн рельефтин мүнөздөрү.
2. Аймактын агроклиматтык шарттары.
3. Аймактын топурагы жана өсүмдүктөрү.
4. Айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн жаратылышынын жалпы мүнөздөрү.

### Өлкөнүн (региондун) айыл чарбасына жалпы мүнөздөмө берүүнүн планы

1. Тармактын мааниси жана продукциянын өлчөмү.
2. Тармактын өнүгүшүнө жаратылыш шартынын тийгизген таасири.
3. Агрардык мамиленин өзгөчөлүгү.
4. Тармактын түзүлүшү – дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын катнашы.
5. Дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын географиясы, негизги айыл чарбалуу жерлери (зоналары).
6. Өлкөнүн айыл чарба продуктуларын экспорттоого жана импорттоого көз карандылыгы.
7. Тармактын өнүгүш келечегине карата жалпы тыянак.

### Өлкөнүн (региондун) калкына мүнөздөмө берүү планы

1. Калктын саны жана анын толукталуу тиби, демографиялык саясат.
2. Калктын курактык-жыныстык курамы, эмгек ресурстары менен камсыз болушу.
3. Өлкөнүн калкынын улуттук этностук курамы.
4. Калктын жайгашуусунун негизги белгилери, миграциянын жайгашууга болгон таасири.
5. Урбанизациянын деңгээли, темпи жана формасы, негизги шаарлары жана агломерациялары.
6. Калктын элеттик жайгашуусу.
7. Жалпы тыянак. Калктын өсүү келечеги, эмгек ресурстары менен камсыз болуусу.

# КМШ ӨЛКӨЛӨРҮ

*КМШ өлкөлөрүнө мурдагы Советтер Союзунун 15 республикасынын 12си кирет (Балтика боюндагы 3 республикадан башкасы). КМШнын аймагы 22,11 млн км$^2$, калкы 280 млн 360 миң (2005-ж.). Демек, аянты боюнча Чет өлкөлүк Азиядан бир аз гана кичине, бирок, элинин саны боюнча Кытай, Индия жана АКШдан кийин турат. КМШнын саясий картасында 12 эгемендүү мамлекет орун алган. Алардын бардыгы мурдагы бирдиктүү мамлекет – СССРдин курамындагы өлкөлөр. СССР тарагандан кийин өз алдынча мамлекеттерге айланган. Анын 80%га жакын аянты, 50%дан ашык калкы Россия Федерáциясына тийиштүү. Аянты боюнча экинчи орунда Казакстан, калкынын саны боюнча Украина.*

*КМШнын аймагы Евразиянын түндүгүндө жайгашкан. Батыштан чыгышты карай 9 миң кмге, түндүктөн түштүктү карай 4200 кмге созулат. Аянты жана калкынын саны боюнча КМШнын эң чоң өлкөсү – Россия Федерациясы.*

## § 27. Россия Федерациясы (РФ)

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары. Мамлекеттик түзүлүшү.**

Россия – аянты боюнча жер шарындагы эң чоң өлкө. Европанын, Чыгыш Азиянын түндүк бөлүктөрүн ээлейт. Чек арасынын жалпы узундугу 60 мин *км*. Дүйнөдө бир дагы өлкө мынчалык узундуктагы чек арага ээ эмес. Чек арасынын басымдуу бөлүгү деңиз жээктери менен өтөт: түндүгүндө Түндүк Муз океандын, чыгышында Тынч океандын деңиздери, батышында Балтика, түштүгүндө Кара, Азов жана Каспий деңиздери менен чулганат. Кургактыктагы чек арасынын узундугу 20 миң кмге созулат. Түндүк-батышында Норвегия, Финляндия жана Балтия өлкөлөрү (Латвия, Литва жана Эстония), батыш жагынан Белоруссия жана Украина, түштүгүнөн Грузия, Азербайжан жана Казакстан меңен чектешет. Казакстандын чегинен чыгышты карай Монголия жана Кытай Эл Республикасы, түштүк-чыгышында бир аз жери (17 *км*) Корей Элдик Демократиялык Республикасы менен чектешет.

Россиянын эң батышындагы Калининград облусу өлкөнүн негизги аймагынан 700 *км* алыс, бардык жагынан башка мамлекеттер менен курчалып, обочо жайгашкан.

Россиянын экономикалык-географиялык абалы мурдагы СССРдикине караганда бир аз начарлады. Себеби, азыр Балтия өлкөлөрү, Белоруссия жана Украина Россияны Европа өлкөлөрүнөн бөлүп койду. Мурда курулуп калган нефть, газ кууралары азыр башка эгемендүү өлкөлөрдүн аймагы аркылуу өтүп, көп көйгөйлөрдүн маселелердин чыгышына себеп болууда.

| № | Өлкөлөр | Аймагынын аянты, миң $км^2$ менен | Калкы, млн киши | Борбор шаары | Башкаруу формасы | Аймактык уюштуруу формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Азербайжан | 86,6 | 8,3 | Баку | Р | Ф |
| 2 | Армения | 29,8 | 3,213 | Ераван | Р | У |
| 3 | Беларуссия | 207,6 | 9,980 | Минск | Р | У |
| 4 | Грузия | 69,7 | 4,155 | Тбилиси | Р | Ф |
| 5 | Казакстан | 2724,9 | 15.1 | Астана | Р | У |
| 6 | Кыргызстан | 166,4 | 5.33 | Бишкек | Р | У |
| 7 | Россия | 17075,4 | 143.5 | Москва | Р | ф |
| 8 | Молдавия | 33,8 | 3.388 | Кишенев | Р | У |
| 9 | Тажикстан | 142,1 | 6.1 | Душанбе | Р | У |
| 10 | Түркмөнстан | 488,0 | 6.5 | Ашхабад | Р | У |
| 11 | Өзбекстан | 447,4 | 26.0 | Ташкент | Р | Ф |
| 12 | Украина | 2630,0 | 47.28 | Киев | Р | У |

Казакстан Россияны КМШнын Борбордук Азиядагы өлкөлөрүнөн, Азербайжан менен Грузиянын аймактары Армениядан бөлүп салды.

Россиянын азыркы учурдагы геосаясаттык абалы Балтика жана Кара деңиздердеги мүмкүнчүлүктөрүнүн тарышына байланыштуу начарлашына, Тынч океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн толук пайдаланылбагандыгы жана Түндүк Муз океандын деңиз жолдорунун жыл мезгили боюнча чектелиши менен байланышкан.

Россия – башкаруусу республикалык формадагы, федерациялык мамлекет. Административдик-аймактык түзүлүшү боюнча Россия Федерациясы 88 бирдей укуктуу субъекттерден турат, анын ичинде 20 автономия республикасы, 7 край, 48 облус, 1 автономия облусу, 9 округ, федерация маанисиндеги эки шаар – Москва жана Санкт-Петербург бар. Кийинки убактарда Россияда субъекттердин биригиши жүрүп жатат. Пермь облусу Коми-Пермяк округу менен биригип Пермь крайы деп аталып, Краснояр крайына Долган-Ненец жана Эвенк автономиялуу округдары, Камчатка облусуна Коряк автономия округу кирди.

**2. Калкы.** Калкынын саны боюнча Россия дүйнөдө 9-орунда турат. 2007-жылкы маалымат боюнча Россиянын калкы 141,6 млн болгон (1989-жылкы эл каттоого караганда 5,4 млн кишиге кыскарган). 2005-жылы калкынын саны 143,5 млн. Россиянын аймагында 180ден ашык улут жана этностук топ жашайт. Алардын ичинен 115,89 млн орустар, 5,55 млн татарлар, 2,94 млн украиндер, 1,67 млн башкырлар, чуваштар, чечендер, армяндар ж. б. улуттар.

Россиянын жалпы демографиялык абалы начарлоодо, өзгөчө ири шаарларда (Москвада) төрөлгөндөрдүн саны кыскарууда. Кийинки көрсөткүчтөр боюнча ар бир 1000 кишиге 8 бала төрөлүүсү туура келет. Ал көрсөткүч боюн-

ча жөнөкөй эле калктын санын калыбына келтирүүсү жетишсиз. Калктын социалдык-экономикалык жашоо деңгээлин көрсөтүүчү индикатор – өлүм-житим, өзгөчө балдардын өлүмү. Россияда ар бир 1000 кишиге 20 бала өлүмү туура келет. Ушул эле көрсөткүч Японияда – 1000/4, Швецияда – 1000/6, Францияда 1000/7, АКШда 1000/10. Россияда табигый өсүш тескери мааниде, калктын кескин кыскарышы КМШнын башка өлкөлөрүнөн көчүп келгендердин эсебинен бир аз кармалып турат. Ошого карабастан 1993-жылдан 2007-жылга чейин Россиянын калкы 148,8 млндон 141,6 млнго чейин кыскарды.

Демографиялык кырдаал калктын санын калыбына келтирүүнүн жөнөкөй жолун камсыз кыла албаган төрөлүүнүн төмөнкү, өлүм-житимдин жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт. Калктын орточо жашынын өсүшүнө, эмгекке жарамдуу адамдардын азайышына байланыштуу саламаттык сактоо жана социалдык органдарга кыйынчылык келгени байкалат.

Россияда калктын орточо жыштыгы болжол менен ар бир *км*² жерге 8 кишиден, европалык бөлүгүндө 28 кишиден, азиялык бөлүгүндө – 2 кишиден туура келет. Калк жыш жайгашкан район – Борбордук Россия, ал эми Азия жагынын түндүгүндө 100 *км*² аянтта адамдар жашабаган жерлер да бар.

Россиянын калкынын 55%ы эмгекке жарамдуу, анын ичинен 48%ы өнөр жайында жана айыл чарбасында иштейт, калгандары өндүрүштүк эмес чөйрөдө, өзгөчө тейлөө кызматында иштегендердин саны өсүп жатат. Шаар калкы 73%. Бардыгы 1060 шаар, 2160 шаарча бар; 13 шаардын калкы 1 млндон ашык, 20 шаардыкы 500 миңден 1 млнго чейин. Шаар агломерациялары Москва, Санкт-Петербург, Нижний Новгород, Екатеринбург, Новосибирск шаарларынын айланасында калыптанууда.

Айыл-кыштак калкынын жайгашуусу жаратылыш шартына жана улуттук өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Айыл жериндегилер – кыштактарда, станцияларда, хуторлордо, аңчылардын, малчылардын убактылуу жайларында жашашат.

Россияда дин мамлекеттен ажыратылган. Анын негизги дин конфессиясы православиелик христиан, экинчиси ислам, андан кийин буддизм, иудаизм.

**3. Россиянын чарбасына жалпы мүнөздөмө: чарбасынын дүйнөлүк экономикадагы мааниси.** Россия – КМШ өлкөлөрүнүн ичинде аянты жана калкынын саны жагынан гана эң чоң өлкө болбостон, ошондой эле жаратылыш ресурстары, экономикалык өнүгүү деңгээли, илимий потенциалы жана интеграциялык ролу боюнча да зор өлкө.

Россия КМШнын башка өлкөлөрүндөй эле СССР тарагандан кийин жалпы экономикалык кризисти башынан өткөрдү. 1990–1996-жылдары жалпы улуттук өндүрүштүн ИДПсы төмөндөп олтуруп, анын өлчөмү боюнча 40 мамлекеттен кийинки орунда туруп, Уругвай, Чили, Мексика, Аргентина сыяктуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн да артта калган.

1999-жылдан баштап Россиянын экономикасы өнүгүшү боюнча туруктуу өсүштү көрсөтүп келе жатат. ИДПнын өсүү арымы кийинки 5 жылда орто эсеп менен 6% тен кем эмес. Россиянын экономикасы өсүүсүнө карабай, отун-энергетикалык ресурстарын экспорттоодон жана алардын баа конъюнктурасынан көз каранды. 2004–2005-жылдардын статистикалык маалыматтары боюнча ИДПнын 2004-жылкы өсүүсү 7,1%, өнөр жай өндүрүшү – 6,1% га, айыл чарбасы – 1,6% га, курулуш 14,3% ке, ИДПнын 54% ын ээлеген тейлөө чөйрөсү 7% га өскөн.

**4. Россиянын өнөр жайынын географиясы.** Россия ири өнөр жайлуу илимий жана агрардык мүмкүнчүлүгү чоң, жаратылыш ресурстарына бай индустриялуу агрардык өлкө. Азыркы учурда ал рыноктук, социалдык багытты көздөгөн экономикага өтүп жатат. Россия Федерациясында минералдык отундун бардык түрү, биринчи кезекте нефть жана жаратылыш газы өндүрүлүп алынат. Нефтинин $^2/_3$ бөлүгү жана жаратылыш газынын 90% ы Батыш Сибирден өндүрүлөт. Батыш Сибирден 1960-жылдардан тартып 300гө жакын нефть жана газ кендери табылган. 1980-жылы бул жерден 312 млн *т*, 1991-жылы 329 млн *т* нефть өндүрүлгөн. Кийин 200 млнго чейин кыскарып барып, азыр кайра көбөйө баштады. Экинчи нефть өндүрүүчү район Волга-Урал бассейндери. Анда да нефтти өндүрүү 1990-жылдан баштап (105 млндон 80 млнго чейин) кыскарып, кайра көбөйө баштады. Бул аймакта нефтинин ири кендери Татарстанда, Башкыртстанда, Удмуртияда, Самара, Саратов облустарында жана Пермь крайында жайгашкан.

Газ – эң арзан пайдаланыла турган отун, ал өнөр жайында жана калктын керектөөсүндө кеңири пайдаланылат. Газдын өнөр жайлык запасы жана аны өндүрүү боюнча Россия дүйнөдө биринчи орунда турат. Жаратылыш газынын эң ири запасы – Батыш Сибирде (Уренгой, Ямбург, Заполярное, Ямал, Васюган, Харасев), андан азыраак Түндүк Кавказда, Уралда (Оренбург), Волга боюнда, Комиде, Якутияда, Сахалинде ж. б.

Азыркы учурда Россия – дүйнөдөгү эң ири нефть, газ продукцияларын өндүрүүчү жана экспорттоочу өлкөлөрдүн бири. 2004-жылы нефть өндүрүп алуу 459 млн тоннага, жаратылыш газы 633 млрд $м^2$ге жеткен. Тармакталган нефть куурлары, алардын ичинде экспортко нефть, газ чыгаруучу куурлар иштеп жатат. Балтика нефть куурлары курулууда, Сибирь-Ыраакы Чыгыш куурунун бир бутагын Кытайга жеткирүү долбоорлонууда. Балтика деңизинин түбү менен кеткен газ куурун куруу жөнүндө Германия менен сүйлөшүлгөн.

Ири көмүр бассейндери: Кузнецк, Печора, Түштүк Якут, Кан-Ачы ж.б. 2004-жылы 282 млн *т* көмүр казып алынган. Россиянын негизги көмүр базасы – Кузбасс, анын сапаты өтө жогору, коксталуучу таш көмүр. Кузбасстын көмүрүн негизинен Уралда, Сибирде жана КМШ өлкөлөрүндө пайдаланылат. Россияда казылган көмүрдүн 30% ке жакынын Кузбасс берет.

Кан-Ачы бассейниндеги күрөӊ көмүр катмарынын калыӊдыгы 80–100 *м* келип, ачык түрдө казылгандыктан баасы эӊ арзан. Негизинен ЖЭСтерде электр энергиясын алууга пайдаланылат.

Печора көмүр бассейни Россиянын европалык бөлүгүнүн түндүгүндө жайгашкан. Анын көмүрүнүн сапаты жогору, коксталат. Борбордук Россиянын керектөөлөрүн камсыз кылат. Түштүк Якутиянын көмүрү Японияга экспорттолот.


Борбордун, Түндүк-Батыштын, Волга боюнун, Түндүк Кавказдын, Уралдын, Сибирдин жана Ыраакы Чыгыштын бириктирилген энергия системалары иштеп жатат. Көп сандаган жылуулук станциялары менен катар атомдук станциялар жана кубаттуу Волга-Кама жана Енисей-Ангара гидроэнергетикалык каскаддары иштейт. Жылуулук станциялардын жалпы энергетикадагы үлүшү 70%, ГЭСтердики 18%, атомдук станциялардыкы – 12%. Электроэнергияны өндүрүү боюнча, Россия АКШ, Кытай, Япониядан кийин төртүнчү орунда турат. Жылына 834 млрд *кВт/с* электроэнергия иштелип чыгарылат. Жылуулук электр станциялары арзан отундун булагына жакын жерлерге жана шаарларга курулган. Шаарларда электр энергиясынан башка калкты жылуулук менен камсыз кылуу үчүн ЖЭБтер курулган.

Энергия өндүрүүнүн эӊ маанилүү тармагы – ГЭСтерди куруу. Волга-Кама гидрокаскадынын кубаттуулугу 14 млн *кВт*, Ангара-Енисей гидрокаскадынын Красноярск жана Саян-Шуша ГЭСтеринин ар биринин кубаттуулугу 6 млн *кВтдан* ашат, Братск жана Усть-Илим ГЭСтеринин ар биринин кубаттуулугу 4 млн *кВтты* түзөт.

Россиянын өнөр жайында салыштырмалуу зор маанидегиси – металлургия. 2007-жылы чоюн жана болот эритүүнүн деӊгээли 59,0 млн т жана 71,7 млн тоннага жетти. 1995-жылы Россия 40 млн *т* чоюн жана 51,5 млн *т* болот эриткен. Бул тармактын басымдуу продукциясы экспортко кетет. Кара металлургиянын үч негизги борбору бар – Урал, Борбор жана Сибирь. Уралда – Магинтогорск, Нижний Тагил, Челябинск, Новотроицк, Борбордо – Старый Оскол, Новотульск, Новолипецк, Сибирде – Новосибирск, Новокузнецк жайгашкан. Булардын баардыгы толук циклдеги ишканалар.

Түстүү металлдардын курамына жез, алюминий, коргошун, цинк, никель, кобальт, титан, вольфрам, молибден ж. б. кирет. Түстүү металлургиянын борборлору – Урал, Түндүк району, Сибирь жана Ыраакы Чыгыш. Жездин кени Уралда (Красноуральск, Ревда, Сибай, Гай), Сибирде (Удокан).

Коргошун, цинк Түндүк Кавказда, Кузнецкиде, Забайкальеде, Приморье крайында казылып алынат. Цинктин иштетилген жери – Челябинск. Алюминий заводдору Уралда (Североуральск, Каменск-Уралск), Түндүк-Батышта (Волхов) Волгоград, Красноярск, Братск, Ачинск, Новокузнецк шаарларында жана башка региондордо. Жайгашуусунун эӊ башкы шарты арзан



Металл иштетүү

өндүрүлгөн электр энергиясы. Никель-кобальт эритүү – Чыгыш Сибирде (Норильск), Уралда (Орск).

Иштетүүчү өнөр жайда да өсүү тенденциясы байкалууда. Машина куруу көп жерлерде тараган. Ал борбордо, Волга-Вятка районунда, Уралда, Волга боюнда, Түндүк-Батышта жана Батыш Сибирде жакшы өнүккөн.

Иштетүүчү өнөр жайдын негизги продукциялары – ар түрдүү машиналар, электр жабдуулары, электрондук жана оптикалык жабдуулар, кеме куруу, авиакаражаттарын куруу, транспорттук жабдууларды, химия жана коргонуу өнөр жайларынын жабдуулары.

Тоо-кен өнөр жайынын жабдууларын куруу Уралда, Батыш Сибирде, Түндүк Кавказда жайгашкан. Станок куруу, темир жолдук машина куруу (локомотивдер, вагондор) ири борборлорго ыкташат. Деңиз жана дарыя кемелерин куруу ири порттордо жайгашат. Машина куруучу ири борборлор: Москва, Санкт-Петербург, Казань, Самара, Воронеж, Саратов, Ростов-на-Дону.

Азыркы кезде Россияда жеңил машина Нижний Новгород, Ижевск, Москва, Миас, Ульяновск, Тольятти шаарларындагы заводдордон чыгарылат.

Эң маанилүү тармактардын бири химия өнөр жайы. Химия жана нефтьхимия өндүрүшүнүн негизги өнүккөн райондору – Борбор, Түндүк-Батыш, Волга бою, Урал жана Батыш Сибирь.

Россия токой-жыгач өнөр жай продукциясын экспорттоо боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда турат. Негизги өндүрүштүк күчтөр европалык Россиянын түндүгүндө, Волга-Вятка, Урал, Батыш Сибирь, Чыгыш Сибирь жана Ыраакы Чыгышта.

Жеңил өнөр жайы мурда жакшы өнүккөн тармактардан болгон. Өлкөдөгү пахтадан, зыгырдын буласынан токулган кездемелердин 80–90% ы Борбордук экономикалык райондо өндүрүлгөн. Чийки заттардын көбү Борбордук Азиянын өлкөлөрүнөн алынып келинген. Азыр бул тармак оор кризиске учурап, өндүрүш продукциясы кескин кыскарды. Анын негизги себеби – чийки заттардын ташылып келишинин татаалданышы, ошондой эле Батыш Европадан даяр товарлардын келиши күчөп, конкуренцияга туруштук берүүнүн кыйындашы. Кээ бир шаарларда өндүрүш такыр токтоду.

**5. Айыл чарбасынын географиясы: жаратылыш шарты, негизги тармактары жана райондору.** Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып Россиянын айыл чарба өндүрүшү төмөндөй баштаган. Кийинки 7 жылда (2005-жыл менен кошо) бул тармакта оң тенденциялар байкала баштады. 2005-жылы айыл чарба продукциясы 26% га өстү. Айыл чарбасынын дүң продукциясынын 55,4% ын дыйканчылык, 44,6% ын мал чарбачылыгы берген. Ошол жылкы 78,9 млн *га* айдоо аянтына дан, кант кызылчасы, күн карама, картошка, зыгыр айдалган. Дандан 78,1 млн *т*, кант кызылчасынан 22 млн *т*, күн карамадан 4,8 млн *т*, картошкадан 38,0 млн *т*, зыгыр буласынан 60 мин *т* түшүм алынган. Ири мүйүздүү малдын башы 23 млнго, чочконун башы 13,4 млнго, кой жана эчкинин башы 17,8 млнго жеткен (2005-жылкы маалыматтар).



Мал чарбасы

Россиянын аймагынын жаратылыш шарттарына жараша дыйканчылыгы менен мал чарбачылыгына зоналдуулук мүнөздүү. Мисалы, тундра жана токойлуу тундрада чарбанын негизги адистешүүсү – бугучулук, аңчылык жана балык уулоо. Тайгада мал чарбачылыгы, аңчылык, түштүк жагында дыйканчылык (зыгыр, кара буудай, сулу, арпа өстүрүү) өнүккөн.

Россиянын европалык бөлүгүнүн токойлуу талаа зонасынын айыл чарбага жарактуу жерлери 50%га жетет. Ал жерлерде буудай, техникалык өсүмдүктөр, күн карама, жүгөрү, тамыры тоют өсүмдүктөр, картошка өстүрүлөт. Мал чарбасынан бодо мал, чочко, үй канаттуулары багылат. Талаа жана токойлуу талаа зоналары – Россиянын негизги дыйканчылык региондору. Волга бою, Урал, Батыш Сибирдин түштүгү – буудай, жүгөрү талаалары. Табигый жайыттарда бодо мал, кой-эчки багылат. Чөл жана жарым чөл зонасында эт-жүн багытындагы койлор асыралат. Тоолордо да мал чарбасы басымдуулук кылат.

Азыркы учурда Россиянын айыл чарбасында калктын 13,5%ы эмгектенет. Агрардык реформалардын негизинде мурдагы колхоз, совхоздор таратылып, жер менчиктештирилип элет жеринде социалдык жана түзүлүштөрүнүн өзгөрүүлөрү жүрүп жатат.

**6. Транспорттун географиясы: негизги магистралдары жана жол тоомдору. Тышкы соода иштери.** Россиянын темир жолунун узундугу 85 миң *км*, автомобиль жолунуку – 738 миң *км*, ички суу жолдорунун узундугу 102 миң *км*, булардан башка аба жолдору, нефть жана газ куурлары жана электр тогун өткөрүүчү зымдар өлкөнүн транспорт системасын түзөт. Чарбанын башка тармактарындай эле транспорт дагы өткөн кылымдын 90-жылдарында кризиске учураган. Кийинки 5–6 жылдардын ичинде бул тармакта да өсүү байкалууда.

Россиянын транспортунун негизги түрү – **темир жол** транспорту, анын $^1/_3$ бөлүгү электрлештирилген. Биринчи темир жол – Санкт-Петербург – Москва 1851-жылы ишке киргизилген. 1864-жылы Москва – Нижний Новгород, кийин Москва – Рязань, Санкт-Петербург – Гродно – Варшава жолдору ишке киргизилген.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында өлкөнүн батышын чыгышы менен туташтырган, узундугу 9332 *км* болгон Москва – Владивосток (Транссибирь) темир жолу курулган. Кийин Транссибирден түндүгүрөөк Түштүк Сибирь, Орто Сибирь, Түндүк Сибирь (Тюмень – Сургут – Уренгой) магистралдары курулган. Өткөн кылымдын 80-жылдарында Усть-Куттан Комсомольск-на-Амуре шаарына чейинки (3145 *км*) БАМ магистралы курулган. Ал жолдон бутактап кеткен темир жолдор Сибирдин бай жаратылыш ресурстарын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Ошону менен бирге Трансибирь аркылуу Россия Кытай, Монголия жана КЭДР менен байланышат.

Россиянын чек аралары 14 деңиз менен чектешет. Ошондуктан **деңиз жолдорунун** ролу да чоң. Бирок, океанга чыгуу мүмкүнчүлүгү азыр мурдагыдан бир аз начарлады. Мурда СССР пайдаланган Балтика жана Кара деңиздердеги портторду Россия толук колдоно албай калды. Каспий деңизи да көп өлкөлөргө бөлүнүп кетти. Белгилүү портторго – Мурманск, Архангельск, Санкт-Петербург, Новороссийск, Находка, Владивосток кирет.

**Ички суу жолдорунун** да жүк ташууда мааниси зор. Россиянын ички суу жолдорунун эң маанилүүсү Волга-Кама агымы (жүк ташуунун 40%ы). Дарыя системалары Волга-Балтика, Ак деңиз-Балтика жана Волга-Дон каналдары аркылуу бирдиктүү суу жолдорунун системасына айланган. Москвадан бардык деңиздерге чыга турган суу жолдору бар.

Сибирдин ири дарыялары – Енисей, Лена, Обь, Амур куймалары менен транспорттук зор мааниге ээ. Навигация мезгили кыска болгону менен транспорттун башка түрлөрү өнүкпөгөн Сибирдин жана Ыраакы Чыгыштын аймагында бул дарыялардын транспорттук мааниси өтө зор.

Россиянын транспорт системасында **куур транспорту** чоң мааниге ээ. Азыр бул тармакка жүк ташуунун 29%ы таандык. Түтүк аркылуу негизинен нефть жана газ өндүрүлүп алынган жерден керектөөчү жерге чейин жөнөтүлөт. Азыр Россияда 213,7 миң *км* магистралдык куур курулган жана аларды куруу уланып жатат. Учурдагы курулган жана курула турган куурлар Батыш Европаны карай багытталып, Россиянын нефть жана газ экспортун камсыз кылат.

**Автомобиль транспорту** бардык жерде тараган. Өзгөчө транспорттун башка түрлөрү өнүкпөгөн, жаратылыш шарты катаал райондордо кеңири пайдаланат. Россиянын автомобиль жолдорунун узундугу 900 миң *км*, анын ичинде асфальт төшөлгөнү 745 миң *км*. Бул жолдордун басымдуу бөлүгү европалык бөлүгүндө. Автомобиль жолдорунун сапаты боюнча Батыш Европадан артта.

**Аба транспорту** негизинен жүргүнчүлөрдү ташуу, баалуу жана жеңил жүктөрдү тез жеткирүү ишинде колдонулат. Ички чоң шаарларды (Москва, Санкт-Петербург, Новосибирск, Владивосток ж. б.) чет элдик негизги шаарлар менен байланыштырат.

**7. Тышкы экономикалык байланыштары.** СССРдин кыйрашынан экономикалык байланыштар үзүлгөндөн кийин, Россиянын тышкы соодасы өткөн кылымдын 90-жылдарында терең кризиске учураган.

Бирок, азыркы учурда Россиянын экономикасында көп оң жылыштар болуп, дүйнөлүк рынокто улам жогорку орундарды ээлей баштады. Азыр дүйнөнүн 50дөн ашык мамлекети менен Россиянын соода байланышы бар. Россия Федерациясынын субъектилери (республикалар, крайлар, облустар) жана чоң ишканалар өз алдынча тышкы соода ишин жүргүзүү укугуна ээ болду. Өлкөнүн экспортунун 40%дан ашыгы ЕСтин өлкөлөрүнө туура келет.

Тышкы сооданын географиясы өзгөрүп, мурдагы социалисттик өлкөлөрдүн ордуна Батыш Европанын өнүккөн өлкөлөрүнө багытталды. Азыркы Россиянын негизги соода шериктери ГФР, Франция, Улуу Британия, АКШ, Кытай, Япония, Италия, Испания. Бул өлкөлөргө тышкы сооданын жарымынан көбү туура келет.

Тышкы сооданын товардык түзүлүшү да көп өзгөрүүгө учурады. Россиянын экспортунун көбү минералдык продуктулар (нефть, газ, көмүр, нефть продуктулары, жыгач ж. б.). 2000-жылы Россия чет өлкөлөргө 116 млн *т* иштетилбеген нефть (андан башка 19 млн *т* КМШ өлкөлөрүнө), 205 млрд $м^3$ жаратылыш газын, 21 млн *т* көмүр чыгарган. Бул экспорттун жылдан-жылга көбөйүүсүнө азыркы курулуп жаткан – Россиядан ГФРге Балтика деңизинин түбү менен түз тартылган газ кууру, узундугу 4000 кмден ашкан Ыраакы Чыгышты карай тартылган нефть кууру жана Балкан өлкөлөрүн карай тартыла турган нефть кууру себеп болмок.

Экспорттук товарлардын ичинде экинчи орунда чала-фабрикаттар жана чийки заттар – металлдар, химикаттар, ошондой эле машина куруу продукциялары.

Импорттук товарлардын түзүлүшүн машиналар, жабдуулар, транспорт каражаттары жана калкка керектелүүчү өнөр жай товарлары түзөт.

2000–2005-жылдарда Россия Федерациясында жана дүйнөлүк масштабдагы рынокто да туризмдин өнүгүүсү байкалууда. 2004–2005-жылдарда чет элдиктердин Россияга келгенине караганда Россиядан четке чыккан туристтердин саны көп болду. 2005-жылдын 1-кварталында Россияга келген туристтердин саны 4280,8 миң болсо, ошол эле мезгил ичинде четке чыккан туристтердин саны 4824,8 миң болуп, 2004-жылдын ошол мөөнөтүнө салыштырганда 15%га өскөн.

Россия 11 ири экономикалык районго жана обочо жайгашкан Калининград облусуна бөлүнөт. Россиянын Украина, Белоруссия жана Балтия өлкөлөрүнөн чыгышты карай Уралга чейин жайгашкан бөлүгү жакшы өнүккөн, калк жыш отурукташкан. Мындагы 8 экономикалык район, Калининград облусун да камтып, шарттуу түрдө Батыш бөлүккө (зонага), Уралдан Тынч океанга чейин Батыш Сибирь, Чыгыш Сибирь жана Ыраакы Чыгыш экономикалык райондору Чыгыш бөлүккө (зонага) кирет. Батыш зонасында өлкөдөгү калктын 80%га жакыны топтолгон өндүрүштүн басымдуу бөлүгү жайгашып, илимий потенциалы бир кыйла жогору. Илимди көп талап кылуучу өндүрүшү жана жаратылыш ресурстарынын өздөштүрүү деңгээли кыйла өнүккөн.

Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин натыйжалуу пайдаланып, өндүрүштү ургаалдаштыруу, өнүгүүнүн социалдык факторлорунун ролун көтөрүү Батыш зонанын райондорунда аймактык уюштурууда жакшы жолго коюлган.

**Москва** – Россия Федерациясынын эң ири саясий-административдик, өнөр жай, транспорттук, илимий жана маданий борбору. Калкынын саны боюнча (8,6 млн киши) өлкөдө биринчи орундагы шаар; тегерегиндеги майда шаарлар менен бирге Москва шаар агломерациясында 12,5 млн киши жашайт.

Москва шаары Волга жана Ока дарыяларынын аралыгында Москва дарыясынын жээгинде жайгашкан. Шаар жөнүндө орус жыл баяндарында 1147-жылдан белгилүү.

Москва – эң зор транспорт түйүнү. Андан 11 жакка багытталган темир, автомобиль жолдору чыгат, ири дарыя порттору жана аэропорттор жайгашкан. Өнөр жайында башкы ролду машина, станок жана автомобиль куруу тармактары ойнойт. Анда башка көптөгөн электротехника, электроника, прибор жасоо жана жеңил өнөр жай ишканалары жайгашкан.

Москвада 80ге жакын жогорку окуу жайы, 50дөн ашык музей, илим, көркөм академиялары, театрлар бар.

**Санкт-Петербург** – 1914-жылга чейин Санкт-Петербург, 1924-жылга чейин Петроград, 1991-жылга чейин Ленинград, андан кийин кайрадан өзүнүн наамын алган шаар, 1703-жылы Нева дарыясынын чатында Фин булунунун жээгинде, дарыя жолу деңиз жолуна кошулган жерде Петр I тарабынан негизделген. 1712-жылдан 1918-жылдарга чейин Россия мамлекетинин борбору. 1918-жылы Совет өкмөтү мамлекеттин борборун Москвага которгон. Азыркы учурда 5 млнго жакын калкы бар.

Санкт-Петербург – Россиянын эң кооз шаары, Москвадан кийинки экинчи өнөр жайлуу шаар, транспорт түйүнү, илимдин жана маданияттын борбору. Шаар Россиянын индустриялуу, илимий-техникалык борборлорунун бири. Бул жерде советтик алгачкы трактор, гидротурбиналар жасалган. 40тан ашык жогорку окуу жайы, бир канча илим-изилдөө институттары, музейлери, театрлары бар.

**Чыгыш зонасынын** аянты 12,8 млн *км*² же болбосо Батыш зонанын аянтынан дээрлик үч эсе чоң, өлкөнүн калкынын 20%ы гана жашайт. Жаратылыш шарты катаал болгону менен ресурстарга өтө бай. Мисалы, бул зонада өлкөнүн отун-энергетикалык ресурстарынын 80%ы, токой-жыгач ресурстарынын 80%ы, суу байлыгынын 90%ы, гидроэнергоресурстарынын 75%ы, алмаз, түстүү металл, айрым химиялык чийки заттардын мол запасы топтолгон. Өлкөнүн экономикасында Чыгыштын ролу жылдан-жылга жогорулоодо. Зонадагы калктын 75%ы шаарларда жашайт. Калк сейрек жайгашкан, ар бир *км*² жерге 2,5 киши туура келет.

Чыгыш зонанын аймагынын басымдуу бөлүгүндө дайыма транспорттук система жетишсиз болуп келген. Кийинки мезгилдерде курулган БАМ – Усть-Куттан Комсомольск-на-Амуреге чейин 3145 *км*ге созулган. Ал Усть-Кут – Тайшет жолу аркылуу Транссибирь темир жолу менен туташып,

чыгышта Комсомольск-на-Амуре – Советская Гавань жолу аркылуу Тынч океанга чыгат. БАМдан бутактап кеткен кыска жолдор жаратылыш байлыгы мол аймактардын ресурстарын өздөштүрүүгө мүмкүндүк түзөт.

Чыгыш зонанын өздөштүрүлүшү Батыш Сибирдин түштүгүнөн башталган. Кузбасстын көмүрү менен Уралдын темиринин негизинде Урал – Кузнецк комбинаты (УКК) курулган. Азыр болсо Батыш Сибирдин түндүгүндөгү нефть менен газ кендерин ургаалдуу өздөштүрүү иштери жүрүп жатат.

Россиянын аймагы чарбасынын адистешүүсү жана эмгектин аймактар боюнча бөлүнүшүнүн негизинде 11 экономикалык районго бөлүнөт: Борбор, Кара топурактуу Борбор, Волга-Вятка, Түндүк, Түндүк-Батыш, Волга бою, Түндүк Кавказ, Урал, Батыш Сибирь, Чыгыш Сибирь, Ыраакы Чыгыш жана өзүнчө райончо катары – Калининград облусу каралат.

## § 28. Казакстан Республикасы

**1. Жалпы маалымат.** Казакстан Евразия материгинин борбордук бөлүгүндө жайгашкан мамлекет. КМШнын аймагында аянты боюнча Россиядан кийинки экинчи өлкө. Анын аянты 2724,9 миң *км*². Батышта Каспий деңизинен чыгышта Алтай тоолоруна чейин 3 миң *км*ге, түндүктөн түштүктү карай 1,9 миң *км*ге созулат. Түндүгүнөн жана батышынан Россия, чыгышынан Кытай, түштүгүнөн Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан менен чектешет. Борбор шаары – Астана шаары (калкы 528 миң). Ал мурда Акмоло, кийин Целиноград аталып, 1997-жылдан Казакстан Республикасынын борбору деп жарыяланып, Астана аталган. Аймактык-администрациялык түзүлүшү боюнча 14 облуска бөлүнөт. Эң чоң шаары – Алматы (1 млндон ашык калкы бар).

Мамлекеттик түзүлүшү боюнча президент башкарган укуктук демократиялык республика. Мамлекет башында президент турат. 1991-жылы 25-октябрда СССРдин курамынан чыгып, эгемендүү мамлекет болуп жарыяланган.

Калкы 15,1 млн (2004-ж). Улуттук курамын казак (50,6%), орус (32,2%), украин (4,5%), немец (1.9%), өзбек, татар, уйгур ж. б. түзөт. Бардыгы Казакстанда 100дөн ашык улут жашайт. Калкынын орточо жыштыгы: 1 *км*² жерге 6 киши туура келет, бирок алар бирдей жайгашкан эмес. Калк жыш отурукташкан региондор – түштүктө, тоо этектерине жакын жайгашкан.

**2. Чарбасы.** Казакстан жаратылыш ресурстарына бай, Менделеевдин таблицасындагы 105 элементтин 99у Казакстандын жеринен табылган. Анын ичинен 70 элементтин запасы аныкталып, 60 элементи өндүрүштө пайдаланылат. Республика цинктин, вольфрамдын, бариттин, күмүштүн, коргошундун, хромиттин, жездин, молибдендин, алтындын запастары боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарды ээлейт.

Өлкөнүн батыш жагындагы райондордо нефтинин, жаратылыш газынын ири кендери ачылган. Нефтинин жана анын конденсатынын такталган запасы – 2,8 млрд *т*, газдыкы – 1,9 трлн $м^3$, 1995-жылы 20 млн *т* нефть өндүрүлүп алынса, 2000-жылы 40 млн *т*га жеткен, ал эми 2014-жылы нефть өндүрүп алууну 120–170 млн тоннага жеткирүү пландалган.

Өнөр жайдын жетектөөчү тармагы – тоо-кен өнөр жайы. Түстүү металл чыккан жана иштеткен региондору: Борбордук Казакстан, Түштүк Казакстан жана кенташтуу Алтай. Борбордук Казакстандагы Жезказган, Балкаш жана Карсакпай комбинаттары жез эритүүнүн борборлору. Түштүк Казакстанда Ачысай жана Текелик кенташ комбинаттары иштейт. Кенташтуу Алтайдан алынган коргошун, цинк, күмүш, титан ж. б. металлдар Усть-Каменогорскинин заводдорунан эритилип алынат. Павлодар облусунда алюминий эритүүчү завод курулуп жатат.

Кара металлургиянын продукциясы боюнча Казакстан Россия менен Украинадан кийинки үчүнчү орунда турат. Карагандынын металлургиялык комбинаты өткөн кылымдын 60–70-жылдарында Темиртау шаарында курулган. Карагандынын коксталуучу көмүрү менен Костанай облусунан келген темир кенташынын негизинде иштейт.

**Көмүр казып алуу боюнча** Казакстан КМШда Россия менен Украинадан кийинки үчүнчү орунда. Карагандынын көмүрү өз өлкөсүнөн башка Россияга, Борбордук Азия өлкөлөрүнө экспорттолот. Экибастуз көмүр бассейнин Казакстандын экономикасындагы мааниси зор. Анда көмүр ачык түрдө казылат, көмүр катмарынын калыңдыгы 100 *м*ге жетет.

Дүйнөдө көрүнүктүү орунду Тенгиз нефть кени ээлейт. Аны иштетүү Россия жана чет элдик фирмалардын жардамы менен жүргүзүлүп жатат. Келечекте Россиянын Новороссийск порту аркылуу нефтини чет өлкөлөргө чыгаруу пландалган. Чыгыш жана түштүк аймактарын нефть продуктулар менен камсыз кылуу үчүн Павлодар жана Чымкент шаарларында нефть иштетүүчү заводдор курулган.

Электр-энергетика көбүнчө ЖЭСтерден өндүрүлөт. Тоолуу аймактарга жакын бир нече ГЭС курулган: Иртыш дарыясында Усть-Каменогорск жана Бухтарма, Или дарыясында Капчыгай ГЭСтери иштеп жатат. Актау шаарында Шевченко АЭСи курулган.

Химия өнөр жайы нефть, газ жана металлургиянын калдыктарын пайдаланып иштейт. Өлкөнүн түштүгүндө Каратау фосфорит кенинин базасында фосфорит жер семирткичтерин чыгаруу уюшулган.

Машина куруу өнөр жайында тоо-кен жабдууларын чыгаруучу Карагандa жана Усть-Каменогорск заводдору, Павлодарда трактор заводу, ири айыл чарба машиналарын куруучу заводдор Астанада жана Петропавловск шаарларында иштейт.

Айыл чарбасы ИДПнын 9% ын гана берет. Агрардык сектор көбүнчө түндүк облустарында жакшы өнүккөн. Анда дан эгиндерин өстүрүү (2000-жылы 16 млн *т* өндүрүлгөн) жана мал чарбачылыгы өнүккөн. Казакстан дүйнөдө дан эгиндерин экспорттогон он өлкөнүн ичине кирет (жылына 3,8 млн *т* эгин чыгарат). Өлкөнүн түштүгүндө сугат менен дыйканчылык, жүзүмчүлүк өнүккөн жана эт-жүн багытындагы койлор багылат.

Темир жолунун узундугу 14,5 миң *км*, автомобиль жолунуку – 83,3 миң *км*. Каспий деңизинде кеме каттайт, негизги порттору Актау жана Бактино.

Өткөн кылымдын 90-жылдарында өлкөдө ири масштабдуу реформа жүргүзүлүп, менчиктештирүү башталган. 2004-жылы жеке менчик 80% га жеткен. 1993-жылдан баштап ири ишканалардын баары чет элдик инвесторлордун башкаруусуна берилип, Казакстандын экономикасына 30 млрд АКШ долларынан ашык түз инвестициялар келген.

Кийинки жылдарда Казакстандын экономикасы тез өнүгүп жатат. 1999–2004-жылдарда ИДПнын орточо өсүшү жылына 10% болуп, аны киши башына бөлүштүргөндө 1993-жылы 700 доллардан 2004-жылы 2500 АКШ долларына жеткен. Инфляциянын деңгээли 6,9%.

Астана – Казакстандын борбор шаары. Ишим дарыясынын жээгинде жайгашкан. 1830-жылы Ишим дарыясынын кечмелигинин тушуна чеп курулуп, Акмоло аталган. 1961-жылга чейин Акмолинск, 1992-жылга чейин Целиноград, 1997-жылга чейин Акмоло аталган. 1997-жылдын декабрында Казакстандын борбору Алматы шаарынан Акмолого которулуп, шаардын аты Астана деп коюлган. 1995-жылы калкы 280 миң болсо, 2005-жылы анын саны 528 миңге жеткен.

Алматы – Казакстандын эң чоң шаары жана «экономикалык» борбору. Өлкөнүн түштүк-чыгышында Иле кырка тоосунун түндүк этегинен, 650–850 *м* бийиктикте орун алган, 1921-жылга чейин Верный аталган. 1997-жылга чейин Казакстандын борбор шаары болгон. Өлкөнүн өнөр жай жана маданий борбору.

## § 29. Украина

**1. Жалпы маалымат.** Украина – КМШдагы ири мамлекеттердин бири. Чыгыш Европадан орун алган. Россия, Беларуссия, Молдавия, Польша, Словакия, Венгрия жана Румыния менен чектешет. Аймагы 603,7 миң *км*$^2$. Борбору – Киев шаары (калкы 2630 миң). Кара жана Азов деңиздерине эркин чыгуу мүмкүнчүлүгү өлкөнү дүйнөлүк соода жолдоруна байланыштырат. Аймактык-административдик жактан Украина 24 облуска жана Крым Автономия Республикасына бөлүнөт. Ири шаарлары: Киев, Харьков, Днепропетровск, Донецк, Запорожье, Львов ж. б.

Калктын саны кийинки учурда жылдан-жылга кыскарууда. Мисалы, ал 1990-жылы 52 млн, 1995-жылы 51,3 млн, 2000-жылы 49,1 млн, болсо, 2005-жылкы маалымат боюнча 47,28 млнго чейин кыскарган. Калктын орточо жыштыгы – 1 $км^2$ жерге 79 киши туура келет. Полесьеден башка бардык аймактарда калк негизинен бирдей таралган.

Украинада шаар калкы 68%, Донецк облусунда 90%, элет калкы басымдуулук кылган регион – Батыш Украина. Калктын 72%ын украиндер, 22%ын орустар түзөт. Калгандарынын ичинен еврейлерди, татарларды белгилөөгө болот.

**2. Чарбасы.** Украина жер ресурстарына бай. Жеринин кара топурактуулугу жана ыңгайлуу климаттык шарты – жерди өздөштүрүүнүн жогорку деңгээлине жана калктын жыш отурукташуусуна алып келген.

Украинанын жери кен байлыктарга бай. Донбастан жогорку сапаттагы ташкөмүр, энергетикалык көмүр Львов-Волынь бассейнинен, нефть жана газ Карпат тоолорунун этегинен, марганец рудасын Никопольдон, темир рудасын Кривой Рог жана Керчь бассейндеринен, түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдарды (цинк, сымап, коргошун, титан, магний, алюминий, циркоuний ж. б.), күкүрттү, калий тузун ар кайсы региондордон алат.

Украина – индустриялуу-агрардык өлкө. Ал кубаттуу өнөр жай комплексине, көп тармактуу айыл чарбасына, курулуш индустриясына жана жогорку деңгээлдеги транспорт тармактарына ээ. Өткөн кылымдын 90-жылдарында СССР тарагандан кийин Украинанын экономикасы терең кризиске учурап, рыноктук экономикага өтүү учурунда көп кыйынчылыктарга дуушар болгон. Азыр акырындап рыноктук экономиканын жолунда чарбасы оңолуп келе жаткан мезгил. Мисалы, 1990-жылы 164,8 млн *т* көмүр казылып алынса, 1997-жылы 76,9 млн тоннага төмөндөгөн.

Отун-энергетикалык өнөр жайы көбүнчө көмүр жагуучу жылуулук станцияларга багытталган. Эң чоң ЖЭСтер Донецк-Днепр боюу экономикалык районунда курулган.

ГЭСтердин мааниси Украинанын электрэнергиясында чектелүү. Днепр дарыясында курулган станциялардын жалпы кубаттуулугу 8 млн *кВт/с*.

Украинада бир нече АЭС курулган. 1986-жылы Чернобыль АЭСинде өтө коркунучтуу авария болгондон кийин жаңы АЭСтерди ишке киргизүү токтотулган.

Кара металлургия Украинанын өнөр жайынын эң өнүккөн тармагы. Коксталуучу көмүрдүн жана жогорку сапаттагы темир рудасынын болушу кубаттуу металлургиялык базаны түзүүгө, ошону менен катар металлды көп талап кылуучу машина куруу тармагынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Кара металлургиянын борборлору болуп Донецк, Днепр боюу (Днепропетровск, Кривой Рог, Запорожье, Днепродзержинск), Азов деңизинин боюу эсептелет.

Түстүү металлургияда – алюминий, титан, магний, сымап, цинк, жарым өткөргүч материалдарды, сейрек кездешүүчү металлдарды өндүрүү өнүккөн.

Машина куруунун негизги тармагы тоо-кен жана металлургия өнөр жай тармактарынын жабдууларын, энергетика машиналарын, электр техника жабдууларын жана станокторду куруу, анын ичинде сандык башкаруучу станокторду, робот техникасын, автоматташтырылган тизилмелерди жана комплекстерди куруу жакшы өнүккөн; прибор жасоо, радиоэлектроника өнөр жайы, транспорттук машина, авиация өнөр жайы, кеме куруу, айыл чарба машиналарын куруу жакшы жолго коюлган. Химия өнөр жайы минералдык жер семирткичтерди, күкүрт кислотасын чыгарууга багытталган.

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 2004-жылы 2003-жылга караганда 12,5%га, ИДПнын көлөмү 12%га өскөн; ал эми ИДПны киши башына бөлүштүргөндө туура келген көлөмү 950 АКШ долларын түзгөн.

Украинанын кубаттуу өнөр жайы ургаалдуу өнүккөн айыл чарбасы менен айкалышкан. Экономикада агрардык өнөр-жай комплекси эң маанилүү орунду ээлейт. Айыл чарбасы дан эгиндерин, кант кызылчаны, күн карамany өстүрүүгө адистешкен. Дыйканчылыктын ургаалдуу өнүгүүсүнө күрдүү кара топурак, мээлүүн климат, калктын жыш отурукташы ыңгайлуу шарт түзөт.

Украинанын айыл чарбага жарактуу жери 41,9 млн *га*. 1990-жылы 51,0 млн тонна эгиндин түшүмү жыйналса, 1997-жылы ал 35,5 млнго төмөндөгөн. Айыл чарбасынан түшкөн дүң кирешенин 45%ын дыйканчылык берет. Айыл чарбасы акырындап жогорулоонун үстүндө, 2004-жылы 2003-жылга караганда продукциянын жалпы көлөмү 19,1%га өскөн.

Украинанын транспорт системасында темир жолдун мааниси зор, анын жалпы узундугу 20 миң *км*, автомобиль жолунун узундугу 100 миң *км*ден ашык. Деңиз порттору жана аба жолдору Украинаны 80 өлкө менен байланыштырат. Ички суу жолдорунун узундугу 4,5 миң *км*.

Украина рекреациялык ресурстарга да бай. Крымдын түштүк жээгинде эл аралык маанидеги бир нече курорт шаарлар бар. Карпат тоолору да эс алуучулар үчүн ыңгайлуу жаратылыш шарты менен айырмаланат.

Эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшүндө чарбасынын өнүгүү деңгээли боюнча Украина үч экономикалык районго бөлүнөт: Донецк – Днепр бою, Түштүк – Батыш жана Түштүк.

Киев – Украинанын борбор шаары, Днепр дарыясынын боюнда жайгашкан. Ал жөнүндө алгачкы дарек 860-жылкы жыл баяндарында кездешет. 862-жылдан баштап бириккен Орус мамлекетинин борбору болгон. 1934-жылдан тартып Украина Республикасынын, 1991-жылдан эгемендүү Украинанын борбору. Калкы – 2630 миң (1996-ж.). Киев – өлкөнүн ири индустриалдуу, илимий жана маданий борбору. Мында ар кыл машина, самолёт, деңиз жана дарыя кемелерин куруу заводдору иштейт. Өзгөчө ал приборлорду, эсептөөчү машиналарды жана медициналык аппараттарды чыгаруу менен белгилүү.

## Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) Россияда темир жол курулушу XIX кылымдын орто ченинде башталган. Биринчи темир жол орус падышаларынын жайкы резиденциясы болгон Царское Село менен Санкт-Петербургдун ортосунда курулган (1837-ж). 1851-жылы Санкт-Петербург – Москва жолу ишке киргизилген.

2) Россия Федерациясынын автономия республикаларынын ичинен аймагынын аянты боюнча эң чоңу – Саха Республикасы (Якутия, 3103,2 миң $км^2$), эң кичинеси – Адыгэ (7,6 миң $км^2$). Калкынын саны боюнча эң чоң республика – Башкыртстан (калкы – 4078,8 миң), эң кичинеси – Алтай (203,9 миң).

3) Казакста́ндын калкы 1959-жылы – 9,3 млн 1987-жылы – 16,24 млн 2000-жылы – 16,7 млн 2004-жылы 15,1 млн болгон. Өткөн кылымдын 60-жылдарындагы кескин көбөйүү дың жерлерди өздөштүрүү менен байланышса, кийинки жылдардагы азаюу, Казакстан эгемендүү өлкө болгондон кийин орустар менен немецтерди́н тарыхый мекенине менен байланышкан.

4) СССР тараар алдында (1987-ж.) өлкөдө 624 млн *т* нефть өндүрүлгөн. Анын 415 млн тоннасы Батыш Сибирден алынган. **1997-жылы** Россияда нефть өндүрүү 309 млн тоннага төмөндөгөн, анын ичинде Батыш Сибирдин нефтиси 200 млн тоннаны гана түзгөн. 2004-жылы Россияда 459 млн *т* нефть өндүрүлгөн.

5) Жаратылыш газынын өнөр жайлык запасы (24%) жана аны өндүрүү (33%) боюнча Россия дүйнөдө биринчи орунда. Россия бул отундун түрү боюнча Европада монополист болуп саналат. Газ өндүрүү 1990-жылдан бери көп төмөндөгөн эмес. 1997-жылы ал 544 млрд $м^3$ болсо, 2004-жылы 633 млрд $м^3$ге жеткен. Анын 216 млрд $м^3$ Батыш Европа өлкөлөрүнө экспорттолот.

6) Таш көмүрдүн өнөр жайлык запасы боюнча Россия дүйнөдө Кытайдан кийин экинчи орунда. 1991-жылы 345 млн *т*, 1995-жылы – 263 млн *т*, 1999-жылы – 249 млн *т*, 2004-жылы – 282 млн *т* көмүр казылып алынган. Бул айырмачылыктар өткөн кылымдын 90-жылдарындагы кризистерге байланыштуу. Азыркы учурда көмүр казып алуунун көлөмү жылдан-жылга өсүүдө. 20 млн *т* дан ашык көмүрдү Россия экспортко чыгарат.

7) 1648–54-жылдардагы украин элинин түрктөр менен поляктарга карата боштондук күрөшү, алардын Россияга кошулушу менен аяктаган. Днепрдин сол жээгиндеги Украина Россиянын курамына автономия катары кирген. Түштүк Украина менен Оң жээктик Украина Россиянын курамына XVIII кылымдын аягында кирген. 1939–40-жылдары Батыш Украина, Түндүк Буковина жана Бессарабиянын бир бөлүгү УССРге кошулган. 1945-жылы Закарпатия Украинасы, 1954-жылы Крым кошулуп, азыркы Украинанын аймагы калыптанган.

8) Негизги газ куурларынын көбү Батыш Сибирдин нефти, газ чыккан провинциясынан, Волга боюнан, Уралдан Россиянын Европалык бөлүгүн карай салынган. Алар Борбордук Россияны, Балтия республикаларын,

Белоруссияны, Украинаны, Молдавияны, андан ары Батыш Европаны газ менен камсыз кылып турат. Газ кууурларынын Россия менен КМШдагы узундугу 220 миң *км*. Учурда Балтика деңизинин түбү менен ГФРге чейин, Кара деңиздин түбү менен Болгариянын порт шаары Бургаска чейин газ кууурларын куруу башталды.

9) 1913-жылы темир кенташын казып алуу жана кара металлургия продукциясынын көлөмү боюнча Россия дүйнөдө (АКШ, ГФР, Улуу Британия жана Франциядан кийин) бешинчи орунда турган. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунда кара металлургия боюнча СССР биринчи орунга чыккан. 2004-жылы Россия 34,7 млн *т* чоюн, 43,7 млн *т* болот эритип, дүйнөдө төртүнчү орунду (Кытай, Япония жана АКШ дан кийин) ээлейт.

10) КМШ өлкөлөрүнүн ичинен нефть өндүрүү тез өсүп жаткан өлкө – Казакстан. 1995-жылы 30,8 млн *т* нефть өндүрүлсө, 2000-жылы 40 млн тоннага жеткен, ал эми 2014-жылга чейин 120–170 млн тоннага жеткирүү пландалган. Мурда Россиянын негизги нефть базасы Баку болгон, 2005-жылы Азербайжан 15,5 млн *т* нефть өндүргөн.

11) Түркмөнстандын чарбасынын жетектөөчү тармагы – отун-энергетика. Жаратылыш газынын запасы жана аны өндүрүү боюнча КМШда Россиядан кийинки экинчи орунда турат. Газ өнөр жайынын борборлору – Шатлык жана Май. Газдын өнөр жайлык запасы – 13 трлн $м^3$; 2004-жылы 58 млрд $м^3$ газ өндүрүлгөн, анын ичинен 42 млрд $м^3$ көлөмдөгү газ экспорттолот.

12) Өзбекстандын айыл чарбасынын негизин сугат жерлерде өстүрүлгөн пахтачылык түзөт. Дүйнөдө пахтанын түшүмү боюнча Өзбекстан 5-орунда, ал эми пахта буласын экспорттоо боюнча 2-орунда турат. Пахтачылык өнүккөн региону – Фергана өрөөнү, андан тышкары Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя, Зеравшан жана Чырчык өрөөндөрүндө да өстүрүлөт.

13) Грузия СССРдин убагында субтропик өсүмдүктөрүнүн продукциясы менен камсыз кылган республика болгон. Ал өсүмдүктөрдүн негизгилеринин бири – чай. Өз алдынчалыкты алганга чейин СССРдин чайга болгон муктаждыгынын 90%ын Грузия камсыз кылган. Азыркы кезде жерди иштетүү маданияты төмөндөп, жер семирткичтердин жоктугунан, элдин эмгекти азыраак талап кылган өсүмдүктөрдү өстүрүүгө өтүшүнө байланыштуу чай өстүрүү иши начарлаган.

14) 1920-жылдын августунда Казакстандын аймагы Кыргыз АССРнин курамында түзүлүп, РСФСРге караган. 1925-жылы гана ал Казак АССР и болуп өзүнчө бөлүнгөн. 1936-жылы 5-декабрда СССРдин курамындагы союздук республика болгон.

15) КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Арменияда гана бир улут басымдуу, анын 95,7% армяндар. Ээлеп турган аянты боюнча Армения КМШдагы эң чакан өлкө, анын аянты 29,8 миң $км^2$, калкынын саны – 3,21 млн. (2001-ж.), 1987-жылы – 3,41 млн 1998-жылы 3,42 млн орточо жыштыгы 1 $км^2$ге – 112 киши. Азыркы кезде калктын өсүшү тескери мааниде. Шаар калкы 70%га жакын.

### Билимге жана билгичтиктерге ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. 9-класстын атласын пайдаланып, КМШ өлкөлөрүнүн кайсынысы кандай кендерге бай экендигин аныктагыла. Кен байлыктардын өлкөлөр боюнча таралышын талдап, алардын «комплекстүү» же «комплекстүү эместигин» аныктагыла.
2. Окуу китептеги тексттин негизинде, 9-класстын атласындагы Россиянын физикалык картасын, жер, суу жана агроклиматтык ресурстардын карталарын пайдаланып, Россиянын айыл чарбасынын өнүгүшүнө мүнөздөмө бергиле.
3. 9–10-класстардын атластарындагы дүйнөнүн жана Россиянын калкынын таралышы жөнүндөгү карталарды пайдаланып, КМШ өлкөлөрүнүн эли кайсы тил түркүмдөрүнө кирээрин аныктагыла. Калктын көпчүлүгү кайсы тил түркүмүнө кирээрин аныктап, дептериңерге түшүргүлө.
4. 9-класстын атласындагы Россиянын экономикалык-географиялык картасына жана окуу китебиндеги КМШ өлкөлөрүнүн мүнөздөмөсүнө таянып, региондогу нефть жана газ өнөр жайларынын борборлорун аныктагыла. Негизги нефти жана газ өндүрүлгөн райондорду, аларды иштеткен жайларды жана негизги транспорт кууурларын атагыла.
5. Атластагы Россиянын картасынан ал кургактыкта кайсы мамлекеттер менен чектешээрин аныктагыла. Чектешкен өлкөлөрдүн саны боюнча аны Кытай Эл Республикасы менен салыштырып көргүлө.
6. Атластагы картаны пайдаланып, Россиянын ири өнөр жай борборлорун көргөзгүлө. Аларды салыштырып, кайсы борбор оор өнөр жайдын кайсы тармагына таандык экендигин аныктагыла. Ал борборлор кандай ресурстардын негизинде пайда болгондугу жөнүндө ойлонуп көргүлө.
7. Дүйнөнүн агроклиматтык картасын жана Россиянын экономикалык-географиялык карталарын пайдаланып, төмөнкүлөрдү аныктагыла:
   1) Россиянын аймагы кайсы агроклиматтык алкакта жайгашкан?
   2) Россиянын аймагы кайсы айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ылайыктуу?
   3) Дан эгиндерин өстүрүү кайсы жерлеринде топтолгон?
   4) Зыгыр айдоого кайсы региону ылайыктуу? Андай бөлүштүрүүнүн себептери жөнүндө ойлонуп көргүлө.
8. Атластагы КМШ өлкөлөрүнүн физикалык жана экономикалык-географиялык карталарын карап, Закавказье өлкөлөрү менен Борбордук Азия өлкөлөрүн салыштырып, аймагынын, калкынын санынын, айыл чарбасынын айырмачылыктарын тапкыла.
9. 1) Дептерге жазып иштөө. Россиянын өнөр жайы жөнүндө конспект түзгүлө.
   2) Контур карта менен иштөө. Окуу китебинин текстин жана сүрөттөрдү пайдаланып, дүйнөлүк рынокко Россия өзүнүн продукциясын чыгарган багыттарды контур картага түшүргүлө.
   3) КМШ өлкөлөрүнүн кайсынысына силердин баргыңар келет. Ошол өлкө боюнча эмне кызыктуу объектилер бар экендигин аныктагыла. Ал объекттерди өзүңөр көрүп келгендей кылып сүрөттөп жазып көргүлө.

4) Россиянын географиясын окуп таанышууда силер китептен сырткары дагы кандай материалдарды пайдаландыңар.
5) Кара деңиздин боюнда Россияга тиешелүү жерлерди таап, ал жерлерде кайсы шаарлар жайгашканын аныктагыла.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

1. Кийинки жылдарда Россиянын калкынын азайып бара жатканынын себебин айта аласыңарбы? Эмне үчүн КМШ өлкөлөрүнөн Россияны карай калктын миграциясына карабай анын калкынын жалпы саны азайып жатат?
2. Россиянын шаарларынын ичинен калкы 5 млндон, 2 млндон, 1 млндон шаарларды атагыла.
3. КМШ өлкөлөрүнүн кайсынысында кой чарбасы жакшы өнүккөнүн айта аласыңарбы?
4. Кийинки жылдарда Россиянын ички миграциясында кандай өзгөрүүлөр болгонун айта аласыңарбы?
5. Россиянын электростанцияларынын кайсынысында (жылуулук, гидро же атом) электр-энергиясы көп өндүрүлөт?
6. Россиянын кара металлургиясынын борборлорун санагыла?

### Төмөнкү айтылган маалыматтарды текшерип көргүлө, эгерде туура болбосо оң жообун тапкыла.

1. Россияга калктын өсүп-өнүгүп толукталышынын экинчи тиби мүнөздүү.
2. Казакстанга калктын өсүп-өнүгүп толукталышынын биринчи тиби мүнөздүү.
3. Украинада чарбанын өнүгүшүндөгү негизги ресурс – эмгек-ресурстары.
4. Россияда буудай айдоо Ставрополь крайында, ал эми бодо мал өстүрүү европалык жана азиялык тайганын түштүгүндө өнүккөн.
5. Кой жүнүн өндүрүү боюнча Түркмөнстан менен Өзбекстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен алдыңкы орундарда турат.

### Туура жоопту тандагыла.

1. Россия төмөнкү кен байлыктарга: нефть, жаратылыш газы, темир рудасы, уран рудасы, марганец рудасы, түстүү металлдарга ж. б. бай.
2. Айыл чарба продукцияларынын ичинен Россияда кайсынысы алдыңкы орунду ээлейт: – буудай, жүгөрү, кара буудай, цитрус өсүмдүктөрү, чай, күрүч, пахта, банан өстүрүү.

### Туура эмес жоопторду тапкыла

1. Казакстан кара металлургия продукциясын, автомобиль, көмүр, темир, электроника, токой-жыгач материалдары, буудай, күрүч экспорттойт.

### Төмөндөгү тапшырмаларды аткаргыла

1. Контурдук картага КМШ өлкөлөрүн түшүргүлө.
2. Картадан КМШ өлкөлөрүнүн борборлорун жана Омск, Новосибирск, Самара, Владивосток, Екатеринбург шаарларын көрсөткүлө.

3. Төмөнкү аталган шаарлардын кайсынысы деңизге жакын жайгашкан: Хабаровск, Владивосток, Нижний Новгород, Архангельск, Ростов-на-Дону, Тбилиси, Баку, Ашгабат?
4. Украинанын 5 чоң шаарын атагыла.

**Төмөнкү сөздөр КМШнын кайсы өлкөсүнө тиешелүү, аныктагыла.**

1. Өлкө калктын жыштыгы боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичинде биринчи орунда турат.
2. Өлкө нефтинин запасы боюнча КМШ өлкөлөрүндө экинчи орунда турат.
3. Өлкө КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң кичине аймакты ээлейт.
4. Өлкө КМШ өлкөлөрүнүн ичинен пахта буласын көп өндүрөт.

**8-теманын суроолорунун ачкычы**

**Эмнени эстөө керек?**

1. Түндүк-Чыгыш Евразиянын жаратылыш аймактарын жана ири өлкөлөрүн (7-класстын географиясы).
2. Түндүк-Чыгыш Евразиянын географиялык абалын, рельефин, климаттык шартын, сууларын, топурагын, өсүмдүктөрүн жана жалпы эле физикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн (7-класстын географиясы).
3. КМШ өлкөлөрүнүн XX кылымдагы мамлекеттик түзүлүштөрүнүн өзгөрүүлөрүн айтып көргүлө (мектептеги жаңы тарыхты эстөө).
4. Терминдерди жана түшүнүктөрдү: климаттык алкактар, муссондор, топурак эрозиясы, мелиорация, кайрак жерлер, резервация.

**Эмнени өздөштүрүү керек?**

**8-теманын жетектөөчү идеяларын**

1. Кийинки жылдарда дүйнөлүк саясатта жана экономикада Россиянын ролу күндөн-күнгө күчөөдө.
2. КМШнын аймагында тарыхый мааниси жогору турган маданий жана экономикалык региондор пайда болду.

**8-теманын негизги түшүнүктөрүн**

1. КМШ өлкөлөрүнүн экономикалык-географиялык абалынын, жаратылыш ресурстарынын, калкынын, өнөр жайынын, айыл чарбасынын, жаратылышты коргоо көйгөйлөрүнүн өзгөчө белгилерин.
2. Россиянын экономикалык-социалдык-географиялык мүнөздөмөсүн.
3. Украинанын экономикалык-социалдык-географиялык мүнөздөмөсүн.
4. Казакстандын экономикалык-социалдык-географиялык мүнөздөмөсүн.

**Теманын негизги түшүнүктөрү: 1) эгемендүү мамлекет, 2) агломерация.**

**Эмнени жасай билүү керек**

1. Өлкөнүн айыл чарбасынын өнүгүшүнө жаратылыш шартынын ыңгайлуулугу жөнүндө мүнөздөмө бере билүү.
2. Өлкөнүн айыл чарбасына мүнөздөмө бере билүү.
3. Өлкөнүн калкына мүнөздөмө бере билүү.

4. Окуу китебинин бир бөлүмүн конспектилөө.
5. Карта-схемаларды түзүү.

### Өз алдынча даярдануу үчүн кеңештер

***1. Өлкөнүн айыл чарбасы үчүн жаратылыш шарттарын мүнөздөөнүн планы:***

1. Аймактын рельефи жана анын айыл чарбасынын жайгашуусуна тийгизген таасири.
2. Аймактын агроклиматтык мүнөздөмөсү.
3. Аймактын суу ресурстары менен камсыз болуусу.
4. Аймактын топурак-өсүмдүктөрүнүн таралуу өзгөчөлүктөрү.
5. Айыл чарбасынын өнүгүү шарттарынын жалпы мүнөздөмөсү.

***2. Өлкөнүн айыл чарбасына мүнөздөмө берүүнүн планы:***

1. Тармактын мааниси жана чыгарган продукциясынын өлчөмү.
2. Тармактын өнүгүшүндө жаратылыш шартынын мааниси.
3. Агрардык мамилелердин өзгөчөлүктөрү.
4. Дыйканчылык менен мал чарбасынын катнашы.
5. Айыл чарба райондору, дыйканчылык менен мал чарбасынын географиясы.
6. Өлкөнүн экспортко жана импортко көз карандылыгы.
7. Тармактын келечеги боюнча жалпы тыянак.

***3. Өлкөнүн калкына мүнөздөмө берүүнүн планы:***

1. Калктын саны жана өсүп-өнүгүп толукталышынын тиби, демографиялык саясат.
2. Калктын курактык-жыныстык курамы, эмгек ресурстары менен камсыз болушу.
3. Калктын улуттук (этностук) курамы.
4. Калктын социалдык-экономикалык курамы.
5. Калктын жайгашуу өзгөчөлүктөрү, ага миграциянын тийгизген таасири.
6. Урбанизациянын деңгээли, темпи жана формасы, ири шаарлары жана шаар агломерациялары.
7. Калктын элеттик жайгашуулары.
8. Калктын келечектеги өсүүсү жана эмгек ресурстары менен камсыз болушу боюнча жалпы тыянактар.

# АФРИКА

*Африканын аянты 30,3 млн км², калкы 850 млн (2003-ж.). Колониялык эзүүдөн жана кул соодасынан жабыр тарткан Африкадай дүйнөдө бир да материк жок. Африканын өлкөлөрүнүн артта калышынын эң башкы себеби ал материк толугу менен XX кылымдын башына чейин колония болуп келгендигинде.*

*Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялык система акырындап ыдырап, анын саясий картасында 54 көз карандысыз мамлекет пайда болду. Бир гана Түштүк Африка Республикасы өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирет, калгандарынын баары өнүгүп келе жаткан өлкөлөр. Экономикалык жана социалдык көрсөткөчтөрү боюнча Африка өлкөлөрү артта калган, кээ бир өлкөлөр улам жакырлоодо.*

## § 30. Африканын жалпы мүнөздөмөсү

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары.** Африканын аймагы түндүктөн түштүктү карай 8 миң *км*ге созулат, эң жазы жери (батыштан чыгышка) 7,5 миң *км*. Аймагы боюнча эң чоң мамлекет Судан (аянты 2,5 млн *км*²) Европанын эң чоң мамлекети – Франциядан 4,5 эсе чоң.

Африка өлкөлөрүнүн экономикалык – географиялык абалынын эң негизги артыкчылыгы – алардын көбүнүн деңизге түз чыга алышы. Бир дагы башка континентте мынчалык көп өлкөнүн (15) деңизге чыккан чек арасы жок; кээ бир өлкөлөрү деңизден 1,5 миң *км* аралыкта жайгашкан. Ички аймактардагы өлкөлөрдүн көбү эң артта калган өлкөлөр.

Мамлекеттик түзүлүшү боюнча Африканын өлкөлөрү президенттик республикалар; алардын ичинен үчөө гана монархиялык бийликти сактап калган. Бирок, башкаруунун республикалык формасын тандап алган мамлекеттерде тез-тез мамлекеттик төңкөрүштөр болуп, аскердик диктатордук режимдер орногон учурлар көп кездешет.

Африка дайыма чек ара чатактары, аймактык талаш-тартыштар жүрүп турган регион болуп эсептелинет. Көп чатактар колониялдык мезгилден калган чек ара тактоодо келишпестиктен чыгып турат. Буга окшогон чек ара жаңжалдары Эфиопия менен Сомалинин, Марокко менен Батыш Сахаранын, Чад менен Ливиянын ортолорунда байкалат.

Ошону менен катар ички саясий күчтөрдүн жаңжалы узакка созулган жарандык согушка айланып кеткен учурлар көп. Мисалы, Анголада өкмөттүк бийликке каршы оппозициядагы УНИТА саясий партиясы ондогон жылдар бою жарандык согуш жүргүзүп, анын кесепетинен жүз миңдеген кишилер каза тапты. Континенттеги биримдикти күчөтүш жана мамлекеттер арасын-

## Африканын өлкөлөрү

| № | Өлкөлөр | Аймагынын аянты, миң $км^2$ | Калкы, млн | Борбор шаары | Башкаруу формасы | Аймак-уюштуруу формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Алжир | 2382,0 | 32,6 | Алжир | Р | у |
| 2 | Ангола | 1246,7 | 12,0 | Луанда | Р | У |
| 3 | Батыш Сахара | 266,0 | 0,267 | Эль-Аюн | Р | У |
| 4 | Бенин | 114,7 | 7,1 | Порто-Ново | Р | У |
| 5 | Ботсвана | 600,4 | 1,8 | Габороне | Р | У |
| 6 | Буркино-Фасо | 274,4 | 11,9 | Уагадугу | Р | У |
| 7 | Бурунди | 27,8 | | Бужумбура | Р | У |
| 8 | Габон | 267,7 | 1,4 | Либревиль | Р | У |
| 9 | Гамбия | 11,3 | 1,4 | Банжул | Р | У |
| 10 | Гана | 236,5 | 21,0 | Аккра | Р | У |
| 11 | Гвинея | 246 | 9,3 | Конакри | Р | У |
| 12 | Гвинея-Бисау | 36,12 | 1,38 | Бисау | Р | У |
| 13 | Жибути | 23,4 | 0,6 | Джибути | Р | У |
| 14 | Египет | 1000,1 | 74,0 | Каир | Р | У |
| 15 | Замбия | 752,6 | 10,4 | Лусака | Р | У |
| 16 | Зимбабве | 390.,8 | 12,5 | Хараре | Р | У |
| 17 | Кабо-Верде | 4,033 | 0,113 | Прая | Р | У |
| 18 | Камерун | 475,4 | 16,2 | Яунде | Р | У |
| 19 | Кения | 582,6 | 30,5 | Найроби | Р | У |
| 20 | Комор | 2,0 | 0,7 | Морони | Р | У |
| 22 | Конго Демократиялык Республикасы | 2345 | 52,5 | Киншаса | Р | У |
| 23 | Кот-д Ивуар | 322,46 | 17,0 | Ямусукро | Р | У |
| 24 | Лесото | 30,4 | 2,2 | Масеру | КМ | У |
| 25 | Либерия | 111,37 | 3,4 | Монровия | Р | У |
| 26 | Ливия | 1760,0 | 5,5 | Триполи | Р | У |
| 27 | Маврикий | 2,04 | 1,1 | Порт-Луи | Р | У |
| 28 | Мавритания | 1032,5 | 2,9 | Нуакшот | Р | У |
| 29 | Мадагаскар | 587,0 | 15,3 | Антананариву | Р | у |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 30 | Малави | 118,5 | 11,1 | Лилонгве | Р | у |
| 31 | Мали | 1240,0 | 12,0 | Бамако | Р | У |
| 32 | Марокко | 438,73 | 30,1 | Рабат | км | У |
| 33 | Мозамбик | 799,4 | 18,0 | Мапуту | р | У |
| 34 | Намибия | 824,3 | 1,83 | Виндхук | р | У |
| 35 | Нигер | 1267,0 | 10,7 | Ниамей | р | У |
| 36 | Нигерия | 924,0 | 128,0 | Абужа | р | Ф |
| 37 | Руанда | 26,33 | 8,5 | Кигали | р | У |
| 38 | Сан-Томе ж-а Принсипи | 1,0 | 0,160 | Сан-Томе | р | У |
| 39 | Свазиленд | 17,36 | 1,1 | Мбобане | км | У |
| 40 | Сейшел | 0,465 | 0,080 | Виктория | р | У |
| 41 | Сенегал | 196,7 | 10,0 | Дакар | р | У |
| 42 | Сомали | 637,7 | 9,3 | Могадишо | р | У |
| 43 | Судан | 2500,0 | 30,0 | Хартум | р | У |
| 44 | Сьера Леоне | 72,3 | 5,7 | Фритаун | Р | У |
| 45 | Танзания | 945,1 | 34,6 | Додома | Р | У |
| 46 | ТАР | 1200,0 | 46,3 | Претория | Р | У |
| 47 | Того | 5,78 | 4,9 | Ломе | Р | У |
| 48 | Тунис | 164,2 | 9,92 | Тунис | Р | У |
| 49 | Уганда | 236,0 | 24,6 | Кампала | Р | У |
| 50 | Борбордук Африка Республикасы | 623,0 | 3,7 | Банги | Р | У |
| 51 | Чад | 1284,0 | 8,2 | Нджамена | Р | У |
| 52 | Экватордук Гвинея | 28,03 | 0,6 | Малабо | Р | У |
| 53 | Эфиопия | 1096,0 | 72,0 | Адис-Абеба | Р | У |
| 54 | Эритрея | 125,0 | 3,6 | Асмера | Р | У |

да кызматташтыкты өнүктүрүш үчүн *Африка өлкөлөрүнүн уюму түзүлгөн,* 2002-жылдан бери ал ***Африкалык союз*** деп аталат.

**2. Жаратылыш шарты жана ресурстары: Африка өлкөлөрүнүн өнүгүүсүнүн эң башкы факторлору.** Африка кен байлыктарга бай. Континент марганец,

хромит, боксит, алтын, платиноиддердин, кобальт, алмаз, фосфорит кендеринин запасы боюнча дүйнөдө биринчи орунда. Минералдык чийки заттардын сапаты да жогору, ачык жол менен казылып алынат. Мисалы, ТАР кен байлыктарга өтө бай. Анда нефть менен жаратылыш газынан башка бардык белгилүү кен байлыктар бар. Өзгөчө алтын, платина жана алмазга бай.

Африкада ошондой эле кен байлыкка жарды начар өнүккөн өлкөлөр да бар. Африка, Түштүк-Чыгыш Азияга жана Латын Америкасына караганда иштелчү жердин киши башына туура келген өлчөмү боюнча бир кыйла алдыда. Анда айыл чарбага жарактуу жерлердин $^1/_5$и гана пайдаланылат. Бирок, жердин деградациясы өтө күчөгөн. 1930-жылдарда эле бельгиялык окумуштуу географ Жан-Поль Гарруа «Африка – жок болуп бара жаткан аймак» деген эмгегин жазып кеткен. Дүйнөдөгү кургакчылыкка дуушар болгон аймактардын $^1/_3$и Африкада. Аймагынын $^2/_5$ бөлүгү чөл басуу коркунучунун алдында.

Африканын агроклиматтык ресурстарын бир жактуу кароого болбойт. Африка ысык регион болгондуктан, анын аймагы жылуулук ресурстарына муктаж эмес. Ал эми суу ресурстары бирдей таралган эмес. Бул абал айыл чарбасынын өнүгүшүнө жана жалпы эле калктын турмушуна тескери таасирин тийгизет. «Суу – турмуш, жашоо» деген сөз биринчи кезекте Африкага тиешелүү. Көп жерлери сугатты талап кылат, бирок, 3–4% гана жери сугарылат. Экватордук бөлүгүндө, тескерисинче артык баш суу айыл чарбасына ыңгайсыз. Конго дарыясынын алабына Африканын гидроэнергетикасынын $^1/_2$ бөлүгү туура келет.

Континенттин экватордук бөлүгүнөн башка аймагынын, токойлуулугу анча эмес, анын үстүнө кыюу-өрттөөдөн токой аянттары өтө азайып кеткен.

**3. Калкы: толукталуу өзгөчөлүгү, курамы жана жайгашуусу.** Калктын өсүп толукталуу арымы боюнча Африка дүйнөдө биринчи орунда турат. Ал негизинен көп балалуулуктун эсебинен көбөйөт. Африка эли минтип айтышат: «Акча жок болсо – кедейлик. Бирок, балаң жок болсо – кедейликтин кедейлиги». Континенттин көп өлкөлөрү демографиялык саясатты такыр жүргүзбөйт, төрөлгөндөрдүн көрсөткүчү эң жогору. Мисалы, Нигер, Чад, Ангола, Сомали, Малиде ар бир миң кишиге төрөлгөндөрдүн саны 50дөн ашык, б. а. Европадан төрт-беш эсе, орточо дүйнөлүк сандан 2,4 эсеге ашык. Эфиопия, Мали, Уганда, Бенин өлкөлөрүндө 1 аялга 7ден бала туура келет.

Африкада өлүм-житим көп болсо да калкынын табигый өсүүсү боюнча дүйнөдө алдыда.

Демек, Африка демографиялык өткөөлдүн экинчи этабында турат. Бул деген жаш курагынын үлүшү жогору бойдон сакталып, иш менен камсыз болуу, билим алуу, саламаттыкты сактоо көйгөйлөрү курчуп тургандыгын көрсөтөт. Анын үстүнө Африканын эмгек курагындагы калкынын $^1/_3$и сабат-

сыз, СПИД менен ооруган адамдар улам көбөйүүдө. Эркектердин орточо жашы 51, аялдардыкы 52 жашка гана жетет.

Көп проблемалар Африка элинин этностук курамына байланыштуу. Окумуштуулар континентте 300дөн 500гө чейин ар түрлүү этносторду бөлүп көрсөтөт. Алардын кээ бирлери улуттарды түзүп, айрымдары уруу деңгээлинде; уруулук калдык сакталып калган.

Чет элдик Азиядагыдай Африкада да уруулар аралык чатактар, өзгөчө Судан, Кения, Конго Демократиялык Республикасы, Нигерия, Чад, Ангола, Руанда, Либерияда көп болот. Мисалы, Либериядагы жарандык согуштан 2,7 млн калкынын 150 миңи каза тапкан, 500 миң киши орун которгон, 800 миң киши кошуна өлкөлөргө качкан. Экинчи бир мисал, калкы жыш жайгашкан Руандада гутси уруусу менен хуту уруусунун чатагынан 1 млн адам каза таап, 500 минден 2 млнго жакын киши ички качкынга айланып, 2 млн киши чектеш өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болгон.

Мурдагы колониялык режимдин дагы бир калдыгы Африканын көп өлкөлөрүндө мамлекеттик тил – англис, француз, португал тилдери.

Африканын маданий мурастары өтө көп. Алар оозеки чыгармачылык – фольклор, Байыркы Египеттин монументтүү архитектурасы, байыртан сакталып калган аска бетиндеги сүрөттөр. Ар бир уруунун өзгөчөлүгү менен айырмаланган ырлары, бийлери жана музыкасы бар. Африкада дүйнөлүк мурас деп аталган 94 объект белгиленген. Алардын ичинен маданий объекттер басымдуулук кылып, ага табигый объекттер да камтылган.

Калктын орточо жыштыгы Чет элдик Европа менен Азияга караганда Африкада аз (1 *км*²де 26 киши). Азиядагыдай эле Африкада да калк аймак боюнча бирдей таралган эмес. Сахарада калкы жок зор аймактар бар. Нымдуу тропиктик алкакта да калк сейрек, деңиз жээктеринде гана салыштырмалуу жыш. Өлкөлөр арасында да көп айырмачылыктар байкалат.

Мындай өлкөлөрдүн бири Египет, анын 70 млнго жакын эли өлкөнүн аймагынын 4%ын гана ээлеген – Нилдин дельтасында жана боюнда отурукташкан. Анда ар бир *км*² жерге 1700дөн адам туура келет. Ал эми (1 млн *км*²ге жакын) чөлдүү жерлеринде 1 *км*² аянтка 1ден да киши туура келбейт.

Урбанизациянын деңгээли боюнча да Африка башка региондордон артта. Бул шаар калкынын жана миллионер шаарлардын аздыгына байланыштуу. Шаар агломерациясы азыр гана калыптанып келе жатат. Бирок, урбанизациянын темпи дүйнө боюнча алдыда. Кээ бир шаарлардын калкы ар бир он жылда экиге көбөйүп турат. Бул абалды миллионер шаарлардын өсүшүнөн байкоого болот. XX кылымдын 20-жылдарынын аягында алгачкы миллионер шаары Каир болгон. 1950-жылы мындай шаардын саны экиге, 1980-жылы 8ге, 1990-жылы – 27ге, ал эми ал шаарларда жашаган калктын саны 3,5 млндон 60 млнго өскөн.

XXI кылымдын башында Африкада миллионер шаарлардын саны 33кө жетип, анда континенттин шаар калкынын $^1/_3$и топтолгон. Эки шаардын (Каир жана Лагос) калкы 10 млндон ашып, эң чоң шаарлардын катарына кирген. Мындай «шаардык жарылуу» терс натыйжаларды да бериши мүмкүн. Негизинен борбор шаарлар өсөт, анткени ага айыл-кыштактардан жумуш таппагандар келип, шаарлардын чет-жакаларына отурукташа баштайт. Кийинки жылдарда Африканын эң чоң шаары Лагос болуп калды. 1950-жылдары Лагосто 300 миң киши гана жашаган, азыр Лагос агломерациясында 12,5 млн киши жашайт. Бирок, бул шаарда элдин көпчүлүгүнүн жашоо шарты эң эле начар, ошондуктан 1992-жылы Нигериянын борбору Абуджа шаарына которулган.

Урбанизациянын деңгээли боюнча Түндүк жана Түштүк Африканын региондору өзгөчөлөнүп турат. Тропиктик Африканын өлкөлөрүнүн борбор шаарларында калк эң көп, шаар калкынын мындай ылдам өсүшүнө карабай, Африканын калкынын $^2/_3$ бөлүгү элет жеринде жашайт.

**4. Чарбасы: тармактык жана аймактык түзүлүшү. Африканын дүйнөдөгү орду.** Колониялык көз карандылыктан бошонгондон кийин, Африка өлкөлөрү кылымдар бою артта калуусун жоюуга аракет жасай башташты. Ал үчүн жаратылыш ресурстарын мамлекеттештирүүгө, улуттук кадрларды даярдоого, агрардык реформаларды жүргүзүүгө, өзгөчө көңүл бура баштады. Натыйжада өсүү арымы тездеп, тармактык жана аймактык чарбанын түзүлүштөрү курула баштады. Тармактык түзүлүштө өнөр жайдын жана өндүрүштүк эмес чөйрөнүн үлүшү кеңейди. Ошондой болсо да бир канча өлкөлөрдө чарбанын түзүлүшүндө тармактын колониалдык тиби сакталып калган. Алардын негизги белгилери: 1) аз товардык, төмөнкү өндүрүмдүү айыл чарбасы; 2) кайра иштетүүчү өнөр жайдын начар өнүгүшү; 3) транспорттун эң артта калышы; 4) өндүрүштүк эмес чөйрөнүн соода жана тейлөө менен чектелиши. Тармактык түзүлүштүн колониялык тиби, экономиканын бир жактуу өнүгүү мүнөзү. Ошонун негизинде көп өлкөлөрдө **монокультура** өнүккөн. *Монокультуралык (монотовардык) адистешүү – өлкөнүн чарбасынын бир түрдүү товар чыгарууга, эреже катары, чийки заттарды же азык-түлүктү чыгарууга адистешип, аларды экспорттоого багытталган.*

Монокультура – жалаң эле табигый эмес, ал тарыхый жана социалдык кубулуш. Ал колониялык мезгилде Африка өлкөлөрүнө мажбурлап берилген. Алардын мындай бир жактуу эл аралык адистешкен чарбасы, алар экспорттогон товардын дүйнөлүк рыноктогу суроолорго көз карандылыгын арттырат. Алар чыгарган негизги товарлар – кофе, какао, пахта, арахис, май алынуучу пальма, кант, тирүү мал ж. б. Монокультуралуу өлкөлөр экономикасын көп тармактуу кылууга аракеттенүүдө, бирок ийгиликке жеткендери аз.

Мына ошондуктан Африканын дүйнөлүк рыноктогу орду тармактардын эки тобу менен аныкталат. Алардын бири – тоо-кен өнөр жайы. Азыркы убакта Африкада көпчүлүк кен байлыктарды казып алуу боюнча маанилүү орундар монополияларга тиешелүү. Казылып алынган отун жана чийки заттар дүйнөлүк рынокко чыгарылгандыктан, эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшүндө Африканын ордун ошол тармак аныктайт. Дүйнөлүк чарбада Африканын ордун белгилей турган экинчи тармак тропиктик жана субтропиктик талаачылык. Ал тармак экспортко багытталган. Африканын чарбасынын аймактык түзүлүшүндө да өзгөрүүлөр байкалды. Жогорку товардык дыйканчылык жана экстенсивдүү мал чарбасы менен катар ал жерлерде казып алуучу өнөр жайы өсүп чыкты. Бирок, иштетүүчү өнөр жайдын ролу анча эмес. Транспорттук инфраструктура да артта калган.

### Африкадагы казылып алынчу заттардын жана айыл чарба продукцияларынын дүйнөлүк продукциялардагы үлүшү

| Казылып алынган заттар | Үлүшү, % | Айыл чарба продукциялары | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|
| Алмаз | 48 | Какао-буурчак | 65 |
| Алтын | 33 | Маниок | 54 |
| Кобальт кенташы | 75 | Сизель | 26 |
| Хромиттер | 44 | Пальма жаңгагынын өзгөү | 39 |
| Марганец кенташы | 33 | Арахис | 22 |
| Уран | 37 | Кофе | 18 |
| Фосфорит | 28 | Таруу жана ак жүгөрү | 15 |
| Жез кенташы | 12 | Оливка | 15 |
| Боксит | 18 | Чай | 15 |

Жалпысынан социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча да Африка дүйнөнүн башка ири региондорунан артта калган. Сахарадан түштүктөгү өлкөлөрдүн ИДПсы дүйнөлүк ИДПнын 1–2%ын гана түзөт.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында Африканын социалдык-экономикалык абалы начарлап, терең кризиске учураган. Азык-түлүк өндүрүү (жылына 2%) менен аларды керектөөнүн (жылына 3%) ортосундагы айырмачылык артып, дан импорттоо көбөйгөн. Анын үстүнө Африкада кургакчылык болуп, андан 200 млнго жакын адам жабыр тарткан. Африка өлкөлөрү Батыш өлкөлөрүнө карыз болуп калган. Мына ошондуктан аны «жабыр тарткан континент» деп атай баштаган.

1990-жылдарда Африкада социалдык-экономикалык абал жакшыра баштады. Бирок, өлкөлөр арасында айырмачылыктар көбөйүп, бири өзүнүн өнүгүү темпин арттырып, экинчилери артта кала берди.

## § 31. Африканын субрегиондору жана ири өлкөлөрү

**1. Африканы субрегиондорго бөлүштүрүү.** Африканы экономикалык жактан райондоштуруу али тактала элек. Негизинен Африка Түндүк жана Тропиктик Африка деп бөлүнөт. Тропикти Африка өз ичинен Батыш, Борбордук, Чыгыш жана Түштүк Африка (ТАРдан башка) болуп төрткө бөлүнөт.

Түндүк Африка. Түндүк Африканын аянты 10 млн *км*²ге жакын, калкы 180 млн. Субрегиондун экономикалык-географиялык абалы Жер Ортолук деңизи менен байланыштуу, ал аркылуу Түштүк Европа жана Түштүк-Батыш Азияга чектешип, Европа менен Азияны байланыштырган деңиз жолуна чыгуу мүмкүнчүлүгүн алат. Региондун «тылын» калкы аз Сахара мейкиндиги ээлейт.

**2. Түндүк Африка** – байыркы Египет цивилизациясынын бешиги, анын дүйнөлүк маданиятка тийгизген таасири белгилүү. Антика мезгилинде Түндүк Африка Римди багуучу жай болгон. Эрме чөлдүн арасындагы суу чогултуучу жер алдындагы галереяларды азыркыга чейин кезиктирүүгө болот. Жээктеги азыркы шаарлар байыркы Римдин жана Карфагендин калктуу пункттарынан башталат. Калктын этностук курамына, маданиятына, дини жана турмушуна VII–XII кылымдардагы арабдардын басып алуусу чоң таасирин тийгизген. Түндүк Африка азыр да араб тилинде сүйлөп, ислам динин тутат.

Түндүк Африканын чарбасы деңиз жээгине топтолгон. Бул жерлерде анын негизги иштетүүчү өнөр жай борборлору, субтропиктик, дыйканчылыктын башкы райондору, анын ичинде сугат талаалары жайгашкан. Бул тилкеде калктын да көпчүлүгү отурукташкан, элет жеринде кыштан салынган жер тамдар басымдуу.

Шаарларынын курулушу, өзгөчө мүнөздө. Ошондуктан географтар менен этнографтар өзгөчө араб тибиндеги эски жана жаңы бөлүктөргө бөлүнгөн шаарларды белгилейт.

Эски шаардын өзөгүн касба түзөт. *Касба* шаардын ортосундагы дөңсөөдөн орун алып, тегерегин чеп курчайт. Анын айланасында үстү жалпак, дарбазалары бек үйлөр жайгашкан. Алардын эң белгилүү жайлары базарлары. Эски шаар коргонуучу дубал менен толук курчалып, арабча «Медина» деп аталат (которгондо «шаар»). Мединанын сыртында азыркы жаңы шаар орношкон.

Мындай айырмачылыктар чоң шаарларга мүнөздүү, алардын көрүнүшү жалаң эле улуттук эмес, кеңири таралган кейипке жакындайт. Биринчи кезекте мындай көрүнүш Египеттин борбору – Каирге мүнөздүү. Ал араб дүйнөсүнүн саясий, маданий, диний борбору. Каир шаары Нилдин өрөөнү жайылып, дельтанын башталган жеринде орун алган. Дельта пахта өстүрүүгө эң ыңгайлуу, топурагы күрдүү, ал жерде узун булалуу эң жогорку баалуу, козо (пахта) эгилет. Дельта деп илгери Геродот коюп кеткен ат, ал гректин

«дельта» деген тамгасына окшоштуруп койгон. 1969-жылы Каир өзүнүн 1000 жылдыгын белгилеген.

Региондун түштүгүндө калк сейрек, курма пальмасы өскөн оазистерде гана калктуу пункттар бар. Калган кумдуу аймактарда төө кармаган көчмөндөр жашайт. Алжирдин жана Ливиянын чөлдөрүндө нефть өндүрүү өнүккөн.

Нилдин өрөөнү боюнча гана чөл аймагына «жашоо тилкеси» түштүккө карай терең кирет. СССРдин жардамы менен курулган Нилдеги Асуан плотинасынын Египеттин түштүгү үчүн мааниси өтө зор.

**3. Тропиктик Африка.** Тропиктик Африканын аянты 20 млн чарчы *км*$^2$, калкы 600 млнго жакын. Бул жакты Кара Африка – деп аташат, анткени көпчүлүк калкы экватордук (негрлер) расага кирет. Бирок, этностук курамы боюнча Тропиктик Африканын калкы ар түрдүү. Чыгыш жана Батыш Африканын этностук курамы эң татаал. Бул жерлерде расалык жана улуттук түркүмдөрдүн чегинде татаал саясий жана этностук чек аралар пайда болгон. Борбордук жана Түштүк Африканын калкы негизинен банту түркүмүнө жакын 600дөй тил диалектисинде сүйлөшөт (банту которгондо «кишилер» дегенди билгизет). Өзгөчө көп тараган тил – суахели. Мадагаскардын эли австронезиялык тилде сүйлөшөт.

Калкынын жайгашуусу жана чарбасы жагынан да Тропиктик Африканын өлкөлөрүндө жалпылык байкалат. Тропиктик Африка дүйнөдөгү артта калган регион, анын курамында эң артта калган 29 өлкө жайгашкан. Алар азыркы кезде айыл чарбасына таянган дүйнөдөгү ири региондордун бири. Калкынын жарымы өз керектөөсүнөн ашпаган айыл чарбасы менен алектенет, калганы товардуулугу төмөн дыйканчылыкта аракеттенет. Жерди иштетүүгө соконун жоктугунан кетмен менен иштетүү да тараган. Кээ бир мамлекеттердин гербинде кетмендин сүрөтү тартылган. Бардык айыл чарба иштерин аялдар менен балдар аткарышат. Алар негизинен тамыры жемиш өсүмдүктөрдү (маниок, батат, ямс) айдашат, алардан ун чыгарып, ботко, нан жасайт, андан башка таруу, ак жүгөрү (сорго), шалог, жүгөрү, банан, ар кандай жашылчаларды өстүрүшөт. Мал чарбасы цеце чымынынын кесепетинен анча өнүккөн эмес; ал салыштырмалуу мал чарбасы өнүккөн өлкөлөрдө (Эфиопия, Кения, Сомали) экстенсивдүү жол менен өстүрүлөт. Экватор тойлорунда бүгүнкү күнгө чейин аң уулап, балык кармап, азык өсүмдүктөрдү чогултуп оокат кылган уруулар да бар. Саванна жана нымдуу тропикти өрттөө жолу менен жерлерди бошотуп, дыйканчылык кылган өлкөлөр кездешет. Товардык өсүмдүктөр өстүрүлгөн райондор өзгөчөлөнүп турат. Алар көп жылдык өсүмдүктөр – какао, кофе, арахис, гевея, май чыгаруучу пальма, чай, сизаль, ачуу калемпир. Кээ бир өсүмдүктөр плантацияларда, айрымдары дыйкан чарбаларында өстүрүлөт. Биринчи кезекте ошол өсүмдүктөр кээ бир өлкөлөрдүн адистешкен монокультурасын аныктайт.

Негизги иштерине жараша Тропиктик Африканын калкы элет жеринде жашайт. Чоң айылдар саваннада, чакандары тропиктик токойлордо жайгашкан.

Айылдык турмуш алардын жашоо шарты менен байланышкан. Арбактарга сыйынуу, фетишизм, табият күчтөрүнө жана магияга, ар кандай талисмандарга ишенүү мүнөздүү. Африкалыктар өлгөндөрдүн арбагы жер үстүндө калып, тирүүлөрдүн кылган иштерин тескеп турушат жана жаман иш кылса, ал кишиге жамандык алып келиши мүмкүн деп эсептешет.

Тропиктик Африкада Европадан жана Азиядан келген ислам менен христиан дини кеңири тараган. Тропиктик Африка дүйнөдө индустриялашуусу эң төмөн болгон регион. Бул региондо бир гана тоокен өнөр жайынын борбору, Конго менен Замбиянын Жез алкагы орун алган.

Тропиктик Африка – дүйнөдөгү урбанизациясы эң начар өнүккөн регион. Анын сегиз өлкөсүндө гана миллионер шаарлар бар, алар Сенегалдагы Дакар, Конго Демократиялык Республикасындагы Киншаса, Кениядагы Найроби, Анголадагы Луанда ж. б.

Тропиктик Африка транспорт тармагынын өнүгүшү боюнча да эң артта. Алар бири-бири менен байланышпаган, жээктеги шаарлардан өлкөнүн ички аймактарына кеткен темир жолдордон турат. Кээ бир өлкөлөрдө темир жол такыр жок. Чакан жүктөрдү төбөсүнө көтөрүп, 30–40 *км* жерге жөө жеткизишет.

Акыркы жылдарда Тропиктик Африканын табияты начарлап бара жатат. Эң коркунучтуусу ал жерлерде чөлгө айлануу процесси, токойлордун азайышы, флора менен фаунанын сейректей башташы улам күчөп жаткандыгында. Мисалы, кургакчылыктын улам күчөгөн жана чөлгө айлануу процесси жүргөн аймак – Сахель, Сахаранын түштүгүндө Мавританиядан Эфиопияга чейинки он өлкөнү камтыган жазы тилке. 1968–1974-жылдарда бул жерде бир тамчы да жаан түшпөй, Сахель какыраган чөлгө айланган. 1980-жылдардын ортосунда кургакчылык дагы кайталанып, миллиондогон адам жапа чеккен. Малдын башы да кескин кыскарган. Бул жерде болгон кубулуш «Сахель трагедиясы» деп аталат. Мындай абалга жалаң эле жаратылыш күнөөлүү эмес. Анын себеби малды ашыкча жаюу жана токойлорду отунга кыркуу болгон.

Тропиктик Африканын кээ бир өлкөлөрүндө жаныбарларды сакташ үчүн улуттук парктар түзүлүп, айлана чөйрөнү коргоого аракеттер болуп жатат. Биринчи кезекте мындай иштер Кенияда уюштурулуп, анда туризмден түшкөн киреше кофенин экспортунан ашып түштү.

**4. Түштүк Африка Республикасы (ТАР)** – экономикасы эки жактуу өлкө. Ал экватордун түштүгүндөгү өлкөлөрдүн ичинен өзгөчө орунду ээлейт. Биринчиден, өзүнүн географиялык абалы боюнча ал Тропиктик Африкага, экинчиден, ал өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө кирбейт. Бул өлкө Африка матери-

гиндеги жалгыз гана өнүккөн өлкө. Бардык экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча Африкада биринчи орунда. ТАРдын үлүшүнө Африканын аймагынын 5,5%, калкынын 6%, ИДПнын $^{1}/_{3}$, иштөөчү өнөр жайдын жана автомобиль паркынын $^{2}/_{5}$си туура келет. Эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшүндө ТАР оор өнөр жайы менен өзгөчө орунду ээлейт. Казып алуучу өнөр жайына алтын, платина, алмаз, уран, темир, хром, марганец кенташтарын, көмүр өндүрүү, ошондой эле иштетүүчү өнөр жайына кара металлургия, машина куруу, химия өнөр жайы кирет. ТАР Африкадагы эң чоң өнөр жай борбору, Иоханесбургдагы Витватерсранд жайгашкан. Айыл чарбасы (дан, субтропик өсүмдүктөрү, уяң жүндүү кой, бодо мал) өнүккөн.

ТАРда транспорт тармактары да жакшы өнүккөн; деңиз порттору, анын ичинде сыртка жүк ташууга адистешкен порт (Ричардс-Бей таш көмүр ташууга ылайыкташкан) бар. Бирок, өлкөнүн саясий жана социалдык-экономикалык тарыхы азыркы ТАРдын калкынын жашоо тиричилигине зор таасирин тийгизген.

XIX жана XX кылымдардын чегинде голландиялык келгиндерге жана бурларга тиешелүү жерлерди англичандар басып алып, өзүлөрүнүн доминионун – Түштүк Африка Союзун түзгөн. Ал дагы бир «келгиндердин капитализми» өлкөсүнө айланган. Өткөн кылымдын 40-жылдарында ТАРдын башында турган бийликтин ээлери азчылык актардын (12%ы) бийлигинин расалык саясатын жүргүзө баштаган. Алардын режими саясий жана экономикалык бийликти актардын колуна топтоп, жергиликтүү калкка ачык эле расалык мамиле кылып, укуктарынан ажыраткан. Ыңгайсыз, тар жерлерге жергиликтүү элди айдап, ириде он бантустандарды, андан кийин «көз каранды эмес төрт мамлекет», алты «өзүн-өзү башкарууга укугу жок аймактарды» уюштуруп, жергиликтүү элге резервацияларды түзгөн. 1961-жылы расалык Түштүк Африка өзүн Республика деп жарыялап, Улуу Британия шериктештик тобунан чыккан.

Өткөн кылымдын 90-жылдарында гана африкалыктардын улуттук-боштондук кыймылы эски расалык режимдин кулашына алып келип, *апартеиддик* саясатты алып таштоого жетишкен. Жаңы Конституция кабыл алынып, ТАР федерализм элементи бар унитардык республика деп жарыяланды. Жаңы аймактык-администрациялык бөлүнүшү боюнча ТАР тогуз провинцияга бөлүнгөн. Ал Британия шериктештигине кайра кирип, ал эми БУУ бардык саясий жана экономикалык санкцияларын алып таштаган. Бирок, «кедей», «кара», «түстүү» башка мамлекеттерден айырмачылыгы азыркыга чейин сакталып калган. Ал өзгөчө адамзат турмушунда жана эмгекти баалоодо байкалат. Айыл чарбасында европа тибиндеги кирешелүү ири фермалар африкалык кетмен менен иштеген чарбалардан айырмаланат. Мына ошондуктан ТАР эки жактуу экономикалык өлкө делет. Ал өлкөгө өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн мүнөздөрү таандык.

**Негизги тыянак.** *Жаратылыш байлыгынын молдугуна жана калкынын санына карабастан Африка дүйнөлүк чарбанын артта калган бөлүгү боюнча калууда. Ошондуктан, азыркы кездеги социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн башкы маселелери демографиялык, азык-түлүк менен камсыздоо жана экологиялык проблемаларды чечүүдө турат.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1. 1970–1990-жылдар ичинде Африкада 78 мамлекеттик төнкөрүш болуп, 25 президенттин өмүрү кыйылды.

2. Африкадагы ар кандай эсептөөлөргө караганда аймактык талаш-тартыш материктин бардык бөлүгүнө таандык. 40% мамлекеттик чек ара демаркация болгон эмес, 44% чегара кендик жана узундук боюнча, 30% жол сымал ийри сызыктар менен, 26% гана табигый чектер менен этностук чектер боюнча жүргүзүлгөн.

3. Биринчи алмазды Түштүк Африкада 1869-жылы койчу бала тапкан. Бир жылдан кийин ал жерге Кимберли шаары курулуп, анын атынан алмаздуу түпкү тоо тектери кимберлит деп аталган. Кимберлитте алмаздын үлүшү эң эле аз – 0,0000073%. Азыр ал жерде терендиги 400 *м* келген чуңкурду алмаз казып алгандар түзгөн. Ал «Чоң чуңкур» – деп аталат.

4. Конго дарыясынын Амазонкадан беш эсе суусу аз болсо да энергетикалык потенциалы өтө жогору. Анын 300 *км* аралыктагы агымында нугу 275 *м*ге чейин төмөндөйт ага кошумча 32 шаркыратма жана босоголору бар. Бул жерде кубаттуулугу 80–90 млн *кВт* келген гидроэлектростанцияларды курууга болот; ал АКШнын бардык гидроэлектростанцияларынын кубаттуулугуна барабар.

5. СПИДдин эң кенири таралган жери – Тропиктик Африка, ушул убакка чейин ал жер оорунун эпицентри болуп келүүдө. Эгерде өнүккөн өлкөлөрдө бойго жеткен калктын арасында СПИД инфекциясына дуушарлангандардын саны 1%дан ашпаса, Ботсванада ал көрсөткүч 30%га жеткен. Андан бир аз төмөнүрөөк Зимбабведе, Замбияда, Намибияда, Свазилендде ж. б. өлкөлөрдө. Эгерде абал өзгөрбөсө бул өлкөлөрдүн калкынын 1/5 бөлүгү СПИДден каза табышы ыктымал. 2001-жылы гана Африкада СПИДден 2,2 млн адам каза тапкан. Африканын 17 өлкөсүндө расмий тил француз тили, 11 өлкөдө англис тили, 5 өлкөдө португал тилдери. Бир канча өлкөдө алар жергиликтүү тилдер менен кошо колдонулат.

6. Маданий мурастардын арасында дүйнөгө белгилүү Байыркы Египеттин эстеликтери (Чоң пирамидалар, Луксор, Карнак жана байыркы Фивдин ордунда Падышалардын өрөөнү, Нубия эстеликтери), Түндүк Африкадагы Байыркы Римдин шаарларынын чалдыбарлары, Каирдеги мусулман эстеликтери, көп саякатчылар жазып кеткен Малидеги Томбукту шаары, Зимбабведеги Улуу Зимбабве. Табият эстеликтеринен улуттук парктар – Серенгети, Нгоро-Нгоро, Килиманджаро, Маунт-Кения, Рувензори, ТАРдагы Дракон тоолору, Алжирдеги белгилүү Тассилин-Аджер байыркы Саха-

рада жашаган элдердин аскага жазылган эстеликтери жаратылыш-маданий мурастардын тизмесине кирген.

7. Бурундинин борбору Бужумбурда өлкөнүн калкынын 100%ы жайгашкан, Гвинеянын борбору Конакриде 81%, Конгонун борбору Браззавилде 67%, Анголанын борбору Луандада 61%, Чаддын борбору Нджаменде 55%, Буркино-Фасонун борбору – Уагадугуда 52%ы жашайт.

8. Бир канча өлкөлөрдүн гербинде ошол өлкөдөгү маданий өсүмдүктүн сүрөтү тартылган. Мисалы, кофе багынын сүрөтү Кениянын, Угандanын, Танзаниянын, какао багы Гананын, май алынуучу пальманын сүрөтү – Кот-д Ивуардын, Либериянын, Конгонун, Руанданын, оливка же лавр Алжирдин, Ливиянын, Египеттин, Эфиопиянын, пахта – Анголанын, Танзаниянын, Зимбабвенин, бал камыш – Мавританиянын, Мозамбиктин, буудай – Алжирдин, Зимбабвенин, ТАРдын, күрүч Мадагаскардын, ак жүгөрү – Ботсвананын жана Буркино-Фасонун гербинде тартылган.

9. Араб жазуусу ондон солго карай жазылып, анда 28 тамга бар. Тамгалардын экиден төрткө чейин чиймеси болушу мүмкүн, сөздөгү ордуна карата айтылыш мааниси да өзгөрөт. Араб тилинен европалыктарга көп сөздөр өткөн, мисалы: алгебра, зенит, магазин, адмирал, тариф, халва, кофе. Орто кылымда Европа арабдардан сандардын системасын алган.

10. 1971-жылы Асуан плотинасы бүткөндөн кийин зор суу сактагыч «Насер» курулуп, анын узундугу 500 *км*, аянты 5 миң чарчы *км*ге жеткен. Көлөмү боюнча (157 $км^3$) дүйнөдө төртүнчү орунда. Ал кошумча 800 миң *га* жерди сугарууга жана жылына эки-үч түшүм алууга мүмкүндүк түздү.

11. Австронезия тилдери географиялык аттарда да жолугат. Жазуучу африкачы С. Кулик Мадагаскардын калктуу пункттарынын аттарын келтирет: Амбинани-беанатсиндраву, Тратрамарананиндранггаронто, Марумиадрахимахавелона.

12. 1983-жылы Кот-д Ивуардын борбор шаары – Абиджандан Ямусукрого көчүрүү жөнүндөгү чечимден кийин, ал шаарда католиктердин Нотрдам-де-ла-Пэ собору (Дүйнөлүк кудайдын энеси) курулган. Католиктер өлкөнүн калкынын $^1/_5$ гана бөлүгүн түзгөнүнө карабай өлчөмү боюнча Римдеги Ыйык Пётрдун соборунан чоң болгон.

13. Тропиктик Африканын мусульман өлкөлөрүндө дагы эле көп аял алуу (полигамия) өкүм сүрөт. Мурда алар укмуштай формаларда болгон: уруулардын башчылары бир нече жүз аял алышкан, ал эми ондогон аял алуу жөнөкөй эле иштей көрүнгөн. Куранда мусулман киши төрткө чейин аял алса болот деп жазылган.

14. Сахелдин 10 кишисинин 9нун турмушу анын үйүндө тамак бышырууга же үйүн жылытууга отуну бар же жок экендигине байланыштуу. Аялдар менен балдар 100 күндөн 300 күнгө чейин отун жыйноо менен алектенсе дагы өзүлөрүн отун менен толук камсыз кыла албайт. Бул шартта сууну кайната берүү ашкере байлык болгондуктан, көпкө кайнап бышкан жегиликтүү буурчак, бат бышкан дан менен алмаштырылат.

15. Кенияда улуттук парктар менен корголуучу жайлар өлкөнүн аймагынын 15%ин ээлейт. Аларды пил, керик, буйвол, зебра, антилопа, жи-

раф, арыстан, кабылан көптөгөн канаттуулар мекендейт. Ошондой болсо да кийинки 20 жылдын ичинде браконьерликтин натыйжасында пил үйүрүнүн саны 65 минден 20 миңге чейин азайып кеткен. Өлкөдө жылына пилдердин күнү белгиленет, бул күнү өлкөнүн президенти браконьерлерден алынган пилдин бивеньдеринен турган чоң костёрду жагат.

16. ТАРда алтынды казып алуу 1886-жылы башталган. XIX кылымдын аягына чейин жылына 20–50 *т* алтын казылып алынып турган, XX кылымдын башында ал 200–300 *т* га жеткен, XX хылымдын ортосунда 600–700 *т* болгон, ал эми 1970-жылы рекорддук салмактагы (1 миң *т*) алтын казылып алынган. 1990-жылдардын аягында ТАРда 450 *т* алтын казып алынган, бирок, ал дагы эле бул көрсөткүч боюнча дүйнөдө биринчи орунда.

17. Уран концентрациясын өндүрүү өткөн кылымдын 50-жылдарында эң жогорку деңгээлге жеткен (6 миң *т*), бирок, кийин бир нече эсе кыскарган. ТАРдагы урандын кенташтагы үлүшү 0,017%, бул башка өлкөлөрдөгүдөн эң эле аз. Бирок, аны көп алуунун себеби ураңды алтындан бөлгөндө аны кошумча продукт катары алат.

## Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

**1.** Тиркемедеги таблицаны колдонуп, Африканын контур картасына экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эркиндикке чыккан өлкөлөрдү түшүргүлө. Эркиндикке чыккан күндү белгилеп, Түндүк жана Тропиктик Африканы салыштыргыла. Таблицанын жардамы менен Африканын жана Европанын аймактарынын бирдей өлкөлөрүн тапкыла.

**2.** Атластагы картаны жана «Тиркемедеги» таблицаларды пайдаланып, Африканын кайсы өлкөсүнүн кара металлургия өнөр жайынын өнүгө турган мүмкүнчүлүгү бар экендигин аныктагыла (отун жана чийки заттардын запасы барбы?). Ошол эле маалыматтарга таянып, кен байлыктардын аймактык айкалыштарын аныктагыла. Алардын ар бириндеги кен байлыктардын курамын мүнөздөгүлө; аларды ошол жердин тектоникалык түзүлүшү менен байланыштырып көргүлө. Ал кен байлыктарды контур картага түшүргүлө.

**3.** Окуу китебиндеги маалыматтарга, «Тиркемедеги» таблицаларга жана атластагы карталарга таянып, Африканын жер, суу, агроклиматтык ресурстарына мүнөздөмө бергиле.

**4.** Окуу китебиндеги 3-таблицаны пайдаланып, Африкадагы «шаардык жарылуунун» сандык мүнөздөмөсүн бергиле. Бул эсептердин негизинде кандай тыянакка келүүгө болот? Окуу китебинин текстин, атластын карталарын жана «Тиркемедеги» таблицаларды пайдаланып, «Африканын калкы» деген доклад үчүн конспект түзгүлө.

**5.** 77-сүрөттү жана атластын карталарын пайдаланып, кайсы өлкөдө кенташ жана кенташ эмес кен байлыктар бар экенин, айыл чарбасында кайсы маданий өсүмдүктөр монокультурага айланганын аныктагыла.

6. Атластагы физикалык жана экономикалык географиялык карталардын негизинде аныктагыла: 1) Африканын негизги тоо-кен өнөр жайынын райондорун; 2) Африканын негизги товардык айыл чарбасынын райондору жана алардын адистешүүсүн; 3) трансафрикалык транспорт магистралдарын. Атластагы карталарды пайдаланып, дептеринерге «Африканын экспортко чыгаруучу жана өзүлөрү керектөөчү айыл чарба продукциясы» деген таблицаны төмөндөгүдөй түзгүлө:

| Жаратылыш зонасы | Экспорттук продукция | Керектөөчү продукция |
|---|---|---|
| Субтропиктер | | |
| Чөлдөр жана жарым чөлдөр | | |
| Саванна жана сейрек токойлор | | |
| Экватордук нымдуу токойлор | | |

7. Силердин оюңарча «сахелдин трагедиясы» кайталанбас үчүн эмнелерди иштөө керек? Өзүңөрдүн оюңарды бышыктоочу мисалдарды келтиргиле.
8. 1. (Дептер менен иштөө) Түндүк, Тропиктик Африканы жана ТАРды калкы жана чарбасынын өзгөчөлүктөрү боюнча салыштыргыла. Окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктагыла. Керектүү жерлерин таблицага түшүргүлө.
   2. Түндүк Африка менен Түштүк-Батыш Азиянын казып алуучу өнөр жайларын салыштыргыла. Мындан кандай тыянак чыгарууга болот?
   3. Тропиктик Африка айыл чарба менен Түштүк Азиянын экспорттоочу, продукцияларын салыштыргыла. Мындан кандай тыянак чыгарса болот?
   4. Класстагы көргөзмө үчүн «Африканын географиясы» деген альбом даярдагыла.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

**Төмөндөгү суроолорго жооп бергиле**

1. Эмне үчүн Африкада Чет өлкөлүк Азиядагыдай калк океан менен деңиз жээктерине ыктаган эмес?
2. Эмне үчүн «Жез алкагынан» өнөр жай продукциясын алып чыгууга Конго дарыясы пайдаланылбайт?
3. Эмне үчүн Каир шаарын «Дельтаны бекиткен алмаз топчу» деп аташат?
4. Эмне үчүн Сенегал «Арахис республикасы» деп аталат?

### Төмөнкү айтылгандар туурабы?

1. Африканын көп өлкөлөрү XX кылымдын экинчи жарымында боштондукка чыгышты.
2. Африка – төрөлүү жана өлүм-житим эң көп болгон регион.
3. Африка өлкөлөрүнө урбанизациянын жогорку темпи мүнөздүү.
4. Нигериянын башкы кен байлыгы – боксит.

### Туура жооп тандагыла

1. Элинин саны боюнча Африканын эң чоң өлкөсү (Египет, Эфиопия, Нигерия, ТАР).
2. Түндүк Африканын башкы кен байлыгы (көмүр, темир кенташы, боксит, нефть, жаратылыш газы, фосфорит).
3. Африканын эң артта калган өлкөсү (Алжир, Эфиопия, Чад, Нигер, Сомали, ТАР).
4. Тропиктик Африканын башкы экспорттук айыл чарба продукциясы (буудай, таруу, пахта, цитрустук жемиштери, арахис, кофе, какао, табигый каучук, сизаль).

### Төмөндөгү тапшырмаларды аткаргыла

1. Картаны карабай туруп контурдук картага төмөнкү өлкөлөрдү түшүрө аласыңарбы? Ливия, Алжир, Судан, Гана, Конго, Ангола, Зимбабве, Намибия, Мозамбик.
2. Төмөнкү аталган өлкөлөрдүн кайсынысы какао өндүрүүчү жана экспорттоочу өлкөлөр: Кот-д-Ивуар, Гана, Нигерия, Танзания, Ангола.
3. Картадан төмөнкү шаарларды көрсөткүлө: Каир, Киншаса, Аддис-Абеба, Найроби, Лагос, Дакар, Луанда, Йоханнесбург.
4. Төмөнкү терминдердин маанисин чечмелеп бергиле: монокультура, натуралдык чарба, апартеид.

### Төмөнкү айтылгандар кайсы өлкөгө таандык

1. Аймагы 600 миң чарчы *км* келген аралдагы өлкө.
2. ТАРдын аймагынын ичинде жайгашкан өлкө.
3. Нигердин ортонку агымында жайгашып, деңизге чыгуу жолу жок өлкө.
4. Борбору Найроби шаары болгон өлкө.
5. Калкынын 98%ы аймагынын 4%ына жайгашкан өлкө.

### Калтырылган сөздөрдү ордуна койгула

1. Жез алкагы Замбиянын түштүк-чыгышына чейин созулат.
2. ............. нефтини экспорттоочу өлкө жана ОПЕКтин мүчөсү.
3. ТАР Африканын иштетүүчү өнөр жайынын .............тин иштеп чыгарат.

### 9-теманын суроолорунун ачкычы

### Эмнени эстеп калуу керек

1. Африканын саясий картасын жана калкын (7-класстын географиясы).

2. Африканын физикалык географиялык абалынын, рельефинин, кен байлыктарынын, климатынын, сууларынын, топурагынын, өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жана анын аймагындагы жаратылыш зоналары (7-класстын географиясы).
3. Байыркы Египет (5-класстын тарыхы).
4. Африканын элинин XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы улуттук боштондук күрөшүнүн негизги маанилерин (8-класстын тарыхы).
5. Терминдерди жана түшүнүктөрдү: колония, бантустан, чөл, саванна, экватордук токой, кимберлит түтүгү, улуттук парк.

### Эмнени өздөштүрүү керек?

### 9-теманын жетектөөчү идеяларын

Африканын социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн өзгөртүш үчүн африкалыктардын өзүлөрүнүн гана чоң аракеттери талап кылынбастан, бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун да аракети керек.

### 9-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Экономикалык географиялык абалынын негизги белгилери, жаратылыш шарттарынын жана ресурстарынын, калкынын, өнөр жайынын, айыл чарбасынын жана айлана чөйрөнү коргоо проблемаларынын географиясы.
2. Монокультура жөнүндө түшүнүк.
3. Түндүк Африканын аймагынын көрүнүшү.
4. Тропиктик Африканын аймагынын көрүнүшү.
5. Теманын негизги сөздөрү: 1) Чарбанын түзүлүшүнүн колониялык тиби. 2) Араб тибиндеги шаарлар.

### Эмнени аткара билүү керек?

1. Окуу китебиндеги маалыматтарга жана атласка таянып, мамлекеттерге өз алдынча мүнөздөмө бере алууну.
2. Шаарлардын жана региондордун өнөр жай тармактарын салыштыра билүүнү.
3. Берилген тема боюнча доклад даярдоого конспект түзүүнү.

# ТҮНДҮК АМЕРИКА

*Түндүк Америка деген түшүнүк 7-класстагы окуган түшүнүктөн айырмаланат. Экономикалык географияда бул түшүнүккө АКШ менен Канада гана кирет. Эки мамлекеттин аймагында анын аянты 19,34 млн км², калкы 332,1 млн. 1992-жылы Христофор Колумбдун Американы ачкандыгына 500 жыл толгону салтанат менен белгиленген. Дүйнөлүк окуяларда Түндүк Америка белгилүү орунду ээлейт.*

*Анын ролу өзгөчө XX кылымда күчөдү. АКШ менен Канада «чоң жетинин» мүчөлөрү экенин эске алуу керек. Ал экөө Батыш Европа өлкөлөрү менен биригип, дүйнөлүк чарбанын борбору болуп эсептелет.*

## § 32. Америка Кошмо Штаттары (АКШ)

**1. Аймагы, чек аралары, географиялык абалы. Мамлекеттик түзүлүшү.** Аймагынын аянты боюнча АКШ дүйнөдө төртүнчү орунду ээлейт. Бул аянтка анын үч бөлүгү кирет: 1) негизги бөлүгү батыштан чыгышка карай 4,7 миң *км*ге, түндүктөн түштүктү карай 3 миң *км*ге созулат; 2) Аляска; 3) Гавай аралдары.

АКШнын экономикалык географиялык абалы эң ыңгайлуу. Ал биринчиден деңиз менен чек арасынын узундугу (12 миң *км*), экинчиден эң ыңгайлуу табигый гавандардын болушу жана эки океандын ортосунда жайгашуусу. Кургактыкта Канада жана Мексика менен чектешип, алар дарыя, көлдөр менен өткөндүктөн соода-сатыкка ыңгайлуу.

Мамлекеттик түзүлүшү боюнча 50 штаттан жана бир федералдык округдан турган федерация республикасы. Ар бир штаттын өзүнүн конституциясы, мыйзам чыгаруучу жана аткаруу бийлиги, шайлануучу губернатору жана өзүнүн символдору бар. Өзүнчө бөлүнгөн Федерация округу – Колумбия, анын аймагында өлкөнүн борбору – Вашингтон шаары орун алган.

Өлкөнүн саясатында республикалык жана демократиялык партиялардын мааниси зор.

**2. Калкы: саны, өсүп толукталышы, сырткы миграциясы, улуттук курамы, жайгашуусу.** Калкынын саны боюнча АКШ дүйнөдө үчүнчү орунда. XX кылымдын ичинде эле анын калкы 3,7 эсеге өсүп, 300 млнго жеткен (2006-ж.).

Бирок, АКШнын калкы жаш, табигый өсүш жогору болгон мезгили өтүп кеткен. XX кылымдын аягында өсүү басандап, жыныстык-курактык пирамиданын көрүнүшүнө да таасирин тийгизди. Бул АКШнын демографиялык өткөөлдүн үчүнчү этабында экендигинин күбөсү. Ошондой болсо да калктын

жылдык абсолюттук өсүшү 2–2,5 млнго жетип, өсүп-өнүгүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылып турат.

Бирок, бул өсүштүн болжол менен 40%ы табийгый өсүү эмес, иммиграциянын эсебинен болуп, ал АКШнын калкынын динамикасына чоң таасирин тийгизип келүүдө. Мисалы, XIX кылымдын башынан тартып АКШга 60 млн киши 70 өлкөдөн келген. Бүгүнкү күндө дагы ага чектөө коюлганга карабай жылына ачык иммигранттардын саны 1 млндон ашат.

Массалык иммиграция АКШнын улуттук курамына да чечүүчү таасирин тийгизди. Азыркы америкалык улут бул этностук аралашуунун, дүйнөнүн ар кайсы жеринен келген келгиндердин бириккен, өзгөчө Европа менен Африкадан чыккандардын аралашмасынын натыйжасы.


XX кылымдын экинчи жарымында Европадан иммиграция азайып, Азиядан, өзгөчө Латын Америкасынан көбөйдү. Акыркылардын ичинен өзгөчө жылына миллиондогон мексикалыктар чек арадан ачык жана жашыруун өтүшөт. Аларды «брасерос» («колун сунуш кылгандар») дешет. 2000-жылы иммигранттардын 16%ы европалыктар, 51%ы латын америкалыктар, 27%ы азиялыктар түзгөн.

АКШда жүздөн ашуун этностор жашаса да, окумуштуулар аларды үчкө гана бөлөт: 1) америкалыктар, тагыраак айтканда англис тили эне тили болуп калган ар кайсы улуттан илгерки келгиндердин урпактары; 2) өтмө иммигранттардын тобу же кийинки келгиндер, АКШнын турмушуна жакшы көнө элек адамдардын тобу; 3) аборигендер (индейлер, эскимостор ж. б.)

АКШнын калкынын $^{9}/_{10}$ бөлүгү америкалыктардан турат. Алар актар, каралар аралашкан ар кайсы улуттардын өкүлдөрү. Акырындап актардын үлүшү азайып, каралар менен түстүүлөрдүн үлүшү көбөйүп жатат.

Өзгөчө бир чоң топту кара америкалыктар (африка-америкалыктар) түзөт. Алардын үлүшү жалпы калктын 12%ына барабар. Мурда афроамерикалыктар жашаган аймак «кара алкак» деп аталган. Алар XIX кылымда кулчулукту жоюуга чейин түштүктөгү плантациялык чарбаларда жашаган. Кийинки жылдарда алар Түндүктүн жана Батыштын шаарларына көчүп отурукташкан. Африка-америкалыктар көбү түштүктүн шаарларында жашайт.

АКШнын тарыхында дайыма африка-америкалыктарга расалык дискриминация болуп келген. Алардын көпчүлүгү мулаттар. Мындай дискриминация көп убактарда расалык сегрегацияга айланган, б. а. негрлер менен актардын бөлөк жашап, бөлөк билим алуусу, кара түстөгү калктын америкалык улутка толук биригүүсүнө тоскоол болгон. XX кылымдын экинчи жарымында расалык дискриминацияга каршы бир канча мыйзам кабыл алынды. Бирок, реалдуу турмушта эскинин калдыктары дагы эле кездешет. Анын үстүнө африка-америкалыктардын арасында кедейлер жана жумушсуздар көп.



Вашингтон шаары. Ак үй.

Латын америкалыктардын саны тезирээк өсүп, азыр алар африка-америкалыктардан ашып кетти. Өтмө топтогу иммигранттардын саны АКШнын жалпы калкынын 10%ын түздү, ал эми аборигендердин үлүшү 1%га жетти.

Калктын жыштыгы боюнча АКШ калкы жыш жайгашкан 20 өлкөнүн ичинен 18-орунда (1 $км^2$ жерге 28 киши). Өлкөнүн аймагында жайгашуу бирдей эмес. Мисалы, өлкөнүн аймагынын 12% аянтында АКШ калкынын 70%ы жашайт. Өзгөчө деңиз жээктери менен тоолуу аймактардын айырмасы зор: 350–400 кишиден 3–4 кишиге чейин. Кийинки жылдарда ички миграция да, өзгөчө пенсионерлердин түндүктөн түштүк штаттарга оошу күчөөдө. Техастын, Флориданын, өзгөчө Калифорниянын калкы тез темп менен өсүп жатат. АКШнын калкынын жайгашуусу негизинен шаар географиясы менен аныкталат. Шаардын саны 9 минге жетет. *Шаарлардын түндүк америкалык тиби* өзүнүн өзгөчө белгилери менен айырмаланат.

Америкалык шаарлардын планы тик бурчтугу менен айырмаланат. Эреже катары борбордук бөлүгү ишкердик район же «даунтаун» деп аталып, ал жерде башкаруучу мекемелер, банктар, массалык маалымат каражаттары

жана тейлөө кызматтары жайгашкан. Чоң шаарларынын борборлоруна «көк тиреген» бийик имараттар тургузулуп, анын кубаттуу өсүп жаткан шаар экендигин белгилеп турат. Калган аймактарда 2, 3 кабаттуу жеке менчик үйлөр басымдуу. Булар шаарлардын мейкиндик боюнча таралышына, бири-бирине кошулуп шаар агломерацияларынын түзүлүшүнө алып келүүдө.

АКШ – типтүү шаар агломерацияларынын өлкөсү. Мисалы, 1950-жылы АКШда 170 шаар агломерациясы болсо, 1990-жылы анын саны 300гө жеткен. «Миллионер – шаарлар» АКШда 10, ал эми миллиондук-агломерациялар – 50. Аларда АКШнын калкынын жарымы жашайт.

Агломерациялардын борборлору менен чет жактарынын катнашы да өзгөрдү. Америкалыктардын, сөзсүз өз үйлөрүндө жашагысы келгени, өзүмдүк автомашиналардын көптүгү, жердин улам кымбатташы, экологиялык жана транспорттук кырдаалдын начарлашы шаардын тегерегинин өтө жайылып өсүшүнө алып келди. Азыр мындай «бир кабаттуу Америкада» калктын $^2/_3$си жашап, борбордук бөлүктөрдө калктын саны азайгандын үстүндө. Бул процесс субурбанизация деп аталат.

Өткөн кылымдын 50-жылдарында америкалык географтар дагы чоң шаардык түзүлүштүн – *мегаполистин* калыптанышын белгилешти. Азыр АКШда үч мегаполис бар: Түндүк-Чыгыш, Көл жээги жана Калифорния. Биринчиси Бостондон Вашингтонго чейин созулат, кыскача «Босваш» деп аталат, экинчиси Чикагодон Питсбургга чейин – «Чипитс», ал эми үчүнчүсү – (Сан-Францискодон Сан-Диегого чейин) – «Сансан» – деп аталат.

**АКШнын** элет калкы көбүнчө өзүнчө фермаларда жашайт. Бирок айылдык элдин турмушу шаардыктардан көп айырмасы жок. Демек, шаар турмушу АКШнын бардык жерине мүнөздүү.

**3. Чарбасынын жалпы мүнөздөмөсү: АКШнын дүйнөлүк экономикадагы жетектөөчү орду.** XIX кылымдын аягында эле **АКШ** өнөр жай продукциясынын көлөмү боюнча Улуу Британиядан озуп дүйнөдө биринчи орунга чыккан. Азыр да экономикасынын көлөмү боюнча дүйнөдөгү өлкөлөрдүн баарынын алдында жана өзүнүн постиндустриялык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча лидер өлкөлөрдүн тобуна кирген.

**АКШнын** ИДПсы 10 трлн долларга барабар, Ал бүткүл дүйнөлүк ИДПнын $^1/_5$ин түзөт. АКШ дүйнөлүк өнөр жай продукцияларын өндүрүү, илимий-техникалык потенциалы жана илимди көп талап кылган жогорку технологиялык продукцияларды чыгаруу, өндүрүштүк эмес чөйрөнүн өнүгүшү, финансылык кубаты жана дүйнөлүк чарбага тийгизген таасири боюнча (АКШ доллары дүйнөлүк валютага айланганын эске алсак) биринчи орунду ээлейт. АКШ ири улуттар аралык корпорациялардын жардамы менен чет өлкөлөргө түз инвестиция жүргүзүп, башка өлкөлөрдө **АКШ**нын **«экинчи экономикасы»** деп аталган көптөгөн ишканалары курулган. Ошондуктан өлкөнүн ички дүң продукциясы менен **улуттук дүң продукциясын** айырмалап билүү зарыл.

Дүйнөлүк экономикадагы берилген божомолго караганда **АКШ**нын салыштырма салмагы төмөндөгөндүгүнө карабай, бул өлкө XXI кылымдын башында негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча дүйнөдөгү лидерлигин сактап калат.

**АКШ**нын өнөр жайы өндүрүштүк жана аймактык концентрациясынын жогорку деңгээли менен айырмаланат. Алар массалык, сериялуу, өзгөчө татаал жана уникалдуу продукцияларды чыгарууга багытталган. «АКШда жасалган» деген маркалуу буюмдар дүйнөлүк рынокто жакшы сапаты менен айырмаланып жана жогору бааланат.

АКШнын өнөр жайында тармактардын, тармакчалардын жана өндүрүштүн бардык түрлөрү бар. Ошондой болсо да дүйнөлүк чарбада өлкөнүн өңүн көрсөткөн товарларды бөлүп айтууга болот. Бул автомобиль куруу. Ошондой эле дүйнөлүк согуштан кийин өнүккөн аэроракета-космос өнөр жайы жана электроника. Нефть өнөр жайынын мааниси да өтө жогору. Бул тармак автомобиль жана аба транспортун камсыздоочу стратегиялык тармак болуу менен экономиканы гана эмес, саясатты да аныктоочу тармак. АКШ микропроцессорлорду чыгаруу, айлана чөйрөнү коргоо, биотехнология жана биоиндустрия, информациялык технология багытындагы иштерди иштөөдө алдыда. Мисалы, АКШда 2002-жылы 170 млн киши интернет менен иштеген. Жекече компьютерлерди АКШнын жарандары, Япония менен Батыш Европадан 2–3 эсе көбүрөөк (1000 кишиге 500 компьютер) пайдаланышат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн өлчөмү боюнча да АКШ дүйнөдөгү өлкөлөрдүн алдыда. АКШ агробизнеске биринчи болуп кирди. Агрардык өндүрүштүк комплекстеги эмгектин өндүрүмдүүлүгү өнөр жайдагыдан да алдыга чыккан. Көп тармактуу айыл чарбасы өлкөнүн өзүнүн гана керектөөсүн канааттандырбастан, бир далай продукцияны экспортко чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Экспорттолгон дандын жарымы АКШга таандык.

АКШнын айыл чарба ишканаларынын негизги тиби – ферма. Алар сатыкка чыккан продукциянын негизги бөлүгүн даярдайт. Мындай агробизнестин шартында **стадиялык адистешүү**, же бирдиктүү өндүрүш процессин звенолорго бөлүү жакшы өнүккөн. Мисалы, помидор көчөттөрүн түштүк-чыгыш штаттарынын фермерлери өстүрүп, аларды самолет менен Калифорнияга жеткизип, андан даяр помидор, Техаста томат ширесин даярдайт.

Фермалардын мындай адистешүүсү жаратылыш шартынын өзгөчөлүктөрүн жакшы пайдаланып, жогорку сапаттуулукка, продукциянын арзандыгына жетишүүгө мүмкүндүк берет. Бирок, алар фермерлердин сатылчу рынокко жана баанын өзгөрүп туруусуна көз карандылыгын арттырат.

АКШ транспорттун бардык түрлөрүнүн өнүгүү деңгээли боюнча да дүйнөдөгү өлкөлөрдүн ичинен алдыда. Дүйнөдөгү транспорт тармагынын $^1/_3$ин түзүп, жүк ташуу боюнча Батыш өлкөлөрүнүн $^1/_4$ бөлүгүн тейлейт. АКШнын транспорт системасы (Канада менен бирдикте) өзгөчө түндүк америкалык типти

түзөт. Ага транспорттун бардык түрү, жүк жана жүргүнчү ташуунун чоң өлчөмү, жолдун алыстыгы жана автомобиль транспортунун басымдуулугу мүнөздүү. 1990-жылдардын аягында өлкөнүн автомобиль паркы 200 млн машинага жеткен.

АКШда автомобиль жол жүрүүнүн массалык каражаты катары америкалык турмуштун ажырагыс белгиси болуп калган. Кызмат, эс алуу, соода кылуу жана оюн-зооктун баары автомобилсиз өтпөйт. Андай турмуш өткөн кылымдын 20-жылдарынан эле башталган. Кинотеатрларда, банктарда, жада калса чиркөөдө дагы автомобилден түшпөй туруп ишти бүтүрүүгө болот. АКШда автомобиль жалаң эле жол жүрүүчү каражат эмес, ээсинин коомдогу ордун көрсөтүүчү символ. Үй-бүлөнүн $^4/_5$ бөлүгүндө машина бар. Американыктар дүйнөнүн башка элдерине караганда 13 эсе көп жер которот.

Эң жогорку өнүгүү АКШдагы материалдык эмес чөйрөдөгү өндүрүш менен тейлөө кызматына мүнөздүү. ИДПде алардын үлүшү 70%дан ашты. Бул АКШнын постиндустриялык коомго киргенин ачык көрсөтүп турат.

АКШда жогорку окуу жайлардын, өзгөчө Гарвард, Йель, Принстон, Стенфорд университеттеринин алдында түзүлгөн технопарктар жана технополистер көп.

XX кылымдын ортосуна чейин жаратылыш – ресурстук, транспорттук, эмгек ресурстарынын топтолушу АКШнын чарбасынын аймактык түзүлүшүнө зор таасирин тийгизген. ИТРдин убагында илимди көп талап кылган факторлор чоң мааниге ээ боло баштады. АКШ чарбасы Европанын чарбасынан экономикалык турмушу чет жакта, океан менен көлдөрдүн жээктеринде жайгашкандыгы, калктын шаарга топтолушу менен айырмаланат, өлкөнүн өнөр жай продукциясынын $^3/_5$ бөлүгү үч мегаполисте өндүрүлөт. Экономикалык жактан жакшы өнүккөн башка өлкөлөрдөй эле АКШда да аймактык жактан чоң диспропорция бар, мисалы, жакшы өнүккөн райондор начар өнүккөн депрессиядагы райондор менен жанаша орун алган. Өлкөдө ал айырмачылыкты жоюу үчүн региондук саясат жүргүзүлөт. Кээ бир жерлерде ал аракеттер оң натыйжа берүүдө, бирок ошого карабастан депрессиялык райондордо өнүгүү жай жүрүп жатат.


**4. Өнөр жайдын географиясы: табигый-ресурстук шарты, негизги райондору жана тармактары. АКШнын** табигый-ресурстук шарты өнөр жайдын өнүгүшү үчүн эң ыңгайлуу. Мисалы, Батыштын экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрүнүн ичинен АКШ табылган көмүрдүн (445 млрд *т*), нефтинин (3,7 млрд *т*), жаратылыш газынын (4,7 трлн *м*), уран, молибден кендеринин, фосфориттин, күкүрттүн, гидроэнергиянын запастары боюнча биринчи орунда.

Кен байлыктар өлкөнүн бардык жеринде таралган; мисалы, көмүр жана нефть кендери 30 штаттан табылган. Тектоникалык түзүлүшү боюнча АКШнын аймагы эки чоң бөлүккө ажыратылат: чыгышы платформа, батышы

бүктөлүү облусу. Чыгышы отун-энергетикалык, батышы – руда кендерине бай.

Өлкөдө геологиялык чалгындоо иштери мейкиндик жана «терендик» боюнча жүрүп, анда нефтинин келечектүү запасынын жарымы Мексика булунунун, Калифорниянын жана Аляcканын шельфтеринде жайгашкандыгы далилденди. Аляcканын жээктеринен, АКШнын жаңы өздөштүрүлгөн районунан, (Прадхо-Бей) нефтинин зор кени табылды (33-сүрөт). Ошого карабастан өлкөнүн нефть чыккан жайларынын бир далайы түгөнүүгө жакындап, ресурстарга эң бай аталган өлкөдө өткөн кылымдын 70-жылдарында отун энергетикалык жетишсиздик байкалды. Азыр АКШ өзүнүн керектөөлөрүнүн жетишпеген жагын импорт менен толуктайт.

АКШнын картасына байкоо жүргүзсөк, анын бардык штаттарында өнөр жай тармактарынын баары эле өнүккөн. Алардын ичинен бир-эки штат отун-




**33-сүрөт.** АКШнын нефть өнөр жайы

энергетикалык өнөр жайы боюнча өзгөчөлөнүп турат. Мисалы, көмүр 15 штатта казып алынат, бирок, негизги «көмүр шахталары» Кентукки, Батыш Виргиния, Пенсильвания штаттарында, алардын аймагында эң ири көмүр бассейни – Аппалачи орун алган. Кийинки жылдарда Вайоминг штатынын мааниси өсүүдө, анткени ал жерде күкүртү аз көмүрдү ачык жол менен казып алат. Электр энергия бардык эле штаттарда өндүрүлөт, бирок, электр-станцияларынын негизги «топтору» Теннесси жана Вашингтон штаттарында. Алгачкы ГЭСтер өткөн кылымдын 30-жылдарында Теннесси дарыясына курула баштаган, кийин алар ЖЭСтер жана АЭСтер менен толукталган. Вашингтон штатында Колумбия дарыясына жалпы кубаттуулугу 20 млн *кВт* келген дүйнөдөгү эң ири ГЭСтер курулган, бул жерде нефть өнөр жайы дагы өнүккөн. Кара металлургия Түндүк жагында пайда болуп, азыркыга чейин Иллинойс, Индиана, Огайо, Пенсильвания, Мэриленд «металлургиялык» штаттарда өнүккөн. Түстүү металлургия тоолуу штаттарга таандык.

Машина куруу негизинен шаар агломерацияларынын жайгашуусуна байланыштуу. АКШнын үч мегаполиси менен машина куруу борборлору дал келет. Ишканалардын ар түрдүүлүгүнө карабай кээ бир штаттар өзүнүн адистешүүсү менен айырмаланат. Мисалы, автомобиль куруу 26 штаттын 125 шаарында жайгашкан. Бирок, автомобилдин көбү Көл жээгиндеги мегаполисте чыгарылат. Бул жерде негизги «автомобиль штаты» – Мичиган, «автомобиль куруунун борбору – Детройт орун алган. Авиаракета-космос өнөр жайы көп эле шаарларда бар, бирок Тынч океандык штаттарда, айрыкча Калифорнияда АКШнын «авиаракета – космостук борбору» – Лос-Анджелес. «Боинг» компаниясынын негизги «вотчинасы» орун алган жана дүйнөдөгү авиалайнерлердин $^1/_2$ин чыгарган Сиэтл шаарынын да мааниси зор.

Станок куруу негизинен Көл жээги жана Түндүк-Чыгыш мегаполистеринде, айыл чарба машиналары көл жээгинде, кеме куруу Түндүк-Чыгышта, ал эми электроника үч мегаполисте тең өнүккөн. АКШнын өнөр жайы дүйнөдөгү эң зор аскер өнөр жай комплекси менен тыгыз байланыштуу.

Химия өнөр жайы да дүйнөдөгү эң чоң тармак, ал ондогон борборлордо топтолгон. Нефть-газ, химия өнөр жайлары Мексика булуңунун нефть газ бассейндерине ыктаган. Бул жерде 200гө жакын ишкана иштейт. АКШнын «нефть-химия борбору» Хьюстондон орун алган. Текстиль өнөр жайы эки кылым бою Түндүк Атлантика штаттарында Жаңы Англиядагы Бостон шаарына топтолуп келген. Кийинки жылдарда ал тармак Түштүк Атлантика штаттарына, арзан жумушчу күчү бар, пахта жана жасалма була өндүргөн райондорго жана сатылчу жайларга жакын жайгаша баштады.

АКШнын өнөр жайлуу райондору көп, бирок өзгөчөлөнгөн үч району бар. Алар Нью-Йорк, Лос-Анжелес жана Чикаго. АКШнын көпчүлүк өнөр жайлуу райондорунун көбү төрт өнөр жайлуу алкакка кирет.

Түндүк өнөр жайлуу алкак Атлантика океанынан Миссисипиге чейин созулат, АКШ үчүн анын ролу өзгөчө чоң. Ал ондогон эски өнөр жайлуу райондорду жана жүздөгөн жаңы өнөр жай борборлорун камтыйт. АКШ боюнча анын өндүрүшү азайып жатса да, бул район дүйнөдө эң индустриялуу облус бойдон калууда. Түштүк-Чыгыш өнөр жайлуу алкак кийинки он жылдыкта калыптанса да, эмгекти жана энергияны көп талап кылган продукцияларды чыгарууга, Мексика булуңунун жээгиндеги өнөр жай алкагы нефти иштетүүгө жана нефти-химияга адистешкен. Калифорнияда илимди көп талап кылган тармактар өнүккөн.

**5. Айыл чарбасынын географиясы: табигый шарты, негизги тармактары жана райондору.** АКШнын аймагынын табияты, айыл чарбасы үчүн эң ыңгайлуу. Өлкө жер ресурстарына бай, анын ичинде иштетиле турган жерлер, шалбаалар, жайыттар АКШнын $^1/_2$ аймагын ээлейт. Бир аз дөңсөөлүү Борбордук түздүктө айдалган жерлер 80–90% ке жетет. Иштетүүгө ылайыксыз жерлер Аляскада, Кордильера тоолор аймагында жана чөлдөрдө.

АКШнын агроклиматтык ресурстары да бир кыйла. АКШнын географиялык абалын Европанын географиялык абалы менен салыштырууга болот. Температуралык шарты бардык мээлүүн жана субтропиктик алкактарындагы айыл чарба өсүмдүктөрүн, ал эми Флорида менен Гавайиде тропиктик өсүмдүктөрдү өстүрүүгө болот. Чыгыш бөлүгүндө ным жетиштүү, батышка карай ным азайып, 100° узундуктан (меридиандык) чыгышты карай айыл чарбасын сугат менен гана жүргүзсө болот. Ошондуктан, сугат жерлердин $^3/_4$ бөлүгү батыш штаттарга туура келет.

Талаачылыктын негизин дан чарбачылыгы түзөт. Бардык аянттын $^2/_3$ бөлүгүн дан өсүмдүктөрү ээлейт. Башкы азык болуучу өсүмдүк – буудай, андан сырткары тоют өсүмдүктөрү (жүгөрү, ак жүгөрү) көп жыйналат. Май чыгуучу өсүмдүктөрдөн соя көп эгиле баштады. Алар тамакка да пайдаланылып (соя майы), малга да тоют болот. Булалуу өсүмдүктөрдөн пахта, XIX кылымда экспортко кетүүчү продукция болгон. Кант чыгаруучу өсүмдүктөрдөн кант кызылча, бал камыш өстүрүлөт. Көп америкалыктардын тамак-ашына кирген жашылча жемиш өсүмдүктөрү да арбын айдалат.

Мал чарбачылыгынын негизин сүт жана эт багытындагы бодо мал түзөт. Чочко жана үй куштарын багуу да кеңири таралган. Эт багытындагы балапандарды (бройлерлер) өстүрүү АКШнын айыл чарбасындагы эң индустриялашкан тармак, аларды элет жердеги өнөр жайдын тармагы десе да болот. Жылына 4 млрд бройлер өстүрүлөт.

АКШнын айыл чарба райондорунда айыл чарбанын тармактарынын бардыгы жакшы өнүккөн, окумуштуулар мындай тармактардын 13үн ажыратышат. Жаратылыш шартынын ар түрдүүлүгү, айыл чарбасынын жогорку товардуулугу, айыл чарба продукцияларын массалык түрдө ташууну тейле-

ген транспорттун жакшы өнүгүшү жалаң эле фермалардын адистешүүсүн эмес, бүткүл бир райондун адистешүүсүн камсыз кылат Алар АКШнын айыл чарба алкагы деп аталат. Бул Улуу түздүктөрдөгү фермалардын жогорку механизацияланган, миндеген гектар жерлерди ээлеген, «дандын фабрикасы» деп аталган «буудай алкагы»; Борбордук түздүктүн түндүгүндө калыптанган, агроклиматтык шарты эң ыңгайлуу «жүгөрү алкагы» Көл жээгиндеги жана Түндүк-Чыгыш штаттарда сүт алкагы жайгашкан. Миссисипинин төмөнкү агымында илгертеден бери «пахта алкагы» калыптанган. Мал чарбасы өнүккөн Улуу түздүктөрдүн түштүгүндө жана тоолуу штаттарда ранчолор жайгашкан. Арахис, тамеки, шалы, жашылча, жемиш өстүрүүгө адистешкен райондору да бар.

**6. Транспорттун географиясы: негизги магистралдар жана түйүндөр. Тышкы соодасы.** АКШнын транспортунун негизин кеңдик жана узундук боюнча кеткен трансконтиненттик магистралдар түзүп, Атлантика океанынын жээгин Тынч океан менен, түндүктөгү Канаданын чек арасын Мексиканын чек арасы менен бириктирет. Аларга ички суу жолдору да кошулат. Кеңдик боюнча аккан Ыйык Лаврентий дарыясы менен Улуу көлдөр өткөн кылымдын 50-жылдарында терендетилген суу жолуна айландырылган. Узундук боюнча суу жолу «американын Волга» – Миссисипи дарыясы. Транспорттук магистралдар кайчылашкан жерлерде ири транспорт түйүндөрү пайда болгон.

Транспорттук түйүндөрүнүн бир мисалы – Чикаго. Бул жерге ондогон темир жана автомобиль жолдору келип, ар түрдүү жүктөр транспорттун бир түрүнөн экинчи түрүнө которулат. Чикагонун «О-Хайр» деген аэропорту жакында эле дүйнөдөгү эң ири аэропорт болучу. Азыр ал Атланта аэропортунан кийин экинчи орунда турат. Ири транспорт түйүндөрү атлантикалык жана тынч океандык порттордо жана Улуу көлдөрдүн жээктеринде пайда болгон. Өлкөдө жүзгө жакын порттор бар. Порттор өнөр жай комплексинин эң маанилүү жери, ыңгайлуу гавандары көп Атлантиканын жээктеринин түндүк бөлүгүндө жана Мексика булуңунда курулган.

Ички рыногунун сыйымдуулугуна байланыштуу АКШнын экономикасы Европанынкына жана Япониянынкына караганда жабыгыраак. Ошондой болсо да тышкы экономикалык байланыштары өлкө үчүн чоң мааниге ээ. Тышкы соода сатыктары боюнча АКШ дүйнөдө биринчи орунда. Анын товардык экспорту өнөр жай жана айыл чарба продукцияларынан турат. Жалпысынан экспортко өнөр жай продукциясынын 15%ы, анын ичинде металл продукцияларын $^{1}/_{4}$и машиналардын $^{1}/_{5}$и чыгарылат. Айыл чарбасындагы экспорттун $^{1}/_{2}$ буудай, $^{1}/_{3}$ соя, $^{1}/_{5}$ жүгөрү.

АКШ тейлөө кызматын экспорттоо боюнча да биринчи орунда.

АКШнын импортунда чийки заттар, машина жабдуулары басымдуулук кылат. Баасы боюнча импорт экспорттон көптүк кылат. Ошондуктан соода

балансы пассивдүү. АКШнын тышкы соодасынын географиясын негизинен Канада жана Мексика менен байланыштары аныктайт; андан сырткары Европа өлкөлөрү жана Япония менен да байланыштары зор.

АКШ Батыш өлкөлөрүнө капитал экспорттоочу ири өлкө. Бирок, батыштан жана Япониядан кайра АКШга капиталдын келүүсү да бир кыйла. Ал АКШ чыгарган капиталга теңдеш болуп калды. Мына ошондуктан «эки жакка жүргөн көчө» сыяктуу капитал алмашып турат.

**7. Эс алуу жана туризм географиясы: негизги райондору.** Эл аралык туризмдин өнүгүшү боюнча АКШ Европага жетпейт, ошондой болсо да өлкөгө жылына 50 млндой киши келип, кетет. Өзгөчө Канада менен кошуналык туризм жакшы өнүккөн. Эң жакшы өнүккөн ички туризм автомобилдик тейлөө менен тыгыз байланышкан.

АКШ эң ири жана ар түрдүү табигый-рекреациялык ресурстарга бай. Алардын негизинде ири табигый-рекреациялык райондор калыптанган. Деңиз жээгинин туризми – Флоридада, Гавайиде жана Калифорнияда, тоо туризми – Аскалуу тоолордо жана Көл жээгиндеги штаттарда жакшы өнүккөн.

АКШда 50 улуттук парк бар, аларга жылына 300 млнго жакын турист келет. Эң белгилүүлөрү – Йеллоустон, Йосемит, Секвойя, Глейшер, Колорадонун Чоң каньону жана Аппалачидеги Грейт – Смоуки – Маунтинс.

Улуттук парктар, коруктар жана табият резерваттарынан башка аймактын туристтик-рекреациялык системасы «улуттук мемориал», «улуттук тарыхый парктар», «салгылаштар жүргөн улуттук парктар» деген категорияларды камтыйт.

**8. Айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык проблемалар.** Өткөн кылымдын 60–70-жылдарында АКШнын индустриялашкан жана урбанизацияланган райондору экологиялык кризиске дуушар болгон. Кен байлыктарды ачык казып алуу «чарбага жараксыз» жерлердин көбөйүшүнө, жылуулук энергетиканын көбөйүшү кислоталуу жаан-чачындын таралышына, автомобиль транспортунун дүркүрөп өсүшү кээ бир шаарлардын «түтүндүү жерлерге» айланышына алып келген. Улуу көлдөрдө органикалык тиричиликтин түрүнүн саны азая баштады. Америкалык адабиятта Кливленд шаарынын жанында дарыя өрттөнгөн укмуштуу окуя жазылган.

Мындай шартта бир канча федералдык, таза аба, таза суу ж. б. мыйзамдар кабыл алынып, айлана чөйрөнү коргоого каражат көбөйтүлгөн. Жаңы технологиялар киргизилип, экоиндустрия күчөтүлдү. Коомчулук да көп демилге көтөрө баштады. Экологиялык билим жана тарбия берүү жакшырды. Натыйжада, айлана чөйрөнүн абалы жакшыра баштады. Улуу көлдөрдө кайрадан балык пайда болуп, Нью-Йорк, Чикаго ж.б. шаарлардын абасы тазара баштады. Бирок, азыркыга чейин экологиялык кооптуу кырдаал түзүлгөн жерлер да бар.

## 2. АКШнын макрорайондору

**АКШнын макрорайондору: төрт негизги бөлүгү.**

АКШнын аймагын кийинки кездерде окумуштуулар төрткө бөлөт: Түндүк-Чыгыш, Ортонку Батыш, Түштүк жана Батыш.

**1. Түндүк-Чыгыш: өлкөнүн «устаканасы».** Түндүк-Чыгыш АКШнын чакан аймагы, бирок, эң маанилүү бөлүгү.

1620-жылы Массачусетс булуңуна англиялык «Мэйфлауер» – деген кеме менен биринчи жүргүнчүлөр отурукташууга келип түшкөн. Натыйжада, «Жаңы Англия» аттуу АКШнын алгачкы өздөштүргөн жери пайда болгон. Ошол тургундардын жалпы аты «янки» деп аталып, ал ат жергиликтүү америкалыктардын символу болуп калган. Жаңы Англиянын борбору – Бостон жаңы жердеги биринчи шаар. Анда эң алгачкы Гарвард университети (1636-ж) уюшулган. Кийин англиялыктар голландыктардан Манхеттен аралын сатып алып, ал жерге шаар куруп, англиянын королунун бир тууганы герцог Йоркскийдин атынан Нью-Йорк деп атаган. Андан кийинчерээк Филадельфия шаары түптөлүп, 1776-жылы ал шаарда АКШ нын көз карандыы эместигинин Декларациясы жарыяланган.

Узак убакыт бою Түндүк-Чыгыш өз алдынча тез өнүккөн. Буга анын ыңгайлуу экономикалык географиялык абалы, таш көмүр байлыгы, колониялаштыруу өзгөчөлүгү себеп болгон. Ушул жерде өнөр жай өрчүп, АКШнын өнөр жай алкагын түзүп, «улуттун устаканасы» деген деңгээлге жеткен. XX кылымдын экинчи жарымында анын көрсөткүчү төмөндөсө да, ал өлкөнүн эң маанилүү экономикалык району боюнча кала берген. Бул жерде өлкөнүн башкы экономикалык борбору – Нью-Йорк, саясий борбору – Вашингтон орун алган. Экөөнүн аралыгын жүргүнчүлөрдү ташуучу экспресс үч саатта басып өтөт.

Нью-Йорк – АКШнын эң ири финансы, өнөр жай, транспорт, соода жана маданий борбору. Ал өлкөнүн ИДПсынын $^{1}/_{10}$ин берет. Өзгөчө Нью-Йорк АКШнын башкы финансы борбору катары мааниси өтө жогору. Анда АКШнын эң чоң банктарынын жана камсыздоо компанияларынын башкармалыктары орун алган. Нью-Йорктун финансы жана соода биржалары АКШда гана эмес дүйнөгө да белгилүү.

Нью-Йорктун өнөр жайында үч тармактын тобу бар. *Биринчиси* – порттук функциясы менен байланышкан оор өнөр жайдын тармагы. Ал тармактын өнүгүшү деңиз менен алынып келинген чийки заттарга, нефть жана түстүү металлдарга байланыштуу. *Экинчиси* – эмгек ресурстарына жана керектөөлөргө таянган, машина куруу, тигүү жана тамак-аш өнөр жайы. *Үчүнчүсү* – полиграфия өнөр жайы, Нью-Йоркко – «жаңылыктын борбору» – деген атакты алып келген. Нью-Йорк маданияттын жана оюн-зооктун да борбору.

Нью-Йорк Гудзон дарыясынын чатындагы аралдарда жайгашкан, беш бөлүктөн турат. Эң негизги бөлүгү – Манхеттен, ал аты окшош аттуу аралдан орун алган. Манхеттендин сырткы көрүнүшүн асман тиреген имараттар аныктайт, алардын 30унун бийиктиги 200 *м*ден ашат. Мурда, өткөн кылымдын 30-жылдарында салынган Эмпайр Стейт Билдинг баарынан бийик болсо, кийин андан бийик Бүткүл дүйнөлүк соода борборунун эки окшош мунарасы тургузулган (110 кабат, бийиктиги 412 *м*). Бирок, алар 2001-жылы 11-сентябрда теракттын натыйжасында кыйраган.

АКШнын башкы дарбазасы катары иммиганттардын 90%ы Нью-Йорк аркылуу өтөт, ошондуктан шаардын улуттук курамы эң эле ар түрдүү. Нью-Йоркто 177 улуттун өкүлү жашайт, калкынын $^{2}/_{5}$си иммигранттар Нью-Йоркто газеталар 15 тилде чыгат.

Вашингтон – 1800-жылдан бери өлкөнүн борбору. Анын негизги функциясы – мыйзамдарды жана өкмөттүн токтомдорун чыгаруу. Вашингтон өлкөнүн башка шаарларынан айырмаланып, европалык шаарларга окшоп кетет. Анда бийик үйлөр жок, анткени конгресстин резиденциясы – Капитолийден бийик үй салууга тыюу салынган. Шаардын калкын тейлөөчү өнөр жайдын гана тармактары өнүккөн. Бул ири маданий жана илимий борбор.

Шаар Потомак дарыясынын төмөнкү агымында, 1791-жылы АКШнын биринчи президенти Жорж Вашингтон тарабынан негизделген. Борбор үчүн Мериленд жана Виргиния штаттарынын чегинен, тактап айтканда Түндүк менен Түштүктүн ортосунан 10 х 10 миль жерди тандашкан. Шаар тик бурчтуу план боюнча салынган, Капитолий менен президенттин резиденциясы – Ак үйдүн ортосу кеңири авеню менен кошулган.

XIX кылымда «америкалык Рурдун» милдетин аткаруучу Пенсильвания штатынын батыш жагында, Аппалачтын көмүрүнүн базасында дагы бир өнөр жайлуу борбор пайда болгон. Көмүр кени бар, металлургия өнөр жайы өнүккөн, Огайо дарыясынын жээгинде жайгашкан Питсбург шаары «металлургия борбору» деген атка ээ болгон. Бирок, ал кийинки кездерде начарлап, заводдорунун көбү жабылып, депрессия районуна айланды. Өнөр жайдын башка тармактары жана тейлөө чөйрөсү өнүгө баштады.

**2. Ортоңку Батыш ири өнөр жайлуу жана айыл чарбалуу району.** Ортоңку Батыш XIX кылымда өздөштүрүлдү. Өнөр жайы акырындап Бостон менен Нью-Йорктон батышка карай, Көлдөрдүн жээгине жыла баштады. Отундун, чийки заттардын бай ресурстарынын жана ыңгайлуу экономикалык географиялык абалынын негизинде, Чикаго, Детройт, Кливленд сыяктуу ири өнөр жай борборлору өсүп чыкты. XX кылымдын экинчи жарымында бул жерде Көл жээгиндеги мегаполис пайда болду.

Чикаго – Ортоңку батыштын борбору. 150 жыл мурда негизделген бул шаар американын кубаттуу индустрия символуна, дан менен малдын базарына айланды.

Бул АКШнын финансалык соода жана маданий борбору, эң ири транспорт тоому. Анын агломерациясына ондогон жандоочу шаарлар кирет. Ортоңку Батыш жалаң көмүргө, темирге бай болбостон, ошондой эң ыңгайлуу жаратылыш шарты менен өзгөчөлөнөт. Мына ошондуктан, Ортоңку Батыш «өлкөнүн кампасы» делет. Ал АКШнын аймагынын $^1/_5$ бөлүгүн түзсө да айыл чарба продукциясынын $^1/_2$ин берет. Ушул макрорайон АКШнын «сүт алкагын» камтыйт. Сүт, май, сыр бул жерден бүт өлкөгө тарайт. Бул макрорайондун чегинде «жүгөрү алкагы» жайгашып, фермерлер эт багытындагы уй жана чочко багат. Бул аймакта мурдагы прерийди жаздык «буудайдын алкагы» ээлейт. Учу-кыйрына көз жетпеген жазгы буудай талааларында фермалар жана чакан шаарлар, бетондон тургузулган элеваторлор, андан түштүктө күздүк буудай айдалган талаалар жайгашкан.

**3. Түштүк.** АКШнын түштүгү көп жылдар бою Түндүк-Чыгышка жана Ортоңку Батышка караганда жайыраак өнүгүп келген. Ага кулчулук, плантация чарбасынын үстөмдүк кылышы себеп болгон. Бир жарым кылым бою Түштүк – пахтанын региону болуп келген. Түштүк АКШ өнүккөн макрорайондордун агрардык-чийки заттуу жардамчысы болгон, ал кедейликтин, артта калгандыктын жана расизмдин күчөгөн району катары эсте калат.

Кийинки ондогон жылдарда Түштүк кескин өзгөрдү. Ал нефтини, жаратылыш газын өндүрүү, көмүрдү, фосфоритти казып алуу, электростанциялардын кубаттуулугу, нефть-химия комбинаттарынын саны боюнча биринчи орунга чыкты. Азыр мында кездеме менен тамекинин $^9/_{10}$ бөлүгү чыгарылат. Пахта алкагы кыйла кыскарды, бирок, айыл чарбасы көп тармактуу болуп, ургалдуу өнүгө баштады. Калктын турмуш деңгээли боюнча Түштүк башка макрорайондордон артта, Миссисипи жана Алабама штаттарында негрлер арбын.

Окумуштуу географтар Түштүктү бир нече бөлүккө ажыратат: Эски Түштүк тамеки плантациялары менен белгилүү, эң биринчи «Мальборо» сигаретин чыгарган. Бул аймак ошондой эле «бройлер, балапандарды» өстүргөн башкы регион. Терең Түштүк – пахта плантациялары менен белгилүү, борбору Атланта шаары, «Күнөстүү штат» – Флоридага, жылына 50 млн туристтер жана эс алуучулар келип, Майами шаарын курорттук борборго айланткан. Канаверал тумшугунда АКШнын башкы космодрому жайгашкан. Жаңы Түштүк (Техас) «нефть лихорадкасынан» кийин АКШнын өнүккөн бай регионуна айланды. Анын борборлору – Даллас менен Хьюстон жаңы шаарлары. Бул жерде аэрокосмос өнөр жайы өнүгүп жана космоско ракеталарды учуруучу борбор жайгашкан.

**4. Батыш – АКШнын өсүп келе жаткан макрорайону.** Батыш – жаңы өздөштүрүлгөн жана аянты эң зор макрорайон. Бул жерде эң бийик тоолор, эң терең каньондор, эң зор чөлдөр, эң түшүмдүү өрөөндөр орун алган. Бул

аймакка англо-америкалыктардын, испан-америкалыктардын, азия-америкалыктардын жана индейлердин маданиятынын аралашы мүнөздүү, эң чоң шаарлар менен такыр киши жашабаган ээн аймактардын айкалышкан жери. Калктын турмуш-тиричилик деңгээли да ушундай ар түрдүү.

Көп жылдар бою Батыштын калкы кен казып алуу жана жайытта мал багуу менен алектенген. Анын тез көтөрүлүшү Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталды, ошол мезгилден тартып ал региондун өсүшү башка макрорайондордон алдыда. Ал Алыскы Батыш, Тоолуу Батыш жана Тынч океандык Батыш – деп үчкө бөлүнөт. Алыскы Батыш Улуу түздүктөрдү ээлеп бодомал менен койлор жайылган ранчолордун мекени жана ковбойлордун оюндары родео өткөрүлгөн аймак. Тоолуу Батыш аскалуу тоолорду жана чөлдөрдү камтып, көптөгөн кен байлыктары, сугат жерлери, улуттук парктары, кышкы лыжа тебилүүчү курорттору жана кыштыр-жайдыр жүргөн туристтери менен белгилүү. Тынч океандык Батышта дүйнөгө белгилүү «алтын штат» Калифорния орун алган.

Калифорния мамлекет ичиндеги «мамлекет» делет. Чындыгында аянты боюнча Японияга, калкы боюнча Канадага барабар. Калифорния АКШнын илимий жана согуш-өнөр жай борбору. Калифорнияда 700 чарчы *км* аянтта жемиш багы бар. АКШдагы Борбордук өрөөндөн кийинки негизги айыл чарба району.

Лос-Анджелес – Калифорниянын эң чоң шаары. Ал испан миссионерлери тарабынан 1781-жылы түптөлгөн. Алгач айыл чарбасынын аркасы менен өнүккөн, кийин алтындын жана киноматографиянын (Голливуд), нефтинин, ал эми акыркы жылдарда согуш-өнөр жай комплексинин, самолёт, ракета, космостук кемелерди куруунун борборуна айланды. Ошондой эле электрондук приборлорду чыгаруу тез арымы менен өнүгүүдө. Өнөр жай борбору катары Лос-Анджелес Нью-Йорктон кийинки экинчи, ал эми аймагы боюнча дүйнөдөгү эң чоң шаар. Ал океан жээктей 100–120 *км*ге созулат. Анда бир кабаттуу үйлөр үстөмдүк кылат. Лос-Анджелес агломерациясына 220 калктуу пункт кирип, калктын $^3/_4$ бөлүгү четки шаарларда жашайт.

Сан-Франциско – Калифорниянын экинчи маанилүү борбору. Ал АКШнын эң кооз шаарларынын бири болуп эсептелет. Сан-Францискону жакын жерде атактуу Силикон өрөөнү орун алган. Батыштын курамына АКШнын негизги жаңы ресурстук аймагы – Аляска жана туризмдин борбору – Гаваи кирет.

Аляскада тоо-кен өнөр жайы өнүгүп, ага байланыштуу айлана-чөйрөнү коргоо иштери боюнча иш-чаралар көрүлүп жатат, бирок кооптуу экологиялык кырдалды болтурбай коюу зор маселеге айланды.

## § 33. Канада

**1. Жалпы маалыматтар.** Канада – аймагынын аянты боюнча Россиядан кийинки экинчи орундагы өлкө. Аймагы Түндүктөн түштүктү карай 4600 *км*ге, батыштан чыгышка карай 5100 *км*ге созулат. Канада түндүгүнөн Түндүк Муз, батышынан Тынч, чыгышынан Атлантика океандары менен чулганат, анын деңиз жээктеринин жалпы узундугу 250 миң *км*. Канаданын экономикалык, географиялык абалы АКШ менен эң узун чек арасы жана Атлантика, Тынч океандарына эркин чыгуусу менен өзгөчөлөнөт.

1867-жылы Канада Британия империясынын алгачкы доминиону болгон. Азыр мамлекеттик түзүлүшү боюнча толук эгемендүү өлкө. Бирок, Канада Британия ынтымакташтыгына кирген өлкө болгондуктан, Улуу Британия королевасы премьер-министрдин сунушу менен генерал-губернаторду дайындайт. Канада федерация мамлекети, анын курамында он провинция, эки эркин аймак, 1999-жылы үчүнчү аймак, эскимостор жашаган Новкаут кошулду.

Канаданын калкы 32,1 млн (2005). Көп убакыт бою, колониялаштыруу мезгилинде калкы эки эсеге гана өскөн. Кийинки жылдарда иммиграциянын эсебинен Канаданын калкынын өсүшүнүн $^{1}/_{3}$ толукталган.

Канадада тарыхий эки улут калыптанган: англо-канадалыктар, француз-канадалыктар. Алардын өз ара мамилелери катуу карама-каршылыктар менен коштолот. Аборигендер (эскимостор) 1 млнго жакын. Канада калкынын жыштыгы боюнча, дүйнөдөгү эң арттагы өлкөлөрдүн катарында (1 $км^2$ жерге 3 киши туура келет). Канада – жогору урбанизацияланган өлкө, чоң шаарлары: Торонто, Монреаль, Ванкувер; борбору – Оттава административдик милдетти аткарат.

**2. Чарбасы.** Канада-өнүгүүнүн постиндустриялуу стадиясына жеткен базар экономикалуу өнүккөн өлкө. Ал Батыш өлкөлөрүнүн «чоң жетисинин» мүчөсү. ИДПнын киши башына бөлүнүшү боюнча дүйнөдө алдыңкы он өлкөнүн ичинде. Ошону менен бирге дүйнөлүк чарбада жана эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшүндө анын өзүнүн өзгөчүлүгү бар. Анын эл аралык адистешүүсү төрт тармакка бөлүнөт.

Биринчиси – тоо-кен өнөр жайы, Канаданын минералдык ресурстары аны дүйнөдөгү «улуу тоо-кен өнөр жайлуу державага» айландырды. Мисалы, Канада уран, кобальт, калий туздарын жана асбести казып алуу боюнча биринчи, цинк рудасы жана күкүрт боюнча экинчи, жаратылыш газы жана платиноиддер боюнча үчүнчү, жез рудасы жана алтын боюнча төртүнчү, коргошун боюнча бешинчи орунда турат.

Нефть, газ өнөр жайы да жетектөөчү ролду ээлейт.

Экинчиден, түстүү металлургия базалык иштетүүчү өнөр жайга кирет. Бул жерде Канада өзүнүн чийки заттарынан - никель, жез, цинк, коргошун, алынып келинген чийки заттан алюминий эритип алат.

Үчүнчүдөн, токойдун зор запасынын негизинде өнүккөн жыгач иштетүү жана целлюлоза – кагаз өнөр жайлары, тактай жана кагаз чыгаруу боюнча дүйнөгө белгилүү.

Төртүнчүдөн, айыл чарба жана тамак-аш продукциясын чыгаруу өнөр жайы. Канада буудай өндүрүүгө адистешкен, ошондой эле май жана мөмө өсүмдүктөрүнүн продукциясын чыгарат.

**3. Ички айырмачылыктар.** Канаданын ички айырмачылыктары кескин өзгөчөлөнүп турат. Негизги калкы жана чарбасы АКШ менен чектешкен салыштырмалуу кууш тилкеде (туурасы 200–300 *км*) орун алган. Ал жерде калктын жыштыгы 1 $км^2$ жерге 10дон 50ге чейин. Бул жеринде негизги экономикалык райондору жайгашкан: 1) Борбордук райондо (Онтарио жана Квебектин түштүгү) өлкөнүн негизги шаарлары менен өнөр жай борборлору орун алган. 2) Талаа бөлүгү (Монитоба, Саскачеван, жана Альберт провинциялары) дан жана мал чарбачылыгы менен ири тоо кен өнөр жайлуу регион. 3) Тынч океандык регион (Британиялык Колумбия провинциясы) – өлкөнүн «токой цехи». 4) Атлантика бөлүгүнө – социалдык-экономикалык өнүгүшү жагынан артта калган төрт провинция кирет.

Канаданын түндүк жагы болжол менен өлкөнүн $^2/_5$ бөлүгүн ээлеген 100–200 $км^2$ жерге 1 кишиден туура келген, калк аз отурукташкан аймак. Түндүк Канадага аралча тибинде өздөштүрүлгөн аймактар мүнөздүү. Аралчалар кен казып алынуучу жана ири ГЭС курулган жерлерде жайгашкан.

**Негизги тыянактар.** *АКШнын үлүшү дүйнөлүк чарбада кийинки кездерде төмөндөгөнүнө карабай, ал бүгүн да экономикалык жагынан эң жогору өнүккөн өлкө боюнча кала берүүдө. Канада экөө биригип, дүйнөдөгү эң кубаттуу экономикалуу региондун бирин түзөт.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1) АКШнын аймагында беш саат алкагы бар (батыштан чыгышка карай). Өлкөнүн бир четинен экинчи четине самолёт менен 5–5,5 саатта жетет.

2) АКШнын федерациялык түзүлүшү 1776-жылы көз карандысыздыкты алгандан кийинки желегинде көрсөтүлгөн. Желектин жогорку сол жагында көк тик бурчтук, анын ичинде ак түстөгү беш бурчтуу жылдыздар, штаттардын санына жараша өзгөрүп турат. 50-жылдыз 1959-жылы, Гавайи аралдарына «штат» деген статус берилгенден кийин тартылды. Желектин калган бөлүгү 13 ак жана кызыл тилкелерге бөлүнгөн, бул биринчи мамлекет болуп бириккен 13 штаттын символу.

3) Штаттардын символикасы алардын тарыхы же жаратылыш өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Нью-Йорк штатын «империялык штат» – деп аташат, анткени ал биринчи мамлекет болуп уюшулганда эң чоң штат болгон; анын символу алма, себеби ошол убакта жемиш-бактуу штат болгон. Дэлавэр штатын «биринчи штат» дешет, анткени ал штат Конститу-

цияны биринчи ратификациялаган. Субтропиктик Флориданы «күнөстүү штат», Калифорнияны XIX кылымда алтын табылганы үчүн «алтын штаты», Аризонаны «Чоң каньондуу штат», Менди – «кызыл карагайдын штаты», Канзасты «күнкараманын штаты», Миссисипини – «магнолиянын штаты» дешет. Андан башка ар бир штаттын өзүнүн урааны, ыры, дарагы, гүлү, кушу бар.

4) Европалыктар менен кошо шаарлардын аттары да «эмиграцияга» катышкан. АКШнын азыркы кездеги картасынан Афины, Кембридж, Оксфорд аттуу калктуу пункттардан – 13тү, Берлинден – 9ду, Варшавадан – 8ди, Париж, Лиссабон, Москвадан 7ни, Неапольдон – 6ны, Римден – 5ти, Мадрид менен Лондондон – 4тү тапса болот.

5) «Африка-америкалыктар» көпчүлүктү түзгөн шаарларга Вашингтон, Детройт, Балтимор, Филадельфия жана Нью-Йорк кирет. Эгерде актарга кирбеген эл кошо эсептелсе Нью-Йоркто – 61%, Жаңы Орлеанда – 68%, Атлантада – 70%, Вашингтондо – 73%, Детройтто-84%, Майамиде – 91% түстүү калк жашайт.

6) АКШда 260 ар кандай чиркөөлөр катталган, алардын 86сынын ар биринде 50 миңдей сыйынуучулары бар. Америкалыктардын диндик курамы алардын түпкү келген жагы менен байланыштуу. Мисалы, Италия, Испания, Польшадан баргандар – католиктер, Улуу Британия, Скандинавиядан баргандар – протестанттар, Россия менен Грециядан баргандар – православиелер.

7) 1900-жылы ар бир америкалык бир жылда 698 *км* жол басчу (негизинен үйүнөн ишке чейин). Өткөн кылымдын 80-жылдарында ал жол 27,5 эсе көбөйгөн (19,2 миң *км*); Батыш Европада ал көрсөткүч 1,5–2 эсеге аз.

8) Нефть кени Аляскада Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин табылган, бирок, алар салыштырмалуу чакан кендер болгон. 1960-жылдарда издөөлөр кайра башталып, өлчөмү боюнча уникалдуу, запасы 2 млрд *т* га жеткен Прадхо-Бей кени табылган. Ал Бофорт деңизинин жээгинде, Барроу тумшугунан 300 *км* түштүк-чыгышта, түбөлүк тоң тараган зонада орун алган. 1970-жылдарда узундугу 1288 *км* келген нефть кууру курулуп, Прадхо-Бейди Аляскanын түштүк жээгиндеги Валдиз порту менен туташтырган.

9) 1896-жылы Детройттун жанындагы Дирборн шаарынан өз алдынча үйрөнчүк механик Генри Форд автомобиль жасап, сыноодон өткөргөн. Кийин ал автомобилди сериялап чыгарып, аны «Лиззинин калдыркaны» деген ат менен тарата баштаган. Ошондон бери «Форд мотор компани» дүйнөдө эң ири ТНКга айланып, анын заводдорунда 0,5 млн адам эмгектенип, продукция дүйнө боюнча тараган. Форддун компаниясынын штаб квартирасы азыркыга чейин Дирборнда жайгашкан.

10) АКШнын жашылча жана мөмө-жемиш өстүргөн башкы району – Калифорния, аны жылдын 350 күнү ачык күндөр тийген өлкө – деп бекеринен айтпайт. Калифорния лимондун дүйнөлүк жыйымынын $^1/_2$ин, апельсиндин $^1/_3$ин берет. АКШ дагы жүзүмдүн $^9/_{10}$ун, шабдаалынын, алмуруттун, кайналынын жана помидордун $^1/_3$ин, мөмө-жемиш жана жашылча консервалардын $^1/_3$ин даярдайт.

11) 900 млрд доллардык америкалык капиталдын $^{1}/_{2}$и Батыш Европага (биринчи кезекте Улуу Британия, Германия, Франция, Нидерландия жана Швейцарияга) туура келет. Экинчи орунда Латын Америкасынын өлкөлөрү, үчүнчү – АТР өлкөлөрү. Американын экономикасына киргизген капиталынын өлчөмү боюнча биринчи орунда Япония, андан кийин Улуу Британия, Германия, Канада турат.

12) Улуттук тарыхый парктардын мисалдары Бостон жана Филадельфия шаарларынын эски тарыхый бөлүктөрү, Аляскадагы Клондайк, улуттук мемориалдарга мисалдар – Вашингтон шаарынын борборундагы Вашингтондун, Линкольндун, Джеферсондун мемориалдары, салгылаш талаалардын мисалдары – 1861–1865-жылдардагы түндүктөгүлөр менен түштүктөгүлөрдүн Граждандык согушу учурундагы салгылашы. Лос-Анджелесте жүргүнчүлөрдү ташый турган транспорттун түрү жалаң гана жеңил машина. Эгерде Лос-Анджелестеги 5 млн машинаны катар тизсе, анын узундугу Лос-Анджелестен Нью-Йоркко чейин жетмек. Автомобилге шаардын аянтынын жарымы ыйгарылган. Бирок, кургакчыл климаттын шартында автомобилдерден чыккан газ фотохимиялык түтүндү пайда кылат. Америкалык астронавттар космостон бул шаар каралжын түстө болуп көрүнгөнүн бир нече жолу айтышкан.

13) АКШда өнөр жай жана тиричилик таштандылары чоң көйгөйлүү маселе. Өлкөдө жылына 65 млрд $м^3$ ичимдиктин металл идиши, 30 млрд. бөтөлкө, 65 млрд *т* кагаз, 100 млн. автопокрышка, 5 млн эски автомашина, 7,5 млн эски телевизор ыргытылып, шаарлардын четинде зор таштанды үймөктөрүн пайда кылат.

14) Америкалык газеталар көлөмдүүлүгү менен айырмаланат. Күн сайын чыгуучу чакан шаар газеталары 3–4 секциядан турат (саясат, бизнес, спорт, оюн-зоок ж. б.), ар бир секция 20 тилкени түзөт. Чоң шаарларда 80–120 тилкеге чейин жетип, жекшемби күндөрү андан да көп көлөм менен чыгат. Рекламалары менен мындай газета 2–3 *кг* салмакка чейин жетет.

15) Нью-Йоркто 400 сүрөт галереясы, 200 китепкана, ондогон концерттик залдар бар. Эң башкы көчө Бродвейде (которгондо «кенен жол») 40 театр орун алган.

16) 2001-жылы кыйраган Эмпайр Стейт Билдингдин ичинде 25 миң кызматтык орун болгон. Бүткүл дүйнөлүк соода борборунун эки мунарасында 65 миң кызматтык орун болгон; ал күнүгө 80 миң кишини кабыл алууга эсептелген. Имараттын 44 миң терезеси болгон, 100гө жакын лифт көз ачып жумганча каалаган кабатка келгендерди жана иштеген кишилерди жеткирчү. Эшикте жаан жаап турса анын үстүнкү кабаттарында күн ачык болуп туруучу.

17) Нью-Йоркто пуэрторикалыктар Сан-Хуандагыдан, ирландыктар Дублиндегиден, еврейлер Тель-Авивдегиден көп. Негрлердин саны боюнча Нью-Йорк АКШнын шаарларынын ичинен биринчи орунда, Манхеттендин түндүк жагында 110-жана 155-көчөлөрдүн ортосунда эң ири негрлердин району – Гарлем орун алган.

18) АКШнын президентинин резиденциясы – Ак үй шаардагы эң эски, 1792-жылы салынган имарат. 1812–1814-жылдардагы англис-америкалык согуштун учурунда англиялык десант Вашингтонду басып алганда бул президенттин резиденциясы жапа чеккен. Кайра калыбына келтирилгенден кийин аны ак сыр менен сырдашкан. Ошондон кийин ал Ак үй деп аталып калган.

19) Мексика булунунда азыр 700гө жакын нефть жана газ кендери ачылган. Бул жерде 20 миндей нефть жана газ скважиналары бургуланган. Алар бири-бири жана жээк менен татаал нефть, газ куурлары аркылуу туташтырылган. Ар бир платформада 15–50 киши эки жумалык вахта менен иштейт.

20) Атланта шаарынын тургуну, мурдагы бир аптекарь XIX кылымдын аягында кока-кола суусундугун тапкандыгы менен белгилүү болгон. Бул өркүндөп жаткан корпорациянын штаб-квартирасы азыр да ушул шаарда. Кийинки мезгилдерде Атланта небоскрёбдордун, көптөгөн конгресстердин жана фестивалдардын шаары болуп калды. 1996-жылы бул жерде XXVI жайкы олимпиадалык оюн өткөрүлдү. Атлантанын аэропорту жүргүнчүлөрдүн саны боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлейт.

21) Тоолуу штаттардын бири – Невада «атомдук» полигону менен дүйнөгө таанымал, ошондой эле «дүйнөлүк оюн-зоок борбору» – Лас-Вегас шаары менен белгилүү. Бул жакка жарандар үйлөнүү жана ажырашуу жол-жобосу башка штаттарга караганда эң жөнөкөйлөтүлгөндүгү үчүн келишет (ошого жараша Невада штатында 1000 кишиге туура келген үйлөнүү, калган штаттарга караганда 20 эсеге, ажырашуу 4–5 эсеге көп). Жылына Лас-Вегаска бүткүл Америкадан 10–15 млн киши келет. Силикон өрөөнү өткөн кылымдын 60-жылдарында атактуу Стэнфорд университети аркылуу өзүнүн атын алган. Бул жерде 2 миңге жакын электрондук эсептөөчү машиналарды чыгара турган фирмалар бар, аларда иштеген кишилердин саны 200 миңге жетет. Ошондуктан бардык комплекстер Силикондук же Кремнийлик деп аталып калган («Силикон велли»).

22) 1989-жылдын башында Аляcканын жээгинен америкалык супертанкер «Валдиз» рифке капталып, корпусунун тешилген жеринен океанга нефть куюлуп, 800 чарчы *км* суунун бетин нефть каптап калган. Бул АКШ дагы эң зор экологиялык катастрофа болгон.

23) Нунавутанын (эскимостордун тилинде «Биздин жер») аймагы Түндүк-Батыштын аймагынан бөлүнгөн жана анын аянты 2 млн *км*$^2$ге жетет же Канаданын аянтынын $^1/_5$ин түзөт. Бул жерде 25 миң киши жашайт. Демек, калктын жыштыгы 100 *км*$^2$ жерге 1 кишиден туура келет.

24) 1867-жылы Канада доминиону уюшулганда анын негизин эки чоң колония, англис тилдүү Онтарио жана француз тилдүү Квебек түзгөн. Борбордун ролуна үч шаар – Торонто, Монреаль жана Квебек талапкер болгон. Англиянын королевасы Виктория компромисттик чечим кабыл алып, эки провинциянын чегиндеги анча чоң эмес Оттава – калктуу пункттун борбору деп буйрук чыгарган.

25) Жыгач даярдоо киши башына туура келген көрсөткүч боюнча (жылына 6–7 $м^3$) Канада дүйнөдө биринчи орунда. Өлкөдө 1,5 миң тактай тилүүчү заводдор бар, алардын көбү Британ Колумбиясы провинциясында. Канадада дүйнөдө эң чоң целлюлоза – кагаз комбинаты иштейт. Бул өлкө чет элдик дүйнөдөгү газетага керектелүүчү кагаздын 40%ын чыгарып, анын 60%ын АКШга экспорттойт. АКШдагы газеталардын көбү канадалык кагазга басылат.

## Билимге жана билгичтикке ээ болуу блогу (тапшырмалар)

1. Окуу китебиндеги тексттерге жана атластагы карталарга таянып АКШнын экономикалык географиялык абалына мүнөздөмө бергиле. Чын эле ал ыңгайлуубу? Силер эмне үчүн андай ойлойсуңар? Өлкөнүн экономикалык географиялык абалын мүнөздөй турган типтүү планды колдонгула.
2. Окуу китебиндеги тексттерди жана атластагы карталарды пайдаланып, АКШнын ири шаар агломерацияларына жана мегаполистерине мүнөздөмө бергиле. Үч мегаполистин аймагынын аянтын жана калкын эсептеп чыгып, алардын өлкөнүн аянтына жана калкына болгон үлүшүн тапкыла. «АКШнын штаттары жана шаарлары» деген кроссворд түзгүлө.
3. Окуу китебиндеги текстке, атластын карталарына жана «Тиркемедеги» таблицаларга таянып, АКШнын өнөр жай жана айыл чарбасынын дүйнөлүк чарбадагы үлүшүн көргөзгөн тегерек диаграмма түзгүлө. Аларды талдагыла.
4. Окуу китебиндеги текстти жана атластагы АКШнын минералдык ресурстарынын картасын пайдаланып, минералдык ресурстар анын көп тармактуу өнөр жайынын өнүгүшүнө шарт түзгөндүгүн далилдегиле. «Чыгыштын башкы байлыгы – казылып алынуучу отун, батыштыкы – руда кендери» деген сөздөрдү сүрөттөгүлө. Өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүү шарттарын мүнөздөө жөнүндөгү типтүү планды колдонгула. АКШнын көмүр, нефть, жаратылыш газы жана темир рудаларынын запасы жана казып алуунун өлчөмү (жылына) жөнүндөгү маалыматтарды алып, көмүрдүн, нефтинин, жаратылыш газынын жана темир рудасынын дүйнөлүк запасына карата алардын үлүшүн, ошондой эле канча жылга жетээрин эсептеп чыккыла.
5. АКШнын нефть казып алуучу беш штатын аныктап, кайсы штатында нефть деңиздин шельфинен өндүрүп алынаарын аныктагыла.
6. Сүрөттү карап АКШ темир рудасын кайсы жактан ташып келээрин айткыла. Эмне үчүн андай? АКШнын экономикалык картасын карап, атластагы дүйнөлүк машина куруунун картасын алып, окуу китебинин машина куруу жөнүндөгү маалыматтарын тактап, ошол боюнча машина куруунун эң чоң борборлорун аныктагыла.

   Ошол эле карталар боюнча дептериңерге «АКШнын машина куруу өнөр жайынын түзүлүшү жана башкы борборлору» деген конспект-справочник түзгүлө.

**7.** Окуу китебинин текстин, сүрөттөрүн жана атластагы АКШнын экономикалык картасын пайдаланып, дептериңерге төмөнкүдөй «АКШнын өнөр жай алкактары» деген таблица түрүндө **конспект-справочник түзгүлө.**

| Алкактын аты | Өнөр жайдын жетектөөчү тармагы | Башкы борборлору |
|---|---|---|
| | | |

**8.** Окуу китебиндеги тексттин жана атластын карталарын пайдаланып, АКШнын макрорайондорунун бирине кыскача (өзүңөрдүн тандооңор боюнча) мүнөздөмө бергиле.

**9.** Окуу китебиндеги тексттин, «Тиркемедеги» таблицаларды жана сүрөттөрдү карап чыгып, Канадага тиешелүү жерлерин көчүрүп алгыла. Канаданын атластагы картасын пайдаланып, ошол материалдар менен өлкөнүн социалдык-экономикалык мүнүздөмөсүн толуктагыла.

**10.** 1. (Дептер менен иштөө). 10-теманын материалдарын пайдаланып, АКШ менен Канаданын калкынын жана чарбасынын негизги типологиялык белгилерин атагыла. Аларды төмөндөгүдөй таблица менен көрсөткүлө.

| Өлкөлөр | Калктын жаңыруу тиби | Калктын улуттук курамы | Урбанизациянын курамы | Чарбанын өнүгүү деңгээли | Чарбанын тармактык деңгээли түзүлүшү | Чарбанын аймактык түзүлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| АКШ<br>Канада | | | | | | |

2. Түндүк Американын контур картасына түшүргүлө: 1) эң чоң шаарларын; 2) негизги порт шаарларын; 3) трансконтиненттик темир жолдорун. Өзүңөрдүн каалооңор боюнча бул тизмени узартсаңар болот.
3. Бул теманы окуганда кандай тематикалык карталарды пайдаланганыңарды аныктагыла. Кайсы карта силер үчүн жаңы болду?
4. Окуу китебиндеги тексттер жана сүрөттөр боюнча америкалык шаарлардын борбордук бөлүгүнө мүнөздөмө бергиле.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

**Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле**

1. **АКШ**нын **Түндүк-Чыгышы** «улуттун устаканасы» – деген наамды алганын. **АКШ** менен Канаданын оор өнөр жайлары Улуу көлдөрдүн тегерегинде жайгашканын.

АКШнын алюминий заводдорунун Теннеси жана Колумбия дарыяларынын жээгинде жайгашканын.
АКШ менен Канаданын айыл чарбасынын чыгыштан батышты карай адистешүүсүнүн өзгөрүшүн.
Флорида, Калифорния жана Гавайиге туристтердин көп келишин.
АКШ менен Канадада кийинки жылдарда Түндүктү өздөштүрүүгө кызыгуу күч алганын. **Кийинки айтылгандарга силер макулсуңарбы?**

2. Мегаполис «Босваш» – АКШнын эң чоң урбанизациялаланган зонасыбы?
3. Кийинки жылдарда Аляска АКШнын маанилүү нефть казып алуучу району болдубу?
4. АКШ менен Канадада айыл чарбанын фермердик тиби таралганбы?
5. АКШнын транспорттук системасы Чет элдик Европанын транспорттук системасына окшошобу?
6. Ыйык Лаврентий дарыясы Улуу көлдөрдү Нью-Иорк менен байланыштырабы?
7. Атлантада дүйнөдөгү эң чоң аэропорт барбы?
8. Канаданын калкы АКШнын калкынын $^{1}/_{2}$не барабарбы?
9. АКШнын Түштүгү менен Батышынын индустриялуу тез өнүгүшүнүн себеби эмне?
10. АКШнын экономикасы нефть жана темир рудасын, чийки заттарды жана башка отунду импорттоого көз карандыбы?

**Төмөнкү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла**

1. Картадан АКШнын шаарларын таап, эсиңерде калганын чыгыштан батышты карай контур картага түшүрө аласыңарбы?
2. АКШнын «сүт», «жүгөрү», «буудай», «апельсин», «ананас», «алма», «пахта» штаттарын атагыла.
3. Контурдук картага Жаңы Англияны, Ыраакы Батышты жана Калифорнияны түшүргүлө?
4. АКШдагы түстүү металлдардын негизги кендерин атагыла.
5. Минералдык чийки заттардын кайсы түрү боюнча Канада биринчи орунда?

**Төмөндөгү суроолорго окуу китебинин текстин жана карталарды пайдаланып, жооп бергиле**

1. Кайсы трансконтиненттик темир жол аркылуу АКШ менен Канаданы кеңдик боюнча кесип өтүүгө болот?
2. АКШнын Түндүк-Чыгышынын өнүгүшүнө кандай жаратылыштык, социалдык-экономикалык жана тарыхый себептер шарт түздү?

**Элестетип ой жүгүрткүлө**

1. АКШнын же Канаданын бир шаарына бардыңар дейли. Аны сүрөттөп жазып көргүлөчү.
2. АКШнын өнөр жайы менен таанышкыңар келсе, кайсы шаарларга баруу керек? 1) авиазаводду көрүү үчүн; 2) электрондук жабдууларды чыгарган

ири ишканаларды көрүү үчүн; 3) автомобиль заводун көрүү үчүн; 4) нефтьхимия комбинатын көрүү үчүн; 5) кара металлургия комбинатын көрүү үчүн.

3. Силерде мүмкүнчүлүк пайда болсо, 1) ири мал өстүрүүчү ранчодо иштөөгө, 2) тамеки плантациясында иштөөгө, 3) тактай тилүүчү заводдо иштөөгө, анда АКШнын кайсы штатына же Канаданын кайсы провинциясына баруу керек болоор эле.

**Кийинки сүйлөмдөрдөгү түшүп калган сөздөрдү ордуна койгула:**

1. АКШ нын экономикалык борбору ............ менен кийинки мезгилде теңтайлашкан шаар.
2. Ортоңку Батыштын аймагы жана Түндүк Американын .................... эки башкы суу жолдоруна чыгат.
3. АКШнын Түштүгүнүн негизги айыл чарба өсүмдүктөрү.
4. Канаданын .............. провинциясынын калкы негизинен французча сүйлөшөт.

**10-теманын суроолорунун ачкычы**
**Эмнени эстеп калуу керек?**

1. Түндүк Американын саясий картасын жана калкын (7-класстын географиясы).
2. Түндүк Американын физикалык-географиялык абалын, рельефин, пайдалуу кендерин, климатын, сууларын, топурагын жана өсүмдүктөрүн (7-класстын географиясы).
3. Түндүк Американын XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы өнүгүү тарыхын (8–9-класстардын тарыхы).
4. Ушул окуу китебинин 1-бөлүмүнүн материалдарын.
5. «Корук», «фермер» деген терминдерди.

**Эмнени өздөштүрүү керек?**
**10-теманын негизги идеяларын**

1. Советтер Союзунун таркашына байланыштуу дүйнөлүк саясатта жана экономикада АКШнын ролу өстү.

2. Россия менен өтмө экономикадагы өлкөлөрдүн АКШ менен болгон мамилеси – эл аралык стабилдешүүнүн маанилүү фактору болуп калды жана саясий кырдаалды жакшыртты.

**10-теманын негизги түшүнүктөрүн**

1. АКШнын жаратылыш ресурстарынын жана калкынын географиясы, экономикалык-географиялык абалынын мүнөздүү белгилери.
2. АКШнын чарбасынын жалпы мүнөздөмөсү.
3. АКШнын өнөр жайынын, айыл чарбасынын, транспортунун негизги белгилери, башкы өнөр жай жана айыл чарба райондору.
4. АКШны макрорайондоштуруу жана макрорайондорунун келбети.
5. Канаданын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсү.
6. Теманын негизги сөздөрү: шаарлардын түндүк америкалык тиби; улуттук дүң продукт; Стадиялык адистешүү; транспорт тармагынын түндүк америка-

лык тиби; өнөр жай алкагы; айыл чарба алкагы; аймакты өздөштүрүүнүн очоктору.

**Эмнени аткаруу керек?**

1. Шаар агломерацияларына жана мегаполистерге мүнөздөмө бере алуу.
2. Өлкөнүн өнөр жай тармактарына мүнөздөмө берүү.
3. Өлкөгө экономикалык-географиялык мүнөздөмө бере алуу.
4. Өлкөгө жазуу жүзүндө экономикалык-географиялык мүнөздөмө берүү.

**Өз алдынча даярдануу үчүн кеңештер**

**1. Өлкөнүн (региондун) өнөр жай тармагына мүнөздөмө берүүнүн планы**

1. Тармактын мааниси жана продукциясынын өлчөмү.
2. Тармактын өнүгүшүндө жаратылыш шартынын ролу. Тармактын түзүлүшү.
3. Тармактын жайгашуусун дагы негизги факторлор, тармактык өнөр жайлуу райондордун географиясы жана башкы белгилери.
4. Тармактын экспортко же импортко көз карандылыгы.
5. Жалпы тыянак, тармактын келечеги.

**2. Өзүнчө бир өлкөнү мүнөздөөнүн планы**

1. Экономикалык-географиялык абалынын негизги белгилери.
2. Жаратылыш шартына жана ресурстарына чарбалык жактан баа берүү.
3. Калкынын жаңыруусу, түзүлүшү жана жайгашуусу.
4. Чарбасына жалпы мүнөздөмө.
5. Өнөр жайынын жайгашуусунун негизги белгилери.
6. Айыл чарбасынын жайгашуусунун негизги белгилери.
7. Транспорттун географиясынын негизги белгилери.
8. Башкы экономикалык райондору.
9. Тышкы экономикалык байланыштардын географиясы жана ролу.
10. Жалпы тыянак, өнүгүү келечеги.

# ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ, АВСТРАЛИЯ

*Түштүк Америка материк катары 7-класстын географиясынан окулган. Экономикалык жана социалдык географияда материктин чегинде гана эмес, колониялаштыруунун өзгөчөлүгүнө жана роман тилинин таралышына жараша «Латын Америкасы» деп бөлүнгөн. Латын Америкасынын элдери XVI–XVII кылымдарда Испания менен Португалия тарабынан басып алынып, XIX кылымдын башында боштондукка чыккан. Азыр Латын Америкасынын аймагында 33 эгемендүү мамлекет жайгашкан, 13 аймак ар кайсы мамлекеттерге көз каранды. Региондун аймагынын аянты 21 млн км$^2$, калкы 543 млн киши (2003).*

*Латын Америкасы бир нече субрегионго бөлүнөт: Ортоңку Америка (Мексика, Борбордук Америка жана Вест-Индия); Анд өлкөлөрү (Венесуэла, Колумбия, Эквадор, Перу; Боливия, Чили); Ла-Плата дарыясынын алабындагы өлкөлөр (Парагвай, Уругвай, Аргентина). Субрегиондун катарына кээде Бразилия да кирип кетет.*

## § 34. Латын Америкасынын жалпы мүнөздөмөсү

**1. Географиялык абалы, аймагы, чек аралары. Ички айырмачылыктары. Мамлекеттик түзүлүштөрү.** Латын Америкасынын аймагы түндүктөн түштүктү карай 13 миң *км*ге, эң жазы жеринде батыштан чыгышты карай 5 миң *км*ге созулат. Өлкөлөрүн эң зор (Бразилия), чоң жана орто чондуктагы (Мексика жана Түштүк Американын көп өлкөлөрү), салыштырмалуу анча чоң эмес (Борбордук Американын өлкөлөрү жана Куба) жана чакан өлкөлөргө (Вест-Индия өлкөлөрү) бөлүп, алардын материктеги чек аралары тоо кырлары жана дарыялар аркылуу өтөт.

Латын Америкасынын экономикалык-географиялык абалы АКШга жакындыгы жана башка чоң региондордон алыстыгы менен аныкталат. Бирок, бул алыстык деңиз жолдорунун көбү Панама каналы аркылуу өткөндүктөн кыйла жеңилдейт. Боливия менен Парагвайдан башка өлкөлөрдүн океанга чыгуу мүмкүнчүлүгү бар же аралдарда жайгашкан. Мисалы, Куба – эң чоң аралда жайгашкан, аймагынын узундугу 1250 *км*ге созулган өлкө. Ал америкалык «Жер ортолук деңиз» болгон Кариб деңизи менен Мексика булуңунун чегинде жайгашкан. Өлкөнүн гербиндеги ачкыч, 1492-жылы Х. Колумб ачкан жылдан тартып, ал арал Жаңы Дүйнөнүн ачкычы болгондугун белгилеп турат.

Латын Америкасынын өлкөлөрү көбүнчө президенттик республикалар, кээ бири Улуу Британия ынтымактыгына мүчө, калгандары АКШнын, Улуу Британиянын, Нидерландиянын ээлик кылган жерлери жана Франциянын алыскы деңиздик департаменти.

**2. Жаратылыш шарттары жана ресурстары.** Латын Америкасынын кен байлыгы жана алардын ар түрдүүлүгү аймагынын геологиялык жана тектоникалык түзүлүштөрүнө байланыштуу. Түштүк Америка платформасынын кристаллдык фундаменти жана Кордильера менен Анд бүктөлүүлөрүнө байланышкан кара жана түстүү металл рудалары, өзгөчө темир рудасы, литий, молибден, жез, никель, калай, ошондой эле испандык конкистадорлорду кызыктырган алтын жана күмүш кен байлыктары кеңири таралган. Тектоникалык бүктөлүүлөрдүн этегиндеги ойдундарда нефть жана газ кендери жайгашкан. Мисалы, эң зор нефть, газ кендери Венесуэлада жана Мексикада. Венесуэладагы нефть кени Маракайбо, Кариб деңизине чыккан ойдунда жайгашкан. Нефть бул жерде кургактыктан да, Маракайбо деңизинин түбүнөн да чыгат. Мексикада нефтини кургактыктан жана деңиз шельфинен өндүрөт.

Латын Америкасы латериттик талкалануу менен байланышкан бокситтерге, селитра жана күкүрткө бай. Региондун жаңырып туруучу ресурстарга байлыгы жана алардын ар түрдүүлүгү анын экватордук, тропиктик, субтропиктик климаттык алкактарда жайгашкандыгы менен байланыштуу.

Рельефи жана океан агымдары Латын Америкасынын жаратылышына өз белгилерин калтырып, «ысык жерге», «мээлүүн жерге» жана «муздак жерге» бөлөт. Кээ бир жылдарда түштүктөн соккон муздак шамал айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө көп зыяндарды алып келет. Бул процесске жаанчачындын өзгөрүүлөрү өзүнүн таасирин тийгизет, артык баш нымдуу жерлер Амазонияда, сугатты талап кылган жайлар Мексикада, Чилиде жана Аргентинада бар. Латын Америкасында мезгил-мезгили менен кайталануучу Тынч океандын суусунун үстүнкү бетинин ысып кетиши менен байланышкан «Эль-Ниньо» аттуу кооптуу табигый кубулушу байкалып турат.

Суу ресурстарынын запасы боюнча Латын Америкасы дүйнөдө биринчи, ал эми гидроэнергоресурстарынын запасы боюнча Чет өлкөлүк Азиядан кийинки экинчи орунда турат.

Аймак токой ресурстарына жана жаныбарларга бай.

Жалпысынан, Латын Америкасынын жаратылыш шарты адамдын жашоосуна жана чарбачылык ишине ыңгайлуу. Бирок, ал шарт толук пайдаланылбай, көбүнчө сарамжалсыз мамиле жасалат.

**3. Калкы: кайра жаңыруусу, этностук курамы, жайгашуусу, урбанизацияланышы.** Латын Америкасына калктын жаңыруусунун экинчи тиби мүнөздүү. Демографиялык «жарылуунун» эң жогорку көрүнүшү өткөн кылымдын 50–60-жылдарына туура келсе да, азыркыга чейин Борбордук Американын кээ бир өлкөлөрүндө жана Түштүк Американын кедей өлкөлөрүндө (Боливия, Парагвай) калктын өсүшү дагы эле жылына 2–2,5% ды түзөт. Бул абал жалаң эле калктын санына эмес, иштеген адамдардын арасында балдардын санынын көбөйүшүнө таасирин тийгизет.

Учурдагы калктын этностук курамынын түзүлүшүнө үч компоненттин таасири тийген.

*Биринчи компонент* европалыктар келе электе жашаган жергиликтүү эл – индейлер болгон. Алардын арасында дыйканчылыктын жогорку деңгээлине жетишкен Мексикадагы ацтектер жана майялар, Борбордук Андыдагы инктер. Азыркы кезде жергиликтүү индейлер калктын 15%ына жакынын түзөт. Латын Америкасындагы көпчүлүк географиялык аттар индейлерге байланыштуу.

*Экинчи компонент* европалык келгиндер, көбүнчө Испания менен Португалиядан чыккандар. Алардын тукумун креолдор түзөт. XIX кылымдын башталышына чейин алар чектелүү гана болгон, кийин өтө көбөйгөн.

*Үчүнчү компонент* XVI кылымдан тартып, плантацияларда иштетүү үчүн Бразилияга, Вест-Индияга кул катары алынып келген африкалыктар. Үч кылым бою кулдар менен соода кылуу өкүм сүргөн. Натыйжада Латын Америкасынын калкынын $^1/_{10}$ин негрлер түзөт.

Региондун калкынын жарымынан көбү аргындар-метистер, мулаттар. Ошондуктан, латын америкалык улуттардын баары этностук татаал тамырлуу. Мексикада жана Борбордук Америка өлкөлөрүндө метисттер, Гаити, Ямайка жана Кичи Антил аралдарында негрлер басымдуулук кылат. Анд өлкөлөрүнүн көбүндө индейлер, Аргентина, Уругвай жана Косто-Рикада – испан тилинде сүйлөгөн креолдор, Бразилияда мулаттар менен негрлер актардан бир аз эле кем. Латын Америкасын колониялаштыруу процесси тилге жана динге өз таасирин тийгизген. Латын америкалыктардын көпчүлүгү католик динин тутушат.

Латын Америкасы үчүн дуализм маданияты мүнөздүү. Мында өзгөчө индейлердин жана метистердин арасында өз алдынча эски колумбга чейинки маданият сакталып калган. Бул мифологиялык жана тарыхый эпостор, музыка жана бийлер, Мексикадагы майя, ацтек жана тольтектердин ак сарайлары жана пирамидалары, Перудагы инктердин чеп-шаары – Мачу-Пикчу ж.б. атактуу тарыхый архитектуралык эстеликтер Бүткүл дүйнөлүк мурастардын тизмесине киргизилген. Мындан башка европалык баалуулукка багытталган жаңы маданият, адабият, искусство, театр, музыка жана архитектура өнүккөн. Диний майрамдардан башка ар кандай карнавалдар, корридо, родео тараган. Эң популярдуу оюн – футбол.

Калктын жайгашуусунда Латын Америкасына үч негизги белги мүнөздүү. Биринчиси, бул регион дүйнөдө калк аз жайгашкан жер, 1 $км^2$ жерге 25 кишиден туура келет. Экинчиден, калктын аймак боюнча бирдей таралбагандыгы менен башка региондордон көп айырмаланат. Үчүнчүдөн, бул региондо ири тайпак тоолорду жана жашоо үчүн эң бийик жерлерди өздөштүрүүгө жетишкен.

Урбанизациянын көрсөткүчү боюнча Латын Америкасы экономикасы

жакшы өнүкк[illegible]элкөлөрдү элестетет, анын деңгээли 80%га жакын, кийинки мезгилде а[illegible] өсүү арымы басандады. Калктын шаарларда (саны 300дөн ашык), өзгөче[illegible]ллионер шаарларда (40тан ашык) топтолушу күчөп жатат. Региондо **шаа[illegible]рдын өзүнчө латын америкалык тиби** калыптана баштады.

Колониялы[illegible]шаарлар испаниялыктар жана португалиялыктар тарабынан бирдикт[illegible]ан боюнча жайгаштырылган. Шаардын ортосунда борбордук аянт болг[illegible]пласа майор). Анын айланасында ратуша, собор, административ-рациялык има[illegible]тар орун алган. Ал аянттан «шахматтык» торду элестеткен түз көчөлөр к[illegible]ен.

Латын Ам[illegible]касында шаардык агломерациялар калыптанууда. Алардын төртөө зор ша[illegible]арга айланган. Булардын биринчи катарында Чоң Мехико турат. Ал өлк[illegible]н 0,5% аянтын ээлеп, калкынын $^1/_5$ бөлүгүн камтыйт. Бул зор агломера[illegible] жылына 250–300 минден ашык мигранттардын эсебинен тез өсүп жата[illegible]

Чоң Мехи[illegible]оо арасындагы ойдуңда, деңиз деңгээлинен 2250 *м* бийиктикте жайга[illegible]н. Ал Американын борбор шаарларынын арасынан эң байыркысы. Те[illegible]титлан деген шаар ацтектер тарабынан 1176-жылы анча чоң эмес көлдүн [illegible]сундагы аралга негизделген. Испандыктар ал шаардын ордуна башка [illegible], Жаңы Испаниянын борборун өз эрежелерине ылайыктап курушкан. А[illegible] Мехиконун борборунда бай жана орто байлардын өкүлдөрү, ал эми чет-ж[illegible]арында кедейлер жашайт. Континенттин түштүк жагында эң ири агло[illegible]ация – Буэнос-Айрес орун алган. Анда өлкөнүн калкынын $^1/_3$и жашайт.[illegible]умуштуулардын ою боюнча Мексикада, Бразилияда жана Аргентинада [illegible]инчи мегаполистер калыптана баштады.

Латын Ам[illegible]касында өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө мүнөздүү болгон **«жалган урбаниза[illegible]»** деген көрүнүш ачык байкалат. «Жалган урбанизация» – бул шаарды[illegible]алпы калкынын саны экономикалык активдүү, өндүрүштө жана өндүрү[illegible] эмес чөйрөдө эмгектенгендердин санынан өтө көп болгону. «Жалган урб[illegible]зацянын» себеби жарды элеттиктердин үзгүлтүксүз шаарга умтулуусу ж[illegible]бийликтин аларды жумуш жана турак жай менен камсыз кыла албаган[illegible]ында. Ушул урбанизация менен шаар калкынын 30–50% жашаган «ж[illegible]лардын алкагынын» калыптанышына байланыштуу.

**4. Чарбас[illegible]** Регион аймагынын өлчөмү жана калкынын саны боюнча Азия менен [illegible]икага жетпесе да, социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча алардын а[illegible]нда турат. Өткөн кылымдын 80-жылдарындагы оор кризистен кийин (б[illegible]жакта аны «жоголгон он жылдыктар» дешет) регион маанилүү саясий[illegible]а социалдык-экономикалык реформалардын жолуна түшүп, коомдук түзү[illegible]тү демократиялаштырууга, рыноктук экономиканы өнүктүрүүгө, дүйнөл[illegible]арба менен байланышты күчөтүүгө, интеграциялык топторду түзүүгө [illegible]тү. Натыйжада, 1990-жылдарда дүйнөлүк чарбада Латын Америкасын[illegible]олу өсө баштады.

Бирок, бардык социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн болбоду. Ага айрым бир өлкөлөрдөгү (мисалы Аргентинадагы) экономикалык кризистер мисал боло алат. Алардын Батыш өлкөлөрүнө финансылык карызы бар. Кийинки жылдарда көп өлкөлөр мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жолуна түшүп, чет элдик капиталды таратууга өтүштү.

Латын Америкасынын өнөр жайы көп жылдар бою тоо-кен казып алуу тармагына ыктап келген. Ал тармак азыр да чоң мааниге ээ. Ошону менен бирге анын, Африкадан айырмасы, өнөр жайдын иштетүүчү тармактарына (кара жана түстүү металлургия, нефтини иштетүү), анын ичинде ИТРдин жетишкендиктерин көп колдонгон тармактарына көңүл бура баштады. Мисалы, Бразилияда электроника, автомобиль, кеме жана самолёт куруу, Мексикада – автомобиль, станок куруу, электро-техника жана элоктроника өндүрүшү, Аргентинада – автомобиль, станок чыгаруу өнүккөн.

Региондун иштетүүчү өнөр жайынын $^{4}/_{5}$ү үч чоң өлкөгө – Бразилия, Мексика жана Аргентинага тийиштүү.

Өзгөчө кескин карама-каршылыктар эки башка секторду көздөгөн айыл чарбасынын өнүгүшүндө байкалат. Биринчи сектор – жогорку товардуу, көп райондоруна монокультуралык, плантациялык чарба мүнөздүү. Мисалы, дүйнө боюнча эң ири банан өстүрүү – Бразилияда, Коста-Рикада, Колумбияда жана Эквадордо. Алынган түшүмдүн баары рефрижератор-кемелер менен АКШга Европага ташылып кетет. Экинчи бир мисал, 1959- жылга чейин Кубада бал камыш монокультура болгон. Азыр да иштетилген жердин $^{1}/_{2}$ин бал камыш ээлейт. 150 кант заводу жылына 4–5 млн *т* чийки бал чыгарат. Бал камышын өстүрүү жана кант чыгаруу – Кубанын эл аралык адистешүү тармагы.

Латын Америкасынын мээлүүн климаттуу аймагындагы, аргентиналык Пампада эң чоң азык-түлүк иштетүүчү агро-өнөр жайлуу комплекс калыптанган.

XIX кылымдын башында учу-кыйрына көз жетпеген Пампанын талааларында гаучо ковбойлору гана мал жайган жана калк отурукташпаган жай болгон. Бирок, кылымдын аягында Пампа Аргентина үчүн буудай, жүгөрү, эт чыгаруучу жерге айланган. Жаш субай малды кургакчыл Пампада, ал эми семиртип багуу нымдуу Пампада болот. Мына ошондуктан, Пампаны «эттин фабрикасы», Буэнос-Айрести – «эттин борбору» же «Аргентинанын Чикагосу» дешет.

Экинчи сектор – бул жашыл революцияга эч тиешеси жок, өзүнүн гана керектөөлөрүн камсыз кылган айыл чарбасы. Анда иштеген дыйкандар жүгөрү, маниока, буурчак, картошка жана жашылча өстүрүшөт. Айыл чарбасынын артта калышынын бир себеби – жерди иштетүүдө жана аны пайдаланууда эски тажрыйбалардын сакталышы. Дыйканчылыктагы ири помещиктик чарба колониялык мезгилден бери Бразилияда – фазенда, Мексикада – гасенда, Аргентинада – эстансия сакталып калган. Мындай ири чарбалар латифундиялар деп аталат. Аларда жер эң эле натыйжасыз пайдаланылат.

Экинчи жагында майда жер иштетүүчүлөрдүн (минифундия), көпчүлүгүнүн такыр жери жоктор.

Транспортто дагы көп карама-каршылыктар бар. Латын Америкасында темир жолдун узундугу бир далай болгону менен алардын техникалык жабдуулары эң эле төмөн. Суу жана куур транспорту начар, ал эми автомобиль жана аба транспорту жакшы өнүккөн. Деңиз транспортунун мааниси жогору, анткени тышкы соода байланыштары негизинен алар аркылуу жүрөт. Панама деңиз транспортунун тоннажы боюнча дүйнөдө биринчи орунда. Мексиканын жана Вест-Индиянын өлкөлөрүнүн экономикасында көрүнүктүү орунду туризм ээлейт. Алардын кээ бирлерин (Багам аралдары) «квартира берүүчүлөр» деп аташат.

**5. Чарбасынын аймактык түзүлүшү:** «Бир өлкөдө эки өлкө» деген сөз көпчүлүк өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн калкынын жайгашуусунун жана чарбасынын географиялык сүрөтүн мүнөздөп турат. Аларда чарбанын колониялык тиби сакталып калган. Латын Америкасында борбор шаары же «экономикалык борбору», эреже катары, бардык аймактын башкы фокусу. Мисалы, Мехикодо, Лимада, Сан-Паулуда, Буэнос-Айресте бардык өнөр жай өндүрүшүнүн $^1/_2$и, Монтевидеодо $^3/_4$ү чыгарылат. Бул өлкөлөрдө кээ бир райондору минералдык чийки заттарды жана отун болуучу заттарды казып алууга жана плантациялык айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө адистешип, алыскы жерлерде жайгашкан. Ошондуктан, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында салынган темир жолдору бутактап таралып, аягы деңиз портуна такалат.

Региондун көп өлкөлөрүндө аймактык айырмачылыктарды азайтуу үчүн региондук саясатты жүргүзүшөт. Мисалы, Мексикада өндүргүч күчтөрдү түндүгүнө, АКШнын чегине, Венесуэлада – чыгышка, ресурстарга бай Гуаянага, Бразилияда – батышка, Амазонияга, Аргентинада – түштүккө, Патагонияга жакындатышат. Мындай жылдырууларды тездетүү үчүн Бразилияда борборду Рио-де-Жанейродон жаңы шаар Бразилияга көчүргөн. Мындай көчүрүштү Аргентина дагы долбоорлоп жатат.

**6. Айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык көйгөйлөрү.** Кийинки жылдарга чейин бул көйгөйгө аз көңүл бурулуп келген. Бул көзөмөлсүз токойду кыркууга, жаныбарлардын генефондунун кыскарышына, топурак эрозиясынын күчөшүнө, кислоталык жаан-чачындын жаашына ж. б. тескери процесстерге алып келген. Өзгөчө коркунучтуу экологиялык кырдаал өнөр жайлуу чоң шаар агломерацияларында түзүлгөн. Мисалы, Мехикону Лос-Анджелестей эле «смогополис» дешет, анткени абанын булганчтыгы нормадан бир канча эсе көптүк кылат (шаарда 3 млндон ашык автомобиль бар). Андан башка Мехикодо жер астындагы сууну сордуруп алып жатып, шаардын орду бир нече метрге чөгүп кеткен.

Кийинки гана жылдарда айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык кооптуу маселелерге жакшы көңүл бурула баштады.

## § 35. Бразилия

**1. Бразилия-тропикалык гигант.** Бразилия – Латын Америкасындагы эң чоң өлкө жана өзүнчө субрегион.

Бразилия – дүйнөдөгү жаратылыш ресурстарына эң бай өлкөнүн бири. Бул субрегиондо 50дөн ашык ар түрдүү минералдык чийки заттар, өзгөчө руда түрүндөгүлөр көп казылып алынат. Өлкө иштетилген жерлери боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда. Суу ресурсу, анын ичинде гидроэнергетика ресурсу, токой ресурсу да өтө көп. Ушунун баары анын экономикасынын өнүгүшүнө өбөлгө болот.

Бразилия калкынын саны боюнча ири беш өлкөнүн ичине кирет. Анын калкы жылына 2,5 млн кишиге өсүп турат. Бул дагы анын экономикасынын өсүшүнө жардам берет, ошону менен бирге жумушсуздукка жана «жалган урбанизацияга» таасир кылат.

Бразилия – өнүгүп келе жаткан дүйнөдөгү ири өлкө, анын лидери. ИДПнин көлөмү боюнча Бразилия Латын Америкасында алдыңкы, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ичинен үчүнчү (Кытай менен Индиядан кийин) орунду ээлеп, дүйнөлүк чарбанын борборлорунун бири.

Колониялаштыруунун башталышында португалиялыктар Бразилиянын токойлорунан кызыл даракты издешкен, анын жыгачынан боек алышкан, андан кийин кант «лихорадкасы» башталып, XVII кылымдын аягына чейин созулуп, ал өлкөнүн Түштүк-Чыгышынын өнүгүшүнө себепкер болгон. XVIII кылым толугу менен Рио-де-Жанейронун түндүгүндө жайгашкан Минас-Жерайс штатындагы алтын «безгегине» туш келген. XIX кылымдын орто ченинен тартып кофе өндүрүү өнүгө баштап, анын борбору Сан-Паулу штатына көчкөн. Андан кийинки каучук, какао бумдары чыгып, Бразилиянын эл аралык адистешүү тармактары өзгөрүп турган.

Бразилия жылына 1 млн автомобиль чыгарып, бензинди үнөмдөш үчүн бал камыштан алынган этил спиртин колдоно баштаган. Электроника жана электро-техниканын өнүгүүсү жогорку деңгээлге жеткен; башка да илимди көп талап кылган тармактар өсүп жатат. Зор аскер согуш өнөр жайы түзүлгөн. Дүйнө боюнча эң ири ГЭС курулган. Ошону менен катар Бразилия кофе, бал камышы жана банан чогултуу боюнча биринчи, соя жана апельсиндин түшүмү боюнча АКШдан кийинки экинчи орунда турат.

Ошондой эле Бразилиянын экономикасынын тармактык түзүлүшү жеткиликтүү эмес. Биринчи кезекте ал айыл чарбасына тиешелүү, көп жерлерин түшүмдүүлүгү аз өсүмдүктөр ээлейт. 1998-жылы байкалган финансылык кризис өлкөнүн экономикасына таасирин тийгизди.

**2. Чарбасынын аймактык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр: батышка карай умтулуу.** Бразилия – чарбасы жана калкы океан жээгин карай ыктаган өлкө. Мисалы, эни океан жээгинен 300–350 *км* тилкеде Бразилиянын калкынын

жана чарбасынын $^{9}/_{10}$у жайгашкан. Ички аймактары начар өздөштүрүлгөн жана анда калк аз жайгашкан. Рио-де-Жанейронун тегерегинде калктын жыштыгы Амазонияга караганда 800 эсе көп. Рио-де-Жанейро, Сан-Паулу жана Белу-Оризонту шаарларынын арасын Бразилиянын «индустриялуу үч бурчтугу» – дешет. Үч бурчтуктун чокуларындагы шаарлардын ар биринин адистешүү өзгөчөлүгү бар.

Рио-де-Жанейро шаары көп жылдар бою Бразилиянын борбору, ири порт-шаар, банкир-шаар, туризмдин шаары болуп келген. Бирок, 1960-жылы борбордун көчүшүнө жана Сан-Паулунун конкуренциясына байланыштуу анын мааниси төмөндөй баштаган.

Рио-де-Жанейро – дүйнөдөгү эң кооз шаарлардын бири. Кенен бухтанын жээгинде катар турган административдик имараттар жана турак жайлар, атактуу Копакабана пляжы, порт жана өнөр жайлуу район орун алган. Шаардын жанынан көтөрүлгөн тоодо Христостун 40 метрлик эстелиги турат. Рио (Бразилияда шаарды ушундай аташат) өзүнүн төрт күн беш түнгө созулган карнавалы менен атактуу; шаарда 200 миң киши сыйган «Маракана» футболдук стадиону жайгашкан. Ошону менен бирге бул шаар социалдык контрасты менен айырмаланат. Четки жакыр конуштарда («фавел») жүз миңдеген колунда жок жардылар (фавеладос) жашайт.

Сан-Паулу – ири шаар, Бразилиянын экономикалык борбору. Аны бүткүл өлкөнүн экономикасын тарткан локомотив деп аташат. XIX кылымдын орто ченинде чет жактагы чакан шаар кофенин, Европадан жана Япониядан келишкен иммиграниттардын эсебинен бат өсө баштады. Акырындап бул жерде Бразилиянын жана бүткүл Латын Америкасынын өнөр жайлуу району калыптана баштады. Бул жакта илимди көп талап кылган өнөр жай тармактары жана банктар топтолгон.

Сан-Паулу – көк тиреген имараттардын шаары, ошондуктан, аны Латын Америкасынын Нью-Йорку деп коюшат. Бири-бирине жакын отуз, кырк, элүү кабаттуу өтө бийик имараттар катар тургузулган. Бул жерде корпорациялардын штаб-квартиралары, банктар жана биржалар орун алган, ал эми өнөр жай ишканалары чет жагындагы Чоң Сан-Паулунун жандоочу шаарларында жайгашкан. Чет жактары кедей-кембагалдардын жашаган жери.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Бразилия Амазониянын батышын өздөштүрүү үчүн региондук саясат жүргүзө баштады. Ушул максатта жээктен бир жарым миң *км* алыска жаңы борбор шаар – Бразилия шаарын салды. Ал «өсүү уюлуна» айланып, өлкөнүн жаңы символу болуп калды.

Өткөн кылымдын 70-жылдарында Трансамазония жолу салынып, анын узундугу 5,5 миң *км* келип, жолду бойлото кен казып алуучу «Чоң Каражас» ишканасы, жыгач даярдоочу ишканалар, мал багуучу ранчолор, агрокалк отуруктаушуучу жайлар жана эң ири ГЭС курулган. Амазонияны өздөштүрүү ирээтсиз жүргөндүктөн көп кооптуу кырдаалдар пайда болуп, экологиялык тең салмактуулук бузулууда.

# АВСТРАЛИЯ

**1. Жалпы маалыматтар.** Австралия – бүткүл бир континентти ээлеген мамлекет жана ал аймагы жагынан гигант өлкөлөрдүн катарына кирет.

Бул «Түштүктөгү белгисиз жер» голландиялыктар тарабынан XVII кылымдын башында ачылган, бирок, XVIII кылымдын аягында англичандар тарабынан өздөштүрүлө баштаган. Көп убакыт бою метрополиядан 20 миң *км* алыс жаткан колониялык аймак каторгага айдалгандардын жери болуп келген. XIX кылымдын башында бош жер жетишпегендиктин себебинен, андан кийин «алтын безгеги» башталып, жаңы материктин аймагын өздөштүрүү күчөгөн. Натыйжада, Австралия «келгиндердин капитализми» өлкөсүнө айланган. 1901-жылы Англиянын доминиону – Австралия Союзу пайда болгон.

Австралия мамлекеттик түзүлүшү боюнча эгемендүү өлкө. Бирок, ал Улуу Британиянын шериктештигине киргендиктен, мамлекеттин расмий башчысы англиянын король айымы болуп эсептелет, анын жергиликтүү өкүлү генерал-губернатор. Австралия федерация мамлекети 6 штат, 2 аймакты бириктирип Австралия Союзун түзөт.

Австралиянын калкы 19 млн, башкача айтканда Москванын калкынан эки эсе көп, болжол менен Мехиконун калкына барабар. Жергиликтүү аборигендердин саны 250 миң, б. а. өлкөнүн калкынын 1,5%ын гана түзөт. Демек, калкынын дээрлик баары Европадан келгендердин тукуму. Калктын орточо жыштыгы 1 $км^2$ жерге 2ден киши туура келет. Бирок, бирдей таралган эмес. Австралия – жогору урбанизацияланган өлкөлөрдүн бири.

**2. Чарбасы.** ИДПнин өлчөмү боюнча Австралия дүйнөдө 16-орунда турат. Бирок, анда дүйнөлүк чарбада жогору бааланган эл аралык адистешкен тармактар бар.

Биринчиден бул тоо-кен өнөр жайы. Тоо-кен өнөр жайы боюнча Австралия «улуу өлкөлөрдүн» катарына кирет. Ал дүйнөдөгү көмүр, темир рудасын, боксит, уран, алтын, алмаз казып алуу боюнча алдыңкы үч өлкөнүн бири. Аларды экспорттоо боюнча Австралиянын үлүшү андан да жогору. Ушул өлкөдөн боксит, көмүр, темир рудасын Европа жана Азия өлкөлөрүнө ташыган «деңиз көпүрөлөрү» башталат.

Экинчиден, Австралиянын айыл чарбасы дүйнөдө экинчи орунду (Кытайдан кийин) ээлейт. Койдун саны 125 млн чамасында. Жүн алуу жана аны экспорттоо боюнча да алдыңкы орунда. Ал буудай, эт, кант, жашылча, жемиш, шарап өндүрүү боюнча да көрүнүктүү орундарда.

**Австралия жана Океания өлкөлөрү**

| № | Өлкөлөр | Аймагынын аянты, миң $км^2$ менен | Калкы, млн киши | Борбор шаарлары | Башкаруу формасы | Аймактык уюштуруу формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Австралия | 7799,0 | 20,1 | Канберра | Р | Ф |
| 2 | Вануату | 12,2 | 0,201 | Порт-Вила | Р | У |
| 3 | Чыгыш Тимор | 14,8 | 1,9 | Дили | Р | У |
| 4 | Кирибати | 0,8 | 0,093 | Баирики | Р | У |
| 5 | Маршалл аралдары | 0,181 | 0,055 | Иаджуро | Р | У |
| 6 | Микронезия | 0,701 | 0,113 | Паликир | Р | Ф |
| 7 | Науру | 0,021 | 0,01 | – | Р | У |
| 8 | Жаңы Зеландия | 270,5 | 4,0 | Веллингтон | Р | У |
| 9 | Палау | 0,508 | 0,021 | Корор | Р | У |
| 10 | Папуа-Жаңы Гвинея | 462,8 | 5,7 | Порт-Морсби | км | У |
| 11 | Самоа | 2,8 | 0,2 | Апиа | Р | У |
| 12 | Соломон (Сулайман) аралдары | 29,78 | 0,5 | Хонмапа | Р | У |
| 13 | Тонго | 0,748 | 0,1 | Нукуалофа | км | У |
| 14 | Тувалу | 0,025 | 0,009 | Фунафути | Р | У |
| 15 | Фижи | 0,018 | 0,810 | Сува | Р | У |

**3. Ички айырмачылыктары.** Австралиянын негизги экономикалык району – Түштүк-Чыгышы. Ал жер биринчи колониялаштырылган жана өлкөнүн калкынын 70%ы, негизги өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшү топтолгон, жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуу борбору. Бул райондо чоң шаарлар да орун алган: Сидней (Жаңы Түштүк Уэльс штатынын администрациялык борбору), Мельбурн (Виктория штатынын администрациялык борбору), борбордук функцияны аткарыш үчүн атайын Канберра шаары курулган.

Австралиянын башка райондорунан түндүк-чыгыш, түштүк жана түштүк-батыш жээктери өздөштүрүлгөн, ички аймактары болсо калк сейрек отурукташкан же такыр эле адам жашабаган жерлер. Бирок кээ бир жерлеринде тоо-кен өнөр жайы өнүккөн борборлор кездешет. Материктин басымдуу бөлүгүн ээлеген кургак талаа жана чөл жайыттарында кой асыралат. Меринос-койлор чоң жана эң ири фермаларда – кой багуучу станцияларда («шипс-

тейшиз») асыралат. Алар жеке чарбаларга же компанияларга тийиштүү. Мындай фермаларда койлор жыл бою жайытта багылат.

**Негизги тыянак.** *Латын Америкасы өнүгүүсүнүн салыштырмалуу жогорку деңгээли менен айырмаланат. Анын экономикалык өнүгүүсү жакшы өнүкөн өлкөлөр менен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосунда орун алган. Материк – өлкө Австралия, Азия – Тынч океандык региондо көрүнүктүү орунду ээлейт.*

### Кошумча маалыматтар (кызыктуу фактылар)

1. Москва – Гавана авиакаттамы 14 саатка, Москва – Буэнос-Айрес – 19 саатка созулат. Одесса – Буэнос-Айрес деңиз жолунун узундугу 14 миң *км*.

2. 1975-жылы Антарктидадан келген муздак шамал, Бразилиянын 3,5 млрд кофе дарагынын бир бөлүгүн үшүккө учуратып, экинчи бөлүгүнө зыян келтирген. Бул окуя кофенин түшүмүнүн кыскарышына жана анын баасынын кескин көтөрүлүшүнө алып келген. 1994-жылкы болгон суукбун эпкини 200 миң кофе дарагына зыян келтирип, дүйнөлүк рынокто кофенин баасын дагы көтөргөн.

3. Эң катуу Эль-Ниньо кубулушу 1997–1998-жылдарда байкалган. Анын натыйжасында Перунун жээгиндеги суулардан анчаус балыгы такыр кармалбай калган. Амазонияда, Мексикада, АКШнын түштүгүндө кургакчылыктан токойлордун өрттөнүшү жана нөшөрлөгөн жаандан Бразилияда, Колумбияда жана Борбордук Америкада кофенин, Кубада бал камышынын түшүмдүүлүгүнүн кыскарышы байкалган. Анын таасири жалаң эле Америкага эмес Африкага жана Азияга да тийген. Дүйнө боюнча ал кубулуштан тарткан зыян 50 млрд долларга жеткен.

4. Көп дарактар баалуу жыгач материалын беришет: кызыл, сандал, жеңил сөңгөктүү бальса дарагы (Тур Хейердал «Кон-Тики» салын ушул жыгачтан курган) ийне жалбырактуу дарактардын реликти, бразилиялык жана чилилик араукария дарагы да баалуу жыгачы менен атагы чыккан.

5. Латын Америкалык өлкөлөрдүн көбүнүн гербинде жаныбарлардын сүрөтү тартылган: Перунун гербинде – лама, Гайананыкында – ягуар, Ямайканыкында – крокодил, Гренаданыкында – броненосец (чопкуттуу); Мексика, Колумбия, Панама, Эквадор, Боливияда – кондор же бүркүт, Барбадосто – бир казан (пеликан), Доминиканда – тотукуш, Багама аралдарында – фламинго, Тринидада жана Табогодо – калибри жана кызыл чибис деген канаттуулар.

6. Өлкөлөрдүн аттары – Гватемала, Никарагуа, Панама, Куба, Ямайка, Перу, Парагвай жана шаарлардын аттары – Мехико, Куско, Гуаякиль, Пернамбуку, Тегусигальпа индеецтердин тилинен алынган. Алар табигый объектилерде да сакталып калган: жанартоолор – Орисаба, Попокатепетль, көлдөр – Маракайбо, Титикака, дарыялар – Парана жана Ориноко, жарым арал – Юкотан, чөл – Атакама ж.б.

7. Конкистадорлор менен бирге Испаниядан Латын Америкасына көптөгөн географиялык аталыштар миграцияланган. Мисалы, Мексикадагы шаарлардын аттары; Гвадалахара, Саламанка, Вальядолид, Мерида; Венесуэладагы Валенсия жана Барселона; Колумбия жана Уругвайдагы – Толедо; Аргентина менен Перудагы – Кордова.

8. 33 мамлекеттин 18инде расмий тил испан тили 63%, Бразилияда – португал тили 34%. Калган 3%ы майда мамлекеттерде англис, француз жана голланд тилдери расмий тил болуп эсептелет.

9. Бүткүл дүйнөлүк мурас-эстеликтер боюнча Латын Америкасы Чет өлкөлүк Европа менен Азиядан кийин үчүнчү орунда турат. Алардын $^2/_3$си Х. Колумбга чейинки замандардын маданий мурастары. Мексикада майялардын Паленке, Чичен-Ица, Ушмаль шаарларынын калдыктары, ацтектердин Теотиукан шаары, Перудагы инктердин борбор шаары – Кусконун чалдыбары, Наска чөлүндөгү табышмактуу сүрөттөр, Боливиядагы Титикака көлүнүн жанындагы Гиуанако археологиялык резерваты. Колумбга чейинки замандарга туш келген, Тур Хейердал жазып кеткен Тынч океандагы Пасха аралынын атактуу таш статуялары.

10. Ла-Пас шаары, Боливиянын борбору деңиз денгээлинен 2630 *м* бийиктикте дүйнөдөгү эң бийик жайгашкан мамлекеттин борборлорунун бири. Анды тоолорундагы айрым калктуу пункттар деңиз деңгээлинен 4500–5000 *м* бийиктиктен орун алган. Перуда XIX кылымдын аягында эле 4800 *м* бийиктикке жеткен, б. а. Монбландын Европа деңгээлинде темир жол курулган.

11. 1536-жылы испандык конкистадор Педро де Мендоса Ла-Платанын оң жээгине калктуу пункт куруп, аны Сьюдад-де-ла-Сантисима-Тринидат-и-Пуэрто-Нуэстра-Сеньора-де- Санта-Мария-де-лос-Буэнос-Айрес деп атаган. Которгондо ал «Ыйык Үч Илтиктин шаары жана биздин Ыйык госпожабыз, ылымта шамалдын ээси Мариянын булуңу (гавань)». Бул узун аттан XIX кылымдын башында аякки эки сөз гана сакталып калган.

12. 2000-жылы тышкы карыз боюнча Бразилия биринчи орунда (250 млрд долл.), Мексика үчүнчү орунда (170 млрд долл.), Аргентина бешинчи орунда (150 млрд доллар) болгон.

13. Картошканын мекени – Перунун тайпак тоолору. Азыр да перуликтардын базары картошканын өлчөмү, формасы жана өңү боюнча келгендерди таң калтырат.

14. 1930-жылдарда курула баштаган эң узун Панамерика шоссеси Латын Америкалык өлкөлөрдүн борборлорун бириктирип турат. Ал АКШ менен Мексиканын чек арасынан башталып, Буэнос-Айреске чейин 33 миң *км*ге созулат. Панама каналын ал шоссе «Американын көпүрөсү» деген көпүрө аркылуу кесип өтөт.

15. АКШ менен Мексиканын чек арасын бойлоп бир нече шаар өсүп чыккан, аларда АКШнын капиталы менен Мексиканын арзан жумушчу күчүн пайдаланган ишканалар иштейт. Алар автомобиль жабдууларын, тиричилик электро-техникасын, электрониканы, эмерек ж. б. чыгарат; капиталды талап кылган жагы түндүгүндө (америкалык тарапта), жумуш-

чу күчүн талап кылганы түштүгүндө (мексикалык жакта) иштелет. Бул ишканалардын продукциясы («макиладорас») АКШнын рыногуна түшөт.

16. Бразилиянын жээгине 1500-жылы биринчи жеткен португалиялык деңиз саякатчысы Педру Кабрал ошол убактагы салт боюнча ачкан жерине Чыныгы Кресттин Жери деп ат койгон. Бирок, кийин ал жерге Бразил (Бразилдин Жери) деген ат бекилип калган. Мындай атка өлкө кызыл сандал дарагын португалдыктар бразил деп атаганына ылайык койгон; анын кызыл-сары жыгачы боёк алууда колдонулган. Мурда Азиядан табылган кызыл дарак Бразилиянын токойлорунан табылып, көп убакка чейин колониядан алынып келген негизги продукт болгон.

17. XVIII кылымдын башында Голландиядагы ботаника көргөзмөсүнө Явадан кофе дарагы алынып келинген. Бир нече жылдан кийин голландыктар кофенин көчөтүн француздун королу Людовик XIVкө тартуу кылган. Кариб деңизиндеги француздардын бир аскер губернатору Вест-Индияга кофенин жаш көчөтүн алып келет. Ал жактан кофе Гвианага, андан Бразилияга жетип, ал жерде өзүнүн экинчи мекенин тапкан.

18. Дүйнөгү эң чоң Итайпу ГЭСи Бразилия менен Парагвайдын чегинде (Игуасу шаркыратмасынын жанында) 1975-жылы курула баштаган. 1983-жылы биринчи электр энергиясы өндүрүлүп, 90-жылдары бардык 18 турбинасы пайдаланууга берилген. Анын жалпы кубаттуулугу 12,6 млн *кВт*. Натыйжада, плотинасынын (тосмосу) бийиктиги 196 *м*, узундугу 200 *км* болгон суу сактагыч пайда болду. Токантинс дарыясында кубаттуулугу 8 млн *кВт* болгон дагы бир ГЭС курулууда.

19. Педру Кабрал Бразилияны ачкандан кийин, дагы бир португалиялык саякатчы Гонсалу Куэлью анын деңиздик жээги менен сүзүп өткөн. Гуанабара булуңун ал дарыянын чаты деп ойлоп, ал жерди Рио-де-Жанейро – «январдын дарыясы» деп атаган.

20. Архитекторлор Л. Косты жана О. Нимейеера бул шаар (Бразилия) планда самолёттун кейпинде болуп, «фюзеляжында» административдик жана коомдук имараттар, канаттарында турак жайлар, ал эми учкучтар олтурган жайда президенттик улуттук конгресс жана укук коргоонун ак сарайлары курулган. Бразилия шаары азыркы цивилизациянын этабындагы бүткүл дүйнөлүк мурас катары тизмеге кирген объект.

21. Биринчи 11 жел кайык сүргүнгө айдалгандар менен Австралиянын түштүк-чыгыш жээгине 1788-жылы сегиз айлык деңизде сүзүүдөн кийин келген. Түшкөн жерге курулган калктуу пункт ошол убактагы Улуу Британиянын колониялар боюнча министри Сиднейдин атына коюлган. 1988-жылы Австралиянын 200 жылдыгын майрамдаган мезгилде англиялыктар «Биринчи флоттун» сүзүүсүн кайра кайталашты. 26-январды (ошондогу флоттун жээкке түшкөн күнүн) Австралиянын улуттук майрамы катары белгилешет.

22. Батыш Австралияда алмаздын кени 1976-жылы ачылган. Андан он жыл өткөндөн кийин алмазды казып алуу боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыккан.

23. «Шипстейшндин» өлчөмү, эреже катары, эң эле чоң: алар ондогон, жүздөгөн миң гектар жерди ээлейт, ал эми эң чоң станциянын аймагы 2 миң $км^2$ б. а. Люксембургдун аймагынан бир аз гана кичине. Мындай станцияларда 10–15 миңден, кээ бирөөндө 50–100 миң баш койдон кармалат. Бул жерде эң жогорку сапаттагы жүн берген меринос-койлорду кармашат. Анча чоң эмес Гоулберн деген шаарда койго эстелик коюлган (Чоң Меринос).

### Билимге жана билгичтикке ээ болуу үчүн тапшырмалар блогу

1. Таблицаны карап Латын Америка өлкөлөрүнүн административдик-аймактык түзүлүшүн жана башкаруу формасын аныктагыла; дептериңерге таблица түзгүлө. Бул өлкөлөрдү Азия менен Африканын өлкөлөрү менен салыштырып, айырмасын түшүндүргүлө.
2. Атластагы дүйнөнүн минералдык ресурстарынын картасын, Латын Америкасынын экономикалык картасын жана «Тиркемедеги» таблицаларды пайдаланып, ар бир субрегиондун кен байлыктарын мүнөздөгүлө. Алардын окшоштугуна жана айырмачылыктарына түшүндүрмө бергиле. Латын Америкасынын кен байлыктарынын аймактык айкалышын аныктап, аларды контур картага түшүргүлө. Өнөр жайдын өнүгүшүнө жана жаңыланышына райондорду өздөштүрүүгө алар кандай шарттарды түзгөн?
3. Окуу китебиндеги жана «Тиркемедеги» таблицаларды атластагы карталарды пайдаланып, өлкөлөрдүн кайра жаңыра турган ресурстарына мүнөздөмө бергиле.
4. Окуу китебиндеги сүрөттөрдү, атластагы төрөлүү, өлүм-житим жана калктын өсүп толукталышы жөнүндөгү карталарды пайдаланып, окуу китебиндеги калктын өсүшү жөнүндөгү маалыматты тактагыла.
5. Атластагы дүйнө калкынын, диндин карталарын пайдаланып, Латын Америкасынын калкынын тили дини боюнча жайгашуусун тактагыла. Латын Америкасынын өлкөлөрүндөгү калктын арасында индейлердин үлүшү (% менен): Боливияда – 63, Гватемалада – 54, Перуда – 47, Эквадордо – 40, Мексикада – 15, Чилиде – 9, Панамада – 6, Венесуэла, Колумбия, Никарагуа, Сальвадор, Гондурас, Аргентинада – 2–4. Ушул сандарды колдонуп, тегерек диаграмма түзгүлө.
6. Атластагы калктын жыштыгынын картасын пайдаланып, Латын Америкасынын калкынын жайгашуусунун негизги белгилерин тактагыла.
7. Окуу китебиндеги жана «Тиркемедеги» таблицаларды пайдаланып, атластагы урбанизациянын картасын карап, Латын Америкасынын урбанизация процессинин мүнөзүн тактагыла. Эң жогорку жана төмөнкү урбанизацияланган өлкөлөрдү аныктагыла. Урбанизациянын деңгээли боюнча Латын Америкасын Африка менен Азияга салыштыргыла.
8. Окуу китебиндеги текстти жана Латын Америкасынын экономикалык-географиялык картасын пайдаланып, региондун контур картасына төмөнкү кен бай-

лыктарды казып алып, экспортко чыгарган өлкөлөрдү түшүргүлө: нефть, темир кенташ, жез рудасы, калай рудасы, бокситтер, күкүрт, селитра.

9. Окуу китебиндеги текстти жана атластагы Латын Америкасынын физикалык жана экономикалык карталарын пайдаланып, региондун контур картасына кофе, какао-боб, кант, банан, буудай, жүгөрү, эт өндүрүүгө адистешкен негизги өлкөлөрдү түшүргүлө. Мындай адистешүүнүн себептерин көрсөткүлө. Төмөнкү суроого жооп берип көргүлө, «Латын Америкасынын портторунда кандай жүктөрдү кемелерге жүктөшөт?» Жолдошторунар менен ким көп экспортко продукцияларды жана аларды ташуучу портторду санай алабыз деп атаандашып көргүлө.

10. 1. География жана тарых боюнча билиминерге таянып, эмне үчүн Латын Америка өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү калган региондогу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн жогору экендигин түшүндүргүлө. 2. (Дептер менен иштөө). Окуу китебиндеги текстти, сүрөттөрдү жана атластын карталарын пайдаланып, Мексиканын, Бразилиянын жана Аргентинанын айырмачылыктарын жана окшоштуктарын аныктагыла. Окуу китебиндеги тексттерди жана кошумча адабияттарды колдонуп, эки шаарды салыштырып (өзүңөр тандагыла) жазгыла: Мехико, Гавана, Рио-де-Жанейро, Сан-Паулу, Бразилия, Буэнос-Айрес. Панамерика шоссеси боюнча жүргөнүңөрдү жана күндөлүк жазганыңарды элестетип, бир күндүк жазганыңарды келтиргиле (өзүңөр тандагыла). Окуу китебиндеги текст жана сүрөт боюнча Бразилия шаарын сүрөттөгүлө.

### Өзүн-өзү жана бири-бирин текшерүү блогу

### Төмөндөгү суроолорго түшүндүрмө бергиле

1. «Латын Америкасы» деген терминдин келип чыгышын.
2. Латын Америкасынын шаарларынын ролунун өзгөчө маанисин.
3. Транспорт тармагынын сүрөтү дүйнөлүк соодага ылайыкташкандыгын.
4. Кандай максат менен Бразилиянын жаңы борбору курулганын.
5. Латын Америкасынын борбор жана четки шаарларынын ортосунда «шаар өлкө үчүн эмес», «өлкө шаар үчүн» деген принцибин.
6. «Рио-де-Жанейро – турмуштун ыракатын көрчү шаар», ал эми Сан-Паулу ошол турмушка каражат тапчу шаар» деген сөздөрдү.
7. «Эгерде кофенин баасы өссө Бразилия да өсөт» деген сөздөрдү.
8. Швециялык жазуучу Буэнос-Айрести зор жөргөмүшкө окшотуп «торунун четинде олтуруп алып, бүткүл өлкөнү ороп алган» деген сөзүн.
9. «Панама – бул биринчи кезекте канал» деген сөздү.

### Төмөндөгү тапшырмаларды практика жүзүндө аткаргыла

1. Окуу китебинде жана карталарда берилген өлкөлөрдү эсинерде калган боюнча контурдук картага түшүрө аласыңарбы: Гватемала, Никарагуа, Коста-Рика, Колумбия, Суринам, Эквадор, Перу, Боливия, Парагвай, Уругвай.

2. Картадан төмөнкү шааларды көрсөтө аласыңарбы: Мехико, Гавана, Каракас, Лима, Сан-Паулу, Монтевидео, Буэнос-Айрес, Сантьяго.
3. Төмөнкү өлкөлөрдүн кайсынысында испан тили мамлекеттик тил: Куба, Венесуэла, Бразилия, Аргентина, Чили.
4. Латын Америкасынын кайсы өлкөсү төмөнкү продукцияларды экспорттойт: жез, боксит, калай, нефть, кофе, эт, жүн, балык.

### Туура же туура эмес экендигин аныктап, туура жооп берүүгө аракет кылгыла

1. Аргентина менен Уругвай Латын Америкасында «актар» эң үстөмдүк кылган өлкөлөр.
2. Мексика – дүйнөдө испан тилинде сүйлөгөн эң ири өлкө.
3. Бразилия – дүйнөдө эң ири католицизмди кармаган өлкө.
4. Рио-де-Жанейро – Латын Америкасынын эң ири шаар агломерациясы.
5. Венесуэла – Латын Америкасынан жалгыз ОПЕКтин мүчөсү.
6. Бразилия жана Колумбия дүйнө боюнча эң чоң кофе өндүрүүчүлөр.

### Кийинки сөздөр кайсы өлкөлөргө таандык

1. Кариб деңизине чыгалбаган Борбордук Американын өлкөсү.
2. Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү жок Анд субрегионунун өлкөсү.
3. Калкынын $^4/_5$ бөлүгү деңиз деңгээлинен 3 миң *м* бийиктикте жашаган өлкө.
4. Португалияга караганда 17 эсе көп калк португалча сүйлөгөн өлкө.
5. Улуу Британиянын шериктештигине кирген өлкө-материк.

### 11-теманын суроолорунун ачкычы
### Эмнени эстеп калуу керек?

1. Латын Америкасынын калкын жана саясий картасын (7-класстын географиясы).

2. Латын Америкасынын физикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн: рельефи, кен байлыктары, климаты, суулары, топурагы жана өсүмдүктөрү (7-класстын географиясы).

3. Латын Америкасынын XIX кылымдагы тарыхий өсүп-өнүгүшүн (8-класстын тарыхы).

4. Терминдерди жана түшүнүктөрдү: бийиктик алкактар, экватордук токой, дарыя агымы, аба массалары, метистер, мулаттар.

### Эмнени өздөштүрүү керек?
### 11-теманын негизги идеяларын

Латын Америкасынын өлкөлөрү колониялык тармактарды жана аймактарды кайра куруу жолуна түшүп, көп жетишкендиктерге ээ болушту.

### 11-теманын негизги түшүнүктөрүн

1. Латын Америкасынын экономикалык географиялык абалынын, жаратылыш шартынын жана ресурстарынын, калкынын, чарбасынын тармактык жана аймактык түзүлүшүнүн жаратылышты коргоо көйгөйлөрүнүн мүнөздүү белгилери. 2. Бразилиянын субрегиондоруна экономикалык-географиялык мүнөздөмө берүү.

Теманын маанилүү сөздөрү: 1) Латын америкалык типтеги шаарлар; 2) жалган урбанизация; 3) латифундия; 4) чарбанын аймактык түзүлүшүнүн колониялык тиби.

### Эмнени жасай билүү керек?

1. Окуу китебиндеги тексттин жана атластын карталарын пайдаланып, өз алдынча китептин негизги мазмунун тактай билүүнү. 2. Шаарларга кыскача мүнөздөмө берүүнү. 3. Картограмма түзө билүүнү.

### Өз алдынча даярдануунун ыкмаларын үйрөнүү үчүн кеңештер

### Картограмманы кантип түзүү жана талдоо керек

1. Контур картага талдана турган аймактардын чектерин түшүрүү керек. 2. Картограмма үчүн статистикалык же башка көрсөткүчтөрдүн булактарын талдап көрүп, керектүүсүн жазып алгыла. 3. Ал көрсөткүчтөрдү белгилүү интервалда топтоштуруп көргүлө. 4. Картограмманын легендасын түзгүлө, коюу боёк кубулуштун ургаалдуулугун көрсөтсүн. 5. Боёкту контур картага түшүргүлө. 6. Картограмманы талдап, тыянак чыгаргыла.

# ТЕРМИНДЕРДИН ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН СӨЗДҮГҮ

**Азия-Тынч океан региону (АТР)** – саясий-географиялык түшүнүк. Бирок, ал региондун чеги ар башкача жүргүзүлгөндүктөн, ага 30дан 45ке чейин өлкө кирип кетет.

**Аквакультура** – суудагы «фермаларда», «плантацияларда» балык, молюска, бермет, балыр ж. б. деңиз жаныбарларын жана өсүмдүктөрүн колдо кармап өстүрүү.

**АСЕАН** – Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы.

**Африканын бирдиктүү уюму (ОАЕ)** – 1963-жылы уюшулуп, Африканын 51 мамлекетин бириктирген уюм. Штаб-квартирасы Аддис-Абебада. 2001–2002-жылдарда ОАЕ Африка союзуна (АС) айландырылып, анын алдында жалпы африкалык парламент, бирдиктүү банк, валюта фонду ж. б. өлкөлөрдүн үстүнөн караган уюмдарды түзүү каралган.

**Бүткүл дүйнөлүк банктын** курамына төрт финансылык уюмдар кирет. Бирок, негизги ролду Эл аралык өзгөртүү жана өнүктүрүү банкы ээлейт (МБРР). Банк финансыга муктаж өлкөлөргө колдоо көрсөтөт. Банктын башкармалыгы АКШнын борбору – Вашингтондо орун алган.

**Генофонд** – берилген популяцияны түзгөн жандыктардагы гендердин жыйындысы. Биосферанын генофонду Жер үстүндө жашап жаткан азыркы түрлөрдүн гендеринин жыйындысы.

**Геноцид** – калктын кээ бир топторун расалык, улуттук, этностук же диндик айырмачылыктары боюнча кыргынга алуу.

**Гринпис** – 1971-жылы айлана чөйрөнүн жабыркашын токтотуу максатында уюшулган эл аралык көз карандысыз коомдук уюм. Гринпис ядролук куралды сыноого, айлана чөйрөнүн өнөр жай жана башка калдыктар менен булганышына каршы турат. Деңиз жаныбарларын коргоо иштерине да катышат.

**Демография** – калктын өсүп-өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. Калктын санын, табигый өсүшүн, курактык жана жыныстык абалын изилдейт.

**Депопуляция** – өлкөнүн же райондун калкынын санынын өсүшү аны толуктай албагандыгынын натыйжасында, калктын жалпы санынын азайышы.

**Депрессиялык район** – өзүнүн өнүгүүсүндө жогорку деңгээлге жеткен эски өнөр жайлуу райондун ИТРдин мезгилинде эски өндүрүштүн басымдуулук кылганына байланыштуу экономикалык өсүштүн көп стимулдарынан ажыраган район. «Депрессиялык район» деген түшүнүк 1929–1933-жылдардагы кризистерден кийин пайда болгон.

**Доминион** – Британия империясына кирип, англиянын король айымы өкмөттү башкаруучу деп тааныган, бирок, чынында мамлекетин өзү башкарган өлкө.

**Европа союзу** – Европа мамлекеттеринин биримдиги. Ага 1957-жылы 6, 1973-жылы 3, дагы 1995-жылга чейин 6 мамлекет кирген. Ал союзга кийин Чыгыш Европа мамлекеттери да кире баштады.

**Контейнерлештирүү** – даана жүктөрдү атайын көлөмдүү идиштерге-контейнерлерге салып ташуу. Аны менен байланыштуу атайын контейнер ташуучу транспорт жана сактоочу жайлар пайда болду.

**ЛАИ – Латын Америкалык ассоциациялык интеграция** Латын Америкалык мамлекеттердин бирдиктүү уюму. Ага 10 мамлекет мүчө.

**Латифундия** – жеке менчиктеги кеңири аймакты ээлеген жерлер.

**Мегаполис** – чоң шаардын тегерегиндеги агломерациялардын бириккенинен пайда болгон ири шаарлар бирикмеси.

**МВФ** – эл аралык валюта фонду, ЭВФ – мамлекеттер аралык валюта-кредиттик уюм. Өлкөлөр арасындагы валюта-финансы мамилелерин жөнгө салуу, валюта курстарын бир калыпта кармоо жана муктаж болгон өлкөлөргө жардам берүү үчүн түзүлгөн. ЭВФке 180 өлкө, анын ичинде Россия жана КМШ өлкөлөрү кирет. Башкармалык АКШнын борбору – Вашингтондо.

**МГС – Эл аралык Географиялык союз** – (ЭГС) географтардын 1922-жылы уюшулган дүйнөлүк илимий бирикмеси. Максаты– географиялык көйгөйлөрдү изилдөө, өзгөчө эл аралык биргелешип изилдөөнү талап кылган маселелерди, алардын натыйжаларын талкуулап, жарыкка чыгарууну көздөгөн уюм. ЭГСтин конгрестери 4 жылда бир жолу өткөрүлөт.

**Мониторинг** – айлана чөйрөнү көзөмөлдөө, аны коргоо жана келечегин айтуу жагында байкоо жүргүзүү системасы. Мониторингдин глобалдык, региондук жана локалдык деңгээлдери болот.

**НАТО** – Түндүк Атлантика келишими уюму – 1949-жылы уюшулган Саясий-аскердик блок. Башында АКШ баш болгон 16 мамлекет кирген. 1999-жылы 3 мамлекет, 2004-жылы дагы 7 мамлекет, анын ичинде мурдагы СССРдин курамындагы Балтия өлкөлөрү да кирди.

**ОПЕК – нефтини экспорттогон өлкөлөрдүн уюму** – Персия булуңунун 6 өлкөсү, Индонезия, Түндүк Африканын 3 өлкөсү, Латын Америкасынан Венесуэла кирет.

**Полимагистраль** – транспорттун бир, же бир нече түрүнүн жарыш же ага жакын жайгашкан, эки районду, же жол түйүндөрүн туташтырган жолдордун системасы.

**«Полюс роста» – өсүү уюлу** – тегерегиндеги райондордун өнүгүшүнө таасирин тийгизген шаар же ири өнөр жай курулушу.

**Сегрегация** – кээ бир расалык же этностук топторду мажбурлоо жолу менен бөлүндү кылуу саясаты.

**Сепаратизм** – мамлекетти түзүүгө багытталган бөлүп-жаруу саясаты.

**ПРП территории – аймактын жаратылыш ресурстук потенциалы** – илимий-техникалык прогрессти эске алып чарбалык иште пайдаланууга жарактуу жаратылыш ресурстарынын жыйындысы. ПРП эки негизги көрсөткүчү – өлчөмү жана түзүлүшү менен мүнөздөлөт.

**Ресурстук цикл** – жаратылыш ресурстарынын табылуу, алып чыгуу, иштетүү, пайдалануу, калдыктарын кайра айлана-чөйрөгө чыгаруу жолдоруна байкоо

жүргүзүү. Циклдердин мисалдары: металлдар, суу, токой ресурстары жана башка ушул сыяктуулар.

**Совет Европы (СЕ) – Европа Кеңеши** – адам укугу, негизги эркиндиктер жана парламенттик демократия боюнча интеграциялык процесстерге консультация берүү үчүн түзүлгөн саясий уюм. СЕнин секратариаты Страсбургда (Франция) жайгашкан.

**Соода балансы** – жыл ичинде өлкөгө алынып келинген жана тышка чыгарылып кеткен товарлардын баасынын катнашы. Баланс активдүү болгондо тышка чыгарылган товарлардын баасы өлкөгө келген товардын баасынан жогору, тескерисинче болгондо баланс – пассивдүү.

**Субурбанизация** – шаарлардын чет-жактарынын жана жандоочу-шаарлардын тез өскөнүнө байланыштуу, калктын борбордук бөлүктөн чет-жакты карай, эмгектенген жакка көчүшү.

**Теократтык монархия** – өкмөттүн башында, ошондой эле диндин да башында турган өкүлчүлүк.

**Технопарк** – (илим изилдөөчү технологиялык парк) ири университеттин, институттун, лабораториянын тегерегинде топтолгон, илимди көп талап кылган фирмалар. Парктын негизги милдети – жаңы идеяларды иш жүзүнө ашыруу мөөнөтүн кыскартуу.

**Технополис** – атайын курулган комплекстүү илимий-өндүрүштүк, илимди көп талап кылган өнөр жай менен инновациялык технологияны, иштетүүчү илимий борборлорду жана кадрларды даярдоочу шаарча.

**ТНК – Транснациональная корпорация – Улуттар мамлекеттер аралык корпорация** – ар башка өлкөлөрдө жайгашкан бир тармактагы ишканалардын бирикмеси (корпорация, концерн).

**Унитардык мамлекет** – аймактык-административдик түзүлүшү боюнча өлкөдө бир гана мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийлиги бар мамлекет.

**Федерациялык мамлекет** – аймактык-административдик түзүлүшү боюнча өлкөдө бирдиктүү (федерация) башкаруу органдарынан жана мыйзамдарынан башка, өзүн-өзү башкара турган аймактык бирдиктери, өзүнүн мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги бар өлкөлөр (республика, провинция, штат ж. б.).

**Экономикалык активдүү калк** – эмгекке жарамдуу калктын материалдык өндүрүшкө катышкан жана өндүрүштүк эмес чөйрөдө иштеген бөлүгү.

**ЭГП – экономико-географическое положение** – өлкөнүн, региондун экономикалык-географиялык абалы.

**Этнология (этнография)** – калктын пайда болушу, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, этностук процесстерге байланышкан карым-катнаштары жөнүндөгү илим.

**Этнос** – тили, аймагы, чарбасы, маданияты боюнча бирдиктүү, тарыхый калыптанган адамдардын туруктуу тобу.

## ТИРКЕМЕЛЕР

1-таблица

### Дүйнөдөгү башкаруусу монархиялык формадагы өлкөлөр

| Өлкөлөр | Башкаруу формасы | Өлкөлөр | Башкаруу формасы |
|---|---|---|---|
| **Чет өлкөлүк** | | **Чет өлкөлүк** | |
| **Европада:** | | **Азияда:** | |
| Андорра | Княздык | Бахрейн | Эмирлик |
| Бельгия | Королдук | Брунея | Султандык |
| Ватикан | Теократиялык | Бутан | Королдук |
| Улуу Британия | Монархия | Иордания | Королдук |
| Дания | Королдук | Камбоджа | Королдук |
| Испания | Королдук | Катар | Эмирлик |
| Лихтенштейн | Королдук | Кувейт | Эмирлик |
| Люксембург | Княздык | Малайзия | Султандык |
| Монако | Улуу герцогдук | Непал | Королдук |
| Нидерландия | | Оман | Султандык |
| (Голландия) | Княздык | БАЭ | Эмирлик |
| Норвегия | Королдук | Сауд | Королдук |
| Швеция | Королдук | Арабиясы | Королдук |
| Океания | Королдук | Таиланд | Империя |
| Тонго | Королдук | Япония | |
| | | Африкада: | |
| | | Лесота | Королдук |
| | | Марокко | Королдук |
| | | Свазиленд | Королдук |

2-таблица

### Дүйнөдөгү нефтинин запасы мол өлкөлөр

| Өлкөлөр | Табылган запасы, млрд т | Өлкөлөр | Табылган запасы, трлн т |
|---|---|---|---|
| Сауд Арабиясы | 35,8 | Мексика | 4,0 |
| Россия | 20,0 | Ливия | 3,8 |
| Ирак | 15,1 | АКШ | 3,7 |
| Кувейт | 13,3 | Кытай | 3,3 |
| БАЭ | 12,6 | Нигерия | 3,1 |
| Иран | 12,3 | Норвегия | 1,2 |
| Венесуэла | 11,1 | Алжир | 1,2 |
| Казакстан | 5,4 | | |

3-таблица

### Дүйнөдөгү жаратылыш газынын запасы мол өлкөлөр

| Өлкөлөр | Табылган запасы, млрд т | Өлкөлөр | Табылган запасы, трлн т |
|---|---|---|---|
| Россия | 48,1 | Нигерия | 3,3 |
| Иран | 20,9 | Ирак | 3,1 |
| Катар | 8,5 | Норвегия | 3,0 |
| БАЭ | 5,8 | Малайзия | 2,4 |
| Сауд Арабиясы | 5,7 | Кытай | 2,1 |
| АКШ | 4,7 | Мексика | 1,9 |
| Венесуэла | 4,1 | Нидерландия | 1,8 |
| Алжир | 3,7 | Канада | 1,8 |
| Индонезия | 3,5 | Кувейт | 1,5 |

4-таблица

**Дүйнөдөгү көмүр жана темир кенинин запасы мол өлкөлөр**

| Өлкөлөр | Көмүрдүн табылган запасы, млрд *т* | Өлкөлөр | Темир кенинин табылган запасы, млрд *т* |
|---|---|---|---|
| АКШ | 445 | Россия | 25 |
| Кытай | 296 | Кытай | 25 |
| Россия | 202 | Украина | 22 |
| ТАР | 116 | Австралия | 18 |
| Австралия | 116 | Канада | 12 |
| ГФР | 106 | Бразилия | 8 |
| Индия | 78 | Казакстан | 8 |
| Украина | 47 | АКШ | 7 |
| Улуу Британия | 45 | Швеция | 4 |
| Казакстан | 34 | Индия | 3 |

5-таблица

**Дүйнө региондорунун айдоо жерлер менен камсыз болушу (киши башына)**

| Региондор | Камсыз болушу, *га* менен | Региондор | Камсыздуулук, *га* менен |
|---|---|---|---|
| КМШ | 0,80 | Түндүк Америка | 0,60 |
| Чет өлкөлүк Европа | 0,25 | Түштүк Америка | 0,35 |
| Чет өлкөлүк Азия | 0,13 | Австралия жана | 1,80 |
| | | Океания | 0,20 |
| Бүткүл дүйнө Африка | 0,22 | | |

6-таблица

**Дүйнөнүн энергетикалык гидропотенциалы жана аны пайдалануу**

| Региондор | Млрд *кВт·с* | % менен | Анын ичинен пайдаланганы, % менен |
|---|---|---|---|
| КМШ | 1100 | 11,2 | 20 |
| Чет өлкөлүк Европа | 710 | 7,3 | 70 |
| Чет өлкөлүк Азия | 2670 | 27,3 | 14 |
| Африка | 1600 | 16,4 | 3 |
| Түндүк Америка | 1600 | 16,4 | 38 |
| Латын Америкасы | 1900 | 19,4 | 16 |
| Австралия жана Океания | 200 | 2,0 | 18 |
| Бүткүл дүйнө | 9780 | 100,0 | 21 |

7-таблица

**Дүйнөдөгү токойлуу жана токою аз өлкөлөр**

| Токойлуу өлкөлөр | Токойлуулук, % менен | Токою аз өлкөлөр | Токойлуулук, % менен |
|---|---|---|---|
| Суринам | 95 | Оман | 0,0 |
| Папуа – Жаңы Гвинея | 84 | Кувейт | 0,1 |
| Гайана | 83 | Борб.Африка Респ. | 0,2 |
| Габон | 78 | Сауд Арабиясы | 0,6 |
| Конго Дем. Республикасы | 77 | Иордания | 0,8 |
| Финляндия | 76 | Исландия | 1,0 |
| Камбоджа | 76 | Египет | 1,0 |
| КЭДР | 75 | БАЭ | 1,0 |
| Швеция | 68 | Гаити | 1,5 |
| Япония | 67 | Нигер | 1,7 |
| Корея Республикасы | 66 | Алжир | 2,0 |
| Лаос | 66 | Афганистан | 2,9 |
| Бразилия | 65 | ТАР | 3,7 |

8-таблица

**Атмосферага көмүртекти көп чыгарган өлкөлөр**

| Өлкөлөр | Чыгарылган көлөм, млн т | Өлкөлөр | Чыгарылган көлөм, млн т |
|---|---|---|---|
| АКШ | 4900 | Канада | 400 |
| Кытай | 2700 | Италия | 400 |
| Россия | 2100 | Франция | 350 |
| Япония | 1100 | Польша | 350 |
| ГФР | 850 | Мексика | 330 |
| Индия | 750 | Казакстан | 300 |
| Украина | 600 | ТАР | 300 |
| Улуу Британия | 550 | Корея Республикасы | 300 |

9-таблица

**1950–2001-жылдардагы дүйнөнүн калкынын өсүшү**

| Жылдар | Бардыгы, млн киши | Жылдын өсүшү млн | Жылдар | Бардыгы, млн киши | Жылдык өсүшү млн киши |
|---|---|---|---|---|---|
| 1950 | 2527 | 37 | 1992 | 5469 | 81 |
| 1955 | 2779 | 53 | 1993 | 5556 | 80 |
| 1960 | 3060 | 41 | 1994 | 5644 | 80 |
| 1965 | 3345 | 70 | 1995 | 5734 | 78 |
| 1970 | 3724 | 78 | 1996 | 5811 | 77 |
| 1975 | 4076 | 72 | 1997 | 5881 | 71 |
| 1980 | 4457 | 76 | 1998 | 5952 | 71 |
| 1995 | 4941 | 83 | 1999 | 6020 | 68 |
| 1990 | 5295 | 88 | 2000 | 6091 | 71 |
| 1991 | 5381 | 83 | 2001 | 6160 | 69 |
| | | | 2007 | 6612 | 74 |
| | | | 2025 | 8500 | – |

10-таблица

Европанын калкынын тескери өсүштөгү өлкөлөрү (2005)

| өлөр | Табигый өсүүсү, % менен | Өлкөлөр | Табигый өсүүсү, % менен |
|---|---|---|---|
| ния | -1 | Швеция | -3 |
| цария | -1 | Румыния | -3 |
| ия | -1 | Венгрия | -4 |
| рия | -2 | Эстония | -4 |
| ия | -2 | Латвия | -5 |
| ия | -2 | Белоруссия | -5 |
| ения | -2 | Россия | -6 |
| ва | -2 | Болгария | -7 |
| ания | -3 | Украина | -7 |

11-таблица

1995–2005-жылдардагы калкынын табигый өсүшү эң жогору өлкөлөр

| Өлкөлөр | Табигый өсүүсү % менен | Өлкөлөр | Табигый өсүш, % менен |
|---|---|---|---|
| ен | 38 | Конго | 28 |
| али | 34 | Бенин | 28 |
| р | 32 | Гана | 28 |
| и | 31 | Либерия | 28 |
| о ДР | 31 | Мавритания | 28 |
| н | 31 | Пакистан | 28 |
| анстан | 30 | Бутан | 28 |
| Арабиясы | 30 | Ирак | 28 |
| дания | 30 | Гондурас | 28 |
| темала | 30 | Камерун | 27 |
| арагуа | 30 | Буркино-Фасо | 27 |
| агаскар | 29 | Сенегал | 27 |
| нда | 29 | Того | 27 |

12-таблица

Дүйнөдөгү калкы көп өлкөлөр

| өлөр | 1990-жылкы калкынын саны, млн киши | Өлкөлөр | 2007-жылкы калкынын саны, млн киши |
|---|---|---|---|
| тай | 1120 | Кытай | 1319 |
| дия | 830 | Индия | 1123 |
| еттер Союзу* | 289 | АКШ | 302 |
| Ш | 250 | Индонезия | 225 |
| онезия | 180 | Бразилия | 192 |
| зилия | 150 | Пакистан | 162 |
| ония | 124 | Россия | 142 |
| истан | 112 | Бангладеш | 158 |
| гладеш | 112 | Япония | 128 |
| ерия | 90 | Нигерия | 148 |
| сика | 86 | Мексика | 105 |
| Р | 80 | ГФР | 82 |
| тнам | 68 | Вьетнам | 85 |
| липпин | 60 | Филиппин | 88 |
| кия | 59 | Иран | 71 |
| лия | 58 | Египет | 75 |
| ланд | 58 | Түркия | 74 |
| Британия | 57 | Эфиопия | 79 |
| нция | 56 | Таиланд | 63 |
| аина | 52 | Франция | 62 |

13-таблица

**Адам өмүрүнүн узактыгы жогору жана төмөн өлкөлөр (2005)**

| Өлкөлөр | Күтүлгөн өмүрдүн узактыгы, жыл | Өлкөлөр | Күтүлгөн өмүрдүн узактыгы, жыл |
|---|---|---|---|
| Япония | 80,7 | Сьерра-Леоне | 40,3 |
| Австралия | 79,8 | Малави | 40,7 |
| Швейцария | 79,6 | Уганда | 41,4 |
| Швеция | 79,6 | Руанда | 42,1 |
| Канада | 79,4 | Замбия | 43,0 |
| Исландия | 79,4 | Гвинея-Бисау | 43,8 |
| Италия | 79,0 | Афганстан | 45,5 |
| Франция | 78,8 | Буркино-Фасо | 46,0 |
| Испания | 78,8 | Ангола | 46,5 |
| Норвегия | 78,7 | Гвинея | 46,5 |
| Израиль | 78,6 | Мозамбик | 46,9 |

14-таблица

**Дүйнөдөгү ири шаар агломерациялары (2005)**

| Агломерациялар | Калкынын саны, млн киши | Агломерациялар | Калкынын саны, млн киши |
|---|---|---|---|
| Токио | 26,4 | Дакка | 11,7 |
| Мехико | 17,9 | Карачи | 11,4 |
| Мумбаи | 17,5 | Париж | 11,3 |
| Сан-Паулу | 17,5 | Дели | 11,3 |
| Нью-Иорк | 16,6 | Лондон | 11,2 |
| Москва | 13,4 | Осака | 11,0 |
| Лос-Анджелес | 13,0 | Пекин | 10,8 |
| Шанхай | 12,9 | Джакарта | 10,6 |
| Лагос | 12,8 | Манила | 10,5 |
| Калькутта | 12,7 | Рио-де-Жанейро | 10,5 |
| Буэнос-Айрес | 12,4 | Каир | 10,3 |
| | | Сеул | 10,0 |

15-таблица

**Шаар калкынын саны боюнча эң ири өлкөлөр**

| Өлкөлөр | Шаар калкы, млн киши | Шаар калкынын үлүшү, % менен |
|---|---|---|
| Кытай | 470 | 36 |
| Индия | 280 | 28 |
| АКШ | 220 | 77 |
| Бразилия | 125 | 81 |
| Россия | 106 | 73 |
| Япония | 90 | 79 |
| Индонезия | 85 | 40 |
| Мексика | 74 | 74 |
| ГФР | 71 | 87 |
| Улуу Британия | 53 | 79 |
| Нигерия | 48,1 | 43 |
| Түркия | 48,1 | 74 |
| Франция | 43,9 | 75 |
| Филиппин | 41,1 | 56 |
| Италия | 38,6 | 67 |

16-таблица

### Дүйнөнүн кээ бир өлкөлөрүнүн ИДПинин түзүлүшү (2005)

| Өлкөлөр | Айыл чарбасы | Өнөр жайы | Тейлөө чөйрөсү | Өлкөлөр чарбасы | Айыл чарбасы | Өнөр жайы | Тейлөө чөйрөсү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кувейт | 0 | 45 | 55 | Россия | 7 | 39 | 54 |
| ГФР | 1 | 30 | 69 | Бразилия | 7 | 29 | 64 |
| Улуу Британия | 1 | 29 | 70 | Литва | 8 | 33 | 59 |
| Италия | 1 | 32 | 67 | Румыния | 13 | 36 | 51 |
| Япония | 1 | 32 | 66 | Украина | 14 | 38 | 48 |
| АКШ | 2 | 25 | 73 | Кытай | 16 | 51 | 33 |
| Франция | 3 | 25 | 72 | Индонезия | 17 | 47 | 36 |
| Нидерландия | 3 | 26 | 70 | Индия | 25 | 27 | 48 |
| Австралия | 3 | 27 | 71 | Нигерия | 30 | 45 | 25 |
| БАЭ | 3 | 48 | 49 | Гана | 35 | 25 | 40 |
| Чехия | 4 | 41 | 55 | Камбоджа | 37 | 20 | 43 |
| Польша | 4 | 36 | 60 | Өзбекстан | 42 | 21 | 37 |
| Канада | 4 | 24 | 72 | Уганда | 42 | 19 | 39 |
| Венесуэла | 5 | 36 | 59 | Эфиопия | 52 | 11 | 37 |

17-таблица

### Дүйнөлүк чарбанын он борбору (2005)

| Борборлор | ИДП, млрд АКШ доллары | Дүйнөлүк ИДП үлүшү, % менен |
|---|---|---|
| Түндүк Америка | 10850 | 22,5 |
| Батыш Европа | 9700 | 20,0 |
| Кытай | 4900 | 10,1 |
| Азиянын НИСи | 3650 | 7,5 |
| Япония | 3500 | 7,2 |
| Индия | 2020 | 4,1 |
| КМШ | 2000 | 4,1 |
| Бразилия | 1100 | 2,3 |
| Перс булуну | 950 | 2,0 |
| Мексика | 875 | 1,8 |

18-таблица

### Дүйнөлүк чарбанын өсүшүнүн кээ бир көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүчтөр | Өлчөм бирдиги | 1950 | 1960 | 1970 | 1980 | 1990 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Нефть өндүрүү | млн *т* | 525 | 1060 | 2270 | 3000 | 3100 | 3600 |
| Жаратылыш газын чыгаруу | млрд $м^3$ | 200 | 650 | 1050 | 1500 | 2050 | 2420 |
| Көмүр казып алуу | млн *т* | 1820 | 2575 | 2860 | 3750 | 4620 | 4950 |
| Электр-энергия өндүрүү | млрд *кВт·с* | 950 | 2300 | 5000 | 8250 | 11800 | 15580 |
| Темир кенташын алуу | млн *т* | 250 | 500 | 750 | 900 | 965 | 1060 |
| Болот эритүү | млн *т* | 200 | 350 | 600 | 715 | 770 | 850 |
| Алюминий эритүү | млн *т* | 1,5 | 4,6 | 10,2 | 16,1 | 19,3 | 25,0 |
| Женил автомобиль чыгаруу | млн даана | 8.1 | 15.5 | 23.8 | 28.4 | 35.7 | 42.2 |
| Пахтадан кездеме чыгаруу | млрд $м^3$ | 30 | 40 | 45 | 55 | 77 | 78 |
| Дан эгин жыйноо | млн *т* | 630 | 850 | 1100 | 1450 | 1950 | 2050 |
| Балык кармоо жана дениз продукциясын даярдоо | млн *т* | 21 | 40 | 69 | 75 | 100 | 130 |
| Автомобиль жолунун узундугу | млн *км* | 15.5 | 17.0 | 19.7 | 22.3 | 23.6 | 28.0 |
| Дүйнөлүк автопарк | млн даана | 50 | 120 | 245 | 370 | 520 | 620 |
| Авиа жүргүнчүлөрдү ташуу | млн киш | 30 | 70 | 340 | 750 | 1150 | 2400 |
| Дүйнөлүк сооданын айланышы | млрд АКШ долл | 125 | 260 | 650 | 4050 | 6980 | 13000 |

19-таблица

Алдыңкы өлкөлөр боюнча өнөр жайдын бөлүштүрүлүшү (2003)

| Бүткүл дүйнө өлкөлөрү | Продукциясы, млрд АКШ доллары | Дүйнөлүк көлөмгө % менен | Өлкөлөр | Продук., млрд АКШ доллары | Дүйнөлүк көлөмгө % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| Бүткүл дүйнө | 9740 | 100,0 | Бразилия | 200 | 2,1 |
| АКШ | 2025 | 20,8 | Мексика | 150 | 1,5 |
| Кытай | 1115 | 11,4 | Тайвань | 150 | 1,5 |
| Япония | 800 | 8,2 | Индонезия | 145 | 1,5 |
| ГФР | 625 | 6,4 | Сауд Арабиясы | 145 | 1,5 |
| Россия | 435 | 4,5 | Корея Респуб. | 140 | 1,4 |
| Франция | 355 | 3,6 | Испания | 130 | 1,3 |
| Улуу Британия | 335 | 3,4 | Австралия | 95 | 1,1 |
| Италия | 330 | 3,4 | Таиланд | 80 | 1,0 |
| Канада | 225 | 2,3 | Малайзия | 70 | 0,9 |
| Индия | 205 | 2,1 | | | |

20-таблица

Кээ бир өлкөлөрдөгү энергоресурстарды киши башына пайдалануу

| Өлкөлөр | Жылына керектелүүчү шарттуу жылуулук, *кг* | Өлкөлөр | Жылына керек телүүчү шарттуу жылуулук, *кг* |
|---|---|---|---|
| **Эң жогорку деңгээл (5000 *кг*дан ашык)** | | Ливия | 1800 |
| АКШ | 11500 | Таиланд | 1450 |
| Канада | 11200 | Бразилия | 1100 |
| БАЭ | 10500 | Кытай | 1000 |
| Австралия | 7800 | **Төмөнкү деңгээл (100–1000 *кг*)** | |
| Сауд Арабиясы | 6200 | Египет | 820 |
| ГФР | 5700 | Түркия | 800 |
| Россия | 5700 | Индия | 430 |
| **Жогорку деңгээл (2500–5000 *кг*)** | | Пакистан | 350 |
| Корей Республикасы | 4600 | Гана | 300 |
| Швейцария | 4500 | **Эң төмөнкү деңгээл (100дөн кем *кг*)** | |
| Польша | 3700 | Сомали | 90 |
| Испания | 3400 | Танзания | 40 |
| **Орточо деңгээл 11000–2500 *кг*)** | | Конго ДР | 35 |
| Аргентина | 2200 | Чад | 7 |

21-таблица

Электр-энергиясын иштеп чыгаруудагы алдыңкы он өлкө (2007)

| Өлкөлөр | Бардыгы, млрд *кВт · с* | Киши башына бөлүштүргөндө, миң *кВт · с* |
|---|---|---|
| АКШ | 4255 | 13300 |
| Кытай | 2875 | 1050 |
| Япония | 1150 | 8500 |
| Россия | 982 | 6050 |
| Канада | 585 | 18900 |
| ГФР | 635 | 6860 |
| Индия | 725 | 560 |
| Франция | 580 | 9150 |
| Улуу Британия | 415 | 6250 |
| Бразилия | 385 | 2000 |

22-таблица

**Дүйнөнүн ири ГЭСтери, млн *кВт***

| ГЭСтин аты | Мамлекет | Кубаттуулугу | Ишке кирген жылы |
|---|---|---|---|
| Санься | Кытай | 18,2 | 2009 |
| Итайпу | Бразилия – Парагвай | 12,6 | 1983 |
| Гранд-Куш | АКШ | 10,8 | 1942 |
| Гурии | Венесуэла | 10,3 | 1968 |
| Тукуруп | Бразилия | 8,0 | 1984 |
| Саян-Шушенск | Россия | 6,4 | 1980 |
| Корпус-Посадос | Аргентина-Парагвай | 6,0 | 1990 |
| Красноярск | Россия | 6,0 | 1968 |
| Ла-Гранд-2 | Канада | 5,3 | 1979 |
| Черчил-Фолз | Канада | 5,2 | 1971 |
| Ксиндо | Бразилия | 5,0 | 1987 |
| Тарбела | Пакистан | 4,7 | 1977 |
| Братск | Россия | 4,5 | 1961 |
| Усть-Илим | Россия | 4,3 | 1977 |
| Каборра-Басса | Мозамбик | 4,2 | 1975 |
| Рогун | Тажикстан | 3,6 | 1985 |
| Оак-Крик | АКШ | 3,6 | 1985 |
| Пауло-Афансо-1 | Бразилия | 3,4 | 1965 |
| Илья-Сол Тейра | Бразилия | 3,2 | 1973 |
| Нурек | Тажикстан | 3,0 | 1976 |

23-таблица

**Алюминий өндүрүүдөгү алдыңкы он өлкө (2007)**

| Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* | Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* |
|---|---|---|---|
| АКШ | 2,3 | Бразилия | 1,5 |
| Россия | 3,7 | Норвегия | 1,4 |
| Кытай | 8,7 | ТАР | 0,9 |
| Канада | 3,0 | Бахрейн | 0,8 |
| Австралия | 1,9 | Индия | 1,0 |

24-таблица

**Станокторду чыгаруудагы өлчөмү боюнча алдыңкы он өлкө (2007)**

| Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* долл. | Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* долл. |
|---|---|---|---|
| Япония | 13800 | Швейцария | 2800 |
| ГФР | 9500 | Корей Республикасы | 2800 |
| АКШ | 3200 | Тайвань | 1500 |
| Италия | 4900 | Испания | 1000 |
| Кытай | 5000 | Канада | 900 |

25-таблица

**Химиялык була чыгаруудагы өлчөмү алдыңкы он өлкө (2007)**

| Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* | Өлкөлөр | Өндүрүү, млн *т* |
|---|---|---|---|
| Кытай | 15,0 | Япония | 1,2 |
| АКШ | 4,2 | Индонезия | 1,2 |
| Тайвань | 3,3 | Түркия | 1,1 |
| Корея Респуб. | 2,3 | Таиланд | 0,9 |
| Индия | 2,2 | ГФР | 1,1 |

26-таблица

### Пахтадан кездеме токуудагы алдыңкы он өлкө (2005)

| Өлкөлөр | Өндүрүү, млн $м^2$ | Өлкөлөр | Өндүрүү, млн $м^2$ |
|---|---|---|---|
| Кытай | 25,5 | Италия | 1,0 |
| Индия | 18,2 | Япония | 0,8 |
| ТАР | 3,7 | Тайвань аралы | 9,8 |
| Россия | 1,8 | ГФР | 0,5 |
| Бразилия | 1,1 | Франция | 0,5 |

27-таблица

### Дан эгиндерин жыйноодогу алдыңкы он өлкө (2007)

| Өлкөлөр | Дүң жыйын, млн *т* | Киши башына туура келгени, *кг* |
|---|---|---|
| Кытай | 420 | 325 |
| АКШ | 390 | 1250 |
| Индия | 230 | 250 |
| Россия | 78 | 580 |
| Франция | 72 | 1170 |
| Индонезия | 63 | 290 |
| Канада | 57 | 1800 |
| Бразилия | 67 | 290 |
| ГФР | 51 | 550 |
| Украина | 42 | 1050 |

28-таблица

### Балык уулоо жана деңиз продукциясын жыйноо өлчөмү боюнча алдыңкы он өлкө (2007)

| Өлкөлөр | Кармалганы, млн *т* | Өлкөлөр | Кармалганы, млн *т* |
|---|---|---|---|
| Кытай | 48,9 | Индонезия | 5,8 |
| Перу | 9,6 | Чили | 5,6 |
| Япония | 5,2 | Россия | 3,2 |
| Индия | 6,2 | Таиланд | 4,0 |
| АКШ | 5,6 | Норвегия | 3,2 |

29-таблица

### Автомобиль паркы боюнча алдыңкы он өлкө (2007)

| Өлкөлөр | Бүткүл автопарк, млн машина | Анын ичинен жеңил машина, млн даана |
|---|---|---|
| АКШ | 136 | 107 |
| Япония | 56 | 42 |
| ГФР | 45 | 42 |
| Италия | 34 | 32 |
| Франция | 30 | 28 |
| Улуу Британия | 30 | 25 |
| Россия | 24 | 19 |
| Испания | 18 | 17 |
| Канада | 18 | 13 |
| Бразилия | 23 | 13 |

30-таблица

Деңиз соода флоту боюнча алдыңкы он өлкө (2007)

| Өлкөлөр | Тоннаж, бр-рег. т* | Өлкөлөр | Тоннаж, бр-рег. т |
|---|---|---|---|
| Панама | 130,5 | Кипр | 21,3 |
| Либерия | 55,5 | Норвегия | 25 |
| Багама аралдары | 33,5 | Сингапур | 18,4 |
| Мальта | 22,8 | Япония | 25,1 |
| Греция | 32,3 | Кытай | 16,9 |
| Улуу Британия | 17,9 | | |

* брутто-регистрлик тонна-деңиз кемелеринин жүк сыйымдуулугу 1 бр-рег. т-100 куб фунт же 2,83 $м^3$

** Сянгандын (Гонконгдун) флотунан тышкары (7,4 млн бр-рег. *т*)

31-таблица

Эл аралык туризм жакшы өнүккөн өлкөлөр (2007)

| Өлкөлөр | Туристтердин саны, млн адам | Өлкөлөр | Туристтердин саны, млн адам |
|---|---|---|---|
| Франция | 79,1 | Австрия | 20,3 |
| АКШ | 51,1 | Польша | 16,0 |
| Испания | 58,5 | Венгрия | 9,8 |
| Италия | 41,4 | Греция | 16,0 |
| Кытай | 50,0 | Португалия | 13,9 |
| Улуу Британия | 30,7 | Малайзия | 17,5 |
| Россия | 20,2 | Нидерландия | 10,7 |
| Мексика | 21,4 | Таиланд | 13,9 |
| Канада | 18,3 | Түркия | 18,9 |
| ГФР | 23,6 | | |

32-таблица

Жер жүзүндөгү калктын санынын өсүшү боюнча болжолу (2025)

| Бүткүл дүйнө, региондор | Калктын саны, млн адам | Бүткүл дүйнө, региондор | Калктын саны, млн адам |
|---|---|---|---|
| Бүткүл дүйнө | 7825 | Чет өлкөлүк Азия | 4630 |
| Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөр | 1215 | Африка | 1300 |
| | | Түндүк Америка | 365 |
| Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр | 6610 | Латын Америкасы | 695 |
| КМШ | 290 | Чет өлкөлүк Европа | 505 |
| Австралия жана Океания | 40 | | |

33-таблица

Дүйнөнүн калкынын жылдык орточо өсүүсү, % менен

| | Жылдары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1965–1970 | 1990–1995 | 1995–2000 | 2000–2007 |
| Бүткүл дүйнө | 2,0 | 1,5 | 1,3 | 1,2 |
| Өнүккөн өлкөлөр | 1,1 | 0,6 | 0,4 | 0,2 |
| Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр | 2,5 | 1,8 | 1,6 | 1,5 |
| Европа | 0,7 | 0,2 | 0,0 | -0,1 |
| Азия | 2,4 | 1,6 | 1,4 | 1,3 |
| Африка | 2,6 | 2,5 | 2,4 | 2,2 |
| Түндүк Америка | 1,1 | 1,0 | 0,9 | 1,0 |
| Латын Америкасы | 2,6 | 1,7 | 1,6 | 1,4 |
| Австралия жана Океания | 1,3 | 1,2 | 1,2 | 1,2 |

34-таблица

Дүйнөнүн эң ири жыйырма өлкөсүндөгү калктын өсүшүнүн болжолу (2025)

| Өлкөлөр | Калктын саны, млн менен | Өлкөлөр | Калктын саны, млн менен |
|---|---|---|---|
| Кытай | 1490 | Япония | 120 |
| Индия | 1330 | Эфиопия | 115 |
| АКШ | 325 | Вьетнам | 110 |
| Индонезия | 275 | Филиппин | 110 |
| Пакистан | 265 | Конго Демокр.Респ. | 105 |
| Бразилия | 220 | Иран | 95 |
| Нигерия | 185 | Египет | 95 |
| Бангладеш | 180 | Түркия | 88 |
| Россия | 138 | ГФР | 80 |
| Мексика | 130 | Таиланд | 73 |

35-таблица

Региондор боюнча урбанизациялык өсүү

| Региондор, дүйнө | Шаар калкы, млн адам (болжол) | | Шаар калкынын жалпы калктагы үлүшү, % (болжолу) | |
|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. | 2025-ж. | 2010-ж. | 2025-ж. |
| Бүткүл дүйнө | 3665 | 5015 | 53 | 61 |
| Европа | 570 | 600 | 78 | 83 |
| Азия | 1850 | 2654 | 44 | 54 |
| Африка | 470 | 805 | 44 | 54 |
| Түндүк Америка | 265 | 315 | 81 | 85 |
| Латын Америкасы | 485 | 600 | 81 | 85 |
| Австарлия жана Океания | 25 | 30 | 71 | 74 |

36-таблица

**Дүйнө өлкөлөрүнүн демографиялык маалыматтары жана аймагы**

| Мамлекеттер | Аянты (мин $км^2$) | Калкы (млн) 1994 | 2000 | 2010 | Жылдык табигый өсүү | Шаар калкынын үлүшү | Борбор, административдик борбор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дүйнө | 1479140,0 | 5602,8 | 6090,0 | 7111,5 | 1,7 | 49 | – |
| РОССИЯ ЖАНА ЖАҢЫ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР | | | | | | | |
| Россия | 17075,4 | 148,4 | 146 | 139 | –0,2 | 74 | Москва |
| Украина | 603,7 | 52,2 | 52,4 | 53,3 | 0,1 | 68 | Киев |
| Белоруссия | 207,6 | 10,3 | 10,5 | 11,1 | 0,3 | 67 | Минск |
| Казакстан | 2717,3 | 17,4 | 18,9 | 21,9 | 1,4 | 58 | Астана |
| Армения | 29,8 | 3,6 | 4,0 | 4,5 | 1,8 | 68 | Ереван |
| Азербайджан | 86,6 | 7,4 | 8,3 | 9,5 | 2,0 | 53 | Баку |
| Өзбекстан | 447,4 | 22,5 | 26,4 | 32,8 | 2,7 | 40 | Ташкент |
| Тажикстан | 143,1 | 5,9 | 7,1 | 9,1 | 3,2 | 31 | Душанбе |
| Түркмөнстан | 488,1 | 4,1 | 4,8 | 5,5 | 2,7 | 45 | Ашхабад |
| Кыргызстан | 198,5 | 4,7 | 5,4 | 6,6 | 2,2 | 38 | Бишкек |
| Молдавия | 33,7 | 4,4 | 4,7 | 5,2 | 0,8 | 48 | Кишинев |
| Грузия | 69,7 | 5,6 | 5,9 | 6,1 | 0,9 | 56 | Тбилиси |
| Латвия | 64,5 | 2,7 | 2,7 | 2,9 | 0,1 | 71 | Рига |
| Литва | 65,2 | 3,8 | 3,9 | 4,1 | 0,4 | 69 | Вильнюс |
| Эстония | 45,1 | 1,6 | 1,6 | 1,7 | 0,2 | 71 | Таллинн |
| ЕВРОПА | | | | | | | |
| Австрия | 83,8 | 7,9 | 8,0 | 8,2 | 0,1 | 70 | Вена |
| Албания | 28,7 | 3,4 | 3,8 | 3,9 | 1,9 | 37 | Тирана |
| Андорра | 0,5 | 0,05 | 0,05 | 0,06 | 0,1 | – | Андорра |
| Бельгия | 30,5 | 10,1 | 10,2 | 9,7 | 0,2 | 95 | Брюссель |
| Болгария | 110,2 | 8,9 | 8,8 | 8,8 | 0,0 | 68 | София |
| Босния жана Герцеговина | 51,0 | 4,3 | 4,5 | 4,4 | 0,8 | 36 | Сараево |
| Ватикан | 0,0004 | 0,001 | – | – | – | – | |
| Улуу Британия | 244,1 | 58,1 | 59,0 | 59,9 | 0,3 | 90 | Лондон |
| Венгрия | 93,0 | 10,3 | 10,2 | 10,5 | -0,2 | 63 | Будапешт |
| Германия | 356,8 | 80,5 | 80,2 | 78,2 | -0,1 | 90 | Берлин |
| Гибралтар[1] | 0,006 | 0,03 | – | – | – | – | |
| Греция | 132 | 10,3 | 10,4 | 10,4 | 0,1 | 59 | Афины |
| Дания | 44,5 | 5,2 | 5,2 | 5,1 | 0,1 | 85 | Копенгаген |
| Ирландия | 70,0 | 3,6 | 3,7 | 3,4 | 0,6 | 56 | Дублин |
| Исландия | 103,0 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 1,2 | 90 | Рейкьявик |
| Испания | 507,6 | 38,7 | 39,1 | 40,1 | 0,2 | 91 | Мадрид |
| Италия | 301,2 | 58,1 | 58,3 | 56,4 | 0,1 | 72 | Рим |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Лихтенштейн | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,6 | – | Вадуц |
| Люксембург | 2,6 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 78 | Люксембург |
| Македония | 26,0 | 2,0 | 2,2 | 2,2 | 1,0 | 54 | Скопье |
| Мальта | 0,3 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,8 | 85 | Валетта |
| Монако | 0,1 | – | – | – | – | – | Монако |
| Нидерландия | 41,2 | 15,3 | 15,8 | 16,6 | 0,5 | 89 | Амстердам |
| Норвегия | 386,0 | 4,3 | 4,4 | 4,5 | 0,4 | 71 | Осло |
| Польша | 312,7 | 38,7 | 39,5 | 41,3 | 0,4 | 61 | Варшава |
| Португалия | 92,1 | 10,5 | 10,6 | 10,8 | 0,1 | 30 | Лиссабон |
| Румыния | 237,5 | 23,2 | 23,4 | 24,0 | 0,1 | 54 | Бухарест |
| Сан-Марино | 0,06 | 0,024 | – | – | – | – | |
| Словакия | 49,0 | 5,4 | 5,6 | 5,9 | 0,5 | 67 | Братислава |
| Словения | 20,0 | 1,9 | 2,0 | 2,1 | 0,3 | 49 | Любляна |
| Финляндия | 338,0 | 5,1 | 5,2 | 5,0 | 0,3 | 62 | Хельсинки |
| Франция | 551,6 | 57,3 | 58,8 | 58,8 | 0,4 | 73 | Париж |
| Хорватия | 57,0 | 4,6 | 4,6 | 4,8 | 0,1 | 51 | Загреб |
| Чехия | 78,9 | 10,4 | 10,6 | 10,8 | 0,1 | 79 | Прага |
| Швейцария | 41,3 | 6,9 | 7,0 | 6,0 | 0,3 | 60 | Берн |
| Швеция | 450,0 | 8,7 | 8,9 | 8,9 | 0,3 | 83 | Стокгольм |
| Югославия * | 255,8 | 10,1 | 10,4 | – | 0,5 | 47 | Белград |
| АЗИЯ | | | | | | | |
| Аомынь (Макао) | 0,2 | 0,5 | 0,5 | 0,6 | 1,3 | 97 | Аомынь |
| Афганстан | 652 | 17,7 | 20,7 | 34,5 | 2,6 | 18 | Кабул |
| Бангладеш | 142,7 | 116,8 | 134,3 | 165,1 | 2,4 | 14 | Дакка |
| Бахрейн | 0,7 | 0,6 | 0,6 | 0,8 | 2,4 | 81 | Манама |
| Бруней | 5,8 | 0,3 | 0,3 | 0,4 | 2,5 | 59 | Бандар-Сери-Бегаван |
| Бутан | 47,0 | 0,8 | 0,9 | 1,1 | 2,0 | 13 | Тхимпху |
| Чыгыш Тимор | 14,7 | – | – | – | – | – | Дили |
| Вьетнам | 329,6 | 72,3 | 82,6 | 92,4 | 2,2 | 20 | Ханой |
| Израиль | 14,1 | 5,4 | 5,9 | 6,9 | 1,5 | 91 | Тель-Авив |
| Индия | 3288,0 | 918,6 | 1035,7 | 1172,1 | 2,0 | 26 | Дели |
| Индонезия | 2027,0 | 190,9 | 211,6 | 238,8 | 1,7 | 31 | Джакарта |
| Иордания | 89,4 | 3,8 | 4,6 | 6,4 | 3,4 | 70 | Амман |
| Ирак | 435,0 | 19,6 | 24,3 | 34,1 | 3,7 | 73 | Багдад |
| Иран | 1648,0 | 63,7 | 77,6 | 105,0 | 3,3 | 54 | Тегеран |
| Йемен Респ. | 531,0 | 11,1 | 13,6 | 19,0 | 3,5 | 25 | Сана |
| Камбоджа | 181,0 | 9,5 | 10,8 | 10,5 | 2,2 | 13 | Пномпень |
| Катар | 11,4 | 0,5 | 0,6 | 0,7 | 2,5 | 90 | Доха |
| Кипр | 9,2 | 0,7 | 0,8 | 0,8 | 1,1 | 62 | Никосия |
| Кытай | 9651,0 | 1196,5 | 1292,5 | 1420,3 | 1,3 | 31 | Пекин |
| КЭДР | 121,2 | 23,1 | 25,7 | 28,5 | 1,9 | 64 | Пхеньян |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Корея Респ. | 99,6 | 45,2 | 48,2 | 51,7 | 1,1 | 74 | Сеул |
| Кувейт | 20,2 | 1,5 | 1,7 | 3,2 | 3,0 | – | Эль-Кувейт |
| Лаос | 236,8 | 4,7 | 5,6 | 7,2 | 2,9 | 16 | Вьентьян |
| Ливан | 10,4 | 3,6 | 4,1 | 4,9 | 2,1 | 84 | Бейрут |
| Малайзия | 333,0 | 19,7 | 22,9 | 27,1 | 2,5 | 35 | Куала-Лумпур |
| Мальдив | 0,3 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 3,4 | 28 | Мале |
| Монголия | 1566,5 | 2,4 | 2,8 | 3,5 | 2,8 | 42 | Улан-Батор |
| Мьянма | 678,6 | 44,1 | 49,5 | 57,7 | 1,9 | 24 | Янгон |
| Непал | 141,0 | 20,9 | 24,2 | 30,2 | 2,5 | 8 | Катманду |
| БАЭ | 78,0 | 2,7 | 3,1 | 4,9 | 2,8 | 78 | Абу-Даби |
| Оман | 3000,0 | 1,7 | 2,1 | 3,0 | 3,5 | 11 | Маскат |
| Пакистан | 796,0 | 129,2 | 154,7 | 195,1 | 3,1 | 28 | Исламабад |
| Сауд. Арабиясы | 2150,0 | 17,2 | 21,2 | 31,1 | 3,5 | 77 | Эр-Рияд |
| Сингапур | 0,6 | 2,8 | 3,1 | 3,2 | 1,4 | 100 | Сингапур |
| Сирия | 185,2 | 14,8 | 18,5 | 25,6 | 3,8 | 50 | Дамаск |
| Таиланд | 514,0 | 58,0 | 63,1 | 69,2 | 1,4 | 18 | Бангкок |
| Түркия | 779,4 | 61,9 | 70,5 | 81,2 | 2,2 | 59 | Анкара |
| Филиппин | 300,0 | 66,8 | 77,2 | 85,5 | 2,4 | 43 | Манила |
| Шри-Ланка | 66,0 | 18,2 | 19,9 | 21,4 | 1,5 | 22 | Коломбо |
| Япония | 372,2 | 125,2 | 127,6 | 129,4 | 0,3 | 77 | Токио |
| | | | АМЕРИКА | | | | |
| Англия [1] | 0,09 | 0,007 | – | – | – | – | Валли |
| Антигуа и Барбуда | 0,4 | 0,08 | – | – | – | – | Сент-Жонс |
| Антил аралдары | 1 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 1,3 | 53 | Виллемстад |
| Аргентина | 2767 | 33,9 | 36,5 | 40,2 | 1,2 | 50 | Буэнос-Айрес |
| Багама аралдары | 14 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 1,5 | 75 | Нассау |
| Барбадос | 0,4 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,7 | 32 | Бриджтаун |
| Белиз | 23 | 0,2 | 0,3 | 0,3 | 3,1 | 52 | Бельмопан |
| Бермуда аралдары | 0,05 | 0,06 | – | – | – | – | Гамильтон |
| Боливия | 1099 | 8,2 | 9,6 | 11,3 | 2,7 | 51 | Сукре |
| Бразилия | 8512 | 156,5 | 174,9 | 200,2 | 1,9 | 74 | Бразилиа |
| Венесуэла | 916,5 | 19,8 | 23,1 | 27,3 | 2,5 | 84 | Каракас |
| Виргин [1] аралдары | 0,15 | 0,01 | 0,01 | 0,02 | 1,5 | 34 | Род-Таун |
| Виргин [5] аралдары | 0,34 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 1,7 | 39 | Шарлотта-Амалия |
| Гаити | 28 | 6,8 | 8,1 | 9,4 | 2,9 | 29 | Порт-о-Пренс |
| Гайана | 215 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 1,8 | 35 | Джорджтаун |
| Гваделупа | 1,8 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 1,4 | 48 | Бас-Тер |
| Гватемала | 109 | 10,3 | 12,4 | 15,8 | 3,1 | 39 | Гватемала |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Гвиана[3] | 91 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 2,2 | 35 | Кайенна |
| Гондурас | 112 | 5,8 | 7,0 | 8,7 | 3,2 | 29 | Тегусигальпа |
| Гренада | 0,34 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | – | – | Сент-Жорджес |
| Гренландия[6] | 2176 | 0,05 | – | – |  | – | Нуук (Готхоб) |
| Доминика | 0,8 | 0,09 | 0,1 | 0,1 | 1,7 | – | Роза |
| Доминикан Респ. | 48,7 | 7,8 | 9,0 | 9,9 | 2,0 | 58 | Санто-Доминго |
| Каймановы аралы[1] | 0,2 | 0,02 | – | – | – | – | Джорджтаун |
| Канада | 9976 | 27,8 | 29,1 | 32,1 | 0,8 | 78 | Оттава |
| Колумбия | 1142 | 35,6 | 40,1 | 45,6 | 2,0 | 68 | Богота |
| Коста-Рика | 51 | 3,3 | 3,8 | 4,5 | 2,4 | 45 | Сан-хосе |
| Куба | 110,9 | 11,1 | 11,9 | 12,3 | 1,1 | 73 | Гавана |
| Мартиника[3] | 1,1 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 1,2 | 82 | Фор-де-Франс |
| Мексика | 1958 | 91,8 | 105,4 | 119,5 | 2,3 | 71 | Мехико |
| Монтсеррат[1] | 0,1 | 0,001 | – | – | – | – | Плимут |
| Никарагуа | 130 | 4,4 | 5,2 | 6,4 | 3,1 | 57 | Манагуа |
| Панама | 77 | 2,5 | 2,8 | 3,2 | 1,9 | 53 | Панама |
| Парагвай | 407 | 4,8 | 5,6 | 6,9 | 2,7 | 43 | Асунсьон |
| Перу | 1285 | 23,5 | 26,7 | 31,0 | 2,2 | 70 | Лима |
| Пуэрто-Рико[5] | 8,9 | 3,8 | 4,1 | 3,9 | 1,2 | 72 | Сан-Хуан |
| Сальвадор | 21 | 5,9 | 7,0 | 7,8 | 2,9 | 48 | Сан-Сальвадор |
| Сен-Пьер жана Микелон[3] | 0,24 | 0,006 | – | – | – | – | Сен-Пьер |
| Сент-Винсент жана Гренадины | 0,4 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 1,6 | 21 | Кингстаун |
| Сент-Китс жана Невис | 0,26 | 0,05 | – | – | – | – | Бастер |
| Сент-Люсия | 0,6 | 0,15 | 0,17 | 0,18 | 0,9 | – | Кастри |
| США | 9364 | 259,6 | 272,0 | 295,0 | 0,8 | 75 | Вашингтон |
| Суринам | 163,3 | 0,45 | 0,46 | 0,48 | – | 48 | Парамарибо |
| Теркс жана Кайкос[1] | 0,4 | 0,01 | – | – | – | – | Коберн-Туан |
| Тринидад жана Тобаго[5] | 1,3 | 1,4 | 1,5 | 1,4 | 64 |  | Порт-оф-Спейн |
| Уругвай | 187 | 3,2 | 3,3 | 3,5 | 0,8 | 89 | Монтевидео |
| Фолкленд аралдары | 12 | 0,002 | – | – | – | – | Порт-Стенли |
| Чили | 757 | 14,1 | 15,6 | 17,2 | 1,8 | 85 | Сантьяго |
| Эквадор | 284 | 10,5 | 12,1 | 14,5 | 2,4 | 55 | Кито |
| Ямайка | 11,5 | 2,6 | 2,9 | 3,1 | 2,0 | 51 | Кингстон |
| АФРИКА | | | | | | | |
| Алжир | 2382 | 27,5 | 32,5 | 37,9 | 2,8 | 50 | Алжир |
| Ангола | 1247 | 9,4 | 11,1 | 14,9 | 2,8 | 26 | Луанда |
| Бенин | 113 | 5,3 | 6,4 | 8,9 | 3,1 | 39 | Порто-Ново |
| Ботсвана | 600 | 1,4 | 1,7 | 2,4 | 3,1 | 24 | Габороне |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Буркина-Фасо | 274 | 10,2 | 12,4 | 17,0 | 3,3 | 18 | Уагадугу |
| Бурунди | 27,8 | 6,2 | 7,5 | 10,1 | 3,2 | 5 | Бужумбура |
| Габон | 268 | 1,2 | 1,3 | 1,4 | 2,5 | 43 | Либревиль |
| Гамбия | 11,3 | 1,0 | 1,1 | 1,6 | 2,6 | 22 | Банжул |
| Гана | 239 | 17,0 | 20,5 | 26,9 | 3,2 | 32 | Аккра |
| Гвинея | 246 | 8,2 | 9,5 | 11,6 | 2,5 | 22 | Конакри |
| Гвинея-Бисау | 36 | 1,0 | 1,2 | 1,5 | 2,0 | 27 | Бисау |
| Джибути | 23,4 | 0,5 | 0,5 | 0,7 | 2,9 | 79 | Джибути |
| Египет | 1002 | 58,4 | 67,5 | 81,3 | 2,4 | 45 | Каир |
| Заир | 2345 | 40,3 | 48,6 | 65,6 | 3,1 | 40 | Киншаса |
| Замбия | 753 | 9,0 | 11,3 | 15,5 | 3,8 | 49 | Лусака |
| Батыш Сахара | 266 | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 2,8 | – | Эль-Аюн |
| Зимбабве | 391 | 11,0 | 13,2 | 17,0 | 3,1 | 26 | Хараре |
| Кабо-Верде | 4 | 0,4 | 0,5 | 0,7 | 3,3 | 33 | Прая |
| Камерун | 475 | 13,5 | 16,3 | 23,1 | 3,2 | 42 | Яунде |
| Кения | 583 | 28,1 | 34,9 | 44,8 | 3,7 | 22 | Найроби |
| Комор аралы | 2,2 | 0,5 | 0,7 | 0,9 | 3,5 | 26 | Морони |
| Конго | 342 | 2,5 | 3,0 | 3,9 | 2,9 | 41 | Браззавиль |
| Кот-д, Ивуар | 322 | 13,9 | 17,2 | 25,5 | 3,6 | 43 | Ямусукро |
| Лесото | 30 | 2,0 | 2,4 | 3,1 | 2,9 | 19 | Масеру |
| Либерия | 111 | 3,0 | 3,6 | 5,5 | 3,2 | 44 | Монровия |
| Ливия | 1760 | 4,8 | 5,7 | 7,1 | 3,0 | 83 | Триполи |
| Маврикий | 2 | 1,1 | 1,2 | 1,3 | 1,5 | 41 | Порт-Луи |
| Мавритания | 1031 | 2,2 | 2,6 | 3,5 | 2,8 | 41 | Нуакшот |
| Мадагаскар | 596 | 12,7 | 15,4 | 21,3 | 3,2 | 23 | Антананариву |
| Малави | 118 | 9,3 | 11,4 | 14,9 | 3,5 | 15 | Лилонгве |
| Мали | 1240 | 9,1 | 10,8 | 14,2 | 3,0 | 22 | Бамако |
| Марокко | 447 | 27,7 | 32,0 | 36,0 | 2,4 | 46 | Рабат |
| Мозамбик | 783 | 17,5 | 20,5 | 26,6 | 2,7 | 23 | Мапуту |
| Намибия | 824 | 1,5 | 1,9 | 2,9 | 3,1 | 27 | Виндхук |
| Нигер | 1267 | 8,9 | 10,7 | 15,1 | 3,2 | 15 | Ниамей |
| Нигерия | 924 | 95,6 | 113,9 | 152,2 | 3,0 | 16 | Абуджа |
| Ыйык Елена аралы [1] | 0,4 | 0,007 | – | – | – | – | Джеймстаун |
| Реюньон [3] | 2,5 | 0,6 | 0,7 | 0,8 | 1,8 | 62 | Сен-Дени |
| Руанда | 26,3 | 8,3 | 10,1 | 14,4 | 3,4 | 7 | Кигали |
| Сан-Томе жана Принсипи | 1 | 0,1 | 0,2 | 0,2 | 2,5 | 38 | Сан-Томе |
| Свазиленд | 17,4 | 0,9 | 1,1 | 1,5 | 3,2 | 23 | Мбабане |
| Сейшель аралдары | 0,4 | 0,08 | – | – | – | – | Виктория |
| Сенегал | 197 | 8,4 | 9,9 | 13,1 | 2,8 | 37 | Дакар |
| Сомали | 638 | 8,8 | 10,5 | 13,9 | 2,9 | 24 | Могадишо |
| Судан | 2506 | 28,2 | 33,9 | 42,2 | 3,1 | 20 | Хартум |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Сьерра-Леоне | 72 | 4,7 | 5,4 | 7,3 | 2,6 | 30 | Фритаун |
| Танзания | 945 | 29,4 | 36,1 | 50,2 | 3,5 | 21 | Дар-эс-Салам |
| Того | 57 | 4,1 | 5,1 | 7,1 | 3,7 | 24 | Ломе |
| Тунис | 164 | 8,8 | 9,9 | 11,3 | 2,1 | 53 | Тунис |
| Уганда | 236 | 18,8 | 23,3 | 32,5 | 3,7 | 10 | Кампала |
| БАР | 623 | 3,3 | 3,9 | 4,9 | 2,6 | 43 | Банги |
| Чад | 1284 | 5,5 | 6,4 | 7,7 | 2,5 | 30 | Нджамена |
| Эквадор. Гвинея | 28 | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 2,6 | 28 | Малабо |
| Эритрея | 118 | 2,8 | 3,3 | 4,3 | 2,9 | 16 | Асмара |
| Эфиопия | 1222 | 54,5 | 67,6 | 94,0 | 2,8 | 12 | Аддис-Абеба |
| ТАР | 1221 | 43,9 | 51,4 | 66,0 | 2,6 | 56 | Претория |
| АВСТРАЛИЯ ЖАНА ОКЕАНИЯ | | | | | | | |
| Австралия | 7687 | 18,1 | 19,0 | 21,5 | 0,8 | 85 | Канберра |
| Вануату | 11,9 | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 3,1 | 18 | Вила |
| Чыгыш Самоа [5] | 0,2 | 0,04 | 0,04 | 0,05 | – | – | Паго-Паго |
| Гуам [5] | 0,55 | 0,13 | 0,14 | 0,15 | – | – | Аганья |
| Батыш Самоа | 2,8 | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 2,8 | 21 | Апиа |
| Кирибати | 0,7 | 0,07 | 0,07 | 0,08 | – | – | Байрики |
| Кокос аралдары | 0,01 | 0,6 | 0,6 | 0,7 | – | – | |
| Кук аралдары | 0,24 | 0,02 | 0,02 | 0,03 | – | – | Аваруа |
| Мидуэй [5] | 0,005 | 0,002 | – | – | – | – | |
| Микронезия [5] | 1,8 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 2,3 | – | Колониа |
| Науру | 0,02 | 0,01 | 0,01 | 0,03 | 1,3 | – | Менег |
| Ниуэ [8] | 0,26 | 0,002 | 0,003 | 0,004 | 1,8 | – | Алоф |
| Жаңы Зеландия | 269 | 3,5 | 3,7 | 3,8 | 1,0 | 84 | Велингтон |
| Жаңы Каледония [3] | 19 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 1,8 | 59 | Нумеа |
| Норфолк [7] | 0,04 | 0,002 | – | – | – | – | Кингстон |
| Папуа-Жаңы Гвинея | 463 | 4,0 | 4,6 | 5,7 | 2,3 | 13 | Порт-Морсби |
| Питкэрн [1] | 0,005 | 0,0001 | – | – | – | – | Адамстаун |
| Полинезия Франция | 4 | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 2,3 | 58 | Папеэте |
| Рождества аралы | 7 | 0,13 | 0,003 | – | – | – | – |
| Соломонов аралы | 28,8 | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 3,6 | 9 | Хониара |
| Токелау [8] | 0,01 | 0,002 | – | – | – | – | |
| Тонга | 0,7 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 3,0 | – | Нукуалофа |
| Тувалу | 0,02 | 0,01 | 0,01 | 0,02 | 2,4 | – | Фунафути |
| Уоллис и Футуна аралы [3] | 0,3 | 0,01 | 0,02 | 0,03 | – | – | Мата-Уту |
| Уэйк [5] | 0,008 | 0,003 | – | – | – | – | |
| Фижи | 18,4 | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 2,0 | 39 | Сува |

Башкармалык астындагы көз каранды аймактар: 2003-жылдын мартынан тартып – Союздук мамлекет Сербия жана Черногория; [1] Британия; [2] Португалия; [3] Франция; [4] Нидерландия; [5] АКШ; [6] Дания; [7] Австралия; [8] Жаңы Зеландия.

37-таблица

**Эл аралык туризмдин өнүгүүсү**

| Жыл | Чет элдик туристтер, млн адам | Туризмден түшкөн киреше, млрд амер. долл. |
|---|---|---|
| 1950 | 25 | 2 |
| 1955 | 43 | 5 |
| 1960 | 70 | 7 |
| 1965 | 116 | 12 |
| 1970 | 160 | 18 |
| 1975 | 213 | 65 |
| 1980 | 285 | 102 |
| 1990 | 460 | 265 |
| 1995 | 566 | 393 |
| 2000 | 695 | 474 |
| 2008 | 847 | 730 |

38-таблица

**Ички дүң продукциянын өсүүсү, % менен**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кытай | 11,4 | Испания | 3,8 |
| Россия | 8,0 | Мексика | 3,0 |
| Индия | 8,5 | Улуу Британия | 2,9 |
| Бразилия | 6,7 | Нидерландия | 2,8 |
| Индонезия | 6,1 | Германия | 2,6 |
| Түркия | 5,1 | Канада | 2,5 |
| Түштүк Корея | 4,8 | АКШ | 2,0 |
| Тайвань | 4,6 | Япония | 2,0 |
| Иран | 4,3 | Италия | 1,9 |
| Австралия | 4,2 | Франция | |

39-таблица

**Улуттук байлык, бир адамга эсептегенде, америкалык доллар менен**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Швейцария | 648241 | Япония | 4932441 |
| Дания | 575138 | Австрия | 493080 |
| Швеция | 513424 | Норвегия | 473708 |
| АКШ | 512612 | Франция | 468024 |
| Германия | 496447 | Бельгия-Люксембург | 451714 |

40-таблица

**Дүйнөлүк рейтинг боюнча жашоого эң ыңгайлуу шарты бар шаарлар**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сидней | Австралия | 11 | Иерусалим | Израиль |
| 2 | Женева | Швейцария | 12 | Бангкок | Таиланд |
| 3 | Лондон | Улуу Британия | 13 | Рио-де-Жанейро | Бразилия |
| 4 | Париж | Франция | 14 | Мумбаи | Индия |
| 5 | Стокгольм | Швеция | 15 | Мехико | Мексика |
| 6 | Торонто | Канада | 16 | Гавана | Куба |
| 7 | Токио | Япония | 17 | Каир | Египет |
| 8 | Монреаль | Канада | 18 | Лагос | Нигерия |
| 9 | Вашингтон | АКШ | 19 | Манила | Филиппин |
| 10 | Осло | Норвегия | 20 | Найроби | Кения |

*Учебное издание*

**Учебник для 10 класса средней школы**

На кыргызском языке

Бишкек, Издательство «Инсанат»

*Окуу басылмасы*

**Осмонов Абдырай Осмонович**
**Чодураев Темирбек Макешович**

ДҮЙНӨНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК
ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

**Орто мектептин 10-классы үчүн окуу китеби**

Редактору *Ө. Баратaлиев*
Көркөм редактору *В. Кульчицкий*
Корректору *Р. Бектурова*
Компьютердик калыпка салган *Сатибекова Ч., Керимбаева Ж.*
Техникалык редактору *Жатаева Г.*

Терүүгө 10.05.2010-ж. берилди. Басууга 29. 04. 2011-ж. кол коюлду.
Форматы 70x90 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 18,0 басма табак.
Нускасы 62 760 даана. Заказынын № 559.

«Инсанат» басмасы
Дареги: Бишкек ш., Н. Исанов көч., 87

«Учкун» ААКнын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.